С кырг
Ж64

СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# Жер кудурети

## (Бакал баатыр)



Скырг
Ж 64

ОБ

Суранчы ЖЕТИМИШОВ

# ЖЕР КУДУРЕТИ

## (БАКАЛ БААТЫР)

Тарыхый көркөм баян

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 483750

УДК
ББК 84 Ки 7-5
Ж 65

Суранчы Жетимишов

Ж 65 " Жер кудурети", Ош: "Кагаз ресурстары", 2019 -288 б.

ISBN 978-9967-471-45-0

Эчен мезгилди камтыган, жунгар-ойрот баскынчылыгы, андан кийинки Жаркен хандыгынын (1641-1645 ж.ж.) Фергана аймагындагы Ош, Анжиян кыргыздарын кайра-кайра чапкынга алуусу, эчендеген азап-тозоктуу окуяларга дуушар кылды. Канчалаган эр азаматтардын өмүрлөрү кыйылды.

Эркиндиктин желеги алдында ынтымакка баш кошкон кыргыз жигиттери, теңдешсиз кармаштарда Ата-Журттун кудурети бийик, эл-жердин эртеңки тагдыры ыйык экендигин баалашып, өз өмүрлөрүн арнашты. Алар кийинки урпактарга өлбөс-өчпөс эрдиктерди жана мекенчилдикттин чыныгы үлгүсүн мураска калтырышты.

Оор кырдаалдарда, элди күрөшкө үндөгөн баатырлардын өмүр таржымалдары жана эрдиктери баяндалат.

Ж 4702300100-17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-471-45-0

© Суранчы Жетимишов, 2019

*Адамзаттын агып турган тиричилиги дайыма болочокко багытталганы менен өткөн тажрыйбасы – анын түпкү күл азыгы, таянган тоосу, келечек урпактарга энчилеген мурасы*
***Ч. Айтматов***

# I-БӨЛҮМ

Жаркен хандыгынан келген кабар Ош-Анжиан аймагындагы бийлерди катуу сестентти. Мындан бир ай башта чыккан хандын кербени Терек дабанынан ашканы дайын. Андан кийин эч кандай кабары жок, белгисиз имиш. Билгендер, же көргөндөр болбоптур.

"Кадырман Анжиандык бийлер! Сиздердин аймакты аралап өткөн кербендердин токтоп, тыныгысуун, коопсуздугун, кербен-сарай, бекеттерди куруп азык-оокат, улоолоруна жем-кашек камсыз кылуу милдетин мурдатан ала келгенсиздер. Бул ишке көнүл кош мамиле жасалып жаткандыгын эсиңиздерге салабыз.

Акыркы күндөрдө Жаркенден жол алган кербен Терек дабанынан ашканы маалым. Ушул күнгө дейре алар дайынсыз. Кербен кырсыкка учурап талоонго алынса, катуу жазага кириптер болоорунуздарды эскертемин.

Эгер аларга жамандык кылынса, катуу жаза колдонулат. Ишти териштирип, аныктоого, бир ай мөөнөт берилет! Өзүңөр келип билдиргиле. "Жаркен ханы Сейит Абдулла хан"

Кабарды атайын чабаганчы, жеткирип келиптир. Калбалуу калмактардан коопсузданып турган чакта, Жаркенден келген кабар Анжиан-Ош аймактарындагы бийлерди жөн отургузган жок,

Илгертен эле Кашкар тараптан келген кербен, Терек дабаны аркылуу Ош, Өзгөн, Анжианга андан Аксы, Ала-Бука, Чаткал аркылуу Ташкенге өтсө, экинчиси Тоң-Мурун аркылуу Сары-Таш, Дороотту аралап, Фергана, Кожентке түшөт. Үчүнчүсү Мургаб аркылуу Ооган, Жерге-Талды көздөй кетет. Ал эми Кашкарга кетчү кербен тогуз жолдун тоому аталган Ошко, же Мадыга келип, түнөмөй сайын жолго чыкпайт. Соодагерлердин коопсуздугу, аларга шарт түзүү милдети Анжиан-Ош аймагындагы бийлерге таандык болуп, жоопкерчилик өзгөчө эле. Бул тартип, бир эле ушул аймакта эмес, кербен барган дүйнөнүн төрт бурчунда тең. Аларга шарттарды түзүү, аймак башчыларынын, милдети болгон. Кокустан ошол аймакта кербен тонолсо, же кырсыкка учураса аймак башчылары күнөөкөр катары жазаланып, эли чабылып мал-мүлкү

талоонго алынган.

Андыктан, ар бир аймактын мерчемдүү жайларында атайын бекеттер уюштурулуп, кербендердин тыныгышына камкордук көрүлүп, алардын улоолоруна азык, жем-кашек камдалган. Экинчи бир аймакка өткөрүүдө атайын куралчан узатуучулар коштогон. Соодагерлер аркылуу алыскы-жууктагы элдин турмуш-тиричилик зарылдыктары чечилген. Күндөлүк жашоодогу муктаждыктарын камсыз кылууда, атайын даярдалган буюмдарды ооштуруп алмашуу мамилелери аркылуу жүргүзүлгөн. Согуш болгон тополоңдуу мезгилде, ал жерлерге соодагерлер барышкан эмес. Анын кесепетинен улам көп муктаждыктар пайда болуп, жашоо кыйындаган. "Зарылдын пулу күйсүн" дегендей, керектүү буюм соодагерлер айткан баада кардалын тапкан.

Тоолуктардын сапаттуу буюмдары: накта колдо иштетилген килем, шырдак, кийиз жүндөн териден ийленип, токулган кийим-кече, үй буюмдары, ат жабдыктары, аң терилери, мүйүз жана жыгач буюмдары, нукура азык түлүктөрү кооздугу жана сапаттуулугу менен айрымаланып, соодагерлердин пайда тубуусуна жана башкалардын суроо талаптарын камсыз кылууга чоң өбөлгө түзгөн.

Түндүк менен түштүктү, батыш менен чыгышты байма-бай катыштырып, күндөлүк тиричиликтеги зарылдыкты камсыз кылууда, бир элдеги жаңылыкты, экинчи элге жеткирүүдө, коомдук көз-караштты калыптандырууда соода кербени эң чоң милдетти өтөп, жашоонун кан тамырындай эл аралык байланышты бириктирген. Илим-билимдин, өнердүн өнүгүшүнө өбөлгө болгондугунан улам, "Улуу Жибек Жолу" деп аталган.

Көбүн эсе жергиликтүү элге соодагерлер Кашкардан мата, бешбак мата, чепкен, кургатылган мөмө жемиш. Парганадан карагаш каина, алчынбайлар, басма чыт, комуз тили, бачайы, шайы, бейкасам-кымкап, чачпак, жибек, шөкүлө, кучмач ээр, абай өтүк, ат жабуу, дейилде, саймаланган сары жаргак чепкен, шым, бычак, чайдоос. Кулжадан күзгү; тарак, түрдүү боек (кына руян) ийне, жип, чыны ногойлордон булгаары, казан, тулга, аяак, табак, чыны, ак сурп, манат, макмал алып келишип тоолуктардын буюмдарына ооштурушкан.

Кашкар ханынын талабын аткарууга Анжиан аймагынын бийлери астейдил мамиле кылышып, күн узартбай, тикелеринин тик турушту. Дембе - дем издөө салынып, сурамжылоо каттуу жүргү-зүлдү. Ар бир кербен сарайга, бекеттерге атайын чабаганчылар барып, кимдер келип-кеткенин иликтешти. Кашкардык соода-

герлердин дайыны, эч жайдан билинбеди. Ар бир топтун уруу башчылары, бийлери топтолуп, канчалык масилатка чогулушса да, тыянактуу бүтүм чыгарылбады. Акыры келип, Баргы уруусунун бийи Бөкөй бийге биреөлөрдүн баамдаган болжолу маалымдалды.

Бий териштирип келсе, Кашкардан чыккан кербен Терек дабанын ашкан сон Рабатка токтоп, эрте менен жолго чыккан. Түш оой Шамакедeн өтүп, Шилбилүүнүн- Белинен ашканын көргөндөр дайын боло баштады. Көрсө, эчен жумалап күн бүркөлүп, туман басып, жамгыр тынбай жаагандыктан, көпчүлүк баш пааналап, сыртка чыккандар кем болуп, өткөн кербен эч биреөгө байкалбаптыр. Жамгыр токтобой, уламдан-улам күл ботолор суюлуп, жер көчкү, сел каптагандыктан, бир айылдан экинчи айылга каттоого жол жок. Кербен менен эч кимдин иши да болбоптур. Бөкөй бий бул кабарды угаары менен тың жигиттерин.

Таканын белин ашып, күнгөйлөтө бастырып, көлдөн өтө кыдырып, Кызыл -Сууга чейин издөө салып келгиле, деп жөнөттү.

Бийдин инилери Тооке, Сабай баш болгон шамдагай жигиттер, салт атчан жолго чыгышты.

Тынбай жааган жамгыр жердин мээсин чыгара коюптур. Жумшак жерлердин баткагынан  аттар басалбай улам, тыгыла берип, Каратайдан өткөнгө чейин эле тердеп, дармандары кете, баштады. Андан элтеп өтүп, кумайыктуу жолго келишкенде, аттар бир аз тыныгышып, кубатына келишти. Улоолорунун абалына карай топтогулар дөңсөгө чыга, эс алганы токтоп калышты. Алыстан эле шаулдаган суунун, таштын-ташка тийген «карсылдаган» үндөрү угула баштады. Арыдан чаап келген салт ачкандар сайга батпай, аркы жээк менен берки жээкти жайпап, окторулган селди көрүштү. Кутурган иттей жулунган сел, өгүздүн белиндей болгон арча, теректерди чамындыдай серпип. кодураңдаган койдой таштарды агызып жатыптыр.

Жергиликтүүлөр Сайдын таржымалын жакшы билишчүү. Ал Бөкөр жеринен кийинки убакта Машырап-Сай аталбаган. Жаз алды ушинтип кечүү бербесе, кээ бир жылдары этекке чыкпай, соолуп калчу адаты бар. Ага "Машырап дубананын каргышы тийген"- деп, эл көп кылып калышчу. Анын да жөнү бар...

Бир кезде Машырап дубана эшегине минип алып, эл кыдырып келе жатып, ушул сайга туш келет. Күн бүркөлүп, тоонун башын кара булут каптаганынан улам, "Эртерээк, жааганга чейин" аркы айылга жетип алуунун аракетинде эшегин темине, чакан жендей болгон суудан өтмөк болот. Капилеттен жогортон шауулдаган үн

чыгып, сайга толгон, «кара булут» ажыдардай алкынып келе жатканын көрүп, оозунан келмеси түшөт. Эшегин артка буруууга буямасы келбей шаштысы кетет. Алапайын таппай алдастап, алдыдагы кичинекей секичени көздөй темине калганда, жыландай окторулган сел, шап этип эки тарабынан өтө качат. Кудай жамандыкты көрсөтпөсүн. Бийиктиги эки-үч кулачтай болгон агынды жолдо кезиккендин баарын өзү менен ала жүргөн окшойт. Ботала ылай сууга аралашып, кулдурттаган катуу үн чыгарып, улам муздак эпкинин серпип, бууракандап чамынат. Күкүктөнгөн агындынын үстү карарып-түнөрүп, бири-бирине күү менен келип тийген таштардан от чыгып, түтөп жатты.

-Алла таала деп, кудайга жалынып, Машырап дубана эшеги менен чакан, аралчада калып, корkконунан кыймылдоого алы келбей катып калат. Кутулуп кетүүнүн эч бир айласы жок, Же жардамга чакырайын десе, ээн сайда эч ким көрүнбөйт. Көрүнгөн мезгилде да, төөнү гана эмес, тоону агызчуудай болгон селди кечип, жинди да сууга тушпөс эле. Таш молодой каткан дубана, ордунан жылбай түндөн таңга, таңдан кечке чейин отуруп:

-Куткара көр, Кудай! Куткара көр? деп жаратканга жалбарып, көпкө чейин турду. Акырында тоодо жамгыр басылып, суу ташкыны азайганда, эшеги менен эптеп жылып, жээке чыгат. Аркасын караса баягы күкүктөнгөн агын суу жок. Шылдыраган булак жылжып агып жатыптыр. Бир топтон бери ушул сайдын суусу эрмектеп, акылынан алдастатканга ызааланып, териккен дубана

-Башын көл, аягын чөл, суу этегине жетпей калсын! деп бата берген экен- деген айтымдан, кийин Сай-Машырап-Сай аталып калат.

Сайга аты ыйгарылган Машырап жөнүндө көптөгөн уламыштар ого эле көп. Алардын бири төмөндөгүдөй:

Калмактын ханы контажынын кызы Олоңбайырдын малы Чалдыбардагы Кара-Кыштакта багылчу. (Чалдыбар-Кара-Балтага жакын) Олонбайыр кезек-кезеги менен келип, кабар алып турчу. Анын малын наманганлык Шаа Машырап багып калат. Себеби, Шаа Машырап Олонбайырды бир көргөндөн баштап жактырып, ашык болуп калат да, ага жакындаш үчүн өз ыктыяры менен малын кайтарып, басса-турса да Олонбайырга арнап " Мен ашык" -деп ырдай берчү экен. Аны уккан Олоңбайырдын адамдары шылдыңдашып, ур-тепкиге да алышат. Ага да болбой "Мен ашыкмын" деп безилдеп, күнү-түнү ырдай берет.

Акыры жадашканда Олоңбайырга алып келишет.

Шаа Машырап сулуу кызды көрүп, ашыктыгы андан бетер күчөйт. Олоңбайыр аны дубана экен деп, эч кимди тийдирбейт. Мындай жагымдуу мамилеге Шаа Машырап эргип ырдап, өзүн коерго жер таппай калат.

-Колунду бер? Колукту кылып алайын?- дейт

Олонбайыр аны тамаша кылып, күлкүгө айландырып,

-Мен, сенден башкага тийбейм – деп, андан бетер ичине чок салат.

Бул сөзгө ишенген Шаа Машырап

-Акы ал-десе- албай, бир топ жылга чейин малын бекер багып:

-Төөңдү бактым Гулгаакы.
-Төөң жүзгө жеткенче.
-Жөө айдадым Гулгаакы.
-Аяби жамы миналла

-Нур Мухаммед сал алла-деп, контаажынын кызы Шаа Машрап- "Гулгаакы" деп атап, узак ырга кошуп, ашыктыктын дартын тартат.

Паргана аймагындагы уламыштарда айтылгандай караганда Шаа Машырап чоң олуя. окумал адам. Илимдин күчүнөн өзүн-өзү кармана албай, оюна эмне келсе, ошону аткарчу экен. Бирде Ташкенде болсо, бирде Кашкарга жетип, бир күндө Кокон, Кашкар, Ташкен, Бухар шаарларын кыдырып, олуялыктын буусунан дубана болуп, зикир чалып, чуркап жүрүптүр,

-Кудайдын, Мухаммед пайгамбардын "эркесине" эч ким тийбей, ал тургай хандар да айбыгып сыйлашчу дешет. Сүйлөгөн сөзү тамай болуп, эч кимден жалтанчу эмес. Акыры анын кесепети башына тийет.

Бир жолу Кашкар мечитинде жума намазынан сон, маселе айтылып, мечиттеги отурган молдолорго бирөөлөр суроо берет.

-Таксыр, өзөндөгү суудан адамдар да, айбандар да келип ичишет, Эшектер суунун ортосуна келип, заара кылат. Суу арам болуп калбайбы?

-Жок бурадар. Агын суу алты ала салган соң, адал болот дейт мечиттин имамы.

Мечиттин чайканасында ашпоз эшен-кожолорго даяр палоону тартмакка, казанын ачып, табактарын ырастап калган эле. Алардын сөзүн жанаша жайда отурган Шаа Машырап угуп калат,

-Эй, кудайдын макулуктары. Ушул айтканынар ырасбы? дейт

-Ырас. Ырас, дешет отургандар биринин сөзүн, бири коштоп.

-Мына, мен чыркаттым. Менин заарам алты эмес алтымыш

алты ала салды. Арам болбосо керек?- деп шылдыңдайт.
Аны кармап алгандар даргага асып өлтүрүшөт-деген айтым калат.

ХХХ

«Ачуусу келип, жинденген буурадай болгон» Машырап-Сай суюлуп, таш агызган күчү сээлдеп, акырында жоошуп бараткaнынан пайдаланган салт атчандар, жайык жерлерди тандашып, аярлай кечип өтүштү. Аркы жээкке чыккандан кийин, "баткакта булганбасын" дешип, аттарынын куйруктарын түйүп, күнгөйлөтө бастырышып, жон-жонго чыгышты. Колотко келишкенде сайлуу, кумайыкты тандашып жол арбытышты.

Улам, караган черден, кокту-колоттордон коен, элик, доңуз качып, бараткандардын канын кызытты. Эликтин текесин да атып алууга үлгүрүштү. Түш оой Таканын белин ашып, сайды бойлошуп, көлдүн этегинен, Бак-Арчага жакындашты!

Калың камыштуу көл мелтирейт. Кулак-мээни жарган, ар түрдүү куштун сайраганы, аңыр, өрдөк, каздын каркылдаганы, бакалардын чардаганы кошул-ташыл болуп, түрдүү үндөн баш айланат. Жогортон улары кыйкырып, этегинде кекилиги чакырып, тим эле көлдүн эки тарабы жаныркка толгон. Тоо башына батып бараткан күндүн нуру, көл бетине төгүлүп, көргөн адамды өзүнө суктандырып, тамшандырбай койбойт. Күнгөй беттеги дүпүйгөн кою арча, тим эле эгилген бактай болуп, атына-заты жарашып, буркураган жыты түрдүү-түрдүү миң сан гүлдүн маңызын езүнө тарткансып, тамшандырып келгендердин эсин оодарды. Леп эткен желге баштарын серпе бийлешкен камыштар түрлүү-түмөн көк ала майса, чөпкө оролгон теребел, тим эле бейиштин төрү өңдөңүп келберсип жатат. Көркү, кооздугу ашып-ташып, көз кумарды кандырган көл жээгине келгендер, аттарынан кантип түшүп, айланага суктана карап жатышканын өздөрү да билбей калышты.

Мыңдайдын эченин көргөн кексе Сабай, эстери эңгиреп, өздөрүн унутушкан шериктерин ойготуп

Кана, ат бастыралы - деп, үзөнгүгө бутун салды.
Ээрчишкен топ күнгөй беттин этегиндеги көлдү жээктей кеткен эски жолдун томуна салышып, жогору көздөй бара жатышты. Коюланган Бак-Арчаны аралай барып токтоп калышты. Алдыларында чачылган буюм, ар-ар жерде томпоет. Арча бутагына илинип, жулунган кездемелердин, делбектегенинен улам, аттары үркүп, кетенчиктеп, баспай, кошкурат. Топ караан аттарынан түшүп, айлана-тегеректи

бир сыйра көнүл кое карап чыгышты. Ар-ар жерде борпон топурак бетинде, төөнүн таманындай болгон, тырмактуу изди көрүшүп, сестейише бирин-бири тиктешти. Эмненин изи экенин билбей, ар жырткычтын атын айтып, туспалдашты.

- Бул жолборстун изи-деп, Тооке бардыгын таң калтырды

-Ушул жерди байырлаган жолборс бар деп укчумун. Көрсө ал анык экен. Кергүлөчү изинин чоңдугун. Карышкырдын, андан өткөн кек жалдардын таманы да мынчалык болбойт. Борпон топуракка түшкөн изди жамгыр таптап койгонунан улам даана көрүнөт. Сөөмөйдөн, ал тургай карыштан да чоң болуп турат. Ишенбесенер, ченеп көргүлөчү? деди шериктерине

-Жолборстун таманы мынчалык чоң болбосо керек? деди Сабай манжаларын керип, карыштап өлчөп.

-Анан эмненин изи? -деди шериктери

-Болгондо да, жолборстун сырттаны болсо керек. Бул башка тараптан келип, ушул жерди жактырып калган кабылан окшойт? - деди Тооке алдыртадан теребелге көз жүгүрткөнчө

-Ии. Анда келгин тура. Өрлүктөшүбүз керек экен - деп Сабай баягы адатына кычылана сөз катты.

-Өрлүгүңдү камдабасаң да, бул жайды өзүнүкүндөй көргөн бул сырттан, жөн сырттан эмес - деди Тооке маани бере

-Сырттан гана, сырттанды билет - деп, Сабай аны какшыктай кетти.

Аңгыча алардын кобурун туйдубу, же уйкудан жаны ойгондубу "Күр-р" эткен жырткычтын үнү чыкты. Беркилер чочуй, делдейип туруп калышты

-Чын эле, өрлүк сурап жатат окшойт-деп Сабай куудулданайын дегиче, дагы "Кур-рр" эткен сүрдүү жапайы добуш кайталанды.

-Сабай биринчи болуп кантарылган атына жетти. Аны көргөндер жен турабы. Из кууган топ, жабыла аттарын минишип, келген жактарын көздөй алды-аркаларына карабай, шашыла чаап жөнөштү.

Бак-Арчадан кайткан топ, эңкүүлөп дарыядан өтүшүп, Кызыл-Ссуга жете келишти. Бир дөбөдөн, экинчи дөбөгө жетүү тозокко айланды. Көптөн бери жааган жамгырдан, жер баткагына айланып, сормо саздай былкылдыйт. Аттар басалбай улам тыгыла бергендиктен улоолорун жетелеп, жөө-жалаң өйдөлөй, кыр жонго чыгышты. Кум аралашкан күл ботого, көптөн бери жааган жамгыр сиңгендиктен жер сүрүлүп, сызылып аккан булактардан адам өткүс жар-коолор, быткыл-быткыл андар пайда болуптур.

Тоонун бетинде жыш өскөн, долоно, шилби, четин, караган-буталардын тамыры терен кеткендигиненби, бийик беттерден сарыккан суу сингенден уламбы, этек тараптагы тик беттер кечүп, жогорку тарап бир аз тоборсуп, кактос, сарыгып калгандай.Топ атчан кыр жондоп ээрчише бастырышып, оңор эмес жерди кыдырып келишти. Бир маалда, тээ этек тараптагы дөңдөн адамдардын караандарын байкашкандай болду. Алардын кимдигин билмекке үн салышты. Дөңдөгү караандар бийик чокудагы атчандарды эми гана байкашып. жабыла кол булгалашып, өздөрүнө чакырып жатышты. Тигилген боз үй, же алачык көрүнбеген жайдагы караандар көздөрү курч, баамчыл тоолуктарга айкын көрүндү. Жергиликтүүлерге окшошпойт. Баштарында калпак эмес, кээлери селде оронгондуктан, болду-болбоду соодагерлер экенин туспалдашты. Тик сайыла, кыр жон менен түшүп келишкен атчандар, баягыларга жакындаганда жайытка кое берилген улоолорун, ар жерде үйүлгөн таңгак-жүктөрүн көрүшүп жоголгон соодагерлер» ушулар экендигине ынанышты.

Эки тарап тен, бири-бирин таанышпаса да, жылуу учурашып, ал-жай сурашышты. Соодагерлер дайыма алыска чыгып жүрүп көнүп калышкангабы, жүктөрүн бир жерге тыкан үйүшүп, жандарына ала жүрүчү идиш-аяктарын жүктөрүнөн бөлө, букта жайгаштырышыптыр. Караган-буталардан баш-баанек кылышып, жамгыр өтпөс, шамал тийбес жайга ак чептөн алачык жасашканы менен өздөрүнүн бойлору ботала болуп аябай жүдөшкөн. Улоолору оттуу жерден алыс кетпей, жайылып оттоп жүрөт.

Жаңы келгендер жолдогу олжо, эликтин этин беришкенде, шыпылдаган ашпозу заматта казан кебеп кыла ортого койду. Соодагерлер тамак-аштан, түнкү сууктан, ачуу тийген күндөн бир топ эле кыйналышканы көрүнүп турат. Тоонун шартын билбей, Өзгөнгө тез жетүүнүн камында, «жол кыскартабыз» дешип Шилбилүүнүн-Белин аша беришкенде, себелеп жааган жамгыр нөшөргө айланып, жолдо сыйгаланып, баш калкаларга жай таппай, ээн-талаада, кокту-колоттордон аран өтүшүп, көл четине келе беришкенде, алдыларынан жырткыч чыгып кербен токтойт.
Жырткыч аларды тоготуп да койбостон, арчанын кою бутагынын панаасында.

- Кана, менден уруксатсыз өтүп көргүлөчү-дегенсип, комдонуп жатып алат.

Кербенчилер кыймыл этсе, кулактарын серпе "кур-р" этип коет. Ары шөмтүрөшүп суу болуп, ары жырткычтан корккон топтон

биреөсү айласы кеткенде артылган таңгак арасынан мылтыгын алып. жырткычты мээлейт. Үшүгөндөн жана корккондон колу калтырап атып жиберсе ок жырткычка тийбейт. Мылтык үнүнөн чочудубу, же ачуусу келдиби, баягы мылтык кезеген немеге боюн таштап, көз ачып жумгуча серпип ыргытат да, анан аркасында турган кербен башыны чапчыйт. Аны көргөн шериктеринин жүрөктөрү түшүп, ар кимиси жанталаша өз баштарын калкалап, бет алдыларынча качып жөнөшөт. Жетелеп бараткан улоолору да үркүп, үстүндөгү таңгак жүктөрү көрүнгөн жерге чачылат.

Заматта эки шеригинен, таңгакталган жүктөрүнөн ажырашкан соодагерлердин кээлери арча башына чыга качса, биреөлөрү камыш аралай бекинип, эптеп ошол түндө өлө-тала таңды араң аттырышат. Эртеси эс-акылдарын жыйнашып, бирин-бири издеп табышышат. Ачка калгандарына кайыл болушуп, ал күнү кечке үркүп, качкан улоолорун табышып, түнү-күнү жаккан отторунун жанынан чыгышпайт. Дүнүйө-байлык жандан артыкпы. Үч күндөн кийин "жырткыч кеткендир" дешип, колдоруна чычала алышып мылтыктарын көтөрө келишип, чачылган тангактарын эптеп топтошот.

Үч-төрт күндөн бери карааны көрүнбөгөн, үнү угулбаган жырткычты «кетти» дешип, жүктөрүн шашыла артынышып кою туманга аралаша жолго чыгышат. Кызыл-Суунун дарыясынан аран өтүшүп, эңкүлөй бергенде, ылайланган жер сүрүлүп, улам эңиштей берет. Тезирээк өтүп кетүүнүн аракетинде, улоолорунун басыгына карабай чапкылашып жүрүп, ушул жайга жете бергенде, жер көчкүдөн жолдун нугу табылбай калат. Эч кимге кабар бере албай, айласыз соодагерлер дөңдө, өлбөстүн күнүн көрүп, туруп калышат.

Тоонун шартын жакшы билген жергиликтүү топ соодагерлердин калган-каткан буюмдарын бөлө жүктөшүп, жолдо түнөп, Оштогу кербен сарайга келишти. Кырсыкка кабылган соодагерлердин табылышы Анжиандык бийлердин көңүлүн бир аз тындырганы менен "Болгон окуяны териштирип, езүңөр келгиле" деген Кашкар ханынын эскертүүсү ар бирин бушайманга салды. Хан алдына кимдер барат да, кандай белек тартууланат?

Белек коркуп, кошоматтануу эмес, коншулук урмат. Монгол ханына Аижиан-Аксы аймагындагы элдин ызаты. «Хандын көөнү болбосо да, калктын көөнү» демекчи Жаркен, Кашкар тараптагы тууганадарга болгон кандаштардын көңүл алды кадыр - сыйы экендигин бийлер сезип турушту.

Жаркен андан соңку Кашкар хандыктарынын көп жылдык

бийлигин отуз уул, ичкилик урууларынын билермандары тескеп, башкаруунун тизгинин кошо кармап келет. Алардын мамлекетти түптөп, саясатын жүргүзүүдө, алыскы-жакынкы алакалар журт арасындагы аброюн көтерүүдөгү, алысты көрө билген кыргыздын көсөмдөрүнө хан өзү тан берчү. Ынтымакты ыдыратпай, биримдикти бүлүндүрбөй, тең таразадай кармап турууда, ордо аларга өзгөчө муктаж эле. Болбосо тегерегиндеги улуу Кытай өлкөсү баш болгон эчендеген куралы күч, жоокери арбын мамлекеттер менен тен тайлашуудан улам кубаты тайып бараткан сыры билинмек. Ордо-так эгеси жана аны жандаган жан жөөкөрлөрү саябандуу сере. Аны жөлөп-таяп турган башкаларга ары сүйкүмдүү, ары пештүү, ары кайрымдуу кылып кармап турган ишеничи ордо кызматкерлери. Дал ошолор менен ордонун жүзү көрүнөт. Бийлик ишин алып баруудагы кыргыз билермандарынан эч убакта хан жүзүн буруп кете алмак эмес.

Ооба, бузукулардын тилинен чыга албай тээ илгери Бүтөмүш, Бактыберди бийлерди, андан кийин кушчу Сокур бийди куугунтуктаган Жаркен хандыгы, акыры келип эмне болду? Андан көп өтпөй эле кеңүлү сынып, көөнү кирдеген Каракүчүк, Сатимбий баш болгон кыргыз урууларынын чабуулуна Абдылда хан айласы жок моюн сунду го? Андан да сабак албай, дагы да азгырыкка алданып, ордодон оңой эле кууп кетирели деп "ажыдардын куйругун басып алып" такта кырк жыл омоктуу отуруп келген эгадар, ез инилери менен балдарынан ык жеп, айласы куруп, эсин таппай турган чагында, кыргыз уруу бийлери ашык атты го.

-Аймактагы кыргыз урууларынын мен-менмин деген азаматтары, алыста болушса да, көңүлдөрү биз тарапта. Караандары калка. Кашкар тараптан келип, чапчуу жоо колун эчен жолу тороп, багытын башка жакка буруга айласыз кылып турганы бизге маалым. Байлык убактылуу колдун кири, акыры келип суу тиет. "Мал басып кирген жоонуку, же жатып алган жуттуку". Кыргыз эли нарк-насилдүү, салт-санаттуу. Бир чети көңүл алды, экинчиси убактылуу шылтоо, үчүнчүсү тартуу деп, ата-бабалардан калган каада боюнча хан алдына тогуздап соога ала баралы!

Бөкөй бийдин бүтүмү эл жакшылары тарабынан жапырт колдоого алынды. Тогуз уруунун бийи, ар тогуздан бирден камдамак болушту. Көпчүлүк бүтүмгө келип, бетке бата тартмакка алакандарын жая бергенде, баягы адатынча жөн жүрбөгөн Сабай «балп» дедире, сөз таштап.

-Хандын кербенине, кол салган жырткычты тирүүлөй кармап:

"Мына, өзүн жазалап ал" деп, алып барса болбойт беле? -деп кошумчалап жиберди.

Көпчүлүк алакандарын жая, жүздөрүнө сылай берерде Сабайдын кычылыгыбы, же шайтан жолдон чыгардыбы, айтылган сөзгө кошо бата берилгендей болду. Батадагы сөз аткарылуусу тийиш. Муну ойлогон топтогулар арсарсый калышты. Жырткычтардын эң эле каардуусу да, кучтуусу да жолборс. Ага бет келип, алдынан чыгып, ким кармай алат?

-Ме, ме деп, эт көрсөтүп, өзүнө чакырып, кармап алгыдай ал ит эмес. Ар тарабын тосуп, ортого алчуудай ал мал эмес. Же чыргоо салып, торго чалынтып, баса калчуудай, куш эмес. Алардын го айласын тапса болот. Ал эми жолборсту? Оо, бир гана айла... Абайлап, аңдып пайлап жүрүп атып албаса, ал оңойлук менен колго түшүп бербейт.

Муну отургандын баары билет. Эл арасында '"жолборс чааптыр" деген сөз чанда бир угулбаса, - "Тирүүлөй жолборс кармаптыр" деген айтымды, эч ким уга элек. Топтогулар бири-бирин суроолу тиктешти. Эч биринен сөз чыкпады. Жарга кептелгендей тунжурашты. Капилеттен бирөөсү, өкүнгендей кеп сала калды.

-Каап, тирүүлөй жолборсту кармап барса, канчалаган олжодон ашып кетпейт беле?

А чын. "Белекти берген эмес, алган март" дейт элде. Кара кулак жырткычтардын падышасы, жети шаардын ээси, дубандан-дабан ашкан даңкы бар, Жаркен хандыгына ылыйык."Белек баасы менен эмес, аты менен бааланат" дейт. Шерди алып барганыбызда, биздин ким экенибиз айкын билинмек.

-Сабайдын капилеттен тамашалай айткан сөзү, көпкө жага бербеди. Ким эле дит багып, азылуу жолборсту тутамын деп бара алат. Ал бир эле серпкенде дөбөдөй болгон өгүз, төөлөр буямага келбей учуп түшөт. Андыктан, ажал менен ким ойношуп, жырткычтын сырттанына ким бет багып баралат? Көптүн ою бир суроого такалып турду, Азылуу жолборсту кантип тутат? Дале болсо сөздү туз сээп, күчөтүп, тамашага айландырган Сабай, топтогу бийлерди алдыртан тиктеп турган Бакал инисине тийише кетти.

-Мына, биздин Бакалды баары эле "Баатыр, бала баатыр" дейсиңер. Баатырдыгын бир сынап кербөйлүбү?

-Тамашаны койсоңчу Сабай. Бул жерде аба - аксакал, бийлер отурат. Боло турган кепти суйле! Тооке бир тууганын тыя кетти.

-Кычылыгын кыла жүргөн Сабай жөн турабы:

-Баатырыбыз, «бир мышыктын баласына» кантип эле алы

жетпей калат?

-Мышыктын баласы болсо, сен кармап көрбейсүңбү? деди, агасы аны тыя.

-Мени баатыр атка кондуруп, "Баатыр, баатыр" десенер, Бакалга кошулуп, кармап эле берем.

-Тургандар дуу күлүштү.

-Жалган атакка жамынбай, алдын баатырдыгыңды көрсөтпөйсүнбү? Тооке анын кылыгына териге кетти

-"Баатыр" десенер мен да намысыма келем. Баатыр жалгыз болбойт. Көптөсөк силердин ишенимиңерди актап эле беребиз. Бала баатырыбыз "жолборсту кармап берем" деп, эмнеге айтпай отурат? Баатыр жалтанмак беле. Мага окшоп ачык эле айтып чыкпайбы.

Анын куйкумдуу сөзү отургандардын көпчүлүгүн жылмайтты. Тамаша сөз, чын чыгарына эч ким маани берген жок,

-"Жолборс чааптыр" деген сөздү анча - мынча угуп жүрөбүз. Аны эч ким тирүү кармай албаса керек? – деп, бий топтогуларга суроо узатты

-Жолборстун балдарын кармаптыр деп, биз бала кезде аксакалдар айтып калышчу эле. Тирүүлөй өзүн кармаганын ушул жашка келип уккан жокмун-деди бий.

-Тирүү кармаганын Абике абаман укканым бар. Алтай тарапта жүргөндө. Жүрөгүндө жалы бар беш-алты эр азамат, токойго топтолуп барып, жолборс кармап, монгол ханына алып барышканын аксакалдар жомок кылып айтып калышчу- деди Калдар бий.

-Кантип кармашты экен?- деп отургандардын арасындагы Дыйкан бий кызыга сурады

-Керегени пайдаланышыптыр. Баягы эр азаматтар керегени төрт тарапка жайып, жолборс жаткан жайга жакындап барышыптыр. Адамды көргөндө кандай гана жырткыч болбосун, денеси жыйрылып, итатайы тутулат эмеспи. Жолборс да, керегенин ичинде жакын келгендерди көрүп, күрүлдөп чамынат.

-Адамдардан качпайбы?

Жолборс дегенин, жырткычтардын падышасы. Ал эч кимди тоготпойт- деди отургандардын бирөөсү сөз кошуп

-Алар жакындап келгенде, кара кулак шер шарт секирип барып, керегени чапчыйт. Жигиттер баарысы камдуу туруп, канжары менен жолборстун колтугуна саят. Эти ооруган жолборс, аны алып ыргытуунун аракетинде кайра асылат. Даяр турган жигиттердин экинчиси дагы жүрөк тушка найза саят, Жырткыч канчалык эти

ооруса да, жалтандап качпайт. Чамынып кайра асылат. Эр жүрөк азаматтардан кайра-кайра жарат алат. Талуу жеринен жаралангандыктан жолборс кансырап жыгылат.

-Илгери бир баатыр сапарда баратып, жолунан чыккан жолборсту чокмору менен чаап өлтүргөн экен.

-Андайлар эл арасында чанда болгон-деп ар кими, ар кепти айткандар бир тыянакка келише алышпады.

X X X

Тилекени ээрчиткен Бакал түн оогондо аттанды. Төбөдөгү коюланган жылдыздар асман бетин бербейт. Ак бадырактай болуп шооласын чачып, айсыз түндү өздөрү гана ээлеп, жымың - жымын этишип, жолоочуларды ээрчигенсишет. Көп жылдыздын шооласынан айлана айкын көрүнүп, улоолордун басыгы тың. Тоонун желине көңүлдөрү сергиген жолоочулар кобураша, улам илгерилей жол арбытышты, Таканын белине чыгышканда таң дык салып, чыгыш тарап эми гана агара баштаган эле. Басыгы тың аттар төмөн карай куюлгуп, мерчемдүү жерге заматта жете келишти. Көл айланасынын кокту - колоттору сайын шилби, четин, долоно, жапалак арча, эчки тал, бөрү карагат, табылгы, караган, чие өңдүү деги эле жыш өскөн токойдон жол табуу кыйын.

Ээн өрөөндүн энчисине бүтүп, эркиндигине тунган эчен түрлүү жапайы анга, илбесиндери аралашып тим эле керемет. Таң алдында ойгонгон бедене, кекилиги сайрап, күкүгү үн салып, элиги бакырып, суурлары анкыштап, жан-жаныбарды жабыла "силер да ойгонгула" дегендей болушат. Ар-ар жерде сербендеп коендору койдой жайылып, булбулу таншып, торгой сайрап, канаттуу куштардын үндөрү азан-казан. Топ - топ учкан каркыра-турна менен тоодактын, аныры менен каз-өрдөктүн мекени - тим эле бейиштин төрү.

-Чар тарапта кыналышкан тоолордун этегинде алакандай болгон көл, бой жеткен кыздын жодураган көзүндөй бажырайт. Тегерегинде туланга аралашкан елен чеп, кыздын чачындай болуп сенселген камыш, тим эле чычкандын мурду батпагандай жыш өскөн. Эрте мененки күндүн нуру чачыла тийгенде, көл бети түтөгөндөй, көгүш булоо асманга көтөрүлгөндө, жашыл кымкап жамынып, керктенген тоолор эңкейише, өз сулуулугун кашкайган тунук көл бетинен көрүп жаткандай сезилет. Асман көлгө, көл асманга чагылып, аалам көркко айлангандай көрүнүшү көз жоосун алат. Ажайып коздуктун ажарын ачкан кыз сыяктанган көлгө, чыгыш

тараптагы күңгөйдөн мөлтүрөгөн туптунук суу келсе, анын күн жүрүшүндөгү Бордуу жылгадан ийиген булактар биригип, бир алышка жетпеген суу келип кошулат. Этекке агыны ташкан селден, сүрүлүп келген көчкүдөн улам тосулуп, баш аягы созулган ушул кел жаралган. Сууга тушкен этегин жыйып алууга буямасы келбеген карыдай болгон Коңур-Дөбө алысты тиктегенсип жанаша жаткан тоолордон өзгөчөлөнөт. Анын бети жыш, арча, кайың, түрлүү - түмөн жапайы даракка толуп, аны аралаган кайберендерди тооруган ит-куш, азылуу жырткыч эртели-кеч ушул аймактын жалгыз ээси баштанып, көлдөн чанкоо кандырып, башка жакка кетпей, байырлашаг.

Көл кылаасынын таң эртеңки кооздугуна суктанган кош атчан, улоолорун жаай бастырышып келе жатышты. Таңкы желге баштарын ийип, денелерин сеңселте, бийлеп жаткан топ кыздарга окшогон, арча-кайыңдардын, мин түркүн гулдөрдүн, сан жетпеген саамайларын ыргаган өсүмдүктердун жыпар жыты кошул-ташыл боло аймакты атыр-жытка чүмкөйт. Канатын керип, каршы-терши сызган канаттуу куштарды капарына албай, тээ асмандын түпкүрүндө бүркүт каалгыйт. Көл бетине керемет көркү жарашкан жайлоонун жагымдуу сөөлөтүнө суктанган Тилекенин делебеси козголуп, көөнүн эргитет, көкүрөгүн тепкен кандайдыр бир күч денесине сыйбай, ашып-ташып, көбүрө көккө жетелеп, көзгө чагылган көрүнүштүн көркүн, ажарын чачкан ажайып кооздугун, керемет сулуулугун, таңдайды такылдаткан жаратылыш көрүнүшүн ырга айлантып, мукамдуу-миң кайрыктуу обонго кошуп оболото үн салгысы келет. Жүрөк каны дүрдүгө башына чыгып, ушунчалык укмуш дүйнөдө жашап жатканына маашарланып өзүнө-өзү батпай эргиди. Жер бетиндеги бул кооздук балалык дүйнөсүнө тардык кылып, эргиген кыялында тээ бийик-бийик көктү эңсетип, аба жарып, кең ааламда шумкар болуп, жебедей атырыла учкусу келет.

-Шык-шыктап ат тизгинин тарткан абасынын токтой калышы, аны учкул кыялдан алаксытты. Бакал ат үстүндө үзөңгүгө тура кала, мойнун созуп, жан-жака белди аярлай тиктеп жатты. Көл боюндагы өсүмдүктөрдүн жалбырактарындагы мөлтүрөгөн таңкы шүүдүрүм улам тамчылап, жалгыз аяк жол бетиндеги борпоң топуракты "ат тери" жааган жамгырдай кылып, карартып жибергенин Тилеке эми гана байкады. Абасынын ымдоосу менен ал көрсөткөн алды жакты карап, жаңы эле жалгыз аяк жолду тебелей өткөн изди көрдү. Эмненин изи экени билинбейт. Бирок, жылкы туягындай ое баспай, нымдашкан борпоң топуракты таманына илештире кеткен изи даана

көрүнүп турду. Экөө тең түшө калып, аттарын кантарыша, алдыга басышты. Бир жерге келгенде абасы жанаша бараткан Тилекенин каруусунан кармай токтотту.

-Жанагы из, бул жерде да турат. Ана, тиги жерди да, баса кетиптир.

Алар келип токтогон жайдан арыраак, эки кулач аралыктагы из көрүнүп турду. Теенүн таманындай болгон илгери карай кетиптир. Алар бир топко жылбай, абайлап турушкан соң, Шер ушул жерде тан менен кошо ууга аттаныптыр - деди абасы.

-Эми, эмне кылабыз? деди Тилеке.

-Артка кайтып, тээ этекти, байырлайлы, Шер кайра келет.

-Экөө кел этегине келишип, муздак сууга бети-колдорун чайкашты. Тилеке абасына айттырбай эле, аттардын белин бошотуп, ооздугун чыгара, ээр-токумчан, бегежелеп, отко койду да, канжыгага байлай келген азыктарын, куржун бетине жайып, абасына устукан коюп, кол чаначы менен кымыз сунду. Экөө аркы-беркини кобурашканча кепке отурушту. Адатынча Тилеке суроо үстүнө суроо узатат.

-Аба, кыргыз журту эмнеге чачырап кеткен?

-Согуштун кесепети.

-Тынбай согуш боло бергенби?

-Ооба, Мен билгенден монголдор келип, элди басып алып, малын талап, колго түшкөнүн олжолоп алып кетишкен.

-Кыргыздар аларга каршы тура алган эмеспи?

-Ээ, канча жолу каршы турду. Канчалаган баатырлар өлдү. Аз сандагы кыргызды, жоо түмөндөгөн колу менен чапты. Теңдешсиз айкаш эчен жолу болду. Кыргыздар талкаланса да, чачылган уруулар биригии. басып кирген жоо менен тен тайлаша кармаша берди. Жүздөгөн жылдар бою монголдор менен согушуп жүрүп, акырында аларды Ала- Тоодон сүрүп чыгарышты. Ал ангыча болбой калын калмак басып кирди. Миңдеген эр азаматтарынан айрылган кыргыздар, айласыз аман калуунун аракетинде алыскы аймактарга кетүүгө аргасыз болушту.

-Адигине бабабыз, монгол хандыгына ак үйлүүгө баргандыгы ырааспы?

-Монгол хандыгы акыры барып, Жаркенди ордо кылып туруп калды. Жака-белдеги элдерди чаап, баш ийбегенин талкалап, туткунга алып, олжолоду. Бийлигине ыкырар болгондордон алык-салыгын алып турду.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 183750

Күн көтөрүлүп ысыган сайын, канаттуу куштар аңыр, каз -ердек

баш болуп, какылдап, ызгырык ышкырып, безбелдек безилдеп, бакалардын чардаганы да кошул-ташыл болуп кулак тундурат. Көл ортосунда кумуш боорун жалтылдатып, балыктар секирип ойносо, жээктен алыстабай калын камышты калка кылган, эрге жазда басып чыгарылган ак күп балапандар сүзүп, сары гүл сымал көлдүн бетин сары, ак-ар кыл түскө бөлөйт. Түнү, тан эрте менен оттогон жан-жаныбарлар чанкоолорун кандырмакка көлгө карай түшүп келе башташты. Ар биринин өздөрүнө ыңгайлашкан жолдору бар. Бир жайдан сербеңдеген коен көрүнсө, экинчи тараптан томпоңдогон кашкулак, дагы бир жерден коркулдаган донуз, анын маңдайында туягы жерге тийбегенсип, женил кадам таштап элик, эчки-теке. Балапандарын ээрчиткен чил, тоодак, кекилик, жапайы тоок деги төрт туяктуу жаныбар, канаттуу куш, жылан баш болгон сойлогон жаныбарлардын бардыгы сууга келе башташты.

Кур-р, кур-р эткен жырткычтын сүрдүү добушу чыкты. Канаттуу куштар пырпырап, жапайы жаныбарлар чочуп, кыйкырып жатышты. Көк майсада оттоп жаткан аттар да селт эте, баштарын кетөрүп, эки тарапты карап энтеңдешти.

-Чалды. Эми азыгын көтөрүп, кетет деп Бакал кобурады.

Айлана бир топко чейин дымып барып, кайрадан азан- казан болгон чуу кетерулду.

-Жур эми, аттарды коюп, жөө кыдырып келели, деген Бакал сырт кийимдерин чечип, даракка илип, колуна куу союлду кармай жолго чыкты.

Жеңил кийимчен ээрчишкен эки караан келду бойлой кеткен эски жолго салышып, өрлөп жөнөштү. Оңор жолду басышып, баягы жолборстун үнү чыккан жайга жетип, жан-жака белди аяр тиктеше, шек билгизбей жыла беришти. Коюуланган көк арчага жете беришкенде сүйрөлгөн из үстүндө, сызылып аккан кан чубалып барып, арчаны аралай кетиптир. Тилекенин көкүрөгү дүкүлдөп оозу кургай, абасын карады. Ал изди кубалай барып, коюу арчаны аралабай, кайра тартты,

-Билдим. Ушул жайда экен. Буйруса, эмдиги келгенде жолутабыз. Жүр. Дагы илгерилейли деп алдыга тушту.

Шериктер келду бир тегеренип келгенче күн батайын деп калган эле. Бөгөжөлөнгөн аттар көккө тоюп, чымын-көгөндөн коруна, дарактардын келекелерун байырлап туруптур. Экөө чаңкоолорун кымызга кандырышып, аттарын минишип, андан ары жол улашты.

XXX

Бөкөй бийдин айылындагы тандамал жигиттер камданып, жолго чыгарда, ар тараптан келген караандар улам кебейе берди. Сабай баягы адатынча, келгендерди тамашалай.

-Келгиле мырзалар! Айттырбай келип калыпсынар, эмне той бар бекен?

-Бийдин айылында күндө той да -деди келгендердин бирөөсү.

-Ии. Жаман үйрөнүпсүңөр. Өзуңөр да үйүнөрдө түтүн булатып турсанар. Катын-балдарынар айылчы болуп кетпесин деп, Сабай какшыктады.

-Бий тамагын, байкуш аяйт имиш.

-Бий абам, баарыбызга эле тең. Сени жолборс чапканы барат деп угуп, жолдош болгону келдик.

-Ап-бали. Качкан жолборсту, тосконго адам керек эле. Зап келипсинер, Нокто-жибиңер барбы?

-Нокто-жиптин эмне кереги бар?

-Э, жолборсту кармаганда моюнунан кучактап, же кулактан кепмек белек. Ноктолобойсунарбы?

-Кара кулак кармалса, минип эле келебиз.

-Тигини, тигини. Кармамак тургай Кара-Баткакты көздөй качаарсыңар.

-Сиздей эргулдар бизге эш. Качсак насак, качпасак атак.

-Ап-бали. Качканды сабаймын

-Ооба, сен Сабайсың.

Топтошкондор тамашага батышып, уу- дуу.

-Тандамал, он-он беш жигит мени менен барат. Кана, өз ыктыярынар менен кимдер барат? Айткыла!

-Мен. Мен дагы -деген үндөр көбөйдү.

Жоон топ, чуу дей түштү.

-Калганыбызчы?

-Көп адамдын ал жерде кереги жок.

Бакалдын жообуна, эч ким каршы боло албады.

-Аба, мен сиз менен барам деди Тилеке.

-Туугандар. Кишинин саны көбөйсө. опур-топур болот. Онуң кем, он бештен ашканы ашык.

-Тилекеге жанашып, беш алтоо-бөлүнө калганда.

-Калганыңарды мен тандайын деди Бакал.

Мурдатан сырдана болуп, алыскы-жуукта кошо жүргөн жигиттерди кыдырата карап.

Жаш болсо да Олжеке, Көкчө жүргүлө. Калганын таарынбай,

туруп тургула.

-Баатыр көптүн зыяны тийбейт. Биз да кошо баралы? деди Чапкынчы.

-Силерге ылайык иш бар. Аны анан айтам. Он бешиң жолго чыга бергиле. Мен буларга иш тапшырып, артыңардан жете барам деп, аларды жөнөтүп жйберип, калгандарын да, эки топко бөлдү.

-Силер айыл күзөтөсүңөр. Абал оор. Опурталдуу чак. Жамандыктан алдын алып сак бололу.

Баатырдын айтканына, эч кими каяша кылбады.

Төрт канат керегени теңдей арттырып, «мерчемдүү жерге жеткиргиле» деп Тилеке баштаган топко дайындап, бир топтон сон Бакал жете келди. Ире-ширеде Кызыл-Чаптын этегине жетишип мингичтерин жайгаштырышты. Заматта жайкы түндүн жылдыздары бажырайып чыга келди. Тим эле күлмүңдөгөн сулуудай жымыңжымын көз кысқансыйт. Үч жигит Бак-Арчага Күңгей тараптан, үч жигит Чат тараптан келе турган болду. Бардыгынын колунда кыска саптуу ай балта, узун шамшар. Женил кийинишип, кыл аркандарды мүрүлөрүнө илишкен. Шек билгизбей жеңил басышып, тескей тараптан өтүп, көлдү этектей келишти. Толгон ай каалгый көтөрүлүп, төбөдө жылып баратты.

Керегелерди аштап, чарчы кыла камыш менен жаап, бышык кыл аркан менен бекем байлашкан алты жигит көтөрүп алып, Бакал белгиленген жерге келмек. Тилеке Бакалды ээрчиди. Убадалашкандай, танкы жылдыз чыкканда баары мерчемдүү жерде туруп калышты.

Коюу арча ичи капкара болуп дүңкүйөт. Бир мезгилде жырткыч ордунан турду окшойт. Оозун чоң ачып, керилип-чоюла алга басканы сезилип турду. Ага тийген бутактар «кырс-кырс» сынганынан улам, ал кай жерде жылып келе жатканы билинди. Четтеги суюк арчага жете берип, бир нерседен шекшидиби, же адам жыты келдиби ордунда туруп калды. Айдын нуруна чагылышкан эки көзү оттой жанат. Эшик-тердей болгон тулкусун чирене, оозун аңырайта ачып, куйругун көтөрө «дыр-дыр» эттире табарсыгын бошотту. Жөнөй беремрinде, желге ыргалган камыш шуудурай түштү. Коюу арчадан түшкөн көлөкөгө жашынып, кереге ичинде тургандардын жүрөктөрү дүкүлдөп, ооздору кургап, үн чыгармак тургай дем алуудан айбыгышат. Ашыкча кыймылы жок. Кулак кескендей жымжырт. Таң тап-так атып, айлана жап-жарык.

Жырткычтардын падышасы кимден коркуп, сестенмек эле. Мурдуна тийген чөптөн улам, башын чулгуй берип, кадам шилтээр чакта,

капылеттен адамдардын кыйкырык-чуусу, калдырттаган ачуу дабыш угулду. Селт этпеген жырткыч, заматта танкы тынчтыкты бузган ызы-чууга ачуусу келип, азылуу тиштерин аркайтып "кур-р, ку-рр" эте кыйкырып алды.

Таң каракчысындагы чуудан улам, түнкт бейкам уктап жаткан жан - жаныбар, канаттуу куштар дүрдүгө чочуп, ачуу кыйкырык кошул ташыл боло түштү. Ан сайын калдырттаган катуу дабыш, кыйкырык күчөдү. Бак-Арча аймагында өзүн эркин сезип, каалаган кайберенди, качырбай кайсаган жырткычтын жаалы чыгып, куйругун буттаңдата чапкылап күрүлдөдү. Тан эрте менен тынчын алып, кыжырын козуткан үндөр жапайы жаныбарга жаккан жок. Ал эки бутун алдыга суна, боору менен жата берип, шамдай болгон көздөрүн, мандайдагы үн чыгып, өзүнө жакын турган тарапка тикирейе кадады. Жапайы сезим менен эмне экенин ажырата албай, бир саамга маң боло тиктеди. Тынбай ызы-чуу кыйкырыктар, калдырттаган каттуу добуш, итиркейин келтире, жырткычтык сезим менен тура калып, алып ыргытмакка, атырыла секире береринде, кандайдыр бир күч секирип келип, шап жонуна минип кулактан алды.

Кара кулак шер чочуп кеткенин өзү дагы билбей калды. Жабышканды жонунан силкип ыргытып, курч азуусу менен чайнап салмакка мойнун бура берерде, эки кулагын күч менен катуу кысып кармаган кол бошото бербеди. Үстүндөгү оор салмакты тоготпой, жерди таканчыктап түзөлүп бараткан алдыңкы эки буту бүгүл түштү.

Жырткыч бууркан-шаркан түшө, кыжырдана, тура калаарында, арткы эки шыйрактан алган күч артка булкканда эки колу алдыга, эки шыйрагы артка сунала түшкөнөдөн улам, боору менен жерге нык жыгылды. Сойлоого дарманы келбеди. Үстүндгү салмактан улам деми кысылды. Айласы кеткенде чамынып, ооналактап булкунууга, бошонууга аракет кылган жырткычтын мойнуна, шарт сыйыртмак салынып, оозуна жыгач кемечтелди. Азылуу жаактарын адамдын күчтүү колдору капшыра кармады, Улам жуткунган сайын мойнуна оролгон кыл чылбыр бууп, Шердин жаны көзүнө көрүндү. Кыймылдоого аракет кылып, курч тырмактары менен жерди чапчыганда, борпон топурак опурулуп, чаный тушту. Шап- шап денесине жыландай ороло калган кыл аркан чынала, буту-колун кыйып жибергенсиди. Кемечтелен оозу араандай ачылын, салаңдаган тилин жыйа албай “кур-р, кур-р” эте үн чыгарууга жырткычтын абалы келбей турду.

Айры бутту адамдын амалы, өзүнөн алда канча күчтүү экенин

шер ошондо гана айласыз мойнуна алды окшойт. Кемине жеткен букачардай болгон нылдай кара шердин айласы куруду, «Ай чапчыган арыстан өлсө, тумшугуна отуруп алып, кур бака сайрайт» демекчи, кечээ эле айлана-тегеректи бүт коопсунтуп, аркыраган добушунан айбанаттын баары үрккөн үнү, заматта жел үйлөгөн кардын кымкарындай сапырыла жоголуп кетти. Жанына даап келе албай, караанын көрсө, алыстан качып, үнүн укса бекинген айры бут адам, анын куйругун кармап бултандата эрмектеп ойноп, кээси келип, табалай тээп өтсө, кээ биреөлөрү үстүнө жамбаштай жатып алып, жумшак жонунан сылап коюп, уйкусурап олтурду.

Шыпылдаган жигиттер заматта кайындан кыркып келип аны, бириктире аштап жырткычты төрт бутунан өткөрө чатый байлашып, көтөрө албай коюшту. Жоон бутактарды бири-бирине аштап байлап, жырткычты анын үстүнө жаткырышып, жабыла келишип салаңдата жети-сегизи араң сүйрөп жөнөштү. Күн жерге тегиз тийип ысык табы шудүрүмдү кургатып, топуракка түшкөндүктөн, сүйрөлгөн изинен, чаң көтөрүлгөнүнөн улам, жакынкы жайда аны абайлапаңдып байкагандар боолголоп келишип, тайсалдай утурлашты. Алыстан коркуп жакындоодон даай албай тургандар бирин -бири көрүп, чапкылап келишип, топ бутак үстүндө танылып жаткан кабыланды тандана, таңыркап карап жатышты.

-Аа -ий! Мунуңар кара кулак шерби?

Анык кабылан го? Кантип тутуп алдыңар?

-Ким чапты?

- Чапчып алган жокпу?

-Мөөрөй абамкы. Шап секирип минип, аркыраган оозун кемечтеди, деди Тилеке

-Сен да минбедиңби деди, Бакал инисинин жүрктүүлүгүн кубана.

-Мен сизден кийин миндим.

-Ого, экөөнү көтөрүп кеткидей көлөмү бар экен.

-Булар болбогондо көтөрүп эле кетет эле - деди ал жанында турган шериктерин көрсөтүп.

-Баракелде Бакал, чыныгы баатыр экенсин,

-Бир мен эмес. Көптөп чаптык-деди, Бакал.

Аңгыча Сабай, Тооке баш болгон калың топ, жете келишти Окуя заматта эле айлана-тегерекке тарап кетти, Инисинин эрдигине ынанган Тооке ыраазы боло:

-Мөрөй сеники баатыр. Анык шер экенсин, Башынан бак кетпесин! Дөөлөтүн артып, элини эрдигиң менен сактап жүр бер! -

деп бата берди.

-Мына, кабылан менен кармашып, абийир алдын, Мен баатырга ишенгем. Болбосо өзүм келет элем. Силердин чапканынар. Менин чапканым эмеспи деди Сабай тамашалай,

Көптүн мактоосун этибар албай, булак суусуна тердеген жүзүн чайкап жаткан Бакалга суктана караган Тилеке жанына басып келди,

-Аба, мен да сиздей баатыр болгум келет,

-Болгонун ушул, баатыр. Мындан соң сен Тилеке баатырсын.

Копу-буту чие байланган жолборстун жытын алган аттар канчалык аракет кылышса да кошкуруп-үркүп, жакын жолобой койду. Аттардын ой-боюна койбой жигиттер тизгин кага, теминишип, суй жыгылышты. Айлалары кеткенде, узун кайындын эки башын бири-бирине байлаштырышып ээрлерине артып, чийне кыла үстүнө жырткычты жаткырышып, кечээки түштөнгөн жайга араң алып келишти.

Кабыланды зор денеси чийнеге батпай чубалып, узун куйругу чийненин шатысына сүйрөлүп калды. Жанаша жүргөн кош ат менен алыскы аралыкка алып жүрүүгө болбойт эле. Анын үстүнө тар кыя, эңиш жолго эки ат катар батпайт болчу. Аны билген уста жигиттер узун арчаларды кесип келишип, аштай коюшуп, баягыдан чон шаты байлашып, чийне жасашты. Анын үстүнө бутактарды калың төшөшүп, жырткычты кошо таңышып аркан менен чырмап салышты, Жолдуката кабар уккандар дүрбөө жол тосушса, алыскы жайдагы уюосу барлар чаап келишип, жырткычты алып келе жаткандарга таңыркашты. Эртеден- кечке жүрүп, жолдо бир күн түнөп, кеч бешимде олжолуу айылга кирип келишти.

Гүлү байбиче утурлап чыгып, суу толтура кесени, Бакал баатырдын башына тегеретип, ырымдап:

-Түкүр сууга, адам шеринин жеңишине көз тийбесин. Балакет - баскычын баары суу менен кетсин, Баатыр башың улук болсун. Жамандан көзү тийбесин. Элине ээ, Журтуңа огожо бол. Адам ата, Обо эне колдоп жүрсүн-деп тилегин айтып жатты,

Ошондон Бак-Арчадагы Көл - Кабылан-Көл атыгып кетти.

Бөкөй бийдин уулу Бакал баатыр кабылан кармаптыр деген кабар Анжиан аймагындагылардын биринен-бирине айтылып, кетти.

Бир чети кармалган кабыланды көрмөккө, экинчиси куттук айтып, кабар алмакка, алыскы - жууктагы куда-сөөк, тууган - урук, дос-жоролор биринин артынан бири, арнаганын артып, жетелеп, тартууларын таңып, айдай келип, куттук айтышты, эл башы бийлер

атайлап чакыртылды

Кабылындан танылган буттарын чечишип, убактылуу аркан бойлогон терен анга ташташып, үстүн жоон арчалар менен жабуулашты. Айласы жок камалып жаткан жырткыч, эркиндикти энсейби, кеч кирип жылдыз чыккандан баштап, "кур-р, кур-р" чамынып, жылдыздуу асманды көздөй атырылат.

Аябай бышыкталып, торлонгон андын капкагына жетпей, ордун ички бетиндеги жумшак турпакты курч тырмагы менен аймап, айкыра секирип жадаганда таарынгандай жатып алат. Эрксиздиктен туткундалып тордо жатуу азап, айласыздыктын иши. Бир арга табылып, төбөдөгү аң бетиндеги торго жетсе, курч тырмагы менен серпе ыргытып, аркайган азуусуна сала «чайнап туруп эркиндикке жетем» деген жырткычтын энсөөсү канча күндөн бери аткарылбай келет. Күндүзү таң агаргандан кечке чейин көзүн сүзүп уктайбы, же өзүн көрүп таныркаган айры буттуу адамдарга ачуусу келеби, анысын билдирбейт. Эки алдынкы буттарын төшөп кыймылдабай жата берет, Атайын арналып, териси сыйрылып, адалданган кой - эчкининин эти аркан менен жанына түшүрүлс да ачкалыгына кайыл боло, аны карап да, койбойт.

Кабыландын көктүгүнөн да, ашкан чыдамдуулугу адамдарды тан калтырды. Башка жырткычтар мынчалыкка бармак эмес. Эки күн ачка калса, этти эңсеп, аркан менен түшүрүлгөн жандыкты сугалактык менен баса калып жемек. «Кабылан кайтпайт» деген шердиги, эркинин күчтүүлүгү анын ким экендигин анык сырттандыгын аныктап турду,

Жаркен ханына, атайын арналган тартуунун ана-башы жырткычтардын шери аталган, кара кулак кабылан даяр. Аны айга жетерлик алыс жолдо атка өңөрүп, же чийнеге сүйрөтүп барууга мүмкүн эмес. Андыктан, асты тактайланган бышык темир тор, даярдалып, ага колу - буту байланбаган бош кабылан киргизилди. Аны комдолгон төөнүн үстүн жайгаштырышып, айчылык алыскы жолго кете беришмек. Узак жылдардан бери ары-бери кире тарткан кербендердин кардарың карк кылууга түрдүү айла-амалдарына күбө болуп далайын көргөн кыргыз, туюкта турган иштин аргасын заматта табышты. Айылдын айлалуулары, аны да айта коюшту,

Жолго чыгуунун масилатина Анжиан аймагынын бийлери, эл башылары эр азаматтар ошон учун чакырылган болчу.

Келберсип жаткан кен аймакты экиге бөлүп, эңкейиште энтендеп аккан Ак Буура дарыясына жакын кыдырата тигилген жумурткадай болгон боз үйлөргө карай алыскы - жууктагылар

биринен сала бири келип жатты. Эртеден бери эпилдеп ат алып, колго суу куйган жигиттердин жаны тынган жок. Биринен бири өтүп меймандардын улоолорун кантара байлашып, басмайылын бошотушуп улам жаны келгендерди колтуктап түшүрүшүп жаркын маанай жылмайган жүз менен улуу-кичүүлрдү ийиле кабыл алып жатышты. Ал эми айыл билармандары келгендерди жашына жана «салмагына» жараша мурдатан белгиленген боз үйлөргө карай ээрчите жөнөштү. Боз үйлөрдүн эшиктери түрүлүп ичкеркиде отургандарга кимдин кай жактан, келгендиги айкын көрүнүп турду. Көпчүлүгү байлыгынан эмес баатырдыгы, карааны менен эмес акылы менен, кыйла элдин кыйырына төбөсү көрүнгөн. таанымал Ош Анжиан, Аксы аймактарындагы, билермандар эле.

Өзгөчөлөнгөн көрүнүштөгү ортодогу жүз баштуу ак өргөдө жашына карай, улуулата отургандар аңгемечилердин сөздөрүнө кулак төшөшүп, алдыларындагы толтура куюлган кеселерден келберсий кымыз жуткан болушат. Нак кымыздын таасириненби, көбүнүн жүзү албырып чыккан. Дасторкон үстү улам толукталып, жаңы бышкан боорсок куймак, чара толо үйүлүп сызгырылган майдын, куйкаланган тери-жүндүн күйгөн жыты келет. Бабалардан калган каада боюнча, мындай кп чогулган топто, илгертен келген санжырадан кеп болуп кимдин кайсы уруудан экендиги териштирилип, уруулар ортосундагы мамиле, боло келген жаңылыктар айтылып, кимдин кай жакка барып келгени, кыз алып, уул үйлдгү мамиле, аш-тойдун качан болоорлугу боюнча кабар, алгыр бүркүт, күлүк ат деги эле, кыргыз турмушундагы ары көйгөйлүү, ары даназалуу, ары сыймыктанчуу окуялар түгөл айтылып, ортого салынат. Жакшынын даназасы. жамандын мыназына маани берилип какшыкты капылеттен андап, тууранын түюп, куйма кулактар кулагына илип, аңкоолор аңкайып, эси жоктор таң калып, ары дөөлөттүү, ары сөөлөттүү жыйын билгенге тарбия, билбегекге жарыя болуп өтүп келген.

Бүгүнкү жыйналып олтургандар "качан жоо чаап кетет" деп элендебей. эки жакты карай-шашыла телтендебей, келберсиген кең аймактын ортосунда, кеп учугун келептеп, уламдан улам токтой калып, узартып айтканды угуп, анда - санда суроолорду бере коюшуп, эси-дарттары ээктерин экчеп сүйлөп жаткан карыялардын коңур үнү, кобураган сөзү менен болушту. Отургандардын көпчүлүгү Адигине тукумунун урпактары болгону менен кастарлап, кутуп. кадырлап терге чыгарып, меймандашкандары Паргана аймагыщдагы жашаган кызыл уул, ак уул, ак уулдан тарагандардын

урпактары тен туугандар эле.

Бая, эрге менен келгендер санжыраны билгенинче айтып, кээ бири адаша кетип, ээси жок жерден эптеп айтып, эрмек болгон ээн баштар Кудайберди санжырачы келгенде аны билгендер ооз ачпай, жер карап, калышты.

Карыяны төргө чыгарышып, алдына даам жанырта коюшту. Ал кыдырылган кыркма аякты кайтарган соң жайкалган сакалын жаай сылай, үйд отургандарга алдыртадан көз сала суроо узатты.

-Ии, сүйлөй отургула? Мен келгенден сөзүңөр көксүп калды окшойт?

-Ооба, ар ким билгенин айтып, эрмектешип отурабыз.

-Билгенин айтканы жакшы. Билбей айткан жаман.

-Ар кимибиз укканыбызды айттык. Көргөнүңүздү айтсаныз үйрөнүп алалы? –деди этекте отургандардын бириси

-Ушул күнгө чейин үйрөнүп албай, эмне кылып жүрдүнр эле? Чамасы тамак аты көп ойлойт окшойсунар?-деп тамашалай кетти карыя.

-Аныңыз чын. Укканды айта келгенде адашып кетем, өзүмчө ойлонсом өнөрдөн кем калган экенмин-деди Алдар уста мойнуна ала.

-Андай дебе, устам. Сенин колундан чыкканды мен өмүрү бүтүр албайм. Алла Таала ар бир пендеге артыкча өнөр бериптир. Сенин кадырыңды биз баалай албай жүрөбүз.

-Жүйөлү кепке отургандар баары баш ийкешти.

-Көбү кепке уста болгону менен керектүү жерге келгенде, ого эле чоркок. Темирди камырдай ийлеген касиетүү бар. Санжыра сага эмес, сен санжырага керексин, устам

Алдар уста мактоодон улам, тердеген жүзүн болбоосу менен аарчый жанжагына обдула карап отурду.

Карыя айткандай Алдар устанын темир жууруп, буюм жасаганы, алтын-күмүш ээрчитип, зергерлиги бүтүндй аймакка маалым эле..

-Абаке. Алла таала адам атаны жаратканга чейин, жер үстүндө кимдер болду экен? Анан дагы уруу-уруу атадан таркап келген. Ал эми эл болуп, кантип бөлүнүп калды?-деди Досканбай улакчы.

Карыянын берилеген суроого зерикпей жооп берерин туйган, кыркалектей отургандар умтула, кулак турушту,

-Улакчым, суроо берген сен, жооп берген мен. Билишимче жооп берейин. Ашык-кеми болсо билгендер толуктаар - деп астындагы кымызы толо кесени кош колдоп алып, акырын кылк-

кылк жутуп, муруттарын сылай кепке кирди.

-Ата-бубаларыбыздын таржымалы тээ алмустактан дешет. Алла тааланын амири менен он сегиз мин аалам жаралып, жер каймактап пайда болуп, топурак-кыртышка, айланып, андан миңдеген жылдар өтүп тоо-ташка, томсоргон өрөөнгө токой өсүмдүктр чыгып, ар түрдүү дарактар өсүп, жан-жаныбар, курт-кумурска пайда болуп, баары өсүп-өнүгүп көбөйө баштады. Андан эсепсиз жылдар өтүп, жан-жаныбар, канатгуу-куштар алдуусу алсызын жеп, аба-ырайы -өзгөрүп, табийгый кубулуштан жаратылыш кыйроого учурады. Жер бетиндеги абалды ондоп,-жаратылышты тең салмактуу абалда кармап туруу, төрт буттуулардын колунан келбестигин билген Алла-таала жиберген периштени өзүн чакырып, эки буттуу, акыл-эстүү адамды, топурактан ылай жууруп, жаса- деп буйруйт,

Жабраил периште Арафат тоосунун кыртыш-тозонунан алып, ылай жууруп Адам Атаны жаратат. Аны жалгыз калтырбайын деп. сол ныптасынан эки кабыргасын алып, Обо Эненин денесин жасап, экөөнү жанаша жаткырып, жан киргизет. Жан экөөнүн ооз көңдөйлөрүн кирип кайра чыгат.

-Ичи карангы экен, кирбейм-дейт.

Алла Таала Адам Ата менен Обо Эненени денелерине нур жиберет. Андан сон алардын ооз көңдөйлөрүн кирген жан, экөөнүн денелериндеги муун-жүүндөрүн кыймылга келтирип, жүрөктөрүн тынымсыз соктурат. Ал эми жан мурундун канылжарына келгенде экөө тең чучкуруп, "Раббим Алла" деп жаткан жерлеринен өйдө турушат. Жабраил периште экөөнү-ээрчитип, бейишке алып барат,

-Адам Атага баш ийгин!- деди, Алла Таала Жабраил периштеге

-Мен аалым, периштемин. Топурактан өзүм жасаган адамга баш ийбеймин-деп, Жабраил баш тартты.

Алла Таала каарданып, "Ибилис шайтан"-деп атап, Жабраил периштени бейиштен кууп чыгарды.

-Эч кимди киргизбегиле!-деп тоус кушту көзөмөлдөтүп, ажыдаарды дарбазага эшик агалыкка койду.

-Шайтан Адам Ата менен Обо Энени бейиштен азгырып чыгаруунун жолун издеп журуп, акырында ажыдаарды алдап уктатып, тоус куштун эки бутунун арасынан түп, куйругунан далдаланып бейишке кирди. Ошол кезде буудай алакандай, чоң болгон экен. Обо Энени азгырып, бейиштеги буудайдан бир тйлим кесип, ага жедирип коет. Буудай жеген Обо Эненин ичи толуп-ташып, тынчы кетет, Ичинен чыккан сасыкты, анжирдин

жалбырагына ороп бекитет, Ага да болбой ичи ооруп, кыйнала берет. Сасыкты башына катат. Андан ашат. Колутуган бекитет. Ага болбойт. Эки буттун чурайына бекитет, ага да болбойт. Обо Эненин бейишти булгап койгондугу билинип калат.

Алла Таала күнөөкөр Обо Энеге кошуп, Адам Атаны да бейиштен кубалап чыгат. Ошондон тартып буудай кичине, ал эми тоус куштун эки буту мерез, куйругу кооз, жыландын кулагы дүлөй болуп калат. Шайтан ушул мезгилге чейин адамды айрыкча аялды тез азгырат.

Адам Ата менен Обо Энени каарына катуу алып, жаан-жаадырып, бороон-чапкын түшүрүп, туманга калтырат. Туман өтө калың болгондуктан, экөө бирин-бири таба алышпай, көп кылымдар бою көрүшпөй калат. Арадан көп убакыт өткөн соң Адам Ата менен

Обо Эненин ый-муну Алла Таалага жетип. Көк карганы элчиликке жиберет, Ал салпактап учуп жүрүп экөөнү зорго табат да, бири-бирине жакындатып алып келет.

Обо Эне Адам Атаны көрүп качат. Адам Ата анын артынан кууп жетет. Ошентип, көп жерди басышып, Түштүк уюлга жетип келишет, Көк карга төбөдө учуп баратып. Обо Энеге “тырай-тырай. тыр-аай” - деп буйрук берет. Обо Эне муздуу карга барганда тырайып жата калат. Адам Ата жетип келип, Обо Эненин үстүн жыгылат. Обо Эне көк каргага ыраазычылык билдирип, көк жибектен сый чапан жапкан экен. Картайганда эркектин эки тизесинин, аялдын күчүгүнүн муздаганы Адам Ата Обо Энеден калган иш экен.

Адам Ата Обо Энеден тарагандар эл болуп көбөйүп, жерге батпай кетет. Тирүүлуктун кадырына жетпей, алар адам сыпатын жоготкон абалга жетет. Ошол кезге чейин беш жүз пайгамбар жашап өткөн экен. Нух беш жүз биринчи пайгамбар болот, Ал адамдардын бузулгандарын көрүп, Алла Таалага арызданат. Алла Таала ага “чон кеме жаса”-деп буйрук берет. Нух пайгамбар кемени жасап бүтүп, анын ичине жандуулардын эркек-ургаачысы менен экиден өсүмдүктөрдү тамыры менен жүктөп Алла-Таалага барат.

-Балдарын менен кемеге чык; Кырк күн бою нөшөр төгөт. Асман бети көрүнбөй, жердей булак чыгып, бет дүйнөнү суу каптайт. Курук жер калбайт. Суу алты айдан кийин тартылат-деп айтат Алла Таала. Нух пайгамбардын үч уул, үч келини, кемедеги айбанаттар аман калып, жер үстүнд кайрадан турмуш башталыптыр. Азыркы элдердин баары Нух пайгамбардын үч баласынан Хам. Сам. Яфастан таркагандар эле.

-Яфастан Арийлер, Туранийлер таркайт. Туранийлерге түрк

атанын балдары кирет. Түрктүн кийинки муундагы тукуму Огуз атактуу хан болгон. Анын бир уулу Кыргыз хан. Кыргыз хандын балдары ал жагы Алтай аймагын, бул тарабы Ала-Тоо аймагында көчүп- конуп, жашап жүрүшт. Эчен кылымдар өткөн соң Ала-Тоо аймагында жашап тургандарга Араб баскынчылары келип, ислам динин таркатышат. Ошондон баштап кыргыздар урууларга бөлүнө баштайт. Эки уруу Кызыл- уул, Отуз уул болуп турганда Араб баскынчылары ислам динин таратууга дербиштерди жөнөтүшкөн. Кызыл уулдун балдары дербиштердин үгүт-насааттары менен ислам динин кабыл алышат."Ислам дининин ичине кирип кетищти деп Кызыл уул ичкиликтер аталат. Ал эми Ислам динине толук кирбей, аны сырттан кабыл алган Отуз уул балдарын сырткылык деп аташат.

Мен көп сүйлөп койдум. Калган сурооңорго Дербиш абаңар жооп берээр деп,- маңдайында отурган өзүнөн жаш Дербишке кайрыла кетти.

Баятан бери карыянын сөзүн бузбай баш ийкеп отурган Дербиш аксакал макулдугун билгизе ордунан козголуп койду.

-Моголустан деп айтып калышат, ал кандай? Мамлекет болгонбу, же жалпы эле аталышбы? ~деп жаштардан бир суроо бере кетти.

-Моголустан хандыгынын доору тээ түпкүрдөн келет. Ал да болсо Чынгыз хандын тукумдарынан уланган эле. Ушул кез биздин бабаларыбыздын, же болбосо кыргыздардын өнүккөн доору болду. Толук Темирдин урпактарынын ичинен Жунус хан деген, эчендеген азап-тозок, күрөш менен бийликти алды. Көпчүлүктүн кеңешин угуп, жаштарды өзүнө тартты. Чындыкты моюнга алыш керек. Кыргыздардын кээ бир уруулары ислам динин кабылдаганы ушул мезгилге туш келет.

- Абаке, бир учурда ата-бабалырыбыз Арка менен Анжиандан, дегеле Оштон Теңир-Тоо, Керме-Тоодон, Могол султандарын сүрүп, акыры барып, оо кийин Жаркендин Монул ханынын урпактарын кулаткан деп айтышат, А хан-кожолор Кашкарга кандайча аралашып калышты?

-Ооба, айтканындын жөнү бар. Бийлик дегениңдин тамырынан бери булганыч болот тура. Аны билип турушуп, көбү ага жетүүгө тырмышып келишет. Ошол Жунус хандын балдары өздөрүн Султан, Сейит деп аташып, бири-бирин куугунтукка алышты. Сен кожолордун бийлигине көбүрөөк кызыгып турасың. Ага кайрыла кетейин. Могол хандын тамырын жулууга кожолор куп эле аракет

кылышты. Ыйык кожолордун базары журуп, бийлик үчүн биринен-бири кызганып жаки түзүк иш кылышпады. Чоң имамдардын уламалардын маселелеринде алардын теги Али пайгамбардын тукумунан имиш. Жараткан алардын амирин өйдө кылганы менен бийликтен нысап бербептир. Бир туугандан таркашса да, бирин-бири Кызыл кыргынга салышып, карчылдаша кармашып келишүүд. Ич ара жатка бөлүнүшөбү, Кудайым өзү кечирсин, ашыкча айтып койдумбуу бул жасаган кылык-жоруктары динсиздердин чырагына май тамызгандай эле болду. Ошол ишенген кожолорубуз кийин калмактардын кара союлуна айланышты.

Карыя өкүнө башын чайкап, пайгамбар тукумуна доо кетирген кожолорго жини келип отурду. Төр ээсинин ангемеси отургандарды уюттубу, же кожолордун таржымалынан анча-мынча кабарлары барбы, суроо үстун суроо узатышты.

-Абаке, айтымда кожолордун бабалары өздөрү калмактарды Кашкарга чакырып келишкен дешет. Ал чынбы?

-Моголстан өлкөсү дегени кандай?- деди отургандардын бириси.

-Оо илгери, биздин конушту Монголстан аташчу. Анын аймагы тээ алыска созулуп, түп жагы Көкчө денизге, батышы Ташкенге, күн журушу Паргана, Кашкар. Ак-Суугa жетип, түрк урууларынын тен ата биримдиги эле, Тенир - Тоо менен Улуу Тоону мекендеген кыргыздар Моголстан аймагынын тутумунда турду. Кийин Тогулук Темирден кийин бул улус ичинен ирип, Могул-Чагатай болуп экиге бөлүнүп кетти. Бийлик башындагы кыйындар бирине бири жоо болуп, алдуусу алсызынын башын алды, Ич ара биримдиги ыдыраган аймакты байкап турган калмактар басып кирди. Могул-түрктрдүн ханы. Жунусту. Кара-Дарыяны көздөй сүрүп, Ташкенге чейин барды. Андан көп өтпөй Шейбак хан кысымга алганда, ага туруштук бере албай Жунус хан Кашкар тарапка ооду. Канчалык куугунтук жесе да, бийликти колдон чыгарбаска аракеттенип көпчүлүк учурда кыргыздарды сүйөнүч кылды. Бая жаш кезинде ал эч жерге батпай, көрүнгөн хандын кол алдында жүрүп, акыры келип, Тенир Тоодон баш баанек тапкан эле. Саруулардын алдынан түп, саруунун беги Шеркожонун кызы Давлет бегимге үйлөнүп кыргыздарга күйө бала болуп калат. Бабалар кармаган салт боюнча Жунусту ак кийизге салып, саруулар хан көтөрөт. Дал ошол Довлет бегимден төрөлгөн кыз, кадимки Парганaнын эгедери Бабур султандын энеси болот эмеспи. Жунус хандын түн уулу Махмуд да, көкүрөк күчүгү Акмат да кыргыз арасында жүрүп чоңойду.

Чагатай хандыгы башта эле кыргыздардын көңүлүнөн көк таштай тийген эле. Айрыкча кыргыз уруулары турган Паргананын чыгыш жагын, Талас тоолорунун айланасын, Ысык-Көлдүн жээктерин Чагатай хандыгы кыйратып алардын мал-мүлкүн талоонго алып турган. Ошол кезде Ак- Сууда турган дуулат тайпасынын башчысы Төлөкбектин иниси Амырбул ажы Эсен буканын Иледе турган уулу Тогулук Темирди Ак-Сууга алдырып келип хан көтөрдү. Андан көп узабай илгерки Чагатай хандыгынын салты боюнча Тогулук Темир хандыктын ордосун Алмалык шаарына көчүрдү. Амырбул ажыга "атабек" (Баш вазир-аталык) деген мансап берип, Чагатай хандыгынын аймагында бийлигин күчөттү. Ордонун ак сөөктөрү "каранас" (аралашма тукум) дешип, өздөрүн накта моңгул уруусунан келип чыккан, "моңгулбуз"дешип Чагатай хандыгын "Моңгулстан" атай башташты. Ошол кезде дин таркаткан шайыктардын таасири менен ордо ислам динин кабыл алды.

Тогулук Темир бир нече жыл ордону башкарып, акыры өлгөндөн кийин, анын урпактары бийликке келди. Тогулук Темир хандьш кийинки балдары менен Чагатай хандыгынын балдарынын ортосунда бийлик үчүн ат салышкан талаш жүрдү. Могулстан хандыгынын ээси Увайс хан өлгөндөн соң, анын чоң уулу Жунус хан менен экинчи уулу Эсен бука хандыкты талашып бири - бирине согуш жарыялашты. Эсен бука ойроттордун жардамы менен иниси Жунус ханды Алмалык шаарынан кубалап хандыкты тартып алып, Могулстандагы аскерин баштап, Талас, Сыр өзөндөрүнүн бойлорундагы кыргыздарды чаап алды. Темир хандыгына караштуу Анжиандын тегерегиндеги аймактарга катуу чабуул кылып, ал жердеги адамдарды Моголстан ак сөөктөрүнө бөлүп берип, мал-мүлктөрүн олжолоп кетет.

Темир хандыгынын падышасы Абу Саид султан Эсен букага каршы чыгып, анын иниси Жунус ханды алып келди. Кайын атасы Ажыбек (кийинки аялынын) баштаган көп аскерди кошуп, Эсен букага каршы жөнөттү. Кыргыздар коштогон Жунус хан Ташкен шаарынын чыгыш тарабын, Паргана аймагын, Нарын, Сыр, Талас, Ысык-Кл, Алай тоолорунун айланасын агасы Эсен букадан тартып алып, өзүнчө мамлекет курат. Моңгулстан хандыгы экиге блүндү. Батыш Моңгулстан хандыгынын негизги букаралары кыргыз уруулары болуп калды.

Моңголдордун урпактары Кашкар, Жаркенди ордо кылып кылычтын күчү менен өз бийликтерин бекемдешкени менен кыргыздарды биротоло жеңе алышпады. Алардын дээрлик бардыгы

итче талашып, мансап-бийлик дешип, тууганын душман, душманын тууган кыла так үчүн биринин башын бири алышты. Алардын кесепетинен кыргыз арасы таптакыр тынбады.

Моголстандагы өз ара чатакташуу күчөгөн мезгилде сандаган (үч жүз миң) калмактардын калың колу (ойрот-монголдор) басып кирди. Жунус хан калмактарга каршы теңдешсиз кармашуудан соң жеңилип калат. Ошол-кезде кыргыздар Жунус хандын экинчи уулу Акматты башчылыкка көрсөтүшөт. Акмат хан калмактарга каршы согушта кыргыздарды баштап. "эчендеген эрдиктерди жасады. Калмактар аны. Алачи хан (өлтүргүч хан деп аташты. Ошол кезде күч алган кыргыздар калмактардан өчүн алган.

Анжиан Ош, Өзгөн шаарларын атасынан мураска калган Бабыр Акмат алачи хандын жээни эле. Ал таятасы! Жунусту тартып өнөрдү өзгөчө баалаган. Кийин езбектер менен кармашып жүрүп, Кабылга ооп, андан соң Ындыга-Могол мамлекетин курат.

XXX

Анжиан аймагындагы төбөсү көрүнгөн бийлерден ээрчиткен Бакай бий Кашкарга жол тартты. Узатууга келген жек-жаат, куда-сөөктөрдөн тандалып билармандардан башка кары-картаңдары айылда калды. Алардын арасында.

- Мен да, кошулуп барсам болмок. Атым аталбай калды деп таарынгандар.

- Жакшы гана болду, Жүр десе, эмне деген шылтоону айтат элем - деген "үй күчүк" аталып үйүн жашынгандар да көп эле. "Адам аласы ичинде" демекчи, өзүн көптүн катарында сезип, "экөө болсо биримин, жалгыз болсо өзүмүн"- деп айдаган малына, үйдөгү акылына дөгүрсүгөнү менен башка бирөөлөргө айта келсе акыл чыкпай, сурай келсе ажат ачпай "баягы караандын", бири катары жүргөндөр көп эмеспи. Ал эми айрым үйүнөн алысты көрө албаган "жакшы менен жаштамын" "аты менен уйкашмын" деп, эл коргогон элдерге, топ башкарган бийлерге, акылман, өнөрпоздорго өзүн теңеп, дымак байлагандар да «көп сандын катарында", "кой аксагы менен миң" демекчи калк караанында, көп ичинде башкалар көчсө көчүп, суудан өтсө өтүп, тиричилик өткөргөндөр "капылеттен сөз жиреп, карааны менен топ жиреп" жүрөт тура. Алардын колунан айыл тагдырын чечмек, журт намысын ойломок кайда. Кур намыс менен курсагы тойгонго каниет кылган көптүн бири.

Айылдан алыстап, жол арбыган сайын сапардагылар сапка созулуп, баш-аягы билинбейт. Ата-бабалардан калган салт боюнча

тартууга тогуздан тогузду, тогузу топтоп, кербен тарткан төөлөргө Паргана аймагындагы колдуу адамдарынын буюм-тайым жүктөлгөн. Андан соң тандамал аргымактар баш болуп, асмандагы куштан, жердеги төрт түлүккө чейинки байлык аталган мал-мүлктүн тогузунан тогуздалган түрү алынган. Баарынан да көзгө көрүнүктүүсү кара кулак кабылан эле. Ал комдолгон төө үстүндгү, тумчуланган тордо сепкилдеп, хандын кызындай ардакталып бара жатты.

Төө демекчи, ал байкуш төрт түлүк малдын ичиндеги жоошу да, моосу да, ысык-суукка чыдамдуу, баары -жокко ынсаптуу, арып-чарчабаган, жүктү кеп кетерген мал. Топуктуулугун айт. Айлап жүрсө арыбайт, жүк көтөрүп талыбайт. Сөөктөн өткөн суукту, мээ кайнаткан ысыкты тоготпой, суу ичпей жүр бергендиктен, дүйнө элдеринин баары кербен тарткан кирееге пайдаланат. Байкуш төө баарына чыдайт, Ошондой улам элде "Зор болсон да төө бол, кор болсон да, төө бол" деген ары ыраазычылык, ары наразычылык кеп айтылат экен. Мына, азыр да азуусун айга жанган, кучун тоого сынаган кара кулак шер кабыланды үстүнө артып койсо, жетелеген жакка басып, "чөк десе жатып, келе жатат. Анда-санда кемечтелген оозунан күрүлдөгөн доош чыкса, бүткөн бою дүркүрп, жытынан итиркейи келип өк-өк желип-жортуп коюп, ээсинин оюу-талабынан чыкпайт.

Заман тейинен заарканып, карышкырдай каардуу, түлкүдөй жойпу учурда жашоо опурталдуу. Күнү кайгуулда, түнү кылыч жазданып, найза кучактап жатып сак болбосо малды талап, катын-баланы олжолоп кетчү жоо сагалап турган чак. Эр жигиттердин бешенесине мүшкүл иш түшүп, баш канжыгада, кан көөкөрдө ченелип, күндүн бети кунгурт, айдын беги бозомук тарткан мезгил, Жымыңдаган жылдыздын, күлгөн элдин жүзү көрүнбөйт. Жоо тыныгып, ажал арсарсып турган шартта баш аякты-жыйып "Эртенкинин- камын жебеген, эли ыйлаган зарын жейт" деп айтылгандай» элдин камында, алдыда өтүп, көңүл алмакка бараткан топтун мойнунда, опол тоодой милдет тагылган эле.

Болбосо, алты шаар Кашкар хандыгынын түбү тээ ата-бабасынан, бери уланып, ордодо хан болуп түптөлүп, сасык саясатын, каардуу өкүмүн кан тамчылаган куралы менен коргоп, бийлигин жүргүзүп келди дегени менен каргыш тийген ордо, талашка түшүп ошол хандардын кандаштыгынан улам, бир ийиндеги чөөлөр биринин башын бири жеп, кесепети элге тийиш өлүк тоодой үйүлүп, кан суудай агып, жылдан-жылга өтүп эч бир тынбай келди, Ушул чакта да атасынан алган хандыгын балдары

талашып. ата-бала, бир туугандар жоо болуп, жырткычка айланып отурат. Муну жакшы билген бийлерди санаага батырган көйгөйдүн дагы да, чети оюла да элек эле.

Бир элден экинчи элге, айрыкча хан алдына баруу өтө опурталдуу "Жол азабы көр азабынан да", алыскы жолдо ар кыл кырсыкка кабылышы да мүмкүн. Айрыкча кооптуу мезгилде капылеттен каракчылар каптап, «кайдан чыга калат» дегеи кооптонуудан улам жолдо бараткан да эки тарапты карап элеңдеп, түнкүсүн түнөгөн жерде да, сактана тан аткыча кирпик какпай чыккан күндр да болот. "Жаман айтпай жакшы жок. Эмне балекет болорун ким -билет? Заман тейи башка, бир көзүн, экинчи көзүнө жоо чакта эч кимге кепил боло албайт. Айрыкча Кашкар хандыгында калмактар капсалан салып, кожолор коога кылып, ордонун ичинде бузукулук каптап, адам баласынын баасы бир чегим наска арзыбай турган чакта ким кимге кепил болот? Жөн жүргөндү жөлөп, жолоочуну тоноп, алсызды алдап, бечараны кулдаган шойкомдуу мезгилде, кылдан кыйкым, тукумдан кыр издеп, хан каарына алып, зынданга салдырбайт деп, ким айта алат. Жоо чапбайт, каракчы тонобойт,- хан каарына албайт" дегендерге кепилдик барбы?

Кашкар бийлигин кырсык чалып, онтоткон сорусу шишикке айланып, ириндеп баратканын баары эле билет эле. Дегинкиси келип кыргыздардын жарымы Кашкар хандыгынын алты шаарынын аймагын жердесе, жарымы Фергана аймагы, Теңир Тоо тегерегинде жашашкан. Аларды бириктирип бийлик жүргүзөм деген монгол хандары эчендеген катуу кармаш, кан төгүлгөн согуш жүргүзсө да, кыргыздар ага моюн сунбай каршы турду. Ал тургай ордого коркунуч келтирип, эчен жолу так талашкандарды баш кийим алмаштыргандай алмаштырышып, өз билемдиктердин өкүмүн жокко чыгарышты. Айласы кеткенде хан бийликти бербесе да, ордо ишин жүргүзүүдө кыргыз урууларынын бийлерин тартып, өз бейпилдигин кармап калууга аргасыз болду.

Анжиандык кыргыздардын келээрин билген Абдылда хан чон даярдык, өзгөчө салтанат менен тосту. Атайлап оюн уюштуруп, дар ойнотуп, улак тарттырып, соорун таштатты. Жоокерлерин эки сапка тизип, меймандарды аралата өткөздү, Шаарга жакындап киришкенде, замбирек аттырып, аземделген Кашкардын калын килемдерин оңор эмес жолго түштү. Мындай салтанатты такыр көрө элек шаардын эли, жарданышып, көчөлөргө батпай турду. Ушул күнү Кашкар улам-улам атылган замбиректин дүңкүлдөгөн үндрүнө тунуп, шаардын эски дубалдарыны бети түшүп-урады. Дары

жыттанып, төбөдө көк түтүнү уюп, көпкө кетпей койду. Кашкар ичи ийри-буйру көчөлөрдөгү үйлргө жыш. Тим эле, жай мезгилинде суу боюндагы сан чымчыктар уя салган жардын эле өзү. Миндеген ат туяктарынан сапырылган топурак, чанга айланып, шаардын төбөсүн бозомук булут басып турду.

Анжиандык кыргыздар Жаркендин үп болгон табын жерип, шаардын сыртындагы, шапаталуу дөбөнүн айланасына жайгашышты, Тартуу-соогалар тапшырылган сон, меймандар бир жаңсып, колдору бошоп, эс алмак болушту.

Бакал баатыр жүз башчыларды чогултуп, катуу тапшырма берди Сап-сап болуп тизилген чатырларды тегерете күзөт койдурду.

-Бөтөн эл, бөтөн жерде - бейкам жүрүүгө, жай жатууга болбойт.

Балакет кайдан чыгат. Баарына азыр бол. Кошун кечке тыныгып түнү менен уктабасын. Эгер күзөтчүлөр, турган жеринде уктап калса чаап салгыла! деп катуу буйрук берди.

Ар бир чатыр алдында от алоолоп, ары -бери басып жүргөн күзөтчүлрөдүн карааны тан аткыча тынган жок. Эрте менен хандын вазири баш болгон топ жетип келди.

- Хан меймандарды эрте мененки сыйга чакырат? Түгөлүңөр менең келгиле? деди,

Анжиандык бийлерди Абдылда хан ак сарайында кабыл алды. Хан сарай демекчи ичи тим эле мизилдейт. Таманына дубал беттерине сыйдаланган таш төшөлүп аземделинген. Атайлап согулган кыргыз килемдери жерге төшөлүп, жайлоонун гүлүндөй кулпурат.

Ордонун айланасы абдан кооздолуп, түркүн түстүү гүлдөр эгилиптир. Суу ар-ар жерде атылып, шаркырап турат. Сыртта ысыгандар, бул жерге келгенде салкындана сырт кийимдерин чечинишип жеңилденишти. Гүл бакты аралашып, чет тараптардагы тосулган тор ичин ар бөлүккө бөлүп, ар түрдүү кайберендерди камап коюшуптур. Илбесин - канаттуу куштар бир белек. Бөдөнөсү сайрап, тоту кушу сүйлөп, тим эле азан-казан. Бул жай «хандын жойойып канасы» деп аталып, аны кароого атайын адамдар бөлүнүптүр. Ар бирине азык-оокат берип тойгузганга онор эмес жем- чөп, азык -оокат керек болоору дайын эле.

Ак сарайдагы учурашууга хан мурдатан бирлөөлөрдү жиберип, маалыматтарды алдырганбы, же сурамжылап билип алганбы, меймандардын ар биринен атын атап, сурап отурду. Бийлик эгесинин чылк жибекке оролгон денеси, назик корунуп, эч кандай

жоокердик белги билинбейт эле.

Таанышуу Бакал баатырга келгенде ал атайлап табырка кыла тиктеп, улам улам суроо узатты.

-Чындап эле кабыланды өз колун менен кармадыңбы?

-Көптөп, тосмолоп кармагыдай ал мал эмес, өкүмдарым өлтүрүп коет деп корккон жоксуңбу?

-Азирети, таксыр? Алла Таала пендесине бир эле жолу өмүр берген. Ал өрттөнбү, сууданбы, тоодонбу насибине жараша күн көрөт экен. Коркуш, эсиме да келбептир.

-Кызык. Мен жолборс чаалтыр дегенин уккамын. Бирок, кармашканын силерден уктум. Кабылан колго үйрөтүлгөн беле?

Өкүмдар, бизде жырткычтарды, кайберендерди колго кармабайбыз. Талаада, ээн-экин жүрүшт.

-Алардын тамактанышы кандай болот?

-Кабыланга сан кайберен жолукса да, бирөөсүн жейт, Ал ынсаптуу, таза жаныбар.

-Менин жолборсторум, эмне тамакты жакшы көрөрүн билбейт экемин.

Хандын айткандары да ырас эле. Көбүн эсе жолборсторду кароого атайын бекитилген кызматкерлер бар. Алар күн сайын карап, тамак берет. Кээде, өтө эле жазасы оор кылмышкер аталган адамдар, жолборско тирүүлөй жем болушчу. Хан жакшы билээр эле. Аны Бакалга айткысы келген жок.

Кербендин кырсыкка кабылышында силер тараптан күнөөнүн жоктугун мага айтышты. Бирок, кайсыл мамлекет, андагы кандай гана милдет болбосун кербендерген кам көрүү, аларга жардам берүү вазийпасын аткарууга карыздар. Себеп, кербен дүйнө кыдырып, кудайдын-пенделерин бири-бири менен байланыштырып турат. Мындан кийин да кербендин коопсуздугуна да ар дайым астейдил кам көрүшүңөр керек. Биздин кербенчилер Терек дабанынын этегине, Бак-Арча деген жерлерге "кербенкана, бекет куруу керек" дешти.

Экинчи маселе мусулман мамлекетибизге каапырлар: чиндер менен калмактар коркунуч келтирүүдө. Аларга каршы туруу чараларын көбөйткүлө дедик, Мусулманчылыкта каапырлар менен жүз тиктешүү да күнөө экендиги белгилүү. Аларга каршы турууга, өзүңөрдөн бери карай өткөрбөсө аскер топтойсунар. Газаватта баарыбыздын жолубуз бир. Эгер буга макул болбосонор, чиндер менен калмактардын колун силер тарапка өткөрүп жиберем. Анда, эмне болорунарды өзүңөр ойлогула! Дагы бир маселе, ордого

алым-салык төлөйсүңөр. Буга да макул болбосоңор, “ак үйлүүгө” бий, бек, баатырлардан, элге таанымал адамдардан жөнтөсүңөр.

-Өкүмдар, кербен кананы-бекетти курууга болот. Бирок, аскер топтоп, алым төлөө, «ак үйлүү” маселесин Анжиан эли менен кеңешпей туруп, макулдук берүү, алабармандык болоор?-дешти Бекей баш болгон бийлер.

Хан саамга ойлоно кетти Ырас, булар макулдук бербесе эмне кыла алат? Баягы мезгил болгондо, бир жөн. Анда каруу-күчү тийиштүү эле. Айтканы айткандай аткарылчу. Эми кыйын, ордо ичинен жик чыгып, хандын бир туугандарын, балдарын бетке туткан жетти ириткен бузуктар, улам күч алып барат. Акырын колтукка суу бүркүп, бийликти оодарууну көздөгөндөр ар тараптан аракет кылышууда. Муну так эгеси жакшы билет. Андыктан кыргыздарды колдон чыгарбоо керек Кыргыздар канткен менен бийликке таза, бүлгүнч ишке барышпайт. Эки жүздүүлүк  кылбайт. Көбүн эсе адилеттик үчүн күч үрүшөт. Ордодогу биларман кыргыздар булар менен байланыш. Эмне иш кылышса да масилаттары бир. Анжиан кыргыздарын колго алууда, ойлонуп иш тутпаса, кийинкилиги кандай болот? Аны эч ким билбейт. Катураак талап коюп, буларды оюмдон алыстатып ачбайын деген ойдо, так ээси сөздү башка жакка бура кетти. Аны кызыктырган, ары тан каптырган жырткычтардын падышасы- кабылан менен кармашкан баатыр эле.

-Сенин кабылан менен кармашкан даназаңды уктук. Баатырдыгыңды бизге көрсөт, Кашкар эли да,  атыңы аңыз кыла жүрсүн? - деп хан Бакалды сынай карады.

Баатыр хандын ичи уйгу-туйгу болуп, ою бөлүндү экенин туйду. Шылтоо таап, келген меймандарды кечирим суратуута аргасыз кылаар айла издээрин түшүнүп, ар бир кыймылына дит кое угуп сергек отурган.

-Өкүмдар, макул. Сиздин талапты аткаралы. Биздин ойлогон максат, суроо-сопкутубузду да,  эсинизге аларыңызга биз ишенели.

-Ага келишебиз баатыр. Мен үч талап коем. Аны аткара алсан, сенин соболдоруңду чечелик-деп ичинен ойлоно кетти. Кыргыз мүнөзү эзелтеден эле ушундайбы. Ордо тартибин ойлоруна алып да коюшпайт. Хан менен тең ата сүйлшүп. ар бир сөздү, жөн жетиришпейт. Бакал баатыры да кайра тартпастардын бири экен, Эч жалтайпаганы билинбейт. «Ордого кал?» десем, калаар беле? Теңир-Тоолуктар илгертен эле "жапайы арстандар” аталышы бекеринен эмес го? Ата - бабалары тээ илгертен бери эле, мына ушул кыргыздардын ата - бубаларын бетке тутуп, душмандар менен

кармашып жүрүп, бийлигин сактап келбеди беле? Булардын көңүлүн алып имерип туруу керек! -Коркутуп. зордуктап баш ийдире албайсын"' - деген. Абдурашит хан чон атасынын насааты эсине түшө калды.

Өкүмдарлик эчен жылдар өзүнүн урпактарынан башкага ыйгарылбады. Анткени менен бийлик талашка түшүп, хан деген атак алыш үчүн бир туугандар: агасы инисин, иниси агасын, ал тургай ата баласын, бала атасын аяшкан жок. Так талашка түшүп, биринин башын бири алышты. Кызганычтан, улуу монгол каганаты тыркырады. Анын кесепетинен кан суудай акты. Адам башы оюнчукка айланып “калда мунара эчен жолу” тургузулду.

Көп жайда адам денелери көмүлбөй калды. Аны хандын урпактары ойлоп да коюшпады, өздөрүн бийлик үчүн гана төрөлгөндөй сезип келишти.

Моңголдордун жер бетин таптаган кандуу изи Кашкарга да жетип, эчен кылымдар ичи доор сүрүп, атадан балага мурас калып турду. Чынгыз хандын, уулдарынан тараган-бир туугандар өзүнчө болуп, башка элдерди өздөрүнө сиңирип, жергиликтүү элдин эрежесин, туткан динин, кабыл алуудан баш тартышкан жок.

Мусулман дининдеги Абдылда хан чейрек кылымга жылга жакын Жаркент, Кашкар хандыгын башкарып келсе да, өлкөдөгү саясатты кыргыздар жүргүздү, Кутумдардын сөзүнө кирип, “кыргыздарды бийликке жакындатпайм” деген ойлору эчен курдай ишке ашпады. Бийликтин күчү, куралдын пеши менен аларды чөгөлтүп алып, аларсыз эле ордону күчөтөм деди. Ага женден-жен кыргыздар баш ийбеди. Бир нече жолу Ак-Чин, Ак-Суу, Турпан кыргыздары козголуп, ошол аймактагы хан өкүлдрүн айдап чыгышты. Аларды жазаламакка бир нече курдай көптөгөн черүүлөрдү өзү баштап барып, мал-мүлкүн талоонго алдырды. Колго түшкөндөрдү кул кылып жумшап жаштарын ордо жакшыларына бөлүп да берди. Көбүн кырды, куугунга алды. Бирок, тоо-ташка качкан аз кол, кайрадан сүрүлүп келип, хандын колун канча бир жолу камоого алды. Кайрадан, хан эчендеген черүүлөрүн курал менен жөнөттү, Теңдешсиз кармаш эчен жылдарга созулду. Алар менен алек болуп турганда кожолор элди бөлүп-жарышып, ордого андан бетер тынчтык беришпеди.

Хан айласыз ордого кайрадан кыргыздарды тартып, баш өткөргөндөргө чин, бийлик берип эптеп ордону сактап калуу амалын ала жүрдү. Кыргыздар так үчүн оной жоо эмес эле. Каалаган күнү чогулуп келип чаап, талкалап кете беришчү. Таланган- олжолонгон

мүлк кетип, таланган калаа кала берчү. Аларды тынчытыш үчүн бирине-бирин күш-күштөп, отуз уул менен ичкиликтер ортосун коопатты. Ошонун кесепетинен бир эл, эки топко бөлүнүп, ырктары кетти. Бирок, кыргыздардан да, кожолордун козголону күч эле. Алар бийликке жетүүнүн аракетинде атайлап, калмактарды баштап келишти. Бир чети ордону сактап калууга, экинчиси кожолорду колдогон калмактарды сүрүп чыгарууга Анжиандык кыргыздарды тартууну ойлогонун өзүнө башкалар биле элек эле.

Хандын талабы менен Бакал баатыр тоодон жолборс тутуп келүүгө аттанды. Жергиликтүү элден, бийлик ээлеринен алыскы жагдайды, тоо шартын сураштырып жүрүп, «Жолборстуу» жылгасына барууга камынды. Алдын из чалып, жолборс кай жерге келип, кай жерге түнөөрүн билмекке, алыскы жайдагы адырлуу тоолорду, чытырман токойлорду аралап жүрдү, Ээрчиткен жигиттери куралчан. Ар биринин колунда соройгон найзалары бар. "Жолборстуу" аталган ортодогу чон жылгага жете келишип, акылдашкандан сон, топ-топко бири-экиндеп блүн жөнөштү. Алар барган жайдагы камыш аралашкан чытырман токой, ным жыттанган, адам изи чанда баскан жай эле. Көпкө издеп жүрүп Бакал саздын жумшак ылайына баткан изди көрдү. Адаттагыдай эле шериктерин чакыра өрдгүнүн эркегиндей болуп үн чыгара белги берди. Аны уктук деген белги угулуп, шериктеринен баары кайра чогулушту.

-Туугандар, көктөн издегенибиз жерден табылды. Мен из кууп барып, жаткан жайьн байкайын. Силер кыл аркандарды чогулткула.

-Бөтөн жердин ой-чуңкуру көп. Бөлүнбөй чогуу баралы! -деди Апике.

-Жок. Жалгыздап жүрөлү, Кобурубузду укканда, ал жаткан жайынан чыкпай да коюшу мүмкүн.

-Аның ырас. Биз сенен көз айрыбай жүрөлү. Камыштуу колотто, алар эки үчтөн жүрөт эмеспи. Бөлүнбөйлү деди. Абак балбан, Мейли колоттобой, кыр жон менен өйдөлөгүлө деп Бакал жапырылган камышты аралай жөнөдү.

Карагай бутактуу калын-чер менен акырын дабыш чыгарбай, басып баратты. Анда-санда куу бутак тебелендиде качып, "карс" этип сынганы угула калат. Бир топ жайга жеткенде майда камыштар уйпаланып калганын байкады. Андан ары жыла басып, чөп-чардын үстүнөн сүйрөлүп жапырылган изди көрдү.

-Аа болду- болбоду жакын жайда экенсин -деди ичинен.

-Кр-ряк, кр-ряк, кр, ряк деген эркек өрдөк кыйкырды. Аны улай, эки тараптан добуштар ун алышты. Бул "Жакын келгиле" деген

белги эле.

Баатыр аяр басып, алдыга жыла берди. Капилеттен сагызган шакылыктап, чымчык чочуп учкан тарапты үңүлө пайлай жатып, аркан бою жерде деңкейуп жаткан айбандын караанын байкады. Жапырылган көк чөптү дааналай, дит коюп караса да, кандай айбандын денеси экени билинбейт. Көкүрөк туштагы өнүрү сөгүлүп, кызарган дененин өпкө жүрөгү, суурулуп алынгандай. Жырткыч кайберенди жаңы эле алып, жалгыз жеп, тойгондон соң, чыга берген окшойт. Сагызган, кузгундар көбөйө элек экен.

Тойгон жырткыч алыс кетпейт. Ушул ортодо эле, болсо керек. Бир болсо, карды тоюп, бейкам уйкуга кеткен. Эгер, жолборс анык болсо, ал эч нерсени тоготпой уктайт. Жакындап жылып, бара берсе болчуудай. Улам энкейип боюн жашыра акырын жыла басты. Аны керген сагызган тынбай шакылыктай баштады.

-Тумшугун сынсын. Ууру!-деди сагызганга жини келе.

Сагызган менен кузгун өлүмтүккө жакын. Кайдан болбосун жетип келишет. Айрыкча сагызган шектүү, бир нерсе карс шакылыктап безилдей берет. Аны байкаган анчылар сагызганды чочутуп, учуруп, анан кайберен, илбесин атууга аракеттенет. Болбосо, сагызган кайберендерге шек берип коңт. Жапайы айбандардан түлкү куу. Канаттуудан сагызган сак. Экөө тең оңойлук менен колго түшпөй. Аны жакшы билген баатыр, абайлап кз салып жатып, дүпүйгн кара комок долоно, шилбинин үстүнд сагызган учуп конуп, шакылдаганын байкады, Шамдагайлык менен алыстан көргөн. кайберендин денесине жакын келди. Көрсө ал элик экен. Ичеге карыны антарылып жерде жатат. Жалаң сулп этин сугунуп, сөөктөрүн калтырыптыр. Аябай тойгон окшойт. Көкүрөк мойну, башы бүтүн болгонуна караганда жалгыз өзү жегендей. Аны, али чөө бөрүлөр да байкай электигине караганда, жырткыч түнөгү бул жерде эместей. Ал чабыттап келе жатып, эликке туш келип, билгизбей басып калгандай. Эликтин жаны, кандуу этин жеп, көңүлү тынгандан улам, көлөкөдө катуу уктаган. Жырткыч-кайберендердин сырын жакшы билген баатыр., чогулуп келген шериктерине шыбырай эскертти.

-Баарың, женил кийингиле. Тиги чарды кездей жылып барып, орой басып келгиле. Шек билинбесин. Эгер, бизди туюп калса, кур жалак калабыз.

-Баатыр сиз кай тарабынан барасың? - деди Алике.

-Мен, тике маңдайдан чыгам. Силер аны ойготуп, черден бир аз чыгарып берсенер эле болду. Өзүм калганын бүтүрөм деди,

Шериктеринин анча-мынчасынын ооздоруна кеп кирбей,

жаактары шакылдап, өздөрүн жогото титирей башташты.

-Баатыр ушул кейпиниз менен кармашасызбы? - деп суроо салды шериктеринин бирөөсү.

Баатырдын билектери көрүнүп, жука жеңдүү кыска көйнөкчөн эле. Башын келе жатканда куру менен танып алган болчу.

-Соот киймек белем. Боло берет.

-Кокустан, ал эки колу менен чапчып, азуусу менен чайнап коюшу да мүмкүн. Этият боло көрүң, баатыр? деди Тойчу.

-Кой баатыр, сактыкка кордук жок деген. Эмнеси болсо да, бой-башты калыңдай көрүңүз? деди Моно.

-Мен силерди аркан алгыла деп эскерткем. Кана, мага жардам берем дегенин келип, аркан оронгула деди Бакал.

Озү узун кыл арканды сол колунун билегинен баштап заматта ийнисына чейин орой салды. Экинчи аркан он колуна чырмалды. Денеси бетинен ылдый белине чейин кыл аркан менен тыгыз оролду. Ага шерик болуп барчу Адак менен Белекке кыл аркан оропуп, курч бычак берилди.

-Эми, силер орой басып келгиле. Улам жакындаган сайын чоң таштарды чарга ыргытып, уйкусун бузуп, чардан чыгууга аргасыз кылгыла. Мен билинбей барып, мандайына жетүүг аракеттенейин-деди баатыр.

Шериктери болжошкон жайга заматта жетишип, чардыы орой улам жакындап келишти. Бир-экөө анделектей болгон таштарды, баягы түңкүйгөн чарды кздй ыргытты. Капилеттен жолборстун “кур-р" эткен ачыпуу үнү угула калды. Жакын барган Бакал жумшак үн менен

-Ассалоом алейкум баатыр. Барсыңбы? деди үнүн бийик чыгарып, Адам үнүн уккан шер дагы “кур-р” этти. Мунусу алик алгандай туюлду.

-Учурашканы келдик. Кабыл ал бизди?

Жырткычтын добушу, дагы катуурак угулду.

Кур-р, кур-к. Кана, чыга кел? Ачууланба?

-Чардын ичине. улам эки жактан топ-топ эте таштар түштү, Кээ бир таш барып, ташка тийсе, кээ бири бутакка тийип, шатыр этип чочутуп жатты. Бейкам жатканда, тынчын алгандарга ачууланган шердин үнү

“Кур-р, кур-р” даана угулду.

-Шер. тынчыңды алып койдукпу? Ачууланба? Кана крүшлү? Же беттешелиби? Кел, келегой?

Топ-топ этип, түшкн таштардын үнү да кбйдү. Баятан бери, башын ктрүп жаткан шер, ордунан туруп, буту-колун жаза чиренип,

оозун чооң ачып, басуудан зеригип, сыртты тыншай туруп калды.

-Шер, уйкуң кана элек беле? Чыгасынбы? Күтүп калдык, бол эми? Чыксан караанынды көрөлү?

Чардын үстүнөн ыргытылган таш келип жырткычтын жонуна тийген окшойт.

"Кур-р" эте, ачуу менен күрүлөп чыга берди.

Улам-улам адамдардын кыйкырыгы тоону жаныртты. Ачууланган жырткыч, азууларын арсайтып, чубалган куйругун булгалай, алдыга жүткүндү. Баятан бери тынчын алып, ачуусуна тийген немени, чап серпип, ыргытмакка даярданып, бүгүлө калып, секиреринде баатыр шамдагайлык менен шап, кекиртектен алды. Күү менен секирген жырткыч, солк этпеген адам күчүн кабылып, кекиртеги катуу колго урунуп, кычкачтай болгон манжалардан кысылып баратты. Эки алптын карааны тирешип калды. Жырткыч, аны курч тырмагына илештирсе, чапчымак болду. Алдынкы эки колу менен удаа-удаа чапчыды. Тыкыс, чың оролгон кыл арканга курч тырмактары илине калып жатты. Баатыр аны өз денесинен алыс кармап, таканчыктаган арткы эки бутун тогонек чалып, жамбашка салууга аракет кылса, жырткыч ага моюн бербей, улам, чапчылап бошонууга туйлап жатты, Ансайын, кычкачтай бекем кармаган манжалардан улам кекиртеги кысылып, деми чыкпай баратты.

Эки сырттандын айкашы көпкө созулбады. Адике менен Мөнө жетип барышып, тиреше таканчыктап турган жолборстун эки аркаңкы бутун экөө тең кармап, шарт тарта кетишти. Жырткыч деми чыкпай, тумчуккан үнү менен «Кур-р» эте шалак жыгылды. Баатыр анын үстүнө түшө, кекиртегин кое берип, эки кулакты бурай кармап, шап минип башын ныгыра басты. Кыры менен түшкөн жырткыч оонай калып, улам төрт буттай чапчып, бошонуунун аракетинде ачуулана күрүлдөдү. Адике менен Мөнө шап-шап баатырдын аркасына учкаша жабышышты. Баятан бери мөңкүп, туруунун аракетиндеги шер, кыймылдоого кубаты аракети келбей, сулк жатып калды. Азууларын арсайтып, оозун чон ача, күрүлдөп жаткан жырткычка, заматта жетип келген Абак куу кайынды кемееч сала, кайышты орой байлады.

Аңдып турган жигиттер жырткычтын колу-бутун чытырата таңып, чие байлаганга үлгүрүштү, өпкөсү өпкөсүнө батпай, демиккен Бакал колун кабыландын эки кулагынан бошото, тура келди. Жырткычтын курч тырмактары тийген карысы, көкүрөгү канга боелуп, салаадай тилингени айкын көрүнүп турду. Катуу, чытырата, тыкыс оролгон кыл аркан этине батып, кан жүрбөгөн колдору көгөрө

түшүптүр. Кабыландын тырмагы бетине да тийгенби түшүп, кан катып калганын шериктери байкашты. Айры бутту адамдын сырттаны менен төрт бутту жырткычтын сырттаны бири-биринен айбыкпай, кол салышышы чанда гана кезигери белгилүү.

Бүгүнкү кармашты көргөндөрдүн бардыгы экөөнө там беришти. Эгер Бакал чыныгы эр жүрөк болбосо келмек эмес. Ал эми жолборс да анык сырттан, таш жүрөк болбосо, адамдардын жыты келип, караандары көрүнөөрү менен качып кетмек. Экөө тең коркунучтуу эстен чыгарыша, өлүм менен тең тайлаша кармашышты. Экөөнүн бүгүнкү айкашы чыныгы эрдик эле. Бакал баш болгон топ, токойдон кайың кыйышып, атка сүйрөтө жырткычтын зор денесин ага жүктөп, Кашкарга кирип келишти.

Күрүлдгөн жырткычты кемечтеп, алып келе жаткан топту көргөндөр таныркамак тургай, жабыла качып жатышты. Кашкардын кыйма-чийме эл батпаган көчөсүнөн алар өтүп бараткында бош калып, караандары бир топ узагандан соң артынан моюндарын созо, таңыркай тиктегендер көбөйүп, көргөн окуяны талашып жатышты.

-Оо, жырткыч тирүү экен.

-Кантип, кармап алышты?

-Ким кармаса да таш жүрк экен.

-Жырткычтын сүрүнөн эч ким жакын бара алгыдай эмес.

-Эмнеге, оозуна жыгач салып, байлап койгон?

-Кадимки эле жомоктогудай.

-Уктап жатканда кармашса керек?

-Пай-пай, сүрү башкача экен.

-Муну эмне кылышат?

-Ханга тартуута алып барышат го сыягы?

-Хан аны эмне кылат?

Ошону да билбейсинби? Ордого баш ийбегендерди тирүүлй салып берет имиш.

-О кудай сактай көр! Чьнбы?

-Эл ошентип айтышат,

-Бул эмне деген жаныбар?

-Жолборс дешти.

-Жо-ок кабылан деп айтышты

-Кимдер тутуптур?

-Кийимдерине караганда, кыргыздар го.

"Мындайды мен, өмүрүмдө көргөн эмесмин.

-Ооба. Мындай иш кыргыздардын гана колунан келет.

-Жырткыч, кокустан бошонсо, эч кимди аябаса керек?

-Жок, бошобой калсын.

Карт Кашкардын тарыхында мындай окуя такыр болбогондугун көпчүлүк кеп кылып, уу-дуу болуп жатышты. Өмүрүндө, мынчалык көп айры буттарды көрбөгөн, жыланач жарчаларга окшогон үйлөрдү аралай өткөн жолдорду баспаган жырткыч, чаң аралаш коңурсуп жыттардан айласыз дем ала, чийне үстүндө оозу кемечтелип, буту-колу чытырата таңылган денесин силкилдете түп баратты. Хан баш болгон ордодогулар Анжиандык кыргыздардын тапшырманы аткара коюшуна күмөнсүп турушкан.

-Шаарды аралап, келе жатат-деген кабарды уккан хан, сейил багынын ортосундагы аянтка бир нече жолу чыгууга аракеттенди. Бирок, падышалык менменсинүү, бой көтөрүүчүлүк, теңсинбөө аны кармап турду.

Кармаса, кармагандыр-деген кыялы, бирөөлөрдүн жасаган ишине, ордого алып келген тартууларына, көп деле маани бербей, аны бергендердин милдети катары санаган бийлик эгесине сырттан келген кыргыздардын- жолборсту куралы жок тирүүлөй кармап келе жатышы, өтө эле кызыктай көрүндү. Абайлай келип, бөлмөсүнүн терезесинен мойнун созуп караса, сейил бактын ичине келип токтошуптур. Ордодогулар түрүлө чыгышып аларды таңыркашып улам топтошуп жатышты. Сырттан эшик ачыла, сыпайы гана

-Келишти-деген үн менен кызматкер таазим эте туруп калды.

Хан баягы жасалма сыпайыгерчилигин көрсөтө, башын ийкей-ийкемексен болду, күмдарынын кирпик ирмеминен сезген эшик ага ийиле кетенчиктеди. Хан шашпай, өзүн-өзү маалката, ары-бери басып, акырын босогого бут койду. Ордо ээсинин келишин күткөн топ, чуулдаша салам беришти.

-Ассалоом алейкум, таксыр.

-Амансызбы күмдар?

Хан баш ийкей келип. ортодо танылып жаткан кабыланга кез салды да, тургандарды кыдырата тиктеди, өңү-башы, кыялы, ал тургай кийген кийимдери менен езгечеленген кызыл ырандуу ак калпакчан кыргыздар, жылуу жуздвру менен сыймыктанган сезимде жайдары турушуптур. Ортодо, бетине жолборстун тырмагы тийген Бакал баатыр өзгөчөлөнө корунду.

-Өкүмдар! Алдагы сизге, соого-деди Бакал баатыр.

Бул эмне?

Хан билип турса да, билмексен суроо берди.

-Мышыктын баласы -деди баатыр какшыктай.

-Мышыктын баласы? -деп кайталай, хан уурутун кыймылдата жылмайган болду Аны коштогондор дуу күлүштү.

-Баатырдын соогасы жерде калбайт-деп башын ийкей, сарайды көздөй басты.

Өз милдетин өтөгөн топ. Бакал баатырды ээрчий жаткан жолборско кылчактай тиктешип чыга жөнөштү.

Эртеси хан меймандарды ак сарайга кайрадан чакыртып, кабыл алды. Ар бирине Кашкардын ала чепкенин жаптырды.

Ортодогу дүйүм тамак толгон дастаркон жыйылган соң меймандар-ды кыдырата тиктеп кайрыла кетти.

-Баатыр, эрдигине ынандык. Башкалар чаап алчу экен. Сен алышып, тирүүлөй кармап келдиң. Биз күбө болдук. Соогаңа соога Кашкардын бир чүрөгүн колуна кондура кет.

Бакал башын ийкеди.

-Биздин абалды, туура баамдап, бактыңар окшойт. Тегерегибиздеги коркунуч чиндер менен калмактар болуп турганын силерден жашырбайбыз. Биз менен тез-тез кабарлашып тургула. Башка өлкөгө туучу кербендердин коопсуздугу сиздердин колунуздарда. Аймагыңарда соодагерлерди талап-тоноо болбостугуна ишенели. Эң негизгиси, каапырлардын биздин жерге басып киришине жол бербеске бирге туралы? Ордодон сиздерге белек болсун. Тогуз төөнү жүгү менен алып кеткиле-деп ыраазычылыгын билдирди.

Ортодогу молдо алаканын жая берип, так эгесине арнап, бир нече узак сөздөрдү айтып, жузун сылаганда аны коштоп отургандар кабыла бата кылышты.

Анжиандык кыргыздардын сапары аяктап; эртеси тан агарганда туулуп - скн жерлерине кездй жол тартышты.

XXX

Кыргыз баласы төрөлгөндөн баштап, ат үстүндө торолот. Көчмөн калк жаз башталгандан тартып, кеч күзгө чейин журт которуп, жайлоолоп көчүп жүрөт. Бешигинде бөлөнгөн наристени өңөргөн эне, эчен ашуу белестерден ашып, тар, кыя жолдорду басып, жаңы журтка жетет. Үй тигип, саан саап, тиригилигин кылган учурда үй ээси наристесин кучагына алып, ат үстүндө мал карайт. Кийин бөбөк талпынып калган кезде, же тай тай болуп, басууга кадам шилтеген чакта, ат үстүндөгү ээрге отургузуп, эркелеткен атага көнгөн бөбөк, атты көрсө талпынып, ыйлап жатса сороонот. Тестиер болгон учурда өзү атты башкарып:

-Тигини айда. Ары тос. Бери имерип кел-деген атанын буйругу менен ээрден башы чыга элек кезден баштап, тиригиликке, элгенчи. Баланы элпек, болууга үйрөткөн ата, мергенчиликке барарда, же татаал жайда отун-суу камдаарда да жанына ала жүрөт. Эрте менен бээ желеге келээр кезде, же саан учурунда, эми гана басканга кадам таштаган баласын ала барып, күлүк тайга мингизип ары-бери жетелейт. Ат үстүндө торолгон бала төрт-бешке чыкпай жатып, өз алдынча тай минип, өзү теңдүүлөр менен тай жарыштырып, мөрөй алууга аракеттенет. Анан торолуп, тай жарыш, кунан чабышка катышып, улак тартышка эңишке чыгат. Илгертеден ата-бабанын карманып келген оюн-зоок адат, расмилерин аткарууга көнүгөт. Атчан баратып тыйын эңмей, жаа тартмай мелдештирине катышып, чабандес болуп, чыга келет. Жөө жүргөндө алыш-күрөш, жөө жарыш, бука тартыш оюндарына катышып, күчүн сынашат. Ар бир оюнда мелдеш коюшуп, байгени алууга жан үрөшүп, жаштайынан жеңиштин ырахатын, жеңүлүүнүн ызасын тартып, бала кезинен намысы ойгонот. Ар бир оюндун эрежесин так үйрөнүп алышып, кармашканын жеңүүнүн ички сырын өздөштүрүп, тасыгып келет. Айылда өткөрүлгөн той-тамашаларга чоң кичинелер толук катыштырылып, ат оюнунда алдын тай жарыш, кунан чабыш болсо, андан соң аламан байгеге катышчуу аттар сыналып, кое берилет. Алдын келген күлүктөр баш байгелерге ээ болушуп, коро толо кой, үйүр-үйүр жылкы, кымбат баалуу буюмдарга ээ болушса, эңиш, күрөш, жөө жарыш, тыйын эңмей, жаа тартыш оюндарында балбандар сыналып, намыс алгандар даңазаланат.

Көпчүлүк арасында ар кыл окуялар айтылып, ырчы, жомокчу, күү черткен комузчу, кыякчылардын өнөрү бааланат. Көптүн көөнүн өзүнө бурган кээ бир сындуу күлүктөр, алгыр тайган алп куштар, өзүнө өнөр ээлери, уста, ууз чеберлер, саяпкер менен мүнүшкөрлөр, чабандес, балбандар мактоого алынып, аларды ак таңдай акындар ырга кошуп, уккандардын кулагын кандырат. Алардын баркы көтөрүлүп, ата-эне наркы, элдик каада-салты, мейман күтүп, узаткан, ызаты таасирин тийгизбей койбой. Төрөлгөндөн, эр жетип, чейин турмуш-тиричиликке бышыгып, ысык-суукту көрүп, ачуу-таттууну, намыс ариетти сезип, тасыгат.

Адамзаты эр жеткенден тартып, жашоонун камын көрөт. Өзүнө зарылдыктарды табууга аракеттенет. Эмгеги менен табылган мээнети өзүнө кымбат. Аны бирөөлөрдүн тартып алышына жол бербейт. Күрөшөт. Ал эми кимдир бирөөлөр өзүнө зарылдыкты башкалардан тартып алууга аракеттенет. Ал бербесе күч колдонуп,

зордук-зомбулук менен алууну көздөйт. Зордука каршылык күрөшкө айланат. Күрөштүн ийгилиги күч менен куралга байланышкан. Курал-ал согуш кан төгүү, адам өмүрүн кыйуу.

Дүйнөдө эң бир күчтүү, акыл делет. Акылды адамзаты жаратат. Акылга тең келээрлик эч нерсе жок. Акыл байлыкты жаратат. Байлык бар жерде ач көздүк, сараңдык менен менменсинүү жашайт. Ач көздүк байлыкты пайдаланып, акыл баш болгон бардык нерселерди бир өзүнө гана алгысы келет. Ошонун кесепетинен, адамзатына жаралгандан тартып, байлык-дүнүйө талаш.

Ойрот-моңголдор да Ала-Тоо аймагынын байлыгына кызыгышты. Жерди ээлеп, мал-мүлкүн талап, элин кул кылып пайдаланабыз дешти. Эрктүү эл баскынчыларга баш ийишпеди. Элди жерди, эркиндикти коргоодон, адам өмүрүн жалмаган согуш келип чыкты. Ал кылымдан-кылымга уланып келет. Согушчан Чыңгызхандын керээзинен улам, ал ээлеген аймак бир нече бөлүккө бөлүнүп, балдарына мурасталды. Моголстан аймагы Чагатайга тиешелүү болсо да, ал өлгөндөн кийин бир нече бөлүккө бөлүнүп майдаланды. Дале болсо аларды «атын уруктагылар» бийлеп, башкаларга беришпеди. Канткени менен ал уруктун урпактары да ач көздүк менен эл-жер, бийлик, байлык талашып, бири-бирин өлтүрүүдөн тажашпады. Үстөмдүктү колго алыш үчүн жортуулга аттанышып, бөтөндөрдү басып алууну көздөштү. Алардын кесепетинен эл кырылды, жер томсорду. Согуштан эл тозду, тынчтык, ынтымак, береке качты. Жылдар өтө берди.

Акырында Моголстан деген аймакта жергиликтүү эл кыргыздар, казактар, тажиктер, уйгурлар жана баскынчы аталган ойрот-моңголдор жашап калышты. Бир аймакта бирде чабышып, бирде табышып, кээде куда-сөөк боло катташып, аш-той, маарекелерди бирге өткөрүшчү болушту. Бирок, илгертен калган кетпес кек, өнбөс өч жашап, ишеничке жол берилбеди. Өктөмдүк талашка түшүп, баарынын кызыкчылыгы ошол тарапка оогон кез.

Кайсыл эл болбосун кастарлаган каадасын, санжыргалуу салтын карманат эмеспи. Негизинен мусулман элдеринин каада-салты бирдей. Ал эми ойрот, моңгол элдеринде жеңүүчүлөргө ыйгарылуучу байге, мөрөйлөрү окшош. Бир аймакта жашашкан соң, жоо жоолашуу, доо доолашуу да унутулуп, оюн-зоокттордо күч сынашууга, намыс талашуу ат таптаган саяпкерлерге, жаа тарткан мергендерге, ат үстүндө ойногон чабандестерге эңиш-күрөштөгү мелдештерге байге, сооруңдар ыйгарылчу. Айрыкча эр сайыш оюну опурталдуу болуп, аягы чырга айланып кетчү. Бирок, ал да

унутулуп, кийинки тойдун болушун көбү күтөөр эле.

XXX

Кашкар аймагында чоң аш берилерин билдирген кабар келди. Ош-Анжиан аймагындагы бийлер, аба аксакадар кантип барарын, кайсыл оюндарга кимдер катышарын, байгеге кошчу аргымактарды, улак тартыш, эр эңиш, эр алыш, күрөш, мергенчилерди чабандестерди деги эле оюнга маш, чыгаандарды алып барууну кеңешишти. Эл болгондон соң, эл арасында ар кыл өнөр ээлери болот эмеспи. Эң негизгиси мөрөйдө жеңип, намыс алыш. «Уят өлүмдөн катуу» деп, намысты колдон тарттырып жиберүү уруунун гана эмес, элдин рухун түшүрөрү,дос-душмандын алдында тебелендиде калганга барабар болорун белгилешип, эл ичиндеги чыгаандарын тандап,барууну белгилешти. Кыргыз кайсыл учурда кай жерде болбосун мөрөйдү башкаларга бербегендигин бардыгы эске алышты. Мыкты даярдыктарды көрүүнү, уруу башчыларына дайындашты. Бөкөй бий байгеге тапталган аргымагын кошоорун билдирди.

Алыскы жолду басып, белгиленген күндөн кечикпей барып, ар оюндун түрлөрүнө карай каттатуу керек. Бөлүнгөн жайларга үйлөрдү тиктирип, улоолордун жем-кашегине, баргандардын азык-оокатын камдоого адамдар бөлүндү. Жолум үйлөр даярдалып, непаада дешип, жоокерлердин саны алынды. Күткөн убакыт келип, камдангандар жолго аттанышты. Алардын артынан азык-оокат, жем-кашек, жолум үйлөр, чатырлар жүктөлгөн кербен кошо чыкты.

XXX

Парганалыктар келген күндүн эртеси оюн-зоок башталып, мелдеш ыраааты менен өтүүдө. Үчүнчү күнгө барганда, аттардын чабылары көпчүлүккө элан болду. Күн түштөн оогондо чабылуучу аттар чогултулду. Желден бүткөн Камбар Ата тукумунун касиети улук. Учканга канаты болбосо да, учкан куштун канатын талдырган аралыкка чуркаса чаалыкпаган касиети бар эмеспи. Адам баласына өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк, каалаган максатына жеткирет. Түндө жүрсө көзү, күндө жүрсө канаты. Ат үстүндөгү адам өзүн асманда жүргөндөй сезет.

- Байгеге чабылар аргымактарды көрүп, Бөөчөн көркүнө көзү тойбой турду.

-Капырай, ушундай да аттар болот экен да? Жалжылдаган көзүн кар да, жалын чачкан жалын айт. Койкойгон мойну тим эле, ак

кушун мойнундай болуп, атайлап эле сомдогондой, бир жеринде кемчилиги жок. Соорусун айт. Жаш балбандын булчуңундай тумтуюп, түптүз өскөн теректей, шыңга буттарына жарашып турат. Ал эми туяктарычы? Көмкөргөн кеседей болуп, бир жеринде өөнү жок. Атайлап кол менен жасап уюткандай. Аркардай мүчөсүнө, тактадай тегиз болгон жону төп келип, куйруктары кыздын чачындай сеңселе жарашканын көрүп, сынынан эч кандай өөн таппай турду.

Эл арасындагы сынчы, саяпкерлер ат сынына баа бергенде: Саадактап саны салынган, илбирстей ичи тартылган. Бөрү кулак, бөкөн сан бууданга чалыш ат экен. Кулун сындуу куран соң, кулжа мойон төгөрөк куланга чалыш ат экен. Кашка тиши кадоодой, кара тапи бүлөөдөй, телегейи тегиз тарамыш, кара кушу калкандай, жазы жаак, кең маңдай, жото жилик жонгондой, жонуна жатып конгондой, балык эти баладай деп талдап айткандарды укканы бар.

Улам ойкуштап ойноп, кошкурук аткан аргымактар ар тараптан келип жатты. Кээ бирлеринин басканы учкан көпөлөктөй, жеп-жеңил болсо, кээлери каткалаң топуракты ое басып, ташты да талкалай турган күч менен ай чапчып ойкуштайт. Кээлери ордунан жалт бере оргуштап, жетелеп баратканды жекжеңдете алга сүрөйт. Мына бул четтегиси, уйкудан калгандай ыкшоо басып, араң келет. Деги эле айта отурса, жүзүнүн жүздөй кыялы, бири-бирине окшобойт. Андайларды сыпаттап айтууга сөз табылбайт.

Кыргыз элинин касиети улуктугунанбы, же сөзгө чебердигинен, же салыштырууга уста келишеби, малдын түсүн, айрыкча жылкы баласынын өзүнө жараштыра өңү-түсүн таап айтат. Мала, күрөң,тору кашка, темир көк, чабдар, буурул, алакула, сарала, кер ж.б. жүз ат болсо жүзүн жүздөй атаганы укмуш эмей эмне? Ал тургай жылкынын кыял-пейилине, көлөмүнө, мүнөзүнө карай атаганычы. Кырс, корс, жалт этме, коңур мүнөз, терс кыял, тобурчак ж.б. айтса ого эле көп. Көрсө, жылкыны баласындай көрүп, ардактап, куштап, сырдаш болуп кулк-мүнөзүн, кыял-пейилин, беш колундай билип, ошого жараша мамиле кылат тура.

Бөкөй бийдин балдары да, бала кездеринен мал карап, көнүгүшкөн. Эрте менен улуулар менен кошо турушуп. Жайыттардагы жылкыларды айдап келишет. Желедеги бээлер жоош. Ал эми эрте жаздан алгырылган кунан, тайлар кең жайлоодо эркин жүрүшүп, «жал байлап» чалпоолугуна айланышкан. Үйүрдөгү бээлерге аралашып келищип, желеге тополоң салышат. «Байлабастардын» бөлүнмөгү да тозок. Туттурмагы азап, ээлери кармалбагандыктан корс, үркүп жакын жолотушпайт. Үйүрдөн бөлүү

аракетинде укуругун сүйрөгөн жылкычылар суй жыгылышат. Чалпоолоу туткандарга моюн бербей сүйрөп кетет. Айласыз «тапан тузак» коюшуп, чалма ыргытышып кармашса да, асманга секирип, ай чапчыган үстүнө чымын кондурбаган азоолордон жабыр тартышат. Андай учурда Бакал жардамга келип, көбүнө моюн бербей, сүйрөп кеткен кунандарды бир тартыш менен мүдүрүлтө, же жыга коюп, шамдагайлык менен жетип барып, башына нокто салат. Ал учурда Бөөгөн ноктологон азоолорго «кенедей жабышып», чыгандап, атырыла чуркаганынан карабай, кайра-кайра теминип, качан гана чарчап, арыганда алып келип жылкычылардын колуна тапшырат.

Ээн жүрүп, азоосуна айланган чалпоо тай-кунандар атчандарга жеткирбей, укурук салууга жакындатпай ортого тосмого алышканда чакта, чапсандык менен Бакал жетип барып, козу туткундай шыйрактап алып, бир булл иканда, кандай корс кунан-тай болсун титиреп туруп берет. Же «сырак» эте жерге жыгылат. Аны көргөндөр таң калышып;

-Жылкы баласын шыйрактап тутат дегенди угуп, көрбөптүрмүн. Күчүңө бали дешип, там беришет.

Жайы-кышы колго кармалбай, жайытта эркин жүрүп, жапайыдай азоолорду кармап, эн-белги салуу тозоктун тозогу жылкычылар терс аяктарды кармай албай керээлден кечке суй жыгылышат кармаган чакта да, алар жөн туруп беришпей, колдон чыга бошонуп, кача жөнөшөт. Дал ошол чакта Бакал менен Бөөчөндүн кадыры артат. Айлалары кеткен жылкычылар ал экөөнө келишет.

-Кол кабышып, кармашып койгулачы?

Чалпоосуна чалма ыргытып, же «тапан тузак» коюп, бир жулкуш менен жыгытып, туйлаткан бойдон мойнуна баскан Бакал эн-белги салгандардын шаштысын кетирет.

-Болгула! Үлгүрүп калгыла! Болбосо, кое берем десе жылкычылар жалынып жатып. Кызыган темирлерин көтөрө чуркашат.

Кызырган чоктогу, кызыган темир Баргы атанын эн-белгиси. Ал жыл сайын жылкыларга басылат. Баргы бийдин урпактары ата-бабаларынын эн белгилерин мураска алышкан. Себеби ал белгини көрүп, билгендер «Баргылардын ээлиги» дешет. Ал жоголбойт. Ууру албайт. Бөлүнүп, адашып кетсе да дайын. Жаңы туулганда:

-Эн салган, менин ээм дейт экен.

Чарбадар короосунда туулган төлдүн мурдун үйлөп, оозу-кулагын аарчып:

Акколтой төл. Ээң менмин дейт ээси.

-Оозу-мурдун аарчып, тазалап, кулагына үйлөгөн короодогу ак малым ээни андай деп жоголгондо, же биреөлөр энчилеп алганда, көп арасында эн белгилерин таамай айтканда, эч ким талаша албай ээсине берүүгө айласыз.

Кызарган чоктогу, кызыган темирди тай-кунандарга басканда күйгөн тери, куйкум жыттанат. Жаны ачышкан азоо, чучуктай чаңырганда, аска-зоо жаңырат. Бир аймакта жашагандар бири-биринин эн-тамгасын жакшы билишет. Ууру-каракчы, же жоо тийип, сүрүп айдап бараткaнда, көргөн билгендер.

-Баргылардын энindеги мал экен дешип, бирин-бири кабар беришип, элге заматта дайын болот.

-Баргы атабыздын эн-белгиси «Жагалмай» тамга, урпактарына мураска калган. Биз да анны ардактап сактап, кийинкилерге калтырабыз-деп калышат улуу мундагылар.

Жүрөшкө чыкканда, же көчүп конгондо, өз белги-эндери салынган желек, буюм-тайымдарын алдыга салып ала жүрүшү адатка айланган.

Бекой бийдин балдары Бакал да, Бөөчөн да, кадимки тоолуктардын балдарындай эле бала кездеринен жөө жарыш, улак тартыш, эр эңиш, жаа тартыш, ат чабыш оюндарына катышышып, намыс талашышышка эртелеп көнүгүшкөн. Чабандестик канында бар балдар, азоо үйрөтүшүп, тартышып-түртүшүп, алышып, шамдагай-лыкты, чаалыкпастыкты, чечкиндүүлүктү-чебердикке такшалышып, тажрыйба алышкан.

Ары чыйрак, турмушка бүйрө балдарга айылдагылар суктанат. Аны билген ата, ар дайым өздөрүнчө отурганда:

-Балдарым, буйруса оомадыңар келип, оожалган учурга да жетесиңер. Ошондо да мактана көрбөгүлө. Байлыгыңарга, бийлигиңерге манчыркап менменсинбегиле. Дүнүйөнүн артынан кубалабагыла. Туура сүйлөп, калыс айткыла силердин турмуштагы утугуңар ушул.

Каптын казаны кайнабайт. Бир нерсени аныктайм деп сөз талашпагыла. Биреөлөрдүн акылын угуп, кеңештерине таң бергиле. Шашкан шайтандын иши дейт. Сабырдуу болгула. Ушул ишти аткарганыңар, мени сыйлаганыңар-деп кеңешин бергендиктен. Балдары аталары айткан акылды көкүрөктөрүндө тутушту.

Бөчөн атасынын айтканы боюнча атын өзү асырап, карайт. Табын бузбай, куштайт. Тамагын өзү жебей, атына бергенин билген атасы, ага дайыма ишенип, күлүк таптоону зүнүн оюна койгон.

Короосундагы эчендеген аттарды тапташты. Ары, аягы жеңил күлүктрдү, ары чаалыгып-чарчабас тобурчактарды, жылкылардын ичинен тандап, асырашты.

- Боло турган ат, кулун кезинде билинет дейт атасы.

Айткандай эле, кулун, асый болгондо, кандай экендиги айкын байкалат, Бөөчөн атасынын кеңеши менен "болорман аттарды" жашынан асырап, таптады.

-Жылкы баласынын эртеңи дайын. Кулун кездеги сынынан, кыял-пейилинен тулпар аргымак болорлугу, чобур экендиги, кайсынысы мал тосконго, чарбага кызмат кылганга, кайсынысы жортуулга минерге, кайсынысы улак, эр эңишке, кайсынысы байгеге чабылаары, алгачкы эле аяк шилтеп чуркаганынан дайын болот. Жакшы ат болоор жылкыны "Кулунунда куллуртуп кз сал. Ач калтырба. Керек болсо, эки бээге тели, тайында тастыктыр. Үйрт Кунанында курут. Ар ишке салып, арыт. Чарчатып, чаалыктыр. Асыйында асыра. Жем-чп кылдап бер. Тапта. Сенин мээнетиңди актайт. Качсаң кутуласың, куусаң жетесиң. Арып, чарчаганды билбейт. Жети күн жем жебей, алты күн суу ичпей, алты айга чейин арыбайт. Анан ишенген досуң болуп, талаада калтырбайт-деген атасынын айтканынан улам, Бчн да, бала кезинен баштап, ат таптоонун сырын терең үйрөнгөн эле.

Өзүнүн торкашкасын топко, болгондо да, эчен байгелерге кошулуп, күлүктүгү менен дабан ашкан даңкка жеткен аргымактарга, Бар тобокел!-деп кошкону турат. Кайсы гана жерлерден, кандай гана аргымактар келбеген. Алды азуу тишин эчаак эле жарып, ал-кубатына толуп, алты айлык аралыкка чапса, арыбас кучк ээ болсо, калгандары дале алты асыйынан ашып, сууту кандыра тапталгандыгынан улам, талпынган куштай учканы турушат.

-Айт дегенде алдындагы учуп бараткан кушка шап жете тиштеп алчуудай, арышы кенен, туягы жеңил тулпарлар эчен сындан түп, табына келтириле тапталгандары айкын көрүнүүдө

Бөөчөндүн аргымагы да асыйына айланып, азуу тишин жарганынан бери үч жаздын жүзү болду. Ар жылы жайын жеп, чучугу толуп келет. Эчен жолу чучук майы менен ич майын ээритип, эч бир жерине бармактай май калтырбай суутун кандырып, сынап көрдү. Ош-Анжиан аймагында астына ат салдырбай, алыстап келет. Өзүн сырдаш. Ачуусу келгенде тажаалдыгы гана болбосо, ак көңүл, жумшак пейил, намыскй. Намыс дегенде өпкө-жүрөгүн чаап өзүн аябайт. Аны жакшы билген Бөөчөн атына чымын кондурбай кастарлап, кышында үртүктөп жабуу жаап, жайында салкын төргө

Бош коё берип, мустактын мөңгүсүнөн сугарат.

Бөкөй бий да баласына кандай ишенсе, анын асырап таптаган аргымагына ошондой ишенет. Ашка келээр алдында Бөөчөн атасына кайрылган.

-Ата, алыскы жайдагы аш-тойлорго ала барсаңыз? Байгеге тору кашканы кошуп, күчүн сынайын?

-Алыскы аш-тойлорго, шериктериңди ээрчитип, менин ордума бара турган куракка жетип калдың. Тору кашкаң намыс аларына ишенсең, ой дебейм. Бирок, чабандес жагы кандай болот?

-Тору кашканын сыры өзүмө маалым. Өзүм чабам.

-Аныңа да маакул. Бирок, сени эл тааныйт.

-Оюңузга түшүндүм ата. “Бийдин баласы” деп, ою-дити жаман бирөөлөр, жамандык кылабы деп ойлосузбу?

-Аны өзүң жакшы түшүнсүң.

-Өзүбүздүкүлөр, Паргана аймагындагы өзбек, тажик туугандар арасында, сизге моюн бургандар жок деп ойлойм. Жаман санагандар ойрот-моңолдордо эле болбосо.

-Канткенде да, кимге болсун, ишеничти алдырбай, этият болууну унутпа, уулум. Ийгиликке ичи ачышкандар, бир туугандар арасынан дале чыгат. Бакал акең экөөңөр бирөөлөрдүн сөзү, көзү тийбесе экен деп көп ойлоном. Жаман сөз, биринчи укканды териктирет. Экинчи укканды ээликтирет. Үчүнчүсүндө жээликтирет. Намысыңарга келип, жамандарга теңелсеңер.

-Бийдин балдары “көптү” дешет. Сөгүнсөңөр “тепти” дешет. Анан баарын “чапты” дешет. Сабыр кылып, укмаксан болсоңор, көңүлүңөр кирдейт. Кыжалаттанасыңар. Кыжалаттыкка алагдылан-ган адамдын ою бүлүндү болуп, калыстыктан тайыйт.

-Ата, бирөлөр кагып-силксе да, тийишсе да, унчукпай кете берелиби?

-Бирөөлөрдөн кагуу укпагандай, иш туткула. Эгерде алар, атайылап тийиштик кылса, алгачкысында укмаксан, билмексен болгула. Кийинкисинде өзү ынангыдай кылып, айыбын мойнуна коюп, андан ашыгыраак чарасын кылсаңар, ал терс кыялдар экинчи сүйлөгүс болот-деп, ата уулдарына жекелей да, эк бирге болгондо да насаатын айтып, адептүү болууларын талап кылчу.

Бүгүн да уулунун жандай көргөн атын аяп, ушунча элдин алдындагы улуу намыска аттанууга болгон аракетине, жок дей албады.

Намысыңарды кадырын билип, аны өз колуңар менен жарата албасаң, ал силерге кур кыял. Кургак жел.

-Намыс, намыс деп, кургак кыйкыра бергенден көрө, эл алдында иш аткарып, ийгилик жарат. Көпчүлүк өзү баа берет. Анын маанисин терең түшүнө билген бий уулдарына дайыма эскерте кетчү.

-Мейли, дээлигип калыпсың. Байгеде атыңы да, өзүңү да сынап көр. Көп жолу аргымактарыңды суутуп жүрүп, көнүп калдың эле. Бирок, бул жолкусунда, көптөгөн сындардан өткөн аргымактар келет. Намыс талашка түшөт. Аны билгендер, ат түнтүп чапты-рышат. Бир утуш, илгертен эле жергиликтүүлөрдүкү, экинчиси атка, үчүнчүсү чабандеске тиешелүү.

Күрөш катуу болот. Ошончо дүнүйө-мүлк коюп, атагын алыска чыгарганга кызыкдар болгондор, жандарын да аяшпайт. Өздөрүн гана ойлошот. Атайлап ат жыгып, чабандесин учурта чаап, жамандык кылуудан тартынышпайт. Саат сайын пайлап, алдыдан тосот, туурадан чыгат. Тузак коюп, чалма ыргытат. Эң болбоду дегенде жарга, аңга такайт. Ар кыл жамандыкка баруудан, тартынышпайт. Алардан кутулуунун жолу сенде бар. Алабармандык кылып, алдыда жүрбө. Коркоктук кылып, аркада калба. Ортодо жүрүп, чаңга калба. Күнчүлүк жолдо атың да, өзүң да арып, чарчайсыңар. Өзүңүн көчүгүң ооруп, такымың жооруйт. Сан булчуңдарың жанчылып, бутуңа үзңгү тийет. Алдыңкы аттардын даңканы учуп, атыңы да, өзүңү да жүдөттү. Өпкөң көөп, тамагың кургайт. Көп аттан чыккан чаңдан, атың экөөңөрдүн көзүңөргө турпак, кум кирип, алыскы аралык күңгүрт көрүнөт. Ошондон улам, көп чабандес, аттары менен жолдун нугунан чыгып аңдан, жардан кулаган.

Этияттык керек. Саам убакытка жетпей, өзүңдүн, аргымагыңдын көзүн аарчууга үлгүр. Дарыя сууларды кечип өткөнүңөрдү күйүккөн ат, суу ичкиси келет. Суу ичине токтотпой чаап, аркы бетке өтө берерде, ооздуругун чыгара койсоң, ат суудан бир жутуп, башын көтөрө калганда, ооздуругун сала коюуга, зүң да суудан бир ууртап алууга үлгүрүп, катуу теминесиң, атың булкуна жээкке секирет.

Жолдо бараар-келээр, мерчемдүү жайларды көңүлүңө түйүп ал. Жолдун жарымына келгениңде, алдыңкы эки аттан өтпөй, чаңында калбай, жандап жүр. Качан гана, маараның карааны бүл-бүл көрүнгөндө, тарткан тизгиниңди кое берип, алдыга-өтүүгө аракеттен. Ага чейин тосмолор көп болот. Этияттанып, аларга жакындаганда, кайып өтүүнү унутпа. Элге жакындаганында, элден айбыккандар тоскоол кыла алышпайт. Атыңы соорунга сылай

таптап, кубат берсең, калганын аргымагың өзү билээр.Ошол кезде:

Адигине! Баргы! Кыргыз! деп үн сал. Ак уул, Куул, Кызыл уулдун балдары, оң-сол, ичкилик туугандарың түп көтөрүлүп сүрөөнгө алат. Калган калк, аны укканда жазганат. Торукашка экң Кудай кубат берсин! Манас, Адигине, Баргы аталарыбыздын арбактары колдосун!-деп бий уулу менен аргымагына бата берди.

Атасы айткандай эле, түш оой бергенде, ат айдоочулар Бөөчөн кошулган жүз он беш чабандестерди аттары менен дүпүртүп алдыга кара айдап жөнөштү. Чабандестердин көпчүлүгү, өзү теңдүү балдар болгондуктан, бири-бирине сыр көрсөтүшүп, тың чыкмалары аттары менен омороллотушуп, же алдыда бараткандардын аттарынын такымына камчы сойлотушуп, ойношконуна Бөөчөн кошулбай, бир четте, жол боюндагы дөңсө, жарларды, таш, караган-буталарды көңүлүн түйүп баратты. Көп аттын туягынан көтрөрүлгөн коюу чаң, өздөрүн каптап, баарынын аттары менен кошо, өңү-баштары боз ала болду. Жолдо ат соорусуна келген дарыядан кечип түшүп, жуккан чаңды күүбүнүп, жуунуп тазаланышты. Дагы, бир кыйла жолду басышканда, айлана караңгылап, түн кирди. Жолдун чаңдыгы билинбей, түн ортосунда, белгиленген жерге келишип, тар коктунун ичинде жайланышышты. Ат айдагандар жар оозун тосуп, чабандестерди “эс алгыла”-дешти.

Бөөчөн торукашкасын жайдактап, жонуна, соорусуна, жуккан чаңдарды зерикпей аарчып чыкты да, ооздугун чыгара, түз жерге алып келгенде, ал ээсинин оюн түшүн, эки-үч жолу оң-сол капталы менен оонап, шарт тура кала силкинди. Ээси аны кайрадан бир сыйра кашып, бктрүнчгүндгү жеңдей болгон торбодогу арпадан куйшөттү. Өзү кол чаначтагы талкан аралашкан кымыздан кылкылдата жутуп, суусунун кандырды. Торукашка торбодогу арпаны заматта күүшөгөн соң, баягы түз жерде, буту-колун кере эс алып жатканын кргн ээси, акырын барып, торбону сыйрып келип, бктрүнчгүн орой байлады. Үзөңгү ордуна байланган сызманы ээр кашка букта илип, ичмекти, жеңил жыгач ээрди бөлөк коюп, атынын жанына кынтайды.

Асман толо жылдыз. Жымыңдаша, жерге жакындап келгенсишет. Эртеңки мелдештеги атаандашуу оор болорун ойлоп, ал жолду ката көргөн жар, таш, караган, буталарды бир сыйра эсине калып жатып атасы айткан жомокту эстей калды

Бир мезгилде Камбар-Ата уругунун тилин билип таптаган, атактуу саяпкер болгон экен. Ал өзүнүн картайганын билип, көп ойлонот.

-Аттиң, өнөрүмдү алып калаар бир жан болбоду. Көңүлгө жаккан бирөө болсо, өнөр сырын ага үйрөтүп кетсем, арманым болбос эле- деп жүргөн чакта кемпири уул төрөп берет.

Саяпкер сүйүнүп, уулу баскандан баштап, күндө аны ээрчитип алып, таптап жүргөн атынын жанынан чыкпайт. Уулу да атасы самагандай зээндүү болуп, атасынын өнөрүн үйрөнүп, тасыга берет. Саяпкер таптаган аргымактын акысын алып жашоочу экен. Ал өлөөрүнө жакын, көптөн бери топтоп жүргөн акысына уулуна оп окшош эки тай алып берет.

-Уулум ушул эки тайды колуңдан чыгарба. Сен муну асырап, тапта. Досуңдай сырдаш болсоң, сени талаага калтырбайт. Сага да, күлүгүңө да кызыккандар көп болуп, уурулар атыңы уурдап кетүүнүн аракетинде болушуп, көп жолу көзүңү жазгырат. Сен күлүктөрүңдү асманга алып чыгып, алтын казыкка аркандап, кайтарып, өтө этияттанып жүр. Ишеничиңди актап, жашооңо жардам берет деп, өзү кастарлаган өнөрүн уулуна үйрөтүп көз жумат.

Саяпкердин уулу атасы айткандай эки тайын таптайт. Тайы кунан болот. Ошол аймакта аш-той маарекелер болгондо жарышка ал тайларды кошкондо, байгеде баш келип, атагы чыга баштайт. Ар жактан кардарлар келип, тайларын сатууну талап кылышат. Атасынын насаатын унутпаган бала сатылбасын айтып, кардарлардын үмүтүн үзөт.

Тайларын сатпаганын билген жети каракчы, күн-түн баланын аркасынан түшүп тайларды уурдап кетүүнүн аракетинде болушат. Саяпкер бала тайларын күндүзү жерге, түнкүсүн асманга алып барып, өтө эле саксактап карайт.

Уруулар да саяпкердин күлүгүнөн көз айрыбай аңдып, бала бир нерсеге алаксып калгандан аны уурдап кетүүнүн аракетинде болуп, жылдыз болуп караган адамдарга түнүксүн айкын көрүнөт.

Кыргыздар чөмүчтүн элесин берген, жылдыздарды «Жетиген» деп аташкан. Алтын казыкка аркандалган көгүш жылдыз көк күлүк, анын жанындагы агыш жылдыз кула күлүк. Жетиген жылдыздын таржымалы ушундай. Ал эми калган жылдыздардын тарыхын айта берсе түгөнбөйт-деги. Аны эстеп жатып, уйкуга киргенин билбей калды.

Түшүндө аргымагы экөө алдыда баратыптыр. Заматта көзү "пар" ачыла түштү. Башын көтөрсө, чыгыш тараптан сары жылдыз көтөрүлүп калыптыр. Аты уктап жатканбы, же эс алганбы, ал да тура келип, силкинип, эки бутун талтайта заарапады. Ал атына жүгүнүн

жатып, жая салган ичмекти алып, токуй баштады. Көмүлдүрүк, куюшканы жок, жалаң ээрди токуп, үзңгү оордуна пайдаланган сыйманы зун ченеп, узарта басмайылды тартты. Бөктөрүнчөктөгү көп чаначты чечип алып, кымыздан кылкылдата жутту. Жер жарый баштады. Ат айдоочулар да турушуп, чабандестерди аттары менен катарга тизе баштаашты. Бөөчөн четки тарапка келип, орун алган кезде, ат айдоочуларга башчы болуп келгени узун камчысын булгалай чапканда "тарс" эткен үн чыгып, кошул-ташыл көп аттын атырыла жөнөгөнүнөн, кургак жерден чаң көтөрүлүп, бозоруп жатып калды.

"Кимди ким көрүптүр демекчи, баш көргөндү, көз көрбөй, баары эле алга умтулушту. Таңкы үрүң-бараңда чочуп учкан канаттуудай болушуп, жүз он беш ат тобун бузбай, биринен-бири түп, жол тапаша алга сүрүлүштү.

Аргымактардын туяктарынан топурак учуп,

-Аркадагыларды ээрчибей, калгыла-дегенсип, ыргыган дааналар кийинки күлүктөрдүн соорусуна, денелерине тийгенине карабай,

-Силерге бирди крстүп, даңканыбыз менен биз урабыз"-дегенсип, улам жетүүнүн аракетинде кийинкилер жандарын кыбашат.

-Мейли, бири-бирине чаң чачышып, даңкан ата беришсин. Биз аларга кошулбай четтеп жүр берели-деп торукашка, үстүндөгү ээсине чаң жугузбай, күлүктөрдөн бөлүнө келе жатты.

Аркыраган таңкы шамал, бетке уруп:

-Кайда шашасыңар? Мен силерди эпкиним менен тосуп, жылдырбай коем дегенсип чабандестерди көйнөктөрүн, аргымактардын куйрук-жалын делбирете жулмалагансыйт.

Муздак шамалдан улам, көздөрдөн жаш чыгып, ат үстүндөгү чабандестер камгактай учуп кете тургансып, кыска үзөңгү боодогу буттарын теминише, ат жалына бүк түшө, алга умтулушат. Жарышта аргымактардын, алардын үстүнд желектей желбиреп келе жаткан чабандестердин намыстары козголуп, эми эле канат байлап, учуп кетчүүдөй болушуп, бүткөн дити, дене бойлору менен алга умтулушат.

"Дүп-дүп, дүп-дүп" эте, көп туяктардын жер таптаган үндөрү көпкөнаны жаңырта, ага кошул-ташыл аргымактардын күшүлдөгөн дем алуусу, аба жарат. Кызарган күн улам төбөгө көтөрүлүп, жерге жакындаган сайын, анын ачуу табы чачырап тийип, аргымактардын денесин кызытты. Кээ бир аттардын тулку бойлору кызып, эми кулак

түптөрү, моюндары нымшый баштаса, кээлери суу төгүлгөндөй терлеп алган. Аралык узаган сайын аттар териле баштады. Алкубаты жайында, сууту кангандар, бештен-ондон жолго батпай, терилишип чуркашса, аларга куйрук улаш жыйырма-отуздайы алдыңкыларга жетүүг жан үрпт. Андан кийинкилер да, топ-топ болуп, биринен-бири үзүлө албай, жан талпаздык менен атылган жибедей атырылышат.

Күн чак түш болгондо алдыдагы аттардын тобу бузулуп, бириндей башташты. Ошондо дагы төрт-беш ат куйрук улаш, үзүлө албай, жандарын сабашат. Алардын ар биринин аракетине астейдил көз салган Бөөчөн, топко кошулбай, аргымагы менен жандап барат. Атасы айткандай, жол тоскондордун бирин-экиндеген караан-дары көрүнө баштады. Алардан кайкып өтүүнүн аракетинде, топ күлүктөрдөн блүн, чабандес жалгыздайт. Топтошуп келе жаткандардын арасындагы, өз аргымактарын таанып, аны жандап келе жаткан аргымактарды жазгыруунун айласында, капталдап чыга кала, тың аты менен урдуруп өткөндөрдүн күп-күндүзү көзгө көрүнө жасалган кыянаттыктарынын күбөсү болгон Бөөчөндүн ичи муздады. Ого бетер астейдил болду.

Жолдун жарымына келип калышканын болжогон чабандес, алдыда бараткандарга улам жакындай берди. Бозоргон чаңдан улам атынын көздрүн алма-телме сылап, акырын соорусунан таптай, эркелетти. Тору кашка ээсинин оюн түшүнгөндөй ылдамдыгын арттырды. Бир маалда өзү тарапта, жол бараткандарга аралашууга аракеттенип, баштан кийинки аттын артына салды. Дал ошол чакта, колоттогу бекингендер "шап" эте чыга калышып, баш бараткан аттан кийинки аргымакты башка чаап түштү. Күлүк жүгүрүп бараткан бойдон, башын булгалай, четке чыга берди. Дал ошондо бекингендин экинчиси келип, ат үстүндөгү чабандеске камчы салды. Күлүктөр "зуу" эте, өтө беришти. Канчалык бириндесе да алдыда тобун бузбай, төрт-беш аргымак атаандаша жол талашып, келе жатышты.

Заматта, кече күнү кечип өткөн дарыяга жете келишти. Кээлери сууга жетиши менен үстүндөгү ээсинин тизгин тартканына карабай, сууга башын салса, кээлери чуркаган бойдон дарыядан өтө бererде, тумшугун сууга малышты. Бөөчөн, атасы айткандай тизгинди кое бербей, атын темингенде терең аңга аты менен чумуй түштү. Күлүктүн оозбугун шап чыгара салганда ал сууну аптыга жутуп башын көтөрө, бергенде, өзү да алаканына толтура суудан удаа-удаа ууртап, күлүгүнүн ооздуругун салууга үлгүргөн боюнча

катуу теминди. Тору кашка "шап" эте суу жээгине жете чыгып, арыш керди. Тили оозуна батпай кургаган Бөөчөндүн тамагы нымдаша, чаңкоосун кангандай болду. Тору кашка да сууну бир-эки ирм менен куйүккөн көкүрөгү басылып, кубатына келе түшкөнбү ылдамдыгынан жазбады.

Дарыядан көп узабай жатып, сууга алгач киргенде аптыга, башын салган күлүктөр, калдаңдай чуркашып, ылдамдыктары бошоңдой, артта кала башташты. Аты терең сууга чумугандан улам, кызыган денеси салкындай түшүп, кубаттуу арыш керет. Койнундагы көп жоолугун алып, атынын көздөрүн, тумшугун аяр сылап, тээ алыскы, алды тарапка көз салды. Атасы айткандай, кечээ күнү аттанып кетишкен жердеги тоолордун карааны бозоруп, көрүнө баштады. Торукашкасы али да демдүү, чарчаганы билинбейт. Кубаттуу арыш керет. Колу карышкан тизгинди акырын бошото баштады. Аны түшүнгөн аргымактын аяктары жерге тийип-тийбей учуп жндү. Маңдайдагы тоо улам айкын көрүнө бергенде, ээр каштагы тизгинди бош кое берип, атынын ыктыярына койду. Заматта, чуулдаган караандарга жакындап баратты. Сүйүнүчтөн өпкөсү көп, кулагы чуулдап, кыйкырууга алып келбей, үнү чыкпай жатты. Бир маалда:

-Адигине! Адигине! Баргы! Баргы!-деген өзүнүн үнүн өзү угуп, кайра-кайра демдене кыйкырды.

-Адигине! Адигине! Баргы! Баргы! Кыргыз! Кыргыз!-дегенинен улам, аны коштогон

-Баргы! Баргы! Кыргыз! Кыргыз!-деп миңдеген үндөр жаңырды. Тааныгандар чуркап келишип, ат үстүндөгү Бөөчөндү жабыла көтөрүп кетишти.

-Айланайын ак жолтой, Азамат!

-Адигине, Баргы деген үнүңдөн айланайын.

-Кыргыз деп, ураан чакырып, кыргыздын намысын көтөрдүң.

-Кыргыз аты желектей желбиреди го.

-Анык азамат, ата уулу экен.

-Бар бол, ата уулу! Бар бол!

-Көзү тунарып, кулагы чуулдаган Бөөчөн, көзүн пар ачып, карай келсе, тору кашкасын жайдактай, жетелеп жүргөн кыргыздарды көрө кала, жашып кетти.

-Баш байге жүз жылкы, миң кой. Алгыла кыргыздар-деп той башкаруучу табыштап, кийинки келгендердин байгесин угузмакка, ары карай чаап жөнөдү.

Бөөчөндү байгедеги соорун кызыктырбады. Максаты ишке

ашып, торукашкасы намыс алып бергенине сыймыктанып, кубанычы койнуна батпай турду. Ага байге бир тең, күлүгү бир тең эле Канчалаган убакыт, түйшүгүн тарткан мээнетинин акыбети кайтып, аргымагы ишеничин актап отурат. Ошол эле жетет. Бтн элдердин ичинде кыргыздын аты аталып, "Жеңиш кыргыздыкы" делиши сыймык эмей эмне?

-Мээнетиң ак. Ушунча эл күбө. Кудайым берем десе кулуна, белек кылат жолуна-дешип, Тооке абасы жылкыларды, Сабай абасы койлорду айдаттырып келишип, Бкй бийге кайрылышканда:

-Мал, дүнүйө колдун кири. Башы аман турса Бөөчөнгө канчалаган мал өзү келет. Бирин калтырбай элге таратып жибергиле-деди

-Соорунга тийген малды кыргыздар, "ырымга" дешип, бөлүп алып кетишти. Көз көрүнө байгеден уттуруп, соорундан да кур калган башка элдеги бий, төрөлөр ичтери ачышып, кектери кайнады.

XXX

Ала-Тоо аймагында моңгол-калмактар кыргыздар менен бирге жашап, бирде чабышып, бирде табышып турушкан эле. Эл жер тагдыры талашка түшкөн ал мезгилде, эр азаматтардын баатырдыгы сыналган. Эл эркиндигин колдон чыгарбас үчүн ар бир жан азыр болуп, сак-сактап, ат керүүдө, найза босогодо болуп, жигиттер кылычтарын жазданып укташкан. Ошол катаал шартта уул үйлөп, кыз чыгарган, небере көрүп, бешик той тушоо кесүү жөрөлгөлөрү менен бирге, эки элди достоштурган каада-салттар өткөрүлүп, алыскы жуук, тууган-урук тойго чакырылган.

Кашкар аймагындагы маарекеге эл башчыларга бий, билермандарына жиберилген, кабар улам. Нарын Көл, Пергана, Сары-Кол, Памирден тартып, Кашкардан, Текес, Илеге чейинки аймактардан моңгол, калмак, уйгур, кыргыз, өзбек, тажик элинин өкүлдөрү келди. Каада боюнча оюндардын түрлөрү өткөрүлүп, эр сайышкада кезек жетти. Эл балбандарын даярдашып, намысты колдон алдырбас үчүн дооронго чыгарышат. Эр сайыш элдик оюн аталганы менен ары кандуу, ары чырдуу. Аягы тополоң менен бүтөөрү көпчүлүккө маалым болчу.

Калмактар ары каңкор, ары эч бир жанды аябаган ташбоор, мыкачы аталган Корчу балбанын чыгарышат. Калмак баатырынын аты элан болгондо, тамаша көрүүгө келгендерден бир топко үн чыкбай дымып, калышты. Корчу адамдын алпы болсо, анын

миңген аты жылкы тукумунун ого эле зору болчу. Өз аты менен келген Корчу көпчүлүккө дөөдөй, аны коштогон шериктери тай миңген баладай болуп көрүнчү. Ушул күнгө чейин чоң маарекелерде калмактардын бөкө балбанына Паргана, Памир, Кашкар аймагында жашаган элдердин балбандарынан, эч кими даап чыкбай, соорун Корчу каңкордун жеке өзүнө гана ыйгарылып келген болчу. Ташбоор Корчу айкашка чыккан балбандарды бурчатпай, ат үстүндө найзага сайып, бошонууга аракет кылып, кыбыраганына карабай, жарданып, карап тургандардын ортолугун бир айланып келип, өзүнүн контажысынын алдына келгенде:

-Менин тартуум деп, иттин өлүгүндөй кылып ыргытаарын, көпчүлүк көрбөсө да, уккандары арбын болчу. Намысты башкаларга бербеген баатырына, калмак ханы ыраазы болуп:

-Баары, сен каалагандай болсун дечү.

Корчу каңкордугуна эрдемсип, короосуна мал күтпөй, калмактардын арасында эле эмес, барган жерлеринде коштогон жигиттерине, каалаган алымын алдырып, оюна келген опузасын кылчу. Аны тыйган эч ким болбогондуктан.

-Корчу «кой» дегенди эмес, «сой» дегенди гана билет –деген сөз айтылчу.

Калмактын баатырына тең келээр балбан чыгара албаса, кыргыздар гана эмес, Паргана, Памир аймагында жашаган мусулман элдери намысын алдырып, басмырланышы, дини бөлөктөргө жеңилгенге барабар эле. Жеңилүү эркиндикти колдон чыгарууга барабар болчу. Кыргыз, казак, уйгур, тажик, өзбек элдеринин бийлеринин, шаштылары кетип, кыргыз бийлерине келишти.

Кыргыздар башка элдин катарына эми гана кошулуп, чачылгандары чогулуп келе жатканда, эзелки душманы болгон ойрот-калмактар алдында басмырланабы? Элдин намысы кайда калат? Ушунча эл туруп, жалпы мусулмандардан бир баатыр чыкпаса, баскынчы аталган душмандар менен кантип тең ата болуп, бир аймакта жашай алышат? Дини бурууулар баатыры жокту билсе, басмырлап, тебелеп кетпейби?

-Кылыч шилтеп, найза сунар, баш көтөргөн эр азаматтары жок. Каршылык көрсөтөөр баатыры жок деп, сырттагы сынап, тооруп турган душмандар, чаап-талап кетпейби?

-Башчысы баатыр болсо, эл биригет. Айгайлап, кол баштаган эр азамат-баатырлар элдин коргоочусу жана сыймыгы. Элдин ишенген баатырлары болбосо, ал эл эмес. Ишенимге жарар ким

бар? Баары эле жер карап, өз ичинде ушунтип ойлошту. Ар кими, өз уруусундагы эр азамат баатырлардын караандарын көз алдыларынан өткөрүп, Корчу каңкорго тең келээр азаматтарды таппай, кыргыз урууларынын бийлери алдыртадан бири-бирин карашып, тынчсызданышты. Такыр айлалары кеткенде:

-Кана, кайсы элде, кайсыл урууда, калмактын каңкоруна даап чыга турган, жолборс жүрөк, азаматтардан барбы? дешти

-Ким ага барып, бет келе алат?

Эл бийлеген бийлер туңгуюкка камалып, арга таппай турушту. Убакыт кыска. Корчуга беттешээр баатырдын, аты аталбаса

-Корчу баатырга тең келээр, эч кими жок. Соорунду бергиле! деп калмактар чуу көтөрөт.

Эрдемсиген эзелки жоо-ойрот-калмактар теңсинбей, каткырык-ты калың салып, кыргыздарды шылдыңга алганы турат. Басмырлап, табалоочу душманга кыргыздыр кантип чыдайт? Кантип, жооп кайтара алышпай, тура алышат? Кыргыздар тарап дымып, эч биринин үнү чыкпай, тумчугушту.

-Бийи болбос эл болсо да, баатыры жок эл болбойт. Кыргыздын энелери кантип эле баатыр туубай калсын? Же туулган баатырлар, тукум курут болуп калганбы? Башыңарды шылкыйтып, жер карабай, ар бир уруудагы баатырыңардын атын атагыла! деди, сакалы көкүрөгүнө төгүлгөн карыя, жан күйгүзө кайгырып.

-Кана, кыргыздын кайсыл уруусунда, ким деген баатыр бар?

Эл ичи тымтырс. Бир топ убакыт өткөн соң, эл бийлеген бирөө батынып, батына албай, үн салды.

-Бар. Кантип эле кыргыздан, баатыр чыкпай калсын

-Атагыла атын!-деди дагы бир карыя аны коштоп

-Баргыларда баатыр бала бар. Анын аты Бакал -деп топтошуп тургандардын арасынан, кимдир бирөөсүнүн үнү шаңк этти

-Бала баатыр Бакал деп, аны билген бир-экөө кыйкырганда, баятан бери үндөбөй турган көпчүлүк, жабыла кубанып кошулуп кетишти

-Атаңын көрү ай! Ал Корчуга караганда, баладай эле. Каңкорго кантип ал бала тең келе алат? – деди бийлердин бирөөсү ичи түтпөй.

- Бакал жаштык кылып, алдырып коер бекен? – деди экинчи бирөө аны аяп.

-Баатырдык жаш-карыга карабайт. Кеп жүрөктө. Ал жалтанбас шер! деп жооп берди, топтун арасынан дагы бирөөсү.

Эл намысын ойлоп, жылдыздары жерге түшүп, айла таба албай

турган бийлер.
-Эр сайышка түшпөсө да, кыргызда калмак баатырына тең келээр, баатыры бар экени билинсин дештиби, көпчүлүк бирин-бири жаалап кетишти.

-Бала баатырдын атын атагыла

-Бакал баатыр! Бакал баатыр! дешип ишеничтүү кыйкырган көпчүлүктөн улам, эл башылар Бөкөй бийди тегеректей, кайрылышты.

-Бий, эчен кысталыштарда арганы да, айланы да өзүңүз таап, элиңизди дайыма кыйынчылыктан куткарып огожо болуп келдиңиз эле. Калмактын баатырына тең келээр, элине намысты алып берээр деп, Бакал баатырыбызга ишенип, алдыңызга келип турабыз?

-Эл башына күн түшсө, аны көтөрбөгөн баатыр, баатыр эмес. Эдди кыйын абалдан бир акылман, бир баатыр гана куткарган. Экөө тең элдики. Бакалдын баатырдыгын акыл-айласы коштосо, айласы табылар. Өзүнө ишенип «элимин ишенимин актаймын» десе, Баргы бабабыздын арбагы колдосун! деп Бөкөй бий алаканын жая, бетине бата тартты.

Көпчүлүк жабыла Бөкөй бийге ыраазылык билдиришип, Бакал баатырга минерге ат, кийерге соот, колуна найза даярдаганга киришишти.

-Карагайдын кагы күч келгенде сынып кетет. Кайыңдын же, карагайдын кургай элек көгүнөн бергиле деди жашында эчен эр сайышка түшүп, эл намысын коргоп жүргөн карыя.
Тандаган атыңар күлүк, ары шамдагай, бир чабарга ылайык экен. Алты күн кармашта арыбай тайлашып-тартышканда муюбай турган, Мундуздардагы күчкө толгон он асый керкула жарайт. Ошону камдагыла-деди Султан саяпкер.

-Алты асыйдан ашып күчкө толгон каңгал, бакыбат, аяктуу аттан тапкыла. Ишеничтүү болсун-деди дагы бир карыя жетелеп келген атты сынай карап.

-Өзүмүн, үйрөнчүк торукашкам эле жарайт-деди Бакал көпчүлүктүн кооптонгонун көп эле көңүлүнө албай.

-Өзүнүн атын, эңишке ылайык.

-Көрчү, калмактын аты дөбөдөй болуп турат. Сен күчүңө ишенсең ишен. Керкула чапсаң чарчабайт, алышсаң муюбайт. Эчен көпү баатырлар эр сайыш менен эңишке минип, аябай тасыгып, карасына айланган, чучугу толо тулпар. Ал экөөң бириксең калмактын бөкөйүнө тең келесиңер деди саяпкер.

Карыялар айткандай, карагай менен кайыңдын кургай элек

көгүнөн, найза даярдашып, чопкутталган бөдөнө көз соот кийгизишип, керкулага көмөлдүрүк, куюшкан, басмайылды коштой тартып, заматта кары-жаш дебей бала баатырды карыялар айткандай даярдашты. Бакал аргымакка шап, секире минип, булкунтуп, эл алдына чыгып, көпчүлүккө таазим кыла, ийилгенде:

-Манас баатыр Адигине, Баргы аталарыбыздын арбактары колдосун! Элиңдин намысын коргоп, мөөрөйдү ал-дешип кыргыздар жабыла бата берип,биринен бир өтүп коштоп жатышты

Калмактын баатыры эчак эле ортого чыгып;

-Мага тең келээр, кыргыздын баатырын көрөйүн-деп, алдындагы атын алчыланта булкунтуп, ары-бери бастырып турган эле.

Эки баатыр алыстан бири-бирине баш ийкей саламдашкан болушту.

Эки элдин асаба желеги, эки тараптан көтөрүлүп, добулбастар дүңгүрөтө кагылды. Кернейген-сурнай тартылып, беттешүүгө белги берилди.

Каршылаштар аргымактарын атырылта жөнөгөндө, шукшуурулган найза учунан шуулдаган үн чыгып, алкынган аттардын туяктарынан даңкан ыргып, жарданып тургандардын эсин эки кылды. Сапырылган чаңга жеткирбей, шамалдай учкан күлүктөрүн дембе-дем теминишкен баатырлар, бири-биринин денесине учтуу найзаны кадоого мээлеп баратканда, карап тургандардын көбү, көздөрүн жума коюшту. Өлүмгө тик караган «көк жалдар» ат үстүндө күүлөнө келишип, учтарынан шамал ышкырган найзаларын нак көкүрөккө саярда «карс» эткен үн чыгып, экөөнүн тең колдорунан найзалары ыргыды.

Күүлөнгөн найзалаштар бири-бирине ызырынышып, көз атыша, ат тизгиндерин тарта, аркага кайрылышты. Даяр тургандар, аларды эңилте койбой, колдоруна жаңылап найзаларды карматышты. Кайрадан аргымактарынын жанын ачыштыра камчы басышып, шукшуурула каршы жөнөштү. Калмак баатыры эчен жолу эр сайышка түшүп, кексесине айланган ары куу, ары амалкөй кара күчтүн ээси эле. Каршылашын кантип азгыруунун ыгына тасыгып, ат үстүнөн кан жөткүртө алып ыргытууга көндүм болчу. Азыр да маңдайындагы балапан түгү ууртунан кете элек, «бала баатыр» аталган «бөлтүрүктүн» колунун каруусун кетире, катуу кагып, как жүрөгүнө учту найзасын мылгытып алууну ойлогон. Бирок, ал бала болсо да жазганбай, «көк жалдай» тик караган көзүн ирмеп да койбой, ээрге нык отурат. Боюн жазгырбай, жалтанууну эсине алып

да койбой, шукшуурулган найзасын атылган жебедей тике сайылта менен, келе жатышы, аябай эле сүрдүү көрүнүп, калмак баатырынын коркунучтан жүрөгү «болк» эте түштү

-Тай-кулун, азылуу асый атка тең келмек беле. Жете берерде, найзасын ыргыта кагып, жылаңач кекиртегине сүңгүнү малып алам-деген карт карышкыр, өзүнүн денесине эмес, так эки көзүнүн ортосуна мээленген найзанын учун көрө кала, көзүн жуумп, жалт ийкейип жазгырына калганда, «шуу» эткен сүңгүнүн учу оң кулагын жандай өтө берип; экөөнүн денеси ат үстүндө бири-бирине кагыша түшүп, колдорунан найзалары дагы да ыргыды.

Алдырбастын аракетиндеги эки алп, ачуулана ат тизгиндерин бура тартышып, белгиленген жайды көздөй «чү» коюшту. Кайрадан колдоруна жаңылап найза алышып, каршылаштар кайра күүлөнүштү. Баятан бери бири-бирине сыр бербей көөдөндөрүндөгү ташыган кектерин билдирбеске аракет кылышса, эми астейдил бири-биринин кыймылдарын пайлап, жазгыруу аракетинде болуп калгандары, карап тургандарга байкалып турду. Баятан бери найзаларынын түбүн колтуктарына кыса, жаадай атырылышса, эми ат тизгинин кое берише найзаларын эки колдоп мыкчый кармашып, көкүрөк алдындагы чемирчекти түз мээлеп, атырылган ат күчүн пайдалана, күү менен коюп өтөөрдө, эки алп денеге тийген найза «карс» эте күүлөнгөн күчтөн улам, экөөнүн тең ат үстүндөгү бараандары «шалак» эте, артка серпиле, чалкалай түшүштү. Экөөнүн тең аттары очорула түшүп, мүргүп барып, кайра оңолду.

Жарданып тургандардын жабыла кыйкырыгы аба жарды.

-Болду, болбоду экөө тең күү менен барып, дал тийген найза-дан жайрады. Түз мээленген найза көкүрөктөрүн тепчип, соо калышпады-деп ойлогондор, ат үстүндө оңоло, тура калгандарга таңданышты.

Каршылашын камынтпай, өлкө, боорун аралата найза сайып көнгөн кексе калмак баатыры, жаш болсо да, кыргыз баатырынын күчү оңор эместигин билди.

-Мейли, улам эле ажалдан кутула бербейт. Беттешкендердин ичинен найзага сайып ойногон Корчу баатырдын кандуу колунан, эми, «бала баатыр атаалган кыргыз» кантип кан жөткүргөнүн билбей калат деген ойдо, карт калмак өзү билген ыгын дагы бир ирет пайдаланмакка, жаңы найзаны колго алып, каршылашына уурдана көз салды.

Олбурлуу келбетине, арыкчырай денесиндеги шадылуу колдору, сомдолу найзаны мыкчый кармап, ат үстүндөгү ээрде

кадагандай түз отурушу, жалтанбай тик сайылган каректери эч кандай оюнда арамдыгы жок, айкашты эреже боюнча алып баруудагы көз карашы, пейили менен ниетинин тазалыгын ишеничтүү көрүнүшү аныктап тургандай. Ат үстүндөгү ар бир кыймылы өзүнө жарашып, шашыла алдастап, корккону эч билинбейт. Өлүм түк оюнда жоктой, көңүлү шайдоот каршылашына, астейил көңүл бөлгөн Корчу баатыр, өлүмдү өзү эстей калып, каруусу кеткен колу титирегенинен улам, өзүн алаксыта, жабалактай көз тигип тургандарды кыдырата карап алаксыды..

Эки баатырдын аракети эки элдин тагдырын чечкени турат. Эл тагдыры таразада, кимиси уткурса, ошол тарап «жеңилди» болуп, басмырланат.

-Каңкор Корчу көп баатырлардын ажалына себепкер болдуң эле. Баятан беркиr, кара өзгөй аракетиңди билип турам. Куулугуңа амалкөй өнөрүңө салып, көз жазгырып жатасың. Кезегиң эми келди Тагдырың менин колумда-деп ойлогон баатыр Бакал найзаны колуна ала берип, алдындагы атына көңүл бурду.

Сырдана аргымактын эти эми гана кызып, кулагынын алды нымшый терлеген эле. Катуу чуркагаганынан улам, өпкө кага соолуктаганы менен али тың, кубатынан жана элек. Маңдайындагы көкүлүн серпе, көзү жайнап, ээсинин темингенине үлгүртпөй, атырыла чуркарын билдирип турду.

Өз баатырын коштой, улам кыйкырып жаткандар, окуя кандай болуп кетерин ойлошуп, колдорун жакаларына ала дым болушканынанбы, эрөөл талаада ашыкча үн жок. Анда-санда гана «быр-быр» эте, аттардын бырылдап, жөткүргөнү угула калып жатты. Жеп жиберчүүдөй, бири-бирин жек көрө карашкан алптар, алыстагы чекке жетишип, ат сооруларын бура, колдорундагы сомдолгон салмактуу найзаларын чимирилте, күүлөнүп жөнөштү. Карама-каршы, атырыла чуркаган аргымактардын «дүп-дүп, дүп-дүп» эте, туяктарынын жер таптаган үндөрүнө карап тургандардын да жүрөктөрү «дүкө-дүк, дүкө-дүк» эте кошо согуп, аралык улам кыскара берди. Бир маалда ат үстүндөгү эки алп жакындаша келип, дагы да кагыша кетишти.

-Найза кагылып, экөө тең жайрады. Ат үстүндө «шалак» эте, оодарылганы кимиси? деп ойлогуча болбой «карс» эткен добуш менен бирге, ат үстүндөгү эки караан кайчылаш өтө берди.
Экөөнүн тең, жакжая, тытылган сооттору көпчүлүккө айкын көрүндү. Чуу обого көтөрүлдү. Экөө тең ооруган денелерин күйшөй, билдирбестин аракетинде болушту.

Экөөнү тең маарекени башкаруучулар барып, аттарын жетелей ортодон чыгарып кетишин жарданып тургандар күтүштү. Бирок, эч кими аларга аралжы болуп, ажыратпады. Катуу кагылуу-данбы, же денелерине кагылган найзадан уламбы, сооттору жыр-тылып, денелеринин ооруганына араң чыдап, эки алп, ат тизгин-дерин буруушуп, белгиленген жайды көздөй, чаалыккан аттарын жорттура, кайра жөнөштү. Уламдан улам алышып, бири-бирин жеңе албаган баатырларга, даярдалган найзаларды жардамчылар да көңүлсүз алып беришти.

-Болду эми. Акыркы жолу айкашат. Бирин-бири жеңе албаса, экөө тең эрөөл таладан чыгып кетише деп, эки алп да, жабалактай карап тургандар да ушунтип ойлошту.

Ал тургай маарекени башкаруучулар да, бир чечимге келишкендей эле.

Өчүккөн эки алп, маңдайлаша турушуп, бирин-бири жеп жибергүдөй, жек көрө, ызырынышып, көздөрүндө октору болсо атып жибергүдөй болушуп, ныгыра караштьы. Найзаларын мыкчый кармашып каршылаштар, өпкө кага соолуктаган аттарын кайра теминип, чаап жөнөштү. Аралык тездик менен жакындап, бир маалда экөө маңдайлаша түшүштү. Аттардын оор онтогонуна кошул-ташыл, Корчу баатырдын денеси, «шалак» эте чалкалай жыгылып, киндик ылдыйынан сороигон найзанын түбү көрүндү. Катуу, күч менен урулган найза Корчу баатырдын атынын ээр кашын быркырата талкалап, табарсыгын тепчий кирген эле.

Бакал күү менен өтө барып, ат тизгинин артка бура кайрылып келип, үзөңгүдөн буту чыкпай салаңдаган Корчунун денесине кийген соотунун этеги жетпей калган табарсыгынын үстүндө, өзүнүн найзасы сороюп турганын көрдү. Ал белиндеги кылычын кындап сууруп, Корчунун салаңдаган башын кыя чапты.

-Эмне болуп кетет? деп, элейген кыргыздар Бакал баатырдын караанын көрүшүп, бири-биринен оозуп, сүрөмөлөп, кыйкырып жатышты.

-Манас Адигине, Баргы аталарыбыздын арбагы колдоду.

-Бар бол Бакал баатыр! Намысты, жеңишти алып бердиң. Элиң ыраазы, жеңишиң кут болсун!- дешип алкап ортолукка чуркап чыгышып, Бакал баатырдын аргымагын жетелей, четке сүрүлүштү.

-Эчендеген эр сайыштарда мөрөй алып жүргөн Корчу баатыр кыргыздардын бала баатырынан жеңилип калмак беле? Улам кайсы баатырынын эрмектеп, сынап жатат. Эми ушунда кармашашын кан жеткүртө сайып, байгени алат-деген ойдогу

калмактар, кыргыз баатырын тоготпой турушкан.
Көз көрүнө баатырынан ажырап, ала турган соорундан да кол жуушкан калмактар, ызаалана сөгүнүшүп, колдоруна куралдарын алышып чыдабастык кылышты.

-Эр сайыштагы эрежени сактабады. Баатырыбызды киндикке сайып өлтүрдү. Анысы аз келгенсип, башын кесип алды. Кыргыздар айыбын тартышсын деп, кычылык кылган калмактар чыр чыгарышты.

Чырдын этеги тополоңго айланып, найза сунулуп, кылыч шилтенгенге чейин жетти. Мөрөй колго тийген кыргыздар өктөм чыгышып, катылгандардын катыгын беришип, көбүн ат үстүндө оодарышты. Той башкаруучулар ортого түшүшүп, чабышкандарды араң ажыратышты.

Ошол күндөн тартып калмактар менен кыргыздардын ортосундагы каршылык ого бетер күч алды. Кандуу кармаш кайрадан согушка айланды Убакыт өткөн сайын чаап-талап алмай, улам көбөйө берди. Калмактар уурдана келишип, тынч жаткан айылдарды талап-тоноп, жалгыз-жарым мал кайтарып жүргөндөрдү, сапардагы жол жүргөндөрдү өлтүрүп, карактан кетчүү болушту. Кайра-кайра жортуулга аттанып келишип, Корчу баатырынын кунун доолашты.

-Калыстыкка келели. Тополоң чыкпасын. Доолаган доосун да, төлөп берели деген кыргыздарга, калмактар «жүз эрдин кунун» төлөөнү талап кылышты.
Карама-каршылыктан, мыназага келишпестиктен кандуу кармаш, андан бетер күчөбөсүн деп, элдин тынчтыгын ойлогон баргылар өз ара кеңешишип кун төлөөгө макул болушту.

Жүз эрдин куну оңор эмес эле. Баргылар чама-чаркка ылайык, колдо болгон төрт түлүк малды топтошту. Калмактар аны аз көрүштү.

-Убададан тайбайбыз-деген баргылар миңген аттарын, үйдөгү акыркы саан малдарына чейин беришти.

-Кыргыздарды басынттык. Баатырын бизге өткөрүп берсин! Болбосо, зомбулук менен болсо да, байлап алып кетебиз деген калмактар, сүрүлө келип, кол салышты.

Колунда бар малын, ат улоолорун Корчу калмак баатырынын кунуна топтоп берип, ач-жылаңач жан баккан баргыларды жоо четтен кырып, колго түшкөндөрүн туткун кылып, айдап жөнөштү.

-Карасанатай калмактар, илгери ата-бабаларынан бери жоо экендигин коюшпады. Тынч, коңушу жашоону каалашпады.

Биротоло талкалабасак, же бул аймактан кетирбесек, тынчтык бериппогидей-деп Бакал баатыр баргы уруусунун эр азаматтарын жыйнап, калмактарга каршы аттанды.

Кан берип, жан алган салгылаш күчөдү. Эчендеген эрлердин башы кетип, келиндери тул, балдары жетим калды.

XXX

Маарекедеги парганалык кыргыздардын аргымагынын баш келиши, эр сайыштагы баатырынын жеңиши дини бөлөктөрдүн арасында жалпы мусулмандардын ийгилиги катары бааланды. Куттук айтып келген ары тааныш, ары санаалаш уйгур, өзбек, тажик элдеринин өкүлдөрүнө Бөкөй бий соорунду аябады.

-Бергиле! Динибиз дилибиз бир деп, бизди ылым санап, жан ыргып келип жатышат. Бизден соога, соорун болсун. Бир азаматыбыздын маңдай тери менен бир аргымагыбыздын арам тери Алышсын, аябагыла-деди Бөкөй бий Тооке менен Савай тууганына

-Бийим, өзүбүздүн кыргыз бийлерибиздин сооруну кандай болот? дешти Апалтай менен маңылтай

- Бул жаамы кыргыздын сооруну. Башкалар алсын, калганы өзүбүздүкү. Апалтай менен Маңгылтай силер, кыргыз бийлерин калтырбай жоктогула. Аз-көп, чоң-кичине деген таарынычтар болбосун. Билгенге соога, билбегенге соорун. Эскертип айткыла.

-Берген кимдерге жакпасын. Ата-бабаларыбыздын калган каадаларын кастарлап, утуп калган байгесин, кимдин ким экенин тандабай ак көз кара көздөргө тегиз берип жаткан кыргыздарга мусулман элдеринин өкүлдөрү ыраазы болушуп, ийгилик тилеп жатышты. Жалпы эл оомад кыргызга келгенин туюшту.

Бүгүнкү ийгилик оомад эмей эмне? Буга чейин мындай алыскы өлкөлүк жердеги калк ээлерин чакырылган, аш-тойлордо качан эле, ойрот-моңголдордон байге ашчу эле? Канчалаган мал-дүнүйө коротконы менен кайыр диндегилер башка оюндарды, мелдештерди айтпаганда да, ат түнөткөн байгелерде жолду тосуп, аргымактарын атайлап жыгып, чабандестеринин көзүн тазалап, соорундарын өздөрүнө ыйгарышчу. Ал эми эр сайышта ойрот-моңголдордун баары бир үстөмдүк кыларын билишип, башка эл баатырларын ыйгарышчу эмес.

Анын да жөнү бар. Мурункуларды айтпаганда да «Алтын урук-туна бир мураскору Жаркенди алып Сейит Султан хан аталгандан баштап Моголдордон башка элди баш көтөртпөдү. Анын балдары

Абдырашит хан небериси Абдилатиптан, Абдылда ханга чейинки хандардын чапкындыгынан улам, башка элдер чабылып-чачылып аман калуунун аракетинде ар тарапка тыркырады. Ырасын айтканда кээ бир учурларда бириге калышып, каршылыктар да көрсөтүлүп жатты.

Бирок, мураскорлор кыргыз урууларынын биригишине жол беришпеди. Арка аталган көл аймагындагы кыргыздарды Тагай бийдин, Анжиандыктар аталган Паргана аймагындагы кыргыздарды Адигине бийдин башкаруусуна жол беришпеди. Кыргыздардын биригип кетишин каалашпады. Тынымсыз согуш ачышып, бирде арка тараптагы Кочкор Барскоондо баш бириктирип жаткандарды талкалашса, кийинки жылдары Паргана өрөөнүндөгү Анжиан, Ошко чогулууга умтулгандарды кыргынга алышты. Душманга кор болууну каалабаган кыргыздарды тынчытуу үчүн Адигине, Тагайды Жаркен, Кашкарга алып барышып ак үйлүү кылып кармашты.

-Кана, кыргыздар. Кимиң кай жерден тополоң чыгарасың? Бийлериңердин тагдыры биздин колубузда-дешип, могол хандыгы тополоң кыргыздарды тынчытуунун оңой жолун табышты.

Кыргыздар Жаркен хандыгынын саясатын тааныган болушканы менен тымызын биригүүнү колго алышкан эле. Аны мураскорлор да жакшы билишет. Кыргыздардын бир тарабы казактар менен экинчи тарабы өзбектер менен биригип кетишине, каршылык көрсөтүшүп, казактарга, өзбектерге багытталган жортуулдарында кыргыздарды талоонго алган согуш жылдан-жылга уланып келген учурда, түндүк тараптан калмактардын «кара чабуулу» башталып, бир эле кыргыздарды гана эмес, Борбордук Азиядагы элди коркунуч каптады. Канчалык каршылыктарга моюн бербеген ойрот-калмактардын согушчан аскерлери эң эле чоң империя аталган кытайларга тополоң салып, Моңолстан аймагын ар тараптан курчоого алууга үлгүрүп отурат.

Паргана аймагындагы кыргыздар ар тараптан душмандардын кысымында калышса да, өз алдыларынга эркиндиктин туусун түптөөгө кирише башташкан эле. Ар тарапка чачылган уруулар илгери ата-бабаларынын жолун жолдошуп, Анжиан, Аксы, Ош аймактарында жашап жаткан туугандарына кошулушуп, кайтадан топтошо башташкан уруулар биримдиги, улам жанданып, эл башылар, акылмандар, баатырлар ынтымагы элдик намысты талашууга алып келди

Ойрот-калмактар үчүн байгени алдыруу, баатырынан ажыроо, намыстарынын тебеленишке барабар эле. Канчалык өктөмдүк

[illegible] келинесе да, кыргыздардын жеңишти тартып алуусу ичтерин [illegible]. Кыргыздар тарапка ооп, куттук айтып, кубанган мусулмандардан калмактар бөлүнүп, четте калышты. Тайчилер топтошуп, кыргыздардан баатырынын кунун алууну чечишти. Той башкаруучулардан, калыстык кылып жүргөндөрдөн, кыргыздардан кун өндүрүп берүүнү талап кылышты.

Кыргыздардын баатыры оюндун эрежесин бузду. Биздин баатырды көкүрөгүнө эмес, табарсыкка сайып өлтүрдү. Баатырыбыздын кунун кыргыздар төлөп берсин дешти

Кыргыздар аларга моюн беришпей:

-Оюнга чыдаган чыгат. Кун төлөөгө макул эмеспиз дешти.

Айтышуунун аягы чырга айланып, курал көтөргөнгө чейин барышты. Бөтөн эл бөтөн жерде болушса да кыргыздар аларга моюн беришпеди. Курал көтөргөндөргө камчы шилтешип, опур-топур күчөдү. Арачы болгон той башкаруучулар курал менен эмес, сүйлөшүү жолу менен калыстыкка келүүнү макулдашышы

-Кунуңар канча? дешти той башкаруучулар

-Жер беришсин! дешти ойроттор

-Жер берилбейт. Жер бергиче, согушабыз дешти кыргыздар

-Баатырыбызга, баатырын беришсин?

-Баатырды бере албайбыз

-Баатырын беришпесе, жүз эрдин кунун берсин дешти калмактар, той башкаруучу калыстарга кайрылышып.

-Казатта хан болсо да, кун төлөнбөйт. Согуштун иши согуш. Док тарткан эч ким болбойт. Эр сайышка, эки тарап тең, баатырларын макулдук менен чыгарышты. Кун куугандык курулай доомат. Мейли, ортодо жаңжал күчөп, чыр чыкпасын. Чыр аягы кан төгүүгө алып келбесин дедик.

-Жүз эрдин кунун айткыла?

-Мал менен берсин дешти, калыстар

-Кыргыздар дайыма тогуз санды жакшы көрүшөт. Докко да, кунга да тогуздап төлөнөт. Тогуздун түрүнөн токсонду берсин дешти кыргыздын салтын жакшы билген калмактар.

-Илгертен докту да, кунду да калыстар чечип келишкен. Бизди ар кайсы элдин өкүлдөрү деп өзүңөр көрсөттүңөр. Кеңешибизге моюн сунгула. Калыстыкта калпыстык кетпейт. Ар дайым докту, кунду жарымдан төлөнгөн. Эсептеп чаксак өтүмүңөр өтө оор. Аны [illegible] чейин, эчен убакыт өткүдөй. Эки эл тең малды кармашышат. Мал эсебинде төлөнсүн деген бүтүмгө келдик дешти калыстар

-Малдын саны канча болот?

-Төрт түлүктөн миңден. Ат куйругун, же болбосо чыбык кыркка келишим болот. Өндүрүү мөөнөтү кырк күн дешти калыстар.

Бүтүм бүтүн болсун. Баатырын бербесе да, аргымагын берсин дешти калмактар чуулганда калыстар тарабынан.

-Аргымак берилбейт. Биз калмактардан корккондубуздан калыстардын бүтүмүнө моюн сунган жокбуз. Эки элди сыйлап, калыстардын доо аянгы зомбулукка күн аягы курмандыкка уламбасын деген бүтүмдөрүн макул көрдүк. Болбосо, калмактар каалаганын кылышсын же калыстыкка моюн сунсун.

Моңолстан аймактарында гана эмес, улуту жагынан ар кыл, жалпы эл ортосундагы айтылган бүтүмдү «талаа мыйзамы» боюнча эч ким буза алган эмес. Бөкөй бий баш болгон кыргыздар лам деп, эч кими каяша кылбады. Бул да болсо элдик намыс, «талаа мыйзамын» эл сыйлаганы.

Баргылар канчалык намыс кылышса да колдорундагы малдын саны жетпейт эле. Эл башылар айтпаса да.

-Алтын баш, аман болсо мал табылат. Мал бир алса жуттуку, бир алса жоонуку. Кыргызга намыс алып берген баатырдан аябайбы дешип ар уруудагылар колдорунан чыкканын, айдап келишип, топтоп жатышты.

Ар кароодон келген мал бирикпей чачылды. Күтүрөтө мал айдаган Бөөчөн Байбөөчөн аталды. Акыры күн да төлөнүп, баргылар моюндан баскан жүктөн, догурунган дооматтан кутулушту. Жашоо-тиричилиги малга сүйөнгөн тоолуктар, мукурап калышкан жок. Ата-бабалары карманган өнөрдү колго алышты. Жаз эртелеп жер чийишти, эгин сээп, жер сугарышты. Жай бою жасалган эмгек, акы-бетин берип, түшүм мол алынды. Аштыкка ченеп алып, ашканын малга айрыбашташты. Короого мал кайра имерилип, кермеге ат байланды. Бири-эки, экиси төрткө уланып, жайыт тандап, жайлоого көчүштү. Аш-той, жакшылык-жамандыктарда кошумчалардын кайтарымы ашык атты. Ынтымакташкан ызат-сый улана берди. Келин алган, кыз берген тойлор болуп жаңы үй бүлөлөр менен айыл ичи толукталып, алыш-бериш, барыш-келиш кайра нугуна келип жатты.

XXX

Топ атчан аңды-дөңдү карабай, бирде кокту-колотту аралай, бирде дөңсө-дөбөлөргө чыга "бөрү жортуш" менен келе жатышты. Бир да жерге аярлабаганга караганда, алыскы жолго чыгышкандай

Алдыларындагы тобурчак аттарынын чаалыкканы билинбейт. Бая эрте мененки тоо башындагы кылайган күн, улам жогорулаган сайын табы көтөрүлүп, тоо ичин мемиретет. Жол боюндагы миң түркүн чөптөрдүн жалбырактарынан тамган мөлтүргөн шүүдүрүмдөрдөн улам, жер бети нымдашып, чым баскан эски жолдун тому, анчейин дале буруксуп чаңыбай, ат туяктарына таптала "дүп-дүп" эте, жылга ичиндеги суунун шоокумунан улам, айлана-тегеректе анчейин билине бербейт. Тоо ичиндеги канаттуу-куштар биринин үнүн бири улай сайраганы, кайберендердин ээрчише жайылып от алышы, бул аймактын коопсуз экенин айгинелейт. Болбосо, тоо ичин байырлаган кайберен, илбесиндер, канаттуу куштар өтө сак келишет. Бириси өтө эле сезгич болсо, экинчиси уганак, дагы бири көргүч, жыт алып, бири-бирине кабарлап, тынчы кете башташат. Айрыкча, асмандагы эң бийик учкан бүркүт, жору-кузгундардан баштап, тоо ичиндеги чычкандарга чейин коркунучтан кабар берип, эскертип турушат.

Эрте менен ойгонгон тоолуктар, алгач сыртка кулак түрөт. Эшикке чыгаары менен айланага сересеп салып, асманды андан, соң айланадагы тоо-таш, жайылып жүргөн малды карайт. Баарынан "эч белги" билинбегенден кийин, тиричиликке киришишет. Күндөгүдөн сырт белги болсо, көңүлү алагды боло, кыжалаттанып, анын себебин билүүгө ашыгат. Кокустан эле таң эрте менен канаттуу куштар бир тарапка сүрүлүп учса, же бүркүт менен жору-кузгундардын "тынчсыздана" айланганын көрсө, бир жерде кокустук болгонун, же бир коркунуч жакындап калганы сезилет. Дароо эле бийик чокуга чыгып, айлана-тегеректе көз салып, коңшу айылдагыларга ууру тийгенин, жоо келгенин, же кырсык болуп, сел каптап, көчкү жүргөнүн туюп, чара көрүүгө ашыгат. Ошондуктан тоолуктун ар бири жаратылыш кубулуштары, айбанаттардын тынчсызданышы, деги эле күн-түндүн чыгып-батышы, мезгилдин алмашышы, төбөдөгү жылдыздан баштап, жер бетиндеги өсүмдүктөрдүн бүрдөп, гүлдөшүн сырдаш, эртеңки абалдын кандай болоорлугун билип-туюп, иш алып барышат.

Оштун айлана-тегереги кулачын кенен жайып, күн аптабына ныксырап, денесин кактап жаткан дыйкандын пейилиндей ары берешен, ары мамыры берекелүү жер. Адыр-будур дөңсөлөрү гана болбосо, баш аягына көз жетпеген ары жайык, ары тегиз. Орто аралыгын тилип аккан, даңазасы далайга дайын, Ак-Буура дарыясы. Анын жака-бели жапайы жемиштүү бак-дарактарга толтура. Чар тарабын бозомук көрүнгөн ак баш тоолор курчап, боло калчу,

бороон-чапкындардан, ызгардуу сууктардан тоскондонбу, жайы-кышы өтө эле катуу суук, мээ кайнаткан ысыктык көп эле боло бербейт. Алыскы тоолордун этегинде жылга-жыбыттуу, кокту-колоттордон колдун салаасындай боло, ташып аккан булактар, бири-бирин толуктап келип, Ак-Буура дарыясына кошулат. Маңдай-тескей жайгашкан дөңсөлөрдүн этегиндеги булактар жылжып, тегиз жерде майда көлчүктөргө айланып, нымдын молдугунан жашыл туландуу чөптөр кеч күзгө чейин өңүн өзгөртпөй жайкалып турат. Аптаптуу күндүн табындагы адыр-белестер кактосунан келип, алардын колтугундагы тегиз талаа бетиндеги ары жыш, ары өскөн туландуу чөптөрдөн анча-мынча кара мал тургай, төөлөрдүн караaны көрүнбөйт.

Тоюттун молдугунанбы, же жапайы жемиштүү бак-дарактардын, тал-терек, караган-буталардын жыштыгынанбы, аймакты байырлаган жырткыч жаныбарлар, канаттуу куштардын түрлөрү арбын. Кайсы мезгилде болсо да, колдогу төрт түлүктөй жайылып, оттоп жүрүшөт. Күн-түнгө карабай жапайы жырткычтардын кыйкырыгы, канаттуу куштардын түрлөнтө сайраганынан чуру-чуу, күрү-күү, баш аламан үндөр басылбайт.

Аймактардын кээ бир жеринде, жаз алдын күн катуу ысып, эгилген эгин күйүп, чөп чыкпай калса, кээ бир аймактарда кар калың жаап, кыш катаалына айланып, жут каптап, мал эмес, ачкалыктан адамдар алапайын таппай калган учурлар да болуп келген. Ал эми Ошто кар улуу жааса, аптапка ээрип, күн катуу тийсе, мөңгүлүү тоолордон муздак жел согуп, Ош аймагы бейиштин төрүндөй болуп, бир калыпта өзгөрбөй турат.

Берекеси ташып, кандай мезгил болсо да, жашоого шарты ыңгайлуу аймакты ээлөөгө канчалагандар келип кызыгып, эчен жолу эл-жер талашка түштү. Ата-бабалары тандап, турук алган асыл жерди Адигине атанын урпактары канчалаган жоо келип, тийиштик кылып, кыргын-чапкындык кылса да, аталарынын мурасын сактоого, кан-жанын аяшпай, күрөшүп, сактап, барктап, коргоп келет. Кыргыздардын тани-канына жуурулган бейиштин төрүнөн артык жер ыйык эле. Канчалаган кыргынга кабылышса, касиеттүү ата-бабаларынын арбактары колдоп, жеңишти тартып жибербей кыргыздар элдигин жоготушпады.

Бабаларынын нарк-насилин ыйык көрүп, каада-салттарын кастарлашты. Тили, дилдерин аздектеп, ыйман-адебин бекем сакташты. Үрп-адат расмилерин улантышып, улуулардын осуят-керээздерин урматташты. Санжырасын санат кылып, улуу

эпосторун канат кылып, накыл-кеп, жомок, макал-лакаптарын, көркөм өнөрлөрүн, урпактардан-урпактарга кемитпей, жоготпой жеткиришти. Акылмандык менен акыйкаттыкты өзгөчө баалашып, эстүүнү ээрчишти. Мейман-достук менен адамгерчиликке кыянаттык кылышпай, улууну урматташып, кичүүнү ызаттоону милдет катары баалашып, ушул күнгө жете келишти.

Оштуктар жер менен ынак болушуп, ак мээнеттерин аянышпады. Жаз алдын бел чече белсене жердин бетин тилип, эгин сээп, кастарлап карап, кандыра сугарышып, отун отоп, түбүн жумшартышты. Ак төөнүн карды жарылган бышыкчылыкта, орок оруп боолоп, кырман кылып жанчып, мол түшүм алышты. Көбүн эсе жаноо шартка ылайыкташып, арпа, буудай, таруу, жүгөрү-мака эгишип, күндөлүк тамак-ашка пайдаланышты. Дың бузуп, жаңы талааларды өздөштүрүшүп, эгин талааларына айландырышып, арыктарды казышып, суу жеткиришти. Ал ээленген аймактар атадан балага мурасталды. Канчалаган жылдар өтсө да, ал аталыштар өзгөрбөй бүгүнкү күнгө чейин эл арасында айтылып келет. Оштон Кара Суу аймагына чейинки кең талаадагы «Баргы арык», «Бакал арык», «Тооке арык», «Сабай арык» ж.б. аталыштар Ош жергесиндеги баргылар жергиликтүү экендигин айдан-ачык тастыктап турат.

Эрте жаз деген мезгил жылдын баш айына туш келет. Кыш боюу жаткан кар ээрип, жер жибишип, тоң чыккан учур баар айы. Жер бетин көк каптап, бак-дарактын бүчүрлөрү жандана баштайт. Ал эми шаардын ортосундагы атайлап орнотуп койгондой болгон көрктүү тоонун күн чыгыш тарабындагы, күнгөй бетинде эчак эле чие гүлдөп, гүлүн төккөн учурда, түзөңдөргө жеткен арыктар тазаланып, талаа айдалып, үрөндөр себиле баштайт. Күн табына келип, жер бетиндеги кышта тоңгон топурактар тоборсуганга көк майса дүркүрөп көтөрүлөт. Аз эле убакыт аралыгында аалам жашыл жамынып, түмөн түркүн гүлдөр жер бетин каптайт. Жаз алдындагы күн канчалык жаанчыл болсо да, ачуу тийген аптаптан улам, эгилген эгиндер баш албай жаткан учурда күндүн табы жерге өтүп, топурак кургайт. Дал ошол учурда дыйкандар шашыла суу жетелешип, эгин баш алып, даны толгонго чейин кайра кайра суу беришип, бышыкчылыкты күтүшөт.

Эрте күздө бышкан данды ысырап кылбай, маалында орок салышат. Орок оруп, боо байлап, пай тигип, аны жанчканга кырман даярдашат. Темин бастырууга ат-улоо пайдаланылып, бала-чака ат минип айдашса, улуулар төшөлгөн эгинди улам оодарышып, бакал-

саманын иргешет. Элдин «оп майда» ырында белгиленгендей, кырман сапырылып, кызыл дан иргелет. Ал талаадан үйлөргө ташылып, оро, сүкөндөргө куюлат. Ош аймагында көбүн эсе дан, таза суу, тамак-аш көлөмү чоң көзөлөрдө сакталган. Ал кышын-жайын бир калыпта болуп, ичиндеги азыктар бузулбайт. Курт-кумурска, чычкан-калар кире алтайт. Керектөөгө ылайык дан тегирмендерге тартылып, тамак-ашка пайдаланылган. Ал эми таруу, конок, мака-жүгөрүдөн бозо ачытылып, суусундукка иштетилген Үй-бүлөдөн ашкан дан, малга, буюмдарга ооштурулуп Ош ооштуруудан улам аталып калганын эл божомолдошот. Жергиликтүүлөр колго жасалган буюмдарын келген соодагерлердин кийим-кече, турмуш-тиричиликке ылайыктуу буюм-тайымдарына алмаштырып алышкан.

Мал кармап, жер иштетүүгө ыңгайлуулугунанбы, же жайы-кышы аба-ырайы бир калыпта өзгөрбөй жашоого жагымдуу-лугунанбы, Паргана аймагындагы кыргыздардын көбү Ак-Буура дарыясынын жака-белин турак кылышкан эле.. Көбүн эсе тогуз жолдун тому болуп, Ындыстан, Кытай андан берки Жаркен, Кашкар аймактарынан келген кербен, Ошко токтоп, ат-улоолорун тынык-тырбай өтпөйт. Бир тарабы Өзгөн, Шоро-Башат, Кербен, Ала-Бука, Чаткал аркылуу Ташкенге, бир тарабы Анжиан аркылуу Кожент-Бухара, Хивага бир тарабы Кызыл-Кыя аркылуу тажиктер өлкөсүнө сапар алса, батыштан багыт алган кербен Ошко токтоп, Мады аркылуу чыгышка жол тартат. Чыгыштан-батышка, түндүктөн-түштүккө кеткен сапардын баары, Ош аркылуу өткөндүктөн бул жер соодагерлер тыныктап, тынбай келген бир борбор катары эсептелет. Калаанын так ортосунда тоо жайгашкан

Кыргыздар Сулайман тоонун кереметтүү көрүнүшүн ыйык санап, тоонун айлана тегерегине байыр алышып, чарба күтүп, мал багып, дыйканчылык кылышты. Мээнеттерине жараша кайрымын алышып, биротоло жашап келишет.

Борбордук Азиядагы элдер Оштогу Сулайман тоону беке-ринен, «Экинчи Мекке» деп аташпайт. Тоодо бир нече ыйык жайлардын бардыгынан улам ушинтип аталып калса керек. Тоонун эң чокусунда «Бел-таш» деген жалпак таш бар. Аны бели, бөйрөгү ооруган адамдар жети жолу жатып алып сыйгаланса, оорудан айыгат дешет. Барган адамдар ал жайды айын көрүшүп, улам сыйгалануудан жадашпайт.

Ал эми, «кол таш» деп аталган жайга, ооруган колду салып, ичиндеги тилегин айтса, тилеги кабыл болуп, оорудан айыгат делет. «Бешик Эне» деген жайга, балалуу болбой жүргөндөр көп келишет.

Андагы бешикти терметкичин элестеткен көзөнөк ташты, эки кол менен кармап, маңдайын тийгизип, тилегин айтса, самаган оюу аткарылат. «Умай Эне», «Үр кыздардын үңкүрү», «Шаймерден» үңкүрүнө келгендер, не деген гана тилеген тилектерине жетишээри айтылыпкелет. «Кырк чилтен» -элдин түшүнүгүндө жигит пири Шаймерден түнөп кеткен. Жоокерчилик заманда жергиликтүүлөр жортуулга аттанаарда, ал жайга келип, сыйынганда жолдуу болушкан. «Тамчы тамаар» үңкүрү сүрдүү да, табышмактуу да. Кирүү жолу кууш. Бир адам араң батып, төрүнө сойлоп барат. Ала барган шамды жакканда, ачылып турган китеп сыяктуу ташта араб тилинде «Аят аль курси» аятынан үзүндү бар экени чечмелешет. Сыртта күн канчалык ысып, же суук катуулап турса, ал жерде бирдей деңгээлдеги жылуулук сакталат. Жазында дайыма тамчы тамып турат.

Тоонун түзүлүшү да ар тарабынан карагандарга, ар түрдүү көрүнөт.Бир тарабынан тоонун чокулары алп адамдын дене түзүлүшүн элестетсе, бир тарабы көкүрөгү тикчийген сулуу кыз эки колун көкүрөгүнө алып жаткандай көрүнөт. Ал эми түндүк тарабынан караганда, тизесин бүгүп, чалкалап жаткан карыяга окшоп кетет. Түштүк тараптан караганда, чөгүп жаткан төөнүн элеси байкалат. Дагы бир тарабында эбегейсиз чоң, тулпарга токулган ээр көрүн-гөндүктөн, аны эл, «Ээр таш» аташкан.

Элде айтылган уламышта, Сулайман пайгамар ааламды кезип, саякаттаганды жакшы көрчү. Бир жолу ал жан-жөөкөрлөрү менен Паргана аймагына учуп келет. Тоонун төбөсүнө келип эс алат. Айланадагылардын баары жагат. Бирок, суу жок экенин байкап, жараткандан суу тилейт. Ошентип кең аймакты тең жарган суу агып калат. Андан эки канаттай уланып аккан Жаннат арык, Жупас арык пайда болгон.

XXX

Топ атчанда күндө болбосо да, күн алыс, мерчемдүү жерлерге жетип, дайындуу жайларга кайгуулдап кайтышат. Адаттагыдай бүгүн да тоолордун эң бийик чокуларына чыгып, аң уулаган болушуп, ат оттотуп, алыскы-алыскы аймактарга көз салышат. Көчүп-конуп журт которгондордун, кайсыл жайлоого барып жүк түшүргөнүн, малын кай тарапка жаярын, кандай себептер менен ал жайлоого жайларын талдоого алышат. Анын жөнү калмак, кыргыз, моголдордун, жайыт талдап, көчүп-конгон тиричилиги, төрт түлүктү асырап, кесип кылган өнөрү, кыз берип, уул үйлгөн, аш-той каадалары окшош. Ал тургай

кийген кийимдеринде да айрыма жоктой.

Жайыт тандап жайлоологон учурда, бирин-бири чакырышып, сыйлашып, оюн-зоокторду да бир өткөрүшүп, достошуп, куда-сөөк боло калган учурлары да кездеше калат. Бий-төрө, эл башчылардын кесепетиби, жалгыз-жарымдын малын-талап-булап, өздөрүн туткундап айдап, анан эле колдоруна курал алып, кармаш башталып кетет. Ошондо да байкуштар талоонго алынып, туткундалып, эл башы, байлары качып кутулушат. Бул эскиден калган көрүнүш болгондуктан бири-бирине көп дале ишенич жок. Алдыртадан пайламай өткөн өчтү, кеткен кекти алууга болгон кармаш, жоолашууга жетет.

Карапайым байкуштар кайдан бирин-бири чабат. Ал да болсо ач көз, сараң, зөөкүр бай-төөрлөрдүн кылаар иши. Куралы менен мал-мүлккө ээ болуп, байыгысы келгендер, ар дайым күтмдүгүн көргөзүшүп, согуш чыгарып келишкен. Андайларга эл-жердин тынчтыгы, ынтымагынын эч кандай кадыры жок. Кызыкчылыктарынын баары, бийлик менен байлыкта. Бир кездери эчендеген мезгилдерди өз кучагына алган согуш апааты ойрот-моңголдорду түндүктөн качып келүүгө мажбур кылды. Ата-бубаларынан бери согушчан эл жаңы жерде да тынчыбады. Жергиликтүү эл менен ынтымакташып жашоонун ордуна алардын мал-мүлкүн талап алып, жерин ээлөөгө кызыгышты. Талаш жүздөгөн жылдарга созулду. Канчалаган адамдар куралдын курмандыгына айланды. Зомбулук менен ач көздүк улана берди.

Моңгол-калмактарды Ала-Тоонун ажайып коөздугу, жер-суунун молдугу, жайыттардын кенендиги, тоо-талаалардын түшүмдүүлүгү жашоого ыңгайлуулугу кызыктырып, сугун арттырды. Кыргыздардын Ала-Тоо аймагын тартып алуунун аракети кылымдардан-кылымга уланды. Согуштун кесепетинен кыргыз эли качты-тозду, тыркырады Тоо ичи томсоруп жетимсиреди. Мезгилдер өтө берди. Жесир эне, жетим уулун жетилтти. Ата Журтунун асылдыгын, элинин кымбаттыгын, ынтымактын баалуулугун, тирүүлүктүн асылдыгын жомок кылып жобурап, оболотуп ырга айлантты. Баласы билип, таанысын, түшүнсүн-деди. Кыргыздын каны, танинде бар баланын сезиминде ташып, эрдикке умтулду. Аталарынан мурасталган эр жүрктүүлүк, тайманбастык, жрдүк, эң негизгиси акылмандык, каада-салт, адеп-ахылат жүрөгүндө уюп, күршкө чакырды. Бири миңге, миңи түмөнгө айланган биримдик, ынтымакка баш коштурду. Мындай абал бир нече жолу кайталанып, кыргыздар элдигин жоготпой, эркиндигин эч бирге бербей келет. Ала-Тоонун жараты

айыгып, башка баш кошулуп, урук уланып, уруудан соң эл жетилди. Баскынчыларга каршы күрөштүн күчү алоолонуп, душманды жалттанткан эрдик уланып келет.

Жоолочулар Кызыл-Белести аша бергенде, мандайдагы жайыкта, тигилген боз үйлөргө көздөрү түштү. Күн төбөгө келип калгандыктанбы, же жолдо токтобой, өрлөп чыккандыктанбы, аттар күшүлдөп-бышылдап, дембе дем жүткүрөшө пөк кагышат. Үлоолорду тыныктырып, бир аз от алдырып алалы деген ойдо, бирин-бири караштьы. Кадуулай жүргөндөр тез эле жете келишти. Четтеги үйдүн ээлери иш менен алекби, же бир жакка кетишкенби, аттардын дүбүртүнөн улам эч кими утурлап, ат алганы чыгышпады. Аттарынан шапа-шупа түшө калышып, ортодогу момукка тегерете байлашып, боз үйдү көздөй жөнөштү. Алдыда баратканы "биз келдик" деп белдирмекке үйгө жакындашканда жумшак жөтөлүп койду. Эч кандай шыбыш жок. Алдыда келгени, эңкейе боз үйдүн эшигин көтрдү. Үйдүн төр тарабындагы ашкана жакта бир тонго чүмкөнүп жатканын көрүшүп, аял заты экенин боолголошту. Эшиктин көтөрүлүшүнөнбү, же жумшак баскан кадамдарданбы, ал башын араң көтөрүп, кылчая тиктеди. Жаңы киргендер аны көрүшүп, жабыла салам айтышты.

-Амансызбы байбиче ?

-И, келгиле кагылайындар-деп ордунан туруууга аркеттенди.

-Козголбоңуз, козголбонуз? -дешип, үйдүн сол тарабындагы капшыттагы көлдөлөңгө жайгаша кетишти.

-Силер келсеңер, кантип козголбой коңюн-деп, байбиче жамынган тонун бүктөй жыйыштырып, башына койгон өзүнүн жоолугин жамына, ооруган чекесин укалап, сырткы жоолугу менен башын бекем бууп, ордунан туруп, сөзүн улай кетти.

-Башымда шакыйым бар, Төбөм түшүп калгандай катуу ооруп, көзүмө эч нерсе көрүнбөй калат. Жыгылып түшүштөн коркуп, кичине жатсам өзүмө келем. Шакыйым кармаганда, тим эле сел алып өтөнгө карабай жыгылам. Эми бир аз басылгандай болуп баратты эле-деп жоолугу алдындагы саамайын ак аралаган байбиче, өз жайын түшүндүрө кетти.

-Ордуңуздан бекер козгоп койдук окшойт? - деп, топтун улуурагы кечирим сурагандай, ыңгайсыздана кетти.

-Энеңерди кечирип койгула? Силер келгенинерди туйбай калганыма, уялып жатам, айланайындар!-деп очок боюндагы көрөнү алып, колун жууп, барып, ашкананын оозундагы кереге боюна илинген сабаны быша кетти.

-Ашкана оозунда илинүү турган дасторконду алып, жүйүрт басып келип, келгендерге жайды. Заматта досторкон бети каймак, май, эжигей баш болгон даамдарга толо түштү.

-Балдарым, тартынбай даамдан алгыла. Эрөөн көрбөсөңөр бириң, тиги сабаны көтөрүп, алдагы кол чаначка кымыздан куюга жардам бергиле? Күндө абышкам кол кабыш кылчу эле. Ал төрт тыраакысынын артынан көзмөлдөгөнү кетти-деп, сабанын боосун чече баштаганда, отургандардын жашыраагы тура калып, анын колунан алып, адам боюна барабар сабаны, көтөргөндө, анын шериги ага жардамдашып, кол чаначка кымызды куюштурушту.

Жайлоонун нак кымызынын жыты “бур” эте түшүп, алыскы жол басып келгендердин таңдайын кургата, тамшанууга аргасыз кылды Байбиче кол чаначтагы кымыздан чөйчөккө куюп, акырын ооз тийип, чөйчөктү ары коюп, жанындагы кара аяктарды мелт-калт толтура, бир-бирден узатты. Келгендердин колуна кесе толук тийген соң, бирин-бири алдыртадан карашып, кылт-кылт кымыздан жута кетишти.

-Жуткула, кагылайындарым. Жол жүрүп, чаңкап калсаңар керек. Жерге койбой түгөткүлө. Дагы да кайталайын деп, кол чаначты көтөрүп келип, аларга жакын отурду.

-Ырахмат, эне.

-Чаңкообуз кана түштү-дешип, үй ээсине ыраазычылык билдиришти.

-Улам-улам бошогон кесени толтурган байбиче.

-Беймарал, жазылып отургула. Силердин карааныңарды алыстан көргөн абышкам да, жандыктарын эңкүүлтүп келип калат Дастарконго карап, каймак-майдан алгыла-деп байбиченин шакыйы жазылып, баятан берки оорудан улам түктйгн ңү оңолгондо болду

-Ботом, бөтөн бир келгенде үрүп чыкчуу иттерибиз да жок, үй ээси келгендерди алаксыта, кепке тартып, кабагы суз экендигин билдирбеди.

-Эне, бул журтка жакында эле келип конгон окшойсуздар?

-Туура баамдапсың. Жер шартына көнүккөнгө чейин деп, малыбызды бош кое бере албай, эртели-кеч жайыттан кайрып, конушка көнүктүрүп жатабыз. Мал да, эшикке чыксаң бетегеге чалынабыз. Оттон от тандаган мал, биринен-бири оозуп, алда кайда кетип калышат.

-Короого үйрөнүп калышса, кетпей калышар-деди келгендердин бирөөсү, үй ээсинин көңүлүн улай.

-Кетсе, кайда бармак эле-деди экинчиси.

-Алыска кетсе, ууру-кескиге жем болот да
-Кайсы ууру келмек эле?
-Уруу болбосо, каракчы албайт дейсиңби?
-Мына, бизди көргөндө, кайсы ууру-кески даап келе алат?
-Биз кеткенден кийинчи?
-Келип көрүшсүн. Экинчи бул тарапка баскыс кылып коелу-деп [illegible] сөз талаша баштаганда, байбиче.
-Ууру-кески деп, калмактардын каракчылыгы ашынып баратпайбы?-деди.
-Эмне,чоң эне? Калмактар, баягы кылыгын дагы башташтыбы?
-Калмак качан эле коюп калчу эле? Кечээ жакында эле, коңшуларыбыздын малын сүрүп-айдап кетишти. Биз жаңы журтка көчүп, малыбызды айдай келдик эле. Сак калдык. Коңшуларыбыз малын алдырышып, аска-зоого чыгып кеткен илең-салаң, баса албаган ылаңдарын карап отурушат.
-Мал-жанга тиймей жок-деп келишпедик беле.
-Келишсе кана?
-Калмактардын келип, талап-тоногон каракчыларын, эч кимге айтпадыңарбы?
-Эки күн болду Малдарды ажыратып алабыз-дешип, арка-ларынан түшкөндөрдөн майнап чыкпады окшойт. Эми түңүлүштү окшойт.
-Карактагандар ким дегендер? Кайдан келгендеринин дайыны барбы?
-Дайынын, ким билиптир. Жакынкы эле жерден го?
-Аңгыча сырттан дүбүрт чыгып, эшикти серпе ачып, сакал-мурутун ак аралаган, бою-башы тың, келбеттүү адам баш бага салам айтты.
-Келгиле меймандар?
-Келдик. өзүңүз келиңиз?-деп отургандар жабалактай тура [illegible], улуу кишиге кол беришти.
-Козголбогула, дегенче, кол бергендер менен учурашып, үй [illegible] аяк тарапка көчүк басты.
-Келиңиз, төргө отуруңуз?
-Мен үй ээсимин. Төр силердики-дегенче байбичесине бурула, Байбиче балдарга дасторкон жайышына караганда, [illegible] айыккан окшойт?
-Булардын келгенин билбей калыптырмын. Араң турбадымбы-деп таңган башын көрстө, оруп жаткан чекесин басып, жооп берди.
-Жоо келгенде да турбай калчу адатың бар эле. Бул балдар

келгени шакыйың жазыла түшүптүр. Сакайганы ошол. Мен мейман камын кылайын. Казаныңды асып, от жага бер-деп үй ээси сыртты көздөй жыла берерде

-Абаке, убара болбоңуз. Биз ыраазыбыз. Улоолорду тынык тыралы деп, кире калдык. Жолдон калбайлы-дешти отургандар жабыла козголушту.

-Убаракерчилик жок. Жолоочуга дайым жол ачык. Байкашыма караганда алыскы жолду басып, атыңар ачынгандай. Союш бышканга чейин от чалдырып алгыла. Эңкүлөй барып, "калмак чалма" кылып, тушай койсоңор атыңар алыс кетпейт-деди.

Үй ээсинин көнбөстүгүн билген коноктордун тобундагы бир-эки аттарды от койгону кетсе, калгандары отун жарып, суу алып келип, бириси карыя кармап берген союшту союп, жиликтей баштады этти казанга салдырган соң, карыя келген коноктоpго кайрылды.

-Кана жигиттер, эми көңүлүбүз жай болду. Таанышалы. Ал жайды сурашалы. Ким деген болосуңар? Кандай максат менен жүрсүңөр?

-Адигине болобуз? Эл кыдырып, жер көрүп, кайсыл жерде кимдер бардыгын билели деп келаттык эле-деди Бакал.

-Аныңар жакшы. Мен мундуздардан болом. Ысмым Барпы. Бул тарапка бир атанын балдары жакында көчүп келдик. Адигиненин кайсыл тобунансыңар?

-Баргы тобунан.

-О, Баргы бийдин урпактарынанбыз дегиле. Ким дегендердин балдары болосуңар?

-Бөкөй бийдин.

-Уккам, уккам. Бөкөй бийди кимдер билбейт. Калыс сүйлөгөн, элге тегиз киши деп аксакаладар баа берип калышат. Мен да ал кишинин сыртынан таанып, бир-эки чоң тамашаларда көргөмүн. Бирок, кол алышып учурашып, сүйлөшө албадым. Сен кайсыл баласысың?

-Атым Бакал.

-Атаңы атчайын. "Бала баатыр" сенсиңби? Айтам да, бир жерде көргөндөй болуп, көзүм жылуу учурап атпадыңбы. Баягында, кыргыздын намысын бир көтрүп койдуң да. Калмактын "бөкөсү" менен айкашып жатканыңда жакабыз кармап.

–Алса экен. Кудайым кубат берсин?-деп тиленип турдук. Акырында сүңгүнү малып кулатканыңда, намыстын жашы кзүбүздн куюулуп, калган тамашасын крбй, сенин аркаңдан ээрчибедикби. Сага барып, колуңу кысканга, кпчүлүк жеткирбеди. Атаңа ырахмат!

Сени тууган энеңе ыраазыбыз. Келчи, кеч болсо да, колуңду кармап коеюн?-деп Барпы карыя бапылдай сүйлп, ордунан тура, кол берген Бакалдын колунан өөп, далысынан аяр таптады.

-Айтам да, Кудайым берчү жерге берет. Кыргызым түптүү журт. Баатыры болбой эл болбойт-демекчи, ошондо бир, элиңдин намысын коккө көтөрүп, даңкына жарап койдуң. Болбосо, калмактын [illegible], эч бир жан чыкпай калабы деп, баарыбыздын жылдызыбыз жерге түштү эле. Сенин эрдигиң, балбандыгын бизге желек болду го чиркин.

-Э, байбиче, үйүбүзгө кызырдай эле адамдар келишиптир. Кел [illegible] куюп, жаңыла! Мен ошондо үйгө келээрим менен сага [illegible] "аксары башыл" атап, сары улак союп, коңушуларды чакырып, балбандыгыңды айтып берсем, келгендердин баары, сыртынан [illegible], кубанышып, ыйлашбадыбы. Көрсө, калмак деген жуксуздар, [illegible] көңүлүн "көк таштай" тийип, бир жолу жек көрүнүп калган [illegible]. Айтса айтпасада ата бубаларыбыздан бери согушуп жүрүп, [illegible] жеңип, калмактар уу чачкан жыландай, суук сезилип калыптыр. Кытайлар бекеринен аларды өлөттөр (элюттар) деп атабайт экен. Өлөт тийгирлерди бул аймактан биротоло сүрүп-[illegible], жок кылаар күн болоор бекен?

-Болот аба. Элибиз эми оожалып, баш көтрүп, келе жатабыз. Буйруса, ал күндөр да алыс эмес.

-Оозуңа май, садага. Айтканың келсин, ак жолтоюм. Бир өзүң миң болосуң го сыягы. Өзүм сүйлөп эле, силерге сөз бербей койдум окшойт.

-Жок аба, сиздин сакалыңыз улук, сүйлгөн сөзүңүз тунук. [illegible] сүйлөгөнүңүз бизге жагып жатпайбы-деди Алике.

-Э абышка, сөзгө алаксып, казанды эстен чыгарып койбогула. [illegible] болуп калды. Барып келе коеюн. Отко көз кырыңарды [illegible] отургула?-деди байбиче казандагы эттин чий көбүгүн алганча.

-Чоң эне, сизге жардам бергенче кошо барайын-деди, баятан бери от менен алек болуп отурган коноктордун бириси.

Тура кала, шыпылдап, байбичеден мурда, көнчөктү ала коюп, сыртка жөнөдү. Экинчиси байбиченин ордуна жыгач чөмүчтү колуна алып, кайнаган эт үстүндөгү чий көбүктү сапыра кетти.

-Жамандын коногу бийлейт – дегендей, менин колумдагы жумушту баарың колуңарга алдыңарбы? "Конок койдон жоош" [illegible] отургула, бул жумуштарды өзүм кылам-деди Барпы карыя, [illegible] обдула берип.

-"Жаш келсе ишке, кары келсе ашка" –дейт эмеспи элибиз.

Ишти бизге коюуз-деди сузгу менен кайнаган этти аңтарып жаткан Болто.

-Анан, ошондогу тамашада, калмактардын тополоңун өзүң өрдөн угайын? Каразгөй калмактар догурунушуп, уялбай доо доолашпадыбы? Кыргыз бийлери, Бөкөй бий өзү баш болуп:

-Канткенде да калмактардын баатыры биздин колубуздан набыт болуп калды. Байгени талашпайлы. Кыргызга намыс алганы жетет. Калмактарга бергиле, соорунду деп, кыргыздар байгеден баш тартканда, ач көз калмактар:

-Биздин баатырыбызды өлтүрүп алышканынан коркуп калыш ты. Эми буларды каалагандай калчаш, биздин эркибиз дешип, доо доолашканын кийин уктук. Себеби, биз Кашкар аймагынан барган кыргыздар, баатырыбыз жеңип, кыргызга намыс тиери менен калган тамашаларды көрбөй, баса бергенбиз. Анын үстүн бир-эки билармандарыбыз.

-Калмактардын намысы тебеленип, баатыры өлүм тапты. Жаны ачышкан туз ургурлар, баягы адатынча, ичтери ачышып, кычылык кылышып, кайтышканда да, жөн кетишпейт. Же бир тополоң чыгарышат. Болбогондо, жолдо жоолуккан кыргыз айылдарына тополоң салып, толоон-булоон кылышат. Эртерээк, үйлрүбүзгө жетип, бир айласын кылып, азыр турайлы-дешкенинен, сыйга карабай үйлөрүбүздү көздөй жол алганбыз. Кийин биз уксак, кесепеттер, тамашада байгени да алып, доо доолап, тополоң салып, биз айткандай болуптур. Ошол ырасбы? - деп карыя Бакалга кайрылды.

-Ырас.

-Кандай док артышты?

-Бир эмес, жүз эрдин кунун бересиңер. Биздин баатыр, силердин жүз баатырыңарга тең келет эле. “Бала баатыр” атаган Бакал баатырыңарды бергиле?. Болбосо, согушабыз. Канга кан. Башка баш-дешти деп, Алеке жооп берди.

-Атаңын гана оозун урайын, кайырдин каапырлар! Уялбай этпей ушинтип айтыштыбы? И, анан?

Кыргыздар согушса, согушайлы дешсе, эчен жолку талоон булоондон аман калгандар, эми гана курала башташкан. Алыскы, күн жүрүш тараптагы Көл, Нарын, Ак-Суу тараптагы кыргыздарга кабар жиберишип, алар жетип келгенге чейин, көп калмакка туруштук берүү кыйын. Алардын айткан “жүз эрдин” кунун төлөөгө баргылар айласыз болушту.

-Башка уруудагылардан да, жардам болгондур-деди карыя

[illegible] ичи ачышып.

-Баргы тобунун аба-аксакалдары өздрүнчө кеңешип:

-Доо тартып калдык. Жардам бергиле?-деп кимисине барабыз. Баргы болгон соң кылыгыбыз бир. Кийин соңгу, "дооңорду төлөгөн биз элек" деген сөз калат. Баргы балдары, бар тапканыбызды ортого жыйнайлы-дешсе

-Баатырыбыз алып берген намыстан, эшибиздеги малыбыз артык беле. Баш аман болсо, мал-дүнүйө табылат. Ансыз да ата-бабалар

-Мал дүнүйө болуп, ашык атпайт. Бир болсо айгайлап кирген жоонуку, же алдыртан келген жуттуку-дешип, малдарын топтошту. Алардын абалын крүп-билген уруу башчылары, ар кимдерге айтышып, коңүлдөрүнөн чыккандарын беришти. "Көп түкүргөн көл" дешкени, кыргыздар "жүз эрдин кунун тынчтык үчүн берип кутулушту.

-Кайыр диндегилердин өздөрүнөн да, ниеттери жаман. Качан болсун чырдын үстүндө, жамандыктын ичинде жүрүшөт. Байгени да алып, доо өндүрүшүн тоюнушкандыр?

-Балээгеби, кыргыздарды басынтып, доого жыгып, моюн сундурдук. Экинчи бизге кол кайры кыла алышпайт дешип, жалгыз жарым жүргөндөрдү, сапарга бараткандарды талап-тоноп, элден обочорок отургандарга кол салып, кыйноого алып жаткандыктарын көрүп, эл кезип, жер чалып жүргөнүбүздү сизден жашырбайлы-деди [illegible].

-Ал, кеп быякта дегиле? Силердин айтканыңар ырас. Кечээ жакында эле биздин коңушулардын малын "айдай кетиптир" деп угуп, уури каракчылар кайдан келе калышты-деп таң калдык эле.

-Эки саамга чейин эт бышкандыр. Даам татып көргүлчү?-деп байбиче сырттан киргенче.

-[illegible] козунун эти, бир саамга калбай бышат. Колго суу келтиргиле-деди абышка.

Элден угулган кабар, үйүндө отурган меймандардын айтканына топ келип, аны терең ойго салды.

-Бу мыкаачы ойрот-калмактар өздөрүн, "жеңиш үчүн жаралганбыз" деп ойлошот окшойт. Согушта жеңиш көп колго, же [illegible] тиет. Ал эми таң-тамашада өздөрүнүн чеберине, эңиш, күрөш, эр сайышта-эр азамат, балбан мөрөй алат. Аны карап турган эл күбө. Ким эле, эңилгенди- эңди, жыгылганды-жыкты деп айта алат? Анткенде калыстык, акыйкаттык кайда калат? Же зордук-зомбулук акыйкаттыктан тайдырабы? Бул адилетсиздик. Жашоодо

адилеттик гана жеңишке жетиши тийиш. Элдин күрөшү адилет. Жеңиш баары бир кыргыздыкы болот-деп Барпы карыя, ой тыянагынан чыккыча-байбичеси чара толо этти чыгарты, булоолонто меймандардын алдына койдуруп, шорпо куйдура баштады.

-Кана жигиттер, кадырлуу коногумсуңар. Устукандарды кара алгыла-деп, улуу жиликтерди, улуулата узатты.

Мейман - дос карыянын үйүнөн аттанган топтун көңүлдө шайдоот. Улоолору да эт бышым аралыгында кеңири от алып, тыныккангабы, камчы салдырбай баратышты.

Тескей-күңгөй тараптан "бак-бак" эте короз кекилектердин, кыр жондордо "уйт-уйт" деген улалардын, ар түрдүү тоо чымчыктарынын "чырыйттап" бири-бири менен үн алышканы, алардын көңүлүн өзүнө тартып, суктандырды. Чымдуу жерди солкулдатта баскан улоолордун туяк үндөрүнөн, жендор калдайган жалбырактардын алдынан "бултак" эте чыга калып, кулактарын делбектете качып жөнөйт.

Кашаттап кокту-колотторго келе калышканда, кою чөптүн алдында "кулдурт-кулдурттаган" булак үнөдөрү чыгып, туп-тунук мөлтүрөгөн тамчыларын серпип, таштуу жерде шаркырай түшүп, аскаларды жаңырта эңкүүлөп кетет.

Жалгыз аяк тар жолдо бирин-бири ээрчий, чубалжып келаткан атчандар, жайык жерге жете калышканда, аттарын жандай бастырышып, бакылдаша сөзгө киришет.

-Барпы аксакалдын үйү жупуну көрүнгөнү менен кандайдыр берекеси чачылып тургандай сезилди мага. Сөз баштаган Алыке шериктерин карап.

-Карыя да байбичеси да жылдызы жанган пенделер экен Ынтымак бул экени билинип турат.

-Назары ток адамдар, жылдыздуу көрүнүп, аты-жөнүбүздү сурабай-этпей союшун союп, мейман тоскондорун айт.

-Балдары бар экени билинбейт. Бир жакка кетишкенби?

-Жайлоодо болушса, кайда кетишмек эле. Отун алып, же мал кайтарып жүрүшкөндүр.

-Отуну жакын экен. Абышка өзү "мал кайтарып келдим" дебедиби.

-Баласы жок үйдөй эмес. Баары сарамжалуу, буюмдары орду ордунда экен.

-Аялдар баштанып, үй ичи, көрүп түшүнгөн бери көз салдыңар бы?

-Көз салбай, анан. Паам-парасаттуу адам, көңүл кое, көз салат. Үйү аркылуу үй ээсинин ким экени айкын билинет.

-Барпы аксакал, билишиме караганда кандай адам экен?

-Колу ачык берешен. Көңүлүн кир сактабаган “ак көңүл жайыл” адам көрүнөт.

-Байбичесине кандай баа бердиңер?

-Байбичеси дале кемсука, пейли кенен, колдуу адам көрүнөт.

-Аны кантип байкадың?

-Үй тутканын кара. Тиричиликке зарыл, буюмдары түгөл идиш-аягынын иреттүү, тазалыгы дасторконун жайганын айт.

-Эй, жигиттер. Катындар барган жеринен үй-жайын, берген тамагын, жайган дасторконун кеп кылат дешчү эле. Бу силер “Ноокосун” ачып, ашканасына кирип чыккандай, кеп кылып отурганыңар кандай? Эркек катары эмнени байкадыңар ошону айтыңарчы?-деди Бакал шериктерин чычалата суроо берди.

-Кыз болобу, уул болобу барган жерине көз салбай койбойт. Биз колукту тандаганыбызда да, атасынын үйүн кандай кармаганын, тиричилик тутканына көңүл коерубуз анык, туурабы?

Колуктуну жигитке, ата-эне тандайт. Качан эле жигиттер кыздын үй тутканына, тиричиликке бүйүр экенин көңүлгө ала койсун.

-Ата-энең сага, жаманды тандамак беле?

-Ата-эне жаманды тандабайт. Алганың колдуу, сарамжалдуу болсо, өзүң жакшы эмеспи.

-“Кыз кезинде баары жакшы, жаман катын кайдан чыгат?” демекчи, бардыгы, ата-энеге байланыштуу. Жакшы жердин кызы жаман болбойт.

-Айтканыңар ырас. Бүгүн барган жерибизде эркек болсок да эмнени байкадыңар. Баамчыл экенсиңер менин суроомо жооп бергилечи?-деди Бакал шериктерине.

-Кадимки эле үй. Эркеккеби, аялгабы тиешелүү буюмдар, өз ордунда жайгашыптыр. Биз айткандай, байбиче тыкан көрүнөт.

-Сен эмнени байкадың?-деп Бакал Маңгытайга суроо салды.

-Кадимки эле, кыргыздын үйү. Камчы, тебетейи, сый тону илинүү турат. Бизге суроо бербей өзүң айтчы?

-Ошону айтканы турам. Үй убактылуу тигилиптир. Көп отурбай, көчүп кетүүгө ыңгайлашкандай экен.

-Аны кайдан билдиң? Убактылуу отурганын кантип, сездиң?

Көрүнүп турат. Керегени кең жайбаптыр. Журтту тандабай конушунун себеби, башка жакка журт котором деген ойдо экен. Жердин жантайышына карабай үй тиккени көрүнүп турат. Эртели-

кеч шамал болоорун билип туруп күн жааганга калбай көчүп кетүүнүн камын көрүптүр. Үйүн такай, казык кагышына караганда, өзүн сак, малын түнү кайтарып, уктабай жатарын баамдадым.

-Уктабай жатканын кантип байкадың?

-Кемпиринен эле байкалды. Күндүзү уктоону адатка айландырыптыр. Куралдары шай, босогого илүүнү турат. Кемпиринде да, өзүндө да жоокердик мүнөз калыптаныптыр. Чамасы, жашынан элин коргоп жүргөн, азамат көрүнөт.

-Ой-эй туура! Баатыр-баатырды билет демекчи. Өзүңөргө тиешелүү буюм көзгө биринчи көрүнөрү анык эмеспи.
Эй баатырлар, кимдин эмнени байкаганынан, анын ким экени айкын эле билинип калат. Жанатан бери "туткучу тигиндей, шыпыргысы мындай" деп айтканыңардан, кимдигиңер билинип калды деп Бакалга көзүн кыскан болуп Апалтай шериктерин шылдыңдамыш болду.

-Өзүң эмнени байкадың? Бардык дитиң эле, казан менен этте болуп, биздин көргөндөрүбүзгө маани бербепсиң да.

-Мен маани бергенди, Бакал баш болуп байкабапсыңар, туурабы?

-Эмнени байкадың? Айтчы?

-Мени эт менен казанды карады дейсиңер. Элде "Соргок казанды карайт. Акылдуу отту карайт" деп айтылат. Отту табында жаксаңар казан эрте кайнап, эт тегиз бышат. Кептин баары отто.

-"Отун албаганга от жактырба"-дешет аксакалдар. Оттун, отундун кадырын билиш керек. Бышырган тамак даамдуу болууда, дит коюп, ынтаа менен бышырган тамак, даамдуу болот. Баарың калтырбай ичип-жедиңерби? Ал бышырган адамдан. Тамагың го таттуу болуптур. Башка эмнени байкадың?

-Кеп ушунда турат. Абышкадан да, байбиче, баарындын күнүңөргө жагыптыр чынбы? Чын. Байбиченин тарбиясын алган тотү кушу бар экен. Байкадыңарбы? Байкадыңар. Эми ырасын айткылачы, кимдин көңүлү кайда экен?

-Татынакай, эстүү кызы бар экенин, сен кайдан билип койдуң?

-Билдим.

-Кантип?

-Аны айтпайм.

-Сен божомолдоп, бизди алдап жатасың

-Ишенбесеңер, мелдешесиңерби?

-Мелдешебиз.

-Эмне коесуңар?

-Минген атыбызды коелубу?

-Келе колду?

-Келе колду.

-Азыр, кайрылып барып, Барпы аксакалдын өзүнөн сурайбыз

-Мейли, мен жаңылсам, сен үчүн атыман түшүп берем.

-Макулдаштык.

-Жүр анда, кайрылабыз

-О койсоңорчу. Кайдагы жок кызга мелдешип.

-Жок дебе. Мен ишенгеним үчүн мелдешип жатам.

-Кантсеңер да. оңор эмес жерге жетип келип, кайра кантип барабыз.

-Мелдешибиз ак болот. Тыныккан аттар менен жетип барабыз.

-Оо-у. Эки эт бышым убакыт түп кетти. Качан жетебиз?

Топ атчан жабыла, аркаларына кылчайышып, аттанышкан тарапты карашты. Боз үй турган тоонун чокусун баары тиктеп калышты. Тоонун бети бозомук көрүндү.

-Карагылачы, түтүн чыгып жатабы?

-Түтүн эмес. Булут.

-Күн чайыттай ачык турса, булут кайдан болмок эле.

-Булут болбосо, улуулата от жагылгандар.

-Атайлап жагылган оттун түтүнү мынчалык болбойт.

-Анан эмне дейсиң?

-Бул алоолонгон өрттүн түтүнү.

-Ким өрттөмөк эле?

-Карагылачы? Канаттуу куштар ал тараптан качып, учуп жатышат.

-Чын эле. Түтүн да коюланып жалын көтрүлгөндөй.

-Ооба. Бул өрттүн түтүнү.

-Бир балээ болгон окшойт? Кайрылып баралычы.

-Кеттик.

Топ атчан, аттарын чапкан бойдон жабыла жөнөштү. Биринен бири түп, заматта жан боордогу жалгыз аяк жолго жете келишти. Тар жолдо тыгыла бастырышып, бир топтон соң Кызыл-Белдеги дөңгө чыгышты.

Маңдайдагы баягы, өздөрү сый көрүп чыккан тарап ызы-чуу. Жалбырттап жалын көтөрүлүп, түтүн бургуйлайт. Көргөн көздөрүнө ишене алышпай турушту. Бири-бирин элтең карап алышып, жабыла аттарын темине чаап жетип барышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, үй ээси менен кеңири отуруп, баарлашкан үй өрттөнүп, жер таянган керегесинин тому эле калыптыр. Туура тарапта башында жоолугу

жок, ак аралаган чачтары үксөйгөн байбиченин суналып жаткан денеси, он-он беш кадам алысыраакта буурул сакалынан бери кан болгон Барпы карыянын караанын көрүндү. Жигиттер шапа-шупа аттарынан оонап түшүшүп, байбичеге келип, денесин аяр көтрүшкөндө, ал кыйналганына чыдап

-Абышканы карагылачы? Жаны аман калды бекен? Көзүн ачпай булдуруктай чала сүйлөдү.

Аны шеригине калтырып, Бакал колун алга суна, көмкөрөсүнөн жаткан Барпы карыяга жете барып, денесин оодара, башын жөлөдү. Катуу нерсе тийгенден улам, чекеси кызара сыйрылып, андан аккан каны, бетинен ылдый куюлуп, сакалынан бери булганган карыя, оор онтоп:

-Капылет, туйдурбай басып калышпадыбы

-Кимдер алар?-деди Бакал, абышканын көзүн кирген канды аарчып жатып

-Баягы көрүндө көгүлтүр, калмактар.

-Кайда кетишти?

-Тууралай сүрүлүштү окшойт.

-Саны канча?

-Бир топ. Он-он бештей бар.

-Абалыңыз кандай? Сынган жериңиз жокбу?

-Колу-бутум аман көрүнөт. Башым айланып, көзүм ала-чакмак. Эч нерсени көрбөй турам. Тиги, кемпиримди карап койгулачы, аман бекен?

-Кемпириңиз аман.

-Таң ай. Бир-эки кемпиримди союлдары менен койгулаганда, жаным чыдабай арачы боло калбадымбы. Болбосо, алышканымда, бир-эки тең келет элем. Байкатпай чаап, эсими оодарышты.

-Абаке, азыр. Биздин бирибиз калып, сиздерге жардам берет. Калгандарыбыз алардын артынан кууп жетели.

-Өзүңрдү этияттагыла. Баары куралчан экен. Көп узай элек болушса керек.

-Маке, сен абышка-кемпирди карап, ушул жерде бол. Калганыбыз тигилер алыстап кетишпесин, артынан түшөлү-дешип, жабыла аттарын минишип, туура тарапка көз салышты.

Те эңкейиштиги түзөңдө коюу чаң чыгып, бир тобу туткундарды, бир тобу малды шашыла айдашып, бул жерден алыстап кетүүнүн аракетинде сүрүп, баратышканын байкашты. Бакал баатыр шериктери менен атын камчы салып, ылдый тик беттен куюлуша түшүп жөнөштү.

Ушул күнгө чейин, күндүн ачык-бүркөлүгүндө анчейин көңүл буруп да койбогондор:

Эртерээк күн бүркөлүп кетсе, салкындагы мал эңкейиште сүрүп жүрүп, конушубузга эртерээк жетет элек. Күн жааса айдаган малдын изи калбай, из басты болот эле дешип, өз издерин күүгүмдөн жазгырмакка калмактар асманды тиктеп баратышкан.

Бакал баштаган топ алардын изине салышса, чапкынчылар билип калышып, башка конуштардагы шериктерине кабар беришип, тапкан олжолорун колдон чыгарбоого тырышышат. Кабар берген шериктери келип калса, көбү биригип таламайга алаарын сезишип, тез ылдый түшүп, экинчи кокту менен барып алдын тосуунун [illegible]тинде, түзөңгө түшөөрү менен аттарын чаап жөнөштү.

Заматта маңдайдагы жапыс тумшукка жете келишип, Чапкынчылардын келишин күтүштү. Бирок, бешөөндө тең абат куралдары жок. Болгону күндө чапка басып, ала жүргөн союлдары гана бар. Шашылышта курал алууга үлгүрүшкөн жок. Үлгүргөн чендө да, жандарында абат, салмактуу чокмор, өткүр кылыч жок эле.

Табылгаларын сүрүп айдашып, туткундаган адамдарынын Басаңбаганын, аркада калганын камчынын көгүн бөлүп сабап, чуркоого айласыз кылгандар, баягылар турган тумшукка жете келишти. Эч бир коркунуч кыялдарына келбей, бака-шака түшүп, шайдоот келе жаткандарды алдынан, Бакал баштаган топ, карп-күрп чыга калыша, кол салышты. Капылеттен кол салгандардан чочугандар аттарынын тизгиндерин тартыша, токтой калышты. Колдорунда куралдары жок, төрт-бешөө эле экенин көрүшүп, жабыла ийри кылычтарын төбөлөрүн булгалашып, кыйкыра ат салышты. Оң-солдон келип, орой кетишти да, тирүүлөй колго түшүрүп, байлап алабыз деген ойдо, улам жакындай беришти. Бакалдын тобу алардын жакындап келишин күтүшүп, астейдил турушту. Чапкынчылардын башчысыбы, ортодогу бирөөсү "зоңк-зоңк" эте, кыйкырды.

-Аз эле экенсиңер. Жаныңардын аман калышын ойлосоңор, каршылыгы жок колго түшүп бергиле.

-Жөндөн-жөн кантип, колго түшүп беребиз?-деди Бакал.

-Жөн түшүп бербесеңер, курал колдонобуз.

-Ийри кылычыңарга ишенесиңерби?

-Силердин ишенгениңер, колуңардагы ксбү?

-Кел анда? Сен кылычың менен мен "ксм" менен чыгайын. Беттешесиңерби? Чапкынчылардын башчысы аны мыскылдай

тиктеп:

-Башыңдан ажырап калып жүрбө?

-Жекеме-жеке чык. Анан көрө жатарбыз.

-О, сен мени менен кармашкың келип турабы?

-Өзүңдү ким деп ойлойсуң?

-Менин даражам улук. Тайчжимин (тр). Сага окшогон жылаңач кул менен кантип беттешем.

-Жаңылышасың. Кыргызда кул жок. Бийдин баласы болом.

-Андай болсо жөнүң бар экен. Ажалың менин колумда. Көзүңдүн барында чөгөлө. Жаныңы белекке берем.

-Кыргыз эч кимге чөгөлөгөн эмес.

-Ошондойбу? Мейли анда өз ажалыңды, өзүң сурап калдың-деп, ырсая жакын келип, шап ийри кылычын Бакалдын кекиртегин туштай шилтей берди.

Бакал шамдагайлык менен чамгорок баштуу, чоктой кызарган табылгы таягын шилтей бергенде, анын колундагы кылычы ыргып кетти. Заматта куралсыз калган тайчжи, эсин жогото энсирей түшүп

-Талагыла-деп шериктерине кайрыла бергенче Бакалга ат салды.

Бакал ат үстүнд тура кала, маңдайына келе калган тайчжини дал башка, табылгы таягы менен тарта бергенде, уютулган чоюндай болгон бир чабар дал тийиши менен баягынын башына баса кийген шөкүлсү учуп түшүп, өзү анын аркасынан чокусу менен жерге сайылды.

Башчысынын буйругу менен анын шериктери батыр-бутур ортого алышты. Кыргыздар да жалтанып койбой, оор таяктарынын узун саптарынан кармашып, аларды жакын келтиришпеди. Кармаш суу кайнамга жетпеди. Беш беш тараптан шилтеп, жабыла кылыч көтөргөн калмактарды бир-бирден сулатышты. Бакалдын союлу дал тийген төрт-беш калмак, тил-оозго келбей жан беришти. Калганын денелери көк-ала болуп, башы-көздрү жарылып, жерде сулап, онтоп жатышты. Бир-эк шериктерин көрүп, качууга далалат кылышты эле, беркилер кууп жетишип, көк желкеге союлдары менен чаап, кулатышты. Туткундалгандарды бири-бирине байлашкан аркан-жиптерин чечишип, бошотушту.

-Айланайындар, жаныбыздан түңүлүп калдык эле.

-Ажалга жеткирбей куткарып калдыңар. Кем болбогула!-деп туткундалгандар биринен-бири түп, ыйлап-сыктап алкап жатышты.

Сүрүлүп бараткан мал, ээсиз калып, туш-тарапка жайылып кеткен эле. Калмактардын курч аттарын минген жаш балдар,

андыларын кайрый топтошуп, келген жактарына көздөй айдашты. Бая калмактарга туткундалып, басалбай, камчыга бөлүнүп, эттери эзе апа болгондор, жандары ооруганын эстерине да алып коюшпай, аман калгандарына сүйүнүшүп, беш баатырды кучактап, жалынып жатышты. Жаны ооругандарды, баса албагандарды калмактардын атторына миңгизишип, колго түшкөн туткундарды айдашып, жабыла эртеа кайтышты.

Кеч киргенде өз журтуна жете келишти. Туткундалган балдарын ата-энелери, айылдагы картаң абышка-кемпирлер кайра көрүшүп, кубанычтан аккан көз жаштарын аарчыша, кайра-кайра кучакташып жатышты. Үйлөрү өрттөлүп, таланса да, өздөрү аман калып, кайра көрүшүп жаткан айылдаштар, ач калгандарына карабай, түнкү сууктан далдоо, чогуу бир колотто түнөштү. Эрте менен эрте турушуп, бети-колдорун жуушуп, үстү-баштарын түздөнүштү. Чекесин куру менен таңып алган Барпы карыя айылындагыларына кайрыла.

-Туугандарым. Бир апааттан аман калып, кайра көрүштүк. Кудай бизге ушул күндү насип эткен экен. Биздин аман-эсен калышыбыздын себепкери мына бул Бакал баатыр баш болгон азаматтар болду. Булар болбогондо, бирибиз талаада калып, бирибиз туткундалып, жоого кул болот элек. Баарыбыздын атыбыздан, ыраазычылык билдирем. Ырахмат баатырлар, элдин калкасы болуп, аман болгула. Өлгөн жанды тирилтип отурасыңар, биз силерге, элиңерге кошулуп эл бололу. Ынтымакташып, силерди ваана туталы.
Эмне дейсиңер туугандарым?

-Туура сөз. Корообуз королош, журтубуз ыроолош болсун-дешти кпчүлүк

-Ап-бали. Жакшынын шарапаты дейт элибиз. Жакшылыкты унутпайбыз. Жамандык башыбыздан алыс кетсин. Мындай жамандык, кесепет экинчи болбосун. Баарыбыздан жан садага. Түл түкүрүп, конушубузду ысырыктайлы. Жаман-жуман, эски-ускуларды өрттөп "жамандыктан, шайтан, жиндерден арылалы. Бул жерди "Жаман конуш" атап, тээ береги тектирге конуш котороlу.

-Боло турган иш.

-Жакшы. Конуш ак жолтой, майлуу-сүттү болсун. Ырымы кылалы-деп көпчүлүк коштоп кетишти.

Отургандар эми козголо бееринде Барпы карыя колун серепчилеп.

-Дагы айтар сөзүбүз бар. Канткенде, баарыбызды аман алып

калган баатырларды, ыраазы кыла алабыз? Айткылачы?-деп кабагын жаза жалпыга кайрыла кетти.

-Алдыңарга ат тартып, үстүлөрүнө тон жабалы.

-Кыздарыбыз бар. Жакшылап сүйлөшкүлө, кыз берели.

-Жаныбызды, туугандарыбызды аман алып калган баатырлардан, эмнебизди аянабыз.

-Ырахмат туугандар. Бир баш-бир баш, эки баш-эки баш. Силерден түп, мен айтсам жагат беле, жакпайт беле. Өзүңөр чечкиле-деди Барпы карыя.

-Барпы аба сиздин айтканыңызды, качан биз жок дедик эле? Сиздин билгениңиз билген. Баарыбыз макул көрөбүз-деди токтонуп калган бирөөсү, тургандардын атынан сүйлөп.

-Доолашмак белек туугандар. Ынтымакка бириксек, ошол биздин ийгилик. Биз бир нерсе өндүрөлү деп жүргөн жокпуз. Чачылганды топтоп, биригели деп жүрбүз. Ар кимибиз ар жакта болсок, жоо бөлүп, талап-булайт экен. Мындан соң бириксек, күч болобуз. Кайдан келген жоо болсун, карасанатай, каракчылар болсун биримдик болгон бизден, айбыгышат. Бөлөк уруу, бөтөн топ дебей, “чогуу бололу” деген сөзүңөргө кубанып турабыз. Бизге уруксат берсеңер кайталы-деди Бакал көпкө ийилип.

-Ал эмне дегениң, баатыр? Силерге сыйыбыз деп, өзүбүзгө жан садага деп, түлөө өткөрүп жатпайлыбы. Көптүн ырыскысынан бирге ооз тийип, жалпыбыздын батабызды алгыла-деди Барпы карыянын оюуна ой, сөзүн сөз кошуп жаткан баягы ыраазылык билдирген адам.

–Те береги чала өлүк болуп жаткан, жуксурлардын суук жүзүн бизге көрсөтпөй, ала кеткиле. Жабыр тартып, жаны ачышкан арабыздагы бирөөлөр какыс-кукус кылып койбосун.

-Какыс-кукусту айтат. Колго тийсе өлтүрүп эле коебуз. Булардан, куп эле кордук тарттык го. Эмнеге аяйбыз.

-Сасык калмактар бизди аябады. Биз аямак белек өлтүрбүз.

-Бакал баатыр, кетээриңде буларды ала кет. Эртең буларың, тирилип алышса, бизге балекетин көрсөтүп жүрүшпөсүн!

-Алып кетип, кайда алып барабыз? Силерге бердик. Ишиңерди жасатып, жумшагыла-деди Бакалдын шериги Алике баатыр.

-Колу менен кылганды, мойну менен тартышсын. Кул болгон, күң болгон кандай болот экен. Билишсин. Жасатаар кызматыңар болбосо, мага бергиле, Жаман-Кыядагы жолду оңдотоюн? өткөн кеткендер бизге, ыраазы болгондой болсун.

-Койсоңчу, балээни башка үйүп. Бир күн болбосо, дагы бир

шуну көз жазгырып, качып кетишет. Же өзүбүздү майып кылып коюшат.

-Эй, жоо аяган жаралуу жакшылыкты билишпейт. Эртең эле куралын көтөрүп келип, бизди чабат.

-Анда таш кынатып,жолдорду оңдотолу.

-Мейли душманда болсо сынап көргүлө. Жакшы эл болуп кетишээр деген карыянын сөзүнө эч ким каяша кылышбады.

XXX

Кеч күз болсо да, Оштун аптаптуу күнүнүн табы кайта элек. Чоп бышкандагы күзгү кымыз күчүнө киргенин билгендер, кулундарды агытпай, желеге байлагандыктан бээлер күндүн ысыгынан ылоолошуп, жел аргыны күтүшүп, дөбөлөрдө чогулушкан. Түндүк жабуулары кайрылган боз үйлөрдүн жанындагы коломтолерде от жагылап, келин-кыз сүт бышырып, сүзмө кылып, каймактарын сызгырып, карындарга куюп кыштын камын көрүп тиричилик менен алек. Айылдагы майда балдар күнгө күйгөн жеңелеринин терлегинине карабай, адаттарынча сай бойлошуп, бүлдүркөн терип жүрүшсө, кырдуурактары тайыздап калган сууга түшүшүп, өзөн бою балдардын күлкүсүнө толуп, чоң-кичиненин баары эч нерседен капарсыз, жамандык ойлорунда жок болчу.

Капыстан, белес тараптан көп туяктын дүбүртү угулуп-угулбай жатып, балык жон болгон белестен «шоп-шоп» эте, атчандардын түрүлө-сүрүлө жөө тумандай самсыган калың караандары көрүндү. Сезимталы сезип, аңдап, карагычакты болбой, карарып-түнөргөн бүгүт баштанып, куралчан жоо каптап, келе жатты. Күндөлүк тиричилик менен капарсыз жаткан айылдагылардын кээси билсе да көздөрү баскынчылардын басып калганын билишпеди. Дагы эле болсо, элтең-элтең эте, жар-ташка секирген эчкинин улагындай болуп, өзөндүн бийик жээгине чыга калып, сууга боюн таштап, ойногон балдар, капылеттен көрө калышты. Бири-бирин тамашалай, түрткүлөгөн балдардын оюну тык токтоду. Шоншойто калың төбетей кийип, жалтылдаган соот-тулгачан курал асынган кошуундагылар көздөрүнө суук көрүндү. Бирин-экин көрбөгөн, же ойго-түшкө кирбеген караандарды, элейе тиктей, ата-энелери айткан жомоктогудай бейтаанышлтарды аңырая, таңыркап турушуп, анан эстерин жыйып, кыйкырып-бакырып, боз үйлөр тараптагы ата-энелерин көздөй чуркашты.

Капылеттен чыккан уу-чуудан улам, көлөкөдө ныксырап жаткан кароочу иттер баштарын көтөрөр-көтөрмөксөн «чөнк-чөнк»

үрүмүш боло, «а баягы эле балдардын шоктугу» дегенсишип, кайта эле жата беришеринде, жер жара күтүрөгөн дүбүрттөрдү туюшту. Бейтааныш жытты сезе, шарт турушуп, мандай тарапты карай «авалап» чуркамак болушканда, адаттагыдан тыш, ары сүрдүү, ары коркунучтуу көрүнүш, көздөрүнө тартылды. Биринен-бири өтө безилдеп, улуй чуу-чууга түшүштү. Жандары калбай, авалаган иттердин, ачуу чаңыра кыйкырган балдардын добушунан улам, ысыган күндүн табынан үй ичиндеги көлөкөдө, ныксырап, жаткандар ийне сайгандай чочушту. Сыртка чыга беришеринде, жабыла, ат кое жайпай кирип келген жоонун алды айылдан өтүп барып, артка кайра кайрылыша, жалпы журтту курчап калды. Элтеңдеген эркектер шапа-шупа камына кийинип, колдоруна курал алууга үлгүрүшпөдү. Алардын бирин-экини каршылык көрсөтүүгө кылган аракеттери ишке ашпай, душмандын курч куралдарынын курмандыгына айланышты.

- Тирүү жан калтырбагыла! Катуудан казан, жумшактан күлү калсын-деген тайчжинин ачуу чаңырган буйругунан улам, черүүлөр эч кимди аябады.

Каршылык кылууга аракеттенип капысынан алдынан чыга калган, бекинүүгө далбас уруп, качып жөнөгөн, баласын калкалоого ортого түшө калган, бөкчөңдөгөн абышка-кемпирди, калтаңдаган карыны, же чачы куудай агарган энелерди, жакында эле турмуш күтүп,жаңы боюнда бар келиндердиби, же чуркап жүргөн балдардыбы, эми гана там-тун баскан көөдөктөрдүбү бирин да ылгабай, аяп да койбой, кылычтап, найзалап, алыстагыларына жаа тартып – жалмап-жулмап, өлтүрүп жатышты.

Бая, улам дөңдөгү ташка чыгып, кайра күүлөнө чуркап келип, бийиктен балык боло секирип, сууга түшүп, каткырыктары аба жара, ойноп жаткан балдар, айыл тараптагы коркунучту бир сезип, кээлери туюп-туйбай чымчыктай чурулдай, качып жөнөшкөндө, чабалыраак биреөсү алыстагы чечкен кийимине жетпей, алдастап, терең сууга секирген эле. Атырыла аккан шар суу, аны эбелектей кылып, аласалдырып төмөн агызып жөнөдү. Улам далбас уруп эптеп жээкке чыгуунун аракетинде, туш келди таштан-ташка секирген шар суунун эпкини менен колуна урунган бутактарды кармоого аракеттенип, сууну чапчып-чамынганына карабай, оңторула күүлөнгөн агын суу, өзү менен эңкүүлөй алып жөнөдү. Алдастап коркуп, акылын алдырган бала, оозу-мурдуна суу киргенине карабай, жээкти көздөй улам умтула берип, акыры онор эмес жерге барганда, эптеп сууга тийген талдын бутагын шарт

кармаган, жээкке эптеп жетип, дарманы куруп, башы суудан чыккан бойдон сулк жыгылды. Аз жаттыбы, көп жаттыбы өзү билбейт. Кулагына каңырыш, кобур-собур үн угулгансыды.

Дарыянын этек тарабындагы айрылышта, тарам-тарам боло бөлүнүп аккан тайыз суунун өйүзүндөгү айылдан, бир-экөө, кечээ күнү сууга чоо таштан, аны караганы келишкен эле. Ала-сала суудa агып келе жаткан, жыланач баланы алыстан көрө калышып, тосмолой куткарып алууга аракет кылып жатышты. Бутакты эптеп кармаган баланын жаны бардай көрүндү. Алыстан эле, улам чебелектей суунун жээгине чыгууга далбас кылып, тайыз жерине келгенде, талдын бутагына жармашууга аракеттенип, бир учурда бутакты кармап жээкке жеткенде, ага жете келишип оозу–мурдуна кирген сууну сарыктыра, башын ылдыйлата, буттарынан көтөрүп силкип, кайра-кайра көкүрөктөрүн басып, оозун-мурдуна эптей үйлөп, араң эстерине келтиришти. Бала көпкө чейин тил-оозсуз, сулк жатып, аран өзүнө келгенде, экөө андап: Кимдигин, кантип сууга акканын сурамжылай башташты. Ошондо гана бала өзүнө келе, айылды басып келген жоодон кабар берип, өзүнүн сууга акканын айтып берди.

Куткаргандар бир ишенип, бир ишенишпей, коюу жалбырактуу тал-теректердин арасынан абайлап, аркы өйүздөгүлөрдү карашса, кым-куут болгон чуру-чуу, чабылган кылыч, кезелген найза, каршы териши кулап, канга боелгон денелерди көрүшүп, өң-алеттен кетип калтырашты. Айыл ичи чак челекейге түшүп, кыркылган көгөн, желелер, ар жерде чачылып, сапырылган буюмдар, өртөлгөн боз үйлөр, маарап-мөөрөгөн көп малдын ызы-чууга түшкөн үндөрүн угуп, көрүшүп, эстерин жыйышып, эптеп өз айылдарын көздөй жетүүгө ашыгышты.

Кабарды угуп шашкалактаган аба-аксакалдар аркы жакынкы айылдарга чабагангы чаптырышып, эр жигиттерге кат арнашып, кары-картаң, бала-чакаларды, убактылуу болсо да, жашырмакка, колот-сайга далдоолоно, тоону көздөй алып жөнөштү. Дал ошол учурда, ар тараптан агыла келишип, капылеттен ачуу кыйкыра чыга калган жоо колу, айгай-салышып, алыстан аларды көздөй жаа тартышып, атырылта аттарын чапкылап, темине жете келишти. Айылдагыларды коргоого алган жигиттер, кармаша кетишти. Кырчылдашкан кылычтан, кагышкан найзадан, көпчүлүк боо түшүп, чуру-чуу, өкүрүк-бакырык айылдан айылды каптады. Качкандардан кабар жетип, жошолонгон суудан улам, кыябан кылган жоонун «кылыгын» билген төмөнкү айылдагылар суук кабарды угуп-

билишип, бир жайга топтолушту.

-Баскынчылар каптап кирип, суу башындагы айылдагыларды союп-кырып, талап-тоноп жатат деген суук кабар биринен-бирине угулуп жатты.

-Ыкчам кыймылдагыла! Эр бүлө аталган эркектин баары, соот -чопкут, туулгаларын кийинип, курал-жарагын belendep, тез чогулгула! Атараптагы айылдагыларга, алыскы-жууктагыларга токтоосуз чабаган чаптыралы! Баатырларын баш кылып, аба-аксакалдар тездик менен жете келишсин.

-Баатыр Бакал баш болгон баргыларга сен кабар бер! Бөрүнү урпактарына сен бар!.

- Муңгуш менен Сарттарды силер баштап келгиле.

- Мундуз менен Сарууга, Кушчу менен Басызга, Моңголдорго, Төөбөйлөргө, Чериктерге, Багыштарга калган оң-сол, ичкилик туугандарга түгөл кабар жетсин! деп аба-аксакалдар биринен-бири өтүп, ар бир чабаганчыга кат карматып, атайын зынарлап, дайындап, шашылыш аттандырышты.

XXX

Этектеги Кочкор-Ата мазарынын жанындагы түзөңдө ондукка, жүздүккө, жетип, кыргыз уруулары өз-өзүнчө бөлүнүп, сап-сапка тизилген. Ата-бабаларынан калган жыгач маталардын беттерине чегерилген ар уруунун эн-белгиси. Жоокерлердин жанында, уруу башчылар, аба-аксакалдар, баатырлар жалаң согуштук кийимчен турушат. Куралдары шай болгондор Бакал баатырдын айтаар кебин, ар бирине тапшырылган милдеттерди тыңшап турушту. Ак уул, Куу уул, Кызыл уул аталган кыргыз уруу бирикмелеринин билермандары, чыгаан баатырлары кеңешип, бир пикир менен жоого аттанууга даяр турган жоокерлердин ар бирин сыдыра, сын көз менен караշты. Баарынын үстүндө соот, башында туулга, колдорунда бөрү тилдүү найза, белдеринде байлануу чокмор, кылыч. Билерман аксакалдар катарда тургандарды сыдыра карап келишип, ортого келгенде токтошту. Жоокерлер тынчтана, көңүл бурушту.

- Баатырлар! Элибиздин көңүлүнө көк таштай тийип, көбүнүн кайгыланган капасына, көз жаштарына себеп болуп, эч бир жанга акаарат кылбаган ата-эне, бала-чака, тууган- уруктарды чаап-солоп, эч бир жанга ырайым кылбай, «кыргыз элин, тукум курут кырабыз» деген, ары мыкаачы, ары канкор душман кайрадан келип, ата-конушубузду ыплас буттары менен тебелеп турат. Кечээ күндөн

бери канчалаган айылдарды талап-тоноп, чаап, мүлжүп-бутап, бешиктеги балдарды, боюнда бар келиндерди куралына бута кылып ойноп, найзаларынын түздүгүн, кылычтарынын курчтугун сынашууда. Бул кордукка кантип чыдоого болот?

Биз-элибиздин эр азамат уулдары, көркоо душмандардын касиеттүү Ата-Журтубузга келип, эли-жерибизди балит буттары менен тебелешине жол бербейбиз. Канчалаган жылдардан бери, ойрот-моңголдор биздин ата-бабаларыбызга, андан кийинки, алардын урпактарынын балдарына бүгүнкү күнгө чейин жоо болуп келишти. Канчалаган азаптуу кордуктарды көргөзүштү Күнөөсүз ата-энелерибизди, бир туугандарыбызды, тууган–уруктарыбызды кыйнап, кордоп өлтүрүштү. Алардын оюу, максаты ыйык ата конушубузду, касиеттүү Паргана жерин ээлеп алуу, кыргыз элин күл-күңгө айландырып, көз каранды кылуу. Алардын арам ойлоруун эл уулдары жол бербейбиз.

Биздин ар бирибиздин танибизде, аталардын жалтанбастыгы, көк жал, кайра тартпас, тайманбас эрдиги жана талыкпаган күрөшчүл шердиги жашайт. Биз, ошол аталардын канынан жаралган уулдарыбыз. Ага сыймыктанышыбыз керек. Ар бирибиз тирүү турганыбызда, кара ниет душман, ыйык Ата Мекенибизде, касиети бар элибизди басмарлап, басып киришине жол бербейбиз. Баарыбыз ынтымакташып, биримдик менен душманга каршылык кылып, кайрылып келгис кылабыз Ата-энелерибиз, бизди эл-жерди коргоого, ак кызмат кылат деп, эр жеткирип чоңойткон.

Бүгүнкү аттанып жаткан кармаш, биз үчүн да, душмандарыбыз үчүн да акыркы согуш болсун! Өлсөк да, аларды тирүү кетирбей талкалап, экинчи баш көтөргүс кылалы. Бул согушта эч кимибиз жан аябайбыз. Артка кылчайып, жалтаңдоого, качууга жол жок. Биздин согушубуз адилеттүү. Себеби, жортуулдап, аларга барып, тийишкен жокпус. Болгону куттуу эли-жерибизди коргоп жатабыз. Биздин саныбыз аз болгону менен күчүбүз мол. Бизди элибиз, туулуп-өскөн жерибиз колдоп турат Аска-зоо, тоо, суу, капчыгай өрөөндөрүбүз бизге калкан. Жашынсак, койнуна алат. Кубаласак бизге жол ачып берет.

Кана, касиеттүү ата-бабаларбыздын өнүп-өскөн Улуу тоолору, ыйык ордолуу Ошубуз, мүрөктөй болуп мөлтүрөгөн Ак Буура дарыясы, киндик кан тамган айыл конуштарыбыз кучактарын кенен жайып, ар бирибизге күч-кубат берип, эрдикке шыктандырып, ийгилигибизге жол ачып, жеңишти колго алууга дем берип турат. Манас бабабыздын, Адигине, Баргы аталарыбыздын арбактары

колдосун. Омийин! Тургандар жабыла алакандарын жая, кошулуп, колдоп кетишти. Кыргыз колу жапырт аттанышты.

Оштун берекелүү талаасындагы түрлүү түмөн куусаң чөп, ат туяктарына майкандалып, топурагы сапырыла, шамалга аралашып, дарыянын шоокуму артта калып, эл-жери үчүн өмүлөрүн аябай бараткан уулдарына, аларга жеңиш тилеп узатып калган эл өкүлдөрүнө, ак тилектерин билдиришкендей, сезилип жатты. Кайрат-күч, кубаттары ташыган ата уулдары, аргымактарын алкынтып жер дүнгүрөтө, күү менен илгерилей баратышты. Чак-челекей түшүп таланган, каршы-терши өлүккө толгон айылдарды жандай өтүп баратызшты. Ак сакалы жайкалган карылардын, ак саамайларын чубалткан энелердин, эми гана кадам шилтеп там-туң баскан мотурайган балдардын, ымыркай бөбөктөрүн кучагына бекем кыскан энелердин, жазыксыз денелери, ар-ар жерде иретсиз, чачылган таштай болуп, кыймылсыз жатты.

- Ишенген эр азаматтар, кайда элеңер? Жан аябаган мыкаачылар, бизди ушинтип, жайнатып, жайратып салды. Эч кандай карышылыкка, качууга жол бербей, чаап – союп, чак-чалекейибизди түшүрдү дешкенсийт.

Күйүп бүтүп, күлгө айланган боз үйлөрдүн тому, эски журтка айланып, ар бир жоокердин көзүнө эски мүрзөдөй сумсайып, кунарсыз көрүндү. Чала күйгөн туурдук, кийиз, курмушулардын куйкум жыты, күндүн табында, кыйла убакыттан бери көмүлбөй туруп калган өлүктөрдүн жытына аралашып, аба коюлана оорлошуп, айлананы дымыктыра басып тургансыйт.

Кемегедеги казан оодарылып, курут жайылган сере, сүзмө асылган бакан кулап, желе-көгөн бырча-бырча кыркылып, ат байланган мамылар жыгылып, баары аралаша, астын-үстүн болгон. Бир да тирүү жан калбаган, ээн журт, көзгө комсо, көрүнөт.

Күүлөнө өтүп бараткандар тык токтоого айласыз болушту. Шумдук! Үстүндөгү көйнөгүнөн кылыч тийген курсагы айкын көрүнгөн жаш келин, буту-колу жайыла чалкасынан жатат. Анын жанында кызыл-ала канга аралашып, чыканактай наристенин денеси шарт экиге бөлүнгөн.

Үнсүз- сөзсүз турган топтон четтей чыккан, бети-башы куудай болгон аксакал, атынан кыңкая түшө беретринде, жанындагы жигит шамдагай кыймылдап, атынан секире түшө кала аны колтуктады. Карыя акырын басып барып, наристени аяр колуна алып көтөрө беретринде, ымыркай денеси суюла экиге бөлүнө түштү. Аны көрүп-билип, түшүнгөн карыянын кан тамыры дүүлүгө, карт жүрөгү күйүп,

түтөп кетти. Эчаак эле, түгөнгөн көз жашы чыкпай, далылары титиреп жатты. Ал белиндеги бото курун чечип, наристенин денесин аяр ороп, жаш келиндин колтугуна коюп, үстүндөгү аппак тонун сыйра жаап:

- Жерге бергенинерде, эне-баланы бөлбөй, бирге койгула деп, сүз гана жоокерлерди сыдыра тиктеди.

Карап турган ар бир жоокердин, ырайымсыз жоого болгон жек көрүүсү таш ып, колдору найза, кылычтарга жабышты.

Бир саамга кулак-мурун кескендей жымжыртык пайда болуп, намыстанган жигиттердин өңдөрү кумсарып, алааматтуу калбага кыжырлары ташып, кектери кайнады.

- Ысыктын күнүндө, душман колдуу болгондордун денелери бузулуп кетпесин дешип, шейиттерди жерге берүүгө жоокерлердин бардыгы катышты.

Ага чейин ар тарапты кайгуулдаган чалгынчылар жаңы маалыматтар менен биринин артынан бири келип жатышты. Жоо айылдарды талкалап тартып алынган, буюм-тайымдарды, мал-мүлктөрдү топтошуп, өздөрү жакка жөнөтүп жатышыптыр. Капыстан басып алган айылдарда, куралдууларга каршы чыккандар кем болгондуктан, баскынчылар коркунучту унутушуп, бөлүндү-бөлүндү болуп, ар айылдарга кол салып, тоноп, чаап, баскынчылык кылышып, эми олжолорун бөлүшүп, жатышат деп кабарлашты.

-Жоо колу, кай тарапка багыттап баратышат?

- Кара-Дөбөгө жетпей, кайра топтошчуудай

- Сандарын тактай алдыңарбы?

- Бизге караганда, эки эсе көптүк кылат.

- Топтошуп жаткандардын саны, канчага барат?

- Улам бириндеп келип, кошулуп жатышат.

Бардыгынын оюнда кармашты кантип алып барабыз? деген суроо турду. Кыргыз колунун бөлүктөрү да оң-сол, алдынкы-арткы бөлүккө, чабуулчу, кайгуулчу, чалгынчы, дем берүүчү топтор аталып, ар биринин башчыларынын өз алдынча, аткаруучу милдеттери бар эле. Негизги күчтөр, эки канаттын башчыларынын карамагында болуп, калгандары кошумча күчтөр катары саналчу. Жабыла чабуулга чыгууга болбойт. Тийип- качып согушуу да опурталдуу. Кандай болгондо да, көп колго, аз-топ теңелүгө болбойт. Бир гана айла, жердин шартын туура пайдалануу.

Жоонун артыкчылыгы, көп жылдар бою согушуп, согуш өнөрүнө тасыккандыгында эле. Жергиликтүү элди басып алууда, көптөгөн тажрыйбаларды, согуштук, басып алуучулук ыктарды

топтошкон. Кадимки чөө бөрүлөрдөй, бири кол салса, калгандары жапырт аны кубатташып ортого алышат. Ата-бабаларынан калган ыктарды пайдаланышат. Аны кыргыз-казактар кийин кана аңдашып, өздөрүнө өздөрүндөй ыктарды пайдаланышып, душманга душмандай каршылык менен кармаш жүргүзө турган болушту. Ойроттор жаңы эл-жерди басып алууда, биринчи чабуулду, ызы чуу менен тополоң салып кыйкырышып, тынч жаткан айылды, алдастатып, чочутуп аябай бүлгүнгө салышат. Баскынчылардан сестенгендер колдоруна курал алууга үлгүрбөй, бекинүүнүн аракетинде туш тарапка кача башташат. Ошол учурда кийинкилери капылеттен туш-тараптан чыга калышып, жакын жердегилерди чаап, майкандап, алыстагыларды жебелеп, талкалап киришет. Үчүнчүсү талап-тоноп, өрттөшөт. Эгерде жергиликтүүлөр алдастабай, кол кайры кылып, баскынчыларга каршылыкты күчөтүшкөн чакта, кийинки топтогулар алардын аркасынан келип, ортого алып талкалоого киришишет. Кармаш күчөгөн мезгилде үчүнчү топко, алгачкы жана кийинки топтор жардамга келип көптөшүп, эң кийинки топко дем берип, чыңдоо болушат.

-Даяр турган жоого, жабыла барып, кол салсак уттуруп коебуз. Биздин бир мүмкүнчүлүгүбүз бар. Кандай да болсун жоону алаксытып, капчыгайдагы даңги ичине алып киришибиз керек-деди Бакал өзү менен кошо турушкан кол башчыларга .

- Кантип, капчыгайдагы даңгиге киргизебиз? Душмандын кайгуулчулары жол чалып жүрүшөт. Биздин караанызды көрүшүп, саксына башташкандыр?

- Мүмкүн, аркабыздан куугун түшүрбөйлү дешип, бизди биротоло талкалоонун камында болуп жүрүшкөндүр?

- Ал боло турган иш. Бизге, бир ыңгайлуу жол болгону турат. Жоону капчыгай аркылуу өтүүгө, дарага кирүүгө, мажбурлашыпбыз керек.

- Мүмкүн алар бизди, жайык жерде кармашууга мажбур кылабыз деп турушкандыр?

- Андайга жол бербей, айласын табалы. Кана, баарыбыз бирге ойлонолучу? Биз колду төрт бөлүккө бөлөбүз.

- Баатыр, ансыз да күчүбүз аз. Бизге чогуу болгонубуз, ыңгайлуу.

- Баатырды угалы. Мүмкүн, анын ойлорунун пайдасы бардыр-деди Дөөлөт баатыр.

- Туура. Мен Дөөлөт баатырдын айтканын эп көрүп турам. Чыгым болбой койбойт. Ийгиликке жетерлик шарт түзүлгөнү

турат. Баатыр, оюңду аягына чейин айт.

-Жоого баарыбыздын жабыла киришибиздин бир жөнү бар. Алар көптүгүнө салышса, кандай болсун күн шашкеге чейин, туруштук беришибиз керек.

- Андай болгондо, көп жигиттерибизден айрылып калбайлыбы? - деди Эрболот баатыр.

- Экинчиси, бир бөлүк согушка кирбейт. Бизден бөлүнүп, азыр артка кайтат. Алыстан бизди көзөмөлгө алган жоонун кайгуулчулары ал абалды байкашып:

-Кыргыздардын ынтымагы бузулду. Бир бөлүгү кармаштан баш тартып кетип баратышат деген кабар тайчжиге жетет. Калганыбыз жабыла урушка киребиз да, кармаш кызып баратканда, бир бөлүгүбүздөгүлөр корккон болуп, бириндеп-экиндеп, майдандан бөлүнө чыгып кете баштайт. Калганыбыз аларды «билмексен» болуп, жабыла урушка киребиз. Кармаш кызыйт. Калгандарыбыз сыр бербей, кармашты уланта берибиз. Бул ыкмабыз ары жооптуу, ары кооптуу дагы. Бул ыкмага айласыз барууга туура келет.

-Баатыр, чакан колубузду кырдырып алып, кандай максатка жетмекчибиз деди Маматкул баатыр.

-Кое тур. Сөз аягына чыксын деди Садыр аксакал, Мама баатырга наразыланып, кабагын бүркөй.

-Сен экөөбүз баш болуп, дал ушул милдетти мойнубузга алабыз. Ошондо экөөбүздүн жигиттерибиздин ар бирине, жоонуп төртөн-бештен, керек болсо ондон ашык туура келет-деди Бакал.

- Баатыр, андай азапка, аз сандагы колубуз менен кантип чыдайбыз? - деди Бөрү баатыр.

- Чыдайбыз деп согушуп жатабыз. Чыдабайм дегенине кет.

- Өзүбүздү өзүбүз өлүмгө салып бергиче «Бар тобокел» деп эле, аламан согуш кылбайлыбы? Кимдин, кимдиги, чыдаар, чыдасбастык билине калат-деди Жоосур өр баатыр.

- Анткенибизде, баарыбыз кырылабыз. Көп ойрот, аз кыргызды талап кетет-деди Эрболот.

- Бирибиз качып, бирибиз тентип кеткенде эмне, кырылбай калмак белек?

- Жарымыбыз, соо калып жатпайлыбы? -деди Маматкул баатыр какшыктай.

Кол башчылардын кеңеши күлкүгө айланды.

- Жигиттер, бул күлкү эмес. Тамашага айландырбагыла.

Баатырдын сөзүн жыра сүйлөбөй, этегине чейин угалы! Кошумчабыз болсо, же макул болбосок. Ой айталы. Сөз кошолу деди Садыр карыя.

- Кармаштан «баш тартып, чыгып кеткендер» Сары-Бел тарапка багыт алышат. Жоонун чалгынчы-кайгуулчулары аларды көрүп, тайчжисына шашылыш кабар жеткиришет. Кармашып жаткан жоо, биздин аз экенибизди билип, «Буларды баары бир талкалайбыз» –деп «качкандардын» артынан бир бөлүгүн жумшайт. Биз, алардын кеткенин билбеген болуп, аздыгыбызга карабай качып- тийип, кармашты уланта беребиз. Душман бизди толук талкалоого чамынып, катуулап киришет. Биз аларга «туруштук бере албаган болуп» капчыгайды көздөй «качып» жөнөйбүз.

- Кыргыздар тоо-ташты аралап, кутулуп кетмек болду. Кууп-жетип, биротоло талкалайлы дешкен душман, куугунга киришип, бир бөлүгү алдыбыздан утурлап, тосмолоп ортого алууга, бир бөлүгү бизге жетүүгө шашылышат.

Тез жүрүш менен улам-улам каршылык көргөзүп, капчыгайга кире бергенде, алдыдагылар үлгүрүп даранын ичиндеги, жылгаларды көздөй топ-топко бөлүнүп кетебиз. Ошол учурда, биздин негизги колду таштап кеткен Садыр баатырдын колу, өтө катуу жүрүш менен биздин артыбыздан түшкөн, калмактардын артынан, сокку берүүгө жетип келишет. Капчыгайдын ичине «качып», тереңдеп барган Жоочабар баатырдын колунун бир бөлүгүнүн алдынкы тобу арча, кайыңдарды жамынып, бекинип, калууга үлгүрүүсү тийиш. Кийинки тобу, эч токтобой качып жөнөйт. Куугунга түшкөндөрдү Жоочабардын жигиттери ар тараптан алагды кылып, жаа тартышып, кокту-колоттордон чыга калышып, кол байлап, алагды кылышат. Дал ошол учурда, «качып кеткен» Байдөөлөт баатырдын жигиттеринин аркадан түшкөн бир тобу, бөлүнүп калып, жоо колуна жеткирбей, кокту -колотторду аралап, чачылып кетишет. Алардын аркасынан түшкөн куугунчулар, жолу жок, аска- зоолорго капталышат. Кокту-колоттун бийик жайында орун алгандар таш кулатышып, көчкү жүргүзүшүп, куугунчуларды кайтууга аргасыз кылышат. Ал эми бир тобу Муз-Белди ашып түшүп, Көк-Дөбөнүн этегин ээлөөгө үлгүрүшү керек.

- Оу, Көк-Дөбөгө жетиш үчүн атчан адамга бир күн аздык кылат?

- Аттарды таштап, жөө барасыңар.

- Ал аскаларда, кайберендерден башкалар жүрө албайт?

-Жүрүшкө туура келет. Болбосо, аз кол менен капчыгай ичиндеги жоо ортосунда катуу кармаш болуп, биздин аз колду алар көптөп, талкалап, кутулуп кетишет. Кандай да болбосун, Көк-Дөбөгө биздикилер мурда жетиши керек. Капчыгай ичиндеги дарадагы согуш бир тең, Көк-Дөбөдөгү кармаш бир тең. Ал жер, душман үчүн капкан.

-Баатыр, тапшырмаңыз өтө опурталдуу. Мындан башка жолун тапсак болоор беле? деди Эгемберди бий

-Жай учурда болгондо, жолу табылбаган иш болобу? Убакыт зыктап, башка айла табууга мүмкүндүк болбой турат. Кандай болгондо да душмандын кутулуп кетишине, жол бербеш керек деди Алике баатыр.

-Баатырлар учурду сая кетирбей, капчыгайды, дарадай жерибиздин шартын пайдаланып калуу аракетинде, тобокелдикке барып жатабыз. Күчүбүздөн күмөнсүбөйлү. Кошумчаңар барбы? деди ал сөз бүткөнүн билдирип.

-Баатырдын айтканы, айткан. Ойдогудай сөз болду. Бардыгы жайында. Эми, сөздөн ишке өтүү гана калды-деди Садыр кары Кана эмесе баатыр, эр азаматтарды ишке сал! Ат башын майданга бурады.

-Кыраандарым, дагы да, белгилегим келип турат. Убакыт сыноо, абал оор. Душмандын мыкаачылыгын көрүп, туугандарыбыздын кыйраганына күбө болдук. Ар бирибиздин көкүрөгүбүздө кегибиз, кайнап, өч алуу сезими ашып-ташып турат. Жаныбыз, жерибиз деп, өмүрүбүздү тобокелдикке арнап, салгылашып келатабыз. Ар бирибиз, мойнубуздагы жооптуу милдетти абийирдүүлүк менен аткарууга камданып турабыз. Арабызда артка кайтууга жол жок. Намыс-ариеттибизди туу тутуп, чапкынчылардын ташын талкалайлы! Ата конушубуздан душманды сүрүп-айдап жок кылалы. Жеңиш биздики Ийгилик баарыбызга тең. Тагдырыбызды кан майдан чечет. Кеттик.

Ат туяктарынын дүңгүрөгүнө, адамдардын кыйкарыгы кошулганып болуп, ар бир жоокерге сүр берди. Жалтанбас эр азаматтар куралдарын туу кылышып, ташыган селдей, жоону каптап кирди.

-Сок! Чап! Ур! Аа! деген үндөр бири-бирине шык берип, эрдик болуп, жоого каршы найзалар сунулуп, кылычтар чабылып кетти. Майдан талаада айкаш канча убакытка созулганын эч бир ким байкабады. Эске да алышкан жок. Ажалга айланган бирөөлөр улам ат үстүнөн талпактай оонап түшкөн адам

денелери көбөйдү. Аккан кан, аттардын терине аралашкан жыт, айлананы каптады. Жарадарлардын жан ачыштыра онтогон кыйкырыктары, чаалыккан аттардын онтоп, жөткүргөнү, үзөңгүлөрдүн кагышканы, темирге-темир тийген учкундардан улам алааматтуу көрүнүш, адамзатынын жашоо-тиричилигинен тышкы кыямат азабын элестетип турду.

Капылеттен, майдан талаасынан, бир тарапка, бириндеп чыга бергендер, майданга кылчайбай, кайдадыр бир тарапка, кетип жатышты.

- Эзелтен кыргыздар, мындай согуштарда, бирин-бири таштап кетпейт эле. Көп колго тең келе албастыгын сезишип, кача башташтыбы? Эгер андай болсо, аман кетирбейли деген ой, согуштун жүрүшүнө көз салып, турган тайчжиге келе калып, каршылаштардан жашырып турган бөлүктөрдүн жайсаңына карап:

-Тигилердин аркасынан жетип, талкалап кел! деп майдан талаасынан бириндеп-экиндеп, ээрчише чыгып, бир тарапка кетип бараткандарды көрсөтө буйрук берди.

Экинчи бир бөлүгүнүн башчысына согушуп жаткан кыргыз колун курчоого алып, тирүү калгандарды туткундоону дайындады. Жаңы күч менен калмактар чабуулга өтүштү. Кыргыздар жан аябай каршылык көрсөтүшүп, бирин-бири коргошуп, топторун бузбай кармаша беришти. Бир маалда жоонун жаңы колу согушка киргенинен «жалтаңдаган болуп», жапырт чегине башташты. Уламдан-улам кетенчиктешип, капчыгайдын оозуна жакындашканда, жабыла ат сооруларын тескери бурушуп, «качып кутулууга» аракеттеништи,. Калмак колу жааларын колдоруна алгыча, болбой, качкан топ, капчыгайды көздөй алыстап баратышты.

- Качырбагыла! Куугунга алып, талкалагыла!-деген тайчжи-нин буйругу айтылганга чейин эле, калмактар куугунга кызыгып, кыргыздардын аркасынан түшкөн болчу.

Кууш капчыгай ичи ат туяктарынын дүбүртүнө, куугундагылардын үнүнө жаңырып, аска-тоолорго уланып алыска кетип жатты. Канаттуу куштар, жапайы жырткыч-кайбереңдер үркүп, кайда качарын билбей, алдасташты. Бүтүндөй сүрүлүп жөнөгөн душман колу, майдан таласынан үзүлүп, алды эки-үч чакырымга жетип, аркасы бир чакырымдай капчыгайга кирип келгенде, күнгөй-тескей тараптагы арча-кайың каптаган, тоонун беттеринен ышкырган жебелер атылып, жамгырдай төгүлдү. Таштар кулап, шагылдар сүрүлдү. Капчыгай ичинде душман колу

алдастады. Аркадагылар алдыга сүрүлүп, алдыдагылар аркага кайрылып, бири-бирине кагылышып, шыкала кысылышып, жол таппай шашылышты. Ан сайын көчкү көчүп, таштар кулап, капчыгай ичи астын-үстүн боло, түтүн менен чаңга толду. «Кимди-ким көрүптүр» демекчи, жарадарларды соолору тебелеп, алактаган сарбаздарды көчкү басып, шагылдар сүрүлүп, кулаган, кагышкан таштардан учкундар чыгып, түтөп, капчыгай ичи чаң-түтүнгө толуп, зилзала болгондой караңгылык каптады.

Калмактар утулганын билишкенде кеч болуп калган эле.

Согуш тааласына «катышпай», эрте менен чыгып кеткен бөлүк, «белги» болоору менен шашылыш кайтып, капчыгайга «чегинген» шериктеринин артынан куугунга түшкөн жоо колунун аркасынан келип каптады. Калмактар капчыгайга тереңдеп кирише электе эле туш-тараптан көчкү жүрүп, таштар кулаганынан, жашынарга жай издешкендер, ортодогу жамгырдай төгүлгөн кыргыздардын огуна туш келишти. Жеңил жарадар болгондор, аман калгандарга кошулуп, келген тараптарын көздөй жөнөшкөндө, кийинки келген кыргыз жоокерлеринин чабуулуна кабылып, эч айла таппай алакташты. Узун капчыгай ичи дүңгүрөп, шагылдаган шагыл, «тарс-турс» эте бири-бирине тийген таштардан учкундар учуп, түтүн бургуйлаган чаңга айланды. Капчыгайдын ичи бу[illegible]дүң-чаң. Таштар кулап, тоо көчкөндөй болгон чакта. Сары-Жон тарапка баягы «качып жөнөгөндөр» ат жүрбөгөн аска-зоолорго асылып чыгышып, кайберендер жүрбөгөн, адам буту басылбаган жалама жарлар менен өтүп, Көк-Дөбөгө түшүп келишти. Эч бир жан келе элек. Капчыгай оозундагы дөбөнүн айлана-тегереги али тынч эле.

Тоо ичинде торолуп, бала кезде аска-таштардын бетиндеги куштардын уяларынан балапандарын алып көнүккөн тоолук жигиттер, илбирстей илбериңки кыймыл менен таш-жар, аска беттеринен жол таап барышып, мерчемдүү жайларды ээлешти. Капчыгай ичиндеги шар аккан сууну бойлой кеткен жолдон өткөндөр айкын көрүнөт. Алардын кулаткан таштарынан көчкү көчүп, шагылдар куюлуп, жар сүрүлөт. Эч бир жан сак кутулуп кете албайт эле. Көк-Дөбөнүн үстүндөгү чокуда тургандар дуулата от жагышып, өздөрүнүн келгенин билдиришип, шериктерине белги беришти. «Качкан» боло, аркадап түшкөн жоону «баштап келе жаткандар» улам илгерилей жөнөшүп, «кутулуп кетүүнүн» аргасында, ат тизгиндерин тартышканды, аркада калгандардын келишин күтпөгөн тайчжининин көп колу, алдыңкыларды куугунга

алышып, капчыгайды улай дараны көздөй чыгышканда эле, өз бөлүктөрүнөн бөлүнүп калышкан болчу.

Кыргыздардын алдыңкы тобун курчоого алып, биротоло талкалоону көздөп, келе жатышкан калмактар, бийикте, аска беттеринде жүргөн караандарды байкашкыча болбой, таштар кулап, жар көчүп, капчыгай ичи жаңырды. Улам-улам шагылдар сүрүлүп, кулаган таштардан жол бөгөлдү.

Капчыгай кийинкилерге «Кандуу капчыгай», «Калмак кокту», «Калмак дөбө» аталып айтылып калды.

XXX

Таң кулан өөктө чыккан топ, колот-кокту аралап, кыр жондон кыялап жүрүп, те маңдайдагы ашууну багыттап келе жатышты. Улам эгиздеген сайын аба суюлуп, ызгаардуу шамал каршы-терши согуп, аттардын жал-куйругун сапырат. Тоо ичи кансалык салкындыгына карабай, кээде таталаган өйдөдө, кээде жантайыштуу кыяларда, чебердеп кадам шилтеген аттардын кулак алдылары тердеп, демиккендиктери менен али кубаттарынан жазыша элек.Ар дайым тоодо жаман кыя, тайгак таштарды басып, көнүгүп, жерчил болгон аттарга, мындай «тозоктуу жолдор» көнүмүш болчу. Болбосо көнүкпөгөн аттар, кайберендер араң жүргөн аска-зоолордун мындай татаал жолунда, аягы көрүнбөгөн тээ төмөндөгү аккан суунун абазы угулбаган бийик жарларда тому билинбеген жолдорду таппай, титиреп туруп бермек. Тоолуктар да мындай татаал жолго азали ташыркабаган, чаалыгып-чарчоону билбеген, күйүгүп, түтөкпөгөн үйрөнчүк тобурчактарын минип жолго аттанышат.

Тоо шартына каныккан аттар да, тар жол, тайгак таштарда ар бир кадамдарын аяр шилтешип, курч туяктары менен кырлуу таш-тарды кычырата тебелей, жолу жок кыяларда чебердей жүрүшөт. Өздөрүнө ишенген ээлеринин көңүлдөрү алагдыланбай, тагдырын өздөрүнө гана тапшырып койгон ээлеринин ишеничин актоого аракеттенишип, кылтыксыз жай басышат.

Касиеттүү Камбар-Ата тукумунун, адамча сүйлөбөгөн гана жайы бар. Болбосо, баарын көрүп, билип турат. Ээсинин кабак-кашынан, баскан турганынан, ал эмне жөнүндө ойлоп, кайда барарынан бери сезет. Алыскы-жуукка, жаман-жакшылыкка барарын туюп, өзүн да ага даярдайт. Ээси аш-тойго жөнөсө, алчылана басып, көкүлүн көккө серпе, шайдоот кадам шилтейт. Кабагын ачпай, оор ишке, же жамандыкка барарын байкап, түгүн түктөйтө, бүжүрөй басат. Чарбадар мал ээсине атынын жүрүшү, турган турпаты, кыял пейили

бош колундай жат. Эрте менен атын токуп жатып, тыныкканын, от алып, ач-тогун, таң ашырылып сууту канган-канбаганын билип, жүрүшүнүн кемчилигин туят. Алыста болсо, аты аркандалуу, же бош жүргөнүн, үнүнөн тааныйт.

-Түгү түктөйүп турат. Ыландап калыптыр! Басканына караганда чыйрыккандай. Кечээ катуу минилиптир деп, миңгенинин кыял-пейилин баамдайт. Деги эле жылкы баласынын туруш-турпатын, аяк шилтешин, өңү-түсүн, кыял-пейилин, чарбадар бир көрүп эле:- Териси жука экен. Катуу түйшүккө, кара жумушка чыдамы жок. Көзү тескери чалпоо, үркүнчөк, корс, мүнөзү кырс, тээп, тиштегидей, тепки, карматпас, кулагын жапырып турат- деп мүнөзүн так айтып берет.

«Ат жакшысы адамдан» дегендей, чарбадар жылкы баласын башынан, кулун кезинен, желеге байланган чактан баштап, тарбиялаган. Энесинин ууз сүтүн кандыра эмдирип, күн сайын тутканда, агытканда кубалабай, шыкшыктап, жоошутуп, эркелете кашыган. Кулак-мурдунан, колтук-чатынан, куйрук-жалынан сылап үйрөткөн. Канчалык көңүл бөлүп, кармалап, караган сайын, жылкы баласы ага үйрөнүп, ээсинин мээримине карай эркелеп, мүнөзү жумшарган. Артын салып теппей, чунаңдап, тиштегилебей көнүгүп, ээсинин ишеничине ээ болгон. Улам күн өткөн сайын, кыял-пейили, мүнөзү, жүрүш-турушу калыптанган. Ээсинин талабына ылайык, пейили жумшарган. Өзүнө ишеничи арткан кулунду, ээси да, көп эркелетип, бирин-бири билип, ички дилдери жакын, ишеним пайда болгон. Кийинкиде кандай мингич болоорун туйган ээси, кулундун басыгын сынаган. Чуркатып, жорго салдырып, желдирип, атыраң алдырып, үйрөткөн. Тил алчаак, ак көңүл тайга, жакшы сөз айтып, ыр ырдап, кулагын кандырган.

Белес белди, аңды-дөңдү аралай «бөрү жортуш» менен келе жаткан шериктеринен ат моюн алдыда келе жатканы Бөкөй бай. Анын артынан калышпай, ээрчише, алдыдагы теминсе теминип, жарпай калса, тизгин тарткан экөө Тооке менен Сабай-үч бир тууган. Аска-зоону аралаган, ары татаал, ары узун жол, аларга үйрөнчүк. Канча жолу бул жол менен арып-ачып, ач калып, ток калып, ары-бери катташпады. Кай жерге жеткенде аттар арыйт, кайсы кокту-белге барганда, аттарды от чалдырып, тыныктыруу аларга белгилүү. Жол сырын жакшы билгендер, жалгыз аяк кыяда, ээрчише бастырышып, анча-мынча түзөңгө жеткенде катарлаша калышып, кээде айлана-тегерекке саресеп сала, кээде алыскы ашууларга көз

тигишип, тар кыяларга келгенде бирин-бири ээрчише, үн катпай өздөрү менен өздөрү алек боло жол арбытышат.

Алдыдагы бийик ашууда күшүлдөп-бышылдап күйүккөн аттарынын ыктыярына койгон жолоочулар, кыраңга чыга келишип, айлана-тегеректе көз салышты. Жер бети, тоо-таш жапжашыл болуп көркүнө чыгып, ыңкып жатат. Кең жайлоонун сыдырым соккон желги тегиз айдалган эгин талаасынын майсасындай болгон, ары тегиз, ары коюу тулаңды, ары-бери желпип, көл бетиндеги майда толкундардай түрлүү түскө бөлөнө жыбырайт. Түмөн-түркүн тулаңга аралаша өскөн сан гүлдөрдүн жыты буркурап, эрке жел менен кошо аптыктыра каптап өтөт. Кыраңдагы ат үстүндө тургандар чар тарапка көз салышты.

Туп-тунук, ары чайыттай ачык. Көкмөк кең ааламга ак карлуу тоолор айкашып, сүрөттөп айтууга сөз кудурети жетпеген, кайталап тартып алууга боек күчү чак келбеген, ажайып бир коздуктун зор кереметти сапарлаш бир туугандарды өзүнө тартып турду. Үчөөнүн канчалык көз караштары, дүйнө туюму, жаратылышты көрүп-билүү сезимдери, бири-бирине окшобосо да, дал бүгүн, ушул убакытта бир туугандардын жүрөктөрү бирдей согуп, кан тамырлары денелерине бирдей тарап, дүйнө таанымы бирдей болуп, туулган жердин коздугуна болгон кумарлануулары бир калыпта, ажайып коздук менен жуурулушуп турду. /чөөнү тең Ата Журттун асылдыгына, туулган жердин теңдешсиз кымбаттыгына болгон мекенчилдик сүйүү сезимдери бийлеп, кумарлануулары денелерине батпай чымырап, ашып-ташып жатты.

Ал мустактан ак кар жамынган алп тоолордун көк челген чокулары, мөңгү басып, муз тонгон коктулары ары сүрдүү, ары сырдуу көрүнөт. Кокту-колотторундагы кылымдар бою муз баскан мөңгүлөрүнүн бийикигине бой жетпейт. Тереңдигине көз жетпейт, аска-зоолоруна бирде күн тийип, бирде булут каптап, туман чүмкөнүп, сыр бербейт. Күндө жааган кар күндө, айлап жааган кар айлап тоңуп, катмарланган кар көчкүлөрдүн калыңдыгы канча экени билинбейт. Баш аягынан тартып, төбөсөнөн-түбүнө чейин, калыңдыгы менен узундугу болжолдоп өлчөө да кыйын. Кышкысын айтпаганда да, жай мезгилинде аба ырайы саат сайын өзгөрүп, көбүнчө тунарып туманданып тургandы турган.

Аркыраган муздак шамалы уйгу-туйгу кар сапыра ышкырып, бороонго айланат. Жанына жакын жолотпогон шартынан улам, эч ким жашабастай сезилет. Капсалаңдуу катаалдыгына баруудан эмес, кароодон заарканган учурлар көп болгондуктан алмустактан

бери ал жөнүндө «Билемин» деп сөз кылуу да кыйын. Бирок, айрым турда көргөндү өзүнө тарткан кооздугу, сулуулук дүйнөсүнүн керемети ушул жерге келип чогулгандай сезилет. Учу-кыйырына көз жетпеген кенен аймакта, жер менен асманды бириктирген ап-аппак аалам таң эртеден, кеч күүгүмгө чейин, күн куруна, күүгүм кечтен, таң атканча дейре ай нуруна чөмүлүп теңдешсиз ажайып коздук өзүнө тартып алат. Аппак аалам ары тунук, ары таза көрүнө асман менен айкалышкан кереметтин жашырбай жайып салат. Кээ-кээде ак пахтадай ары жумшак, ары жеңил булуттар күн нуру менен ай нурун өзүнө сиңирип, кээде күмүштөй, кээде алтындай түскө боёлуп, кээде кып-кызыл боектой болуп, асман бетинде гүл чачылгандай көрүнүшү таң калтырбай койбойт. Көз тайгылткан көрүнө суктанып

-Капырай бул көрүнүш, кандай керемет! Кандай гана кооздук! деп теңештирүүгө сөз таппай кыйналып.

-Ай чалкып, күн балкыган көрүнүштү, биреөлөргө айткан сүйүнчүлөгүң келип, сүрөттөөгө сөз таппай турганыңда, ал:

-Кандай? деп суроо узатканда, салыштырып айтууга сөз таппай

-Алай, Алай деп андан ашкан сөз таппай, аптыга жооп берсең Алай деген сөз, чыгат. Бул сөз бул аталыш Адам ата жаралып тил бүткөндөн сөз болуп айтылып калгандыгына ынанууга туура келет.

Кыш кучагына, ызгаар койнуна жаткан катаал аймактын этек тарабындагы мөңгүлөр ээрип, мөлтүр булактар ийип, кокту-колоттуу өрөөнгө ченемсиз кооздукту, кан тамырдай ийип жашоо тартуулап эзел кылымдардан бери адам атанын тиричилик өткөрүүсүнө абалга түзүп келет.

Түпү тоолордун өңүрүндөгү түздүктөр ары салкын мелүүндүүлүгү менен айырмаланып түрлүү түмөн байлыгы, жаратылышынын кооздугу адамзатынын байыр алып жашоосуна ылайыктуу шарттарды түзөт.

Эртеден бери туулган жердин тоо-токойлорун, кокту-колот, бийик тоолорун аралап, тунук сууларды кечип, дабандан-дабандарды ашып, тоонун кооздугуна маашырланып, жаратылыштын көркүнө, абанын тазалыгына суктанып келаткандардын көөндөрү көкөлөп, көңүлдөрү эргиди. Багыт алып бараткан сапарлары жолдуу, ойлогон иштери оң болоорун туюшту.

Жолдун ыраактыгына, тар кыя, татаал ашууларга карабай аттардын жүрүштөрү шайдоот, баскандары тың. Буйруса, бардык

ишибиз оңунан болчуудай- деди Бөкөй бай артында бастырып келе жаткан инилерине кылчая карап.

- Өзүң баргынын баш бийи болуп, айтканың Адигине журтундагыларда аткарылып турса, ким эле, сени айткан-дегениңен моюн бура алат- деп Сабай адатынча тамашалай кетти.

-Бийлигинен да, баласынын баатырдыгын айт-деди Токо, Сабайдын тамашасын коштоп.

-Ай, ай. Этияттагыла туугандарым? Өзүбүздү-өзүбүз макта байлы?

-Өзүбүздү өзүбүз айтпасак, ким айтат?

-Ооба. Өзүбүз өзүбүздүн кимдигибизди, билгенибиз жакшы.

-Мактагандан да, кемчилигибизди айтканыбыз жакшыбы? -деймин

-«Үйрөнгөн адат калабы да, уйга жүгөн салабы»? - дейт эл. Ар пендеге адат, кулк-мүнөз жаралгандан жабышат экен. Ал өлөөр өлгүчөктү калбайт.

-Аныңар да жөн. Бирок, тубаса адат эмес, кийинки жуккан насактан акылмандык арылтат. Аксакалдар, «сын адамды чыйрап тат» деп кеп кылышчу. Ар бир пенденин кемчилигин да, белгилей жүргөн жакшыдыр?

- Бий, билармандыгынан бий. Ошон үчүн бий бир сүйлөйт. Айтканы эки ача чыгып калса, айткан сөзү жерде калат. Сөзү кубатталбаган адам, элине баш-көз боло алабы? Албайт. Ар бир адам сөздүн маанисине, маңызына көңүл буруусу акылмандык. Ойду так айтуу да, сөздү ойлонуп сүйлөө жакшы. Кыска жана нуска сүйлөө, өтө чебердик. Акылман таап сүйлөйт, акылсыз каап сүйлөйт. Сылык сүйлөө, адамдын ички дүйнөсүнүн тазалыгын жана бай экендигин билдирет. Насаат уккан жакшы. Макал-лакапты аралаштырып сүйлөө, кулака угумдуу, акылга жугумдуу болот. «Сүйлөй билген улук, тантыраган дудук». Калыс сөз, сүйлөөк оозду жап кылат. Жалган айткан, жарылбаган ириң, жыты билинип турат. Сүйлөгөндөн уккан акылдуу. Мактанып сүйлөгөндүн мааниси жок. Аны балдарыбызга айтып, үйрөтүшүбүз милдет.

Ата үйдүн падышасы. Ал балдарына жүрүш-туруш, сүйлөгөн сөзү менен үлгү.

-Жакшы уул-ата мурасы. Атадан таберик, элге берилген белек.

-Элде жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста –деп айтылат бир туугандарына кылчая деп, Бөкөй бий токтоло кетти.

-Баланчанын уулу элдик чыкты. Атасы өлбөптүр. Атасынын асыл ишин улап отурат. Эл дегенде миң ойлонуп, миң толгонот – деген элден баа берилет. Ошондон улам элде. Атадан артык бала

атага тең бала, атадан кем бала деген баа айтылат. Бала жакшы болсо да, жаман болсо да, жаш жигитти көргөндөр

-Кимдин баласысың? деп сурайт.

Жаш жигиттин акылмандыгын билип, жакшылыгын көрсө:

-Атаңа ырахмат! деп ыраазылыгын айтышат. Акылсыздыгын баамдап, жаман кылык-жоруктарына күбө болгондо

-Атаңа наалат! деп атасына сөз тийгизет. Атаңа алкыш айттыруу да, атага нааразычылык билдирүү да баладан. Баласы жакшы атка консо, атасы сыймыктанат баш көтөрөт. Баласы жаман аттуу болгон атанын башы жерге түшүп, эл аралап баса албай калат.

-Атадан кем баланы көргөндөр

-Атасын тартпаптыр. Элге абройлуу атанын баласы ушул ишти кылабы? Ушундай жамандыкка барабы? Кайран гана ата! Атаны тартпаптыр. Атасына шек келтиргени үчүн наалат! деп зээни кейийт. Жаман уул жөнүндө элде:

-Уулуң жаман болгон соң,
Сүйлөбөгүн оолугуп.
Киши келсе кенебейт
Өз акылын ченебейт
Кишиге өзүн теңебейт
Сөзү жукпайт маани жок
Сөөлөтүндө шаани жок деп айтылат.

Атага тең баланы билгендер:

-Анык ата баласы экен. Атасы ушундай эле. Атасын тартыптыр. Атасы бирөөгө кара санабаган, ак көңүл, калыс, бирөөгө зыяны тийбеген, эли-жерин кадырлаган алдыңкылардан эле. Бул жигит да, анык ата уул экен деп эл алкоого алат.

-Атадан артык бала, кандай болот? Ага кандай баа берилет деп сабай адатынча көзүн кысты

-Атадан артык -атасы билбеген сөздү сүйлөйт. Атасы бийлебеген элди бийлеп, акылмандыгын айт. Жүрүш-турушунда бир кемтиги жок. Оозунуп сөз талашпай, ойлонуп төп сүйлөгөнүн өрчүн. Боларман ата баласы ушундай болот. Атасына рахмат. Ушундай жигитти тарбиялаган тууган-уругуна, элине рахмат. Эл журтуна чыныгы кызмат кылган уул экен деп алкоого алынат.

Андай акылдуу уулду тарбиялаган атанын аты ар дайым элдин оозуна алынат. Ал эл-жеридн намысы, сыймыгы. Атадан артык баланы өстүрүү ар бирибиздин милдетибиз болсун деди бий.

-Адигине журтунда деги, алдыга өтөөр ким бар? -деди Тооке бир тууганын сынай тиктеп.

-Алдыга өтөөр азаматтар арбын. Алар акылмандык менен баатырдыкты сыйлап, айбыгып турат.

-Ар нерсени баалап, кадырлаган да жакшы. Заман тейи капсалаң. Эл-жерди сактаган да, билармандык менен эр азаматтык. Айтса, айтпаса, элибизге оомад келгидей болуп турат.

-Кел-кели качан келет? деп, элибиз канчалаган мезгилди өткөрдү. Кыргыздын жылдызы оңго тогоп, кудайга шүгүр элдигин жоготпой келет. Бирде моңголдор, бирде калмактар каптап, кыргыз калагы жок кайыктай чайпалып, акыры келип Ала-Тоого байырлап, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап биригип турабыз. Мунусу да каниет. Болбосо, канчалаган жоо кол салып, тыркырата кубалап, куугунтукка алып, экинчи баш көтөргүс кылабыз дешкен. Неге эле, кыргыздын жоосу көп дейбиз? Кекенген кек, өчөшкөн өчтүп аягы тыйылбай келген. Кыргыз да кыйласынын кыйсыпырын чыгарып, кетпес кекке, өчпөс докко калганы күн чыгыштан, күн батканга, түн түшкөндөн түн уюганга чейин эчен жолу кыдырып, конуштап келгени күбө. Кыргыз эргулдун кылычы тийбеген, жебеси жетпеген, тулпарынын туягы тепсебеген жер калдыбы. Жеткен жерине, байыр алган журтуна, жердин шартына, тоо-сууларынын көрүнүш –көркүнө карай атап, ысым берип, ал жайдагы капсалаңдан улам, журт которуп кете берген. Ата бабаларыбызга алардын ата бабалары айткан экен.

- Жердин чеги болбойт. Кайдан, кай тарабыңа барба суу-деңизге барып капталасын. Жердин чеги суу – дешиптир.

Кыргыз Ата жаралгандан ушул күнгө чейин, бабаларыбыз согуштун кесепетинен канчалык жер которуп, көчүп жүрүшүп, кармаштарда талкаланып, жапа чегишсе да Ала-Тоосуна келип, аман калышчу. Ала-Тоо жери кыргыз эли үчүн алтын уя. Ата-бубалар айткан, улуу кут ушул жерде уялаган.

- Башкаларын айтпаганда да, Адигине атабыз көп жерлерди кыдырып келип, акыры Паргана аймагын турак кылып, элин аман сактап калган экен. Ата конуш кыргызга мурас. Биздин намысыбыз да, байлыгыбыз да, өмүрүбүз да Ала-Тоо жерине байланышкан. Биз да, кийин урпактарга аталар мурасын ардактап, өткөрүп беришибиз мойнубуздагы милдет. Ал милдетти сакташ үчүн кимибиз болбосун каны-жаныбызды аябай, кызмат кылышыбызга карыздарбыз. Эл-жерибизди коргоого баарыбыз тикебизден тик турушубуз сыймык. Өлсөк, кийинкилер биздин эрдикти, баатырдыкты улап өсөт. Эл-жер кадырын баалоону үйрөнүшөт. Бир туугандардын бири-бирине сыйы

да, сыры да бабалардан уланган каада-салтты кастарлоо. Кагаз бетине каттырбаган эреженин чегине чек койгон, урмат сый. Ынтымак. Аны ар бир пеенде жакшы билишет?

- Бий деп, мени баалап, баатыр деп уулумду сыйлап, айткан тамаша-чыныңар укканга да, көргөн-билгенге да, таасири бар. Кана, улгайган ар бир адам, калыс сүйлөп, акыйкаттыкты ардактап, адилдикти баалаганы зарыл эмеспи. Балдардын баары эле баатыр аталып, элди жерди коргогону сыймык эмеспи. Учугубуз кур эмес. Буйруса, мындан да артык асыл иштер арбын болоор – деп, Бөкөй бий туугандарына чечиле сөзүн улады.

-Бакалды баары эле баатыр десе, чынымды айтсам ичим тарыйт. Жамандын тиктеген көзү, айткан сөзү жаман. Көбү оожалтып айтат. Мактоонун баары жакшы жакка, алып барбайт.

- Эмне экен? Баатырдыгы жалганбы? Бакалга жамандын көзү тиет дейсиңби? – деп, Сабай адатынча сөз кыстара кетти.

- Көз тиет дебейм. «Кара күч» адам аталгандын баарында эле бар. Бакалдын кара күчүнөн да, жалтанып койбогонунан чочуйм.

-Баатырды жалтанбаганы үчүн баатыр дейбиз. Жалтанганды баатыр дегенге эч кимдин оозу барбайт – деди Тооке.

-Кара күчтүн баары, баатырдык эмес. Анын айлакер, чебердиги ашык атат.

-Кандай ыкты, айла-амалды колдонсом? – деп баатыр ойлонуп отурбайт.

-Ал тообокелчил тартынбас, эр азамат. Чечкиндүүлүгүнө күчү айкашып, ийгиликти камсыз кылат.

-Айтканыңар ырас. Не болсо да акыл бардык күчтөн бийик турат. Менин айтайын дегеним, кайсыл баатыр болбосун кыраа-кылык керек. Баатырдыкка, чебердик, ык, жөндөмдүүлүк бириккени жакшы эмеспи. Мен жаштарга ушул өнөрдү үйрөтүп, тарбия берсе деген ойду айткым келет. Бир эле Баргынын урпактарын гана эмес, бардык кыргыз урууларынан жаштарына, эми гана төрөлүп келе жаткан балдарына ушул өнөрдү үйрөтүүнү маслатташайын дегем.

- Бийим, бул оюңду биз колдойбуз – деди Тооке

- Бая эле айтпадым беле. Сенин бир Адигине эмес, жалпы кыргыз журтунан укпагандар бар беле? – деп белгилегем - деди Сабай адатынча тамашага айландырып.

- Бүтүмүбүз бүтүн болсун. Сен экөөң балдарга баатырдык өнөрдү үйрөтүүнү, эр жигиттерге боло келген, ат үстүндө баратып жаа тартыш, чалма ыргытмай, кылыч чабыш, эр сайыш өңдүү

жоокердик өнөрдү үйрөтүүнү кыргыздын оң-сол, ичкилик туугандарынын биларман бийлери менен акылдашкыла.

- Бийим боло турган кепти айттың. Бул жоокердик өнөрдү үйрөтүүгө, ар уруудагы эски, көсөм баатыр, балбандарды түгөл тарталы. Алардын, ар киминин өздөрү билген ыгы, башкалар сезбеген илээлери бар эмеспи. Алар баштары менен ала кетишмек беле. Жан-дилдеринен үйрөтүшөөр. Бирок, алардын тамак-ашын кандай кылсак болот?

-Тамак-ашын ар уруунун бийлери кезектешип беришсин. Ар уруудагы атактуу баатыр, – балбандар кеминде отуз-кырктан эр азаматтарды үйрөтүп, тасыктырсын. Этегинде байге коюп, күчтөрүн, өнөрлөрүн сынаттыралы. Ага калыстыкка аксакалдарды чакыргыла.

- Бийим, бул демилгеңиз жаамыга жакканы турат. Туура көрсөңүз, мен дагы бир оюмду айтып көрөйүн? – деди Тооке.

-Деги жоокердик өнөр кыргыз баласына жат эмес. Улак тартыш, эр жеңиш, эр оодарыш оюндары жай саратан, кыш ызгаарына карабай өтүп, айылдагы азаматтар бала кездеринен тасыгышат. Менин айтайын дегеним тоолуктардын балдары кетмен чаап, орок оргондон башка, колго иш кармаганга, бир аз чоркок келет. Башканы айтпаганда да, ар бир ат жабдыктарын даярдоону, ээр чаап, үзөңгү, жүгөн өрүп, чырычташка чоркок. Эгер илажи болсо, өнөр үйрөнүү майданына колу усулдуу, өрмөкчүлүк, түймөчүлүк, чырмакчылыкка маштарды, кайыш ийлеп, бышырганды, арчадан, тал-теректен ээр чапкандарды катыштыралы. Эртели-кеч, түштөнгөн чакта, машыккан балдар өздөрүнүн ат жабдыктарын жасашка көнүүсү жөндүү.

- Мына, таза аба, кеңири жайда, эчен сырдын, эчен түйүнү чечилет. Буйруса, көптөгөн балдар өнөр үйрөнүп, согуш оюнуна маш болушат.

- Буйруса, бара турган ишибиз оңунан чыкчудай – деп божомолдодуң эле. Башталышы эле оңунан шыдыр кетип жатат. Бул да болсо, биздин жолубуздан. Бара турган кудабыз «ак көрпө жайыл». Ала турган келишибиз ак жолтой көрүнөт? – Деги, кайсыл жерге, кандай элге баратканыбызды айттыңызчы?

- Аны бара көрөрбүз.

- Кайсыл эл, кандай жер экенин билбей туруп да, кудалашып барабы?-деп Сабай адатынча тийиштик кыла сүйлөдү.

-Ооба. Барчу жерибиз дайындуу, куда болуучу элдин пейил-куюлу кандай экенин билгенибиз оң –деп Тооке Сабайды коштой кетти.

Кызыбыз жаш эле. Алыскы жер экен. Кайындаган жери бар эле деген кимдир биреөлөргө окшоп сөз чыкпас бекен?-деп Сабай Тоокеге көз кыскан болду.

«Баргыңын баш бийи болсоң. Айтканың Адигине журтунда [illegible] турса»- деп бая эле кеп салдың эле. Эми кайра, бара [illegible] жердин дарегин, элинин пейил-куюлун териштиримиш [illegible] «Тигиндей» десе сен, «мындай» десе мунуң жооп [illegible]. Мен силерди баш-көз болот -деп эмне ээрчиттим?- деди [illegible] бий эки бир тууганын тамашалай.

[illegible]иңе салып, бизди жумшап үйрөнгөн адатыңды, ал жерде [illegible] экенсиң да. Кулагыбыз тынч, сый көрүп кайтабыз деп [illegible] эле. Эми кудаңын алдында «кулдук» ургузуп, кыйнарың [illegible] да?-деди Сабай тамашага сала күлүп.

Куданын алдына жөн адам барбайт. Оозунда сөзү, тилинде [illegible] бар. Айтышса, айтышып, калчашса калчашып, өзүнө сөз [illegible] сөзмөрлөр барат. Мен силерди тууганларымын [illegible] тандап алгам-деди Бөкөй бий да карс-карс күлө бага.

Биз экөөбүздөн башка дагы, кимдер бар? Абийир, намыс [illegible] бизден жакын төшүн тосоор бар экенин билбейт экенмин-[illegible] Сабай Тоокеге дагы көзүн кысып.

Ага менен бир тууган аба турганда, өз бир туугандарың [illegible] алдынан кантип, кечип өтөөр жол таба алат?-деди бий [illegible], тамаша менен жооп таап.

А Ипоке менен молдо Кудайберди абаларды алаарыңды [illegible] жол берет элек. Тооке сөз удулун түшүнө кала.

Мунуңар башка кеп. Салтты билээриңерди сынадым. Улуулар [illegible] алдынан өтөөргө, ортончу- өкүл жөнөтүп, өздөрү сыйга, маслат [illegible] барган. Мен силерди ортончулукка да, өкүлчүлүккө да [illegible] баратам. Өзүңөр айтмакчы менин намыс-ариетим [illegible]. Калың- каадасына чыдай турган да силер.

[illegible] Бийим, биздин колубузга чок карматканы барат [illegible]. Катын алган балаң. Калың каадасын бизге [illegible] кандай?-деди Тооке күлүп.

[illegible] өзүңөр «намыс-ариетке тикебизден тик турабыз» [illegible] боло? Эмне намыс-ариеттен малыңар ашыкбы?

[illegible] жерден кармадың бий. Айтканың айткан болсун. Кудалык [illegible], экөөбүздүкү-деди Сабай Тоокеге ымдай.

[illegible] эле, уулум экөөбүз силерден аянчу элек?

[illegible] берилчү учаны да, бизге тарттырасың бийим-деди [illegible] Сабайды коштоп.

-Бир туугандар бири-бирин тамаша-азилге салышып узун жолду кыскартып жол арбытышты.

Ат белин бошотушуп, ат чалдырышып, узак жолдо талыкшыган бойлорун жазышып, кайра жолго чыгышты. Тоо башын көлөкө чала баштаганда Куш-Уйкуга жете келишти.

Айылга аркан бою жакындашканда, аларды күтүп турушкандай шыпылдаган жигиттер чуркап келишип, меймандардын аттарын алып, айылдын ортосундагы чоң үйгө карай жетелешти. Айыл аксакалдары жабыла утурлашып, келгендер менен учурашып амандашып жатышты.

-Кана, меймандар үйгө тарталы?-деген аксакалдын өтүнүчү менен кол чайкашып, үйгө киришти.

Керегеси кенен жайылган алты канаттуу үйдүн ичи, ары таза, ары тыкан, ар буюм өз ордуларында жайгашыптыр. Колу усулдуу аялзатынын иши үй ичиндеги буюмдар аркылуу айкын көрүнүп турду. Дасторкон кенен жайылып, дүйүм тамак-аш толтурулду. Улам кымыз сунулуп, кеселер алмашылып, ал-жай сурашуу улантылды. Боор батырыша, кенен отурушуп, кеп учугу улана берди.

Айылдагы адат. Үйгө мейман келсе үй ээси:

-Мейман менен таанышып, сүйлөшүп, кошо отургула деп аба аксакал коңшуларды чакырат.

Жаштар чакыртпай келип, отун даярдап, союшун сойсо, кыз-келин казан-табагын кармап, тамак бышырып, көптөп кызмат кылышат. Барпы карыянын айылындагылар түгөл келишип, ар кими өзүнө тиешелүү кызматтарын аткарышса карыялар меймандардын ал-жайын сурашып, өздөрүн тааныштырып жатышты.

-Бийим, ат бастырып, айылыбызга келгенинизге аябай кубандык. Сиздин эл аксакалы, бий экениңизди элден угуп, бир көрүшсөм деп жүрдүм эле. Кызырдай болуп, өзүңүз менен бирге Тооке, Сабай бир туугандарыңыз менен келип отурасыз. /йүмө кут киргендей эле болуп турат. Алдын өзүмү, уруум, ата-тегим, айылымдагылар тууралуу айтып, тааныштырайын-деп үй ээси сөзүн баштады.

-Те илгери Кыргыз Атадан тарагандар мынтип, баштан байып, эл атыгып отурабыз. Буга да миңкалла шүгүр. Сөз кемели келип турат. Икаяны те байыркы мезгилден баштайын.

-Нук пайгамбарыбыз жашап турган заманда, ааламды суу каптардан мурда периштеден кабар келет.

-Нук эки кабаттуу кайык жаса. Дүйнөнү суу каптайт. Кеменин биринчи кабатына балдарыңменен өзүң отур. Кийинки кабатына

Жер үстүндөгү жаныбарларды жуп-жубу менен саласың. Алты айлык азык камдап үч уул, үч келиниң менен кошо түшөсүң-деп айтыптыр.

Ал буйрукту пайгамбар аткарып, даярдыкты бүткөрүп кемеге түшөөрү менен жамгыр жаап, көпкө чейин токтобойт. Жаан селге айланып, улам ташып отуруп, жер үстүнө батпай, дүйнөнү топон суу каптайт. Нук пайгамбар уул-келиндери жупташкан жаныбарлары менен суу үстүндө тиричилик кылышат. Акыры суу тартылат. Пайгамбар адамга жабыз канаттуулардан көгүчкөнгө.

-Суу тартылган жерге бар. Ал жайга түшпөй кайра кел деп, буйрук берет.

Көгүчкөн тынымсыз учуп жүрүп кургак жерге жетет. Ал жерге [illegible] бутуна ылай жабышып калат. Ал кайра учуп келгенде, бутундагы ылайды көргөн пайгамбар

-Эй тил укпаган адепсиз. Укум-тукумуң ылай бойдон калсын деп. Ошондон бери көгүчкөндүн буту ылай байпак бойдон калыптыр.

Кайыктагы Нук пайгамбардын балдары, жан-жаныбарлар менен кургакка чыгышат. Топон суудан аман калган пайгамбардын үч уул-келинин бүт ааламдагы адамдар, жан-жаныбарлардардын укум-тукумдары көбөйүп жер бетине тараптыр.

Үч уулдун улуусунун аты Хаум, ортончусу Саум, кенжесинин аты Яупас экен. Яупастын баласы Ибраим пайгамбар, андан Ысмайыл. Ысмайылдан Ысхак. Ысхактын түрк уулунан Туранер, Аренер Саранер деген балдары болот. Туранерден уйгур, кара калпак, гагауз, түрк. Аренерден азербейжан, карачай, кумык, ингуш, [illegible] лезгин, даргин, стамбул түркү тарайт.

Туранердин баласы Түтүк хан. Андан Элчи хан, андан [illegible]хан, андан Күйүкхан, андан Аланчахан, андан Моңол, татар, башкыр, балгар.

Моңол хандын Кара хан баласынан Угуз хан төрөлгөндөн [illegible], келер менен кетерди айткан олуя болгон. Угуз хан Туугез, Кыргез деген эки уулду болот. Туугезден түркмөн, элет түркү тарайт. Кыргезден кыргыз, казак, уйгур тарайт.

Кыргыз атабыз сегиз аялынан кырк кыздуу болуп, уулду [illegible] көрүүнү чөгөт. Аны билген атасы Алкама деген арабдын Имая [illegible] кызын тогузунчу аял кылып, алып берет. Имая эненин боюна бүтүп, ай-күнү жеткенде уул төрөйт. Угузхан кырк булактын көзүнөн суу алып киринтип, кырк бээнин сүтүн берип оозантат. Күнүгө үч мал [illegible] кылды чүргөктөгү балага тегеретип өткөрөт. Кырк күнгө чейин [illegible] бирден байбичени кошуп, баласын бактырат. Кырк күн ак

сарыбашыл мал союп, садага чаптырат. Түлөө өткөрөт. Кырк күн болгондо, кырк булактын көзүнөн суу алдырып, киринттирип, кийим-кечек кийгизип, бешикке салдырып, той берүүгө Угуз хан кол алдындагы улама, олуя аалымдарды чакырып:

-Менин Кыргезимдин уулуна ат коюп бергиле дейт.

Таксыр, сиздин небереңиздин аты коюлуу. Биринчиден сиздин атыңызга уйкаш болсун, экинчиден балаңыздын атына окшош болсун, үчүнчүдөн жакшы ниет менен ырым-жырым, каада-нарк баштадыңыз. Ар иштин санын кыркка жеткирдиңиз. Небереңиздин атын Кыргыз деп атышат.

Имая эненин экинчи баласы төрөлгөндө Угуз хан өзү «казыналуу казагым»-деп атайт. Үчүнчү баласынын атын чоң атасы Акнур деп атайт. Акнур төрөлгөндөн, эс тарткандан баштап адептүү болуп өсөт. Мээнеткеч дыйканчылык кылып үй курууга көнүгө баштайт. Акнур аты аталбай эле /йнур аталып уйгурга ооп кетет.
Имая эне Кыргызга кыргагы жок ак калпак, казакка саймалуу узун калпак, Акнурга кештелген топу кийгизет. Ал эр жеткенде ооган улутундагы кызга үйлөнүп, үй куруп шаарга ыктап кетет. Атадан бала андан укум-тукум уланып, үч бир тууғандын уруктары улутка, улуттан элге айланып, бирине бири карамалап жанаша жашап калышат.

Казактан үч уул төрөлүп, Уулу жүз, Орто жүз, Кичүү жүз деп ат коюшат. Кыргыздан Шапар шаа төрлүп, андан Сапар, андан Кадыр, Кыдыр, Каңгыр аттуу үч уул төрөлөт. Шапар шаанын байбичеси Кадырга ак калпак, Кыдырга кара калпак, Каңгырга экөөнөн калган баш кийимди кийгизчү. Каңгыр ата-энесине.
Экөөнүн эскисин кийгизесиңер деп Кокогүз (гагауз) аттуу уулду болгондо Молдованын батыш тарабына көчүп кетет.

Кадырдан ак калпак кийген кыргыздар Ала-Тоонун, Кыдырдан кара калпакчандар Арал деңизинин айланасына жайгашат. Кадырдан Абшер, Сабшер эки бала төрөлөт. Сабшерден Алтай, Эне-Сайдагы (хакас) кыргыздары, Абшерден Орто Азиядагы кыргыздар тарайт. Абшерден Алхак болуп, андан Акбар түрк, андан Барган түрк төрөлөт. Барган түрктөн Гавырхан анын баласы Шапар бий, андан Темиш бей, анын баласы Атан бий, анын баласы Санкин бий, андан Сарыбий, андан Мурат бий, Мурат бийден Телкозу туулат.

Телкозудан Калпак бий, Кыпчак. Угуз хандан калган хандык, бийлик, даражадан жоо жарактарды Кыпчакка, Калпак уулуна ата мурасы түмөндөгөн байлык тапшырылат. Калпак бийдин баласы

Домбул бий жубайы Алима энебиз үч балалуу болушат. Тун уулу Бабаш бий, экинчиси, Чуудуулат үчүнчүсү Ак-Буура. Бабаш бий Арстан бап аймагын жердегендиктен тоолор Бабаш ата аталат. Чуудуулат Сары-Өзөн Чүйдү ээлеп, Чуу суусу анын атынан аталат. Ак-Буура Алай тоолорун жердеп, Ак-Буура суусу анын атынан аталат.

Бабаш бийден үч уул Долонбий, Муратай, Сабатай Долон бий Кара-Көлдү жердеп, Долон ашуусу- Долон бийдин аты менен аталып калат. Долон бийдин чоң байбичеси Сатыке кыргыз, Наркүмүш казак, Каттабүш түрк улутунан болот. Чоң байбичесинен Ак уул, Куу уул, Наалы деген кыз. Наркүмүштөн орто канат ойрот уул, Каттабүштөн кыраан канат Кызыл уул төрөлөт.
Долон бий Ак уулун оң тизесине отургузуп.

-Оң канатым Ак уулум оң колуна жарак алып, оң бийликти камчыла, Эл коргойт деп.
Куу уулун сол тизесине отургузуп:

-Сол канатым Куу уулум, сол колуна тизгин алып эл башкарат дейт

-Абышка, бул эмне деп эркелеткениң?-деп Сатыке байбиче сураса:

-Оң балам, дүйнө таап, бий болуп, инисине берип, бийлигин камчылап турат. Сол балам, элди тизгин кармагандай бириктирип, башкарып турат-дейт.

Оң канат аталган Ак уул эр жеткенде Каркыра деген кызга үйлөнгөндө той болгон жайык, кыздын атынан Каркыра аталган. Андан Адыгине, Тагай, Наалы кыз, Муңгуш. Адигинеден Бөрү, Баргы, Жору, Сартбай, Карабагыш , Бектен. Тагайдан Богорстан. Андан Солто, Койлон, кооз Жедигер, Кылжыр, Кылжырдан Орозбакты, Дөөлөтбакты, Давлетбакты, Орозбактыдан Бугу, Дөөлөтбактыдан Сарыбагыш жана башка.

Сол канат Куу уул эр жеткенде Долон атабыз Алай тоолорундагы аймакта Гүлшө деген кызга үйлөнтөт. Той болгон жер Гүлшө деп аталат. Куу уул Гүлшө энебизден тогуз уулду болот. Чоңбагыш, Кушчу, Мундуз, Кытай, Саруу, Басыз, Берен, Жетиген Төбөй. Куу уулдун Чоңбагышынын жети уулу, Кушчунун бир уулу, Мундуздун бир уулунан тарагандар Жаркен, Кашкар аймагында жашайт.

Ак уул, Куу уулдун укум-тукумдары кыргыздын түндүк-түштүк жерин жердешет. Куу уулдун уулу Мундуздун укум-тукуму тогуз уулунан уланат. Кыргыз байбичесинен Зулум, Зуркай, Зултай,

Шыгай, Лакай, Калдык. Ал эми Замин менен Шердар өзбөк байбичесинен. Тогузунчу баласы Зулдуз уйгур аялынан.

Зулум менен Зуркайдан тарагандар Ноокен, Базар-Коргон, Сузак, Канибадам, Жалал-Кудук, Айым айылдарында, Токмоктун Кегетисинде, Таластын Кырк Казык, Миң-Булакта, Зултайдан тарагандар Жети-Өгүз, Ак-Суу, Түп, Кемин, Кочкор өрөөндөрүндө жайгашкан. Шыгайдан тарагандар Аксынын Мундуз-Сай, Ак-Суу, Ак-Жол, Чаткалда. Лакайынан тарагандар Гисар, Гөлөп, Лакшы өрөөндөрүндө.

Калдык уулу Кара тажиктин Тегин аттуу кызына үйлөнөт. Алар Чоңкыргыз аттуу балалуу болушат. Калдык неберисин алып жайлоого көчүп кетет. Күндөрдүн биринде көнөктөп жамгыр төгүп, селге айланып, кыштоодогу дыйканчылык кылып калышкан Кара менен Тегинди сел алып кетет. Ошондон улам ал жер Кара-Тегин аталып калат.

Мундуз атабыздын өзбек аялынан төрөлгөн эки уулунан тарагандар Оро-Дөбө, Заминде, Санзар дарыясынын боюнда, Макмал тоолорун мекендешет.

Шайбани хан Самаркандан Анжианга келип, Бабур ханды кубалаганда. Заминдин балдары менен Шердардын балдары Бабур хан менен сүйлөшүп, Кара калпактарды аркалап, Арал деңизинин айланасына барып туруп калышат. Тең жарымы Бабурга кошулуп Каратегин аркылуу Ооган жерине өтүп, Кундуз деген жерге жайгашат. Бабур Оогандан Ындыга өткөндө кошулуп барып, Агра шаарынын турак кылышат.

Чоңбагыштын жети уулу Азыгалы, Кандабас, Мачак, Кулун, Сарык Килет, кутчунун Кутубай, Мундуздун Зулдуз уулдары чыгыштагы Кызыл-Суу, Кулжа, Текес, Тарбагатай өрөөндөрүндө турушат. Чоң баласы Зулумдан Каба баатыр. Анын балдары Атакан, Акман, Дашман. Атакандан Карача баатыр. Таталай, Жалалбай. Жалалбай жаштайынан арык чаап, жер иштетип, кудук казып, суу чыгарууга маш болуп, бала-чакасын маңдай тери менен багып, карыганда 126 жашка барып өтөт. Жашаган жери Жалал-Кудук аталат. Жалалбай атабыз карыганда, аны келиндери «Желим көз аке» деп тергеп жүрүшүп андан тарагандар «Желим көздөр» деп аталышат.

Акмандын тун уулу Абакан, кийинкилери Алдосбай, Абышка. Абакандын чоң байбичеси Шайдабүдөн Абык, Шыдыр, Кыйра, Дүрбөл, Көкайдар, экинчи аялы Орунбүдөн Көкчөгөз, Олжурай, Карагул. Бул сегиз баланын лакап аттары. Бээ байлабастын беш

уулу, үчөөнү кошкондо «ак үйлүү мундуз» «бай мундуз» аталат.

Алдосбай үчүнчү аялы Адигиненин тасма уругунан Шералинин кызы Жаркынайга үйлөнүп, Жараке деген уул көрөт. Андан тарагандар Жаракелер деп аталышат. Төртүнчө аялы Тагайдын уругунан Жаңыбай бийдин кызы Канымай Жаныбек аттуу уул төрөйт. Канымай эне Алдосбайдын көнөр көзү болуп, өргөдө арчадан чабылган үкөктө жатчу экен. Эркелиги ашынып, сырттан келгендерге башын көтөрүүдөн эринип, жооп берчү экен. Ошондон улам, ал энебиздин уулунан тарагандарды эл «тыраймалар» деп аташат.

Абышкадан үч уул Карабек, Кырабек, Майдабек, Карабектен тарагандар Көтөрмөдө, Курткуда, Кырабектин тарагандар. Анжиан, Аламышык, Атчабарда, Ботокарада, Майдабектен тарагандар Чоң-Алышта, Жийдеде, Бөкөйдө жайгашкан.

Зуркайдан эки уул Манчекир, Кожояр. Манчекирден Жолуке, Жоомарт. Жолукеден, Которлор. Жоомарттан Ойсурактар. Алардан тарагандарды Зуркайдын балдары деп коюшат.

Биз Мундуздун Зулдуз уулунан тарагандар Кызыл-Суу, Кулжа, Текес аймактарында жашап келебиз.

Калмактардын тынчыбаган капсалаңынан, улам бирде өрөөнгө, бир де тоого көчүп төрт түлүк асырап, тиричилик кылабыз деп, Барпы карыя ата тегинин санжырасын кыскача айтып өттү.

-Ап-бали. Сөз кадырын кадырлаган жан экенсиз. Ата-тегиңизден бери айтып, кулактын кычуусун кандырдыңыз. Биз ошол, сиз белгилеген Баргы бийдин урпактарынан болобуз-деп Тооке сөз улады.

-Баргы бийди кимдер билбейт. Адыгине атанын ордун басып, калкын канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай, кастарлап сактап келди. Бир мезгилде кыргыздын ханы аталган Сейит хандын урпактарынын нече бир жолку Парганaны басып алуу аракетине жана бир ойрот-калмактардын чапкынынан, эрдиги жана акылмандыгы менен куткарып келгендигин аксакалдар айтып калчу эле. Ал ардактуу милдет Бөкөй бий баштаган силерге мурасталып, элге калка болуп келе жатасыңар. Бул да болсо оомад. Урукка оогон дөөлөттүү даража-деди айылдын аксакалы Бакдөөлөт карыя.

-Жакшылык элге тегиз болсун карыя. Элге-жерге ак кызмат кылуу ар бирибизге ак милдет экен. Анын жоопкерчилигинен эч ким качпайт деп ойлойм-деди Сабай.

-Жер кудрети, эл касиети ыйык. Аны барктоо намыс. Намысты

көтөр алган гана көтөрөт. Аны акылы тунук, ниети таза адам гана түшүнөт. Мындай жөрөлгө баарыбызда болсун.

Сөз удулу келип калды Бөкөй бий. Бакал уулуңдун алаканы ачык, көкүрөгү тунук, душманга кек сактабаганын байкап, кудреттүү Алай жеринин айкөлдүгү да, берешендиги да элине жукса керек деп ойлодум эле. Шүгүр. Түстүүдөн түңүлбө дейт. Барын ачык айтып, так сүйлөгөн «ак көрпө жайыл» экенсиңер. Аныңарды туйган эл, силерге оогудай. Жылдызыңар оңго жүрөөр чагы экен. Эл-жер тагдырынын эртеңин муюбай көтөөр мээнетиңер ылайым эле ак болсун.-деп карыя бетин сылай алкады.

-Ырахмат карыя! Ылайым эле ошол оор жүктү, эртеңки келечекти биз менен кошо көтөрүшүп, көп жашаңыз. Буйруса, сөөк жаңырткан биримдигибиз бекем болсун! Бүтүмүңүз бүтүн. Калганы сиздер каалагандай босун! Алдыңызга акыл сурап, дагы көп келебиз - деди Тооке

-Абаке, меймандардын батасыны сурайлы.

Меймандар ооз ачкыча болбой Бакдөөлөт карыя оомиин деп кол көтөрдү.

XXX

Жылдын кайсы мезгили болсун тоо ичи ары салкын, ары кооз, көзгө ого эле сүйкүм көрүнөт. Айрыкча жан жыргаткан, жагымдуу жаратылыштын таңкы көрүнүшүнө эч бир кооздук тең келе албайт. Кай тарабыңды караба кол менен жасагандай теребел жашыл түскө боелуп, ажары ачылып-чачылып өзүнө суктандырбай койбойт. Быйылкы абанын ачыктыгы, ар түркүн дүйүм чөптөрдүн тегиз өсүп, миң сандаган гүлдөрдүн түркүн-түс боло гүлдөп ачылышы чындыгында керемет эле. Алп тоолордун асман тиреген ап-аппак чокулары күн нурун өзүнө чагылтып, күмүштөй жалтыраганы, көкмөк болгон чеги жок асманга жарашып, кең ааламды тунуктук менен тазалык ээлеп алгансып көрүнөт. Керегедей керилген тоо ичиндеги сулуулукка, жыпар жытын аңкыткан сандаган гүлдөрдүн көркүн жуурулуштуруп алгандай, жагымдуу, ары салкын, ары жумшак жели ойкуп – кайкып ойноп, теребелди бир өзү гана бийлеп алгансып, бирде жогортон, бирде төмөндөн сылап өтүп рахатты тартуулагансыйт. Тээ этектеги көк шиберлүү кенен түзөңдө жашыл жайдын көркүнө-көрк кошуп, жумурткадай ак үйлөр бадырая айкын көрүнүшү, жол бараткан жолоочунун көңүлүн өзүнө тартпай койбойт. Ал айтылуу Алай жайлоосунун бир гана бурчу. Мындай көөндү эргитип, көңүлдү сергиткен көрүнүштөр ар жылга жыбыттарга

толтура. Жаңыдан көчүп келишкен баргылардын ордо айылы. Алыстан караган адамдарга айылдын боз үйлөрү менен ак чатырлары аралашкан көрүнүшү, табигаттын татынакай көркүнө көрк кошуп, жаңы журтка эми эле келип конгон ак куулардай жарашып турат.

Жалаң жапалак арча жамынган бөйрөктүү бөксөөнүн этегиндеги тегиздеген текче сымалданган жашыл дөбөдө, Бөкөй бий бир топ айылдаштары менен жайлоонун жагымдуу кымызын татып, жайдын жаркыраган жаратылышына моокуму канбагандай теребелге көз салып суктана, тиктеп отурат. Топтошкондордун кээлери жая салынган жашыл ала шырдактардын үстүндө жамбаштай жатса, кээлери малдаш токунуп, ыйбаа менен улууларга кулак түрүшөт. Төр тарапта Бөкөй бий баш болгон аксакалдар калың мамыктарга чыканактай алыстан карагандарга ой терметишип, алыскы – алыскы мунарыктан кылым сырын туйгандай болушуп, көз салган болушат. Алардын этек тарабында килемдей болуп түрлөнгөн жашыл тулаң үстүндө аксакалдардын аңгемесине кулак түргөн жаштар кээлери кыңкайып, кээлери чөгөлөй, ыйба кыла кыймылдары астейдил, ашыкча кеп-сөздөрү жок тым тырс.

Жайдын жаркыраган ачык күнүндө айыл четиндеги дөбөгө чыгып, кымыз чайкатып ичип, кыл терген комуз күүсүн угуп, сапсапка тизип санжыра айтуу, жобураган жомокторго аралашып, Манастын балалыгынан, чоң казатка чейинки окуяларына баам салып, баалап, тыңдап үйрөнүү аксакалдардан калган эмеспи. Жети атасын билдирип, уруу, уруктун, тек жайын сүрүштүрүү, элдин каада-салтын, нарк-насилин, улуулардын осуятына баам салып, көкүрөккө түйүп калуу жаштардын бирден бир милдети. Андай жерде макал-лакап, жомоктор жөндөн-жөн айтыла бербейт. Уккандар билсин, сезсин, үйрөнсүн, тек жайын, кимдигин аңдап, намыс-ариетин баркын билип, эли-жерин ардактап, сүйсүн деген накыл. Сезимталы бир укканын кулагына куюп алат. Сезими жокторго миң айтылса да суудай суюлуп, башына токтобой таалим таасири жукпайт. Кэсининин мээси какшыган сайдай куп-кургак бойдон кала берет. Кеп кадырын, сөз баркын билбегендер «таш кулак» делет. Андайларда намыс болбойт. Эл-жерин сүйүп жарытпайт. Жанындагыларга үлгү боло албайт. Алар жакшыларды көрө албайт. Жайдак бойдон калып кетет.

Улуулардын айтканы, илгертен жаштарга накыл-наасат. Ал тургай осуят. Керээз, кымбат байлык, түгөнгүс мурас. Кыргыз Атанын тарых-таржымалы муундан-муунга оозеки айтылып,

сакталып келген. Жаштардын көркөм дүйнөсү, көөнө байлыгы ошол аңгеме, икаялардан азыктанып, элдик макал-лакап, жомок-эпос болуп эс-тутумда сакталып калган. Бир укканын жазбай жат кылуу, анын көркөм дүйнөсүндө жууруп, кайра айтып берүү касиет ата-баба, аксакалдардан жуккан. Акындык, жомокчулук, санжырачылык өнөр өзгөчө бааланган.

Аксакалдашып, улуу-кичүү бириге ирети менен отуруу, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоо, улуунун айтканынан чыкпай, кызмат кылуу, сөз сүйлөнүп жатканда аны бузбоо, аягына чейин уга билүү, билбегенин моюнга алып, билгенин айтып берүү, берилген суроого так жооп берүү, сөздү так, даана айтуу аксакалдардын алдында бааланган. Өнөр алды кызыл тил деп эл бекеринен белгилебеген. Бүгүн да айылдагылар чогулуп, кымыз ичип жаткандар Бөкөй бий баш болгон аксакалдардан тартынып, алардын оозун тиктешип, кулак түрүп отурушту.

Төрдө отурган Бөкөй бийдин кулагы көпчүлүк арасында айтылган сөздө болсо да, көөнү көкүрөгүндө кайнаган санаа менен алек. Аны аңгемени аңдап, кепке муюгандар билеби да, билбейби бири-бирине белгисиз.
Баятан берки айтылып, талашка түшкөн сөздүн башы «Кыргыз неге эгемен эл болуп, өз алдынча туу көтөрбөйт?-деген талаштын үстүндө жүрдү. Бардык суроолорго ар кими билишинче жооп беришкени менен «Арстан аалым» аталчу жигиттин ар бири сөзү так, жүйөлү болуп жатты.

Не болсо да, окуган, окугандыгын кылып, көз ачыктай, көп суроого жооп таап, отургандарды таң калтырууда. Чиркин, окугандын көзү ачык болот дегени туура чыгып, билбегени жок. Атаңын көрү «Көп жашаган билбейт. Көптү көргөн билет» демекчи, илимдин артынан түшүп, дүйнөнүн көп жерин кыдырып, окуунун аркасынан түшкөн» «Арстан аалымга» баары таң. Аңкайып эле оозун тиктешет. Тиктебей анан. Анын оозунан те атам замандан берки окуялар суудай куйулуп, төгүлгөнүн аңдагандар өз элинин тарых-таржымалын табырка кылып, тамшана сурашат. Бул да болсо жакшылык өзүн-өзү таануу. Ата журтту сыйлап, урматтоо эмеспи. «Арыстан аалымдын» аңгемеси отургандын баарына жаккандай болду.

-Азамат. Ушунун баарын жат кылып, башыңа катып жүргөнүңө бали! Сени эл бекеринен «аалым»» дебейт экен деп алкай башташканда; айтылган сөзгө ынтаасы менен кулак түрүп отурган, маңдайдагы бирөөсү:

-Моголстан, моголстандын ханы Жунус хан деп, белгиленип жатат! Моголстан дегени кандай?

-Моголстан деген аймакка Чыгыштан Алтай тоосунан баштап, батышта Талас дарыясынан чыгыш жагындагы созулуп жаткан чөлдөргө чейин, түндүгү Тарбагатай тоолорунан Балкаш көлүн бойлоп, туштуктогу Тенир-Тоо кыркаларына чейинки жерлер аталчу.

-Жунус хан өзү ким болгон? Ал кандай иштерди аткарган? деди анын жанындагы шериги.

-Моголстандын бир бөлүгү болгон -Чагатай хандыгынын эн акыркы ханы Жунус хан Теңир- Тоодогу Ат-Башыдан тартып, Чыгыш Памир, Куэнь Лун жана Лобнорго чейинки аймакты ээлеген болчу. Ал жетимиш эки жашында ааламдан өттү. Хандын сөөгүн балдары Ташкендеги Шахантур аймагындагы мазарга ардактап коюшту.

Бийлик Махмуд жана Акмат уулдарына калды. Атасынан мурасталган бийликке чоң уулу Мансур ээ болуп, Ташкенде такка отурду.

-Акмат хан кыргыз жашаган аймактарды бекемдеп, өз бийлигин Кашкарга жайылтат. Жаркенге чабуул жасап, өзбек ханы Шейбаниге каршы курошко аттанат.

-Ошол кезде Акмат ханга кайсыл жерлер карган? Отургандар улам биринен-бири оозунуп суроо бере башташты?

-Акмат султан Моголстанга, Маңдай сүйө аркылуу келип, Ак-Суу калаасын борбор кылган бир хандыкты тикелеп, бөлүнүп-жарылып кеткен Чыгыш Чагатай хандыгын калыбына келтирүү үчүн машакаттуу күрөштөрдү жүргүзүп, кыргыздар жашаган Чаткал, Турпан аймактарын кошту.

Ал эми Маңдай-Сүйө (Күн жүрүш тарап деген мааниде) Теңир тоонун түндүгүндөгү кеңири аймактын чыгыш-түндүк жагын ойроттор, анын батыш жагындагы Жети-Суу аймактарын казактар Ала-Тоо, Ысык-Көл айланасындагы аймактарды кыргыздар ээлеген эле. Кашкардан Хотенге чейинки жерлер мурункудай эле Абабакир мырзанын бийлигинде кала берген.

Кыпчак талаасы жана Сыр-Дарыя тоолорунда жаңыдан улут болуп, калыптанган казактар Жети-Сууга чейин кенейди. Ысык-Көл, Талас өрөөндөрүндөгү жана Алай тоолорунун арасындагы кыргыздар баш көтөрүп, өз алдынча болууга аркеттене башташты. Өзүн Чыгыш Чагатай хандыгынан мураскор Акмат хандын ал кең аймактарды башкарууга алы келбеди. Ак-Суу менен Комулдун аралыгына гана бийлик жүргүздү.

-Кыргыздар өз алдынчалыгын коргоого өтө эле алсыз болушканбы?

-Чыгыш Чагатай хандыгы алсыздангандан кийин, кыргыздар акырындык менен Моголстандын борбордук бөлүгүндө чоң саясий күчкө жетишти. Кийин алар бул аймакка кирген казактар менен ынтымак бирикмесин түзүшүп, негизинен Моголстандын борбордук бөлүгүн бийлөөнү колго алышты. Андан көп өтпөй эле Чагатай ханы Жунустун балдарынын ортосунда так талашуу чырына айланып, Чагатай хандыгы ыдырады. Моголстандын борбору болгон Жети-Суунун көп бөлүгү казак хандыгынын ээлигине өттү. Ысык-Көл айланасындагы кыргыз уруулары Моголстандан бөлүнүп, өз алдынчалыкка баш коюшту.

-Эки бир тууган биригишип, бири-бирине жардамдашса болбойт эле?

-Ташкенди борбор кылган Батыш Чагатай хандыгынын ханы Махмуд хан өтө коркунучтуу абалда калып, күчтүү душманга жолукту. Чынгыз хандын чоң уулу Жуучу хандын урпактарынын бири болгон Шейбани хан Алтын Ордо кыпчак хандыгы ыдырагандан кийин, ал тараптагы айрым топтогуларды баштап, түндүк жактардагы Сыр-Дарыя бойлоруна, Хорезм аймактарына, Мавраунннайыр (Мавраунннайыр-арабча эки дайранын ортосундагы жер деген аталыш), мейкиндигине жана Паргана өрөөндөрүнө басып кирип, Ахмат хандын колунан көптөгөн жерлерди тартып алды. Аны ээрчип келген түрк тилиндеги топтор өздөрүн «Өзбек ханды-гынанбыз» деп аташкандыгынан, аларды өзбек деп атап, өзүн «өзбектердин ханы» деп жарыялады. Ал алгач Махмуд хандан колдоо таап, Аксак Темирдин (Амир темир караган) урпактарын куугунга алып, жойгондон кийин, Мавраунннайыр аймагындагы атактуу калаалар Букара менен Самарканды басып алып, Ташкен, Паргана өрөөндөрүнө чабуул жасады. Бир тарабы Шейбани хандын катту чабуулуна, экинчи жактан казактардын кысымына учураган Махмуд хан, иниси Акмат хандан жардам сурообо мажбур болду.

-Агасынын өзүн көрө албастыгын билип туруп, Акмат хан эмнеге Мансур ханга жардамга барат?

-Акмат хан Ташкендеги агасы Махмуд хандын Шейбани ханга каршы согушка жардам берүү үчүн Ак-Суудан он беш миңден ашкан адамдарын жана Сейит султан, Бабачак султан деген балдарын баштап барып, агасына кошулду. Эки тараптын айыгышкан согушу Паргананын Аксыкент калаасында болду. Ага-ини Махмуд хан менен Акмат хандын бириккен кырк беш миңден ашкан колу жана

Шейбани хандын отуз миңден ашкан колу бет келишкен эле. Кармаш өтө катал жана аесуз турдө жүрдү. Бир нече күнгө созулган кан төгүлгөн кармаш, ага-ини Махмуд хан менен Акмат хандын оор жеңилишине алып келди. Экөө тең Шейбани хандын колуна туткунга түштү. Бирок, Шейбани хан Махмуд хандын, Аксак Темирдин урпактарын жоюдагы жана Бухара менен Самарканды алуудагы берген жардамдарын эске алып, ага-инилүү эки ханды өлтүрбөй, ал тургай жазага да кириптер кылбай, бошотуп жиберди. Шейбани хандын жакшылыгы Акмат ханды ардантты.

Акмат хан негизинен өтө кайраттуу, баатыр, айткан сөзүнөн кайтпаган, намыстуу адам болуп, колуна кармаган кайсыл гана ишти болсун чечкиндүүлүк менен алып баруучу. Согуш ишинде өтө катаал, өжөрлук менен мамиле кылчу. Ал мурдагы жылдары ойротторго каршы бир канча жолку согуштун жүрүшүндө ойроттор андан чочушуп, «Алача хан» (Моңгол сөзү-жан алгыч хан»деген мааниде) деп атап келишкен эле. Атасынан мурасталган бийликке чоң уулу Мансур ээ болуп, Ташкенде такка отурду. Акмат хан чачыраган кыргыз урууларын бириктирип, калмактарга каршы күрөш уюштуруп, өзүнүн эрктүүлүгүн жана эр жүрөктүүлүгүн көрсөтүп, чыныгы аскер жетекчиси экендигин айкындаган. Ошол учурдагы маалыматтарда Акмат хан Моголстанда бийликти катуу кармагандыктан, «Моголстандын чек арасына калмактар да, өзбектер да, казактар да бастырып бара алышкан эмес» деп белгиленет.

Согушта катуу жеңилүүдөн да, ага-инилуу хандардын тирүүлөй туткунга алынышы, эң чоң душманы болгон Шейбани хандын, жаза колдонбой бошотуп жиберүүсү, алардын намысына тийди, ардантты. Өз аймактарын башкарууда жана коргоодо, душмандарын каршы күрөштөрдө да, эч бир жеңилүүгө учурабай дайыма жеңиштерге жетишип келишкендиктерин барк албай, жөн бошотулушу кордогонго барабар деп сезишти. Акмат хан Ак-Сууга кайтып келгенден кийин, өтө кайгыруудан улам ооруп, эл башкарууга көңүлү келбеди. Ордодогу башкаруу иштерин чоң уулу Мансур ханга тапшырып, өзү башкаруу ишине аралашпай жүрүп 39 жашында Ак-Ссуда кайтыш болду.

-Акмат хан менен Махмуд хандын балдары ынтымакты колго алыша алдыбы, же душман бойдон калыштыбы?

-Мансур хан ордодогу бийликти күчөтүүдө, хандыкты калыбына келтирүүдө эч кандай аракеттерди жүргүзө албады. Болгон эси-дартын, аракетин хандык такты коргоого жумшап, инилерине

каршылык кыла баштады. Өзүнө жоо болгондорго эч кандай чараларды көрө албады. Акмат хандын колунан келгендерди ал кыла албай, Маңдай Сүйө аталган журттун бир бөлүгүнө гана ээлик кылуу менен чектелип калды. Ал эми атасына тиешелүү Моголстан аймактары, өз алдынча бийликтерге ээ болгон, бир канча хандыктарга бөлүнүп кетти.

Мансур хан алардын так талашуусуна ичи тарып, жанына батырбады. Бир канчасын кодулап, кетүүгө мажбур кылды. Бир канчасы агасына болгон наразылыктан ооруп өлүштү. Ал эми калгандарына алдыртан кол салып, көздөрүн жоготууга болгон каршылыктардан качып, кутулуп кетишти. Жетинчи иниси Чынтемир султан оболу Гансуга качып барып, өлүмдөн сак калганы менен кийин Индистанга качып барып, ошол жакта өлдү. Сегизинчи иниси Жусуп, Темир султан Индистандагы Бабыр шахка барып, баш пааналады. Тогузунчу иниси Токтобука оболу Бадахшанга качып барып, андан Индияга барып өлдү. Төртүнчү иниси Халил султанды өлтүрмөк болгондо, ал туюп калып, Ак-Сууга качып, Бедел ашуусун ашып, Ысык-Көлгө келип кыргыздарды пааналады.

-Халил султанды, «кыргыздарга келип пааналады» дедиңиз. Кыргыздар өздөрүнө душман болгон моңголдорго эмне үчүн кендик кылат?

-Халил султан тууралуу кыргыздар арасында маалыматтар айтылат. Ак-Суу калаасында Могол ханы Акмат хан дүйнөдөн кайтканда, анын ордуна чоң уулу Мансур такка отурат. Ал бир тууганы Халил султан менен касташып, көзүн тазалоого аракет кылганда Халил султан Моголстанга качып барып, ал жердеги «Жапайы арстандар»аталган кыргыздарга кошулат. Кыргыздар аны өздөрүнө хан кылып алышат. Ал атасынын ээлигине мураскор болуп келет. Кийинчээрек анын бир тууганы Сейит султан жарадар абалда келип кошулат. Бир канча мезгилге  чейин (төрт жыл) ага-инилер бирге жашады.

-Халил Султан менен Сейит султан бир мезгилде жашашса, кандай экөө тең эле кыргыздарга хан болуп калат?

-Чыгыш Чагатай хандыгынын ханы Сейит Султан ал он беш жашында атасы менен жортуулга катышып, Махмуд ханга жардам берүү үчүн Парганага барганда, оор жарадарланып кача албай калган болчу. Шейбанинин колунан жеңилип, атасы менен бирге колго түштү.  Бир нече жыл качкын катары ого эле кыйынчылыктарды тартты.  Алгач аны согуш талаасынан букаралар таап алышып, жаратынын айыгышына көмөктөшүштү. Андан соң  Аксыкенттин

акимине колго түшүп, бир жылдай түрмөдө отурду. Кийин Шейбанилердин адамдарынан качып жүрүп, Жетикенттеги атасынын бир тууганы Махмуд хандын жанына келди. Ал жерде жаратынан айыгып, Махмуд ханга жардамдашкысы келген. Бирок, абасы хандыктын ишине жараксыз экенин билип, ал жерден качып чыгып, кыргыздардын өлкөсүнө, иниси Халил ханды карай жөнөдү. Махмуд хан аны кайтарып келүү үчүн артынан куугун жиберди.
Сейит султандын шериктери менен куугунчулардын ортосунда кармаш башталып кетти. Бир нече убакыттан кийин Махмуд хандын колундагы топтогу Максутаалы деген бирөө менен катуу кармашып, Сейит султан жараланып кутулду. Сейит султан Халил ханга барып кошулгани менен анын оң колу менен оң көзү эки жылга чейин иштебей калды.

-Моңголдордун урпактары кыргыздарга хан болду деп айттыңыз. Кыргыздар да ханга ылайыктуу бир да адам болбодубу?

-Сейит султан менен келгендердин арасында Парганалык чоң эшендердин бири эсептелген Хасан шайык деген олуя эки-үч муруту менен кошо жүргөн. Алар кыргыздардын арасында ислам динин таратышты. Калайык калкты мечиттерди салууга үндөшүп, чогултуп намаз окууга, шакирттерди тарбиялоого киришет. Хасан шайык диний билими жактап чоң ийгилике жеткен чоң эшен жана Сейит султандын пир тутуп, кармаган устаты болгондуктан, көптөгөн адамдар устаттын шакирттери болушкан.

Хасан шайык Халил хан менен биргеликте ойротторго каршы күрөш жүргүзгөн Тагай бийге «Мухаммед кыргыз» деген мусулманча ысымды ыйгарган деген сөз айтылат. Халил хан кыргыздарга хан болгондугун билген Махмут хан түмөндөгөн колу менен кыргыздарга жоортуулга аттанды. Айдан айга созулган согушта Махмуд хан жеңилип, Жетикентке качууга аргасыз болду.

-Моңголдор хандыкты башкарган кезде, калмактар кайда болушкан? Кыргыздардан бийликке каршылык кылууга эч бири чыкпадыбы?

-Чыгыш Моголстандын ханы Мансур хан Турпанды ээлеп турду. Ал экинчи уулу Комул акими Мухаммбет султанды ойрот ваңы Унганга жиберип, бири-бирине кол салбоо келишимин түзмөк болгон эле. Анын жөнү чоң атасы Жунус хан, ал тургай өз атасы Акмат хан, ойроттор менен тынбай кармашып келишти. Ойроттордон «жан алгыч хан»-деген наам алган баатыр атасы Акмат хан, ойроттор басып алган Комул калаасын кайра кайтарып алган. Ошондон бери бирде басайып, бирде күчөгөн чапкын уланып

келет. Мансур хан атасынын керээзине ылайык чыгыш-түндүк жагын бекем коргоо максатында, чек арага жакын барып, Ак-Суу калаасынын Турпан аймагын борбор кылды.

Махмут хан Парганада Шейбани хандын жеңилгенден кийин, Ташкенди борбор кылып, Сары-Дарыя боюндагы бир топ калааларын Шейбаниге дагы тарттырып жиберди. Паргана менен Жети-Суу аралыгындагы Жеткентти борбор кылып, өзүнө кол курап, Шейбани ханга каршы чабуул жасап, колунан кеткен жерлерди кайрып алууга көп аракеттерди көргөнү менен алы жетпеди. Айласы кеткен Махмуд хан чон жоого каршы тура албастыгын билип, казактардан Жети-Суу, кыргыздардан Ала-Тоо аймактарын тартып алууга каруусу жетпеди. Казак ханы Касым хан, кыргыздардын ханы болуп турган Халил султандар ага жол бербеди. Бир канча ирет чоң кагылышуулар болуп, Махмуд хан менен иниси Халил хан душмандашып калышты.

Акмат хандын кичүү балдары кыргыздар арасына качып кетиши Махмуд хандын каарданышына алып келди. Ал инилерине өчөшүп, кыргыздар жашаган аймакты кысып, өзүнө ачыктан-ачык каршы чыгышкан инисинин эки кежир балдарын багындыруу аракетин кылды. Бир канча жолку кармаштар болуп өттү. Согуш эки ортодогу Талас согушунан кийин, Чүй өрөөнүнүн батыш тарабында болуп, Махмут хан эки инисинен жеңилүүгө учурады. Махмуд хан Мавра-уннайырдагы мурдагы өнөктөшү жана кийинки душманы Шейбани ханга тизе бүгүп барууга мажбур болду. Ошол жылы Шейбани хан Махмуд ханды жана анын беш уулун атасына кошуп моюндарына таш байлап, Сыр-Дарыяга чөктүрүп жиберүүгө буйрук берди.

-Кыргыздар Халил султан менен Сейит султанды өздөрүнө хан көтөрүп алышса, моңолдордун бийлик ээлери эмнеге эле аларга каршы чыгышат?

-Мансур хандын максаты эки тараптын кагылышуусунан бошонуп, инилери Сейит менен Халилди кошуп алган кыргыздарга, же эзелтен душманы болгон Абабакирге чабуул жасоо болчу. Аны менен кыргыз аймагын басып алып, так талашууга ниеттенип жүрүшкөн эки инисин баш ийдирмек эле. Мурдагы жылы мырза Абабакир зор кошуун менен келип, Ак-Суу, Үч- Турпандарга чабуул жасап, анын колунан тартып алган. Ал жердеги уйгур, кыргыз, дуулаттарды «Мансур ханга болуштуңар» деп, ырайымсыздык менен кырып, мал мүлктөрүн талап-тоноп алып кеткен. Ошондон улам уйгурлар менен дуулаттар Күсөң, Чалыш, Кашкар, Хотен

аймактарына, кыргыздар Теңир-Тоонун түндүгүнө качып кетишкендиктен алар жашаган аймактар ээн талаага айланган. Абабакирдин бул жоругуна каарданып, андан өч алууну эсинен чыгарбады. Ал эми ойроттордун максаты чыгыш моңголдордун өз ичиндеги карама-каршылыктардан пайдаланып, Дайн ханга чоң сокку берип, казактар тараптагы мал жайыттарды тартып алуу болчу.

Эки тараптын максаты төп келүүдөн улам, бири-бирине кол салбоо, ынтымакчылыкты түзүүгө келишүү эле. Көңүлү бир жаңсыл болгон Махмуд хан жортуулга кыргыздарга карай аттанууну чечти. Кыргыз Ала-Тоосу жана Жети-Суу аралыгындагы кең аймакты ата-бабалары башкарып келди. Кийин Моголстандын бир бөлүгү болуп, ал жерлерди ээнбаш кыргыздар менен тентип келген казактар ээлеп алышты. Кыргыздар Халил менен Султанды колтуктарына кысып, калкалап отурушат. Ал экөө баралына келгенде өзүнөн элди-жерди, эң негизгиси бийликти талашпай коюшпайт. Алдын алып, аларды жоготуу керек. Андан кийин жеңиштин күүсү менен Абабакирдин адебин колуна карматып, биротоло аймактан кубалап чыгарууну ордодогуларга жарыялады.

-Ага-инилүү хандардын кыргыздарга пайдасынан зыяны көп болгон окшойт. Калмак моңолдорго тең келүүгө, кыргыздарда кандай күч пайда болгон эле?

-Күздө чыгыш Моголстан ханы Мансур хан отуз миңден ашкан кол менен Турпандан аттанды. Кыргыздар менен Мансур хан баштаган уйгур, моңгол, ойроттордун бириккен колу Чарын Челекте кармашып, ал тарыхта изи өчпөй кийинкилерге айтылып калды. Мансур хан менен келишим түзгөн ойрот кол башчысы Унга өзүнүн колу менен келип, кыргыздардын артынан ороп, чабуулга өтүп, бир айдан ашкан согуш кыргыздардын жеңилишине алып келди. Халил хан агасы Мансур хандан качып, Шейбаны ханынын найыбы болгон Жаныбек султандын алдына барды. Шейбани хандын бир тууган иниси Жаныбек Султан Халил ханды сууга чөктүрүп өлтүрдү.

Сейит султан тоо токойлорго жашырынып жүрүп, агасынын артынан Паргана акими Жаныбек султанга барды. Ал жерде тура албастыгын билип, андан ары Бадахшанга качты. Акыры барып Кабулдагы Бабурду пааналады. Ал жерде эки жылдай турганда, Чагатай хандын урпактары шейбаничилерден Парганаdebe тартып алышты. Сейит султан Парганага кайтып келип, Анжианга такка отуруп, хан аталды. Мына ошондон баштап, анын башына оомат кушу конуп, таалайы оң келе баштады. Бир нече жылдан кийин

Абабакирдин колунан Кашкар, Жаркен, Хотен калааларын тартып алып, узак мезгилге хандык бийлик жүргүздү.

Сейит хан Абабакирди жеңип алган соң Жаркен калаасын борбор кылды. Ошондон баштап башка аймактарга ал хандык «Жаркен хандыгы», «Султан Сейит хандыгы» аталып калды.

-Сейит султан Анжианга келип, хандык такта отурду дедиңиз. Ал хандык кыргыздардыкы беле, же моңолдордуку болгонбу?

-Казактар кыргыздарга жардамга келишпеди. Мансур хан ойроттордун жардамы менен жеңишке жетишип, эки инисине паана болгон кыргыздарга аесуз чапкынчылык жүргүздү. Ысык-Көлдүн айлана-тегерегиндеги Жыргалаң, Кара-Көл, Жети-Өгүз, Коргондордун айланасындагы айылдарды талап-тоноп, андан соң Барскоон калаасынан өтүп, Кажы-Сайдагыларды какшатып, Тоң айылын томкоруп, көлдүн айланасынан күнгөйгө өтүп, көлдү бир айлана жүрүп, талап-тоноп, алган мал-мүлкүн, колго түшкөн кыргыздарды бир жерге топтоштурду. Кочкор, Жумгал, Чүй, Кемин, Долон, Кара-Кужур, Сары-Жазга чейинки жана андан өтүп, Кетмен-Төбө, Аксы, Нарын, Ат-Башы аймактарын жалынга каптатып, кары-картаңдарды, катын-балдарды чууга салып, кайрат-күчү бар жаш эркек, келин-кыздарды туткунга алып, сүрүп айдап, чыгышты көздөй чуулгандуу жолго чыкты.

-Тагай бийди кыргыздардын ханы дешет. Ал Сейит хан мезгилинде жашадыбы, же андан кийинки мезгилдерде жашадыбы?

-Тагай хан (Мухамбет хан» кыргыздардын борбор калаасы Барскоондон чыгып Сайрам, Түркстан, Ташкенди көздөй жүрүш кылды. Ал кездеги Ташкендин ээси Шейбани хандын инилери болгон Сүйүнүч хан эле. Чабуулдагыларга тең келе албай Сүйүнүч хан жеңилип, Букарага карай качып кетти. Тагай хандын жоокерлери 50-60 миңге жеткен кой-жылкыларды олжолошту. Кыргыздар Кетмен-Төбөгө келгенде, алардын артынан Шейбани хандын небереси Көчкүнчү хандын уулу, ошол кездеги Түркстан жана анын тегерегиндеги жерлердин ханы. кийин Самаркан калаасында туруп жаткан канзаада Абдылда беш миң кишилик колду баштап кубалап келди. Тагай хандын колу кармашта аны колго түшүрүп алышты.

Өзбек канзаадасы Абдылданы кое берип, Шайбени султандары менен достук мамиле түзгүсү келгенби Шейбани хандан куугунтукка учурап жүрсөм, менин душмандарым менен достошкусу барбы-деген ойдо болгон Сейит хан Ысык-Көл аймагына жүрүшкө чыгып, Тагай ханды колго түшүрүп, Жаркенге кайтты.

Тагай хан кармалып келгенден тартып, Жаркен калаасында жашап бир элдин ханы катары, тектүү жердин кызына үйлөндү.

Сейит хандын төрт уулунун чоңу Абдырашит султан, экинчиси султан Искендер, үчүнчүсү Ибраим султан, эң кенжеси Муфсин султан. Абдирашат султан Паргана өрөөнүндөгү Анжиан калаасында туулган эле. Айтууга караганда анын ысмын Бабур шах койгон. Жаш чагынан тартып журт башкаруу ыкмасын уйрөнсүн деген максатта ал сегиз жашка киргенде атасынын иниси Эшен кожонун ордуна Ак-Суу, Уч аймактарына найыптыкка дайындалды. Абдырашит Сейит хандын уулдарынын улуусу болгондуктан моңгол хан урпактарынын эрежеси боюнча хандыктын из басарлыгына дайындалышы чоң уулунун жолу болчу. Ал он беш жашка келгенде атасынын жарлыгы менен Жети-Суу, Ысык-Көл аймагына найыптыкка дайындалат.Абдирашит султан баштаган Жаркен хандыгынын 25 миң кишилик колу түндүк Моголстанга карай жолго чыкты. Сейит султан аларга «ак үйлүүдө» жүргөн Тагай ханды кошкон эле.

-Сиз «казак-кыргыз биримдиги түзүлүп», жоого каршы, ынтымакташып күрөш алып барганына токтоло кеттиңиз. Ошол кезде казактарды ким дегендер башкарып турган?

-Абдирашит хан кыргыздар арасында жүргөндө казактардын ханы Таир хан ага келип жолукту. Ал казактардын ардактуу ханы Касым хандын иниси Жадик султандын уулу болуп, Касым хан кайтыш болгондо, ордуна өзүнүн уулу Мамыш хандык тактыга отурган эле. Бир жылга жетпей Мамыш ички кагылышта өлгөндүктөн, анын ордуна Таир хандыкка чыккан болчу. Ал Сейит хан менен анын уулу Абдирашит султандын зор зыяпат менен кабыл алуусунан улам, эки хандыкты ынтымакташтырып, Шейбанилерге каршы күрөшүү максатын көздөп, өзүнүн карындашын Абдирашит султанга берип, сөөк жаңыртууга макулдашышат. Таирдин энеси султан Нигар айым Сейит хандын атасы Акмат хандын бир тууган карындашы болгондуктан илгерки каттоону калыңдоо максатын айтат.

Таирдин энеси султан Нигар айым да кызы Чүчүк айымды өзүнүн жек - жаатына берип, карым-катышты калыңдоону уулу Таирге дайындап жүрчү. Султан Нигар айым Моголстандын ханы Жунус хандын кызы болуп, Хорезм менен Мавраунвнайырдын падышасы маркум султан Абдисейит мырзанын үчүнчү уулу Самаркан өкүмдары султан Махмуд мырзага тийген эле. Ал кезде ал он беш жашта болуп, жыйырма үч жашка чыкканда анын күйөөсү

султан Махмуд мырза кайтыш болуп, анын душманы Шейбани хан Самарканды басып алган эле. Алардан Мырзакан аттуу бир бала калган. Ал жерден качкан султан Нигар айым эрме чөлдө тентип жүргөндө, казак ханы Жадик султанга жолугуп калат. Жадик султан жаш сулууну көрүп, ашык болуп, аялдыкка алат.Эки жылдан кийин Таир аттуу уулду болушат.Андан үч жылдан кийин султан Нигар айым кыз төрөп, ысмын Чүчүк аташат. Кызы эки жаштан ашканда Жадик султан Шейбани хан менен болгон согушта жараланып, каза болот. Тул калган султан Нигар айымды жыл толгондо казактардагы салт боюнча Жадик султандын агасы Касым хан өзүнө никелеп алат. Кийин Касым хан казак султандарын бириктирип, чоң хан болду. Ал султан Нигар айымды жакшы көргөндүгү үчүн өгөй балдарын өз баласындай асырап, чоңойтту. Касым хан кайтыш болгондон кийиин, ордуна өз уулу Мамыш хан болду. Ал ордо кагылышында кайтыш болгондо, анын иниси Таир хан такка отурду.

-Кыргызга Тагай хан болуп кандай иштерди жүргүзө алган?

-Тагай хан баш богон кыргыздардан чыгыштагы Мансур хан менен ойроттор, батышындагы өзбек хандыгы да чочуй турган болду. Бир хандыкка топтолгон кыргыздардын күчү чыңала берди. Жаркен хандыгы менен болгон байланыш да соолгундап баратты. Кыргыздардын оожалышы Сейит ханды кыжырлантып, эки ортодогу араздашууга алып келди. Жаркен колу Торугарт ашуусу аркылуу Ат-Башыга келгенде Ак-Суу, Учтун өкүмдары Эмин кожо султан баштаган кол кийинчерээк жетип келишип кыргыздарды алагды кылды. Катуу каршылыктарда кыргыздар кыргын таап, Тагай хан туткундалды. Кыргыздарга биротоло бийлик орнотуу үчүн экинчи ирет чабуул жасоого аракеттенип жатканын уккан моңолдор ушул күнгө чейинки олжолонгон малдары Кашкар, Жаркен аймактарындагы жайлоолорго батпай баратканын айтышты. Анын үстүнө Ысык-Көлдүн тегерегиндеги кыргыздардын жайлоолоруна Иле тараптагы ойроттор кысым көрсөтүшүп, жайлоо талаша башташкан болчу.

Тагай хан Жаркенде туткунда болгондон улам, кыргыздарды башкарган белдүү сардар (жетекчи) жок болгондуктан, каалаган жерлерди чаң-тополоңго түшүрүп, өзбектердин ээлигиндеги Сайрам, Анжиан, Аксы аймактарын талап-тоноп, туткундап жүргөн Сейит хан ал жерге туруктуу бийлик орнотууну ойлоду. Аңгыча болбой «өзбек шейбанилер хандыгынын ханы Сүйүнүч хан өлүп, «Хан тагын ээлөөгө ар кайсы калаалардагы султандар атташышып, ынтымагы кетип жатыптыр» деген кабарды алган Сейит хан

жүрүшүн тездетти. Хандын колу Нарындык, Оттук деген жерине келип жыйналышып, Коңур-Өлөң аркылуу Ак-Жаанга жүрүш кылды. Жаркендиктердин шашылыш чабуулунан улам Өзгөн, Мады, Ош, Анжиан калаалары колго өттү. Душмандардын капылеттен басып алганына карабай, калаа башчылары кайрадан ынтымакка биригишип Анжиан аймагында чечкиндүү кармаш жүрдү. Жергиликтүүлөрдүн жүз миңдей колу Сейит хандын жыйрма беш миңдей колун курчоого алды. Каршылаштардын колу өзүнө караганда үч-төрт эсе көптүгүн билген Сейит хан чегинүүгө буйрук берип, баягы Оттук жайлоосу аркылуу Кашкарга кайтты.

-Казактардын ички тополоңу жана маңгыттардын соккусу Таир хандын бийлигин алсыздантты. Таир хан өзүнө каршы тургандарды ырайымсыздык менен жазалады. Ал тургай өзүнүн бир тууган иниси Абылкасымды да аяган жок. Ага каршы казак бийлери бир тууга биригишип, анын бийлигин тартып алууга аракеттеништи. Мурда анын кол астында жүз миңдеген адам болсо, эми 20-30 миңдей гана калды. Тайир хан бир уулу менен гана калып, элинен ажырап жетимсиреди. Ушул жагдайда кыргыз-казак бирикмесинде бийлик кыргыздарга өтүп, казактардын көбү кыргыздарга кошулуп кетишти. Бир бөлүгү өзбектерге кошулушту.Таирдин башчылыгындагы казактар Талас, Чүй өрөөнүндөгү кыргыздарга аралаша отурукташты.

-Таир хан бириктирген «казак-кыргыз хандыгы» кандайча алсыз абалга дуушарланды?

«Кыргыз-казак биримдиги» Сейит хандан өч алууну көздөшүп, Абдырашит султандын Кочкордо турган кошуунуна кол салышты. Бир нече күн камоодо калган Абдырашит бир түндө колун баштап, сепилден качып чыкты. Эчен кармашуудан соң, Нарынга келип жайгашып, атасына абалын билдирип, чабарман жөнөттү. Сейит хан бир кошуунду Абдирашит султанга коргоого жана көмөк көрсөтүүгө жиберди.

Ошол кездеги түштүк жактагы чагатайчылардын, түндүк-чыгыш тараптагы ойроттордун кысымынан кутулууну чечишкен казак-кыргыз биримдиги алдын ойротторго жүрүш кылууну чечишип, кыргыздар Барскоондон, казактар Олуя-Атадан чыгышып, Каркыра жайлоосунда учурашышты. Бир нече күнгө өргүшүп, эки кошуун бийик тоолорду ашып Текес калаасын курчоого алышты.

Кыргыз-казактардын Жылдыз, Күнөс, текестерди алгандыгы жөнүндө кабар уккан Турпандагы Мансур хан Жаркендеги иниси Сейит ханга «Кыргыз-казактар ээлеп алган жерлерди тартып алууну

билдирип» кат жөнөттү. Турпан менен Жаркен кошууну биригип Текеске баргычакты кыш түшүп, оор кар жолдорду бөгөп калган эле. Бириккен кол кайтууга аргасыз болду.

-Моңгол, калмак баскынчыларынын максаты, эмнеге бири-бирине каршы күрөш ачпай, кыргыздарга багытталган?

-Мансур ханээлигиндеги чыгыш Моголстан хандыгы менен Сейит хан ээлигиндеги Жаркен хан ортосундагы Күсөн, Бай аймагынын өкүмдари Акмат хандын төртүнчү уулу Бабачан султан эле. Ал эми агасынын Мансур хан түштүгүндөгү ойротторго, экинчи агасы Сейит хан Паргана менен Ысык-Көлгө жоортул жасашып, олжолорго туйтунушканын билип, өзү жөн жата бербей, олжо тапкысы келди. Күсөн, Шаяр, Токсу, Бай, Сайрамдардын акимдерин жортуул кеңешине чакырды. Бабачак султандын башчылыгындагы кошун Ысык-Көлдүн тескейине жете келишти. Кыргыздар менен кармашта жеңилүүгө учураганда Сейит султан Бабачактын абалын угуп, жардамга аттанды. Бирок, казактар менен кыргыздардын бириккен колу Сейит хандын чабуулун токтотуп, аркасына кайтууга аргасыз кылды. Ал айласы кеткенде ээлери согушка кеткен айылдардын малын талоонго алып, тарыхта «кой жүрүш» деп ат алып калды.

Абдырашит хан атасы Сейит хан Тибетке жортуулга баратып, түтөктөн улам кайтыш болгондон кийин Жаркенге хан болуп отурган. Ал мурдагы саясатын өзгөртүп, узак жылдардан бери душман болуп келген Шейбани ханзаадалары менен достук мамиле түздү. Жаркен Сейит хандыгынын кошундары менен (1537-ж) өзбек шейбанилер хандыгынын кошуундары согушка аттанышты. Ал кезде Таир хан өлүп анын ордуна Буйлаш хан болгон эле. Бүткүл казактардын ханы делгени менен ал бир бөлүктөгү урууларына гана башчылдык кылган. Ошол кезде казак талааларын батыш тарабында, Жети-Өгүздө Акмат хан, Тогум хан дегендер турган. Касым хандын баласы Акназар хан такка чыккандан кийин казак хандыгы оожала баштаган.

Келүүшүчүлүк биринин да оюна келбеген.

-Моңгол хандыгынын урпактары менен «кыргыз-казак биримдиги» келишүүчүлүккө мүмкүнчүлүктөрү бар беле?

-Жок. Келишүүчүлүк бирини да оюна келбеген. Абейдилда хан менен Абдырашит хан алды менен Акмат хан менен Тогум хандарга сокку бермек болушту Тогум хандын башчылыгындагы казак кошууну менен согушпай чегинип Ысык-Көл өрөөнүнө келишти. Кыргыз-казактардын бириккен кошууну менен Абейдилда

хан менен Абдырашит хандын кошуундары Ысык-Көлдүн Санташ деген жеринде майданга чыгышты. Жаркендиктер отуз, өзбектер кырк жалпы жетимиш миң кол менен алардын жарымына жетпеген казак-кыргыз колу тоолордун арасындагы жылга-жылгаларда кармашышып, кыраң-белес, кокту-колоттор өлгөн денелерге толду. Казактардын ханы Тогум хан өзүнүн отуз жети султаны менен мерт болду. Жеңүүчүлөр кыргыз-казактардын мал-дүнүйөлөрүн олжого алышты.

-Моңгол бийлик ээлери калмактар, өзбектер менен тил табышып, эмнеге кыргыз-казактар менен ынтымакка келише албады?

Абдирашит хан Ысык-Көлдүн жээгинде (1545-ж) өзбек шейбанилер хандыгынын бир султаны жана Ташкен ханы Нооруз Акмат хан (Бурак хан) менен жолугушту. Алар баягы эле кыргыз-казак биримдигине каршы согушууну кеңешишип, алар жашаган элди-жерди бөлүп алууга макулдашышты. Абдирашит хан Моголстандагы бийлигин бекемдөө үчүн атасы Саит хандын жолун жолдоп, чоң уулу Абдилатип султанды Ак-Суу менен Учтун найыптыгына дайындаган эле. Акназар хан бийлик башында туруп, кыргыз-казак ынтымагын улантууну көздөдү. Ал кыргыз-казак ханы деп аталып, Моголстан хандарынын Жаркен, Турпан хандарынын Жети-Суу, Ысык-Көл айланасын басып алууга каршы күрөш жүргүздү. Анын башчылыгындагы кыргыз-казактар менен Жаркен хандыгынын Ак-Суудагы найыбы Абдылатип султан ортосундагы кагылышуулар узак жылдарга созулду. Ал мезгил-мезгили менен Ысык-Көл, Нарын аймактарына чабуул жасаса, кыргыз-казактар Ак-Суу, Кашкар аймактарына бастырып кирип турушту.

-Моңгол бийлик ээлери, калмактар, өзүбектер менен тил табышып, эмнеге кыргыз-казактар менен ынтымакка келише албады?

-Абдылатип султан он миңден ашуун колун баштап келип, капыстан Ысык-Көлгө чабуул жасады. Даярдыксыз кыргыздар канчалык каршылык кылганына карабай көптөгөн адамдарынан, мал-дүнүйөлөрүнөн ажырады. Аны уккан Акназар хан он миңдей колу менен жетип келди. Абдылатип колу Терек жылгасында чатырларын тигип, туткунга түшкөн кыз-келиндер менен алаксышып жатышканда, кыргыз-казактар кол салышып, кармашты катуу жүргүзүштү. Абдылатипти Акназар хандын алдына алып киргенде ал оор жарадар болуп, чабылган кылыч оң жак чыкыйынан тартыл, кулагын кошо шыпырып түшкөнүн көрдү. Сол колунун чыканагынан ылдыйы жок. Далысына кирген найзанын учу, көкүрөгүнөн чыккан. Ал дабагерди чакырып канчалык аракет кылса да, оор жараттардан

улам Абдылатип мырза дүйнөдөн кайтты. Абдырашит хан бир чети кайгыга батып, экинчи аябай каары келип, уулунун сөөгүн Жаркендеги Алтынсуу мазарына койгондон кийин, ордодогу бийликтеги адамдарын чогултуп, кыргыз-казактардан өч алуусун жарыялады. Кашкар, Жаркен калааларынан алты түмөн колду даярдатып, экинчи уулу Абдыкеримди Ак-Сууга төрт түмөн кол менен Ысык-Көлгө жетип келүүнү буйруду. Өзбек шейбанилерден Нооруз Акмат ханга жардам берүүсүн талап кылып, кат жиберди.

Акназар хан Түркмөнстандан аттанып, Тараз калаасында кыргыз-казак бийлеринин жыйынын өткөрдү. Жаныбек хандын небереси Жадик султандын баласы Шыгай султан кармаштан качпай, душманды кабыл алууга бел байлады. Согуш Ысык-Көлдөн башталып, бир айдан ашык созулду. Душманын он алты түмөнгө жеткен колу көптүгүнө салып, кыргыз-казактарды улам сүргөндөн, алар Эртыш боюна келишип, сепилге жайгашышты. Камалоо эки айдан ашты. Элдин тамак-ашы, от-жеми түгөнгөндө Акназар хан баш болгондор сепилди ташташып, түнү менен качып чыгышты. Шыгай хан Абдырашит хан менен элдешүүнү жүргүздү. Себеби ысыктын күнүндө моңголдордун колу да алсыраган эле.

Бири-бирине кектешкен хандардын казабынан караламан калк жапа чекти. Эл-жерди башкаларга тебелетүүнү намыс көргөн эл согуш апаатынын курмандыгы болушту. Жыл артынан жылдар өтүп казак-кыргыз биримдиги чыңала берди. Ойроттор болобу, маңгыттарбы, шайбанилерге болсун, моңгол чапкындарына бирге турушуп кыргыз-казактардын бийлиги калыптанды. Акырында Абдирашит хан кайтыш болуп, Абдыкерим хан келди. Кыргыз-казактар Жаркен хандыгы менен бир нече ирет кагылышууларды жүргүздү. Өзбектердин ханы Нооруз Акматтын ордуна Абдылда хан турду. Андан соң Баба султан бийликке чыкты. Эл арасындагы кан төгүлгөн согуш дале бүткөн жок.

-Сейит хандын балдары хандыктын мураскорлору болору анык. Бирок, алардын арасында, жеке кызыкчылыктар башкы орун да турса керек. Өздөрү башкарган мамлекетти, андагы элдин кызыкчылыгына кам көргөндөр болдубу? Сейит хандын бийлиги кайсыл убакка чейин уланып келди?

-Акмат хандын уулу Сейит хан тарабынан курулган хандык эки кылымга жакын доор сүрсө да, эч кандай максатына жетип, башка аймактарды ээлеп, бийлик жүргүзө алган жок. Карама-каршылык күчөп, тең тайлашкан кармаш улана берди. Бүлүнттү-бүлүндү,

чапты талкаланды. Ар бир жүрүшүнүн эсеси чыгып, кайтарымы кан төгүү, кыргын болду.

Тарыхый маалыматтарда Абдырашит хандын никелеп алган үч аялы, эки токолу болгон. Чоң каныша айымы-казак ханы Жадик султандын кызы Чүчүк айым. Экинчиси кыргыз ханы Тагай хандын уйгур аялынан туулган кызы Нурниса айым. /чүнчүсү токойчу, малчы Макмуттун кызы, музыкачы Аманиса айым болгон. Эки токолунун бири кашкарлык дыйкандын кызы Райхан, жана экинчиси жаркендик сазчынын кызы-Абиба эле.

Жазма даректерге негизденгенде Абдырашит хандын үч ханыша айымынан жана эки токолунан он эки уул болгон.Чоң ханышасы Чүчүк ханыша айымдан алты уулду болуп; Абдилатип султан (29 жашында Ак-Сууга өкүмдар болуп турганда, кыргыз-казактар менен болгон согушта өлгөн. Экинчи уулу Абдыкерим хан, үчүнчүсү Бадирайым султан (18 жашында чоң атасы Сейит хан менен бирге Тибетте өлгөн). Төртүнчүсү Ибраим султан (Сопу султан деп да аталган) Кашкар өкүмдары болуп турганда, кырсыктан өлгөн) Бешинчиси Мухамбет хан, алтынчысы Абдусейит хан.

Экинчи аялы кыргыздын ханы Мукаммед хандын (Тагай хан) кызы Нурниса ханыша айымдан үч баласы болгон. Курейш султан, Жунус султан, Абдылда султан. /үнчү аялы Махмуд токойчунун кызы Аманиса ханыша айымдан Абдырашит хандын үчүнчү уулу Абдурайим жаш өлүп калгандыктан, анын атын Аманиса ханыша айымдан туулган баласына койгон. Ал кийин Турпан ханы болгон.
Биринчи токолу Райхандан Мукамед шаа султан, экинчи токолу Абибадан Мукамбет Бакы султан.

Бүгүнкү күндө да «Сейдия хандыгынын» урпактары Жаркен хандыгынын бийлигин эч кимге бербей ээлеп келет деген «Арстан аалымдын» аңгемеси отургандарга жаккандыктан

-Азамат. Ушунун баарын жат кылып, башыңа катып жүргөнүңө бали! Сени эл бекеринен «аалым» дебейт экен деп алкап жатышканда, тээ маңдайдагы белестен топ атчандын карааны көрүндү.

- Караандарына караганда, жакынкы айылдагылардан эмес.

- Алдында аксакалы баштап, калгандары ээрчип келе жаткандарына караганда алыстан келе жаткан меймандар окшойт?

- Балдар, көп эле бириңден-бириң өтүп, моюн созуп, дүрбөй бербегиле. Келишээри менен аттарын алып, өздөрүн

аксакалдардын жанына алып келгиле – деди аксакалдардан төмөн-үрөөктө отургандардын арасынан бирөөсү

- Тургула! Утурлай басып, жолоочуларды колтуктап түшүргүлө? – дешип, орто жаштагылар жаштарды тескеп жатышты.

Аңгыча атчандар, айылга жакындашып, дөбөдө отургандарды көрүшүп, ат тизгиндерин бурушту. Көпчүлүккө эшик-төрдөй калганда, отургандарга карай жабыла кыйкырышып, салам айтышты.

- Ассалоомалейкум.

- Ваалекума ассалоом.

Алдыларынан утурлай чуркап баргандардын ар бири, алардын атынын тизгининен кармашып, колтуктай аттан түшүшүнө жардамдашышты. Келгендер аксакалдарды көздөй басышты. Эң алдыдагы жолоочулардын аксакалы адеби менен колун көкүрөгүнө ала ийилип,

- Амансыздарбы, жалпы жамаат.

- Аманчылык.

- Меймандын аты улук.Төргө өткүлө?

- Биз аксакалдардан кийин отуралы? Салтыбызда аксакал улук. Алардан кийин отуралы

- Меймандар төргө өтпөсө, өзүбүз төргө отурушубуз осол иш.

- Урматтагандарыңыздарга ыракмат. Өтсө өтөлү.

- Эми ордуңарды таптыңар. Кана эмесе, бата кылып коелу, эл-журтубуз аман, жерибизде тынчтык болсун!

-Айтканыңыз келсин. Омийн!

-Баары жабыла бата кылышкан соң, эл-журт, үй-бүлөөдөгү амандыкты сурашты.

- Балдар, меймандарга кымыз кесени узаткыла.

- Кана меймандар, даамга карагыла.

Кымыз куюп отурган жигит, колундагы серке чаначты булкуп-силкип, чайкап, кесени толтура кымыз куюп, көпчүлүк алдында өзү ооз тийип, отургандарга узатты. Шыпылдаган бирөөсү тура кала, кесени ала келип, төрдөгү меймандарга улуулата сунду.

- Тартынбай жуткула. Алыскы жолдо чаңкап келсеңер керек. Кесени алып, кайтаргыла балдар! деди отургандардын этегиндеги мойсопут адам.

- Даам ооз тийип,чаңкооңор канды окшойт. Меймандар айып көрбөсөңөр, ал-жай сурашып, тааныша отуралы деди Бөкөй бий.

- Туура айтасыз, бийим. Абал өзүбүздү тааныштыралы-деди меймандардын аксакалы, өзү менен келгендерди сыйра карап. Зарылдыгынан жолдун алыстыгына карабай келдик. Жолду ката,

жолуккандардан сурап, сиздин Алайда жайлоодо экендигиңизди билдик. Ат арытып келүүбүздүн жөнү деп колундагы кеседеги кымыздан кылт жутуп, сөзүн кайра улады. Алыскы-жууктагы сиздерге, кандай кабар жеткенин билбейм. Аркалык туугандарыңыздарда абал оор.

Чокорто айтылган кабарга отуругандар жабыла кулак түрө калышты.

-Ооба. Суук кабарды жымсалдабай, нак эле айта салган кандай орой неме-деп таң калбагыла. Кандай болгондо да, ал айтыла турган кабар. Биз ошон үчүн ат моюндап алыстан келдик-деди мейман.

Меймандын сөзүнөн да, Сөзгө-чоркок өзүнө таң калышкандар,

-Дагы кандай сөз чыгар экен?-дешип, эңиле тиктеп калышты.

-Жунгарлардагы Эрдене Баатыр кунтайжи өзүн хан деп жарыялап, Жети-Суу, Ысык-Көл, Ала-Тоо аймактарына чабуул жасоого камданып жатканы бизге дайын болду.

-Ооба. Ооба. Дөрбөн (төрт) ойроттордун алдыңкы бөлүктөрү азыр Текес, Нарын, Көл дарыяларынын бойлоруна келип, коно башташыптыр деген каңшаардан кабардар элек деди Бөкөй бий.

-Өзүңүздүн кабарыңыз болсо керек. Кобук - Сарыны борбор атаган жунгар хандыгы, өзүнүн аймагын кеңейтүүгө катуу киришкенин билесиз. Мындан беш-он жылдар мурун кыргыз-казактар менен ойрот-калмактар ортосунда кан түтөгөн катуу кармаш болгонунан кабарыңыз бар.

Баатыр кунтайжынын канчалык карөзгөй, канчалык зордукчул экени жалпы элге дайын деди Бөкөй бий баш ийкей. Ошондогу кыргыз-казактардын катуу каршылыгына кабылып, өтө өчөшкөндүгүнөн, кыргыз-казак жерлерин канга боебой койбостугу билинген.

Бизге келген кабарда, ал ырасталганы турат. Анын даярдыгы казак туугандарга да маалым болгондуктан, чочулаган казак ханы Жаангир хан биздин Барскоон калаасына өкүлүн жиберип, кат жолдоптур.

«Жагдай оор, абал кооптуу. Кыргыз туугандар тез арада кеңешип жооп бергиле. Канча кол жыйнай аласыңар?» –деп бирдиктүү каршы турууну сунуштады. Бул окуяны ата журтубуздун келечегин ойлоп, абалды сизге маалымдап, кеңешкени келдик.

Учурдагы шарттан улам кабатырланып, санаасы санга бөлүнгөн Бөкөй бий, сөз башталганда эле тынчы кетип, ойдолой баштаган болчу. Меймандын сөзү бүтөөрү менен ага кунт кое тиктеп

- Ушундай дегин? Казак туугандар да алдын алып, даярдык көрөлү - дегени туура. Баатыр кунжайжи ашкере эле карамүртөз, жырткычка айланып, теңирин таанybай бараткaны бизге маалым. Ага каршылык кылууда, аркалык туугандардын даярдыгы кандай?

- Биздин каршылыгыбыз дале, даярдыгыбыз дале казактар менен биригүү маселеси. Анткени, илгертеден эле казак хандыгы менен кыргыздар биримдик түзүп, калмактар менен да, монголдор менен да кармашып келгенбиз. Дале болсо, жоого каршы ынтымакты мындан ары да бышыктайбыз. Бүгүнкү казактардын башына келген күн, эртең эле биздин башыбызга келээри анык. Ойрот-жунгарлар учурда, аябай эле кутуруп, катылганды кагып, туш келгенди жанчып тургани кези. Биз азыртан бардык күчүбүз менен анын мизин майтарып койбосок, эртең эле бүт аймакты ээлеп, басып алат. Кыргыз-казак биримдиги бир бүтүмгө келип, жунгарларды Иледен бери өткөрбөстүн чарасын кылышыбыз керек.

- Ооба, чара көрүүдөн башка жол жок. Аттиң! Биз ойротторго окшоп, бир туу алдына бириге албадык деп бий оор үшкүрө башын чайкап, оор үшкүрүндү. Биригүүгө жанаша жайгашкан моголдор да, калмактар да, өзбектер да мүмкүндүк бербей келди. Анын үстүнө аймагыбыз да чар жайыт. Башыбыз Ысык-Көлдө болсо, аягыбыз Анжиан – Алай аймагына жетип.. Бизге эң эле коркунучтуу жоо болуп жаткан бир эле жунгарлар эмес, Жаркен ханы Абдылда да көзүн кызартып, тап берип турат. Ал эми тутуругу жок өзбек хандары бүгүн күлүп турганы менен эртең жүзүн үйрүп, пейилин бузабы? Аны да эстен чыгарбай туралы. Муну дагы биргеликте ойлонолу – деп тегерегиндегилерге Масилат карады да

- Кана эмесе жигиттер, меймандарды тиги өргөгө баштаар алдын, дасторконго бата кылалы! Карыя, балдарга бата бериңиз? – деп отургандардын эң аксакалы болгон төрдөгү Бек аксакалга кайрылды.

Кана эмесе, жалпы отурган жамаат. Кудайым эл-жерибизге амандык берсин. Байлык өзү келсин, баатырдык менен акыл кемибесин. Уучубуз узарсын, уул балдар көбөйүп, кучагыбыз кубансын. Баарыбыз эл дейли, душманга сыр бербейли, Оомин!- деди карыя алаканын кенен жайып.

-Масилатти эл-журт менен кеңешип, кенен сүйлөшөлү. Балдар мейман камын көргүлө. Ага чейин буту-колду жазып, басып келели – деп бий ордунан козголду.

Ошол учурда Парганадагы кыргыздар үчүндө оор абал түзүлгөн эле. Жаркен ханы Абдылда мурунку жылы кыргыз

аймагындагы Анжиан, Ат-Башы, Нарынга коркунуч туудуруп, кайра-кайра чабуул жасаган болчу. Ал эми Паргана өрөөнүнө Шейбани хандын урпагынан Абдымомун хан, Астырахандар хандыгынан Мукаммед хан жана анын балдарынын күчү ашып, жакынкы аймактагыларга көз атып турган.

Аларга кошул-ташыл, кабарда айылган калк башына кара түн түшүргөн калмактар оңой жоо эмес эле. Байлыкка умтулууда, талап-тоноого маш кара мүртөздүгү, ач көздүгү ашынган калмактарга каршы кыргыздар жүздөгөн жылдар кармашып келди. Бирде калмактар жеңсе, бирде кыргыздар жеңишке ээ болуп, ит жыгылыш көпкө созулду. Канткенде да жеңиш кыргыздар тарапка ооп, ата журтун жоого алдырышкан жок.

Кийинкиде жунгарлар Алматы аймагынан Ысык-Көлдүн баш жагындагы Түп, Ак-Сууга чейин басып алышты. Каршылык кылган кыргыз - казактарды кырып, кары-картаңдарды кармап жаштарды туткунга алып, асманды чаңга, жерди канга бөлөп, казактардан жүз миңден, кыргыздардан он миңден ашык кишини туткундап Жунгарияны көздөй айдап, ичкери тарапка көздөй чамынып жөнөштү.

Атасы Эшим ханды жазбай тарткан баатыр Жаангир хан кыргыздардын эр азаматтарынан кол курап, Ала-Тоонун күнгөй тарабын тосушту. Алгачкы жеңиштин туусуна мас болгон калмактар, тоо аралап, бел ашып бейкам келе жатканда «казан баш» Жаангир хан Кулан - Жыландагы чоң коктуга жоокерлерин жашырып, бир бөлүгү менен жөө кошундун жолун тосту. Кара таандай көп калмак жапырып киргенде, кыргыз- казактар кармаш кылбай эле адырлардын арасына кирип жашырынып жатышты. Эрдемсинген калмактар жүрүшүн бузбай илгерилей бергенде, капыстан ар жылгадан, туш – тараптан чыга кала, жабыла жапырып жатышты. Бири кууп, бири качкан ит уруш, түшкө чейин уланды. Оюнчуктай ойноткон казактар менен кыргыздарга кырсыккан калмактардын күйгөн жандары күл болуп, аябай ачууларын келтирди.

Абалды байкап турган кунтайжи өзү баш болуп, нече миңдеген колун бириктирип, кыргыз-казактарды кара таандай каптап, колго тийгенин кое бербей жанчып, биротоло ташын талкан кылмакка сүрүп, айдап жөнөштү. Жаангир хан аркага карай, ат тизгинин кайра тартып, качып, кутулуп кетүүнүн аргасында алапайын таппай калды.

- Эми жеңилди. Качырбай кармап, биротоло баш көтөргүс кылалы деп кууп жетүүгө аз калганда, чоң жылганын оозундагы бүктүрмага кез келишти. Кара нөшөрдөй жааган мылтык менен жаа

огунан он миңдей калмак сулап жыгылды. Ителгидей тездик менен куушура тийген кыргыз колунан калмактар, артка качууга аргасыз болушуп, ажал табышты. Кара көзү, канга толгон баатыр контайжи колуна кайрадан кайрат берип, өжөрлүк менен кыргыздардын чебине чабуул кылды. Кармаш кеч бешимге чейин созулуп, эки тараптан тең кан төгүлдү. Өңүттүү жерди ээлешкен кыргыздар калмактардын канчалык күчөнгөнүнө карабай капчыгайга киргизбеди. Бешим оогон мезгилде, чачылган колун жыйнап,эс алып, мерчемин күтүп турган Жаангир хан калмактардын алсыраганын көрүп, алардын артынан капысынан чабуулга өттү. Катуу жапырыкка кабылган калмактар, баш аламан качууга аргасыз болушту. Так ошол учурда, кыргыздар жылганын ичинен атырыла чыгышып, чабуулга өтүштү. Эки ортодо калган калмактар аябай кыргынга учурап, кырк-элүү миңдей адамынан ажырады. Баатыр кунтайжи бир бөлүк адамдары менен аман калып, качкан бойдон артына кайрылбай Иле дарыясынан өтүп барып токтоду. Ал айдап кеткен туткундарына да, коңул бура албады. Куугунга алган казак-кыргыздар аркадан жетип, туткундарды бошотуп алууга үлгүрүштү.

Ошондон бир топ жылга чейин калмактардын кара чабуулунан кутулушкандай болгон эле. Эми башы жанчылбаган жыландай кайра тирилген калмактар кеткен кегин, өткөн өчүн алууга кайрадан баш көтөрүшкөн чакка келип, кайраттанып турган кези. Аны билген кыргыз-казак биримдикти кайрадан колго алуу аракетин көрүүгө киришкен учур болчу.

Азыркы абалды ортого салып, талкуу кылган туугандар сый тамактан соң эс алууга жатышкан. Түн ортосу оогон чакта, ат туягынын дүбүртү чыгып, арсылдаган иттерден улам жаткандардын уйкусу бузулду

- Кара түндө кайдан келген немесиңер? – дешти кароолчулар

- Чабарманбыз. Бизге Бөкөй бийдин үйү керек?

- Бий уйкуда. Анын тынчын албай, эртеңкиге чейин эс алгыла?

- Жок, болбойт. Ат арытып, алыстан, атайлап келдик. Шашылыш, хандын каты бар.

- Абайлап тургула. Бийди ойготолу.

Калабалуу чакта бийде кайдан уйку болсун. Жана ат дүбүртү чыкканда эле, ал желегин желбегей жамына, сыртка бет алган.

- Бий аба, түн ичинде уйкуңузду бузганыбыз үчүн кечирим сурайбыз? – деп, кароол башы эшиктен баш бага. Анын кечирим сураганына үлгүртпөй, ичкериден бий өзү чыга келди.

- Хандан кат бар деп, эки жигит эшикте күтүп турушат?

- Катты алып келгиле! Эмне экенин билели. Түн катып келген чабаганчылардын карды ачса керек. Ашканага алып барып сыйлагыла. Аттарын каңтарып, сууту кангандан кийин, отко койгула-деп жасалгасы өзүнчө, үйгө карай басты.

Чырактын жарыгына салып, катты окуй кетти.

«Ассалоомалейкум кыргыз билерманы, Бөкөй бий.

Бизден сиздерге жеткен бул маалыматка өзгөчө көңүл бурасыз деп ойлойм. Биз менен сиздин эл байыркы узак мезгилден бери, ынтымакташып, бирге жашап келдик. Ырасын айтканда, бирде жакшы, бирде жаман болсок да, коңшу катары байланышыбызды үзгөн жокпуз. Кээ бир учурларда ыңгайсыз жагдайларга да туш келдик. Биз ага өкүнгөнүбүздү билдиребиз.

Биздин улуу Жаркен хандыгынын душманы силер эмессиңер. Бүгүнкү күнгө чейин биздин оожалып, өсүшүбүздү көрө албай, бузукулук кылып келе жаткан Шейбани өзбек хандар жана астрахан өзбек хандары болуп эсептелет. Демек, калмактар менен өзбек хандыгы биздин душмандарыбыз экендиги сиздерге маалым.

Жакында ордо кеңешин өткөрүп, сиздер менен биздин ортобуздагы карым-каттоо, соода байланыштарын күчөтүү, ортолукта ынтымакты түзүп, душмандарга биргеликте каршы туруууну чечтик. Эгерде өзбек хандарына каршы жүрүшкө чыксак, эч кандай коркунучсуз жол берет деген ишеничте болобуз.

Мурдагы болгон көңүлсүздүктөрдү унуталы. Мен өзүмдүн ак ниетимде хандыгыбыздын карамагына сиздерди кабыл алып, ар дайым душмандардан калкалоого убада берем.

Кыргыз бийлеринин жамаатыбыз алдындагы ордун жогору көтөрүп, зор ишеним билдирип, эл башкарууга жана ордо кызматтарына дайындоону колго алмакчымын. Бул катты хандыгымдын тегерегиндеги мен тааныган кыргыз бийлерине, аксакалдарына сунуштаймын. Кабар тиери менен мага окшоп, ак көңүлдүүлүк менен жооп жазууңарды үмүт этем. Калган маселелер сиздердин жообуңуздарга ылайык чечилерин билдирем.

Жаркен Сейдия хандыгынын ханы Абдылда хан. Жаркен. 1643-жылы күнү, айы.

Бул ойлобогон жаңылык Абдылда ханга кайдан келди? – деген ойдогу бай, сүкүт тартып бир топко үндөбөй отурду.

- Көптөн бери кырды-бычак болуп, жоолашып келдик эле. Капыстан эле ынтымак жөнүндө убада бергени кандай? Өпкөсү жок көйрөң хан ордо обозгерлеринен ыкыс көрүп, эли хан кысымына учурадыбы? Же каржы жагынан каржалып, кураган колун камсыздай

албай, кыйналып калдыбы? Бул ой, убадалар кандайча кагаз бетине түшүп, бизге кандай максат менен жөнөтүлүп калды? Ишенүүгө болобу? Кат аягында Абдылда хандын өз мөөрү.

Кантип, ишенбей коюга болот?

Бий хандын катын кайра-кайра колго алып, ойлонуп отурду.

Себеби, жакында эле: «Урматтуу кыргыз элинин билермандары жана аксакал-дары!

Аймагыбыз алыс болсо да, туугандыгыбыз бир, хандыгыбыз бөлөк болсо да, ниет-тилегибиз окшош. Кыргыз каны танибизге кубат болуп ата-бабалардан калган салтты улук тутуп, ар кайсы жакта болсок да, бири-бирибиздин амандыгыбызды Кудайдан тилеп, бала-бакыранын камында жашап келебиз.

Өзүбүз алыс болсок да, каны-жаныбыз бир кыргыз болгон соң, жакшылыкты ыроолоп, жамандыкты жылоологон ниетибизди билдирели деген максатта сиздерге кат жолдодук.

Улуу Чагатай хандыгынан, андан чоң атабыз Жунус хандан мурасталган Паргана жерин, андан кийинки Сейит хан чоң аталарыбыз негиздеп, бир канча жолу өзбек хандыктарынан тартып алууну көздөп, уруш кылганын, анын урпактары унутпайбыз. Канткенде да Паргана аймагы биздин карамагыбызда.

Паргана өрөөнү эң түйүндүү жана бай аймак болгондуктан ата-бабаларыбыз өз карамагына алууну көздөшкөн. Мен да Парганааны өз карамагыма алууну биринчи максатым деп чечимге келдим. Бул жортуулубуздун жеңиштүү болушу үчүн өзүм башчылык кылып аттанам» -деген Жаркен ханы Абдылда хандын жардыгы ордо кеңешинде айтылганын сиздерге кабардап коюуну бирден-бир милдетибиз деп эсептейбиз.

Бирок, качан, кайсыл мезгилде хандын кошууну аттанары бизге белгисиз болгондуктан, так күнүн биле албай, ушул кабарды сиздерге жашыруун жөнөтүп жатабыз.

Бир тууганадык дубай саламыбыз менен»

-Эл арасында айтылган каншаарга кабар дал келип турду. Алыста болушса да туугандарынын коопсуздугуна кам көрүп, алдын ала кат жөнөткөн Жаркен, Кашкар аймактарындагы кандаштарга бий ыраазы болуп турду.

XXX

- Келип, кетсин? деген Барпы карыянын кабарынан улам жолго чыккан. Бакалдын кыялына ар нерселер келди.

- Баягы шериктерин издеген калмактар келип тополоң салып жатабы? Же колго түшкөндөр айылдагыларга тынчтык бербей жатабы? деген ой менен аттанган.

- Ат бир баскан жолду, миң басат демекчи, бир басып, көргөнүн сая кетирбеген аргымактар жаман кыялардан кынтыксыз өтүп, ашуу ашып, суу кечип, бөрү жортуш менен жете келишти.

Боолголоп, жапсардын этегиндеги башкалардан өзгөчөлөнгөн алачыкка келип түшкөндө, шабыртты уккан үй ичиндегилерден бөлүнө, карыя менен боз улан чыга калып:

- Келгиле меймандар? – дешип ат алууга шашылышты.

- Убара болбогула. Өзүбүз эле байлаштырабыз-дешип улоолорунун белдерин бошотуп, ортодогу момукту тегерете, аттар каңтара байланды.

- Кана балдар, үйгө тарткыла деди карыя.

Боз улан шыпылдай, алдыга өтүп, эргилчектеги чачыкты мүрүсүнө артып келип, келгендердин колдоруна суу куйган соң, эргилчекти ачып, ийиле меймандардын үйгө кирүүлөрүн өтүндү. Келгендер төрдөн жай алып, үй ээсине жакшылык тилешип, бата кылышкан соң, ал-жай сураша башташты.

Меймандар очоктогу оттун жалынынан таамай көрүнгөн үй ичине көз салышты. Каланган керегенин бар-жогу билинбейт. Босогодон төргө чейин кийиздер тартылып, анын өйдөгү кырынан уук ордуна шыргыйлар, чакан түндүккө бекитилип, уук тизгичтер менен бири-бирине чыңалта чебердик менен байланган. Түндүктөн каршы-терши сызма түшүрүлүп, уук тизгичтерге шалкы, артылып коюлган. Алачык сырттан чакан көрүнгөнү менен кадимки эле керегеси керилип, ууктары сайылган төрт канат, боз үйдөй бар. Адаттагыдай ичкери кире бериштин оң капшытын улай, чийден согулган ашкана. Төргө жете каланган сол капшытта, үй эмеректерине улай ээр-токум ат жабдыктары, үй ээсинин кийимдерине туташтырыла жайгаштырылган. Төрдө кийиз, көлдөлөң. жамынчулар жыйылып, аял затына ылайык буюм-тайымдар аяк кап, саба, ашканага уланып кеткен. Көпчүлүк буюмдары аң терилеринен ийленип, чебердик менен жасалганы көрүнүп турат. Ал эми идиш-аяктар жыгачтан, айрыкча кайың, арча, тал-теректен кырылып жасалгаланганы айкын байкалат. Бир да темирден жасалган буюм жок.

Очокто асылган туулгадагы казанда мелт-калт куюлган сүт көбүрө бышканы билинди.

- Кош келгиле деп, меймандарды жылуу ырай менен тосуп алган байбиче, чоң жыгач челеке сүттү көңтөрө куюп алып, түбү агара, кырмычыктуу казанды ашкана этегиндеги түпкүчкө чыгарды.

Үй ичине бир заматта көз жүгүртүүгө үлгүргөн коноктор, үй ээлеринин колдуу, ары чебер, ары ишкер экендиктерине там берише, бири-бирине алдыртадан көз тигишти. Кечээ жакында эле, калмактардын талап-тоноосунан улам, казан, балтасынан түгөл өрттөнүп, үстүндөгү жеңил кийимдери гана калган үй ээлерин өз көздөрү менен көрүшкөн. Аз убакыт болбой, үстүлөрүнө үй көтөрүшүп, ичин толтурушуп, буюм-тайым, идиш-аяктарынан бери жаңылоого үлгүрүшүптүр. Башкасын айтпаганда да, боз үйгө керектелүүчү уук тизгич, жел боого эле канча убакыт кетет. Кой-эчкинин жүнүн жууп, тазалап, чыйратып, ийрип, дүкөн куруп, эмеректерин даярдап, боеп, сокконго эле эки-үч ай аздык кылат. Ал эми кыша согуу да, чий, камыштын кагын терип, жип ийрип, чыйратып, ар кыл түскө боеп, согуп-тизип чыгыштын эле азабы канча. Жандыктардын терисин жууп, тазалап, ашатып, кургатып, чоюп-керип, ийлеп, эбин келтире жөргөшчү оңор түйшүк эмес. «Катындын күчүн үй түйшүгү алат,эркектин күчүн мергенчилик алат» демекчи, аял заты үй тутканы, колуна иш кармаганы менен бааланат.

-Колдуу экен, иштүү экен, чебер-ууз, бардык ишке камдуу экен. Оймок оюп, жип чыйратып, курак курап, согуп,түйүп, өрүп, жөрмөп шырып, токуп, тиккен өнөрдүн ар бири өзүнчө. Бир аялдын өмүрүнө тең келген кесип. Ар биринин чебердигине карай эл аны өзүнчө атап,

- Ал оймочу, шырдакчы, токуучу, тикмечи ж.б. атап, эл баалап, даңаза кылып, ошол өнөрдөгү чебердигине, ууздугуна суктанышкан. Ошол өнөрдүн баарын ушул үйдөн, үй ээси казан менен алектенип жаткан байбиченин колунан аз убакытта эле жаралышына таңданыша, жаш болушса да меймандар баамдап, көрө билишип, тан берип отурушту. Себеби, көчмөндүк турмуш ар бир инсандан, иш кармагандыкты талап кылган. Ал тургай турмуш аны жасоого, аткарууга мажбурлаган. Атаандаштырган. Эгер эл жасаганды жасай албаса, аны «нолог, мунжу, акыл эси кем, жөндөмсүз, ашкеби, эптеп карааны менен элге кошулуп жүргөн макулук» дешип, адам катарына кошушкан эмес.

Ал эми үй ээсинен колунан жаралуучу боз үйдүн сөөгү-эмеректери, уук, түндүк, босого, эңилчек, ээр, идиш-аяк ж.б.көптөгөн түйшүктөр, кылдат мээнетти, шык-жөндөмдү талап кылат. Аларды жасоого ылайыктуу жыгачтарды тандоо, кесүү, өлчөө, кыруу,

көзөөдө, ийге келтирип, матоо, чарыштоо, тездөө, ийүү, кургатуу, желимдөө, аштоо ж.б.чебердиктен жыгач буюмдары, эмеректер жыл ичиндеги мезгилдин шартына пайдаланылып, жасалаарын, өнөрдү түшүнүп баалагандар гана билишет. Терини иштетүү, ат жабдыктары жүгөн, куюшкан, көмөлдүрүк, басмайыл, чанач, көөкөр, баштык, тон кийимдер ж.б. түрлөрү аял-эркектин биргеликте кармоосунан бүткөрүлөт. Деги эле аталган буюмдардын көрүнүшүнүн кооздугу, пайдалануудагы сапаты, жасалышындагы чебердигин, эл баалап, баа берип, даңазалап, ошол өнөрдөгү мээнетине, табылгалуулугуна жана кооздугуна суктануу менен ууз, чебер, уста ж.б. аташкан.

Амандашып, ал-жай сурашкандан соң, баягы шыпылдаган жаш жигит, жыла басып, эшике чыгып, бир күрпөңдү жетелеп кирип, төрдө отургандардан бата сурады.

- Балдар, баягы талоондон ажыратып берген жандыктардын козу-улагы союшка жарап калды. Бата берип койгула? - деди карыя.

- Абаке, убаракерчилик болбосун, союшту тек эле коюңуз?

- Тек койчу беле? Өзүңөр өндүрүп бергениңерди, өзүңөргө атап жатабыз. Чын-чынына келгенде, бул малдар силердики. Башы-көзгө садага-деп алаканын жайганда, беркилер кошулууга аргасыз болушту.

- Кой, мен жардам бере коеюн деп топтун эң кичүүсү Талип кошо чыкты.

- Мейли экөөлөп, тездете койгула-деди да карыя, беркилерге кайрыла.

-Ко-ош,эл-журт, эл ичиндеги Бөкөй бий баш болгон аксакалдар аманбы?

- Аманчылык.

-Келгениңер жакшы болду. Аманатыңарды өзүңөрдүн колуңарга тапшыралы-деп чечтик.

- Кандай аманат? Отургандар таңдана бири-бирин тиктешти.

- Баягы туткундап, бизге калтырган калмактарчы?

- Ал аманат эмес эле, сиздерге биротоло берилбеди беле?

- Биротоло биз алгыдай хан белек? Эзели ата-бабабыз кул-күң жумшап көнбөптүр. Биздин дале өз тирилигибиз, өзүбүздөн ашпайт. Кайсыл эле жумушка пайдаланмак элек?

- Өзүңүздөрдөн эле – «кыя түздөтүп, жол оңдотом»- деп бирөөсү айтпады беле?

- Ал антпей калсын. Колу-буттары бири-бирине чиркелген калмактарды, силер кетери менен Жаман-Кыяны оңдотом деп

айдап барып, каздырганга чот, керки таппай, ар коктудагы аркар-кулжалардын мүйүздөрүн алып барып ар жердеги таштуу ашуу күңгөйдү чокулатып эптей албаптыр. Бир аз жерге таш тиздирип, төшөтүмүш болгон экен. Курч туяктардын тепсендисинен алар, эчак эле көчүп-суюлуп, тому жок. Күндө иштегендерге тамак –деп ар үйгө киши жөнөтүп, түйшүгүбүзгө түйшүк кошту. Жадаганда отун алдырам дейт. Карыш бассак отунга чалынабыз. Отун үйүп эмнеге пайдаланабыз?

- Айылга алып келбей, алыска алып баргыла дешип – талоонго алып, үйлөрүн өрттөшкөн, өздөрүн сабап, туткунга алган жоону катын - калач көргүлөрү жок. Анча-мынча кордук көрүп, жаны ачынгандар, колдогу кескилери менен бышып дале алгыдай. Өлтүрүп эле коелу десек, азели бирөөлөрдү өлтүрүп көрбөгөн жан колубуз барбагыдай. Айла кеткенде Чуңкурчактагы үңкүргө камап, эшигин тосуп, кезектешип карап жададык. Өзөрүп өлбөсүн деп, арткан-урткан тамактардан, өлгөн малдын этинен ыргытып, «карышкыр камагансып» кээ-кээде кабар алып коебуз.

Байкуштардын чач, тырмактары өсүп, адам таанылгыстай болушту. Үстүндөгү кийимдери эскирип-чиригендиктенби, сасыган жытына адам чыдай алгыс. Бир чети, боор ооруп да кетет экенсин. Кайра, булардын колуна кокус, биз түшүп калсак, же баягында силер куткарып албаганыңарда, биздин бала-чакаларыбызды айдап барышып, мындан да жаман абалга кириптер кылышар беле деп ойлонот экенсин.

Калмактардын мыкаачылыгы айылдан чыккандан баштап, камчыга алып, сабап айдап, атка оморолотуп, буттарын сыйра тебелеткендери, колу-буттарын аркан кыйганын көрүп, зыябаныбыз күйгөн болчу. Ал жактарга айдап барышканда, андан да жаман кылып, аяшбай тургандыктары белгилүү эле. Деги эле, туткундун көрөрү кордук эмеспи? Силерди чакырганымдын жүйөсү ушундай. Кое бере турган болсоңор, бизден алыстатып алып кеткиле. Катын-калач, бала-чакага кесепеттери тийип жүрбөсүн. Көздөрүн тазалайбыз десеңер бизге билдирбегиле.

Карыянын айтканы туура. Тани бөлөк,тили бөөлөк, туткун болушса да адам тукуму. Арпенде жашоого бир жаралат.Үй-бүлөө күтүп, бала-чакалуу болуп, ырахаттуу жашоо ар биринин оюнда бар. Бирок, ач көздүк менен сараңдык, бирөөнүн буюмуна көз артуу, жакшылыкты ага ыраа көрбөй, баарын өзүнө тартып алып, өкүмдүк кылууну кимдер көздөйт? Албетте, бай болгусу келгендер, бийликти самагандар. Аларда ырайым деген болбойт. Жакшылык,

адамгерчилик эстерине да келбейт. Алсам, жулсам, өзүм гана болсом деген, өзүмдүк, ач көздүк сезим менен жашайт. Ал сезим, аны акыры жырткычтыкка алып келет. Жырткыч баарына душман. Жамандыктын баары анын колунан келет. Жамандык жакшылыктын душманы. Экөө эч убакта келишишпейт. Күн менен түндөй, кара менен актай, ачуу менен таттуудай карама-каршы.

- Сиздин оюңузга караганда, кое берелиби? Жакшылыкты түшүнүп, адамгерчилик дүйнөсү тазарып, бөтөнгө өкүмсүнгөндү, кордоп, зордоп, талап-тоногонду коер?

Бакалдын суроосунан улам карыя толгонуп кетти.

- Көңүлүндө кир жок. Арам ойду такыр эсине албаган, айкөлдүгү бар. Көңүлүнө төп келген иштен кайра тартпаган жан экен. Биреөнүн жамандыгын оюна да алгысы келгидей эмес. Кытмыр, кыйдылык, арамдык менен жамандыкка баш бурбаган мүнөзүн айт. Анык ата баласы ушундай болот. Мындайлар чындык үчүн жан берүүгө даяр. Аттиң, бир айыбы - ишенчээк, ак көрпө жайыл тура. Ишенчээктиги, өзүнө салакасын тийгизип койбос бекен?

- «Мейли силерге жакпаса, өлтүрүп салалы» – деп, түк жамандыкты ойлободу. Жакшылыкты баалап жатпайбы? Адамгерчиликтин баркын балаганы, ушунча болоор. Алар душманы болсо да, ишенип жатат. Анысы ишенимин актаар бекен? Адамдык касиетти, улуу тутканы ушунча болоор. Чындыгында эле, өлүмгө узап бараткандын өмүрүн кайтарып берсе, ал кандай абалда болмок? Эмне себептен экенин ойлонуп багабы? Канча дүнүйө-мүлкүн тартуулап, кезинде бир күндүк, бир сааттык өмүр сураган, дүйнөнүн лөктөрү, не бир мамлекеттерди башкарган падыша, байлар өлүмдү токтото албады эле го? Ушул жашоодон эбак эле үмүтүн үзүп койгон эрксиз туткундар кайрадан өзүнүн бир демден, бир саамдан соң жарыкчылык менен кош айтышаарын билип, жашоодон түңүлгөнгө түшүнөбү?

- Жараткан буйругу насип экен деп, эсине албай да коебу? Ооба, эсине албаары да ырас.

Адам, адам болуп жаралгандан бери, не бир замандар өттү. Не деген гана акылман, аалым, олуялар жашап кетти. Жашоонун не деген гана, эчендеген чиеленген табышмактарынын сыры ачылды. Жамандыктын өмүрү кыскалыгы айкындалса да, аны адам баласы көрүп, билип туруп шайтандын азгырыгына туткундалып, ошол үйрөнгөн жолду, баягы эле адатын карманып отурбайбы? Өзүнүн сезип, түшүнүп турганына, акыл жүгүртө албаган адам, адамдык

улуу касиетти баалап, барктай албай, адамдык кадырды кетирип жатпайбы?

Адамгерчилик-деп жакшылыктын баарын ошого ыроолойбуз. Жакшылык кыла билүү, адамдык дейбиз. Адамчы? Бирин-бири ае, баалоо, сыйлоо - барктоо неге эле көңүлдүн сыртында калат? Ушул жоруктардын баарын кайра келип эле, адамдыкка шылтайбыз. Адам адамдык ишти ар дайым ак тутуп, өзүнүн адам экендигин, кадыр-баркын билсе болбойт беле? Качан ошондой абалга келебиз? Баарыбыз эле адамгерчиликти бийик деп, бийиктикке умтулсак да, кайрадан эле тескери жолго түшүп, адамгерчиликке жол бербей булгап, бурмалап келебиз. Же шариятта айтылгандай тозоктун жолуна түшүп, адамгерчиликсиздиктин сазына батып алдыкпы? Аны ойлогон эч бир жан жок. Мүмкүн адамгерчилик сезим кийинки муундарга келип калыптанаар. Ага ишене алабызбы? Таң ай, ага эмне деп, ишенебиз? Адам өмүрүн кыйып, кыйнаган эзелтен берки адамгерчиликсиздик, кыянаттык. Ал жамандык, карөзгөйлүк согуш токтобосо уланып кете бериши мүмкүн. Адам адамды жер үстүнөн кырып, жок кылганда, Нух пайгамбарыбыздагыдай кайрадан адам тукуму пайда болгондо гана, кайрадан жанданып, ошол муун мурункулардын кылган айыбын сезип, кыргынын билгенде гана жакшылык, адамгерчилик, жашоонун кадыры жанданар. Ал да болсо кудайдын буйругунан. Баары келип, бир кудайдын өзүнө келип такалат.

- Душман өлөөр-өлгүчөктү душман. Ал сени аябайт. Сен өлтүрбөсөң, ал сени өлтүрөт. Анын душман экендигин эсиңден чыгарба деп, улуулар айткан эмеспи. Душманга эмнеге, эле ичи ийрилет? Эзелтен берки жоо ата-бубаларын аядыбы? Эс тартып, акылына киргенден бери, калмактардын ташбишин тартып, тынч жашай албай келет. Канчалаган жакындары, туугандары бей күнөө адамдар, жоо колунан мерт болушту. Туткундалып кеткендеринин бириси да кайтып келген жок. Аларды келет дегенден, үмүттөрүн эчак эле үзүп коюшкан.

- Кой, бул ишке аралашпайын. Көпчүлүк чечсин. Мына бул отурган баатырлар билсин деп, карыя кеп арасында санаага чөмүлүп кеткен эле.

- Эмне аларды издеп, туугандары кол курап келет деп, кооптонуп жатасыздарбы?

- Кооптонгон жайыбыз да бар. Бирок, канча убактан бери аларды жоктогон, артынан издеп келген жан билинбейт. Ар тарапка

чачылып кеткендерине караганда калмактар деле ит тыркын болот окшобойбу?

- Бийлигине баш ийбегенди, бириндетип талайт, булар жолбун. «Жолбун ит жолочуну кабат» дешип, айтып калышчу эле илгерки аксакалдар. Анын сыңарындай калмактар да малды байлык деп, жайытка карай жайылып кетип, жалгыздаганын, көптөп талаганын угуп, билип жүрөбүз. Оңой оокаттын кыныгын алгандар. Кыргызга тийип, малын талап, катын, бала-чакасын айдап келе беребиз-дешип өздөрүн ого эле шер ойлошорун, бул туткундалгандардан эле билинип отурбайбы?

- Баатыры ким, бийи ким? Эмне максат менен келгендерин, эртең сурап билели. Мал сак-сактап жүргөн, карапайым эле бирөөлөр бекен? Же атайлап, бийи жөнөткөн каракчылар экендигин билели.

- Өздөрүн каракчыбыз деп айтмак беле?

- Кыргызга келип тийишип, малын айдап, үйлөрүн өрттөгөндөр каракчы болбой, ким болмок? дешип көргөн-билгендерин айтып отурушуп, тыныккан аттарын отко коймокко сыртка бет алышты.

Баглан козунун эти бышып, сый тамак үстүндө эч бир ашыкча сөз сүйлөбөй, үй ээсинин айтканы менен болушту. Мейман чыгышка келгенде, үй ээлери аларды сыйлашып, алачык ичине орун даярдамак болушту.

- Байбиче, түн бакырдыкы делет. Таң деле атканы калды.
Ээр-токумду жазданып, сыртка жайгашалы. Сиздер, бейкам болгула-дешсе, үй ээлери

- Конокторду үйгө жаткырбасак, осол эмеспи дешкенине, келгендер ынашпады.
Тоонун түнү өзгөчө эмеспи. Жымыңдаган жылдыздар асман бетин бербей, эрте гүлдөгөн бадамдын гүлүндөй жыш. Биринин далдаасынан бири шыкалагансыйт. Кээде «чарт» эте, арчанын чогундай учуп, кең ааламга төнүп кетет. Асманды карап жатышып, кыялдары да жылдыздардай учкундаган жигиттер, түнкү сулуулука суктанышып, уйкулары келбеди.

- Э Баке-дейт жанаша жаткан Жайнак – досун бөйрөккө түртө.

- Мен билгенди билдиңби? Мен сезгенди сездиңби?

- Эмнени?

- Жаңа ат алып, союшун камдап, үй ичиндеги ишке энесинин колун тийгизбей, шыпылдаган жигит, мага кыздай эле көрүндү.

- Пых…эте күлгөн Атаке-бойдокко кемпир кыздай көрүнөт дешчү эле. Эмнеге эле тынбай кызыл көйнөкчөн көрүнсө телмирип

тиктегенин байкаган эле. Мунуң дале, ар уйдун көчүгүн жыттаган чиңгил букадай, бир немени самап калган окшойт десе, жаткандар жабыла күлүштү.

- Ой, күлбөгүлө. Мен баамдаганымды айттым деди Жайнак.

- Бул кыйын. Өткөндө бул үйдүн жасалгасын жадыбалдай айтып, байбиченин чебер, ууздугунан бери сөз кылган.

- Эмне, ал үйгө калмактар эмес эле, Жайнактын «көзү тийди» дейсиңби?

- Көзү тийбеди. Бирок, аялдардан бетер баамчылдыгына, баарыбыз эле там бергенибиз эсиңердеби?

- Ал айтканың ырас. Моюнга алганбыз.

- Мен силерге баамдуу болгула. Ийнедей иш болсо да, анын жөн жасалбастыгын, канчалаган чебердик менен мээнет кылгандыгын түшүнүп, билип жүргүлдө дегем.

- Сен көрөгөч, сезимталдыгыңа баа берүүгө болот. Бирок, ким кызыкканын көрө билет. Бизди аттын тыңдыгы, куралдын курчтугу кызыктырат.

- Аныңа макул. Алдын аты менен куралдын ээсинин тыңдыгына, үстү-башынын, кыймылынын чыңдыгына көз сал. Ошондо анын коркоктугу, эр жүрөктүүлүгү билине калат.

- Аттын тыңы, куралдын курчу жөн адамга тийе бербейт.

- Талаштарыңарды койгула. Жанагы шыпылдагандын ким экени эртең эле билинет. Көп эле санаркай бербей уктайлы.

- «Кулак укса курсак кайнайт» - делет, Эрмат. Кантип сезип, кантип билди экен? Аягына чейин айтсынчы? –

- Жана этти жиликтеп жатсам, колуна колум тийгенде, башкача боло түштүм.

- Жыты билинбедиби? - деди Жайнак тамашалай.

- Чын. Жыты да, силерге окшоп, кочкордун колоңсосу жыттанбай, жагымдуу жыт, жыттана түштү.

- Сенин көзүңдөн, мурдуң. Мурдуңдан колуң сезгич көрүнөт. Кантип уул болуп, төрөлүп калдың экен?

- Сезгичтик жүрөктө болгондо, адамдын адамдыгы билинет.

- Сенден башкалар, адам эмес деп ойлойсунбу?

- Жо-ок. Адам болгондон кийин, сезсин, туйсун, билсин деп бардыгыңа мүчө берилген.

- Койгула, талашты ээн жерде кылалы. Азыр чырым этип алалы – дешип уйкуга киришти.

- Барпы карыя баштаган топ, үңкүргө келишти. Өңдөрү суз, арыктаган. Үстү-баштары жүдөө. Чачтары өскөн туткундардын колу-

буттары бош, байланбаган эле. Үңкүрдүн ооз тарабы бош, качып кетүүгө толук мүмкүнчүлүктөр бар болчу.

- Качып, кайда барабыз? Кутулуп кете албайбыз дешкенби, же качуу ойлорунда жокпу, туткундар өздөрүнө ылайыктап, үңкүрдүн ичине кургак чөптөрдү жулуп келип, төшөп алышкан. Чоң-кичинелигине карабай биреөлөрдүн берген эски-куску кийимдерин кийип жүрүшөт.

Келген топ алар менен сүйлөшө башташты.

- Өзүңөргө ыңгайлашып шарт түзүп алыпсыңар. Үшүбөйсүңөрбү?

Суроого кызыкпагандай, туткундар бирин-бири тиктешти.

- Жаткан жериңер бекитилбептир. Эмнеге качып кетпедиңер?

- Качып, кайда бармак элек?

- Үйүңөрдү сагындыңарбы?

- Сагынганыбыз менен биз туткунбуз. Качсак, алыскы жолдо, кайрадан колго түшөбүз.

- Ушундай жашоо жагабы?

- Жок. Жакпайт. Андан көрө бизге жумуш бергиле?

- Кандай жумуш аткара аласыңар?

- Мал бага алабыз.

- Кое берсек, кете аласыңарбы?

- Кайда?

- Үйүңөргө

- Биздин үйлөрүбүз жок.

- Кантип үйүңөр жок? Малыңар, ата-эне , үй-бүлөөңөр жокпу?

- Бар болчу.

- Анан?

- Бизди тоноп кетишти.

- Кимдер?

- Кошоуттар

- Кошоуттар кимдер? Калмакпы?

- Калмак. Бизди дөрбөн ойрот дешет. Силер калмак атаган ойрот эли
төрт топко бөлүнөбүз. Бизди уранхайлар дешет. Төрт ойроттун кимиси өктөм болсо, же бийлеген тайчжилери күчтүү болсо, калгандарды чаап, талап-тоноп, кетишет.

- Силерди ынтымактуу дешпеди беле?

- Ынтымакташкандар да бар.

- Силер эмне, малчысыңарбы?

-Жайытка карай көчүп-конуп жүрө беребиз. Биз тобубуз менен алыскы жайлоодо элек. Малдарыбыз көп болчу. Биздин тайчжи

менен кошоуттардын тайчжиси жайыт, жер талашышып, каршылашып калышат. Бир күнү кошоуттар басып келип, мал-мүлкүбүздү талап-тоноп кетишти. Малынан ажырагандар өз жандарын багыш үчүн туш-тарапка тараштЫ. Биз таланган малыбызды өндүрүп алууга алсыз элек. Себеби колубуз аз. Кошоуттарга тең келе албайт элек. Топтолуп сүйлөштүк.

- Жакынкы жайлоолордо малы көп кыргыздар бар. Биз аларды чаап, малдарын тартып алып, жаштарын айдап келип, мал бактырайлы дедик. Бирок, улоолорубуз жок болгондуктан, жакынкы аралыктагы кошоуттардын тайчжысынын жылкысына тийип, аттарын минип бул тарапка келдик эле.

-Колго түшкөнүңөргө өкүнбөдүңөрбү?

- Өкүнгөн менен эмне кылабыз?

- Өз жериңерге кайрылып кетпейсиңерби?

- Кайра барсак «ууру» деп, жазага кириптер болобуз.

- Эмне, бул жерде калып, жашайлы дейсиңерби?

- Бизге баары бир болуп калды. Барсак колго түшөбүз.

- Бул жерде калсаңарчы?

- Ишенсеңер, бекер жатпай, ишиңерди кылып, малыңарды багып берели?

- Үй бүлөө жагын кантесиңер?

- Ал ойго келе элек.

- Бизге иш болсо болду? Өлбөстүктүн камын көрөбүз.

- Бул жер кандай силерге жагып калды?

- Бизди кул кылып, кыйнаган эч ким жок. Бир үй-бүлөбүз кана болбосо, кадимкидей жашай беребиз.

- Үй-бүлөңөрдү алып келе аласыңарбы?

- Биздин самаганыбыз да ошол. Үй-бүлөбүз болсо, коогасыз, кай жерде болсун жашай берет элек.

- Кыргыздарга тополоң салбайсыңарбы?

- Андай оюбузда жок. Силер бизге жамандык кылбасаңар, биз силерге эмнеге тийишебиз.

-Бул аксакал, силерге боштондук берели дейт Бакал. Барпы аксакалды көрсөтүп,туткундарды сынай тиктеди.

Туткундар карыянын алдына катарлаша тура калышып, өздөрүнүн салты боюнча, тизелей отурушуп, жүгүнүп жатышты.

- Силердин кожоюнуңар ушул киши. Эмне десе, түгөл аткарасыңар.

Туткундар биринен бири өтө, баштарын ийкегилешти.

- Жигиттер, буларга кожоюн болбой эле койдум. «Кетем» дешсе, жол ана, «кетпейбиз» дешсе өздөрү билишсин – деп карыя тууралана басты.

- Антпеңиз аба? Колдоруна иш берип, көрсөтүп берсеңиз, баарын аткарышкыдай.

- Эмне иш берем? Баары өзүмө чакталуу. Ашыкча түйшүк жок – деди карыя.

- Өнөр үйрөтүңүз.

-Тал-терек кыйдырып, кереге-уук тездетип, мататалы. Бизден ашса, өздөрүнө ылайыктап алачыктарды жасоого үйрөнүшсүн. /стү-баштарына, тамак-аштарына каралашалы. Жакшы болушса, эл болушат. Жамандыктары билинсе жоголушат. Кетсе кетишсин, кетишпесе тамактарын таап жешсин.

- Эртең түзөлүп алышса, катын-балдарга тийиштик кылышпайбы? – деди дагы бири.

- Өздөрүнөн табат. Сый табам дешсе сиз дешсин, чыр табам дешсе тилдешсин.

-Андай болсо уруксат бергин, кейишсин-деди Бакал.

Аның бүтүмүн уккан эки тарап тең аңкайына, бири-бирин карашты. Айылдагы коноктор кайтарында токулуп, даярдалган аттарын алып келишти.

- Келиңиз? деп, өз атын туура тарта берген жигитке көңүл бурган Бакал, кече күнү байкаган тунук көз экенин билди.

Түндөсү шеригинин айткан сөзү эсине келе калып, абайлап көз тикти. Кою кирпик арасынан өзүн тике кароодон айбыкканы менен кыйыта ар бир кыймылын аяр карап, колтуктап аттантууга даяр турган жигиттин келбетине көз сала кетти. Солкулдак ышкындай шыңга боюна, узун, ичке мүчөлөрү төп келип, ат тизгинин кармаган манжаларынын салаалары кыздардыкындай узун болуп, көзүнө сүйкүмдүү көрүндү. Баса кийген тумагынан улам мойну, бети айкын көрүнбөй, кандайдыр жүзү албырып, уяң, тартынчаак экени байкалат. Жука, жупжумшак эриндеринен акактай тиштери көрүнүп, бир аз эле шылтоо болсо күлүп жиберчүдөй, туюлуп, жылдызы жанып турганын, ээр кашты кармап, кылчая бере байкады.

Колтуктап сүйөп, аттантууга камданып турган «жигитке» үлгүртпөй Бакал шап эте үзөнгүгө бутун салбай атына минип, коштошмоко колун узата

- Ырахмат «жигит». Жакшы тургула! деп анын колун коомай кармады. Алаканына толо түшкөн, анын ыпысык узун салалуу колун кое бербей туруп -

- Экөөбүз таанышпадык го жигит? Атыбызды да сурашпадык? – деп тамашалай сурады.

- Сиз Бакал баатыр экениңизди билем.

- Сенин атың ким деген?

- Зымырык

- Куштун аты го?

Ал тунук көзүн бал-бал ачып-жуумп, тишин кашкайта жылмайды.

- Атам-апамдар ушинтип айтышат.

- Өзүңчү?

- Өзүм дагы.

- Азамат жигит көрүнөсүң

- Кантип билдиниз?

- Азамат экенсиң, көрүнүп турбайбы.

- Жалган сүйлөбөңүз

- Эмнеге?

- Жигит эмес, кыз баламын.

- Эркекче кийинип алыпсың го?

- Атам-апам уул баласы жоктугунан, мени уулдай кийинтип үйрөтүшкөн – деди кыз таза көңүлү менен жүзүн албырта.

- Өтө жакшы

- Эмнеси жакшы?

Бакал эмне деп айтаарын билбей, дудаланды

Ошол учурда Барпы карыя кызы жакка көңүл буруп:

- Бакал акеңи таанып алдыңбы? Бир тууган агаңдай көрүп жүр деп, алакан жая – Кана балдар, айылыңарга аман-эсен жетип, бизден салам айткыла! Сапарыңар байсалдуу болсун. Омийин! – деп алаканын бетине тартты.

Атчан топ, жан боордон кыйлай келип, чоң тумшуктан бурула беререринде, арт тараптан күтүрөтө ат чаап келе жаткан бирөөнүн караанын көрүндү. Ал тез эле жете келип, ойкуштаган атынын тизгинин тарта берип, топ алдында бараткан Бакалга кайрылды.

- Мен силерди узатып коеюн деп, келдим.

- Учуп келдиңби?

- Жок. Атымды чаап эле келдим.

- Атың күлүк окшойт?

- Кантип билдиңиз?

- Заматта эле, учкан куштай жете келгениңден билдим.

- Билбейм. Айылдагылар – «Аягы жеңил экен. Баралына келгенде күлүк болчудай» – дешет.

- Байгеге кошо элексиңби?

- Кайдан. Жаңы үйрөтүлгөндөн кийин, жайытка кое бердик эле. Эми тутуп алып, минип жүрөм.

- Сыны жакшы экен. Кырс эмеспи?

- Менден башкага туткурбайт.

- Ого. Бири-бирңди жакшы көрөт экенсиңер да.

- Абдан.

- Жылкы баласын тайында тасыктыр дейт. Кыял – пейили ушундайында калыптанат.

- Анысы кандай? – деди элтең эте.

- Бир үркүтүп алсаң, үркүнчөөк болуп калат. Таарынтып койсоң таарынчаак болуп калат – деди Бакал күлө бага.

- Үркүнчөөк болбос үчүн тайыңды канчалык жакшы көрсөң, ал да сени ошонсолук жакшы көрөт. Жылкы баласы менен ээсинин ортосунда биринчи ишеним болуш керек. Ишенген адамынын жанында жылкы баласы үркпөйт коркпойт дагы – деп атам айтат.

- Эң туура айткан. Ишенимдүү дос, эч убакта сатпайт.

- Сиздин атаңыз, жылкы сырын жакшы билет дейт. Чынбы?

- Аны сага, ким айтты?

- Атам айткан.

- Кыргыз баласы өмүр бою жылкы менен бирге жашап, таптап, куштап, асырап келген. Баалап, барктаганга эч ким жамандыкты ыраа көрбөйт. Билишиме караганда, Барпы абам да саяпкер көрүнөт.

- Аны кантип билдиңиз?

- Алдагы сенин тайың, баралына келгенде жаман ат болбойт.

- Чындап элеби?

- Булкунуп турбайбы?

- Булкунса эле, жакшы ат болуп калабы?

- Кеп анда эмес. Жаман ат бир аз чуркап калса өпкөсү көөп булкуна берет. Сенин тайыңдын бут шилтеши, элпек экен.

- Сиздин атыңыз менен жарыштырып көрөлүбү?

- Утканга эмне коебуз?

- Сиз айтыңызчы?

- Миңген атыбызды бермей.

- Ого эле кымбат экен. Ырдап бермей.

- Ого. Андан бетер кымбат экен.

- Сиз чындап эле, ырдай албайсызбы? – деп ачык айрым кыз чын көңүлүнөн каткыра күлдү.

- Ырдап көрбөптүрмүн – деди Бакал кемчилигин мойнуна алып.

- Кантип эле, эки ооз ыр билбейсизби?

- Ыр билем дечи. Бирок, сенен тартынып жатпайымбы?

- Ха-ха-ха. Мененби? Эмнеге тартынасыз?

- Билбейм. Сүрдөгөнсүп турам.

- Хи-хи-хи. Сиз эмес, Мен. Кечээ күндөн бери, сизден тартынып, сүйлөшө албай жүрбөймүнбү.

- Тартынбай эле, сүйлөшүп жатпайсыңбы?

- Ооба. Бала балбан дешсе, кандай неме экен деп, тартынганым чын.

- Эмичи?

- Эми карасам, элдей эле экенсиз.

- Ха-ха-ха. Мени элден бөлөк дедиң беле? – деп Бакал каткырды.

Экөө тең бирин-бири карап, чын дилдеринен каткырышты.

Тоо ичи ажайып кооз. Күңгөй – тескейдин беттеринде өскөн арча, кайыңга аралаш, комоктошо жыш өскөн долоно, четин, табылгы, ыргайлардын жалбырактарынын арасынан арсайган аска-таштардын чокулары араң көрүнөт. Ал аймакты байырлаган түркүн куштар, түрлөнө сайрап, ызы-чууга кулак тунат. Көгөргөн асман бетинде булут жок. Бүт ааламдын кири жок, тунуктук ээлеп алгандай эле.

Эки жаштын делебесин козгоп, тунуктукка тунган аалам, ары кооз жаратылыштын сулуулугу ээлеп алдыбы, же жаштыктын кирсиз тунук сезимдерине бөлөнгөн жүрөктөрүнүн бирин-бирине тартылуу ишеними сырын ачып бараттыбы, өз ара түшүнүү, жактыруу учкундары чачырап, көкүрөк тепкен кандары чоктой кызытып, алоолоп бараттыбы, деги не болсо да, экөөндө тең ачык айрым пикир алышуудан жагымдуу маанай түзүлгөндөй болду. Бир саамага экөө тең үндөбөй калышып, бет маңдайларын тиктеп баратышканы менен ички сезимдери бири-бирине тартылып, - Эмнени ойлоп баратты экен? - деген сырдуу сезимге балкыган эки жаш, ары толгонуп, ары ойлонуп баратышты.

Дале болсо бир азга созулган тынымды ары сергек, ары илбериңки кыз алаксыта:

- Ии, сөз менен болуп, унутуп бараткан турбайбызбы.

Ойдон алаксыган Бакал кызга суроолу тигилди. Чекесине коомай жапкан тебетейинен капкара болгон чачтары саамайына төгүлүп, койкойгон ичке мойнуна, кулагына таккан сөйкөсү жарашып, кыздын бажырайган нурдуу жүзү ажарлана көрк кошуп турду. Ээр үстүндө кыт куйгандай, түп-түз отурган кыздын денеси, атынын

басыгына карай чайпала берип, жигиттин суктануусун арттыра, кыздын ушул келбети, ушул сулуулугу көзүнөн кетпес болуп тартылып калды.

Өзүн суктана караган жигиттин көзү, көзүнө дал келе калганда, кыздын жүрөгү «болк» эте булкунуп, ары жагымдуу, ары таптуу сезим денесин каптап, жүзү албыра, жалтана түшүп, кирпиктерин төгүлө жер карады да, айткан сөзү эсине келе калып:

- Аттарыбызды жарыштырабыз дебедик беле – деген боюнча, алдындагы тайына камчы салды.

Ансыз да тизгинин тартканга карабай, ооздуругун кемире, бир аз чуркаганга, каны кызый түшкөн жаш тулпар, ээсинин камчы көтөрө шилтегенине илгертпей, ордунан атып кетти.Туягынан учкан даркан сапырыла ыргыганын көргөн жигит, жанаша келе жаткан тайдын булт эте атырылганынан улам, ээсинин теминээрин күтпөй, аяк таштаган атынын соорусун сылай таптады. Ээсинин дайыма чуркап баратканда кубат бере соорудан таптаарын билген аргымак ары курч, ары күйүккөндү билбеген, жаш тайдын караанын узатпай арыш керди.

Ат жалын сапырган аркыраган шамал, заматта пайда болсо, ат үстүндөгүлөрдүн жүздөрүн аймалай, бет маңдайдан аркырап сокту.

- Куу. Куу! – деп кыз аргымагына кубат бере теминип, артында келе жаткан жигитке кашкая тиктеп, колун булгалады.

Кыздын аргымагы менен өзүнүн ар бир кыймылына көз салган жигит, тээ алды тарапта жолду кесе өткөн аңды байкай калып, чочуп кетти. Тескейден түшкөн агындыга жылгалардагы сарыккан суулар кошулуп, улам жумшак жердин топурагын кемире, кошо агызып, тереңдиги ат боюндай, эни эки чылбырга барабар экенин ары-бери өткөндө көрүп байкаган эле. Ал эсине түшө калып, тааныш эмес, терең андан, күүлөнгөн тай бой ура, аяк таштаарын, же жалтана, жалт бере, туура чуркаарын ойлоп, атын дембе дем теминди. Артындагы ат куйрук улаш келип калганын туйган тай, андан бетер элирип күчөнө, арыш керет. Ал эми кыз жете келген аргымакты, тайына жеткирбестин аракетинде удаа-удаа камчы шилтеп, алга карай бой ура, теминет.

Туяктары жерге тийип-тийбей, учкан куштай сызып бараткан аргымактардын үстүндөгү кыз-жигиттин, артынан келе жаткан шериктери, экөөнүн жарышып бараткандарына дем бере, алыстан сүрөшүп,

- Айт! Айт! Куу! Куу – деп жарыша кыйкырышты.

Сүрөгөн үндөрдү уккан аргымактар, андан бетер булкуна жол талашышат. Бири жеткирбестин, бири жетүүнүн аракетиндеги таймаш күчөдү. Жаш аргымакка караганда, дайыма алыска чуркап көнүккөн аттын кубаты артык эле. Улам жанаша түшүп, өзүнө кол суна берген жигитке мөөрөйдү алдыргысы келбеген кыз, боюн ала кача, тайынын соорунуна чапкылай, кубана кыткылыктайт. Ан сайын жигит да алыстан күүлөнө келип, олжосун шап илип кеткен бүркүттөй болуп, аркыраган шамалга сапырылган кызыл көйнөк кызды ат үстүнөн так көтөрө шыпырып көтөрүп алгысы келет.

Ат сүрөгөн арткылар, алдыдагы терең аңды байкай калышып, аттарын темине, чапкылап жөнөштү. Кыз жигитке жеткирбестин аракетинде болсо да, алдындагы аргымагы канчалык күлүктүгүнө карабай, жигиттин атындай кубаты жоктугун билип, дагы канчалык аралыкка чейин жарыш узаарына кызыгып, бет маңдайына көз салды. Али, аралык көп бар эле. Бирок, жол кескен терең аңдын бардыгын көрө калды. Жүрөгү «шуу» эте түштү. Аргымагы ал аңдан, арыш кере өтө албастыгын сезип, коркуп кетти. Жанаша калган жигитке жалт бурула, жардам күткөндөй тиктеди. Жигиттин улам кол созгонун эми гана түшүнүп, ойлонбой туруп, анын кучагына боюн таштады. Күүлөнгөн ат да, тай да, буйдалып калбай, күүсүн жазбай аяктарын кере секиришти.

Кыз коркунучту сезип, көзүн жума койгонун, өзү да билбеди. Аттын алдыңкы буттары жардын четинен аша жерге тийип, үстүндөгү кыз-жигиттин салмагынан улам арткы аягы жардын илебине илешип, топурак көчүп, чаң ызгыды. Аргымак бир мүргүп барып, кайра оңолду. Тизгинди катуу тарткан жигит, атын токтотуу аракетинде, кучагындагы кызды карады. Аябай коркуп, көзүн жума койгон кыз, коркунуч артта калганын сездиби, туптунук, карагаттай көздөрүн, пар-пар ача, ат үстүндө өзүн кучагында кысып турган жигиттен уяла, көзүн жумду.

Канчалык уялса да, өзүнүн эки колу жигиттин мойнуна оролгонун сезе калып, «дирт» эте чочуй түшүп, «бултак» эте, бошонуунун аракетинде, боюн түзөй бererде, жигиттин жыты мурдуна «бур» дей түштү. Мындай жыт болорун кыз ойлогон да эмес эле. Кандайдыр, таптакыр билбеген, мындай болот деп ойлобогон туюм, жагымдуу сезилип, өзүнө тартып, денесин балкытты. Ал эми жигит кучагындагы ары жумшак, ары назик кыздын денесинин жагымдуу жыты, мурдуна дем алганга, искегенде, денеси ымыр – чымыр боло, башы деңгирей, магдыраткан сезим пайда болуп, денеси оттой алоолонгонун туйуп, кучагы кыздын

денесине жабышып калгандай, бошонуу оюна да келбей маң болуп турду. Экөөнүн тең денелери алоолоно, чоктой ысып, «дүк-дүк» эте дүкүлдөп, жүрөктөрү кошул-ташыл, бири-бири менен үн алыша, бирдей согуп жаткандай эле.

Тизгини кере тартылган ат, өпкөсүн кага, соолуктап, күйүгө бышкырынып, удаа-удаа жөткүрө, ооздуругун күтүрөтө чайнап, башын соолбуй, силкинди. Аны сезген экөө, бири-бирин карай жагымдуу жылмайышты. Кыз өзүнүн колдору жигиттин мойнуна артылып турганын эми гана сездиби, чочуй-уяла, кызарган жүзүн шыбырттата бошонуунун аракетинде, башын көтөрө бергенде , эңкейген жигиттин эрдине ып-ысык бети тие калды. Кыз да, жигит да, мындай жагымдуу болуп, «дүр» эткен сезим, экөөнүн тең денелерин балкытып, кош жүрөктүн алоо табы беттерин боегондой кызартты. Экөөнө тең, бул жагдай, атайлагандай туюлду. Жагымдуу сезим денелерин дүргүтүп, тоонун аркыраган шамалында муздаган беттери чоктой ысып, алоолоно, кызарды.

Эс-мас болгон жигит кыздын жумшак, ары ып-ысык колдорунан бир кармап, ат үстүнөн эңкейе, жерге түшүрдү. Кыз канчалык чыйрак болсо да, жигиттин деми, карылуу колу денесине тийгенден улам, башы айлана, бутары чалыштай, ордунан козголууга дарманы келбей калды. Кантсе да, өз боюн токтотууга аракеттенген болуп, азыр эле аябай коркунучтуу көрүнгөн терең жарга көз сала кетти. Жигит да атынан элпек түшө калып, аңдын энин көз өлчөмүнө алды. Терендиги ат бою, туурасы чылбырга тең, жардын аркы жээгине жетпей, аты арыш кере секирип өткөн тараптагы жээгинен, арым аша, алдыңкы эки аягы сайылып, арткы эки аягы жардын кыр жээгине илешкенин көрүп, аргымагына ыраазы боло тиктеди. Заматта кыздын кунанын эстей калып, караса, ал тизгинин жерге чубалтып, күйүккөн демин баса албай, аркы тарапта соолуктап туруптур. Кайрыла басып барып, «шык-шыктап» жоош тайды жетелеп келди.

Аларды көрүп чочулаган шериктери, аттарын демиктире, чаап келишип:

- Деги, амансыңарбы?

- Жарга жакындаганыңарда болду-болбоду, күүлөнгөн аттар, аңга кулайт деп аябай чочудук эле.

- Экөөңүн тең, атыңарга баракелде!

- Издерине караганда, канаттуу куштай эле учуп өтүшүптүр.

- Кудай бир сактаптыр.

- Ак сары башыл, садага

Экөөнүн тең аттарын кайра токушуп, алдыларына тартышты.

- Бизди узатып келгениңе, ырахмат. Жол тарталы деди Бакал атаандашына кол сунуп.

- Баатыр, кечээ күндөн бери бул «жигиттин» сыйын көрдүк. Айылыбызга алып кетип, биз да сый көрсөтөлү? – деди Бакалдын шериги Эрмат, ары тамашалай, ары билмексен болуп.

- «Уулунун» биз менен кеткенин билбей, абабыз кабатыр болуп жүрбөсүн?

- Ха-ха-ха – деп кыз каткырды. -Кечээ бизден сый көрдүңөр эле. Бүгүн сыйыбызды кайтаргыла? – деп, бармак белем. Көңүлүмү алып, сыйга чакырганыңарга ырахмат. Мен, бир азга күлүгүмдүн аягын жазып келейин деп гана чыккам.

- Атыңын аягын жазам деп, жалгыз жарым айылыңдан алыстабай жүр жигит. Жалгыз – жарымдагандарды, ал тургай чакан айылдарды аңдыган жоо келип чаап, туткундаганын алабарман чакта, көрүп жүрөсүң. Этияттанган жакшы – деди Атаке, ары кеңеш бере, ары эскерте.

- Алай тоолорун аркы-терки аралап, Бакал баатыр баш болгон эр азаматтар жүргөнүн билген жоо, кайдан эле келе калмак?

- Не болсо да, этияттанган жакшы. Анын үстүнө калмактар кыргыздын өңдүү-түстүү «жигиттерине» көбүрөөк көңүл бөлөөрүн билебиз – деди Эрмат – сөзүн кыйыта.

- Хи-хи-хи. Кыздарын алдырып жибергенге, кыргыз жигиттеринин намысы жол койбосо керек?

- Беттеше келгенде, кыргыз жигиттеринин намысы бек. Өлгүчөктү алдырбайт. Уурулукча аңдып, жалгыз-жарымдаганды тоноп, тукундап кетпесине ким кепилдик бере алмак?

-Ооба.Кеп, калмактардын жабылып келип, туюсуз жаткан элди, камынтпай басып, туткундап кеткени болуп жатпайбы.

- Жортуулга аттанганыңарда, мен да кошулуп барсам болобу?

- Жоортулду оңой көрбө, жигит! Ар кадам сайын, ажал аңдып турат. Ал жайдан аман кайткан аз эле болот. Кыйын болсоңор биргелешип, айылды коргогула?

- Ач калсаңар тамагыңарды даярдап, чаалыкканыңарда атыңарды карап берем.

- Жортуул деген кан майдан. Ага көрүнгөн эле бара бербейт. Ага дабардес, бакыбат, куралга көнүккөн, эр жүрөк, баатырлар гана керек делет.

- Мен жаа тартууда, ким менен болсун мелдеше алам.

- Кош «жигит». Сыйңарга ыракмат. Биз жол тарталы.

- Жакшы баргыла.

- Мен сени белеске чейин узатып коеюн – деп Бакал ат тизгинин бура, кыздын тайын жандай бастырды.

Достор, экөөнө жагымдуу күлө бага карап, баш ийкешти.

ХХХ

-Жоо тийди-деген кабар жолдо келе жатышкан Бакалдарга маалым болду. Ар айылдагы азаматтар бири-бирине кабар жиберишип, топтошо башташкан учурда. Бакалдар да жете келишти. Ар айылда талоонго алган жоо, өзгөндөн бери кур-чапта топтошуп жатканы билинди. Олжого карк болгондор көп эле узап кетишпейт. Жакынкы аралыктагы бир жерге токтошот. Кыргыздар түнү менен кошумча кол топтоп, кармашты таң эрте менен баштамак болду.

«Дүң-дүң» эте добулбастар кагылып, ага кошул-ташыл керней-сурнайлар бапылдайт. Көпчүлүк адамдардын чуру-чуусуна кошул-ташыл аттар кишинеп, көп туяктардын тарсылдаган үнүнөн боз талаадагы эркин жүргөн канаттуулар дүрдүгө уча качышат. Бири-бирине учтары айкаша калган найзалар күн нуруна жалтылдап, үзөңгүлөр кагышып, көлөмү ар кыл туулар желге сапырылып, калың чаң асманга көтөрүлөт. Ар тараптан агыла келген топтор, улам бир бирден кошулуп, кошуундун карааны калыңдай берди. Талап-тоноо оңунда болгондонбу, баарынын көңүлдөрү шайдоот. Артынып-ыртынгөн, алдындагы малды сүрүп айдагандар, алыстан бири-бирине үн салышып табылгалары менен мактангансышат. Беш кошкон журттан сүрүлүп келген мал да үйрөнчүк короолошторун издешеби, безилдеп маарап, мөөрөгөн үндөрү кошуундагылардын чуру-чуусуна кошул-ташыл.

Жортуулдагы бөлүктөгүлөр бирин-бири жоктогон соң, акырындык менен жол алышты. Кең таланы жалаң өздөрү гана ээлеген кошуун жай жылып баратышты. Аларды шаштырган эч зарылдык жок. Эң артындагы коргоочу кол аталган бөлүктөгүлөр гана анда-санда кылчак-кылчак карашып, куугун жок экенин билишип, алар да бейкапар.

Тоо башынан көлөкө түшүп, кеч кирип баратты. Кошуун башчылар кыска кеңештен кийин, алдыда көрүнгөн сууну бойлой токтоп, чаалыккан аттарын тыныктырмак болушту. Айткандай суу жээгине жолум үйлөр тигилип, ар бөлүктөгүлөр, ар жерде олжологон малдан каалашынча союшуп, «кандуу булон» боло түнөп калышты. Түнү менен алардын тынчын эч ким бузбагандыктан, эрте менен

жай турушуп, кайра жолго чыгышты. Күн көтөрүлгөн чакта куугун жетип келгени малым болду. Бир күн болсо да, түнкү өргүүдө колдогулар, ат-улоолор тыныгып калганынабы, чапкынчылар алдасташкан жок. Анын үстүнө куугунчулар канчалык сүрүлүп келишсе да, кошуундагылар сан жагынан да, күч-курал жагынан да артыкчылык кылаарын билишип, жортуулчулар тоготпогондой эле. Эки тарап тең маңдай-тескей болушуп сап тартып, кармашка камынышты.

Согуш эрежеси боюнча, алды менен балбандардын жекеме-жеке кармашуусу башталды. Согуштун ыкмасы, кайсыл жактын балбаны өктөм болсо, кийинки тараптын сеси кайтат. Күч сыналат. Кыргыз тараптан Жанай баатыр майданга чыкты. Ойроттор тараптан көлөмү ого эле зор, көзү чарадай, туура мурун балбаны, ат ойнотуп ортого келди. Экөө тең жашынан найза өнөрүнө маш болушканбы, чыгып-чыкпай жатышып, бири-бирин качырышты. Улам мээлеген найзаларын кагып жиберишип, денелерине жакын жолотпой жатышты. Канча ирет бетме-бет сүңгүлөрүн мээлеп келишсе да, алыша албады. Эки тарап тең эки баатырдын күчтөрү, илелери да тең экенин байкашты. Башталышында бири-бирине кыжынып, сөгүнүп чамынышкан сайын, эки тарап тең өз балбанын сүрөп, кыйкырышып ызы-чуу болуп жатышты. Ачынган эки балбан айкырыкты салышып, арстандай аркырашып, жолборстой күркүрөшүп, керээлден кечки бирин-бири жеңе алышпады.

Күн отура берээрде ойрот балбаны, куулук кыла, өзүнө сунулган сүңгүдөн жалтана ат үстүнөн бир тарапка ооп, көз ирмебей найзасын түздөй шукшурула келе жаткан Жамак баатырдын сүйөсү алдындагы жумшак бооруна найза учун туштады. Ат үстүндөгү күү менен келген найза баатырдын кабыргасын жаный өтүп, боорун тепчий сайылды.

Кыргыздар, «чур» эте кыйкырып жиберишти. Жамак батыр өзүнүн алдатканын заматта эле туйганбы, ат үстүндө бир тарабына кыңкая берип, тизгинин тарта, артына кайрылды. Ошол кезде ойрот балбаны «кыргыздын боорун жыра сайдым» деп кыялына келе калган оюу менен ал да ат тизгинин шарт бура, кылчыя бергенде Жамак баатыр колундагы найзасын ойротко карай атып урду. Жебедей учкан найза ойрот балбанынын акырегине кадала түштү. Олбурлуу ойрот балбаны кадалган найзаны тоготпой, бир колу менен шап сууруп алып, куралы жок Жамакты көздөй ат койду. Экөөнүн тең куралы жок. Ат үстүндө жакалаша түшүштү. Бирин-бири жулкуп-силкишип, аттан оодаруунун аракетинде болушту. Экөөнүн

күчүнөн улам сооттору айрылды. Ойрот балбандын найза тийген акыреги ооруксундубу, же колунун кубаты кеткенби, бекем чеңгелдеген манжалары жазылып, бир колу менен каршылык көрсөтүп жатты. Жамай баатыр ойроттун жалгыз колунун билегинен шап бурай кармап, атын теминди.

Эчен жолу ээсин оор кырдаалдардан аман куткарып жүргөн аты шарт жүрүп берди. Ойрот баатыры эңкейип, атынын жалын таяна бергенде Жамай баатыр анын билегин ээр кашка орой кармап, чапка басты. Эки ат, эки тарапка тисерилишип, тамая-тартыша, үзүлө кете албай туруп калышты. Жамай баатыр адатынча, сол бутунун учу менен атынын колтугуна укуй бергенде, аты жүткүнө берип, чычаңдай тартып кетти. Ойрот баатырынын көчүгү ээрден жылмышып, жерге сүйрөлүп калды. Ал канчалык буту менен тура кала таканчык кылууга аракеттенсе да, колу Жамай баатырдын ээр кашына асылып, денеси сүйрөлүп баратты. Күлүк ат аны илгертпей сүйрөп алып жөнөдү. Кеги кайнаган Жанай батыр атын «чү» деген бойдон, ортолукту эки-үч жолу тегерете сүйрөп, барып, шалак эттире таштады. Ойрот баатыры кыймылсыз, жерде сулк жатты.

Жеңишке шердене түшкөн кыргыздар, кыйкырып,

-Жекеге! Жекеге! Баатырың болсо чыгар! деп асман жаңырта кыйкырышты.

Майдан талаанын эрежеси, бир балбан жеңилгени менен эр сайыш токтоп калбайт. Ойроттор улам балбандарын чыгарып жатышты. Кан майданды ажал бийлеп, баатырлардын бириси өлүм тапса, бириси жарадар болуп, эки күнгө созулду. Канча жан берип, канча жандын канын төккөн кармаш кызыды. Алгач чоң балбандар алышып жатса, эми каны кызыган, жаш балбандар чыгышып, күчтөрүн сынашты. Каны кызуу, жүрөгү майтарылбай, өлүмдү эске албаган азаматтар жалтанбай ортого арбашып жатышты.

Эр сайышка түшкөн балбандары, кыргыздардын жаш жигиттеринен найза жеп, улам ээрден кулаганын көргөн калмактар ортодо турган башчысынын алдына чогулуша түшүштү. Заматта эле чакчелекейге түшө бөлөк-бөлөк болуп турган топторго кабар беришип, кимдир бирөөсүн издеп жатканы билинди. Аңгыча болбой, чум карагер атын атырылта чаап зор денелүү бирөөсү майданга чыга келди. Төөдөй бийик атын теминип, дөңгөчтөй зор денесине кийген сооту тар келгени билинип, башы казандай болгон, алп денесин күйшөй бирөө чыкты. Аты да, атына жараша, өзүнүн денеси да сүрдүү көрүнүп, майдан талаасындагылар таңдангандай

болушту. Анын далдайган мүчө-келбети дөөдөй, алдындагы аты дөбөдөй көрүнүп, айбатынан эле анча-мынчанын жүрөгү түшкүдөй эле. Карагер атына кайра-кайра камчы салып, аюудай айкырып, майданды бир айланып келип, каршы тараптагы балбанды күтүп турду.

Кыргыз тараптагылар да ким чыгарын күтүп, моюндарын созо кыдырата тиктешти. Чынына келгенде аюудай айкырган калмак балбанына бет келээр балбан жок болсо да, бирин-бири үмүттүү тиктеди. Айлананы бир топко жымжырттык ээледи. Аркы тараптан тор кашкасын темине, алга умтулган Бакал баатырдын карааны көрүндү. Ары шыңга, арык болсо да, сөөк-сактуу келбетине кийген сооту жарашып, жылдыздуу өңү тамылжый, кабак-кашы ачык эле. Баатырдын аты алыска угулуп, кылыч шилтөө, ай балта чабууда көбүнө үлгү, жаа тартуудагы мергендиги дайын. Ал калмак балбанынын билегинде чоюн баш бар экенин билип, эки-үч карыш келгидей ай балтасын ээр кашка илген бойдон, колундагы найзасын чимирилте ортого чыга келди.

Эки балбан алыстан эле, арыстандай күркүрөшүп, бирин-бири жете барып жара тартчуудай чамынышып, куралдарын кезешишти. Адегенде эле түз мээленген найза учунан шамал ышкырып, бирин-бири ыргыта сайчуудай атырылышты. Аргымактардын атырылган күүсү менен келген, эки алптын кезелген найзалары бири-бирине кагыша түшүп, экөөнүн тең колдорунан ыргып кетти. Алар ага көңүл бурушкан да жок. Мурдатан даярдап алган ээр каштарындагы айбалта менен чокмор баштарын шап ала коюшуп, шилтей кетишти.

Чоюн, баш менен болот ай балта бири-бирине кагыша тийгенде, «чак-чак» эте учкундар чыгып, айбаттуу добуш алыска кетти. Бирин-бири жалпайта чабууга аракеттенишип, аттарынын тизгиндерин тарта, ээр үстүнө тура калыша шилтеп жатышты. Экөөнүн тең күчтөрү ташып, согуш өнөрүнө маш экени айкын билинди. Согуш майданынан тышкары курч, ары оңор эмес салмактуу куралдар менен каршылашып талкалай чабуунун аракетиндеги курал шилтөөлөрүн, көрүп тургандардын көздөрүн ала-чакмак кылып, жүрөктөрүн опколжутту. Бири-бирин тирүү жутуп жиберчүүдөй болуп, ооздорун араандай ачып, күчөнө курал шилтешкендерге, алдыларындагы аттары да сорундарынан ак көбүк чыгып, бири-бирине жандай келиши, эки дөбөдө, эки дөө туруп, жазганбай кол салышы тим эле жомоктогудай эле.

Кокустан эле күч менен шилтенген чоюн баш, же айбалта бирине тийсе, сөөктөрүн талкалап, денелерин сүйрөйтө, же

камырдай былчыйтмак. Чабылган куралды өздөрүнө жолотпой, кылдаттык менен кагып жиберишип, кайра эле бирин-бири чабууга атырылып жатышты. Алардын айбатына күбө болгондор, экөөнүн чыныгы балбандар, кайра тартпас эр жүрөк экендиктерине ынанышып, ичтеринен:

-Баракелде! Экөө тең тайманбас эр экен. Курал чабууга чебердиктерин айт-дешип күбө болуп турушту.

Калмак баатыры ыңгайы келе калганда оор чокмору менен кыргыз баатырынын дал төбөсүнө «чак» эттире шилтеди. Чоюн баштын салмагынан улам, кыргыз баатырынын туулгасы бир тарабына кыйшайып, чоюн баш сыдырыла, баатырдын бир кулагын чарпый тийди. Кыргыз баатыры майыша, ийрейген туулгасын башынан жулуп ала ыргытып, артына шарт кайрыла келип, күү менен өтүп барып, эми артына кайрылып келе жаткан калмак баатырынын бет маңдайына тура кала, ай балтасын шилтеди. Каршылашы, колундагы чокмор башты тосууга үлгүргүчө болбой, күү менен шилтеген ай балта, анын сол колун мүрүсүнөн шылый, жандап тийди. Оор жараттан калмак баатыры эндирей түшүп, оң колу менен ат жалына сүйөндү.

Денесиндеги жаратты күчү көтөрдүбү, же кайраты ошончо ташыганбы, эндиреп барып, өзүнө келе түшүп, оң колундагы чокмор баш менен өзүн кубалай келип, кайра чабууга далалаттангандай кыргыз баатырына каршылык көрсөтө баштады. Бири колундагы куралын шилтөөгө, бириси аны денесине тийгизбөөнүн аракетинде куралын тосо коюп жатты.

Кыргыз баатыры шалдайган колун көтөрүүгө буямасы келбеген калмакты жалпайта чабуу үчүн ачуулана, ай балтаны баш аламан шилтеп, жакындап келди. Калмак баатыры эчен жолу, чабышка түшүп, ого эле тасыккан жоокер экендигин айкындап, шилтеген ай балтадан коргонгончо, улам ыкыс бере ыңгайын келтире албай жатты. Бир кезде өзүнө өтө жакын келип калган Бакал баатырды оң колундагы чокмор баш менен бет талаштыра «чак» эттире шилтеди. Бодур тиштүү чоюн баш мурдуна «былч» эте тийип, кан жая берди. Алыстан тынчсызданып турган кыргыздар «чур» эте түшүштү.

-Алдырба, баатыр!

-Бакал, деги саксыңбы?

Катуу тийген күчтөн жаны ачынган Бакал баатыр, калмак баатырын качырып барып, ай балтасын төбөсүнө шилтеди. Каршылашы чоюн чокморун үлгүрүп тосо койду. Ай балта менен

чоюн баш катуу кагышып «чак» эте түшүп, карылуу колдордон ажырап, ыргып кетти. Эки батыр тең эңкейе калышып, аттарынан ыргып түшүшүп, куралдарына жүгүрүштү. Эки курал бир жерге түшкөн эле. Бири-бирине алдыра койбой, жакалаша, жулкуй тартышып, тытыша кармашып жатып, белдеше күрөшө кетишти. Мурдунан кан кеткени менен, эки колу сак кыргыз балбаны, калмак балбанынын белин сыга кармап, көтөрүп чабуунун аракетинде болсо, каршылашы жалгыз колдугуна карабай, атаандашынын бир жак карчытындагы белине байланган куруна бармактарын батырып, бой бербей, улам анын серпкенине карабай, өзү да булкуп-силкип, жыгуунун аракетинде болду. Экөөнөн тең кан чубуруп, денелери кызыл-ала болгонуна карашпай, көпкө ажырашпай алышышты. Убакыт узарган сайын экөөнөн тең денелеринен кан агып, алдары кете шалдырап, темтеңдеп калышты. Акырында Бакал баатыр карылуу колдору менен сыңар колдууну сыга кучактап, жерден так көтөрө, жамбашка салып, айландыра чапты. Калмак баатыры ага канчалык моюн бербей каршылык кыла, алдыда жатса да, анын, капшытын эзгиледи.

Эки колу бошой калган кыргыз баатыры, сыңар колдуу балбандын желкесине бир колун өткөрө, ээгинен мыкчый кармап, шарт бурай койгондо, «карс» эткен үн чыгып, калмактын капшыттагы колу бошошту.

Кыргыз баатыры ордунан туруп, боюн түздөй, алга умтула бергенде, башы айланып, денеси чайпала түштү.

-Бакал баатыр! Баатыр Бакал!

-Кыргыз баатыр!

-Жеңиш! Жеңиш!- деп айгайлаган кыргыздар чуркап келишип, баатырын көтөрүп кетишти.

Балбанынын жеңилгенин көргөн жоо жабыла кыргыздарга ат коюшту. Аралашма согуш башталып, баш көргөндү, көз көрбөй, аянбаган кармаш кыргынга айланды. Адам башы таштай тоголонду. Кызыл кыргын, кара сүргүн, кан чачыраган денелер таанылбай, кимдин ким экени билинбейт. Кармаш, бири өктөм, бири качып, жеңиш эки тарапка тең тийбей жатты. Ойрот-калмактар канчалык көптүгүнө салышса да, кыргыздар чегинишпеди. Өлүм эки тараптан тең көбөйүп, айлана ат өлүгү менен эр өлүгүнө толуп кетти. Адаттан тыш аралашма согуш, канчалык тез башталса, жаздагы өткүндөй болуп, күчөп барып, акырындык менен сээлдей баштады. Ага биринчи себеп, калмактардын баатырлары улам жеңилүүгө учураган сайын, алардын шериктеринин жаалдары кайнап, аз

көрүнгөн кыргыз колун ортого алып, көптөп талкалап салыш эле. Кыргыздар баатырлары жеңишке жеткен сайын дымак байлашып, шериктеринин эрдигин улантып, жан аябай жоону дыркырата кубалап, өктөмдүгүн көрсөтүшмөк. Бирок, согуштун иши согуш. Өз мыйзамынан чыкпай, өлүм артынан, өлүмдү күтүп жатты.

Күн күүгүмдөнүп, кеч кире баштаганда, кармашкан эки тарап тең, майдан талаасын таштап, өз топторун карай чегиништи.

Жазынын кең сайынын бети карарып, туландуу аймак ат туяктарына тытмаланып, борпоң топуракка айланган. Баш аягына созулган кең аймактын эки тарабында комоктошкон караандар. Эрте менен соккон желден улам, ар бөлүктүн төбөсүндөгү соймондогон жыландай желектер желбирейт. Кол башчылар айла-амалдарын пайдаланып, ар кыл ыкмалар менен каршы тараптарын жеңүүгө аракеттенишет. Кантканде да, эки тарап тең жеңилгиси келбейт. Кайсыл тарап үстөмдүк кылып жатканы белгисиз. Бирде бир тарабы кетенчиктей артка чегинсе, бирде каршы тарабы артка сүрүлөт. Болгону борпоң топурактан чаң сапырылып, алышып жүргөндөрдүн бети-башы чаң, канга булганып, бирөөнүн колу-буту сынып, кээсинин башы коондой тоголонуп, ээсиз калган аттар, тизгинин сүйрөй ортолуктан чыгып кете албай согушкандар менен кошо сүрүлөт. Күн түштөн оой бергенде кыргыз тараптан аттары тың, өздөрү шамдагай тандалма чабандестер Бакал баатырдын башчылыгында, кызуу кармаш болуп жаткан майдандын бир тарабын жиреп кириішти. Ажыдардай айбат менен атырыла чабуулга өтүштү. Капыстан жасалган аракет, заматта эле кармашта билине түштү. Кечке тынбай майданда арып-ачынган каршы тарап, катуу соккуга дуушарланып, чакчелекейи чыкты. Катуу куюндан улам, борпоң топурактуу талаа сапырыла, чачылгандай болуп, бири-биринен ажырап, суюлду. Ыкчам чабуул, бириндегендерди артка сүрдү.

Бир жак канаты кайрылган калмактардын, экинчи тарабы да, туруштук бере алышпай, жапырыла чегиништи. Эрдикке шыктанган кыргыздар жоого караганда аз экендерине карабай чап-чапка өтүштү. Жоонун чети жемерилип, чегинүү «кач-качка» түштү. «Качкан жоону катын алат» демекчи, бири-бирине калканч боло алышпай, аман калуунун аракетинде, арткы тарабы шашкалак-ташып, алдыдагыларды тебелеп-тепсеп өтүп жатышты. Кач-качтан улам өздөрү тыныккан кошторун-оруктарын коргоонун ордуна, токтоого чамалары келбей, күн батышты көздөй дыр коюшту. Бир

күндүк алыстыкта жайгашкан олжолонгон малдарга, талап-тонолгон буюмдарга кароого буямалары келбеди.

Катуу сүрүлгөн селдей куугун аркадан түшкөндө, «Коркконго кош көрүнөт, коштоосу менен беш көрүнөт» демекчи, алдастап, шашып, акылдарын токтотууга буямалары келбегендер, бирин-бири тебелеп качып, жол тандабай барышып, Шайтан-Жарга жакындаганда ар бөлүктөрдүн, бөлүк башчылары, ноен, зайсаңдар канчалык жол тоскондоруна карабай сүрдүгө өтүп жатты. Каарданган бөлүк башчылары качкандарга сес көрсөтмөккө жол тостуруп, мылтык аттырышты. Алдыдагылар топтолсо да, алардын артындагылар сүрүлө каптап, өтүштү.

Качып баргандарга Шайтан-Жар калка боло албады. Акыры барып, бийик жарга такалышты. Капчыгай ичинде жол жок. Жан-далбастагандар, кайра кайтууга аргасыз болушту. Куралдуу куугунчуларга такалышты. Чабыш кайра күчөдү. Кыргыздар жоону куткарбас үчүн, калмактар эптеп кутулуп кетиш үчүн соғуш жүрдү. Канчалаган жан куралдын курмандыгы болсо, канчалаганы эч арга таппай ыктыярлары менен колго түшүп беришти. Каардуу кармаштын күбөсү болуп, Шайтан-Жардын талаасы «кыргын талаа» аталып тарыхта айтылып калды.

XXX

Ата-бабаларынан бери, тоонун шартына көнгөн тоолуктар, боройлогон кар жаайбы, сөөк какшаткан суук болобу, боло калган көнүмүштөй сезишет.

-Кыш кыштыгын, жаз жаздыгын кылбаса күндүн оор-жеңилдиги билинбейт. Ошон үчүн «кыштын камын жазда көр» делген. Жылдын мезгилдерин «Убактылуу, келип-кетчүү мейман» дешип, наараазылыктарын билдиришпейт. Билдирген күндө да, эмне кылышмак? Ал табийгаттын иши.

Тоо ичинде торолуп, тоо шартын эчен жолу баштан өткөрүп, каисы мезгилдин, качан келээрин күтүп, ага алдын ала даярданып кам көрүшөт. Табийгаттын кубулуштары, тоолуктарга жат. Аны күндүзү күндүн батып, чыгышынан, түнкүсүн айдын нурунан, жылдыздардын көрүнүшүнөн, жада калса короодогу малдын, талаадагы кайберендердин, жан-жаныбар, курт- кумурскалардын кыймылынан, өсүмдүктөрдүн өңү-түсүнөн, бүр алып гүлдөшүн, бышып жетилишин табырка кылышып, алдын ала айткан сезимталдыктары «беш салаадай» так болбосо да, кээде божомолдоолору туура келип, кырсыктын алдын алууга

аракеттенишет. Ошондон тоолуктар, жаз-кыш кокту-колотко конбой, сырттап, күңгөйлөтө журт которушат. Ал эми жай- күз тескейлей журт которушуп, малдын эт алып, нык семиришине, кийинки төлдүн жетилип өсүшүнө кам көрүшөт.

Кыш кетип, кар ала-телек болгон чакта, тоолуктар эгиздеп, журт которушат. Анын жөнү күздө бышып, куусаңына айланган чөптөр, кыш бою кар алдында жатып, тазалана жумшарып, малга ого эле жугумдуу келет. Кыш бою тоюту канбаган малдар аны апсыга жеп, карды тоет. Эрте эт алып, желинине сүт толушуна, ичиндеги төлдүн өсүшүнө өзгөчө таасирдүү болот. Деги эле малдын уузу төлгө да, адамга да жугумдуу келип, оорулардын алдын алып, ден-соолуктун чыңалуусуна жагымдуу шарт түзүлөт.

Мындай жагдайдарды табырка кылып, жакшы билген тоолуктар, ал тургай алардын малдары да жаз келип, күндүн табы көтөрүлгөн сайын, эгиз тарапты эңсей карашып, эртерээк эле салкын тарапты көздөй кетүүнүн камында, мөңгүлүү тоолорду көздөй моюн созушат. Күн санап, жылдыз тиктеген тоолуктар, мерчемге келээри менен жабыла жүк артышып, жаңы журтту көздөй көчүп жөнөшөт.

Ата-бабалардан өткөн адат боюнча урук, топтор бири-бирине эриш-аркак, жаман-жакшылыктары бир. Айыл башчынын же аксакалдын кебинен чыкпай, ынтымакташкан намыс-аракеттери бирге.

Жаш адамдардын адептүү, ыймандуу, адамгерчиликтүү, мейман-дос, өнөрлүү болуусуна камкордук көрүлүп, тарбиялык иштерге өзгөчө көңүл бурушкан.

Кайра-кайра кайталанган капсалан ар бир айылдагыларды өзгөчө этият, сак болууга көнүктүрдү. Жалгыз жарымдабай, топко кошулууга аргасыз кылды. Капылеттен тийген жоо, ал тургай жапайы жырткычтар да, көпчүлүктүн караанынан тайсалдап, болүндү болгонго кол салат эмеспи. Алгач жалгыздаганды жайлап, анан тосоту канбаса, топтошкондорго жабыла тиерин билген, азчылык көпкө кошулуп, айыл конгондордун караандары да капыңдай берди.

Ууру-кески, каракчылар, ал тургай жапайы жырткычтар айыл-тегереги айкын көрүнгөн бир жерге байырлап-бекинип алып, күндүзү жайылган малды, түнкүсүн жыбыргаган жарыкты бутага алып, кай тараптан барып кол салып, кай тараптан кармалбай качып кетүүнү божомолго алып, жер чалаары белгилүү. Алар аңдыган жемин алууга ашкан куулугун, билинбеген сак-

митаамдыгын пайдаланып, анан учуру келе калганда, аянбай мыкаачылыгын кылып, кол салаары анык.

Баргылардын айылы журт которуп, ашууга жете бербей, мойноктун алдындагы Жайылмага келип конушту. Жайылма жайылма дегендей эле бар. Кең жайылган аймак кыртыштуу келип, жаз келээри менен күн тегиз тийгендиктен көк тегиз көтөрүлүп, күзгө чейин жап-жашыл боло, түсү өзгөрүлбөйт. Мал туягынын көптүгүнө карабай, чет тараптардагы кокту-колот, жылга-жыбыт дайыма жашаң. Жер эгиздигиненби, же жайындагы тез-тез алмаша, ачылып-бүркөлгөн күндүн жамгырынанбы, жайыты оттон өксүбөй, малга да, мал ээлерине да мамыры жер, жагымдуу сезилет. Жайлоонун сырын жакшы билгендер мал артынан түшө, көп эле сак-сактай бербей, эртели кеч үйдөн чыга кала, көз салып гана коюшат. Эңкүүлөнгөн бет-маңдай тарапта кайсыл мал, кай тарапты көздөй жайылып жүргөнү айкын көрүнөт. Мал да от алып үйрөнгөн жайытынан алыстабай, Кызыл-Жарга чейин барып, кайра имериле жайылып оттойт. Колот сайын ийиген бээнин сүтүндөй дйркиреген тунук булактар, бири-бирине үн алыша төмөндөп барып, уйдун көзүндөй ары тунук, ары көрктүү чакан көлчүккө келип кошулат. Көлчүктүн тегерегин түш болбой жатып, ысууланган мал чогула кечип, канчалык тебелешсе да көлдүн ортосу көкмөк боюнча, киргилденип да койбой, туп-тунук бойдон, өзгөрүлбөйт. Көпчүлүк аны

–Түбү жок, Эгиздин пайы. Башка тараптагы көл менен түбү туташ дешип «Эгиз көл» аташат. Мүмкүн, ал эгиз жайдан орун алганынан улам аталгандыр. Ага түшүп, аңтара аныктаган эч ким жок.

Тоо ичи эртели-кеч күндүн чыгыш-батышына карай, көрүнүшү да, көркү да алмашып, кубулуп тургансыйт. Эрте менен эле чакчая тийип, баарын табына кактап, куйкалап жиберүүчүдөй болгон күн, түштөн кийин батыш тарапка кыңкая бергенде Муз-Төр жактан соккон мелүүн шамалдын табы кайта, акырын жылып келип, аска башына далдоолоно жашына баштайт. Ошол учурда күңгөй тарап, күндүн алтындай болгон нуруна чулганып, көлөкө түшкөн тескей тараптын салкындыгын эликтегендей, аптабын күчөнө чачып, ого эле жаркый, чакчая тиет. Кызыл-Жар ичи мала түскө боелуп, бири-бирине бой тирешкен арча, кайыңдар жап-жашыл боло көрктөнүп, сулуулугу айкын көрүнүп, көркү ого эле ташый түшкөнсүйт.

Керээлден кечке, тушардан өткөн туландуу бетегени аралап, от алуудан зериге, баштарын жерге сала, көлөкөгө кайткан мал, күн

батаардагы салкында бири-биринен өтө баштарын жерден албай, шашыла жумшак туланды быртылдата оттой кетишет.

Айылдагылардын алды кечки тамакка кам көрө башташа, кээлери эшик алдындагы очокторго казан асып, от жагышып, жаңы саалган сүттөрүн бышырып, уютууга шашылышат. Топ үйлөрдүн очокторунан чыккан жумшак түтүн, уюлгуп барып, төбөгө көтөрүлө абага сиңип кетүүдө. Жандыктарды жоктоп, мал тоскон балдардын үндөрү суюк абага сиңип, үзүл-кесил угула калганда, керээлден-кечке боз үйдүн көлөкөсүндө тилин салаңдата уктап жаткан иттер, баштарын көтөрө-«Эмне болуп жатат?» дегенсишип, «зоңк-зоңк» эте үргөн болушат.

Чакаларын көтөрүп, шыпылдай баскан кыз-келиндер кечки бээ саамга желени көздөй келатканын көргөн бээлер, кулундарынын бошонорун билишип, аларды утурлай жакындашты. Кулундары дегенде сүттүү бээлердин желиндери ташып, сүттөрү диркирей агып кетээрине, билген келин-кыздар ага жол койбой, үлгүрүп калуунун аракетинде, шашыла сыңары тизелей отура калышып, алмак-салмак орсок саай башташты. Кое берилген кулундар энелеринин желиндерине жабыша, сорушуп, ооздору сүткө толуп, уруттарынан акканына карабай ийиген желиндерди алмак-салмак соргонуна маашырланган бээлер мээримдерин төгө, эркелете соорундарынан жыттап, желе башынан жылып да койбой, көөшүлүшөт. Саамалга толгон чакаларын кош колдой көтөрүшүп, чалкалай баскан кыз-келин желеден эми гана узап- узай электе, ачуу кыйкырык аба жарып, күтүрөгөн көп туяктардын дүбүртүнөн тоо жаңырды.

-Эмне балакет болуп кетти!-дешип, баары жабыла дүбүрт чыккан тарапты карагыча болбой, тосмолонгон көп жылкы, сүрүлө келип, айылды каптап кетти.

Түнү менен жайлоодогу семирген суур, кашкулактарды тутуп, этине нык тойгон айылдагы көлөкөдө акактап жаткан иттер, жабыла тура калып, үрүүгө үлгүрүшпөдү. Жаткан жеринде тебелендиде калып, «кыңк» эте көп туяктарга жанчылды. Сүрмө топтун күүсүнөн, жанаша тигилген боз үйлөр кыйшая жыгылып, очокто күйүп жаткан оттордун чоктору ыргып, ысык күл сапырылып, заматта чаң-тополоң түштү.

Үй ичиндеги кары-картаң, бала-чака баш көтөрө туруудга
үлгүрүшпөй, казан-аяк, жууркан-төшөктөргө аралаша тебеленип, Жайылманын бетин, бопбоз болгон туман каптады.

Чыңырган кыйкырык, чыйылдаган үн, оруксунган онтоо угулуп, ар жерден тура кала, там-туң баскан чоң-кичиненин карааны

көрүнбөдү. Очоктон ыргыган чоктор, суу, сүт төгүлө нымдашкан туурдук-кийиздерге жармашып, бүксүгөн куйкум жыттанган, күйүндүгө, курч туяктардан жанчылган денелердин каны аралашып, чак-челекей түшө, сапырылган аянттын үстүн сасык жыт каптады. Аңгыча болбой улам бүксүп, түтөгөн күйүндү жалынга айланып, ар-ар жерде от алоолоп күйүп, өрт чыкты. Заматта эле куллурган Эгиз-Көлдүн айлана-тегереги чаң-тополоң, кызыл-жаян боло жайрап калды.

Шорун баатыр өзү баш болуп келген. Араларында мурда, эки-үч курдай уурдана келип, жер чалып, аймактын коен жатагына чейин билип, жергиликтүүлөрдүн айылдарын бир нече жолу чаап, малдарын талап, колго түшкөндөрүн айдап кетчү каракчылардын топторунан да бар болчу. Кээлери кийинки жолу да чакан топ болушуп, уурдана келишип, баягы адаттарынча четки айылдарды карактап, талоонго алып, кынык алышкандар эле. Өткөндө да Шорун баатыр зайсаңзарыңа баш болуп келип, топ айылды тоноп жаткан чакта Бакал баатыр шериктери менен капилеттен келе калып, олжолорунан кур калтырган. Катуу кармашта кыргыздар жерчилдик кылып, алардын кетээр жолдорун бууп, ороп аларда, аттары тың Шорун зайсаңдары менен качып, кыргыздардан араң кутулушкан. Колго түшүп калгандарын кайрыла келип, куткарып алууга чамалары келбеген эле. Күн өткөрүп, «из сууган» чакта, чорос тобундагы менменсинген Шорун баатыр баш болуп, кайра келишип, мурдагы колго түшкөндөрдү бошотуп алуу, ыңгайы келсе кыргыздарды туткундап, кетүүнү көздөшкөн.

Шорун баатыр өзү келбей, атайлап жиберген каракчылары канчалык акмалашса да, туткунга түшкөн туугандарынын бар-жокторун биле алышпады. Ат бастырып, ары-бери каттаган эркектердин карааны көп эле билине бербегенде, айылдагы мал кайтарган бир-экөөнү кармап алып, шериктеринин бар-жогун билүүгө эч бир мүмкүнчүлүк болбоду. Жайылма баш-аякка созулган кеңири жайлоо болгондуктан бардыгы алаканга салгандай көрүнүп турат. Бетегелүү жайыттан кеңири от алган малдар айылдан алыстап кетпей, мал кайтаргандар да көрүнбөйт. Айылга күндүзү тике бастырып барышса, билинип калышат. Алар кечтин киришин, желедеги кулундар агытылып, жылкы жайытка айдалаар мезгилди күтүштү. Желеде бөлүнүп калган кулундарын эстеген карт бээлер айчылык жерге айдап барышса да, баары бир канчалаган тосмологонго карабай качып келе берээрин, калмактар

кыргыздардай малдын сырын жакшы билишип, кулундардын агытылышын күтүшкөн болчу.

Айыл чабылып, жылкылар айдалып кеткени Бакалга таң эртеде билинди. Ал эми баш ала баштаган эгинин сугарып, өөндө жүргөн. Жайын жесин деп, тору кашкасын субайларга кошуп, Муз-Төргө кое берген болчу. Аяк артар жаман чобурду убактылуу минип, барган жеринин отуна карай аркандап, же тушай коюп, эти менен кармап жүргөн. Алыска миниле элек. Бирок, жакынкы жерге анча-мынча аттардан калышпаган аягы бар. Шериктерине кабар берип, кыштоого келип, ээр-токумду алмашып, басмайыл көмөлдүрүктү бышыктады.

Эки кулач келген арча союлун чатына кыстарып, жолго чыкты. Аңгыча Алике баш болгон шериктери да жете келишти.

- Каракчылар кайдан келип, кай тарапка кетишти экен?

- Аны билген киши жок. Бара-көрө, тактайбыз.

- Айылга кол салып, жылкыларды сүргөнүнө караганда, аттайлап келген, каракчылар.

- Ооба. Беш-алты болуп, топтошкон уурулардын колдорунан келбейт.

- Чыгынып чыккан, каракчылардын саны жыйырма-отуздай болушу мүмкүн.

- Каракчылардын саны аз болсо, жерчил мал чачыла качып, картаң бээлер тоскондорго моюн беришпейт.

- Жер чалып, жол билгендер, сүрө айдашы мүмкүн.

- Баары бир алыскы жолдо, чыгаан жерлерге байырлашы мүмкүн.

Ар кыл божомолдорду айтышып, Жайылмага жете келишти. Айыл ичи ызы-чуу. Четтеги бир-эки үй гана аман калган. Калганы кыйрап, кереге- ууктары талкаланып, кыйласы өрттөлүп, соройгон момуктар менен соксойгон казыктар гана көрүнөт. Карара каткан канга аралаша, тебелендиде калган денелерди туурдук, кийиздер менен ар-ар жерде жаап коюшкан. Бүлгүнгө түшкөн айылдын кабарын уккандар, ар тараптагы алыскы-жакынкы аймактардан келип, кайгы тарткандарга көңүл айтып жатышты.

- Туугандар, башты жерге салып, мүңкүрөбөгүлө! Жоонун кылаары ушул. Кайрат кылгыла! Тирүүлөр өлгөндөрдүн зыйнатын кылалы.

- Ооба, алгандар шейит. Жаштар жай казышсын. Карылар аруу жууп, ак кепиндеп денелерин жерге берүүнүн камын көрөлү.

- Мал кетсе кетсин. Аман калгандардын башы-көздөрүнө садага. Эр азаматтар, элдин кегин кетирбегиле! Алдуу-күчтүүлөрдү, өңдүү-баштууларды туткундап кетишиптир, бошотуп келгиле.

- Бакал баатыр барсыңбы? Бул кордукка биз кантип чыдайбыз?

- Туугандар! Бизге уруксат бергиле? Жоо алыстай элегинде аркасынан түшөлү.

- Баргыла! Күнөөсүз ушунча жандын кегин алып бергиле? Кан кое бербейт. Өчтү алгыла! Жолуңар ачылсын! Жоону чаап келгиле!

-Чогулгандар ый-кайгы менен баатырларын казатка аттантышты.

Бакал Муз-Төргө чейин барып, ат алмашып, тору кашкасын таап келүүгө үлгүрбөдү. Шашыла алдындагы кер кунанын минип, жолго чыкты. Куугунчулар күн чыгышты көздөй кеткен из артынан түшүштү. Көп туяктардан жайлоонун тулаңы жанчылып, катуу сүрүп айдалган мал жерди карартып, ое баскандарына караганда каракчылар көптөн бери айлана-тегеректе жашынып жүргөндөрү билинип турду.

- Көп изге жанаша, жалгыз издердин кетишинен улам, чогулган үйүрлөрдү чачылтпай, жандай чапкандар да көптөй. Кээ бир кууш жайларда жолго батпай, таш, аңдарга тыгылып, анча- мынчасы жарчалардан да сүрүлүптүр. Куугунчулар кечке из артынан акмалап, жолдо аярлашпады. Күүгүм талаш жеткен жерге токтошуп, жолдон четтей барышып, дөңсөгө чыгышты. Аттарын каңтара байлашып, терлери кургашын күтүштү. Эки тараптан шамал согуп, өпкө каккан улоолордун терлери кургаган соң, ээрлерин алып, жайдакташып, отко коюшту. Ээр жазданган азаматтардын кечке ат үстүндө жүрүп, денелери жанчылганга карабай, уйкулары келбеди. Баарынын көз алдында, чабылып, чачылган айыл, улуу-кичүүлөрдүн томурайган денелери. Өксүп ыйлаган, кайгыга баткан аял-эркек, кыз-кыркын, жаш балдар. Жолдуката да эч кими сөз катпай келишкен. Эми да тым-тырс. Бири-бириндеги оор кайгыны сезип жатышты.

Калмак деген каяктан чыккан? Ата-бабалардан бери эл талаш, жер талаш. Кетпес кек, өнбөс өч, чапкын, кыргын. Кан төгүлгөн кармаш, качан көрсөң да жоо үстөмдүгүн койбой, талап-тоноп, талкалап кетет. Ошончолук эле сук, ач көз, тойбос келишеби? Тапкандарына канаат кылышпайбы?

Аттары тыныгып, от алгыча, өздөрү да ээр жаздана, куш уйку салышып, кайра аттанышты. Билбегенге «бөтөн жердин ой-чуңкуру көп» демекчи, сай- сайлап, жылгалардын кошулушуна келишкенде,

из таппай, адашып калышты. Бөлүнө ары-бери бастырышып жер чалышканы менен кумайык сайда из билинбейт.

Жылкы сүрүп, адамдарды туткундагандарга караганда каракчылардын саны арбын. Алар шашылыш келген эмес. /ч төрт күн чар-токойдо жашынып алып, тоолуктардын айылын акмалашкан. Мал айсыл тараптагы жайытта, айылдагылар кайсыл мезгилде чогуу болушарына астейдил көңүл бөлүшкөндүгүнө караганда арасында мурда келип жүргөндөрү да бардай болбосо, башчысы «көп изди баскан» таасыккан ууру-каракчы.

Анын максаты эмне экен? Мал карактоого, же адамдарды туткунга алганы келгендерби. Башка айылдагыларга эмнеге чапкындык кылышбады?

Эгер батыры болсо кармашпай кетпейт. Каракчы-ууру болсо качып из жашырат. Аны бара-көрө билебиз деп, Бакал шериктери менен, ар кыл божомол ой менен баратты. Шашылышта айылдагылардан кимдерди туткундашканын да сурабаптыр. Чамасы жалаң эле жаштарды тандашкан окшойт?

Калмактардын көбүнчө жортуулда кары-картаң, балдарды өлтүрүп, өңдүү-түстүү кыз-келиндерди, жаш боз уландарды тандап. Аларды соодалап, жаш уландарга жоокердик өнөргө үйрөтүшүп, пайдаланышарын билчү. Көбүнчө казактарды кыргыздарга, кыргыздарды казактарга кол салганда пайдаланышчу. Же болбосо туткундарды кул-күңдүккө байларга сатышчу. Туткундарды кайда алып барышты экен? Сүрүп барган жылкыларга кошуп, заматта эле сатып жиберишпесе керек? Эмне болсо да, бара-көрө билебиз деген ойдо болду. Жолдуката көп жылкынын изи билинсе да, туткундалгандардан эч кандай белгини учурата алышпады.

Каракчы, ууру-кескилер кайда жүрүшпөсүн, өздөрүн көптүн көзүнөн алыс тутушат. Көп жылкыны сүрүп бараткандар шектүү, көргөн-билгендер бири-бирине айтпай да койбойт. Булар шыкүүлөбөй эгиздеп, тоо-ташты далдоо кылып жүрүшөт деген ойдо Бакал шериктерин суу түшкөн жылганы өрдөй алып жөнөдү. Жер жарып, күндүн мурду көтөрүлө бергенде, эки жылгадан түшкөн суунун кошулушуна келишти. Суу имериле жай аккандыктан дарыянын эки тарабы, саздак, көк жашыл болуп алыстан көрүндү. Жете келишип, жумшак жерге баткан көп жылкынын издерине туш келишти. Из кубалап жылганы өрдөй жөнөштү. Ары шагылдуу жаткан жерге келишип, көп изди таппай калышты. Бир азга болсо да, аттарын тыныктырып, айлана-тегеректи акмалашты. Боз чаптуу жылгалар сурданып, жап-жашыл болгон дарактардын караандары

көрүнбөйт. Күнгө кактала, бопбоз болгон бөксө тоолор, кайгыга баткан адамдай көрүнүш суз. Топ караан бир топко, кай тарапка барышарын билбей, маң болушту. Капилеттен бирөөсү чөп чыкпаган боз талаадан карарган буюмду көрө-кала, жакындай атын бастырып барып, эңкейе эңип алып, ары эски, терге чыланып, өңү-түсү билинбеген тебетейди аңтара карады.

-Бул тарапта бирөөлөр жашайт. Кимдир бирөөлөр келип кеткен. Эмне себептен баш кийими калган?

Топтогулар бирин-бири суроолу карашып, көңүлсүз чыгышты карай жол улашты. Как элес жерде, жолдун тому көрүнбөйт. Баары эле бозоргон түздүк. Суу кайнам убакыт жүрбөй, эски кайышы жыгачка араң эле илешкен камчыны таап алышты. Жол алып кете беришти. Алдыдагы тумшуктан имериле беришкенде, карарган жылкынын топ тезегин көрүштү. Алар адашпаптыр. Демек, каракчылар ушул жерде, бир аз байырлашкан. Аттарын ылдамдата бастырышты. Ысыкта чаалыккан аттары ылоолоп, өздөрү да тердеп-булап, суу таппай чаңкашты. Жака белде аккан суу, же нымдашкан топурак байкалбайт. Кай тарапты карашпасын шору бетине чыккан боз топурак. Какшыган сай.

Кайсы бир учурда, көп жааган жамгырдан улам, нымдашкан кыртыштары суюлуп, жарга айланган кокту-колотторго туш келишти. Катуу сүр менен келген көп жылкы ушул жерге токтоптур. Коктунун ичи күндүн табынан улам, таштай катса да, көп жылкынын курч туяктары тебелеп, опурулуп издер түшкөн. Карт бээлер суусагандanбы, же чаалыкканданбы катуу жерди чапчыганданбы, топурактар үбөлөнүп, майдаланыптыр. Сыягы азыраак токтошуп, кайра жол улашкандай. Тыныгууга ылайыктуу жай табышпай, оорун которушканы билинди. Түш оой бергенде какшыган талаанын чеги бүтүп, дөңсөлүү аймака туш келишти. Эрте жаздагы нымда, анча-мынча чөп өсүп, кийинки ачуу тийген күндүн табынан куураган сексөөлдөр өскөн бодур талаа, улам эгизге созулуп барып, дөбөлөргө уланып кеткендей. Бозомук көрүнүштөн, андан аркы тарап көрүнбөйт.

Кеч, күн отуруп бараткан чакта, ала-була көк жашыл болгон жар талаага туш келишти. Кечке суу көздөн учуп, аябай эле чаңкагандар жек келген жердеги көлкүп турган кара сууга бой урушту. Шор суу суусундарын кандырбады. Аттарын өлөңгө кое беришип, бир сыйра жуунуп, сергип алышты. Ызылдаган чымын-чиркейдин талоонуна калып, аттанууга шашышты.Түнкү жылдыздардын шооласы менен жол басышып, тоо этегине жете

келишти. Аттарын жайдакташып, отко коюшуп, кол чаначтагы акыркы азыктары менен өзөк жалгашты. Таң эрте тура беришеринде жакынкы жерден жылкынын кишинеген үнүн угуша, баары кулак түрүштү. Түнү менен оттоп, тыныккан аттары, селт эте баштарын көтөрүшүп, жылкынын үнү чыккан тарапты элтеңдей карап жатышты. Баягы кишинеген үн кайра кайталанганда, кулак түрүп, элтеңдеп турган аттар жооп кыла, биринен өтүп бири кишинеди. Үндү улаган жылкы, аларга жакындады.

Үл-бүл караңгы болсо да Бакал, короодогу тааныш бээнин караанын көргөндөй болуп, утурлай басты. Жаңылбаса ал, атасы ырымдап, үйүрдүн ээси атап жүргөн тору бээ өңдөнду. Ал бээ да үйрөнчүк жердеги аттардын үнүн таанып, билгенби, же жалгыз калып, өзүнө караан издегенби, тартынбай аларга жакын келип, аттар менен жытташа туруп калды. Тору бээ канчалык карт болсо да, өз жеринде бөйрөгү толуп, жон түгү жылтырап турчу. Көптөн бери жол басып, кыйналганданбы, же тоюту жок, ач калганданбы, бөйрөк тушу бөксөрүп, түктөрү түктөйүп, жүдөгөнү билинип турду. Бакал шык-шыктап, бээге жакын келип, жалынан кармап, көзүнөн, соорусунан кашылады. Бээ да анын колтугуна тумшугун сала, мүрүсүнө жаагын артып, өзүнүн сагынычын билдирип жатты.

-Жаныбарым, тору бээ. Туулган жериңди сагынган экенсиң да. Канчалык туткундалганыңа карабай, конушуңду, жайлооңду эстеп качып чыгыпсың. Үйүрүң кайда калды?

Бээ аны түшүнгөндөй, тумшугун ага катып, жаагын анын мүрүсүнө сүртүп, тоонун жытын эңсегенин билдире, анын кашыганына эрэркеп, жыттап, тилин чыгара искеп, башын булгалады.

-Бээ кечки жайыттан качкан окшойт. Түнү менен жол баскан көрүнөт. Эми аттаналы-деди Бакал.

-Бээни жалгыз калтырабызбы?

-Жок. Бизден эми бөлүнбөйт. Бир болсо, баштап барышы да мүмкүн. Топ экиге бөлүнөлү. Бирибиз алдыда жүрүп, экинчибиз аны акмалап, бөлүнүп жүрөлү. Кокустук болсо, бирибизге-бирибиз жардамдашканга да жакшы болот-деп атын темине, бастырды.

Айткандай бээ да алардан бөлүнүп, калбады.

Атчан топ, кокту-колотко далдоолонуп илгерилешти. Жердин шарты алар үчүн белгисиз болчу. Далдоо, буйгалуу жер болсо да тыныгып, күндүзү жер чалып айдалып келген көп жылкы кайда экенин билүү керек эле. Түнкү караңгылыкта алыстагы бүлбүлдөп күйгөн оттордун, карааны көрүнө баштады.

Абайлаган караандар сырттап барышып, дүңкүйгөн токойлуу, күркүрөп агып жаткан дарыяга жетишти. Шарпылдап, алыска чейин сүрдүү добушун чыгарып, агып жаткан дарыянын күчү оңор болбосо керек. Караңгыдагы жылдыздардын шооласынан улам, жаркырап көрүнгөн жайылыгы эле, жүз- жүз элүү кадамдай көрүнөт.

Башаты Алайдын мөңгүлөрүнөн башталып, Көк –Суу, Кызыл-Суу дарыялары биригип, ага жолду катар агын суулар коштогондуктан дарыяны жергиликтүүлөр Тез деп аташчу. Ал тез деп бекеринен айтылган эмес эле: Суунун улуулугунанбы, же эңкейиште шар акканынанбы Тез аталган дарыя жайы-кышы нугуна батпай ташып, жээктерди кемирип, үйдөй таштарды, жээгиндеги бак-дарактарды кошо агызгандыктан эч бир жан даап кече алчу эмес.

Атчандар токой аралашып, дарыянын жээгинен алыстап барышып, жыш өскөн коюу тал-теректи пааналап түшүштү. Узак жолдо, катуу келгенден улам, терлеген аттарын аса байлашып, качан гана өпкөлөрү муздап, денелери чыйрыга баштаганда, жайдактап отко коюшту. Көптөн бери ат үстүндө жүрүшүп, талыкшыган денелерин жазып, буту-колдорун кенен сунгулары келишсе да, бөтөн жердеги талаада антүүгө мүмкүндүк жок эле. Анын үстүнө, көрбөгөн-билбеген жер кооптуу. Жооптуу милдет бардыгын сезишип, ээр жаздана, азыраак «тук» этип алууга канат кылышты.

Бардыгынын оюу, каракчылар кайда келип, жылкыларды кайда бекитишкенин билүү зарыл болду.

Кай жерде болбосун суу жээгинде конуш болот. Жакынкы жерде айыл болушу да мүмкүн-деген божомол ар биринде бар эле.

Бакал шериктерин калтырып, Дөөлөттү ээрчитип алып, токой аралап жөнөдү. Кечиккен ай дагы чыгып, токой ичине шооласы түшүп, тал-теректин арасынан жол таап жүрүүгө ыңгайлуу болду. Улам алдыдагы тал-теректин суюла баштаганынан, токойдун четине жакындап баратышканын билди. Ай төбөгө келип, алыскы караандар айкын көрүнгөнү менен алардын үй, же тал-терек экенин ажыратуу кыйын, көлөкөлөрү түшүп, дүпүйүп турат.

Бир маалда алыскы тараптан «жылт-жулт» эткен оттун учкундары көрүнө калды. Ошол тарапты багыттап жөнөштү. Токойдун ичине караганда, жайык жерде жол жүрүү оңой болду. Бирок, токой четиндеги талаа канчалык жакын көрүнгөнү менен жарык чыккан жерге жетүү азап эле. Өңгүл-дөңгүл, ой-чуңкуру көп жерди артка калтырып, бирде терең кабакка түшкөндө, жарык көрүнбөй калып, дөңсөгө чыгышканда жакынкы аралыктагыдай

сезилип келе беришти. Түн ооп, сары жылдыз айкын көрүнгөн чакта, жарыкка жакындашты. Андан ары эки-үч үйдүн карааны байкалат. Жакынкы аралыкта андан башка үйлөр көрүнбөйт. Коюу конгон айыл көрүнбөгөнгө караганда, карапайым эле үй ээлери, бирин-бири пааналап отурушкандай. Эшик алдын- дагы короолорунда кармаган малдары дале саналуу болсо керек деген Бакалдын божомолу туура чыкты.

Алыстан карарып көрүнгөн эки-үч үй дале жупунудай. Капшыты кенен, үйлөр жок. Убактылуу тигилген алачыктай. Орто тушта карарып көрүнгөнү, үч үйдүн чогулткан малы, бир короого бириктирилгендей. .Түнкү салкында, оттоп жүргөн мал көрүнбөйт. Абалап үргөн иттери да жоктой. Болбосо, түнү чоочун караан көрүнөбү, же шектүү шыбыш билинеби, кулагы сак, мурду жытчыл иттер, ордунан тура кала, утурлай чуркап, же жаны калбай безилдеп үрүп, тополоң салмак. Анда-санда, короодо камалуу жаткан кой-эчкилердин жөткүрүп, бышкырынганы угула калып жатты.

Этек тараптагы жарчекти пааналаган экөө, улам баш көтөрүшө, үй тегерегинде эмне бар экенин, үйлөргө дабыш чыгарбай жетүүнүн, ал үйлөрдө кимдер жашаарын билүүгө кызыгышканы менен түнкү караңгылыктан улам түз басып бара алышпады. Бир кезде «дүп-дүп» эте бир тараптан, аттын баскан туягынын дүбүртү угулду. Экөө тең жер менен жер боло, баш көтөрбөй жатып калышты. Аркы тараптан ат минген адамдын карааны көрүндү. Анын аты алардын жытын сездиби, же караандарын байкадыбы тык токтоп, кулагын тикчийте, окуранып туруп калды. Эч нерседен шеги жок атчан, атынын токтогонуна көңүл бурбай, тизгинин силке теминди. Үстүндөгү шоңшойгон төбөсү бийик тумагы бар, күпүйгөн тончон, чатындагы узун жыгачка караганда, жылкычыдай. Түнү менен кезүүдө болуп, таң агарарда шериктерине кезүүнү тапшырып, үйүнө келгендей. Жылкычы экенин билген Бакал ичинен кымыңдап сүйүндү.

-Сен үйдүн арты менен барып, маңдайынан чык. Мен түз барайын да, аттан түшөөрү менен кармайлы. Болбосо атчан карматпайт-деп баатыр, шеригине түшүндүрүп, өзү кабак менен жөргөлөй үйлөргө жакындады.

Атчан эч нерседен шек санабай, четки үйгө жакын келип, атынан оол түшө, момукка жакындай бергенде, Бакал шап жетип барып, колун капшыра кармады. Аңгыча шериги үй аркасына чыга кала, оозун басты. Эч бир шек жок. Жанаша үйдөгүлөр, жакынкы үй ичиндегилер таңкы уйкудан ойгонушпады.

-Чүш! Үн катпа. Четирээкте сүйлөшөлү-деп Бакал, үй ээсин четке жетеледи. Капилеттен боло калган окуяга таң калып, ары аябай чочуп, денеси калтыраган үй ээсинин оозуна сөз кирбей, ээрчий басты.

-Коркпо, өлтүрбөйбүз. Биздин суроолорубузга жооп берип, билгениңди жашырбай айтсаң, тирүү каласың. Кокустан жалган сүйлөсөң, жаныңдан түңүлө бер-деди Бакал, өң-алеттен кетип, өзүн эптей албай, шалдыраган үй ээсине. Ал оозуна сөз кирбей, башын ийкеңдете макулдугун билдирди.

-Атың ким деген?

-До…Дорун.

-Жылкычысыңбы? Кезүүдөн келдиңби?

-О.о..деп, башын ийкеңдетти.

-Жылкылар өзүңдүкүбү?

-Жо-о..башын булгалады.

-Кожоюнуң ким деген?

-Шо.шо..деп өзүнө келе албай, апкаарып жатты.

-Шашпай, коркпой, чыныңды айтып сүйлө. Сага эч кандай жамандык кылбайбыз.

Ал энтиге, аптыгып, башын ийкей, оор үшкүрүндү. Айдын жарыгынан, корконунан улам тердегени, чекесинен жылтырап көрүндү.

-Сүйлө!

-Шорундун жылкысын багам.

-Жылкыңарга, башка тараптан жылкы кошулдубу?

-Ооба.

-Канча?

-Мен силерди билдим. Шеригим, мага баарын айтып берген. Ага жоолуктурам. Силерди келет деп, жол тосуп жүрөт.

-Аты ким?

-Очорту

-Очорту ушул жердеби?

Жылкычы сүйүнүп кетти.

-Ал менин досум болот.

-Ага, кантип бизди жоолуктурасың?

-Заматта барып, ээрчитип келем.

-Бизди ээрчитип барасыңбы?

-Жок. Силерге болбойт-деп тынчсыздана, кабак бүркөдү. Ал жерде Шорун баатырдын жигиттери көп. Катуу көзөмөлдө турушат.

-Качып кетпейсиңби?

-Кантип качам? Булар менин бир туугандарым. Үй-бүлөөм-деп аркасындагы алачыктарга карай, башын серпе сүйлөдү.

-Таң атып баратат. Бизге, аны кайсыл убакта ээрчитип келесиң?

-Анын үйү, тээтигил тарапта-деп Бакалдар келген тарапты көрсөтө ордунан туруп, колун серепчиледи да -Өзү да менин аркаман келем деген. Жүргүлө, утурлап баралы-деп, атын жетелей алдыга түштү.

-Кыялай жүрүшүп, тез эле токойдун четине келишти. Дорун айткандай Очорту кезүүдөн кайтып, үйүнө жакындап калган экен.

Таңкы үрөң-бараңда үчөөнүн караанын байкаган Очорту утурлай келди. Алыстан эле түкшүмөлдөдүбү, же Бакалдын караанын тааныдыбы, атынан түшө кала, утурлай чуркады.

-Чага-деп жүгүнө келип, кучактай кетти.

-Очорту, экөөбүз кантип жоолугуп турабыз? деди Бакал.

-Мен баарын айтып берем. /йгө барып кенен сүйлөшөлү-деп кубанычын жашыра албай, шашкалактап, кайра кайрыла берип. Жок. Үйгө барбайлы. Силерди көргөндөр айтып коет. Таң ата электе токойго кирип кетели деп, токой ичине көздөй ээрчите жөнөдү.

Артынан ээрчий баскан шеригине кайрылып:

-Дорун. Булар ачка болсо керек. Бир коюндун этин бышырып кел. Эч ким билбесин. Биз токойдун ичинде болобуз-деди шеригине карап.

Шериги, ошол жерден атына минип, аркага кайтты.

-Менин ишенимдүү досум. Мен үчүн жанын берүүдөн аянбайт. Силерге кетем десем-«Мени да ала кет?» деп күтүп жүрөт-деп досунун ал-жайын түшүндүрө, кобурай кетти.

Токойду көпкө аралай жүрүшүп, бир топ жерге келгенде, жетелеген атын кое берип, Очорту сөзгө кирди.

-Баягында, силер бошоткондо түз эле туугандарыма келип кошулдум. Шорун ошол күндөн баштап, күндө эртели-кеч келип, мени кыйнай баштады.

-Чыныңды айт. Кантип бошонуп алдың? Эмнеге бошотушту?-дей берди.

-Качып келдим-дедим калп айтып.

-Мени зайсаңдарымды баштап барасың. Мен кыргыздардын баатырын өлтүрүп, хан тайчжинин сыйлыгын алып, «чыныгы батыр» аталышым керек-деп кыйноого алды. Мен түрдүү шылтоолорду айттым.

-Кыргыз баатырын билбейм, тааныбайм дедим.

-Баатырын тааныбасаң, кыргыз аймагындагы айылдарга баштап барасың.
Айылдарын чаап, талап-тоноп келебиз деди.

-Канча жолу, чапкынга барып, четки, айылдарды талоонго алып, кайтып келип жатышты. Көпчүлүгүнүн максаты «Бакал баатырды колго түшүрүү, же өлтүрүш» эле. Бирок, эч кимиси ага даап барып, кармаша алышбаганы, бул тараптагыларга билинип турду.

Анын үстүнө көпчүлүк баатырларды Сенге баатыр казактар менен болгон согушка алдырып кетиптир. Ошол ортолукта уруулар ортосунда жер, жайыт талашка түшүп, тыргоут уруулары менен хошоут уруулары ортосунда өз ара кармаш жүрүп жаткан эле. Бирок, кыргыздын баатырын өлтүрүүгө коюлган сыйлык, көпчүлүгүн кызыктырды. «Чыныгы баатыр» атка конушун самап, аттанышканы менен ага жете алышпады.

Шорун баатыр алгач бизди ээрчитип барганда,

-Кармаштан качмай жок. Баатырын тирүүлөй кармайбыз. Болбосо, өлтүрөбүз. Кимде ким, колго түшүп калса, куткарып алабыз. Же биздеги туткундарга башма-баш алмашып алабыз- деген убада менен алып барган.

Ал силер менен болгон кармашта жоокерлери менен качып, биз колго түштүк. Бизди куткарып алууга, эч кимиси бара да алган жок. Силердин бизди душман көрбөй, кордук да көрсөтпөй бошотуп жибергениңерге, өзүбүз да, бул тараптагылар да таң калышууда. Бирок, өзүн эр сезгендер-

-Кыргыз баатырын өлтүрүп, Корун баатырдын өчүн алабыз!- дегендер көп болгону менен ага даап барып, бетме-бет алышуудан тартынып жүрүшөт.

Шорун баатыр өзү топтогон зайсаң, ноендорун баштап жөнөөрдө «Жол көрсөтөсүң» деп, мени зордоп, өзүнө кошуп алган болчу. Барып үч күн тоо, токойлордо жашынып жүрдүк. Күндүзү кечке ачка болуп, түнкүсүн үңкүр, жарларга жашынып, тамак жемиш болобуз. Азыгыбыз түгөндү. Аңчылык кылууга «кыргыздар туюп калат» деп Шорун эч бирине уруксат бербеди.

-Кыргыз баатырынын карааны, кай жерден көрүнөт? деп канчалык акмалап, сак-сактасак да, кезиктире албадык. Эл аралап, тереңдеп кирип баруудан Шорун айбыкты. Жаңыдан жайлоого көчүп келгендерди күн сайын аңдыганы менен эч нерсе чыкпаганын билип, ач калганына Шорун баатыр ачууланып ноен-зайсаңдарын сөгүп, тилдеди. Мен канчалык ичим тартылса да, белги берүүгө

мүмкүндүк таппадым. Бир күмөнүм билинсе эле ал зайсаңдарына тирүүлөй сойдуруп, кыйноосуна көзүм жетти. Анын көзүнө көрүнбөштүн аракетинде, аттарын карап, алыстап жүрдүм. Акыркы күнү бийик чокудагы коюу арчанын арасында ноендорун бет маңдайына тизип алып:

-Сен жигиттериң менен бияктан, сен жигиттериң менен бул тараптан жайыттагы малдарды тосуп, айдап келесиңер. Баары чогулганда айылды көздөй сүрүп, үркүтүп каптатасыңар. Алдуу-күчтүү жаштарын туткундайсыңар. Тирүү жан калтырбай, айылдагыларды кыргынга аласыңар –деди.

Бийик жайдагы топко кайсыл жерде, канча мал бар экени, баарына эки-үч күндүн ичинде дайын болгон. Кай тараптан айдап түшүп, кайсыл жерде чогултууну акылдашышты.

Шорундун ноендору ошол күндүн кеч киришин күтүшүп, жарымы болжогон жерге жайгашышты. Жарымы жайытка алдын ала жетишип, жайылып жүргөн малдарды чогултуп келишип, үркүтө айдашып, айылды селдей каптатышты. Күчтүү, күлүк аттарды мингендер, үркөн топтогу малдарды сүрүшүп, токтоосуз айдап калган бир бөлүгү жаш кыз-келиндерди, алдуу-күчтүү жаштарды туткундашты жөнөштү. Бири алдыда баштап, бири жандай чаап, улам орун алмашып, ат которушуп, кыргыздардын аймагынан оолактап кетүүнүн аракетинде болушту. Арттан түшкөн куугун жок болсо да, жылкыларды үркүтүп айдашты. Бирок, туткундагыларды жолдо дем алдырышкан жок бир жайды байырлап, убактылуу болсо да, токтогондор болбоду.

Жоо болуп барып, дос болуп кайттым эле. Кыргыздардын жакшылыгына кара санабайм десем да, зомбулук менен өздөрүнө кошуп алгандарга канчалык нааразы болсом да, колумдан эч нерсе келбеди. Арасындагы зымырык деген жаш жигит кыйналгандарга жардам берип. Көбүнө кол кабыыш кылып жүрдү.

Канткенде да, куугун болот. Эч болбосо, кайда кеткенибизди билишсин деп, бир жайга тебетейими, бир жайга камчымды таштап өттүм эле. Байкадыңарбы, байкабадыңарбы билбейм. Мен азыр ошол чаап, сүрүп келген жылкыларды, Шорун баатырдын ноендору менен кошулуп кайтарам. Күндүзү алар кайтарат.

-Куугун жол таап келе албайт. Келген убакта да, улуу дарыядан, черлүү токой, жолу жок аска-зоодон эч ким өтө албайт деген ойдо, түнкүсүн жылкычыларга тапшырышып үйлөрүнө кетишет.

Туткундагылардын арасында Зыпар бардыгын билип жүрөгү «зырп» эте түштү. Заматта карагаттай, туптунук каректерин анда-

санда ирмеп, кирпиктерин төгүлтө жал-жал бае тиктеген көздөрү,, кыпкызыл жумшак ээриндериндеги аппак тиштери көрүнүп, бир аз күлүмсүрөгөн жылдыздуу жүзү көйкөйгөн мойнуна жарашып кырчындай болгон мүчөлөрү боюна төп келген сымбаттуу келбети көз алдына тартыла калды. Аны баатыр туткунга эмес, кир колдун кармоосуна ыраа көрбөйт эле.

Көзү тунара, башы айланып кетти. Башын чулгуп алып, досуна кайрылды.

-Туткундарды кайда алып кетишти?

-Айылга айдап келишкен. Андан кийинкисин билбейм деди досу баатырдын көңүлү уйгу-туйгу боло түшкөнүн байкап.

- Алар сенин жакындарыңда туурабы?

-Ооба.

-Бизге жылкыларды айдатып жиберишип, туткундарды айылда алып калышкан.

-Туткундардын кайда экенин, кантип билебиз?

-Аны айылдан келгендерден, сураш керек.

-Зайсаңдар күндө айылга кайтат деп айттыңбы?

-Алардан сураштырса болот.

-Шорун баатыр башта туткундап келгендерди эмне кылчу?

-Көбүн эссе жаш жигиттерди, кыздарды тайчжиге тартуулайт деп айтышчу. Калганын уруу башчыларына алып барып, алардын белегин алат-деп билгендер айтып калышчу.

-Айылындагы уруу башчыларынынбы?

-Жок. Алыскы Иле, Текес, Тарбагатайга чейинки аймактардагы белгилүү тайчжилерге соога кылып же буюмдарына, күлүк аттарына, курал-жарактарга алмаштырат экен деп, билгендер кеп кылып калышчу.

-Туткундарды алар эмне кылышат?

Жаш баладай улам-улам суроо берген досуна. Огорту таң кала тиктеп:

-Өздөрү билишет. Каалаcа күл-күң кылып атышат

-Ооба, эрксиз туткундарды, эмне кылышты өздөрү билишет эмеспи.

-Досум, ушул күнгө чейин, сага окшоп туткундарга эркиндик бергендерди уга элекмин. Өзүмчө жүргөнүмдө уйкуга кирер алдын ойлоно берем.

Канчалык боорукер, кең пейил экениңе таң калам. Бир чети суктанам. Өмүрүмдү Жакырчылыктагы жашоо, ал тургай ар бир күнүндү ойлоп, сага түбөлүк карыздар экенимде сезем. Сенин

жакшылыгыны чын журөгүмдөн, ак кызмат менен кайтарсам деп самайм. Сенин өмүрүңдү күндө эртели-кеч кудайдан тилейм. Сенин бул жакка келээриңде саман-туйсам да, бирчети өмүрүң коркунучта калаарын ойлоп, корктум.

-Коркпо досум, Адам бир торолот. Ар бир пенде, ак дилден таза жашап, өмүрүн кадырлап өтүшү керек.

-Аның ырас. Бирок, Шопон баатыр мыкаачы. Эч кимди аяган эмес. Аябайт дагы. Ал тургай Текес, Иле аймагындагы тайчжилер андан сестенет. Себеби, ал көп айыл башчыларынын көзүн тазалап, адамдарын өзүнүн тобуна кошуп алган. Ачуусуна тийген кезде көңүлүнө жакпагандарды тирүүлөй азапка салып, кыйноонун бардык түрлөрүн колдонуп, жараксыз абалга келтирген жырткыч. Колуна түшүп кыйналгандар каяша айтып айтып сөгүнсө, тилдешсе, тилин кестирген, тиштерин чактырган. Кулак, мурундарын, колу, буттарын,кестирген. Эң жаман көргөндөрүнүн жүрөк боор, бөйрөктөрүн суурутуп алып, оттогу майга куурутуп жегендиктен баары анын көзүнө көрүнбөөнүн аракетинде болушат.

-Мени ага жоолуктур? Тирүүлөй кыйноо кандай болоорун туйдурайын.

-Ал өзү сага жолуугуну самап жүрөт дешет. Кыргыздын Бакал батыры менен алышып, «Чыныгы баатыр» аталамын деп, «дорбоң ойроторунун» (төрт ойроттордун. Чуулганыңда хан тайчжиге убада бериптир деп айтып жүрүшөт. Атайлап барып, айылыңдагыларга тополоң салып, жылкыларды айдатып, элиңи туткундан келүүсү, мүмкүн ошол ой менен болуп жүрбөсүн?

-Туура таптың. Мен аны, күп-күндүзү айылына ат бастырып барып, эрөөлгө чакырамын.

-Баатыр бая сага эскертпедим беле? Беш жүздөн ашык, согушкан зайсаңдары бар экенин эсиңден чыгарба.

-Жоокерлериңди коюп, эр болсоң өзүң менин менен беттеш деймин

-Куралчан тобу сени, ага жакындатышпайт.

-Сен айтпадыңбы. Өзү мени менен беттешүүнү хан тайчжисинин алдында жарыятыр деп. Айтканы ырас болсо, күч сынашып көрөлү.

-Сенин тобуң аз. Талоонго каласыңар?

-Мейли, тагдырды таразага койдук. Досум, мен сага, өзүмдөй ишенем. Биринчи туткундагы аларды бошотушубуз керек. Коопсуз жайга жетип, анан айкашууну колго алабыз.

-Мен анда айылга барышым кооптуу. Силердин келгениңер түнү менен бийликбесе да күндүзү билинбей койбойт. Сени менен байланыш экеним билинсе, мен эмес, үй-бүлөөм, туугандарым да тирүү калышпайт. Окуя бир жаңсыл болгучакты, алардын көзүнө көрүнбөй турайын.

-Анда кандай болот? Туткундардан кантип кабар алабыз?

-Баатыр, туура көрсөң менин тилимди ал? Бул тогодон чыгып, кутул. Андан кийин кандай да болсун, сенин тапшырмаңды аткарууну мага кой?

-Макул. Сенин акылың менен болоюн. Жерчилсин. Бардык иштин чоо жайы, сага тиешелүү болуп турат.

-Бул жолу менин айтканыма, маакул бол?

- Кимдерден болсун тактагын Шорун баатыры кайда?
Туткундарды кай жерге жайгарышты? Баарын билгин

-Ал келгенден бери мас болуп, үйүндө жаткан. Бүгүн эрте менен хантайчжиге кетиптир.

-Үйү кайда?

-Алыс эмес. Эки белестен аркы жайытта. Туугандары менен бирге турушат.

-Канча зайсаң ноендору бар?

-Өзүнүн жүздөй зайсаңы бар. Эгер жортуулга аттангысы келсе, өзүнүн уруусундагылардан жана башка топтордон бир колго жеткире алат.

-Бир кол дегенде, канча жоокер болот?

-Кеми беш жүз.

-Айдап келген жылкыларды бөлүп жиберген жокпу?

-Үйүндө «мас болуп жатат» дешти. Соолукканда билинет-деп ойлодук эле, Чакыруу менен кетиптир.

-Өзүнүн канча малы бар?

-Анысын так билбейм. Бирок, ар тараптан чаап, сүрүп айдап келген малды, үйүр-үйүргө бөлүп, башка жерлерде кайтартарын билем.

-Анча малды эмне кылат?-деп кепке аралашпай отурган Дөөлөт суроо узатты.

-Хантайчжи менен дос экен. Анын жоокерлерин ат менен Шорун баатыр камсыз кылат-деп айтышат. Хан Шорунга мусулмандар жашаган аймактын бийлигин бериптир деп угам.

-Жылкыларды, кантип айдап кетүүгө болот? Канткенде туткундарды бошотуп алабыз.

Очортунун өзүнө чын дилинен жан тартып, бардыгын жашырбай айтып отурганына ынанган баатыр, андан ички сырын жашырбады. Ансыз да Бакалдын эмне максат менен келгенин Очорту көргөндө эле билген. Өзүнө өмүр тартуулап, туткундан бошотконуна ыраазы болгон досуна, ал да ак кызмат кылууну, чын дилинен жардам берүүнү ойлогон болчу.

-Бир гана жол бар. Ал Шорундун айылы аркылуу өтөт. Ары куу, ары мыкаачы Шорун, ал жайга атайлап көчүп келип, конгон болчу. Бир тарабында адам өтө алгыс чоң дарыя, бир тарабы аска-зоо, төрү туңгуюк. Канаттуу куштан башка, ал тарапка эч бир жан бара да албайт эле.

-Кандайча, өзү туңгуюкка келип калды? Аркада калган шериктери калмак айылына кабылбай жетип келише алабы? Келген убакта да, душмандарга туш келбей койбойт. Андай болгондо Шорундун ноен-зайсаңдарынан сөзсүз талкаланат. Өзү баштаган жигиттер менен аларга жете да албайт. Туткундарды кай жерде кармашты.

Бакал баштаган топтун айылдагыларга билинбей өтүп келишине, эл айткан «каракчы» аталган күүгүм маал, жолду билбестик, коркунучтун бардыгын сезбегендик, себепкер болгон эле. Калмактар дале кыргыздардай күн отурар мезгилде мал менен алек болушат. Экинчиси, Шорун баатыр жайгашкан аймакка эч бир жан даап келе алышпайт –дешип,айылдагылары да бейгам эле. Ал эми артта калган шериктеричи;

-Кеч, бөтөн жерде бири-бирибизди табыша албайбыз. Эртең эрте, жол улап барып, табышалы-дешип кеңешишип, буйга жерден жай табышкан болчу.

-Сен айткан жолдон, кайсыл мезгилде өтүүгө болот ?

-Күндүзү жол жок. Ноен-зайсаңдардын бардыгы ошол жерде болушат.

-Түнкүсүнчү?

-Түнкүсүн кайсыл багытты көздөй жүрөрүңөрдү билбей, кайра эле келип, туңгуюкка камаласыңар. Менин да башым маң болуп турат.

-Жылкыларды кайсыл жол менен кайсыл маалда айдап келдиңер?

-Күндүзү эле айдап өттүк.

-Арасындагы тору бээ, кайсыл учурда бөлүнүп калды экен?-деп Бакал өзүнчө кобурады да, Очортуга суроо узатты.- Жалгыздаган тору бээнин карааны көзүңө чалдыкты беле?

-Катуу сүрүп айдагандыктан, эч кандай жалгыздаганын көрө албадым.

Бакалдын эсине тору кашкасы түштү. Сүйүнүп кетти.

-Жылкылардын арасында торукашка айгыр келдиби?

-Торукашка айгырды көрдүм.

-Анын пейил-куюн, жүрүшүн байкай алдыңбы?

-Биз дале силерге окшоп, мал менен бирге өскөнбүз. Атам жылкычы болгондуктан, дайыма эле өзү менен бирге ала жүрчү. Жылкынын пейили, күлүк, жорго болорун кулун кезинен билчү. Ошондон улам, мен да жылкыга көп көңүл бурам. Торукашка айгыр акылдуу жаныбар экен. Дайыма бөлүнүп, четке жүрүп, оттойт.

-Түнкүсүнчү?

-Түнкүсүн көп дале от албай, асманды тиктеп, бөлүнүп, четке чыга бергендерди ортого имерип турат.

Очорту баамчыл экенине ынанды. Өзүнүн оюндагыны айтып турганына ыраазы болду.

-Досум, сенин көңүлүң таза экенин туйгам. Өлтүрүп эмне максатка жетмекмин. Адамгерчиликти түшүнсө, бирөөлөргө жакшылык кылаар. Бул дагы, бизге окшогон пенде. Жарыкчылыкка келген соң, бул да жакшы ой, жакшы ниет менен жашап жүргөндүр – деп ойлоп туткундан бошотком. Мага карыздар баштанып, жардам берейин деген аракетиңди түшүнөм. Эгер жаман оюң болсо, жана шеригиң аркылуу башкаларга кабар беришиң да мүмкүн эле. Же, кабар жиберип, бизди алаксытып отурасыңбы?-деп сынай тиктеди.

Очорту так секирип кетти. Ызалана жер тепкилеп:

-Мени адам деп, өлтүрбөй бошоттуң. Өлтүрүп койсоң да, сени эч ким «Кой!» дебейт эле. Сенин жүрөгүңдүн таза экенин билип, мага кайрадан жашоого мүмкүнчүлүк бергениңди баалагым келген. Бул жактагы туугандарымдын көп жоруктарын көрүп, дайыма кыжалат болом. Эки жолу тең жортуулга, зордуктун запкысы менен бардым. Кийинкисинде өзүмө-өзүм кыжырым келди. Ишенсең, өлүп да алайын дедим. Бирок, сенин адамгерчилигиңди, ишенимиңди кантип актайм?- деген суроо дайыма көкүрөгүмдө жашады.

Баары бир, малынын артынан келбесе да, кыргын тапкан туугандарынын өчүн алганы келет деп ишенгем. Келдиң. Сага жүрөгүм ак экенин ачык айтып, болгон сырды жашырбадым. Сенин ишеничиңди актайм деген максат менен жаныңда отурам. Акыркы сөзүң менин жүрөгүмдү бычак менен тилгендей болду. Мейли, элимди, туугандарды сатпайм-деп кабар берген учурда да, алар сени көптөп туткунга алган чакта, сен үчүн куралга төшүмдү тосуп,

көз алдыңда ишенген досуң катары өлсөм, өзүм үчүн сыймык болот деп ойлойм-деп буркурап жиберди.

-Досум, кечирип кой? Сага ишенем. Тамаша иретинде айтканыма өкүнөмүн.

-Мени, элин сатар чыккынчы деп ойлобо! Эгер антип ойлосоң, сен да элиңи саткан чыккынчысың. Себеби, экөөбүз тең бири-бирибизге келишкис душман элек. Бирок, сен мени душманым дебей, жакшылык кылганыңа «ишеничти актайм»-деп өзүңө ант бергеним эсиңдеби? Мен тирүү, маңдайыңда турам. Антты бузат деп ойлосоң, азыр өлтүрсөң да кеч эмес. Болбосо, өзүңдөй ишен мага?

-Ишенем досум. Тамаша сүйлөп, көңүлүңдү оорутуп алдым?

-Мага ишенсең көңүлүм оорубайт. Айт. Кандай тапшырмаң болсо да аткарам?

-Макул. Мага торукашканы кандай да болсун, колума тийгиз?

-Ал колумдан келет. Мени кыйнаган маселе...

-Айт. Ачыгын айта бер?

-Шорундун ноендорунан сени кантип кутултам?- деген санаа жүрөгүмдү жанчып турат.

-Мени ноендордон башта Шорун баатырдын өзүнө жолуктур. Өлгөн тууганадрымдын өнбөс өчүн алып, чөгөлөтөйүн деген ой менен келгем. Ага жолугуп, беттешмей сайын кетпейм.

-Ушинтип айтаарыңды билгем. Колуң аз, анын ноендору көптөп талап кетишет.

-Аны бактымдан көрдүм. Бүгүн эле баштап бар мени?

-Макул. Торукашканды түнү алып келемин.

-Айткандай, туткундардын абалы кандай? Алар кай жерде турушат?

Биринчи эле айылга жайгаштырып, зайсаң-ноендоруна кайтартып койгон.

-Колу-буттарын байлашкан эмеспи?

-Көзөмөлдүктү катуу жүргүзүшөт. Колу-буттары байланбай, бош эле жүрүшөт.

-Аларды бошоттуга кандай жардам бере аласыңбы?

-Досум үчүн өлүмгө баруудан кайтпайле.

-Келе колду?

Эки дос кол алыша кучакташты.

-Мен барайын. Шериктерим күтүп, кыжаалат болуп отурушат-деп Бакал ордунан козголду.

-Макул. Арканардан Дорунду ээрчитип барам. Мага кандай ишенсең, ага да ошондой ишен – деп Очорту аркага кайтты.

Бакалдын келишин күткөн шериктери, айткандай аябай кыжаалат болушкан эле. Уктабай таңды аттырышып, токой аралап, аны издеген чачыла жөнөөгө камданып жатышкан чакта, таңкы шүүдүрүмдү аралап, баш- аягына чейин суу болгон баатырдын караанын көрүндү. Ал- жайларын бири-бирине айтып жатканда Очорту да, Дорунду ээрчитип, бир койдун этин бышыртып, шорпосу менен аралаш, эки чаначка бөлө артынып, жетип келди. Тамак үстүндө сөз уланды.

-Очорту досум, бул жерди мага айтып берди. Биз байкабастык кылганбызбы, же шайтан азгырдыбы, туңгуюкка келип камалыппыз. Чыгып кетүүнүн бир гана жолу- Шорун баатырдын айылы аркылуу өтөт деди досум. Биз ал жерден өзүбүз гана өтпөстөн, жылкыларды сүрүп, барып, туткундарды да бошотуп ала кетишибиз керек. Шериктерибизден кабар жок. Куугундун келишин күткөн жоо, жолду акмалап, күнү-түнү сак-сактап кайтарып жатыптыр.

-Баатыр, Шорундун колунун саны канчага жетээрин билсек болобу?-деди шериктери.

-Аны да тактадык. Очорту досумун айтканына караганда Шорун баатыр жигиттерин жанына ала жүрөт. Ал эми жортуулга беш жүздөн ашкан жоокери менен аттанаары белгилүү болду.

Биз, бул тарапка, бир эле максат менен келген жокпуз. Биринчи күнөөсүз ажал тапкан туугандарыбыздын өчүн алуу. Экинчи ак мээнет менен тапкан малыбызды душман колуна калтырбай, кайтарып, өз ээлерине жеткирип беребиз эң негизгиси туткундалган өз туугандарыбызды аман-эсен бошотуп алуу. Бул милдеттерди аткарууда жаныбызды аябай, бири-бирибизге жардам, дем беришибиз керек. Алдыдагы кармаш ар бирибизден шамдагайлыкты, чапсаңдыкты, чабандестикти, эң негизгиси эр жүрөктүүлүктү талап кылат.

Кана досторум, Кудай биздин аракетибизге ак жол ачсын? Адигине, Баргы аталарыбыздын арбактары колдосун!- деп бата кылды.

Калың токой ичиндеги жашаң чөпкө тойгон аттарын оонатып, кашып, ээр-токум, куюшкан-көмөлдүрүктөрүн бышыкташты. Өздөрү да жуунуп, сергишип, кеч күүгүмгө даяр болушту. Түн бышкан кезде торукашканы булкунтуп, Очорту досу келди. Торукашканын караанын көрүп, баатыр кубанычын жашыра албады. Канчалаган жортуулдарды, оор шарттарда бирге болушуп, бирин-бири колдоп,

огиздей болуп калган аргымак менен баатырдын тагдырлары жуурулушуп калгандай эле. Баатыр соорусун сылап, кашыган сайын торукашка да, ээсинин колтугуна башын катып, мүрүсүнө ээгин жөлөп, башын булгалай жыттап, өтө эле ынактыгын билдирип жатты.

- Очорту досум, торукашка экөөбүз бүгүн жоо менен жан аябай кармашалы. Буйруса, ийгилик биз тарапта болоор. Сен менин атымды минип, билген жол менен тору бээни алдыга салып, айда. Калганын Кудайдан көрдүк. Өз туугандарыңа таанылбас үчүн менин калпагымды баса кийип, бетиңи ороп ал.

- Куу, куу! Айт. Айт! деген, дем берген үнүң болсун. Калган ишти бизге кой, досум – деп баатыр Очортуну алдыга салды.

Чыгыш жак шоолаланып, таң атары билинген чакта, чакан топ, жайытка жете келишти. Ээсин эш туткан торукашка чуркап келе жатып, коңгуроодой добушу менен эки-үч курдай тоо жаңырта кишнеди. Чачыла, жайылып жүргөн жылкылар «селт» эте баштарын көтөрүшүп, заматта үйүрлөрүнө чогула түшүштү. Дайыма бирге болушуп, бири-бирине сырдана болгон үйүрдөгү жылкылар тору айгырдын үнүнөн кооптонуп турган чакта, тору бээнин шыңгыраган кишинегенин угушуп, котолой түшүштү. Тору бээни жетелеген караан, жайыттын ортосун тепчий, кыйкырып жөнөдү.

Көптөн бери агууга нук таппай, иримденип турган көл, бир тарапты жыра, көчүрүп, эңкейишти көздөй күүлөнө аккансып, баш көтөрө элтейип турган жылкылар да, ортолукту тепчий өтүп бараткан тору бээнин аркасынан куюула жөнөп беришти. Эми эле тып-тынч турган жайыттагы бээлер, жырткычтан качып, үрккөндөй, бир тарапты көздөй агылганын байкаган Шорундун ноендору менен жылкычылары аң-таң, эс-акылдарын жогото элейишти. Ошол кезде бирин-бири коштогон ачуу үндөр чыгып, ар-ар жерде аңкая карашып, дел болуп тургандарды көздөй атырылгандардын караанты жакындап келе жатты.

Шорун баатырдын айылы да, таңкы уйкуда, бейгам эле. Жер дүңгүрөткөн көп үн алыстан элдир- селдир угулуп, анан улам жакындап келе жатканын туйгандар, баштарын көтөрө тыңшай, кооптонушту. Жакынкы жердегилерге тоо көчүп, кезиккендин баары кошо сүрүлүп, тебелеп-тепсеп келе жаткандай сезилип, чочугандар орундарынан атып турушту. Тапыр-тупур, таш кулагандай үндөр чыгып, анан эле «күү-күү» эте күүлөнгөн көп туяктар кыяндай каптап келе жатканы билинди. Көбүнө коркунучтуу угулган үн түшүндөй сезилип, кээлери тура кала эшикке чыкканга үлгүрүшпөдү. Селдей

сүрүлгөн жылкылар, айылды каптап, арттан тыгын боло түрткөн күч, таканчыктоого, же жалт бере, бир тарапка, жол бере бурулууга мүмкүндүк бербеди. Шыкала түрткөн тыгындан улам, алдыдагы жылкылар туш келген үй, таш, адамына карабай, соорулары менен сүрүп, туяктары менен тебелеп-тепсеп өтүп кетип жатышты. Кийинкилери журтта жалпайып жаткан адамын да, буюмун да ылгабай, өткүр, курч туяктары менен былчыйта басып, майкандады. Заматта капшыты чыгып, тирелген чатыр, алачык, үйлөр ичиндеги адамдары, бала-чакалары менен жүздөгөн туяктардын тепсендисинде калды.

Ар тоо башында, таңкы кайгуулда сак-сактап жүргөндөр гана аман калбаса, баатырдын айылы тып-тыйпыл боло тапталды. Жер дүңгүрөткөн көп туяктардын баш-аламан тапыр-тупур үндөрүн коштогон таңкы жел, көп айыл конгон конуштан алыстап кетип баратты.

Калмактардын кайгуулчулары из чалып, куугунчулардын келгени билгенби, же караандарын алыстан көрүп, аңдууга алышканбы Шорун баатыр зайсаңдарын түн-күңкүгө карабай, сак болууларын эскерткен эле. Өзү баш болуп, үйүнө барбай, жандоочторун бөлүп-бөлүп мерчемдүү жайларда жол тостурган. Кеч күүгүмдөгү Бакал баатыр баш болгон топтун караңгылыкты пайдаланып айылы тарапка өтүп кетишкенинен байкабай да калышкан болчу.Алардын кайгуулчуларына кийинки Алике баатыр баш болгон топтун ар коктуга жол чалып, акмалап жүргөнү айкын болду.

Кыргыз куугунчуларынын эмне максат менен келишкенин билишсе да, кай тарапка, кантип өтүп кетишээрин байкоого алышып, көздөрүнөн сая кетиришкен жок. Алике баатырдын тобу да өздөрүн акмалап, тосуп жүрүшкөн, жоонун кайгуулчуларын билишсе да, билмексенге салышып, алыстан көз салган болушуп, жакындап келишпеди. Куугунчулардын максаты калмак кайгуулчуларынын көңүлүн өздөрүнө буруп, Бакал баатыр баш болгон топтун калмак айылдарынын ичкери тарабына кирип кетишине шарт түзүү эле. Алар ойлогондой эки күн аралыгында калмак айылдары тараптан эч кандай чуу билинбеди. Демек, алардан бөлүнүп кеткендер ыңгайлуу жайды ээлешкен, же эчак эле билинбей, тереңге кирип кетишип, жылкыларды таппай жүрүшөт деп божомолдошту.

Аликенин тобу бирде тоолордун чокуларынан көрүнүшсө, бирде анын маңдай тарабындагы кокту-колот, булуң-бурчтарда өздөрүнүн саны аз экенин билдирбөөнүн аракетинде болушту. Аларды

байкаган кайгуулчулар Шорун баатырга улам жаңы кабарларды жеткирип жатышты.

- Демек, ар тараптан көрүнгөндөрдүн саны көп. Кыргыздар каптап кирип келүүгө, даабай турушат. Тоо, токойдо жүргөндөр баары бир биригишет. Ошол учурда курчоого алып, экинчи келгис кылыш керек. Азырынча алардын келгенин билмексен болушуп, көзөмөлдүктү күчөтүшсүн – деп Шорун баатыр ноендоруна буйрук берген эле.

Эки тарап тең бири-бирине кол салбай, аңдышып жатышты. Үчүнчү күнү таң эртелеп Шорун баатырдын конушу тараптан чуру-чуу, дүпүрөгөн көп туяктардын добушу элдир-селдир угула калып жатты. Уйкудан эми ойгонгон Шорун баатыр бир жамандыкты сезгендей, жүрөгү «болк» эте, ордунан ыргып турду. Өзү менен бирге уктап жаткан жан жигиттерин тепкилей ойготуп, сыртка атып чыкты. Күүлөнгөн көп жылкынын асты, жакынкы белестен ашып түшүп, куюла кокту ичине кирип жатты.

- Тарткыла атты! – деп бакырганча, куралын көздөй чуркады.

Тайчжисинин каардуу, бакырыгынан чочуган ат багарлардын уйкудан көздөрү умачтай ачылып, оордуларынан ыргып тура, аттарды даярдоого чуркашты. Алдына туура тартылган атка шап минген Шорун шериктерине карабай, маңдайда көрүнгөн жылкыларды көздөй тизгин бурду.

Ал коктуга жете келгенде, көп туяк тебелеген жер чаңып, алды тарабы боп-боз боло эч нерсе көрүнбөдү. Чаң сапырган дүбүрттү улай, темине берип, өзүнүн жалгыз экенин сезип, жака-белин карап туруп калды. Аңгыча шериктери да бириндеп-экиндеп келе башташты.

- Тез! Тез кууп жетип, жылкыларды артка кайтаргыла! деп, көңүлү чыдабай бакырып, шериктерине кошула, чаң артына түштү. Жол көрүнбөйт. Алды тарап боп-боз.

Курч аттар заматта жылкы аркасына жете түштү. Айдаган эч ким жок. Алдыдагыларды ээрчий, үрккөн жылкыларды жандай чабышты. Чет тарапта чаң бир аз суюлуп, жандай чаап бараткан караандар көрүндү. Эки-үч күндөн бери минилбей, сууту канган күлүктөрү менен «шап» жете барышып, жылаңач кылычтарын булгалай, көп жылкынын бөлүнүп кетишине мүмкүндүк бербей тосмологондорго куралдарын шилтешти. Алар да алдырбастын аракетинде каршылык көрсөтүшүп, кол кайры кылып жатышты. Куугун-сүргүн токтоп, кармаш башталып кетти. Аркадан куугундар

жете келгенин билгендер, аттарынын тизгиндерин тарта, шериктерине жардамга келишти.

-Чап! Сок! Ур! Аа! деген үндөр, бири-бирине кубат болуп, карчылдашкан кармашта кан төгүлүп, курал тийип ооп түшкөн денелер туяктарга тебеленди.

Калмактар көптүгүнө салып, кыргыздарды ортого алып, кол сала баштаган чакта, Аликенин тобу аркадан жете келип, найза сунуп, кылыч шилтешти. Өктөм-өктөм чыккан үндөргө, өпкө кага, соолуктап, чалыккан, аттардын оор дем алышы кошулуп, опур-топур үзөңгү кагыштыра теминип, оор кылычты шилтеген жоокерлер ызырына келип, каршысын чабат. Ал калканын тосо коюп, узун саптуу ай балтасын күчөнө шилтейт. /ркков көп жылкылар эстеринен чыгып, бирине-бири ызырынып, айкаш чабыш менен алек. Буруксуган коюу чаң көтөрүлүп, ат тери менен адамдын денелерден аккан кандын жыты аралашып, аба оор. Чаңдан, кандан, ачуу терден аттардын, ат үстүндөгү адамдардын түстөрү да өзгөрүп, таанылгыстай абалда айкашып жатышты.

«Тарс» тийген союлдан, «балп» эте жанчылган дене, ат үстүнөн ооп, кээлеринин үзөңгүдөн буту чыкпай сүйрөлөт. Башкарган ээси жок, ортодо калган аттар тизгиндерин сүйрөп ары-бери котолойт. Торукашкасын улам темине Бакал баатыр сээлдегенде кармашкандардын каараны көрүнүп, ортодогу котологондордун далдоосунда калып, кан майданды кечип жүрдү. Анын эси-дарты, көп жандоочунун ортосунда жүргөн Шорун баатырда болду. Улам ага жакындап барууга ат салып, каршытерши курал шилтегендерге алаксый калып, жете албай жатты. Калмактар көптүгүнө салып, саны жагынан аз көрүнгөн кыргыздарды шакектей ороп, тирүүлөй колго түшүрүүнүн аракетинде болушту. Аны билген кыргыздар бири-бирине аркасын сала коргонуп, беш жүзгө жакын душманды аралай чаап, өздөрүнө жакындатышпады. Ат салгандар арбын болуп, кармашкандар калыңдай берди. Шилтенген куралды башчысына жеткирбей, коргоонун камында болгон жигиттерине ыраазы болгон Шорун баатыр, эми эрдемсий атын темине, кыргыз баатырына жакындады. Аны көргөн Бакал баатыр канчалык тоскоол боло, курал шилтеп жаткандарга моюн бербей, алга умтулду.

Көздөрүнөн заары чыгып, бири-бирин жек көрө карашкан эки баатырдын аралыгы улам жакындай берди. Аларды байкашкан эки тарап тең, чамына ат салышпай, токтоп калышты. Ортолук бир аз суюла түшкөндөй болду. Ызырынган эки баатыр ат тизгиндерин

тартпай, темине келишип, куралдарын шилтешти. Темир-темирге тийип, учкун чыгып, эки баатыр чабылган кылычка калкандарын тосо калышып, кайра-кайра алыша кетишти. Экөөнүн тең жалтанбастыгын, ары шамдагайлыгын көргөн эки тараптагылар кармашканын токтотушуп, таңыркай тиктеп калышты. Чабышкан куралдарынан жалтангандар, кетенчиктешип, ортолук кеңейе түштү. Экөөнүн тең кийимдери тытылды. Күчөнө чабышып, ар илеге салышып, курал менен алыша албастыгын билиштиби, же күчтөрүн сынашкысы келиштиби, куралдарын ташташып эңише кетишти.

Баатырлардын аттарынын күчү да, өздөрүнүн иле-ыкмалары да ушул чакта билинди. Ээлери тартыша кеткенде, эки ат тизелей калып, чирене булкунушту. Үстүндөгү алптар бири-бирин чапчыган чакта, экөө тең баштарын көтөрө, моюндарын бири-биринин сооруларына артышып, жерге тырмыша калып умтулуп жатышты. Кармашта экөөнүн тең кийимдери тытылып, эттери карара, көгөргөнү айкын билинди. Күшүлдөп-бышылдап чарчаган аттарынын тулку бойлору тердеп ак көбүккө айланып, өпкө кага соолуктап турду. Ат үстүндөгү алпттардын денелеринен тер жылтырап, жондорунан кадимкидей буу көтөрүлдү. Карышкан колдору улам жылмыша бергендиктен, бириси моюндан, бириси, колтуктан ала булкуп, ат үстүнөн алып жыгуунун аракетинде болушту. Бая бойлорун бири-биринен тарта, кетенчиктеп жатышса, эми, ат үстүнөн эңкейе, колдоруна илешпей турган денелеринен эптеп кармашып, кайрып, же үзүп оодарууну көздөштү. Дал ошол чакта Шорун эңкейе калып, Бакалдын колтугуна кол узатып, денесин кучактап, ат үстүнөн тартып алаарда, эңкейген Шорунду ал оң колу менен мойнунан орой кармап, сол колу менен өзүнүн оң билегин чыңдай тартып, торукашкасын дембе-дем теминди.

Бакалдын денесин кучактай калып, ат үстүнөн көтөрө өзүнө тартып алаарда, Шорундун мойну Бакалдын колтугуна кысылып, баятан бери чарчагандан деми кысылып жаткан Шорундун кекиртеги кыйылдады. Башын-мойнун серпе, денесин бошотуп алуунун аракетинде каршылашы боюн түзөй бергенде, баатыр анын мойнун катуу кысып, бураганча атын теминди. Кыргыз баатырынын күчүнө астындагы атынын булкунганы дал келе калып, Шорундун оор денеси атынын үстүнөн сыйгаланды. Жерге суюла түшүп бараткан калмак баатырынын денесин булка тартып, ээр кашка ныгыра баскан баатыр, каршылык көрсөтүүгө буймасы келбей калган анын денесине эки бутун арта салып, ныгыра чапка басты. Шорундун өгүздөй болгон денеси атка артылып, колу-буту

саланДады. Баатырдын чаалыккан аты мүргүй түшүп оңолду. Ал душманынын денесин оодара тартып, төбөсү менен жерге таштады. Калмактын денеси жерге «былч» эте түщүп дөңгөчтөй болуп, кыймылсыз жатты.

Кыргыздардын кубанган кыйкырыгы аба жарды. Эки алптын кармашынан улам, тым-тырс боло калган эки кол, кайра кармаша кетишти. Баатырынын өлгөнүнөн улам, калмактар жалтана, кача башташты.

-Тос! Чап! Сок! Ур! – деп бири-бирине дем берген кыргыздар ортодогуларды мойсоп, качкандарын кубалай чаап, чалма ыргытып туткундап, эч бирин качырышпады.

Баатыр элирген торукашканын тизгинин тартып, артка кайрылды. Баш кийимдерин ыргытып, колдорун булгаган шериктерин көрдү. Заматта көздөрү тунарып, кулагы чуулдады. Көздөрүн пар-пар ачып, башын чулгууду Кулагы шарт ачыла түштү.

-Жеңиш!

-Намыс!

-Кыргыз! Жеңиш! - деген кубанычтуу үндөр жаңырды.

Алардын каршысындагы, котолошкон душмандын көп колу баштарын жерге салып, сумсайып турушканын көрдү. Аркы тараптан жөө-жалаң, биринен-бири өтүп, чуркап кол булгалап келе жаткандар, туткундар экенин туйган баатырдын, сурданган жүзүн жылмаю аралады. Атын темине илгери бастырды.

-Баатыр аке! Баатыр аке! деген тааныш үн кулагына «шак»дей түштү.

Баш кийими жок, чуркап келе жаткан Зыпар кыздын кааранысы көрүндү. Жүрөгү «зыр» эте түштү.

-Зыпар! Зыпар! Күндө болсо күндө, түндө болсо түндө ою дитинен омоктуу орун алган.

-Көрсөм, сүйлөшсөм деп самаган кыздын сүйкүмдүү карааны көрүнүп, тааныш үнү угулганда, баатырдын жүрөгү ойноп, «дүр» эткен денесиндеги кан тамыры былкылдап, улам чыңалып баратты. Торукашканы кантип теминип жибергенин өзү да билбейт. Бир мезгилде жоолуктай делбирип, өзүн көздөй чуркап келе жаткан кызга жете шарт колдон эңип алып, атынын тизгинин тартты.

-Баатыр аке, Баатыр аке-деген кыздын жумшак ары жеңил сүйкүмдүү үнү кулагына жагымдуу угулуп, кучагына бекем кысканын сезип-сезбей, эс-мас болуп турду.

Кыз да бүтүндөй тулку боюн баатырдын кучагына таштап.

-Баатыр аке, Баатыр аке деп, кулагына назик шыбырап жатты.

Кош жүрөк бирге согуп, бирине бири чапташкан денелер, бир денедей биригип, сагынычтын, кусалыктын, бирин-бири самаган сүйүүнүн алоо табы жуурулушкандай болду

Дүйнө кандай кооз. Көкмөк асман чайыттай ачык. Айлана мемиреп тып-тынч. Жаркыраган күн нуру жерге төгүлүп турат. «Шоу, шоу» эткен дарыянын үнү, соккон желдин эпкининен улам, угулуп-угулбай, алыстан кетет. Тээ бийикте жаай канат сермеген эки бүркүт, кайдадыр багыт алып учуп баратат.

Мойнуна колун арткан кызды, чочутуп албайын деген баатыр, торкашкасынын эркинине койгон. Эки жаштын бири-бирине болгон арзуусун сезген аргымак да жай басып келип, туландуу жашанга келгенде, аягын шилтебей токтоп, ооздугу менен от алууга умтулду

Тору кашка бүгүн көп жолду басып, акыры келип, ээсинин душман менен айкашкан кармашында, ага канчалык дем болду. Эки баатырдын курал алып чабышы да, кол алышкан эңиши да аргымактардын аракетине жараша эле. Качалык жан үрөп күч менен чабышы, бирин-бири билектен ала, кол карыштыра кармашы алдыларындагы аттардын, белиндеги, булчуңдуу буттарындагы, чулу денелериндеги күч-кубатына байланыштуу болчу. Эгерде алдан тайса, мүргүп, жыгылып, же атаандашынын күчүнө тең келе албай сүйрөлүп кала турган болсо, үстүндөгү ээсинин жеңилишине себеп болмок. Аны туура түшүнгөн аргымактар, баатырлардын ыгына, аракетине жараша ээлерине дем болсо, кубатташып, болгон күчтөрү менен, аракеттенип жатышып, чарчап-чаалыгып дарман-дары куруду. Бир нече убакытка созулган кармашка чыдаган аргымактардын ал-күчтөрү да, ээлериндей эле акыркы чегине жетип, кубаттарын кетирген болчу.

Көп аралыкка чуркап келип, жан берип, жан алган көп убакытка созулган айкаш баатырлардын да, алардын аргымактарынын да күч-кубаттарын сынады. Эки тарап тең, жеңилбестиктин аракетинде болгон ал-дарметтерин сарпташты. Аны шылкылдаган муундары, титиреген денелери, аба жетпей демиккен өпкө, ачышкан жүрөктөрү сездирип турду. Акыры жеңиш колго тийип, намыс алып отурушат. Бул да болсо оомад, сыймык, башка келген бакыт. Алардын кадыры канчалык бийик, канчалык таза. Ага ак дил, ак кызмат, талыкпаган мээнет, элге арналган өмүр жеткирди. Эл жер азиз. Касиети түбөлүктүү бийик! Эч убакта эл-жер жоголбойт.

Кыз баатырдын мойнуна колун артып, көкүрөгүнө башын жөлөп, анын дүкүлдөгөн жүрөгүнүн ар бир кагышын, өзүнө гана арнап жаткандай сезди. Денесиндеги терге аралашкан эркектин жыты

кандайдыр өзүнө билинип-билинбеген самоону, күткөн сезимди тартуулагандай эле. Айкашта аябай кучүн үрөп, жан алакетке түшкөндөн улам, тамырлары былкылдап, кан тээп кызыткан денеси оттогу жалында-жалбырттап жаткан болчу. Ушул таттуу денедеги, кычкыл жыт жагымдуу туюлуп, андан, өзүн үзүп алалбай, андан бөлүнүп кетүүгө күчү да жетпейт, кыздын денеси балкып, сырткы дүйнө таптакыр эсинен көтөрүлүп, көлкүгөн көөнү кандайдыр бир кереметтүү мээримдин кучагында балкып турду.

Кыздын чачынан, денесинен чыккан жагымдуу жыт баатырдын мурдун өрдөп, мурда эч убакта кезикпеген, бирок кандайдыр бир самап, көптөн бери эңсеген сагынткан кусалык бүгүн гана кучагында сыйбай төгүлүп, чачылып тургана аны чексиз рахатка бөлөп аны кандайдыр бир керемет дене тулкусуу өз дүйнөсүнө тартып алды.

Аргымагынын токтоп, оздуругунун шылдырата от алышынан улам баатыр, кучагында денени чочутуп албоонун аракетинде ары аяр, ары астейдил кучактаган бойдон, оң бутун үзөңгүдөн чыгара чебердик менен атынан түшүп, кызды тулаң үстүнө аяр жаткырды да, өзү да тулаң үстүнө жанаша чалкалай боюн керди.

Эки жаштын балкыган денелерин, мээримине бөлөп күндүн нурлары төгүлүп турду.

Оздугу шылдырай, «күрт-күрт» от алган аргымак, «быр-быр» эте бышкырына, үзүгө оттогонунан улам кыз баш көтөрө, чалкалай жаткан баатырдын бети-башындагы көгөрүп, канталаган тактарды көрүп, акырын келип, жуп-жумшак, таптуу манжаларын тийгизе, аяр сылады. Жагымдуу сезимге балкыган баатырдын денеси жазылып өзүн бир кереметтүү дүйнө өз кучагына алганынан улам, талыкшып, ооруксунган бою-башы балкып мемиреп баратты.

## II-БӨЛҮМ

1641-жылдын жаз айы Жаркен хандыгынын ордосу Диванкана түрлөнтө кооздолгон. Ортодогу тепкичтүү бийик супанын үстүндөгү алтын такта отургон, Абдылда хан. Тактын эки тарабында, аземделеген чепкенинин этектери, орундуктан аша жайылып, башындагы алтын таажысы ар-бери бурулган сайын, сырттан түшкөн жарыка, "жылт-жулт" эте чагыла калат. Хандын эки тарабында жуп боло, тикесинен тик турган ордо кызматкерлери, ордо эгесинин ар бир кыймылына аяр көз салышып, кайсыл кызмат айтылаарын күтүп, ого эле сергек. Алардын аркы тарабында узун найзалуу, тегерек калканчан, белдерине кылыч тагынышкан ордо жан сакчылары, хандын сүрүнө сүр кошуп, жаңы келген адамды апкаарыткыдай түрдө сумсая бет маңдайын тиктеше, кадап койгондой кыймылсыз турушат.

Хан сырттан кирип кирбей, элпек эңкейе салам айткандарды жактырбай суз карап, жайгашышын чыдамсыздык менен күтүү тумандаган булутай түнөргүн кабагы алдындагы киримчик кирпигин ирмебей, ар бирин көзүнүн төбөсү менен карайт. Катаалданган амирзаданын көрүнүшүнөн айбыгыша, буттарынын учтары менен мышыктай жыла басып келишип, өз ордуларына жайкашканча, таң калыштуу, бири бирине алдыртадан көз салышат.

Адатта обозгер-амирлер белгиленген убактан кечикпей келип, калышканда ордо эгеси төркү бөлмөдөн жай басып келип, көптөн бөлүнө турган башкы обозгерине карачу. Ал толук келишти деген, белгини берип, ийиле таазим кылганда, ал баш ийкей, ымаа кылганда бет маңдайда турганда жапырт орун алышчу.

Алдын хан өзү келип, обозгерлерин чыдамсыздык менен күтүшү, деги эле бүгүнкү көрүнүш баарына табышмак болду. Тикенектей кирпиктерин бир ирмебей, киргендерди тикирейе карап жаак, булчуңдарын улам кыймылдатып, тиштенип отурушу, ары коркунучтуу, ары сырдуу да эле. Маңдайындагы бийлик амалдары боюнча катарлаш тургандарды чечекейин чеч кылып чычаладай кызарган көздөрү менен ар бирин жыра сайчуудай мээлеп, тиктегенинен улам, ордо найыптарынын денелери дүркүрөп, ар бирине кыйноо жазасы бериле тургансып, муундары бошошту.

Салмактанган дене-бойлорун кыймылдатуудан айбыгыша, жер тиктешти.

Адатта ханы сүйлөгөндө, ага улам-улам дем бере, "А бали Акылмандык" дешип, селде чалган баштарын ийкегилешип таксырынын айтаар оюн илип ала, анын кареги менен айланышкан жакындары да, ооздоруна талкан куюп алышкансып, тек тымпыйышат. Ушундай кезден пайдаланып, алдыртадан бирин-бири кирпик улай карашып, сөздүн удулуна карай, таксырынын көңүлүн алмакка, үн кошуп, же акырын жөтөлүп койчу амирлер, капылеттен хандын каарына калбайлы дегенсишип, тик кароодон айбыгыша, жер тиктеше чымын учса угулчудай, ордо ичи жым.

Таксырдан ымаа болдубу, же мурда сүйлөшүлгөнбү, баш обезгердин белгисинен улам, каалга ачылып, хандын кеңеш-чилеринен башка төбөсү көрүнгөн төрөлөр биринин артынан бири кире башташты. Түп көтөрүлө эле чакырылганбы, эч бири калбагандай Кең ордо ичи заматта толо түштү. Дээмейде, кээлери ар түрдүү себептер менен, же баш обозгердин тапшырмасы менен келбей да калышчу. Андай учурларда сыртта топтолуп, кабыл алууга даяр турушкан обозгер, амирлер, хан, найыптар эшиктен баш бакпай жатышып, жайдары салам айтышып, алдаярдын амандыгын алладан тилеген болушуп, өтүмдүүлөрдөн бир-экөө бүгүлө калып, анын этегине тооп кыла кол берип, анан кетенчиктей жылып барып, бош орундарга отурушканда, атайын жабыла тилектерин шыбырыша-көбүрөшө беттерине бата тартканда, мурдагы келгендер жабыла коштоп кетүшчү. Ошондо гана башкы обозгер кыскача ишти маалымдап, отурууга уруксат сурачу.

Бүгүн жабыла киргендер жапырт таазим кыла отурушкан соң, азирети таксырга жалдырай тиктешип, диванкана ичи тым тырс. Чук эткен бирөө да болбоду. Өзүнө гана тигилгендерди сыдыра көздөн өткөрүп баратып, кээ бирөөнө келгенде токтоп, тирмейе тиктеп, сүйлөөчүдөй же суроо берчүүдөй оозун сомдоп барып, анан дегенсип, кайра көз жүгүртүшү улайт. Так эгесинин ар бир кирпик ирмемин сая кетирбей ынтаа коюп отургандардын арасындагылар, азиретинин өзүнө келгенде кунт кое тикирейе тиктешинен жүрөгү болк эте, денеси дүрүлдөп, коркунуч төбөсүнө чыга түшүп, жалтактай бой жашыра калат.

Көп жылдардан бери, бийлик сересинин ырахаты бир өзүнө гана энчилеп алган бактылуу оорунду, эч кимге бермек тургай, жакындарына да ыраа көрбөгөн таксыр, жалтаңдай калган амирин эсине чыккыс кыла ичке катып, айтоор сөзүн айтпай туруп, ар бирин

тургузуп, кандай айыбы бардыгын өзүнөн сурап, билмексен болгонуна, уккан айыңдын четин чебердик менен чыгарганда ал өзү жөнүндө таптакыр эле калтырбай, жада калса «көтөн чучугуна» чейин билээрин туюп, таксыры эмнени айтса да, башын ийкей айыбын мойнуна алып, кечирим суроого өтчү. Кокустан эле, так эгесинин күмөнү төгүн экенине далил айтып, болгон айыптоону талаша турган болсо, таксыры аны, жыйындагылардын алдында шермендесин чыгара сыртка кууп чыгаарын, билгендер, лам деп, каяша айтышпайт, бүтүп баарын билээрине ынанган болуп, жалган ишке болсо да баш ийкөөгө аргасыз болушчу. Болбосо, ал ошол учурдан тартып хандын жардыгын аткарбаган болуп ээлеген кызматынан шыпырылып, үй-мүлкүнүн ордого алынаарын сезип баш обозгерге тартуу-белектерин камдоого киришет. Андайды болтурбоого аракеттенишип, андай учурда кирпик алдынан көз жүгүртүшүп, ары астейдил, ары сак кулак төшөп, ынтаа коюп, сукут салып отурушат. Кокустан эле алдаяр, суроо берсе, же жарлыгын айтса, анын бутунун таманы турган жерге чекесин тийгизе жүгүнүп, жаңылбастан жооп берип, кандай гана тапшырма, же иш болбосун аны аткарууга ойлонбой туруп, даяр экенин билдирүүсү тийиш.

Өкүмдар, кудайдан кийинки эле ыйык, касиети бийик бийлик ээси. Ал баарын көрүп, билип турат. Кандай тапшырма берери эле эмес, эмнени талап кылаарын бир өзү гана билет. Аны аткарбай коюу күнөө. Күнөөсү үчүн ал көзү барында, же аркы дүйнөгө барганда жооп берип, жазага кириптер болоорун ордодогу шейх ул ислам бир эле ордо обозгер, амирлерине гана эмес, жаамы мусулман пенделерине жашынан-карысына чейин, дайыма эсин салууну милдетим деп эсептейт. Бийлик орунда отуруп, эл сурагандардын, деги эле адамзатынын күндө эмнени аткарып, эмнени бүткөрүшүп ар биринин пешенесине, кудай төрөлгөнгө, чейин эле жазып койгон. Молдолордун айтуусунда, пенде баласы атасынын бел сусуунан пайда болуп, кийин түйүлдүккө айланып, энесинен курсагында тогуз ай жатып, жарыкчылыкка келгенден, өмүр өткөрүп өлөгнгө чейин, ал тургай аркы дүйнөдөгү суроо сопкуттан кийинки, бейиш тозокко барар кадамы эсепке алынган. Ичээр суусу, дем алар абасынан бери, карта чийилүү. Пенде баласы кудайдан жазганынан ашык, иш кыла албайт. Чектен ашкан ишти колго алууга, аны аткарууга алсыз.

Тирүүлүктөгү өмүрүндө, өлгөндөн кийинки түбөлүктүү бейиш-тозоктогу ордун өзү аныктайт. Пенделик кылып, канча күнөө жасаса, андан арылуунун жолуп пайгамбарыбыз шарият аркылуу гана

табыларын айткан. Шариятта бейишке баруунун жолу арбын. Анын эң бир ыңгайлуу жолу, жасаган күнөөлөрдү моюнга алуу. Кудайдан кечиримдүүлүктү суроо. Шарият эрежелерин так аткаруу. Беш убак намаз окуу, соол иштерди жасоо. Жыйынга келгендер аны беш колундай билишип, ичтеринен сезип отурушат. Таксырга тике карай алышпаганы менен кулактары сак, денелери сезгич. Жеңил отуруп, эллек кыймылдашат. Маңдайындагылардын кимдиги, кандайлыгы өзүнө жат. Эмнеге жөндөмдүүлүгү, колунан эмнелер келерлиги дайын. Суроосуна жооп таап, каяша айтпастыгын билип туруп, сүйлөгөн сөзүнүн, ойлогон оюунун туура-каталыгын сурамыш болуп коет. Көптөн бери оюнда, көңүлүндө сактап, бышыктаган ички максатын жарыялап, кимисине кандай таасир берерин, ага ал кандай жооп берерин билсе дагы отургандардын таптакыр оюна келбеген, ал тургай түшүнө да кирбеген, сырын угузмакка каар чачкан жүзүн өзгөртпөй сөзүн баштады.

-Бүгүн ордобузга көптөн бери кызмат кылып, хандыктын дөөлөтүн арттырууга өлкөбүздүн дүркүрөп өсүп, өнүгүсүүнө ак кызмат кылып жаткан ордонун эң бир ишеничтүү деп санаган обозгер, амирлерине көптөн бери ойлоп көкүрөгүмдө бышырып, жетилткен жардыкты айткым келди деп, кимиси кандай ойдо кабыл алаарын билмекке, сыдыра, дымып отурган обозгер-амирлерин тиктеди.

Обозгер амирлери козголушуп ынтаа кое кулак түрүшүп, жакын отургандар моюндарын алдыга созуша, колдорун көкүрөктөрүнө тийгизише бүгүлүп, көздөрүн сүзө үн катышпады. Хан заардуу үнүн оңдой күрсүнүп.

Кол башчыларым каниет, күч кубатка толуп, кудрети ашып турган хандыгыбыз, сырттан келүүчү коркунучтан оолак. Алла тааланын ырайы менен ата мурас жерлерибизди бир-бирден кайтарып алып, жеңиштин тоюн тойлоп келдик. Суутуп минчүү аттарыбыздын оздугун чыгарып, кеңири отко коюп, курал кармаган колубуз менен бийликтин камчысын чапкан аракетибиз, акыбетин берип, тополоңдон алыс турабыз. Эмне дейсиңер, обозгер амирлерим?

-Туура айтасыз, алдаяр

-Адилет айттыңыз деп отургандар жабыла коштоп жатышты

Хандын баятан бери сурданып отурган сүрү, катып калган денеси, сүйлөгөн сөзүнөн улам жазылгандай, отургандардын кубаттаган күүлдөгү аны бир аз алаксыткандай болду.

-Бирок, деп, үн катып баягы калыбына кайра келе

маңдайындагыларды тике караган хан көкүрөгүн алга жүткүнтө сөзүн улады. Минтип отурганыбыз менен коңшу жердегилер кимге баш ийерин эстен чыгарышын, биз тараптан моюндарын тескери бурушканы, айкын эле байкалып жатат.

Отургандар баш көтөрүшүп, алдаяр эмне жөнүндө айтарын күтүшүп, суроолу караштьг.. Хан алардын кунт кое, кулак түргөнүнө көңүлүн сала, жымжырттыкты тынымга созуп, топтогуларды бир сыйра узата карап, үзүлгөн сөзүн улады.

-Алар кимдер дебейсиңерби?

Ортого суроо таштагандан улам, - Менден сурап жибереби? деген кооптонуудан айрымдары созгон моюндарын жыйрып, жалтаңдай жер тиктешти. Хан алардын бирөөсүнө да көңүл бөлбөй өз суроосуна, өзү жооп бере:

Алар Паргана аймагындагы кыргыздар деп, токтоло өзүнүн сөзүнөн улам – кайдагы кепти айтып жатат деп, таңданыша карагандардын ойлору бүлүндү боло калганын туюп, күчөнө басым жасап Ата-бубам баш болуп, алардын кийинки урпактары менен эзелтеден келишпес душманы болушкан өзбектер менен тил бириктирип, аралаш жашап, ынтымакташканын барган, билгендер мага келип айтышып жатышат. Мен ага жол койбоймун. Жортуулга аттанам.

Хандын баятан бери кабагын тумандатып, кыжырданып отурганы баарына эми маалым болду. Сөз этеги кандай уланарын күткөндөр орундарынан козголбой , кулак түрүштү.

-Баарыңарга белгилүү болсо керек. Же уккандардын эсинде бардыр? Болбосо, укпаганың угуп, билбегениң билип алгыла. Узак жылдардан бери, айрыкча Абдукерим хан жана Мухаммед хандардан бери карай, кыргыздар өз алдынча болуп жашап келишти. Алар бир оожалган убагындагыдай, бир туу алдында биригип, жеке хандык кура алышпаса да, бир-эки жүз жылдан (эки кылымдан) ащкан убактан бери, казактар менен биригишип, ар бир чоң урууулар боюнча бийликтерди куруп, бизге бой бербей келишет. Анысы дале мейли эле. Бирок, ар качандан бир качан, калааларыбызга, адамдарыбызга, мал-мүлктөрүбүзгө коoп туудурушканы жалганбы? Ал аракеттерин азырга чейин токтотуша элек. Аларды эмне, көрмөксөнгө , билмексенге салып жүрө беребизби?

Ага да кезеги келгенче, мейли деп туралы. Ал эми ички Теңир Тоонун Памирдин чыгышындагы кыргыздар илгери менин бубам Сейит хандыгына караштуу Памир тоолорунун аймактарындагы

кыргыздар менен Жети-Суу өрөөнүндөгү казактар Сейит хандыгынын бийлигинин бөлүнүп чыгыщып, өз алдыларынча бийликти куруп алышкан болчу. Мен такка отургандан, так айтканда, отуз жылга жакын убакыттан бери хандыгыбыздан бөлүнүп кеткен бир канча жерлерди жана бир канча элдерди хандык ичине алган болсоң да айланамдагы кыргыздар тынчыбады. Ачык айтканда аларды өзүбүзгө толук карата албадык. Ырасбы?

Отургандарга суроо берип, кайра эч биринин жообун күтпөй:

-Ырас, өзүңөр билесиңер жакында эле Кучардагы кыргыздардын жол башчысы тополоң чыгарганда, кыргыздардын көпчүлүгү аны колдоп кетишти . Өзүм кол баштап барып, басып, аесуз талкалап экинчи баш көтөргүс кылсам да, кыргыздар толук баш ийбей, тополоңдордун чыгышына себепкер болушууда.

Андайларды ар тараптан талдап, карап көрсөм. Аларды Памирдин батышындагы Парганадагы кыргыздардын күчтүү колдоосу, дем берүүсү экен. Паргана өрөөнү биздин ата мурас жерибиз. Узак жылдардан бери, кээде бизге, кээде өзбектерге карап келгени менен кийин биз менен байланышты үзүшүп, келишкис душман болуп, ал жердеги, алсыздап бараткан өзбек бийликтеринин тагдырын белгилей турган күч болуп калышты.

Памирден берки бетиндеги кыргыздардын кутурушу, да Паргана аймагындагы Анжиан-Алай кыргыздарынын таасиринен улам экенине көзүм жетти. Аны билип туруп, мен ага жол бербейм. Убакыт жетти, Парганага карай аттанамын. Ал жактагы негизги күч болгон кыргыздарга Сейит хандын урпактары ким экендигин билдирип, унутуп бараткандарынын эсинен чыккыс кылып, согушчан колум менен барып, аларды Памирдеги кыргыздарды колдой алгыс кылып, узак мезгилден бери бизден бөлүнүп, колдон кеткен. Парганaны хандыгыбыздын карамагына кайрадан кайтарып, алып, жерибизге жер, элибизге эл кошоюн деген бүтүмгө келдим.

Хандыгыбыздын баш обозгери жана башка обозгер-акимдер жана кол башчылары, жортуулга аттануунун максаты, бирден бир ушундай деп билгиле! Менин жарнамама пикир бөлүшөөрлөр болсо айткыла!

Ордо эгеси жыйындагылардын арасынан, кимисинен кандай сөз чыгаарын күтүп, кайрадан кыдырата тиктеди.

-Урматтуу улук, ханыбыз. Дүйнөдөгү эң акылман, эң бир чечкиндүү хан болуп, касиет кадыр-баркы жактан бардык хандардан өйдө сүз. Ыраакты көздөп, терең ойлоп чыгарган бул

бүтүмүңүздү жан дилибиз, баш отубуз менен берилип аткарабыз. Сиздин буйругуңуз ар дайым акыйкат! деп башкалар козголо электе эле баш обозгер Мансурбек ордунан тура кылып, колдоп кетти.

-Ханыбыздын бүтүмү, айныксыз бүтүм.

-Акылмандык! Калкка, ордого болгон камкордук деп, обозгерлер биринен бири өтүп, тура кала кубаттап кыйкырышты.

-Андай болсо, -хан тагынан козголо, үнүн күчөнө чыгарып - Жоортул боюнча жардыгымды уккула!

Жабалактай ханга көрүнүш үчүн тура кала кыйкырып жаткандар дым боло, моюндарын созо кулак түрүштү.

Хандыгыбыздагы бардык калаалардан кол жыйналып, аскердин саны үч түмөнгө жеткирилет. Ордого караштуу колдон бөлөк Кашкар, Жаңысар, Хотен, Жаңы-Арык, Каргалык Борчук, Ак-Суу, Уч Бай Кучар калаалардан өз алдынча кошуундар түзүлөт – деп, хан бая сүйлөөр алдында бардыгына көз салып баратып, арасындагыларга тигиле токтоп, кыялында белгилеп өткөн шаар башчыларын, найыптарды бир-бирден тиктеп жатты.

-Өз алдынча түзүлгөн кошуундарга ошол калаалардын хандары найыптары, акимдери, кол башчылары жооптуу болушат. Негизги деп аталган (барынкар) бөлүккө Кашкар хан-найыбы Жолборс султан, Кашкар акими Субанкулубек, Жаңысар акими мырза Сатибек, (чырынкар) бөлүккө ордо обозгери-мырза Шаабек, Хотен хан-найыбы Ибраим Султан, Хотен акими Мухаммед Мансурбек, арткы бөлүккө Ак-Суу акими Абдисатарбек, Кучар акими, мырза шаа Касымбек, Уч акими, мырза Кожобектер башчылыкка дайындалат. Абдулмамбет султан бул жортуулга катышпай Турпан Камбулдарды, ойроттордун чабуулунан коргосун.

Баш кол башчылык милдетти барыңар колдун Уч беги мырза Газыбек менен жунгар колунун Уч беги мырза Ысмайылбектерге тапшырам. Калың колдун бардык бөлүктөрү баш кол башчыларга баш ийет. Жортуулга мен өзүм баш кол башчылар менен бирге болом. Бүгүнкү дайындалган чоң-кичүү кол башчылар өз милдеттерин так жоопкерчилик менен аткаруулары зарыл.

Жарлыктан баш тартууга жана шылтоо, себептерге жол берилбейт. Буйрукка баш ийбей, коюлган талаптарды аткарбагандарга, согуштук жүрүштүн мыйзам-эрежесинин негизинде жаза колдонулат.

Бүгүндөн баштап жортуулга даярдык көрүү колго алынсын. Жолго чыгуу тымызын ишке ашырылсын. Чоң жолдор бекитилип, убактылуу катташуулар токтотулсун. Чоң калааларга ордодон

атайын өкүлдөр жиберилсин. Даярдык көрүү аракеттерине жана жолго аттануу ишин тез аранын ичинде уюштурулушу катуу көзөмөлдүккө алынат. Алдын Бабабек Кашкарга жөнөтүлсүн. Андан кийин башка калааларга көзөмөл кылуучулар тез арада дайындалсын. Обозгер кол башчылар камдангыла. Жортуулга аттанууну эртең Кашкар калаасынан баштайбыз. Жараткан алла бизге медет берсин.

Жыйындагылар жабыла козголо беринде хан устазы, азирети азизан, ордонун шей хул исламы Шады кожо тура калып, үнүн түздөй , сөз баштады

-Улуу Жаркен хандыгы жергебизде көп жылдардан бери кастарлуу хан улугум-уулум Абдылда хандан өтөөр даана, өткүр, март, адилеттүү жана кубаттуу хан чыкпады. Азирети Сейит хан курган бул хандыгыбыздын жылдыздыры үлкүлдөп бараткан кезде, улук хан Абдылда ата-бабаларынын тагына отуруп, хандыктын бардык мусулман калкын кайрадан жашоо жолуна баштады. Азыр ал калк арасында «Жаркен хандыгын кайрадан гүлдөткөн улук хан» деп даңазаланды.

Мына бүгүн, ар кайсыбызга жарлык чыгарып хандыгыбыздын биримдигин, бүтүндүгүн коргоо үчүн өзү баш болуп, аттанып, жолго чыгып отурат. Ылайым жараткан алланын ырахматы менен урматы улук ханыбыздын алтын дени аман болуп, эл-журтунун бактысына түбөлүккө бар болуп, баскан жолунан гүл өсүп, көздөгөн максатына жетсин. Жолу ачылсын. Көп кан төгүүлөр болбой, тынч-аман кайтып келсин! Омиин. Алло акбар деп бата берди.

Ордо сарайда отурган бардык обозгерлер аны ээрчип алакандарын жайып, беттерине тартышты.

-Алла таала улуу ханыбыздын өмүрүн узун кылсын!

-Пайгамбарларыбыздын арбактары колдосун!

-Жеңиш бизге насип этсин! дешип диванканадагылар колдоп жатышты.

XXX

-Ордого караштуу колду жана Жаркен, Хотен кошуундарын Абдылда хан өзү баштап, келе жатат деген кабар, дайын болгондон бир жума өтүп өтпөй эле Кашкар найыбы Абдылда хандын чоң улуу Жолборс ханга аким Субанкулубектердин колуна тийди. Алар шашылыш Кашкардан бир нече чакырым алыстыкка келишип, чоң зыяпат менен ханды утурлап тосуп алышты.

Абдылда хан жолго чыгаар алдында, Жаркенден казы шаа

Жусуп кожону Ак Суу, Уч, Бай, Кучарлардагы колдорду топтоп, баштап келүүгө жоптуу кылып, дайындаган эле. Кашкарга келгенден кийин аларды күтпөй Анжиан тарапка бара берерин. Казы шаа Жусуп кожо чогулган акимдер менен бирге анын артынан жетишип келүүсүн талап кылган каты менен чабарман жиберди. Өзү Кашкарга аярлабай Жаркен, Хотен, Кашкар, Жаңысардан жыйналган көп колду баштап Парганaны көздөй шашыла жолго чыкты. Баш-аягы билинбеген көп кол Сарт ашуусун ашкан. Кокту-колотторго батпай, чубалжыган жыландай бирде кырга чыга, бирде аңгел-жарга кептелгенине карабай, жер көчкүдөй сүрүлүп келе жатышты. Алардан үркүп-чочуп, эңкүүлөй качкан кайберендер ар кыл жырткычтарга аралаша, коркунучтан эптеп кутулушса, кээлери алапайын таппай, эптеп эле жашынарга жай издеп, эңкүүлөй качып баратышты. Күтүрөгөн көп улоо, тоонун жумшак топурагын ээзе басып, тоо беттерин сала-салаа кыяга айландырды. Таштуу кемер, аска-зоолор, терең аңдарга айласыз токтошуп, тар капталдардын ичине келгенде, сап түзөгөн катарлары бузулду.

Төбөсү асман тиреген, төмөн жагы бийик зоо көрүнбөгөн тар кыяларга келишкенде хан баш болгон, обозгер-амир, кол башчыларды жөө көтөрүшкөн сарбаздар, кайрыла барышып, аттарын жөө жетелеп өтүштү.
Тоонун татаал, ары тар кыяларында бирин-экин болбогон, мындай коркунучтуу аска-зоону ойлобогондор, жалгыз аяк жолдон өтөп баратышып, эки колдору жакасында.

-Алда Кудай, жараткан пендеңди колдой көр. Жалама-зоодон аман-эсен өткөрө көр?- деп кудайга миң жалынышат.
Кайберендерден башкалар жүрбөгөн аскалардын башынан кимдир бирөөлөр таш кулатса, шагылдуу беттер сүрүлүп, кыялап бараткандарды сүрүп алып кетмек. Ал коркунуч башына келгендер

-Алла, Кудай сакта? Бөөдө кырсыктан, бей ажал өлүмдөн сакта? дешип денелери титиреп, эки колдору жакасында болгондорду байкашкан шериктери

-Азирети ханыбыз, бу тозоку жолдор менен жортуулга барып, эмне табат? Хандыгын кылып, жатпайбы ордосунда сайран куруп.

-Ошонду айт. Жолу жок аска-зоолор менен жүрүп, аягына чыкпас болдук. Тар кыяда аттан учуп, кум-жам болобуз го?

-Ханыбызга эмес, аскер башчыларыбызга да биздин-өлөөр өлбөсүбүз эмне?

-Алдаяр таксырыбыз, аскер башчыларыбыз, кантти экен?

-Кантмек эле. Ат туягы баспаган жерде, кызматкерлери жөө

көтөрүп, алып жүрүшпөйбү

-Чүш! Угуп калса, алдагы акыл жукпаган калдаң топтой томолонуп кетпесин.

-Ал ырас. Сизди ишеничтүү деп айла кеткенде айтып отурбайынбы

-Эч кимге ишенбейли. Эки көз бири-бирине жоо

-Жым-жым…

Кыйналгандан улам, айласы куругандар башына келген ойлорун, ичтен кобурашып, тар жол, тайгак ашууларда аска-зоолорго капталып, жар-кемерлерде коркушканынан минген аттарын теминүүдөн чочулашып, ээр кашты эки колдору менен бекем кармап, тагдырларын минген аттарына тапшырышкан

Хандын миңдеген саркерлеринин арасынан көк мелжеген аска-зоо, тар кыя, ташкындаган дарыяларда аттан жыгылып тебелендиде калышып, белгиленген тобунан бөлүнө, алда Кудай менен түзөң, жайык-талааларга келишкенде шашыла жетишип, сап-сапка кайра тизиле келе жатышты.

Өз тирилиги менен алек болушкан жергиликтүүдөр каптап, тебелеп-тепсеп, сүрүлө келе жаткан балекетти туюшпады. Качан гана сырттап, ат бастырып жүргөндөр кабар айтканда, аларга ишенип–ишенишпей, делдейип турушканда, калдайган көп кол, кара тумандай каптап, илгерилей келе жатканын көрүштү. Жамандык ойлоруна эмес, түштөрүнө кирбеген Ош элинин аксакалдары канчалык тополоңго түшүшсө да өздөрүн токтотуп, акыл калчап, ой жоруп жатышты.

XXX

-Абдылда хан жөндөн-жөн басып киргидей, биздин ага жамандыгыбыз жок. Ортодо эч кандай каршылык болгон эмес. Ал иш болсо да мусулман лксүнүн ханы.

Жакшылык менен тосуп алалы.

-Туура сөз.

-Биз өз алдыбызча хан атыкпасак да, эл атындабыз. Ата-бабаларыбыздан бери элдигибизди жоготпой, башкалар менен тең тайлашкан кастарлуу каадаларыбыз бар. Ханды гана эмес, жөн келген мейманга, дасторконубузду арнаган сыйыбызды тартуулайлы.

-Келбесе болот эле, келип калыптыр. Аттуу-баштуулар алдынан чыгып, утурлап алалы-дешкен оштуктар ак пейилдери менен ак тартуулап суусундук сунмакка чогула келишти.

Тээ дөңдө сарытору атынын тизгинин кейкейте тарткан хан каадасын кылып, зүн утурлай келеткан топтон кз айрыбай, сынап турду. Анын артында тиккен туусу делбиреп, шамалдын эпкининен улам соймоңдогон жыландай ойку-кайкы серпилет. Туу башынан ары уланган көп кол, жер бетин бербей, шыкалап турду. Бардыгынын кабактары бүркө, жүздөрү суз. Боорон алдындагы кара булуттай түнөрүшөт.

Утурлагандар хан алдынан ат чабым алыстыкка келип, тизгиндерин тарта токтошту. Аксакалдары баш болгон беш-алто бөлүнө, чыгып, илгерилей бастырышты. Шыкалган колго жыйырма, отуздай кадам калганда, колдорун көкүрөктөрүнө ала ийилишип, кыйкыра салам айтышты.

-Ассалоому алейкум Абдылда хан

-Жергебизге кош келиңиз алдаяр?

Абдылда хан айтылган саламды алик алган болуп, оозун «бүлк» эттире, башын ийкеп койду.

-Урматтуу хан, сизди Оштун эли сыйлап, биздин жерге келген ардактуу конок катары, ардактап тосуп алуу биздин милдет.

-Ата-бабаларыбыздан бери уланган салтыбызда, келген мейманды ак пейилден, сый-урмат көрсөтүп, ак таттыруу адатыбыз бар деп аксакал жанындагыларга кылчая бергенде, артында ээрчий келген эки жигит колдорундагы толтура кымыз куюлган кесени, кош колдоп кармап, шыпылдай басып келишип, олчойгон сарытору аттын үстүндөгү ээрде үзөнгүнү чирене тээп, нык отурган ханга баштарын ийе таазим көрсөтүшүп, узатышты.

Хан шыпылдаган жигиттерге карай, кол узаткыча болбой, ашпозубу, же жан сакчысыбы, оң тараптагы жигиттин кесесине кол суна койгондо, ал:

-Биздин салтыбызда, ак пейилден, ак сунабыз. Мейман өз колу менен алуусу тийиш – деп шеригине караганда, ал

Тартууланган даам таза, эч кандай нерсе кошулбаганын билдирип, колундагы кеседен кылкылдата жутту.

Ат үстүндөгү хан чаңкаганбы, же ак пейилден ак даам сунулганын сездиби, биринчи кесе сунган жигиттин колунан аларында, аты ойдолой бергенде, ат карагандар, эки тараптан жылоодон кармап, атты тынчытууга алектеништи. Хан даамга ээрдин тийгизе таткан болуп, кайра узатты. Шыпылдаган эки жигит, элпек баштарын ийе, кетенчиктешти.

Хан ээриндерин аарчыган боло, ээрге оңдоно отуруп, маңдайында турган аксакалдарга карай үн каты.

-Мени урматтап тосуп алган Ош элинин өкүлдөрү саламыңарды кабыл алам. Силердин даам таттырган меймандостугуңарга ыраазылык билдирем. Мен силерге жамандык кылбайм. Жериңерди басып алууга аракеттенип жаткан Аблез хан менен Иманкул хан баш болгон өзбектерге каршы аттанып келдим. Менин ата-бубам ээлеген жерлерди басып алганы үчүн өзбектер менин душманым. Алар менен келише албайм.

Мен эсепсиз колум менен алыскы жолду басып келдим. Бир канча күнгө колумду эс алдырган соң, андан ары өтүп кетем. Кана, жол баштагыла!-деди

Тосуп алууга келген оштуктар, кайра кайтышты.

-Абдылда хандын айтканындай Аблез хан менен Иманкул хан бизге, кыргыз жерине коркунуч келтирип турары анык. Хан калп айтпайт. Мейли, баштаган, колу эс алсын. Ызаттап, кайра узаталы – деп бир бүтүмгө келишкен оштуктар шаардын төрт тараптагы дарбазаларын кенен ачып беришти.

Абдылда хандын колу акырын сойлогон жыландай болуп, кенен ачылган дарбазалар аркылуу шаарга киришти. Заматта көчөлөр жык-жыйма толо түштү. Алыскы жолду басып, чапчап-чаалыккан кол туш келди жерге жайгашышты. Көчөдө батпаган аттарын үйлөргө алып кирип байлашты. Өздөрүнө тамак, аттарына жем-чөп талап кылышып, болгонуна канаат кылышпады. Жергиликтүүлөр аларга тапканын тартуулашса да, аз көрүндү.

-Тапкыла!-деп мажбурлашты. Эки ортодо чыр башталып, мушташка айланды. Мушташтан кийин курал көтөрүү, талап-тоноо уланды. Ыр-чыр. Каршылыктан кан төгүлдү. Тополоңдо «меймандар» колдоруна эмне тийсе да, эмне көрүнсө да алып жатышты. Жакшы буюм, мал-мүлк зордук-зомбулук менен тартылып алынды. Көпчүлүктүн талоонуна туруштук бере алышпай, жаны ачышкандар каршылык көрсөтүшүп, үйлөрдөн чыккан чабыш, көчөлөргө уланып кетти. Талоончулар алгандан калган идиш аяк, буюмдарды талкалашты, каракталган үйлөргө өрт коюшту. Каршылык кылгандарга курал жумшалды. Жандары ачынганда жергиликтүүлөр колдоруна эмне тийсе да, аларды көздөй ыргытышып, эрегиштин кесепетинен заматта кызыл-жаян кыргын токтободу. /йлөрдү өрттөлүп, буюмдары талоонго алынгандардын аман калгандары качып, бекиништи. Ош шаары ойрондолуп, үйлөрдө, көчөлөрдө өлгөн-житкендерди көмгөндөр болбоду. Өлгөндөрдөн, төгүлгөн кандан Оштун ичи булганып, илинерлик эч нерсе кылбаганда талоончулар шаардын жанындагы Керме Тоонун

колтугундагы кенен талаага барышып, чатырларын тигип, жатып калышты.

Калаанын кан байранга калганын билген, уккан тоолуктар бири-бирине кабар айттырышты. Шашылыш кол куроо башталды. Алыскы жууктагыларга чабагандар чаптырылып, кат-кабар жөнөтүлдү.

Хандын колу оштуктарды талап-тоноогондоруна карк боло «кандуу булоон» үстүндө бел чечип, бейкапар жатышты. Эки-үч күн мурун Кашкардан бери ашуу белестерде, капчыгайлардын өйдө-ылдыйында, тар кыя-тайгак мөңгүлөрүндө

-Алда кудайлап, араң өтүшүп, ташкындаган сууларга агып, көчкү, кар күрткүлөргө тыгылып, ары татаал, ары узак жолду басышып, ат үстүндө жанчылып калган денелерин жай алдырышып, козголууга көңүлдөрү келбей, кармаган куралдарын миңген аттарын көңүлдөрүнөн чыгарышты. Чын-чынына келгенде, ат үстүндө көп жүрбөгөнгө татаал ашуу, тар жолдор ого эле түйшүк эле. Себеби жалама бет, тик ашууларды өйдөлөгөн сайын, эгиз жердин түтөгү куйукан аттар эмес, ат үстүндө бараткан адамдардын кан басымдары көтөрүлүп, мурундарынан кан кетти.

Көңүлү айланып, кускусу келгендей башы ооруп, күшүлдөп-бышылдап, өйдөдө кыйналып, таталап бараткан аттан суюлуп, түшүп калбастын аракетинде, колундагы куралын эптеп кармап айласыз ашууга чейин атынын мойнун кучактайт. Ал эми чыңк ылдыйыштагы суюлма жолдо, чалкалап, атынын куюшканын кармоого айласыз болуп, көптөн калбас аракетинде, эптеп чыдап келет. Кыялдарында, барчу жерге качан жетебиз деген үмүт менен жашап, эртеңки өмүр эстеринен чыгат. Качан гана, татаал жолдор артта калып, түзөңгө келишкенде гана эртеңки жашоо, өмүр, кыялдарына келген жортуулчулар, калааны талагандан кийинки тыныгуудан сугалактык менен умтулган көр дүйнөнүн барк-баасы эстен чыгып, түз жерде жатып эс алуунун ырахатына батып, ой-санаасы жок мемирешти.

Кол ичинде да, ар кылы бар. Кээлери кече күнү калааны талап-таноодон, тартып алган буюмдарын коюн-кончторуна катса. Кээлери ар жерде карды жарылып, союлуп жаткан эттен жула качып келген. Эки ташты калай коюп, от жагып, шишке сайган эттерин шишкебек кыла жеп отурушат. Лаулдаган жалынга, кызарган чокко эттин майы ээрип-таамп, айлананы түтүн оройт, кайда караба эриген майдын, күйгөн теринин куйкум жыты жыттанат. Колдун көбү уйкуда, көбү «кандуу булоон» тамак менен алек. Коркунуч эстен

чыгып, калың кол, эки тоонун коктусунда өлүү-тирүү ортосунда бейкапар жатат.

XXX

Калаанын бир өңүрүн Ак-Буура дарыясы тенчип агат. Анын маңдайлашкан жээктери каптаган тал-теректүү жыш токой. Эки тарабы жарчалуу болсо да, караган-чер, сары камышка аралашып, бөртүк-бөртүк болгон талааларга созулуп кетет. Ар жерден чыкан булак, агын суулар арбын. Бири-бирине туташкан көлчүктөрдүн айланасы сазга айланып, өлөңдүү камыш өрөөндү капатаган. Ар түрдүү айбанаттар, азылуу жырткычтардан тартып, кайберендердин түрлөрү жашайт. Кышы-жайын канаттуу куштар байырлап, таңдан-кечке созулган чуру-чуу. Токойду ээлеген илбесиндер кандай азыктанып жашаары жергиликтүүлөргө маалым. Кээ-кээде гана жолборс-карышкыр, сүлөөсүн өңдүү азылуу жырткычтар ары-бери каттагандардын көздөрүнө чалдыга калат. Көпчүлүк сестенишип, жалгыз-жарымда токой аралап жүрүшпөйт. Зарыгы барлар гана ары-бери катташканда, шерик таап, же ат улоочон топтошуп жүрүшкөндүктөн дайындуу жерлерде гана адам каттаган жолдун тому, дөңсөлөрдү жондоп кетет. Кээде жамгырлуу жайда, кышкы карда адамдар каттаган жолдун нугу уйпаланган камыштан, же улуу кардан улам, сырттан келген жоолочуларга билинбей да калат.

Каптап келген душман жол тандабай, калаанын ортосундагы тоону карай жүргөндүктөн, көп аттын туягына басырылган талаанын бети тытылып, суу акпаган көлчөктөр, өлөңдүү камыш баскан саздактар баткак-ылайга батып, алыстан кең талааны жара коңторулган айдоо сыяктанып көрүнөт. Айгайлап курал көтөрүп, бетме-бет чыкпаган каршылаштарды кезиктирбеген душман колу, калаанын элин талоо менен алек. Баскынчылардын келгенин эми гана туюп, бирине-бири кабар берип, чогулуунун аракетиндеги жергиликтүүлөр, душман колу байкабаган токой ичинде. Аларга, алыстагыларга кабар берүүчү жолдордун нугу дайын. Шашылыш жыйналгандар,ортолуктагы мерчемдүү жайды тандашкан. Кабардан улам, аргымактарын демиктере, келип жаткандардын саны арбый берди.

-Баарынын келишин күтүп, убакытты коротпойлу. Бир пикирге келип, тезирээк аттаналы?

-Алыстагыларга кабар жетсе, ат моюндап жүрүп, келип калышаар. Аярлайлы?

-Кабар жеткени токтоп тура албайт. Келгенибиз аттана

берели?

-Жоо келген-келбегенге карамак беле. Алиге чейин кылчуусун кылып, кыл жип менен бууп, калаадагыларды ойрондоп салды.

-Калың караан менен аттанбасак, көп колго кантип түтөбүз?

-«Кантип түтөбүз» деген да кеппи. Кара таанга тийген шумкардай, кайсап кирсек, канчалаганы болсо да, качпаганын көрөйүн.

-Эсиңерде бардыр чагатайчылар калкка эмнелерди гана кылбады. Айрыкча Сейит хан Жаркен хандыгын, Мансур хан Турпан хандыгын түптөгөндөн тартып алардын чыккынчылыгы, баскынчылыгы токтободу го? Ата-бала Сейит хан менен Абдырашит хан бир нече ирет жерибизге бастырып киришип, ого эле бутап-тоноп, жерибизди тепсендиге айландырышабы? Элди тынч жашатпады. Кийин ордо Абдыкерим хандан бери алсыздай баштады. Не дегенде да Жаркен хандыгында өнбөс дообуз, кетпес кегибиз, көкөйгө тийген өчүбүз бар.

-Баатырлар, абайлайлы. Шашкан шайтандын иши. Көп жоону жеңил көрбөйлү. Калаанын ичинен аларды эптеп чыгарып алсак, чабуулга ыңгай туулат. Кең талаада шумкардай тийип-качып, эстерин эки кылабыз деп алдын келгендер кыйкырып жатышты.

-Кадырман калк! Бийлер, аксакалдар жана эр жүрөк баатырлар! Ата конушубуздун ордосу болгон Ош калаабыз бүлгүнгө түштү. Душман капылеттен басып алды. Касиеттүү калаабыз талоонго алынып, кансырап турат. Мыкаачылардын кесепетинен тоонун бети канча карарып, Ак-Буура дарыясы канга боелуп акты. Мал-мүлк таланып тонолуп үйлөр өрттөнүп кары жаш катын балдар өлтүрүлүп аман калгандарды туткундады. Жырткычытк менен элге кордук көрсөткөн Жаркен ханы өзү башиап келген колунан эч кандай ырайым күтүүгү болбойт. Кандын кошундары керме ттоонун этегин ээлеп олжо менен алек Азап тарткан туугандарыбызды көрүп билип туруп чадабайбыз. Кабар жээтери менен тез арада колуңарга курал алып, бизге кошулгула

Баарыбыз биригип туткунга алынгандарды аман-эсен бошотуп, Абдылда хандын кошундарын ата-бабаларыбыздын жеринен кууп чыгалы. Кайсы күнү канга кол менен келээриңерди кабар бергиле. Чабанчылар аркылуу тайланышып туралы деген кат Паргана өрөөнүнүн ар кайсы тарабына кеткен болчу.

Сакалы куудай агарса да, баскан-турган кыймылы тың, алы-күчүнөн тайый элек карыя, колун көтөрө маңдайындагыларга тигиле, пикирин айтууга камынды. Тасырыйган бетинде көп деле

бырышы жок. Кан тээп, кызарып турган бетин сылай, өзүн токтоо кармап, сөз баштады.

Душманды кечирүүгө болбойт. Тынч жаткан элге тийишип, талап-тоноп, кыргын салган жырткычтарды айдап чыгуунун айласын кылып, чогулуп жатабыз. Ачууга алдырып, ар кимиң, ар кыл кепти айта бербегиле! Бир адамдын сөзүн угалы. Бар бүтүмгө келип, ыңгайлуу жолун тандайлы.

- Жолу бирөө эле. -Ким качан келет? деп күтүп отурбай, аттаналы!

-Ооба. Кабар жете электерди күтүп отурсак, душманга уттурабыз

-Бизге бир гана, кан берип, жан алган кармаш калды

-Ырас айтасыңар. Душманды көп дебейли, азамат жигиттердин жаны бек дейли.

-Аттаналы! Аттаналы! деп чогулгандар чуулдаша, кыйкырышты

-Айланайын аламан! «Карынын сөзүн капка сал» дейт элибиз, Абам туура айтып жатат. Бир адамдын сөзүн укпай, чар-жайыт чабуулга чыксак, душмандын талоонунда калабыз. Алыскы-жуукка берген кабарыбыздан жооп келсе, кимдердин, кайсыл топтордун келээри бизге дайын болот. Баарын бир жайга чогултбай, ар тараптан кол салганыбыз оң болуп турат.

-Баарын айтканың жөндүү. Бирок, сугалактанган, ач көздөр көптүгүнө ишенип, «коркунучта калабыз» деп ойлоп да коюшпай, олжо менен алек болуп жатышат. Ушундай шартты пайдаланып, чогулганыбыз чабуулга кирише бербейлиби?

-Туура, туура

-Душман «кандуу булоон» болуп, жатканда камынтпай басалы.

-Убакытты уттурбай, Аттаналы

Аттаналы, аттаналы!

-Азаматтар алабармандык кылбагыла. Кайра тартпас, каны кызуу жаштарсыңар. Бир чабуул менен майданга кирип кете бересиңер. Бирок, ортодо калсаңар көп кол кумурска талагандай жабыла киришсе, бөөдө чыгымдар болуп каласыңар. Айбатыңарга бали! Чабуулуңарды толуктаган күч, сүрөөн керек. Бир жакту ойлобогула. Карчылдашкан кармаш бүгүнкү күн менин эле бүтүп калбайт. Канчага уланаарын ким билет? Андан көрө алыскыларга кабардын жетишин, кайсыл баатыр, канча кол менен келээрин билгиле. Бүгүн кол салып, душман чочутуп алсаңар, алар даярдык көрүп алышат. Бүгүн эртең билинбестин аракеттенди болгула деген Адыл карыянын кенеши баарына жөндүү болду.

Кабарсыз тиргилик менен алек болгон кыргыздарга жамандык чагылгандай тез жетип, уккандар сестеништи. Эл башчылар айыл-айылга кабар айттырып камынганча, чабанчылар кайрылып жете келишти. Ош аймагынын айлана-тегерегинде жашаган уруу башчылары, бийлери аксакалдары жана баатырлары топтолгон колду баштышып, шашылыш жоого аттанышты. Жер шартын жакшы билишкен жергиликтүүлөр жоонун калабаны эстен чыгарышып тапкандарын талап жеп, талыкшыган денелерин жазып, бей кам жаткан чакты, пайдаланып калмакка, бири-бирине шашыла ат чаптырып, жер өңүтүнө карай, топтолгон колду бөлүүнү туура табышты.

Калаанын чыгыш тарабында жашаган он канаттагы кыргыз уруулары, Ноокат, Кара-Суу, Ош тараптан, күн батыш тараптагы аймактарда турушкан сол канаттагылар Коргон-Төбө, Булак-Башы, Араван тарабынан каптап, киришмек болушту. Аларга бериллүүчү белги бүтүндөй Ош аймагына айкын көрүнгөн Керме-Тоонун чокусунда жайгашмак. Качан гана эки тарап мерчемдүү жайларга жетип топтолушканда, от жагып, бири бирине белги беришет. Аларды байкаган кКерме-Тоонун чокусундагылар алоолонто от жагышканда, эки тараптагылар бир мезгилде чабуулга аттанышат.
Топтошкон кошуундун алдындагы тапшырма өтө оор. Элге ишенимдүү жалаң самодой болгон каруу күчкө толгон, кайра тартпас чабандес жигиттер чабуулду башташат. Алардын артынан кексесине айланган, орто куракка баргандар коштойт. Алардан кийин улуу курактагылар, өспүрүм, боз уландар дем бере, айгай салышып сүрөөнгө алышат.

-Атыңардан айланайын азаматтар? Баарыбыздын тилегибиз бир. Жабыла жоого каршы, казатка аттанып жатабыз. Бизге аталарыбыздын эрдиктери, жалтанбастыгы мураска калган. Эр азамат кан майданда сыналчу кез эми келди. Кимдин ким экени, ушундайда билинет.

Эл-жер, балдарыбыздын эртеңки күндөрүнө, эркиндигин, баш коюп турабыз Кармаш биз үчүн адилеттүү. Ата-бабаларыбыздын, баатыр Манас атабыздын арбактары колдоп, баарыбызга күч-кубат берсин. Урушта үстөмдүктү колго алып, жеңиштин желегин көтө-рөлү. Урпактарыбыздын эртеңи үчүн жан аябайлы. Жараткан өзү жар болсун!-деген Бөкөй бийдин айткандары ар бир кыргыз жоокеринин жүрөгүнөн түнөк тапты эле.

-Жаркендеги кооптуу абал, жакын ортодо жүрүшкө камылга көрүлүп жатканы боюнча кабар Баргы бий менен Бөрү бийге

маалым болчу. Аны Жаркен, Кашкар аймактарындагы ордо ишине катышып жүргөн, кыргыз бийлери, тымызын жиберишкен эле.

«Урматтуу бийлер, аксакалдар! Кыргыздын Ата Журту, жылуу уясы болгон, байыркы Ош калаасын көздөй, Абдылда хандын жүрүшү башталганы турат. Ал бул сырын, купуя сактап эч кимге билдире да элек. Бирок, кошуундарын бышыктап алдыртадан даярдык көрүп жатышы сезилүүдө. Куу хан ойлогон оюн, ички сырын эч кимге айтпайт. Айткан убакта да аны заматта, башкалар туя элегинде, ишке ашырууну адатка айландырган.

Өзүңөргө маалым Жаркен ханынын эсепсиз көп кошуну менен мал-дүнүйөнү талап-тоногон мыкаачылыгы илгертен болуп келген Ош калаасынын көркөм көчөлөрүн булгап, өрттөп, элди чыркыратып туткунга алышы анын негизги максаты. Бул жүрүшүндө ал кандай максатты багыт алаары бизге караңгы. Анын «элге кайрым кылып, тынчтыгын коргойм. Алыскы жолду басып, силер менен күрөшкөнү, абалыңарды билгени келдим» деген жылуу сөздөрдү айтып, кошууну жайгашканга чейин өзүн такыба, соопкер көрсөткөн пейили да бар. Элдин кайгы-муң, ыйынан коркпойт. Ага жаны ачыбайт дагы.

Биз калкыбыз тонолуп, калаабыз талкаланышын каалабайбыз. Не болсо да алдыртадан мыктап даярдык көрүп, элди сак болууга эскертиңиздер. Жаш жигиттерди алдыртадан курал менен камсыз кылып, даярдык көрүңүздөр. Сиздердин аракетиңиздер эч кимге билинбесин.

Узун кулактар көп. Арада эч кандай сөз болбосун!

Алла таала кыргыз элине ыйман, ынсап тууганчылык мээрим берсин.»

Атайы жиберилген кат Ош аймагындагы аттуу-баштуу бийлер, аксакалдар арасында айтылып, тымызын даярдыктар көрүлүп келген. Колунда бар, малдуу адамдар каржыдан жардамдашып, ар айылдардагы, уруулар арасындагы, баатырларга «согуш оюнун» жаш жигиттерге үйрөтүүгө көрсөтмөлөр болуп, аттары каттоого алынган болчу. Абдылда хандын баскынчылык жүрүшү баары бир боloорун туйган Оштук бийлер менен аксакалдар камдуу болушса да, Жаркен ханынын жылдын кайсыл мезгиленде жолго аттанаары белгисиз эле.

Жаркендеги ордо жыйынында Абдылда хан казатка аттанаарын айтаары менен өзү баш болуп жолго чыгышы, бир калаа менен экинчи калаанын ортосундагы негизги жолдорго көзөмөл коюшунан улам, Ошко кабар жөнөтүлбөдү. Кабар жөнөтүлгөн чакта да, чапкынчылардын жолун тосуп, каршылык

көрсөтүүдө элдин баары кыргынга алынмак. Жаркен хандыгынын аймагындагы кыргыздар да жөн калбай чабылмак.

Канткенде да, мурдатан жиберилген кабар өз милдетин өтөдү. Ош аймагындагы аттуу-баштуу бийлер, аксакалдар тымызын даярдыктарды көрүшүп, «согуш өнөрүнө» машыктыруу колдоого алынды. Бир жаман жери Ош калаасынын таланып-тонолушу, өрттөлүшү, калаалыктардын кыргынга алынышы болду. Согуштун иши согуш. Согуш өлүм-жетимсиз, кайгы-капасыз болбойт.
Баскынчылардын жамандыгынан улам, элдин биримдиги, кыргыз жигиттеринин согушчандыгы айкындалды. Эл ичиндеги баатырлардын, кимдиги билинди. Анжиан-Аксы аймактарындагы кыргыздын оң-солун, ичкилик тобун түзгөн уруулардын биримдиги айкындалды.

Оштуктарды алдоо менен чыгым тартпай, аз эле убакыт аралыгында калааны тоноп алуу, хандын колу чексиз кубанычка бөлөдү. Чаалыккан улоолорун тоюндуруп, колдогулар эс алсын деген ойдогу баш аскер башы, артынан келүүчү колду күтүп бей кам эле. Капылеттен, күтүрөгөн аттардын туяктарынын чуру-чуу түшкөн чабуулчулардын үндөрү чартылдаган чагылгандай катуу чыгып, капарсыз жаткан колду сестентти.

Алыскы аралыкта болгондо да, тоонун татаал шартында, эчен ашуулардан, ашуу ашып өйдөдө өмөктөй көтөрүлүп, чыңк ылдыйда чаначтай силкилдеп, кайберендер гана жүргөн тик беттерден, ылдый түшүп, чубалжыган тар кыя, тайгак аска-зоолордогу ат туягы араң баткан жалгыз аяк жол менен эптеп өтүшүп, кар көчкү, күрткүлөргө тыгылып, кыян-селден кечүү таппай, алда кудайлап араң келген колду тыныктырбай, кол башчылар хандын буйругу менен кошуундагылардын алдыңкы сабындагыларды Ош калаасы талоонго алдырып, заматта эле тоноп-талап бүтүшкөн эле. Табылгаларына тоюп, ныксырап жаткан жырткычтардай болгон хандын колу Керме-Тоонун жайык талаасына жайгашып, узак, ары татаал жол басып ачка, чарчаган улоолорун бош кое беришип, өздөрүнүн уюган белдерин, ат үстүндө жанчылып, талыкшыган денелерин жазмакка үстүндөгү кийимдерин чечип ыргытышып, бейкам жатышкан болчу.

Көп чуудан улам, ооруксуна салмактанган денелерин козгоп, баштарын көтөргүчө болбой, аргымактарын атырылта чаап келе жаткан чабандестерди көрүштү. Шашыла, ар жерде чачылта таштаган кийимдери менен куралдарын алгыча болбой, “чуп-чуп” эте, атылган жебелер, ышкыра келип, денелерге сайылып, көбүн

ордуларынан тургузбады.

Айгай салган атчандар канаттуу куштай шуулдаган ылдамдык менен эми гана козголо баштаган жоо колун, бир топко кечип барышып куралдарын колго алууга үлгүрүп калгандардын каршылыктарына туш келишти. Ат үстүндөгүлөр жөөлөрдү коебу. Күүлөнгөн бойдон келишип, кылычтарын каршы-терши шилтеп жатышты. Калкандарын тосо, кылыч шилтөөгө үлгүргөндөрдү ат үстүндөгүлөр эңкейе шылый чаап, көп койго тийген карышкырдай мойсоп кириште. Чечкен кийимдерин, койгон куралдарын алууга үлгүрбөй алдастагандар, атчандардын курмандыгына айланышаарын билишип, жан алакетке түшө арткы тарапка сүрдүгө качышып, алдыга умтулган шериктеринин жолуна тоскоол болушту.

Кол башчылардын бакырыгы менен колдоруна куралдарын алып, өздөрүн көздөй куралсыз качып, тыгылган шериктеринин арасынан жылууга жол таппай, умтулуп жатышты. Душмандын жаткан колун камынтпай басып, чоң-тополоңго салганга шыктанган кыргыздар, көп колдон айбыкпай кылычтарын шилтеп чамынышты. Курал тийген денелерден кан чачырап аттар, ат үстүндө жүргөн жоокерлердин денелери канга чылангандай боелду. Аба кан жыттанып, жарадарлардын онтогонуна, көпчүлүктү аралай келип кысылып, чарчан аттардын жөткүрүгү кошул-ташыл болуп, майдан талаасы кыйкырык-чууга, кызыл-жаян канга толду. Өлгөн денелерге чалынган аттар мүдүрүлүп, курал тийген жарадарлар тебелендиде калды.

Чабыш улам созулуп баратты. Капылеттен чыккан чуудан сестенип алдастагандар акылдарын токтото, өздөрүнө келишип, атчандарга жабылышты. Жоо колу көптүк кылып, бир атчанга үчөө-төртө асылып оштуктарды шаштысын ала баштады. Ат үстүндө тынбай кылыч шилтеп, туш келгенин найзага алып, кыргыздар чарчагандарын душманга билгизбей бири-бирине жардамга келип жатышты. Чабуулдагыларга жетүүнүн аракетинде сүрдүгүшө умтулган көп кол, тар жайда, биринин жолун бири тосуп кол башчылардын шыкай айдоосунан улам, үлгүргөнү, аттарын теминише умтулушту. Эртеден бери үстөмдүгүн бербеген кыргыздардын аттары да өздөрү да чаалыккан эле.

-Көп колдун ортосунда калбайлы деген ой менен бири-бирине белги беришип, чегине башташты. Ан сайын душман өкүмдүгүн көрсөтүшүнөн, арткылардын умтулуусунан улам ортолук коюлана берди. Аз сандагы кыргыздар майдандан чыгып кетүүнүн аракетинде ат моюндарын бура баштаган чакта, батыш тараптан

чуу көтөрүлүп, чабышуу күч алып кетти. Көрсө, сол канаттагылар Анжиан тараптан жетип келүүгө үлгүрүшкөн эле. Душман колу эки ортодо калды. Абал Абдылда ханга жеткирилип, душман суурулуп чыгып кетүүгө жол таппай калышты. Чабыш кайрадан кызыды. Бири–бирин билип, көргөн кыргыздар ортодогу жоону улам кысып, майдан талаасында чаң көтөрүлө.

Душман өлөөр-тирилерине карабай чабышып, хан баш болгон обозгер-амирлерин калкалап, бир тарапка алып чыгуунун аракетинде болушту. Оң канат кыргыздардын чарчап-чаалыккандарынан пайдаланышып, хан тобун эптеп чыгарып кетүүгө үлгүрүштү. Башчыларынын качканын сезген жоо колу чабуулдарын сееддетишип, өздөрү да чегинүүнүн аракетинде болушту. Алардын артынан чабуулга өткөндөр ээрчий сүрүлүштү.

XXX

-Ош калаасын талап, кыргыздардын жүрөгүнө кол салдык. Эми аксакал, бийлери баш болуп, алдыма келишет-деген ой менен көп колуна ишенип Абдылда хан калаадан алыстабай, Керме-Тоонун колтугунда, коңулга кирген ажыдардай болуп, бейкам жаткан болчу.

-Биз ажал чачкан ажыдарды, коңулдан чыгаруу үчүн бир тарабынан чабуул жасайбыз. Коңулдагы ажыдар тоготпой башын көтөрүп, тосуп алат. Биз менен алек болгон учурда, сол канаттагы туугандар арка тарабынан чабуул коюп, куйругун кыркканда, ал кайрылууга аргасыз колу бөлүнөт. Улам шаштысын алып, «Коңулдан» бир тарапка сойлоп чыгууга аргасыз кылабыз деген оң канаттагы Тооке бий баш болгон кыргыздардын кеңеши оңтойлуу болду.

-Качкан жоону катын алат-дегендей тегизден сүрүп, тоо таянтып алсак, аркасынан оң-сол тарабынан, капылеттен чыга калып, аргасын кетирет элек.

Тоодон тоого, кыр-кырдан кете алышпайт. Эгер тоолорго жармашышса, кайберендерди сүрүп, үркүткөндөй чачылтып, бирден теребиз. Же болбосо, качкандар тобун бузбай сүрүлүп, даңги кокту-колоттор менен жүрүүгө аргасыз болушат деген Сабай бий баш болгон жергиликтүүлөрдүн аракети ийгиликке жол ачып берди.

Хан баштаган топ, өрттөлүп, таланган Ош калаасын жандай өтүп, Ак-Буура дарыясын көздөй жөнөдү. Көпчүлүк кол, дарыянын жээгиндеги бийик кемерден жол талаша туруп калды. Арттан сүрүлүп келгендерден улам, жол таппай кысылгандар, жээктен учуп,

аттары менен кулады. Аңгыча кыргыздар жете келишип, көп койго тийген карышкырдай найза сунуп кылыч шилтеп жатышты. Качууга баш коюп, аптыккан жоо ок-дары, азык-оокат, жем-кашек жүктөгөн кирелерине кароого буямалары келбеди.

Абдылда ханды тосмолоп жүрүшүп дарыядан өткөрүшкөн соң, жоо сүрүп келе жаткан жергиликтүүлөрдү аркы жээкке чыгарбай, алдын тосмок болушту. Ат үстүндө кылычташуу эки жээктин өңүрүндө башталып, сүрүп келгендер алдыңкыларга жетиш үчүн аттарын темине, умтулуп жатышты. Улам аркы жээкке чыгарбай, кылыч шилтеген жоо колу кыргыздардын саны аз экенин байкашып, ат тизгиндерин бура, артка кайрылышты. Көп колду жээкке чыгарбай, утурлай келишип карчылдашкан кармаш, суу ичинде жүрдү. Курал тийип, ат үстүнөн кулаган адам өлүгү менен жарадарлардын денеси төмөн жакта чабышып жаткандарга торолуп, дарыя тосмолонуп, бөгөлгөн көл канга чыланды.

–Аз колду заматта уйпалап, суу ичинде жок кылабыз. Жээкке жеткирбей талоонго алабыз-деген ойдогу жоо колу көптүгүнө салып жабыла киришти. Керме-Тоонун батыш тарабынан чабуулга өткөн кыргыздар үлгүрө келип калышты. Дарыянын баш тарабы менен аягынан кечип өтүп, качкан жоонун кабыргасынан кол салууга умтулган кыргыз колу, жээкте комоктошо согушуп жаткандарга ат коюшту. Суу ичинде каршылаштары менен алектенип жаткандар, аларды туюшкан жок. Качан гана жээктегилерди торой чаап, куушура келип, ат коюшканда, курчоодо калуудан сестенишип, качууга аргасыз болушту. Кийинки келген кыргыз колу суу ичиндеги кармашып жаткандарды, жээкке жеткирбей жок кылышты.

ХХХ

Жоо колу кымкуутка түшкөн тополоңдо өз бөлүктөрүнөн ажырап, бириндеп качып, өз баштарын аман алып калуунун аракетинде болушту. Бирин-бири өң-түсү, кийимдеринен гана таанышпаса, ар кими ар калаадан келип, ысымдарын да билишпейт эле. Кайберендей жалгыздап качкандар оштуктардын бүйүрүн кызытты. Аягы жеңил аттарын чаап барышып, ителги таанга тийгендей бириндете ат үстүнөн кулатып жатышты. Оштун кең талаасында, коркунучка кабылышып, чачылган жоо колу куугунчулардан кутула алышкан жок. Кыргыздар бириндеп, качкандар менен алек болуп жатканда, алыска барып токтогон Абдылда хандын жан-жөөкөрлөрү өз алдынча качып бараткандарды топтошуп, кошуундарын толуктап жатышты. Топтошкон караандар

өз бөлүктөрүн издеп жүрүштү. Чачырап качкандар абат болмок беле. Көбү алдасташып, куралы калганына карабай качып, ат үстүндө жүргөн бир пенде болуп, калды.

Жоо колунун жеңилүүсүнүн себеби өздөрүнөн болду. Кол кайры кылган каршылыктары болбогондуктан чыгым тартышпады. Убактылуу жеңиштерине эрденсиштиби, же ашуу-ашып узак жол басып, чаалыгып-чарчаган кол тыныгып алсын дештиби, ар бөлүктүн аскер башчылары баш-аякка созулган түзөңгө жолум үйлөрүн тиктиришип, Керме-Тоонун өңүрүндөгү талап алган буюмдарына карк болуп бей кам жатышты.Калаага жакын аймакты тоо тоскондуктан тоодон агылып келип жаткандардан кабарсыз болушту. Дал ошол жагдай, кошуундагылардын утулушуна себеп болду. Ары чукур, ары тоонун далдоосуна байырлагандар чогулуп жаткандарга маани беришпеди. Хандын кошуунун баш аскер башчылары бөтөн жердин шартын көңүлгө алышпады. Ачуу тийген күндүн табы ныксыратып, татаал жолдо эзилген денелерин жазып, эс алалы дешип, жаткан жерлеринен тургулары келишпеди. Ак карлуу тоолордун арасындагы жайлоолордо толуктар жашарын эске алышкан жок. Эске алышканда да, кыргыздар бир-эки күндүн аралыгында топтоло калаарына ишенишпейт эле. Ишенген чакта да;

-Жыйырма миңден ашкан куралдуу колго, аз кыргыздар чак келмек беле? Даап тийиштик кыла алышпайт-деген ойдо болушту.

Капылеттен боло калуучу коркунучка каршы, алдын ала чара көрүшпөдү. Кошуундагыларды бир жерге чогултай, ыңгайлуу, айлана-тегерек айкын көрүнө турган дөңсөлөргө жайгаштырууну, чабуулга өткөндө, же коргонууда жердин шартын пайдаланууну эске алышпады. Эске алган учурда да аны аткаруудан зеригишип, убактылуу жайгашып, колду аз болсо да, эс алдыруунун аракетинде Керме-Тоонун өңүрүн келишкен эле. Аскер башчыларынын тартипти талап кылбаганынан, чаалыккан кол барган жерде таалыкшыган денелерин жазып алмакка, куралдарын ыргытып, сырт кийимдерин чечип, ачуу тийген күндүн табына, ныксырап, баш көтөрүүдөн зеригип жатышкан болчу.

Чагылган «чарт» этип, капыстан эле күн, күркүрөгөндөй добуш чыгып, жакынкы эле жайдан «шоп» эте көрүнүп, куралдарын күнгө чагылта, селдей каптап кирген чабуулчулардын караандары бейкапар жаткандарды сестендирди. Эстерин жоготушуп, алапайларын таппай калышты. Мындай болот деп, эч кимиси ойлогон да эмес. Коркконго кош көрүнөт, коштоосу менен беш

көрүнөт болуп, заматта кыяндай чайкап кетет деген коркунучта, өз жандарын калкалоо менен алектенишип, куралдары эстерине келбеди.

Бир учурда үч тараптан басып кирген чабуулчулар, заматта жаткан жоону туруугa үлгүртпөй кайсап, илгерилей беришти. Күлүк аттардан күүсү ыңгыранып жаткандарын жарымана чейин токтолгон жок. Ач айкарын, куу сүрөөн чаржайыт тигилген жолум үйлөрдөн чочуй, баш бага бергендердин башын тумандатты. Кай тарабын карабасын сунулган найза, жалаңдаган кылыч, бүркүттөй шукшуурулган атчан чабендестер көрүнүп, далдаланууга паана табышпады. Көбүнө курал тийип суласа көбү күүлөнгөн аттардын тебелендисинде калып, камыштуу талаада суналган денелер толуп кетти. Баш көтөрүп колуна курал алгандар каршылык көрсөтүп жатышты. Атчандардын иши атчан да. Темине калышса, күүлөнгөн ат, алдыга умтулуп каршысындагыга оморлоп жете барат. Ныксырап жаткандар колун көтөрүп, ат үстүндөгүнү чапкыча, атчан куралын бир шилтеп, аны жазганта катардан чыгарат. Бала кезден ат үстүндө торолгон чабандес ары шамдагай, ары өткүр кыймылдайт.

Каршылык кылгандардын саны арбын. Жабыла ат үстүндөгүгө асылышып, ар тараптан кол салып жатышты. Канчалык каршылыкка учураса да булкунган күлүк үстүндөгү чабандес, каршы-терши куралып шилтеп, көп колду суу кечкендей кечип, бири-бирине дем берише, айгай салып, чарчап-чаалыккандарына карабай теминишет. Күйүккөн аттары да өпкө кага бышкырыша, кыймылдары оорлогонун сезгендер, көптүн арасынан суурулуп чыгуу аракетинде, бири-бирине белги бере баштаган чакта, батыш тараптан чыккан чуу улам айкын угулуп, чаалыккандарга дем берди.

Жаңы каптап кирген күчтөн улам, жоонун колу кача баштаганы билинди. Эки тараптан чыккан калың чуу, тополоңду сезген Абдылда хандын тандалган жан сакчылары, курчоодо калбоонун аракетинде, өздөрү келген тарапка, шашыла жылмак болуп, орун которуп жаткан учурда, ар бөлүмдүн аскер башчылары, аларды аракетине карай, жоокерлерине белги беришти. Заматта айкаш сээлдеп, жоо колу топ -тобу менен майдан талаасынан чыгып бараткандарды ээрчишти. Мурда чыгыштан кирип, согушуп жаткандарга, кийинчерээк батыштан чабуул койгондор демөөр болду. Эки тараптын чабуулунан душман сестенди. Курчоодо калуудан коркушуп, ортолуктан чыгып кетүүгө жол издешти. Мурунку оштуктардын чабуулу сээлдеп, чаалыккандары билине баштаганын

сезген жоо колу, бошоң тарапка сүрүлүшүп, канчалык каршылыктын күчөгөнүнө карабай, эптеп жылчыктан чыгып кетүүнүн аракетинде жандарын аяшпады. Анын үстүнө ордонун жалаң обозгер-амирлери, найып, мансаптуулары каршылык көрсөткөндөргө аралашпай ортодо калышкан эле. Алар хандын тандамал жан сакчыларынын жылып баратышканын билишип, жалаң күчтүү деп, машыгуудан тандалып алынган бөлүктүн жоокерлерин өздөрүнүн айланасына чогултушуп, коргоонууну уюштурушкан болчу.

Хандын аркасынан тандалган жоокерлердин коштоосу менен ордо обозгерлер, амирлери, жалаң мансаптуулар мурдагы келген тараптарына жылып, Ак-Буура дарыясынын боюна келип, суудан өтө башташкан. Жүрүшкө атайын кол башчылыкка бекитилген Кашкар хан найыбы Жолборс султан, Кашкар акими Субанкулубек, Жаңышаар акими, мырза Сатыбектер дарыянын чыгыш тарабына өтүп, алышкан соң, кармаштын жүрүшүн талдап, кең жайыкта согушту улантууну ойлошкон. Бирок, өздөрүнүн артынан шашыла ээрчип, чегинип келаткан колду көрүшүп, кыргыздардын колу сан жагынан да, күч жагынан да кармашта өктөм экендигин билишип, сүрүлө качкан өздөрүнүн колун токтотууга буйрук беришти.

Дарыянын жээгинде кечүүнүн талашка түшүүсү, суу ичиндеги кармаштын татаалданышы, андан кийинки жээке куугунчуларды чыгарбоого болгон аракеттер аларга улам кабарланып турду. Акырында Ак-Буура дарыясынын баш тарабынан, экинчиси төмөнкү агымынан кечип өтүп, жоо колун тосууга болгон оштуктардын кармашы аларды сестентти. Кандай болсо да, чегингендерди топтотуп, мурдагы бөлүктөрүнө топтоп, кармашты улантууну чечишти. Жүрүшкө жооптуу болуп бекитилген; ортодо жүрөр бөлүктүн башчысы ордо обозгери, мырза Шаабек Хотен хан найыбы Ибраим султан, Хотен акими Мукаммед Мансур бектер, арткы бөлүктөгү Ак-Суу акими Абдисатарбек, Кучар акими мырза шаа Касымбек, Уч акими, мырза Кожок бектер сыяктуу ар бир жооптуу мансаптагылар өз жоокерлерин качырбай кармап, бир топко бириктирилиши талап калынды. Ар бир топтун, бөлүктүн башчылары бириндеп качкандарды утурлай чабышып, токтотууга, жан үрөп жатышты. Бирок, чачылып кеткендерди, алдастап качып бараткандарды токтотуу кыйын эле

Дарыянын жээгинен сүрүлө качкандар, кырандан ашкан соң, кең талаада чачылып кетишти. Бырынкар бөлүгүнөнбү же чырынкар бөлүгүнүн сарбазы экени, эстерине келбеди. Аралашып кетишти.

Аркадан сая түшкөн оштуктар бири-бирине улак ашыргандай кыйкырышып,

-Сай! Чап! Ур! Ал! Жайла! десе, экинчиси бир тараптагыларга:

-Алдын тос! Аянбай чап! Атасын тааныт! Кайрылып келгис кыл!-дешип, бири-бирине кубат берип жатышты.

-Баатыр! Бул жагын бизге кой? Кошо качканын коштой чабабыз! Бириндегенин бириктирбейбиз! Сен хандын аркасынан түш! дешип, Тооке менен Сабай жанаша чаап баратышып, алдыда бараткан Бакал баатырга кыйкырышат.

Аарынын уюгундай комоктошкон жоо колу, хан баш болгон обозгер, амирлерин ортого алышып, чуулганды жайдан алыстап кетүүнүн аракетинде, канчалык бөлүнө кагышса да, алардын артынан бөлүндү болгон бырынкар,чырынкар бөлүктөрдүн сарбаздары самсаалашып, жетиштин аракетинде.

Жан сакчылардын ортосундагы Абдылда хандын негизги бөлүгүн, атайын машыктырылган бөлүктүн сарбаздары ороп, тезди менен илгерилеп баратышты. Бирок аларды жандай чаап, алдын тороп, курчоого алууга аракеттенген кыргыздар алыстагыларга жебе, чалма узатып, жакындагыларды найза, кылычка алып, жол арбытышпады. Багытсыз качкан хандын кошууну улум буйтап качып, бийик дөңсөөгө барып капталышты. Канчалык жакындагандарга куралдарын кезеп, тосмолоп, найза уруп, кылыч чабышкан Жаркендиктерден чабандес баатырлар сестенишпеди. Ортодо калган жылаанды кумурска талагандай кылышып, күүлөнө келишип, ар тарабынан кыя чаап, чалма ыргытып, курал шилтеп уйпалашты.

Көп алдында торкашкасын демите барган баатыр сабы узун ай балтасын каршы-терши шилтеп, курал көтөргөндөрдү кулатып жатты. Аны жандай чаап, аркасынан үзүлбөгөн оштуктар Беш-Мойнокто шыкалган колду жиреп, топ жара алга улум-улам жылып, ортодогу ханга жетүүнүн аракетинде чамынышты. Каршы-терши өлүктөр сулап, кан менен тер аралаша коңурсуп жыт абага көтөрүлөт. Тайманбай кылыч шилтеп, курал көтөргөн жан сакчылардын катары улам суюлуп, ортодо турган хандын карааны айкын көрүндү. Анын мурдагыдай текеберденген түрү жок. Ал талпына-булкуна көптү жиреп, чамына-күүлөнгөн кыргыздар тарапты карабаска аракет кылса да, коркунуч жакындаган сайын, жал-жал тиктөөгө аргасыз болду. Тегерегинде куралдарын кезеп, шыкалган жан сакчыларынан бөлүнүп, качууга жол жок. Ысык кандын жыты жыттанып, ал тургай жакын турган жан сакчыларына

тийген куралдан улам кан чачырай баштаган чакта, хан жалтана, эч кандай арга таппай, Жардамга! деп кыйкырууга аргасыз болду.

Дал ошол убакта, асмандан түшө калгандай болуп, Абдылда хандын иниси Хотен найыбы Ибраим султан үч миңдей колун баштап, коктунун оозуна кирип келе калды. Ал ортолуктагы агасы көрөр замат, абалдын өтө татаалдашканын байкап, улам чамынып жаткан кыргыздардын аркасынан каптап, ат салып кирди. Көлөкөсүндөй ээрчиген анын колу, жандарын аябай, жетекчисинен карыш да калышпай, алдыга сүрдүгө жөнөштү. Бет маңдайдагылар менен кызуу алышып жаткан кыргыздар, заматта аркада пайда боло калган күчтөн улам, алагды боло калышты. Ошол чакта Ибраим султан алдындагыларды аттарынан ыргыта сайып, кылыч бирин да тирүү койбой, чаап, дембе-дем теминип, ханга жакындай берди. Ханга эми гана жетейин деп калган Бакал баатыр, өзүнө жанаша келип калган Ибраим султанды көрө кала, кайрылып кармаша кетти. Хандын жан сакчыларынын арасында жалгыз калган Бакалды көпчүлүк сарбаздар ортого ала, алга илгерилетпей бучкакташты.

Жабыла, алды-аркасынан найза сунуп, кылыч шилтеп талоонго алганын бар оюу жоонун башчысына жетүүгө болгон баатыр этибар кылбады. Хандын күйөрман иниси жалтанбай келип, курал сунушу баатырдын бүйүрүн кызытты. Тар жайда экөө тең, курал кезеп, бири-бири менен алек болушуп, калгандарды унутуп коюшту. Көпчүлүк тыгынга карабай, аттарын теминишип, аянбай чабышып жатышты. Ошол чакта хандын коркунучтуу абалда калганын билген жанаша бөлүктөгү моңолдор, жабалактай чаап келишип, Ибраим султандын колуна кошулушуп, коктунун ичин ээлеп алган кыргыздардын артынан жабылышты. Канчалык чабыш күчөсө да, көптүн иши көптүк кылып, моңолдор жан аябай хандын коргоп, ал жерден алып чыгып кетүүгө үлгүрүштү. Агасынын кутулганын билген Ибраим султан кармашканын токтотуп, ортого алган жан сакчыларын баштап алардын артынан ээрчий жөнөдү.

Кыргыздар жабыла Абдылда ханды жан аябай коргоп ала качкандардын артынан түшүштү. Жеткендерин кырып-терип, куугунга алышты. Бирок, канчалык каарданып, чамынышса да кыргыздардын колу улам суюлуп, саны азайган эле. Моңолдор канчалык талкаланышса да кармашты токтотушпады. Тандалган кошуундагылардын жарымдайы эле калгандай болду. Жоонун онуна бир кыргыз жоокери туура келгендей эле. Аны байкаган кыргыздар куугунду токтотушуп, бирөө атайлап чогулткандай бир жайга топтолушту.

- Кана, бүркүттөр куугунду улантабызбы? Жоону биротоло талкалоого кубатыбыз жетеби? деген суроону Бакал баатыр ортого койду.

- Куугунду улантсак да болот. Улантпасак да болот. Абдылда хан кыргыздардын ким экенин мойнуна албаска чарасы жок. Көңүлүнө көк таштай тийдик. Көксүнү сууп, колу талкаланды. Өзү азыраак гана колу менен качып кетип жатат. Ушул жагы да, ага жетишет деп ойлойм-деди Кожоке баатыр

-Өзүбүзгө келсек, жеңишти хандын колунан зомбулук менен жулуп алдык. Эң негизгиси, эл-жерибиз сак. Хандын ала жүргөн мүлкү, канчалаган ат-улоо, кызматкерлери тиги жерде курчоодо жылбай турат деп артын кылчая караган Алике кабагын бүркөп-

-Арабыздагы көптөгөн эр азаматтар, душман менен кармашта жан аяшпай, эрдик менен курман болушту. Аларды ардактап жерге берип, ариет-намысын кылууга кам көрөлү дешти көпчүлүк.

-Анжиан-Ош жергесинде эми, кудай буйруса коркунуч жок. Эркиндик-деп, эл-жер үчүн ак кызмат кылган эр-азаматтар, эч убакта кем болбогула. Мен баарынарга ыраазымын, айланайындарым-деди Карып карыя.

XXX

Калың колдун ар бир бөлүктөрүнүн башчыларын башкарууга кол башчылык милдетти аткаруу оң канат (бырынкар) колдун Уч беги мырза Пазылбек менен жунгар колунун Уч беги мырза Ысмайил бектер жоопту болчу. Алар тапшырманы аткарууда ар бир бөлүктүн кол башчыларына талаптарды коймок тургай өздөрү менен алек болушуп, кандай айла кылууну билбей, баштары маң эле. Анын негизги себеби, Ошко келгенден башталган. Каршылыксыз калаага киришкен чакта, ар бир бөлүктүн башчыларын чакырып алышып, өз бөлүктөрүндө тартипти сактоону талап кылып жатышканда, талап-тоноо башталып, аны басууга бөлүктөрдүн кол башчылары чуркап кетишип, кайрылып келишпеди. Талоондун аягы кан төгүү менен коштолуп, үйлөр өрттөлүп, көчөлөрдө кармаш башталып кетти. Кийин тоо ичинде барып, кошуундагылар жайгаша баштаганда, ар бөлүктүн аскер башчылары аларды теске салбай, жөн коюшту. Кошуундагылар олжого карк болушуп, «кандуу булоон» боло, тапкандарын талап-жешип, ар кайсы жерде ныксырап жатышкан чакта, чабуул башталып, оштуктар капылеттен басып киришти. Ошондон улам, бөлүктөрдөгү кол башчылар өз бөлүктөрүндө эч кандай

жооптуулукка ээ боло алышпай калган болчу.

Атын таппай, алдастаган жоо колу, бөтөн жер, бөтөн элди «чабабыз» деп келип чабылышты. Эгерде жердин шарттын туура пайдаланып, кошуун ичинде бирдей тартип болгондо, оңой эле ийгиликке жетише алышмак. Анын үстүнө, көптүгүнө салып болсун:

-Оштуктарды экинчи баш көтөргүс кылып, мал-мүлкүн талоонго алып, жыл сайын салык төлөөгө мажбурлайбыз -дешкен душмандын менменсиниши өздөрүнө каршы согулган сокку болду. Жоо колунун тымтыракайы чыгып, чачылды, бүлүндү, биримдиги ажырады.

Баш кол башчылардын маалыматтарынан кабардар болгон, хандын жан сакчыларынын башчысы өз тобун токтоосуз жолго алып чыкты. Жай жүрүш менен баратышса да арткылардын маалыматтары улам-улам жеткирилип, ал-абал дайын болуп жатты. Ханды калкалаган бөлүккө өзгөчө көңүл бурулуп, бөлүктөрдөн тандалып алынган, машыккан, ары ишенимдүү жоокерлер менен толукталды. Ханды ортого алышып, төрт тарабынан курчап, алардын аркасынан калбай өзгөчө куралданган беш миң жоокер кайтарууга алып, ээрчип келе жатышты. Алдыга жиберилген өзгөчө бөлүктүн адамдары. Оштон жыйырма-отуз чакырым алыстыкта турган Лангар деген жер коопсуз экендигин билдиришти. Хан тобу ээрчише келип, ошол жерге токтоду.

Лангарда турган Абдылда хан өзүн коргоого алган бөлүктөн башка, бөлүктөгүлөр ар тарапка чачылып, бириндешинен улам, андагы жоокерлердин куралдарын алдырып, же жоготушуп, салт атчан келиши хандын каарын келтирди. Кээ бирлери жолдон адашып, кээлери көп аттардын изин улап келип, топторго кошулуп жатышы көпкө уланды. Хан тыныккан жайдагы тар коктуда туруп, саресеп салды. Айланасын жалаң тоолор курчаган. Алар эч нерсени сезбеген, билбегендей болуп, сырдуу мелтирейт. Ал тоолордун артында эмнелер бары белгисиз. Бирок, ар жылгадан, алардын ар бир кыймылынан көз айрыбай, байкоого алып турган тоолуктар бардыгын ким билет? Мүмкүн, тоо артына жашынып алып, бирине-бири белги берип, бир учурда кыяндай болуп, каптап кирсе, өзүн коргоп турган бөлүктөгүлөр, тоолуктарга турууштук берише алабы?

Тийип-качкан тоолуктар, улам кол салып, канчалык машыктырылып, сыналган болсо да, жан сакчыларын бириндетип, ортого алса, өзү баш болуп аман калышы күмөн. Кокустан колго түшүрүп, туткундашса, анын хан экендигине, жети шаар Кашкар элинин эгеси экенине кимиси калка боло алат? Хан ойлогон оюнан

арылайын деп, бир силкинип алды. Бирок, жаман ой, кайра-кайра келе бергенинен улам, жан сакчыларынын башчысына жолго чыгууга буйруду.

Хандын Лангарга келип убактылуу байырлашында, кайгуулчулар туш тараптан жол издешти. Бириси:

- Чыйырчык ашуусуна жетип-жетпей Дара тарапка кетүүгө жол бар дешсе, экинчиси Чыйырчыктан ашып Гүлчөгө түшчү жолду айтты. Үчүнчүсү күнгөй тараптагы кокту менен жүрүп, бел ашып, көл боюндагы кербенчилердин белги койгон тому аркылуу Шилбилүүнүн Белин ашып, Гүлчөгө жетерин, болжошту.

Мурда соодагерлерге жол көрсөтүп жүргөн жаш жигитти, дегдеңдете ээрчитип келишти.

- Жигиттин жүргөн жолу, дайын экен-дешип, аны алдыга салып, Кербен-Кол аркылуу Көл тарапка ээрчип жөнөштү.

XXX

Бакал баатыр баштаган топ Абдылда ханды коштоп бараткан бөлүктөгүлөр Кабылан-Көлгө барганда жете келишти. Җердин шарты жергиликтүүлөргө беш салаадай белгилүү эле.

-Хандын өзүн кармап, экинчи келгис кылалы. Хан сөзү эки болбойт. Убадасын берсе, жылуу жумшак жолуна аттандыралы. Кайша кылып, хандыгына салып, кежеңдесе, анысын да көрөлү деген бийлердин дайындоосу менен Бакал баатыр өзүнүн тобун баштап, жолго аттанган. Каратайдан өтүп, Миялы тарапка салып, Таканын белин ашып Кабылан-Көлгө жете берердеги кең талаада хан тобуна кезикти.

Жергиликтүүлөр куугунга алып, утурлай чыкканын билген негизги бөлүктүн башчысы Шахбазбек, бириндеп жыйналган бөлүктөгүлөрдү токтотуп, бекем коргонууну буйруду. Улам жакындап келе жаткан куугунчуларга жабыла ок чыгарышты. Куугунчулар да аларга карай ат үстүндө жаа тартышты. Заматта эки тараптагы жоокерлерге ок жаңылды. Ач айкырыкка салган Бакал баатыр, өз тобундагыларга кубат берип, атын теминди. Анын артынан улай, шериктери жабыла коштоп, коргонуп тургандарды четтен кайсап өтүштү. Үймөлөктөшкөн калың кол чачылып,эки-үч бөлүккө бөлүнүп калды. Күүлөнгөн аттарынын тизгиндерин тарта кайрылышып, чачылган бөлүктөгүлөрдүн экинчи тарабынан кайсап кетишти. Ал аңгыча арттан жетип келгендер, ар тараптан кол салышып, эптеп аман калуунун аракетинде баш калкалаша топтошкон жаркендиктердин бөлүктөрүн бири-биринен ажырата, чачылтышты.

Карсылдаган кармаш башталып кетти. Кагышкан темирден кан төгүлүп, көбү ат үстүнөн оонады. Айкашкан кармашта көбү кылычтын курмандыгы болушту. Найза жегендер онтоп, жерде оонап жатышты. Улам уйпалап, маңдайындаларга найза сунуп, жакын келгенине кылыч шилтеген Бакал баатырды бутага алышып, жан сакчылардын бир тобу, аны тобунан бөлүп, ортого алмак болушканда, баатырдын ар бир кыймылын байкоого алып, коргоп жүрүшкөн шериктери, алардын аркасына пайда боло калышып, жакындагана кылыч чаап, алысыраактарга найза сунушту. Баатыр баштагандар чогула калышкан топ менен кармашып жатышканда, жан сакчылар Абдылда ханды ортого алышып, качып жөнөштү. Жергиликтүүлөр аркадан жабыла ат коюшуп, качып бараткандарга чалма ыргытышып, ат үстүнөн оодарышты. Сүрүлгөн жан сакчылар бир тараптагы, талаанын ортосундагы асканы паана кылышып, Абдылда ханды ортого алып коргонушту. Алар чабуул койгондорду жакын жолотпой, аткылоого өтүштү. Терең аңдан шыкалаган коргоочулардан улам, жардан өтүүгө мүмкүндүк болбоду.

Аңгыча алыстан ат тердетип, шашкалактаган чабармандар келе кала баатырдын атынын жылоосунан кармай, Бөкөй бийдин айттырган кабарын билдире кетишти.

-Баатыр, бий абам баш болгон аксакалдар зынарлап, катуу кабар айттырып, бизди жөнөтүштү. Абдылда хандын Ак-Суу, Уч, Бай, Кучарлардан чыккан жардамчы жыйырма миңден ашкан колу, шашыла жүрүшүп, Ошко жакындап калышыптыр.

-Баатыр ханды куугунга алууну токтотуп, тез арада келип калуусун айтышты.-дешти. Бөкөй абам баш болгон аксакалдар.

Бакал баатыр кармашууну токтотуп, ээрчите барган тобун баштап артка кайтты.

Ханды коргогон бөлүктөгүлөрдүн көбү ар жерде, агындыдан сүрүлүп келген таштай болуп, жансыз жатышты. Кабылан-Көлдөгү кармашта жана жолдогу куугундан улам хандын ордо амирлери жана кол башчыларынан Шаабек, Болотбек, Шахбазбек, Мырза шаа Мукамметбек, мырза Пазылбек, мырза Мукаммед Эминбек, мырза Түлкүбек өңдүүлөр, кожолордон: мырза Абдылда кожо, казы Заман кожо, Садык кожолор бир канча жүздөгөн колдору менен тирүүлөй туткунга алынып, көптөгөн курал-жарак, азык-оокат жүктөгөн кирелери менен колго түштү. Көбү кырылды. Качып кеткендер аман калышты.

Абдылда хандын жардыгы менен Жаркендин казы шахы Жусуп кожо белгиленген алыскы калаалардын акимдерине хандын

буйругун жеткирип, аларды токтотпой хан артынан жөнөттү. Хан каарынан коркуп канчалык шашылышса да узак жолдо белгиленген убакытта Ак-Суунун акими, казы Шахбек, Уча кими, мырза Кичикбек, Келпинин акими, хан Кулубек, Ак-Суу, Уч, Турпан казысы Мукаммед Закир кожо жана ордо беги Закирбек сыяктуу атактуу адамдар жетип келе алышпады. Алар канчалык тез жүрүшсө да, узак жолдо чарчап-чаалыгып, арып-ачып адашып акыры үлгүрбөй калышты. Канткенде да, ордонун ишенимдүү мансапкорлору баш болгон жыйырма миң кол Ошко жетпей токтоого аргасыз болушту. Себеби, алдыда кыргыздардын көп колу тосмолоп турушкан эле. Ат моюндап келген кийинки топтун тердеп-тепчип, зоруккан аттары өпкө кага Беш-Мойнокко жетекелишкенде, куралчан кыргыздарга туш келишти. Хан баштап келген кошуундан кабар жок. Тизгиндерин тарта, туруп калышты.

Кол канчалык курал-жарактуу көп болушса да, кармашка алар даяр эмес эле. Биринчи коркунуч, жол бөгөп, утурлап, кыргыздар каршы чыгат деген ой, түк эстерине келбеген болчу. Экинчиси бөтөн жердин шарты, аларга тааныш эмес эле. Үчүнчүсү алыскы жолду тынымсыз басып келген улоолору, жол жүрүүгө жарабай, чаалыкканы баарына билинип турду. Бөтөн жердин кокту-колоттору, жапсар дөңсөлөрү «сыр катып», бирине-бири уланып кеткен. Анда канча кошуун катылып эсепсиз дөңсөлөрдүн кокту-колотторунда караандарын жашырып, турушат. Ал да белгисиз болчу.

Жаңыдан келгендерге мурункулардан кабар жок. Алар Оштон өтүп кай тарапка кеткени, же талкаланып, кайра касканы белгисиз. Алдыда кыргыз колу каар чачып, жек көрүп тирелип турушат. Булардан өтүп кетүүгө жол жок. Кайра кайтуу да Хандын каарынан коркушат.

Эки тарап тең, бири-бирине кол салбай, бир топко марып турушту. Жоо колу канчалык кармашка даярданышса да, алардын башчыларынын биринде да кармашты кандай алып баруу жөнүндө так тыянактуу, ой жок эле. Ошондон улам ортодо талаш-тартыш чыгып, биринин оюн, бири укпай, ыркы кетишти.

-Бу тургандар менен согушабызыбы?

-Согушууга келгенден кийин согушабыз.

-Хандын кабарын билбей туруп, кантип согушабыз?

-Ханыбыз согушпаса керек?

-Эмнеге согушпайт? Согушабыз деп келишкен.

-Согушабыз деп келишсе жеңгени, же жеңилгени билинбейт беле?

-Билинип турбайбы

-Кантип

-Кыргыздардын түрүнөн курал-жарактарынан эле билинип турбайбы?

-Анда хан баштаган кошуундар кайда кетишти

-Аны кыргыздар билет

Ар кими ар нерсени айтып талаш тартыш күч алды. Бирин-бири сыпай сиз дешкен мансапкорлор сен-менге келишип, ырк кетти. Биринин сөзү бирине жакпады

-Сен колуңду башта.

-Жок сен башта дешип, сенсирегенге жетишти.

Кайым айтышуу ат салышууга өттү. Бирине бири өйдөсүнүштү.

-Сен башта деген атаандашуудан биринин сөзүн, бири алышпады. Бир топтон экинчисине ат бастырып барышып, бир кыйладан кийин, алардан бөлүнгөн атчандар, кийинки топторго келишип, бирин-бири ыната албай жатканын сырттан байкоо салып тургандар байкашып:

- Жоо колунун ыркы кетти. Аттарынын баштарын оң-тескери бурушуп, камчыларын ары-бери булгалап жатышат. Ушул жагдайдан улам, чабуул баштап көрбөйлүбү дешти кыргыз жигиттери.

-Кагылайын аламан! Жоонун түрүн көрүп турасыңар. Карагылачы тигилердин ыркы кетти. Камчыларын ары-бери булгалашып, ат салыша оң тескери тартып жатышат Ушул жагдайдан пайдаланып чабуулга өтүп көрбөйлүбү? деди Сабай бий жанындагыларга кайрылып

Жоо келгенине анча убакыт болсо да, бизге каршы чабуулга батына албай турушат Же өңүтүү жерди ээлөөнү ойлоруна алып коюшпайт деди Тооке бий.

-Сиз айткандай бир пикирге келише албай жатышат. Өз калааларынан алыска чыкпай жүргөн мансаттагылар, бул жерден ой-чуңкурун билбейт. Же согуш ымасын талашка алып жатышат.

Буларды жалдыратпай кылычтарды кынынан суурул, аттарды теминелиби? -дейт Сабай адатынча сөзүн күлкүгө аралаштыра.

Бакал баатыр келгидей болуп калды. Анын буйругу менен иш кылалы.

Чабуулду баштай берейли! Баатыр качкандарды тынчытып, экинчи келгис кылмай сайын келбейт.

Бий чабаганчы жөнөткөндө зынарлап дайындаган. Куугунду токтотуп тез келүүсүн айткан

Андай болсо, кабар жетээри менен баатыр кайра тартаар. Жол алыстык эле кылбаса келип калаар.

Кечке кармашта аты, ары куугунда, ары узак жолдо зоорукпады бекен?

- Баатыр баштаган эр азаматтар, канатын жазган шумкардай шукшуурула, атылган жебедей болуп, аруунун уюгундай топтошкон жоого жакындап келатышты.

- Ат! Чап! Сай! Ур-деген айбаттуу бакырыктар менен мыназага келише албай турган жоого, тик сайыла аралаша кетишти. Жергиликтүүлөрдүн ажыдаардай сүрүнөн айбыккан душман, короого тийген карышкырдан жалтанган койлор баштанып, туш тарапка тыркырай качышты. Кээлери топ-тобу менен кээлери жалгыздай «жан соогалап», чачылышты. Кээлери жыланңач кылычтарын алдыга тосушуп, каршылык көрсөткөн болушту. Күүлөнө келген кыргыздар курал көтөргөндөргө кагылышып, бир саамга аярлагандай болушту. Кайра эле аттарын теминишип, шамдагайлык менен чабуулга киришип, каршы-терши чабыш күчөдү. Жалтанбаган чабуулчулар жоо колунун так ортосуна сүңгүй барышып, аралаша кетишти.

Каршы-терши курал шилтешип, башаламан курал тийгенден майдан талаага кан чачырап, баш аягы билинбеген чабыш уланды. Кагышкан кылыч, үзөнгүлөр шыңгырап, денеден айрылган баштар жер үстүндө тоголонду. Ач айкырыкка кошул-ташыл боло, онтогон, бакырган жарадарлардын үндөрү, Күйүккөн аттардын өпкө кага күшүлдөгү менен жөткүрө-бышкырыгына аралаша Беш-Мойноктун дөбөсүндө, коюу чаң аралаш буу көтөрүлдү. Айлана заматта, тер менен канга аралашкан сасык жытка толду.

Кыргыздардын бирин-бири сүрөгөн үндөрүнө, хан колунун жалтаңдай, аянган добуштары аралашып:

-Чап! Сок! Ур! деген сөздөр уламдан-улам, өктөм чыга баштады. Хан кошууну мурда келип, Беш-Мойноктун жапсарындагы түзөңдө жайгашкан болсо, кыргыздардын чабуулунан улам, кетенчиктешип, тарам-тарам кокту-колотторго кептелип калышкандарын өздөрү да туйбай калышты. Улам алга сүрө жүткүнүшкөн кыргыздар, кетенчиктешкен калың жоону кокту-колотторго шыкашты.

Тарам-тарам болгон ар коктулардын төр тарабына камалгандар, качууга жол таба алышпады. Жер шартын жакшы билишкен жергиликтүүлөр чоң капчыгайлардын ооз тарабын ээлешип, улам илгерилей жоо колун төргө сүрүштү. Каршылык

кылышып, курал көтөргөндөргө катыра кылыч шилтешип, күүлөнө найза сунушуп, чамына беришти. Качып чыгууга мүмкүнчүлүк болбостугун байкаган кошуундагылардын айрымдары, кокту-колоттордун ыңгайлуу жерлеринен жапсарга чыга бергенде, жакынкы аралыктагы кокту-колоттун оозунда тургандар жете барышып, качууга мүмкүнчүлүк беришпеди. Жоонун кээ бир топтору, анда-санда коктудан чыга калышып, кыска мөөнөткө каршылык кылганы болбосо, негизинен кокту-колотко камалышып, коргондой болгон тик беттерден бошонуп кетүүгө айла таппай турушту.

Күнү-түнгө уланган кармаш токтободу. Эки тарап тен таңдан-кечке тыным алышпады. Жоокерлерге тамак-аш, улоолорго жем-чөп эч биринин эсине келбеди. Камалоонун төртүнчү күнү дегенде кокту-колотто камалгандар, эптеп жол таап чыгып кетүүнүн аракетинде болушту. Коктунун оозуна карай сүрүлө келишип, өлөөр-тирилирине карашпай, жабыла чабыша кетишти. Аз болсо да, бир топ убакытка улоолорун тыныктырып, өздөрү тамактанганы, түзөңгө кеткендерден калгандар, сүрүлгөн жоонун көптүгүнө туруштук бере алышпады. Чегингенче кармашып жатышты. Аңгыча түзөңдөгүлөр жете келишти. Үч күндөн бери аттары арып, өздөрү ачка калган жоо колу, аттары тың, шамдагай жергиликтүү жигиттерге туруштук бере алышпады. Колоттун тумшугунан имериле берген түзөңдө аларды кубалап жүрүшүп, тымтыракайларын чыгарышып, бириндеп качууга аргасыз кылышты. Ак-Суунун акими казы Шаабекти бир топ арып-ачка калган кызматчылары менен тирүү туткундашты.

Бешинчи күнү Кучардын акими Абдысатарбек бир топ кызматкерлери менен бирге, шыкалган коктудан чыгып келип, өз ыктыяры менен колго түшкөнүн мойнуна алды. Аны жергиликтүүлөр тамактандырганы төмөнкү түзөңгө баштап бараткан кезде, кең жайыктан пайдаланып, шериктери менен качып жөнөдү. Алике баатыр бир топ жигиттери менен тың аттарын жай бастырып барышып, жанаша кокту аркылуу алдыларынан тосуп чыгышты. Кучардын акими каршылык кылып, бир азга жан алакетке түшө, ээн талааны көздөй кармашканча качып жөнөдү. Баатыр кубалап жетип, найза суна бергенде Абдысатарбек атынын жалына өбөктөй, башын ката, жалтана калганда, Алике баатыр анын май көчүгүнө найзасын мылгып алды. Ээрден көчүгү кыйшайган аким, эптеп кутулуунун аракетинде, ат жалына өбөктөгөн бойдон, багытсыз эле качып жөнөдү.

Кожоке баатыр астындагы күлүгүн теминип, күүлөнө келип, аны артынан ыргыта сайды. Аттан ажыраган Абдысатарбек жыгылып-туруп, артын карабай качып бараткaнда, бала баатыр Манаң учкаяк аты менен жетип барып, кылычын шилтеп өткөндө, акимдин башы томолонуп, төмөн кулады. Кийинки күнү канчалык көп болсо да, кокту-колоттордо камоодо калган жоо колунун кайраты качты. Тирүүлүктөн үмүт кылгандар, өз жандарын сактап калуу аракетинде, терең капчыгайдын кокту-колотторунан жалгыздап, бирин-экиндеп чыга башташты. Ат-улоолору, куралдары жок, качып кайда кетишмек? Жергиликтүүлөр аларды билсе да, билмексенге, көрсө да көрмөксөнгө салып, тек коюшту.

Тоо-коолорго тырмышып, эптеп чыгышкандар, ээн талааларда бирине-бири кошулушуп туш келген үңкүр-коолорго түнөшүп, жергиликтүүлөргө байкалбай жашырынып эптеп, качып кутулуунун аракетинде, болушту. Көп күндөрдөн бери наар албай чаалыгып-арышты. Карындары ачканынан тапкандарын жешке аргасыз. Ар түрдүү чөптүн тамырларын, жапайы өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүн жалмалашты. Айлана-тегеректи жалаң тоолор курчагандыктан кай тарапка барарды билишпей баштары адашты. Келген жактарына жетиш үчүн багытсыз эле бийик тоолорду карай илгерилешти. Бирин-бири көргөн, тааныган качкындардын карааны жылга-жылгаларда, кокту-колоттордо улам коюулана берди.Тирикарактары жол улап, келген багыттарын туспалдашып, чыгышты көздөй жылып жөнөштү. Алардын оюу-дити, коркунучтуу жай болгон, кыргыздар жашаган аймактан алыстап кетиш эле. Арып-ачынгандар илкий жол арбытышты. Жергиликтүүлөргө көрүнбөс, билинбес үчүн жар-колотторду пааналашты. Кечиндеси жеткен жайларында, от жагуудан айбыгышты.

Таң эрте менен жол алышып, алыстагы көрүнгөн тик беттеги ашуудан, ашмак болушту. Узак жол жүрүшүп, шагылдуу тоодон тайып, кулап, сүрүлгөндөрүнө карашпай, терлеп-тепчише жөрмөлөп, жонго жете беришкенде, алардын келишин күтүп олтурушкан, куралдуу бир топ жергиликтүүлөргө кез келишти. Коркунучка кабылгандар артка кайта алышпай, турган жайларында катып калышты. Артка кайтышканда тик беттен суюлуп, кулап өлүшөт. Алга жүргөндө куралга кабылышат. Аргалары куруп, каршылыксыз делдейип турушту. Бир учурда Учтун акими мырза Кичикбек ашуудагы кыраңдан кылт эте, чыга калып өмүрүн тобокелге салып, аркы эңкейишти көздөй боюн таштады. Кыраңда тургандар, жабыла аны карап калганда. беркил тик өйдөдөн куйүгүп, эчен түйшүк менен

чыгып баргандар, мырза Кичикбектин изине сала белдин аркы бетиндеги төмөнгө бой урушту.

Жергиликтүүлөр аларга каршылык кылышкан жок. Себеби, тик беттин аркы тарабы да, эңүүлөй баргандан кийин, бийик зоо болчу. Андан кайра кайткандар гана сак калбаса, төмөн чуркагандар бойлорун токтото алышпай, бийик зоодон кулап, тирүү калбайт эле. Ары бийик, ары тик өйдөгө эчендеген кыйынчылыктар менен терлеп-булап, араң чыгып баргандар, калтырап-титиреген буттарын тартууга дармандары келбей, каршылык көрсөтүүгө чамалары жок, үндөбөй колго түшүп беришти. Жергиликтүүлөр үйрөнчүк, тоолордун жылга-жыбыттарын аралап, хан колунун калдыктарын издешип, багынгандарын тирүү кармап, каршылык кылгандарын ошол жайда чаап, көздөн далдоо кылып жар-кемерлерге корумдашты.

XXX

Кийинки күнү жоо колундагы туткунга түшкөндөрүн, өлгөндөн калгандарын, жаралангандарды эсепке алышканда Ак-Суу, Уч, Кучар, Бай жерлеринен келген жыйырма миңден ашуун колдун жарымына жакыны колго түшкөнү билинди. Алардын ичиндеги өлгөндөн сырткары Келпинин акими мырза Ажибек, Ак-Суу, Учтун казысы, казы Мухаммед Закир кожо, ордо амирлеринен мырза Закирбек, кожо Мухаммеддер баш болгон бир тобу далдоо жайларга, тоо-таштарга жашырынышып, тентип арып-ачып, жолсуз туш келди чыгышты карай жүрүшүп, эчен сууларды, тоолорду ашып, кээлери жалгыз-жарымдап, кээлери топтошо жүрүшүп, бирин-сериндеп, беш миңдейи аран жандарын куткарышты. Жоонун калган он миңдейинин канчоо талаа-түздө, тоо-токойлордо адашып, аска-зоолордон учканы, көчкү алганы, сууга акканы ач калып, дармандары куруп адашып, жырткычтарга жем болушканы эки тарапка тең белгисиз бойдон калды.

Оштук бийлер кеңешип, колго түшкөндөрдүн ичинен жогорку даражалуу Байдын акими, хан Кулубекти азат кылышып, Абдылда ханга жиберүүнү макул табышты. Бөкөй бий аны көпчүлүктүн алдына, тизелетип отургузуп, сөзүн баштады.

- Сен хан Кулубек, Байдын акими экенсин. Биздин жерибизге чапкынчылык кылып келип, элибиздин алдында оор кылмыш кылдың. Кылмышыңа жараша, сени өлүмгө өкүм кылып, денеңди ээн талаада, калтырмак элек. Бирок, сенин эл башчысы катары таанып, Абдылда ханга көз каранды экендигиңди билип,

бийликтегилерге эчен жолу кеңеш айткан акыл-эстүү, оозуңда сөзүң бардыгын эске алып, сага кеңчилик кылып, тирүү кое берели дедик.

Сен, келгенден берки согуш абалын, шериктериңдин баскынчылык кылмышын, жергиликтүү элдин, биримдик түзүп, жоого каршы күрөшүн көрүп билдиң. Аны төкпөй-чачпай Абдылда ханыңа айтып баргын. Анын Паргана аймагынын Ош калаасындагы бир эле бизди эмес, башка элдерге болсун, чапкынчылык, басып алуучулук, талап-тоноочулук кылуу ниетинен жандырууну айтып, ынандырышың керек деген, биздин тапшырманы аткара аласыңбы?

Байдын акими чөгөлөгөн бойдон, чекесин жерге тийгизе эңкейип:

- Болот. Урматтуу бийим! Бир кашык канымды кечип, жалпы эле өзүңөрдүн эле эмес, башка элдердин амандыгын ойлогон, ак пейилдигиңиздерге чын дилимден, баш урамын. Душманга эмес, тууганга кыла турган мамиле менен жооптуу тапшырма берип, башымы азат кылган, айкөлдүгүңүздөрдү ал дүйнө, бул дүйнөдө унутпаймын. Ак дилимден, адамгерчилигиңерди улуу көрүп, убада беремин. Мейли, кандай жагдайда болсун, силердин айкөлдүгүңөрдү өзүмө абийир тутам.

Абдылда ханга силердин айтканыңарды мойнумдагы милдет катары, төкпөй-чачпай, айтам. Бир нече күндөн берки согуштун апаатын, жазыксыз кан төгүүлөрдү, таланып- тонолгон элдин абалынан толук маалымат берем. Кошоматчылык, же жагынуу эмес. Адамдык калыстыгымды айтканда, кыргыздар коркпос, кубат-күчүңөрдөн жанбаган, баатыр экенсиңер. Ынтымагыңарга тан бердим. Бул менин жасакерленгеним эмес, чыныгы жүрөктөн чыккан сөзүм.

Көргөн, билгендеримди Абдылда ханга жашырып-жаппай, толук айтам. Аны чапкынчылык ойдон арылтууга, бүтүндөй дилим мененаракеттенип. кудайдан амандыгыңарды тилейм? Мага чыныгы ишеним бергениңерге сыймыктанып, душманына жакшылык, өмүр, жашоо каалаган улуу адамгерчилигиңерге, баш уруп, дайыма эли- журтуңар менен эсен болушуңарды чын дилимден каалайм. Ишиңер дайым оңго тартсын, Алла таала силерге медер болсун! -деп улам-улам жергечекесин тийгизе жүгүнүп, жатты.

Кыргыздардан азаттык алган хан Кулубек Абдылда ханга келип, бардык абалды, баштан аяк жашырып-жаппай, төкпөй-чачпай толук айтып:

-Урматтуу улук ханым! Кашык канымды кечиңиз? Дитимдеги ойду, башымдагы сунушумду ачык айтууга уруксат бериңиз? Жараткан алла таала жолубузга, жортуулубузга жол бербеди. Барган багытыбыз, басып алган согушубуз натыйжасыз болду. Айрыкча, биз баштап барган жыйырма миңден ашуун адамдын, он миңдейи тирүү багынып бергени, беш миңден ашканы олүм таап, беш миңге жетпегени оз жерине араң келгени осолдук. Сиздин жөлөк-тирегиңиз болуп, чоң калааларды башкарган жогорку даражалуу адамдарыңыздын арасынан колго түшүп, кайткандарынан өлүм табышы, өкүнүчтүү иш.

Урматтуу улугум, бул окуя бизге, ар дайым сабак. Канчалаган чыгымдарды тарттык. Бул абалды абдан ойлонуп акылга салып калчап көрөрсүз. Элди какшатып, согушка деп, алым-салым алуу, кайра эле келип, элди карактоо, өзүбүздү карактоо экенине көңүл бураарсыз.

Ушул күндөрдө ой үстүндө, ойго батам. Акыры келип, өзүңүзгө ошол ойлордун тыянагын айтууга мажбур болдум. Биз кыргыздарды өзүбүзгө жоо кылып албай, алар менен ынтымакчылык түзүшүбүз зарылдай. Эгер кыргыздар болбогондо Парганага жасаган жортуулубузда ийгиликке жетээрибиз анык эле. Кыргыздардын мал-мүлкүн карактап, күнөөсүз адамдарына чабуул койгонубуздан оор жеңилүүгө кириптер болдук. Эгер өзбек, тажиктер менен кармашканыбызда, ийгиликтин ташы биз тарапка оомок.

Урматтуу улугум. Кыргыздар менен жоолашпай, жакындашуунун жолун кармансак. Бул менин өзүңүзгө, жакын адамыңыз катары, өтүнүчүм дагы, сунушум дагы. Мени кунт коюп угуп, дилимдеги оюмду, башымдагы сунушумду укканыңызга терең ыраазымын. Эмне кылып, эмне коюшту асыл акылыңызда калчап, жыйынтык чыгарууну өзүңүз билесиз – деди .

Абдылда хан ары ачууланып, ары түнөрүп, ары жазылып отуруп жакын адамынын сөзүн бузбай угуп, бир кыйла ойлонуп суроо узатты.

Амирим, сиздин айтканыңызга караганда, алар менен согушту улантууга болбойбу? Же жеңип алууга, мүмкүн эмеспи?

- Дал өзүңүз айтканыңыздай, улугум.
- Сиздин оюңуз боюнча, эмне кылуу керек?
- Бул ойду, көңүлдөн таптакыр чыгарып салуу зарыл.

Хан эки колун жаза чалкалай отуруп, көзүн жума терең ойго термелди. Ыңгайлуу шарттагы учурду пайдалана калуунун

аракетинде, маңдайдагы үндөбөй отурган кожо Насыр, шаа Мансурбек, Субанкулубек, казы шаа Жусуп кожо, Бабабек баш болгон амир-мырзалар, мырза Исмаилбек, мырза Пазылбек өңдүү кол башчылар биринен-бири өтүп, чуркураша пикирлерин айта кетишти.

-Урматтуу хан улугум, амир хан Кулубек туурасын айтты. Биз согушту токтотолу? деди кожо Насыр

- Кошуундагыларды бекер чыгымдар кылбайлы? Чегинип, артка кайталы? Кошула кетти шаа Мансурбек.

- Паргана тарапка, кайра барууда жакшы жыйынтык чыкпагыдай?

- Согушуудан, эч кандай пайда таппайбыз. Күчүбүз жеткидей эмес?

- Атактуу бектерден, сандаган сарбаздарыбыздан айрылып отурабыз.

- Жана согушсак, тирүү кайтпайбыз.

- Колду чегиндирип, аман-эсенибизде кайтып кетели?

- Алдаяр таксыр, биздин тилибизге кирсеңиз, согушту токтотолу?

Обозгер, амирлеринин жабыла айткан сөздөрүн угуп, кыргыздар менен кайра согушуу, жөнсүздүгүнө хан ынангандай болду.

Баш- аягын жыйып, калган колду топтоп, ашуу ашып, суу кечип Сары- Жаз аркылуу хан баш болгон кошуун Кашкарга кайтып келди.

Кыргыздар алардын артынан калбай, же катылып, чуу салбай, караандарын алыстан көрсөтүшүп, күзөтүп келишти. Анткени Абдылда хан чегингенде бир жерге токтоп, кыска убакыттан соң, экинчи жайга которулуп, алды-артына кубаттуу бөлүктөрдөн коргонуу топторун уюштуруп, алдыңкы бара турган жайды чалгындатып, этияттана чегинди. Анын кошуунундагылар жергиликтүү элдин мал-жанына тийиштик кылышпады. Ошондон улам алыстан караанын көрсөткөн тоолуктар аларга чабуул койбой, арттан акмалап жүрүштү.

XXX

Ош коогасынан соң, жыл айланбай (1642-жылы) жаз айларынын бир күнүндө Абдылда хан ордо кеңешин өткөрүп, кыргыздарга каршы кайрадан жортуулга аттанмак болду.

- Кастарлуу ханым! Бирооз болсо да, калыс сөз айтууга уруксат кылыңыз? –деди Кашкар найыбы Жолборс хандын аталыгы,

Кашкар акими, амир Субанкулубек-Кыргыздарга каршы жортуулдан былтыр эле, кайтып келбедикпи? Жыл сайын согуша берүүнүн кандай зарылчылыгы бар? Сиздин бул ниетиңизден кайтууңузду өтүнөм?– деди амир аталык сыпайыкерчилик менен кол куушуруп.

- Эмне үчүн? Абдылда хан тикирейе карап.

-Бул аракеттин болбостугу улугум! Хандыгыбыздагы эл тынч жашоого муктаж. Бир канча жылдан бери, удаа алып барган согуштан улам, көпчүлүгүнүн турмуш-тиричиликтери оордоду. Өзүңүз да ойлонуп көрүңүз улугум? Сиз ордо ээси болгон мезгилдерден бери, нече жыл, ички кагылыштар болгону эсиңиздедир. Баштагы жылы Болур менен Бадакшанга жаза жүрүшүн алып бардык. Ал жерлерди кайтарып алуу согушунда, көп бүлгүн болдук. Кайтып келгенден кийин, көпкө турбай Парганага жортуул кылынды. /ч-төрт жылдан берки, согуштардан букараларыңыз аябай азап чегишип, кыйналышты. Көптөгөн жаш жигиттерден кол куралып, аларга каржы делинип, жылына эки жолудан албан- салык алынды. Ал аз келгенсип, ошончо азык-түлүк, ат-унааларга жем-чөп камдалды. Мунун баары, букаралардан чогултулуп, эл жакырланды.

Билегинде күчү барлар согушка алынып, эгин талаалары айдалбай түшүм бербеди. Согуш каржысына иштетилген мал-жандыктар, короо-короосу менен айдалып, жайыттар жайдак калды. Бул абалды сиз баш болуп, калкты башкарган сиздин мансаптагылар - биз ойлонушубуз зарыл. Ушундай шартта согушту уланта берсек, андан аркысы кандай болот, хан улугум?

- Экинчи себебичи? деп Субанкулубектин жүйөлүү сөзүнө чыдабай.

Ушунча болду. Болгон оюмду биротоло айтып калайын деген таризде, бек сөзүн улады.

- Экинчиси, урматтуу улугум. Хандыгыбыздын узак мезгилге чейинки, кыргыз эли менен жоолашпай, ынтымактанышыбыз көбүн эсе пайдалуу деп ойлойм. Анткени, биздин күн жүрүш жана батыш жактарыбыз кыргыздар жашаган аймактар менен туташып турат. Хандыгыбыздын бүтүндүгүнө жана коопсуздугуна, ошондой эле элибиздин чарбаларынын өсүшүнө, түздөн-түз таасири чоң. Алар менен алака кылып, соода ооштуруу, карым-катнашты калыңдоо, байланышты күчөтүү туура болот деп ойлойм. Өзүбүз менен өзүбүз гана, соода менен чектелип калсак, өндүрүлгөн буюмдарыбыздын баркы кетип, баасы түшөт. Башка элдер менен соода байланышыбыз кыйындайт. Кыргыздарды душман катары көрбөй,

өзүбүзгө тартып, биримдик кылууга өтөлү. Хандыгыбыздын кудрети, эл- журтубуздун бакыбат турмушка жетүүсүнө жол ачылат.

- Токтот! Мага акыл үйрөтпө. Ушул айткандарыңдын баарын, башкалар билбейт дейсиңби? Менин кимдер менен кандай мамиле кылаарымды, сен үйрөтүп жүрөсүңбү? Же сен айткандарыңдын баарын, билбеген акмак деп ойлойсуңбу? Угуп кой, акылдуу амирим! Мен сен айткан саясатты ушул кезге чейин жүргүзүп келдим. Кана, мени кыргыздар укканы? Мен согушту мени тоготпогондорго, менин бийлигимди тааныбагандарга багыштайм! Же өз карамагымдагыларга булук салам дедимби? Сен айткандардын, хандыгыбыздын коопсуздугу менен эмне байланышы бар?-деп хан ачуулана тарс жарылды.

- Хан улугум! Ачууга алдырбай, сөзүмү аягына чейин угуп коюшуңузду өтүнөм? Теңир Тоонун түштүгү менен Памирдин чыгышындагы кыргыздар бир тууган, кандаш-жандаш. Эгер, бир тарабы оор кыйынчылыкка дуушарланса, экинчи тарабы наразы болуп, бизге каршы чыкпайт деп ким айта алат?

- Тарт тилиңди! Абдылда хан ачуу кыйкыра, ордунан тура калып: Сен мага, ачык эле каршы чыктың! Качантан бери мага каяша сүйлөп калгансың? Кудай урган, кайдагы немелерди мага былжырап, сөзүмо каяша кылууга кантип батындың? Кыргыздарга, эмне эле мынча жан тартасың? Же сенин атаң кыргыз беле? Аларды басып, адебин берүүдөн эмнеге чочулайсың? Алардын коркор жериң болсо, ачык айт. Алгач ошолорду талкалайлы. Мен сени өзүм деп ишенип жүрбөйүмбү? Ишенимиме татыксыз экениң эми билинди-деп ызырына, аркы-терки басып келип, отурган обозгерлерине кайрылды.

- Силер эмнеге унчукпай отурасыңар? Тиги былжыраганды тыйып койбойсуңарбы? Же силерге да, анын сөзү жагып жатабы? Айткылачы деги, кимибиздики туура?- деп ачууга буулуга ар биринин жүзүнө тигилди.

Ордо сарайдын ичи дымып калды. Кайым айтышууну угуп, жалдырап отургандардан бышылдагы, оор дем алгандары угулду. Бир топтон соң, көк ала сакал, ак жүздүү мойсопут бирөө ордунан туруп, хандан уруксат сурады.

- Урматтуу улук ханым. Бир ооз, калыс кеп айтууга уруксат кылсаңыз?

Хан кабагын көтөрө, башын ийкеп, көңүл бөлө тиктеди.

- Азирети улугум! Бул айтылгандар баарыбызга тиешелүү. Билгенге амир Султанкулубектин айткандары туурадай. Мына, бул

отурган мансаптагылар, баарыбыз кулакка жагымдуу, көңүлдү көтөргөн мактоо сөздөрдү айтууну адатка айландырып баратабыз. Амир Султанкулубекке окшоп, калыстыкты айтуудан качуудабыз. Акыйкаттыкты айтуу, баарыбыз үчүн, айрыкча хандыгыбыз үчүн эң туура жол болуп эсептелет. Бул сөзүм үчүн хан улугум, сизден кечирим сурайм? Ушул мансаптагыларга айткан эскертүү да болсун деген ойдомун. Эгер сиздин каарыңыз келсе, сөзүмдүн аягына чыккандан кийин жазага буйруш өзүңүздөн.

- Айта бер, дегенсип хан башын эңкейте, ээгин кагып койду.

- Тээ илгери, бир нече жүз жыл мурун Моголстан деп аталган Теңир Тоодогу өрөөндөрдү жана Паргана чөлкөмдөрүн, маркум Абдырашит хандан кийин, ар кандай аракет кылып, аларды каратууну арзуу кылсак да, ыңгайы келбеди. Ой жүзөгө ашпады. Аны талдап, аңдап көрсөк, кур кыял өңдөндү. Анткени, заман тейи өзгөрүп, андай максаттарды жүзөгө ашыруу тозокко барабар экендиги айкындалды. Ар пенде бүгүнкү көргөн күнүнө канаат кылып, жалаң жортуулга гана таянбай, хандыгыбызды оожалтып, калкыбызды байытууга, турмуштарын оңдоого жеткирүүгө аракеттенишибиз зарылдай.

Ал сөзүн узартып, тереңдей сүйлөгөн сайын, хандын көзү чакчайып, бети түктөйө, мойнун созо, ачуу кыйкырды.

- Бөлимчидей болуп, бул кептериңди эмнеге айтып жатасың? Сени жакшы адам деп, ар ким мактаганынан ишенип жүрбөдүм беле? Хандыгыбыздын оожалып өсүшүнө, калкыбыздын турмуштарын оңдоп, байышына мен көңүл бурбаган экенмин да? Анда хандыгыбыздын азыркы деңгээлге жетишине, кимдин акыл-күчү кеткенине паам-парасатың жетеби?

-Урматтуу улугум, менин жакшы сөзүмдү, жаманга бурбаңыз? Иншалла, бул жагдай, алланын бизге берген ырайымдуулугу. Сиздин улук кубаттуулугуңуздун алдында, хандыгыбыз мурдагыга караганда кыйла кудреттүү, болгонун эч кимибиз тана албайбыз. Бир канча бөлүккө бөлүнгөн аймагыбыз, сиздин карылуу чеңгелиңиздин күчү менен биригип отурат. Хандык милдетти өтөөдө, сиздин жөндөмдүүлүгүңүздү, эч ким жокко чыгара албайт. Ички карама-каршылыктарга терең маани бердиңиз. Калк тынч абалга келип, булаң-талаң, зордук-зомбулук жок. Калк ичиндеги жана эл арасындагы кадыр-баркыныз башка хандарга караганда алда канча жогору болду. Биз аны көрүп-билип турабыз. Бирок биздин айтып турганыбыз, сиздин ички жана сырткы саясатыңыз

туура болсун, хандыкты дагы кудреттендирип, элиңиздин кубаттанышына дагы да тереңирээк көңүл бурса деген ниет.

- Токтот сөзүңдү! Ниетиңди билдим-деп, хан аны жактырбаганын ачык айтты.

Жашы улуу адам хандын кагуусунан көпчүлүк алдында осолсуй түшкөнүн байкаган Субанкулубек, тобокелге сала, кайрылды.

- Кастарлуу ханым! Канткени менен бул адам жөндүү айтты. Сизге берилген пайдалуу сунушу, мени кубаттагандык эмес. Сиздин саясаттын, хандыгыбыздын алып барылып жаткан иштеринин түз болушуна алдын ала камкордук. Жараткан алла күбө. Биз сизди алтын тагыңызды чын жүрөктөн колдойбуз.

- Тилиң оозуңда, башың мойнуңда турганда, тим бол! Сен мага каршы чыгып жатасың. Кыргыздарды жазаласам, аларды тынчытып, жоошутсам, эмнеге болбойт экен, Кыргыздардын былтыркы кылган кылык-жоруктарын мен унутпайм. Өткөн өчүмдү алам. Тыягы ойроттордун, баягы тибеттиктердин жана калса бадакшандыктардын атасын тааныткан, кубаттуу хан болуп туруп, ушул колтугумдагы кыргыздардан жеңилип каламбы? Алардын, мени менен тең ата кармашканына ишенгим келбейт. Өчүмдү албай койбойм. Сен айткандай, алар мага дос, тууган боло албайт. Алар менин бирден бир душмандарым. Тагымдын түркүгүн термелткенге чейин баргандардан кетпес кегимди, өчпөс өчүмдү алмай сайын тынбастыгымдагы дагы да айтам, угуп ал!

- Аз айып, көп күнөөм болсо кечириңиз, улук ханым? Сиз менен жаакташуу оюмда жок. Бирок, суроонузга жооп берүүгө туура келет. Сизден өтүнүп, суранаарым? Кыргыздарга жортуул жасоону сабырдуулук, токтоолук менен ойлонуп корүңүз? Деги бул аракет, хандыгыбызга пайдалуубу, зыяндуубу, эмне максатка жетмекчибиз? Кыргыздарды баш ийдирүү мүмкүнбү? Эмнеге алар менен достук байланыш жасоону колго ала албайбыз? Кагылыш чыгарып, жоолашуунун эртеңи кандай болот? Баарын ойлонуп, анан тыянак чыгарууңузду суранам?

- Субанкулубек, оозуңу жаап! Кандай тыянак чыгарууну сенден сурабайм. Менин бул чечимимди эч ким өзгөртө албайт.

Обозгерлерим, силер Субанкулубек жана анын жардамчысынын мени менен кайым айтышуусуна жол коюп, эмне деп чыдап отурасыңар? Мынан келди силер да, Субанкулубекти колдооруңар билинди. Менин, бул ишиме, каршы экендигиңер айкындалды. Кана, ушул баштаган ишиме, тоскоол боло турганың, ниетимден жандыра турганың бар болсо, айткыла! Кимиң барсың?

Айткыла! Сенби? Сенби?...деп отургандардын ар бирин кекете карап, бакырды

- Баш диван беги, кайдасың?

- Лаппай, алдаяр улугум. Денем аягыңызда, башым таманыңызда. Мындамын- деп баш беги, амир Шаабек шыпылдай келип, хандын алдына чөгөлөдү.

- Мына бул, туз урган чыккынчыны, хандык эреже боюнча кайрым кылбай жазалаш керек. Уккун! Кашкар акими Субанкулубек бардык мансабынан алынып, зынданга салынсын! Кыргыздарга жортуулга аттанаар алдында жана жеңиш менен согуштан келгенден кийин, кайра сурак кылынсын. Сурак кезиндеги тообо кылышына жараша, жаза белгиленсин!

Хандык эреже боюнча, ханга каршы чыккан күнөө менен каралanып, өлүм жазасына өкүм кылуу ылайык эле. Бирок, бир топ жылдардан берки, ордо кызматын так аткарып, көп жылга эмгек кылганы эске алынып, кийинки абалына карай, жазалоону ойлондум. Кыргыздарга каршы согуштан кайтып келгенден кийин, өкүм кылам. Ал эми Субанкулубектин жардамчысы Кашкар ордо беги, мырза Канан кожо жазаланып, зынданга ташталсын! Хан чечимине каршы болгондугу, же хандын чечимин колдобогондугу үчүн кеңешке катышкан бардык обозгер-амирлерге катуу эскертүү берилсин! Ушул отурган обозгер-амирлер кыргыздарга каршы согушка катыштырылсын.

Субанкулубектин ордуна Сары-Кол акими Шахбазбек, Кашкар хан найыбы Жолборс султандын аталыгына, кошумча Кашкар акимдигине дайындалсын! Шахбазбек, эртең эле Жолборс султан менен бирге жолго чыгып, Кашкардан жортуулга катыша турган адамдарды, ошону менен катар колду азык-түлүк, ат-унаалар менен камсыз кылсын. Мени менен бирге баш обозгер шаа Мансурбек, ордо обозгери Шаабектин башчылыгындагы бир канча обозгер-амирлер жортуулга катышат!-деп, иш тапшырылган обозгер-амирлеринин ар бирине тике карап, кабагын ачпаган бойдон, буйругун берип жатты.

Урматтуу устазым, ордонун шейх ул исламы, азирети азизан Шады кожо азиреттин өзүнүн муруддарын эрчитип, биз менен бирге баруусун үмүт этем. Ал биз менен баруусунда, кыргыздар менен согушууда өзүнүн баалуу акылы, өзгөчө дааналыгы, жаандан ашкан сыйкырлыгы менен менин жогорку даражалуу кеңешчим болот. Мен ушул кишинин колдоосу менен адам билгис

сыйкырлыгы аркылуу, кыргыздарды жеңип, баш ийдирериме ишенем.

Жортуулга катышуучу бардык кол Кашкарга жыйналып, даярдыктарды көргөндөн кийин, жолго чыгат. Аттанаар күндү Кашкарга баргандан кийин, белгилейбиз. Жортуул кадимки эле согуш эрежелери боюнча болуп, кол үчкө бөлүнөт. Кашкар найыбы Жолборс султан менен анын аталыгы, Кашкар акими Шахзадбек чырынкар бөлүккө, ордо кош беги, мырза Ысмайылбек бырынкар бөлүккө, Котен хан найыбы Ибраим султан жунгар бөлүккө, ордо обозгери Шаабек менен Бабак бектер ортончу колго, кол башчылык кылат. Бул ирет жортуулдун багыты: Ат-Башы, Нарын, Куртка аймактары болот. Мына ушул жайларда, кыргыздарга сокку урабыз. Эгерде иш аракеттерибиз ийгиликтүү болсо, Долон ашуусунан ашып, Кочкор, Жумгал, Ысык-Көл өрөөндөрүнө барабыз. Жортуулга катышуучулар кайра-кайра тандалышы, баатыр, эр жүрөк азамат-тар, чабандестер өзүнчө ылганып,тоого, сууга жарай турган кабалтең аттар тандалсын. Колдун түзүмү болоттон чың болуп, даярдыктар көрүлгөндөн баштап Торугарт ашуусун ащканча, купуялык бекем сакталышы зарыл. Кимде ким, тапшырылган милдеттерди аткара албаса, же жортуул эрежелерин туура сактабаса катуу жазаланат. Кеңеш тамам. Даярдыкка кирише бергиле! –деп, хан жыйынды аяктады.

Паргана тарыхына көз салганда 1500-жылдар аралыгында Жоочу хан урпагынан болгон Мукаммед Шайбек хан, Аксак Темир хан жана анын урпактары бир жүз отуз жети жыл өкүмдарлик кылган Маврауннайыр, Паргана аймактарындагы «Темир хандыгын» оодарып, Самаркан калаасын борбор кылган «Шайбаны өзбек хандыгын» тикелегенин жарыялады. Мукаммед Шайбаны хан өлгөндөн кийин, анын урпактары токсон тогуз жылгача Маврауннайыр менен Паргана өрөөнүндө өкүмдарлик кылган болсо да,1511-жылы Аму дарыясынын төмөн агымында Кыйба (Хива) хандыгы курулуп, андан бөлүнүп чыкты.

Канткенде да Паргана өрөөнү негизинен тынчыбады. Бүгүн Шайбаны хандыгы шахзаадалардын бирине өтсө, эртең аны бирөөсү тартып алды. Кийинкисинде казактар бастырып кирди. Парганнын түндүк жана чыгыш жактары көп мезгилге чейин кыргыздардын бийлигинде кала берди. Эми Астра хандыгынан качып келген Жаныбек хандын урпактары болгон Бакы Мукаммбет хан чабуул жасап кирип, Шайбанылардын эң акыркы ханы

Абдымомун хандан бийликти тартып алып, Шайбаны хандын токсон тогуз жылдык өкүмдарлигин аңтарып салды.

Бирок, жаңы хандык менен өткөн хандыктын калдыктары ортосундагы бийлик күрөштөрү уланып токтободу. Айрыкча Паргана өрөөнү өткөн жана жаңы шахзаадалардын талаш-тартыш майданына, ошондой эле өзбек, кыргыз, казак элдеринин бийлик талаш чордонуна айланды. Көп жылдар бою баш- аламандыкка батып, Парганانын чыгыш жагына туташ Жаркен кандыгы да ошол тополоңдордун таасиринен тынчыбады. Ары-бери качып-тозгондор көбөйдү. Батыш-чыгыш менен болгон соода-сатык иштери өз нугунан чыгып калды. Ошонун кесепетинен Жаркен хандыгы батыш тарабынан коопсурады. Дал ошол коркунучтуу кырдаалдан улам, Абдылда хан бүтүндөй Парганани ээлеп алуу бүтүмүнө токтолушуна, себеп болду.

Акыркы жыл санактын (1644-жылы) сапар айында Абдылда хан жана бир ирет Парганага карай жүрүш кылып, бүтүндөй Парганани өз карамагына алуу чечимине келди да, ордо жыйналышында өз жардыгын жарыялады.

- Бардык обозгер кол башчылар. Бул жолку жортуулдун мааниси терең жана көлөмү да зор болоорун билип алгыла! Ошондуктан хандыгыбыздын бардык аймагындагы согушка жарамдуу букаралар мажбур түрдө катыштырылат. Андан сырткары кошуна элдердин түзүлгөн колдон катуу тартип талап кылынат. Бул өзгөчө жортуулга катышуучулардын саны кырк миңге жеткирилип, эң жогорку деңгээлдеги курал-жарактар менен жабдылышы, аскердик даярдыктан сапаттуу өткөрүлүшүнө көңүл бөлүнөт. Тээ мурдагы улуу Чагатай бабабыздын жана андан бир топ кийинки чоң атабыз Жунус хандын мурастарына негизделгени- бизде Паргана аймагы биздин карамагыбызда болуусу тийиш эле. Кийин колдон чыккан бир канча аймактардын ичинен Паргана өрөөнү эң түшүмдүү жана бай болуп эсептелет. Башкалардан кечсек да, Парганани кармап калышыбыз керек. Аны менден мурдагы бир канча хандар да, Парганани өз карамагына алууну көздөп келишкен. Менин да көңүлүмдөн Паргана чыкпайт. Күнү-түнү кайтарып алууну ойлоном. Паргана сөзсүз биздики болуусу тийиш. Жортуулубуздун жеңиштүү болуусу үчүн бизге коңшу жана дос элдерден жардам алабыз. Ага кыргыздар гана, баатыр, чабандес атчандары ылайык келет. Ал эми калгандарына казактардын, өзбектердин карама-каршы тараптарынан жардам алабыз. Жортуулду ийгиликтүү ишке ашырууга жардык жарыялаймын.

Биринчиси, жортуулга мен өзүм кол башчылык кылам. Менин жанымда ордонун баш обозгери мырза шаа Мансурбек, ордонун кол башкаруу амири мырза Болотбек жана ордонун шейх ул исламы кожо Мухаммед Абдылда азирет баштуу кожолор, машайыктар, аалымдары бирге болушат.

Экинчи, жортуулдун бөлүктөрүнө Хотенден тартып Кумулга чейинки калаалардагы, аймактардагы, айылдардагы хандыгыбыздын букаралары тандалып бөлүктөр түзүлөт. Ар бир бөлүккө ошол жерлердин найыбдары, акимдери, бийлери жана бектери кол башчылык кылышат. Алардын азык-оокаттарын, курал-жарак, тоют, жем-чөптөрүн жана зарыл буюм-тайымдарын ошол бөлүктөрдүн башчылары камсыздоо жоопкерчилик милдеттерди өздөрүнө алышат. Курал-жарак жагын ордо өз мойнуна алып, ар бир бөлүккө тегиз бөлүп берет.

Үчүнчү, жортуулга катышуучулар беш топко бөлүнөт: биринчи бөлүгү чырынкор бөлүгү болуп, аны Жолборс султан Шаа Базбек, Сатин бийлер башкарышып, Кашкар жана жанысарлыктардан түзүлөт. Башка бөлүктөрдөн эки күн мурда жүрүшкө аттанышат. Экинчи барынкор бөлүгү болуп, аны Нурдин султан менен шаа Адилбек, Боогачбек, Аюпбек, мырза Жунусбек башкарышып, котендиктерден куралат.

Жунгар бөлүгүн Койсары бий, Жолболду бий, үч куртка бий башчылыгындагы кыргыздардан түзүлөт. Төртүнчү, же негизги ортоңку бөлүгү болуп, аны амир Болотбек, амир Абдылдабек, Бабабек, Сарыкбек, мырза Түлкүбектер башкарышып, Жаркендиктерден жана Комул, Турпан,Чалыштыктардан түзүлөт. Бешинчи арт жактан коргоочу бөлүк болуп, аны мырза Зарипбек, мырза Маматеминбектердин башчылыгында Ак-Суу, Уч, Кучарлыктардан куралат.

Ар бир бөлүктөрдүн кол башчылары, хан найыптары, акимдери ушул тартипте аракеттенишип, бардыгы бир учурда жолго аттанып, бөлүктөгүлөргө анын ичиндеги топторго өзгөчө көңүл бөлүп, борбордук кол башчыга баш ийет. Бардык абалдары тууралуу өз убагында үзгүлтүксүз маалымдап турушат. Кимде ким, жарылыктагы белгиленген эреже- тартиптерди бузса жана аткарбаса чырынкар (алдыңкы бөлүк), бырынкар (оң тараптагы бөлүк), кол бийлөө заңы боюнча, эң катуу жаза колдонулат. Ар бир бөлүктөгүлөрдүн башчыларынын жоопкерчилиги өзгөчө көзөмөлгө алынат.

Хан тарабынан белгиленген күндө, калаалардагы бөлүктөр Кашкарга жетип келүүгө үлгүрүштү. Жолборс хан менен шаа Базбек аким Кашкардагы мансаптагыларын баштап чыгышып, келгендерди тосуп алып, жайгаштырышты. Бир нече күнгө созулган өргүүдө Кашкар акими Базбек Жорос менен Жаңысар акими Сатынбийлер ханга, султандарга, акимдерге, кол башчыларга, деги эле жалпы колдогуларга зыяпат беришти. Бул сый-урмат согушка аттангандарга шык бергендей болду.

Бир нече күнгө созулган даярдыктан кийин, баш-аягы билинбеген кошуун батышка карай жол тартты. Алдыда айбат менен он миңдей кишиден турган биринчи бөлүктү Жолборс хан, Сатим бий, шаа Базбектер баштап баратышты. Алардын артынан калган бөлүктөр чубашты. Чубалжыган колдун арты үзүлбөй, таңкы заардан Кашкардан чыккандардын алды Чакмак дарыясынын чатынан өткөн кезде, арты калаадан дагы да чыга элек эле. Аттардын туяктарынан, көп адамдын тамандарынан көтөрүлгөн чаң, обого кою туман болуп, баш-аягы билинбей созулуп жатты. Катарда баратып ойкуштап, бышкырынган аттардын, буркулдаган төөлөрдүн, артында калың чаң ооздоруна кирип, өңү-баштарын бозортконуна карабай, бакылдап-шакылдап сүйлөгөндөрдүн үндөрү, кан жолго чыккандап баштап дуу-дууга, күрү-күүгө айланды. Күн чак түш болгондо Абдылда хандын айбаттуу колу Сармен дарыясын кечип өтүп, Түтүргүнү өрдөдү.

Эр ортонуна келгенине карабай, али кырчындай жигит көрүнгөн, ден-соолугу чың, кабелтең келген Абдылда хан ойкуштаган сарытору атынын үстүндөгү ээрде, кадагандай түз отурат. Эки тарабындагы тоо, адырларга суз көз салып, алыс тараптагыларга анда-санда караган болуп, илгерилеп баратты. Анын алды-артындагы атайын кызматкерлери жана коргоочулары, хандын оюна аралжы болуп, көз кырына түшүп калуудан айбыгышып, кыймылдарынан жазгана кадамдашат.

Абдылда хан Жаркен хандарынын ичинде Абдыкерим хандан калган эң узак (отуз жылдан ашык) өкүмдарлик кылган урушка кумар, мүнөзү чукул, кайрымсыз, ары заардуу, анткени менен колунан иш келген, алысты көрө билген, кыламын деген оюн, ыргылжың болбой аткарган, ары тобокелчи хан эле. Ал хандыкты колго алган алгачкы мезгилден баштап, «хандыкты гүлдөткөн хан» деген аталышка татыктуу болуп, калайман калк үчүн бир канча жакшы иштерди бүтүргөн болсо да, бийликке келгенде залим, ары ырайымсыз, күмөнкор адам болду. Өз бийлигин бекемдөөдө бир

канча ирет ордодо кыргын кылды. Көөнүнө жакпаган же сөзүнө каяша кылып айтканын кубаттабагандарды күмөндөп, ордо обозгер, бийлерин эч аябастан чечкиндүү түрдө тазалап турду. Бир эле амир, обозгерлерин гана эмес, өзүнүн бир туугандарын да кылчалык аянбастан, ичи оорунбай өлтүрдү, зынданга салды. Же, башка жерлерге сүргүнгө айдап, өзүнөн алыстатты. Хандыкка караган калаалардын акимдерин, найыптарын, бектерин көңүлгө албай бат-бат алмаштырды.

Ал өмүрүндө (тээ Кучар,Чалыштагы найыптык кылган убагынан баштап) көп согуштук жүрүштөрдү баштады. Жаркен хандыгынын борбордук бийлигин колго алгандан баштап, көбүнчө согуш жолу менен мейли ички козголоңдорду тынчытуудабы, мейли четки элдерден маселелерди чечүүдө болсун, көбүнчө куралдуу күчтү колдонуу менен бат-бат согушууну козгоп, бир жылда бир нече ирет жортуулга чыгып турду. Мурдагы согушка аттанганына араң бир жылча болгонуна карабай ары көлөмдүү, ары баскынчылык жортуулга аттанган эле.

Учу-кыйры билинбеген эсепсиз колдун алды Улуу-Чаттагы Жасы жанындагы Кызылдын дарыясын кечип өтүп жаткан кезде, арты Масайылдын белин ашып, Кең- Шибер өзөнүндө келе жатышты. Жаркенден башталып, Кашкардан уланган мээ кайнаткан ысыктан кутулушуп, денени тытмалап, жүдөткөн чымын-чиркейлердин азабынан арылган ат-улоо, төөлөр эгиз тоолорду аралай, арымдарын кенен шилтеп калышкан. Адамдар да салкын абанын жанга жагымдуу таасиринен улам көңүлдөрү көтөрүлүп, кыймылдары да тетик. Кошуун менен бирге азык-оокат, жем-кашек, курал-жарак тарткан кербендер ар бөлүктүн алды-артында уланып, үзүлбөй ээрчишет. Кысыктуу кокту-колот, тар жайларга келгенде бири-биринен жол талашып, кыйкырып-бакырган жүктүү кербен тарткандарга улам-улам чубашкандарга жоолуга калып жатышты. Баш аякка созулган кошуун бир нече багытка Сарт ашуу, Терек Дабан, Алайку ашуулары аркылуу ашып, сойлогон ажыдардай акырындык менен билинбей эңкүлөп келе жатты.

Эчен түйшүк менен тоо-ашуулардан өткөн кошуун жайык-түзөңдөргө келгенде токтоп, бир топко тыным алышты. Дал ошол учурда хан кол башчыларды жыйнатып, кеңеште Баш обозгер мырза шаа Мансурбек ханга кайрылып:

- Урматтуу хан улугум, жансыздардын маалыматына караганда, бул тарап биздин келгенибизден кабарсыз экен. Учур биз үчүн өтө пайдалуу болуп турат. Сиз туура көрсөңүз, негизги кошуун ушул

жерде бир нече убакытка аярлап турсак. Ага чейин Ош, Өзгөн калааларына бир кошуунду жөнөтсөк. Алар билинбей барышып, аял-үйөлгө келтирбей калааларды ээлешсе. Бул аракетибиз ишке ашканда Анжиянга жол ачылат. Дарыянын ташкынындай болуп заматта кирип барабыз.

- Таксыр хан улугум, баш обозгердин айтканы туура. Ушул бойдон илгерилей жол тартсак, көргөн-билген эл үркөт. Жашынарга жай издешип, ар тарапка чачыла качышат. Экинчи жагы бири-бирине кабар беришип, калаадагылар сепилдерин бекемдеп, бекитип алышканда кырдаал татаалдашат. Андай болбос үчүн узак жолду басып келген кошуундагылар баш-аяктарын жыйып тыныгышсын. Учуру келе калганда, селдей каптап барып Ош-Өзгөн калааларын басып калалы. Себеби, бул эки калаа Парганаы алуудагы түйүндүү жерлер болгондуктан барынкор бөлүгү болуп эсептелген Хотен менен Жунгар кошуунунун башчыларына биз да көмөктөшүп, жергиликтүүлөргө туйдурбай, чабуул жасап, өрттөй каптап кирип, Анжианга жол ачалы. Ошол кезде жамы кошуун, эч бир каршылыкка туштукбай Анжиан калаасына жетип барат.

- Айткан сунушуңарга кошулам –деди хан, акылчыларынын айтканына шыктанып. Силер айткандай аракетибиз бир учурда башталышы керек. Жалпы кошуундагы обозгер, бөлүктөрдүн башчылары, бул айтылгандарды уктуңарбы? Аталган эки бөлүктөгүлөр калааны алган соң, тездик менен жеңиш кабарын мага жеткиресиңер!

Хан жардыгын аткарууда алгач Ош калаасы, андан соң Өзгөн калаасы алынгандыгы билдирилди. Хан башындагы кошуун Анжианга карай багыт алышты. Алдыда Кашкар, Жанысар бөлүгүнүн башчылары Жолборс хан, Сатинбий, шаа Базбектер кезиккен тоскоолдуктарды тазалап, каршылык кылгандарды кыйратып, жол ачышты. Кыска убакытта Анжиан калаасына жете келишип, «Мырза дарбазасынын» удулуна туш жерге, чатырларын тигишти. Хан башчылыгындагы ортоңку бөлүк калаанын «Какан дарбазасынын» маңдайына жайгашышты. Калган бырынкар, Жунгар бөлүктөрү калаанын башка дарбазаларынын маңдайларын ээлешип, калаа хандын кошуундарынын ортосунда калды.

«Мырза дарбазасынын» удулундагы «Күл дөбө» деп аталган, бийик дөбөнү көргөн хан:

- Алдагы дөбөдөн, калаанын чар тарабы көрүнгүдөй. Ары ыңгайлуу да жай экен. Дөбөнү алып, менин чатырымы ошол жерге тиккиле!-деп аскер башчысына буйрук берди.

Кошуундагылар жабыла дөбөгө чабуул жасашты. Калаадагылар аларды өздөрүнө жакындатышкан жок. Эрте менен түшкө чейин улам-улам кайталанган чабуул артка кайтарылып, дөбөдөгүлөр аларга моюн сунушпады. Аргасы кеткен Жолборс султан шаа Базбек менен Сатимбийди өзүнө чакырып алып:

- Кана, кандай кылабыз? Кантип, чара көрөбүз?-деп тынчы кете, кабагын бүркөдү.

- Кандай чара болмок эле, урматтуу султаным! -деди жаны кашайган аким шаа Базбек-ушул ишке өзү күнөөлүдөй, жаны ачыша. колду тындырбай каптатып жатабыз. Кара жандарын карч уруп, жапырып киришсе да туруштук берип, ээлеген орундарынан карыш да жылышпай, жакын да жолотушпай жатышат. Тим эле, баары жандарынан түңүлгөндөй, жалтанышпайт.

- «Күл дөбөнү» ороп, көп колду каптаткыла!-деди Жолборс султан аскер башчыларына каардана. «Күл дөбөнүн» алынганын, хан улугубуз билгиси келди.

-Эмнеге кабар билдирилбейт?- деп, каарданып жатат-деди хандын чабармандары, удаама-удаа суроо беришип.

Алдыңкы саптан кабар келбей, убакыттын созулганына чыдамы кеткен хан кош чабарманын жиберген эле.

- Урматтуу улук ханыбызга маалымат. «Күл дөбө» бийиктиги колго алына элек. Бир нече ирет чабуул жасалганына карабай, жергиликтүүлөр жакын жолотушпай жатышат. Терең аңга суу толтурулуп, жалаң мергенчилер тандалып коюлуптур.

Кош чабармандан кабар уккан хан андан бетер каарданды.

-Кичинекей жерди ала алышпай, эмне кылып жатышат! Бир дөбөнү ала алышпаса, дарбазаны качан алышат?

Хан тынчсыздана ары-бери басып, ийилип турган кош чабаганчыны карабай туруп буркулдады.

- Айткыла! Ак-Суунун акими, мырза Заитбек менен Барчуктун акими, мырза Пазылдар колдорун алып, тигилерге жардам берсин! «Күл дөбө» алынбаса, кол башчыларды байлап, мага алып келишсин!

Хандын каарданганын уккан шаа Базбек баш болуп Ак-Суунун, Барчуктун акимдери колдорун «Күл дөбөнүн» этегине биринин артынан, бирин тизип, салышты. Алар өлөр-тирилерине карабай, чабуулга өтүштү. Жан тигип жүрүшүп, бир нече сааттык согушта «Күл дөбө» ээленди.

Дөбөнүн этегиндеги суу толтурулган терең аң адам өлүгүнө толду. Ал тургай дөбөнүн чокусуна чейин шыкалган өлүктөн улам,

алыстагыларга дөбө капкара болуп көрүнүп турду. Баскынчылар дөбөнүн алынганына шыктаныштыбы, же хандын казабынан сестеништиби, кошуундагылар жабыла дарбазаларга бирдей мезгилде чабуулга кириши. Ач айкырык, чуру-чуу калаанын ар тарабын каптады. Калаанын коргоочулары катуу каршылык кылышты. Кармаш бир нече күнгө уланды. Алгачкы болуп «Мырза дарбазасы» ээленди. Кошуундагылар удаа-удаа чабуулга чыгышып, сепилдин айланасы өлүккө толду. Ага карабастан дубалга жармашышып, бирин-бири жөлөп, шатыларга чыгышып, сепилдин жер пайын көөлөшүп, бардык аракет дарбазаларды, дубалдарды бузуп, кыйратууга жумшалды. Кызыл-кыргын, чуру-чуу, күрү-күү, күн-түнгө уланды. Атылган мылтыктар, дарылардын күркүлдөп жарылышы, калаадан бир нече чакырым алыстагыларга угулуп жатты.

«Мырза дарбазасынан» соң, бир күндөн кийин «Хакан дарбазасындагылар» жеңилүүгө дуушар болушту. Эчен жолку чабуулга капталган калаадагылар айлалары куруп, чегинүүгө мажбур болушту. Көбүнүн азыгы түгөнүп, чаалыгып чарчашты. Кошуундагы бардык бөлүктөгүлөр жабыла жамырап, калааны каптап кетишти. Баш көргөндү, көз көрбөгөн алаамат айкашта, Жаркен хандыгынын атактуу амирлеринин бири мырза Жунусбек баш болгон бир нече кол башчылар согушта шейит болушту. Бул абалды билген Жолборс хан, шаа Базбек, Сатим бийлер чочулашып, өздөрүнүн жоопкерчиликтери чоң экендигин сезишип, шашкалакташып, хан алдында баштарын ийип турушту.

- Урматтуу алдаяр ханым! Кармаш катуу жүрүп жатат. Калааны ээлөөгө аз калды. Бирок, кайгылуу кабарды сизге билдирүүгө туура келүүдө. Кашкардын урматтуу улугу, ордонун атактуу амирлеринин бири болгон Жунусбекке душмандын огу тийип, шейит болду. Сиздин алдыңызда биз күнөөлүүбүз?

Урматтуу баатыр амирибиздин өлүмү хандыгыбыз үчүн зор жоготуу. Биз аны сактап калуубуз керек эле. Бизге кандай жаза берсеңиз, даярбыз?

Жунусбектин өлүмүн уккан хан каарданып:

- Бардык амир, кол башчылар бир нече убакытка согушту токтотушуп, хандыгыбыздын атактуу амири, мырза Жунусбекке аза күткүлө! Маркумдун сөөгүн таза жууп, ак кепиндеп, мусулман эрежеси боюнча жерге бергиле! Анын өчүн алуу үчүн калааны алууну тездеткиле! Аким мырзаны өлтүргөн мыкаачыны таап, менин алдыма алып келгиле! Байыртан берки эреже боюнча бул

жерлердин мурастуу ээси мен болгондуктан Анжиан калаасындагылар дарбазаны өздөрү ачып бериши, мени тосуп алуулары керек эле. Бирок, тоң моюндук кылышып, калаа башчылары тескерисинче катуу каршылык көрсөтүштү. Менин атактуу амирим, мырза Жунусбек ошолордун кесепетинен мерт болгондуктан калаа үч күнгө талап-тонолсун. Мейли, бийлик башындагыларбы, калаа байларыбы, бардыгынын көзгө көрүнгөн, колго тийген алтын, күмүш, дүр-дүйнө, мал-мүлктөрү тартып алынып, бир бөлүгү хандын казынасына тапшырылсын. Экинчи бөлүгү эрдик көрсөткөндөргө сыйлыкка берилсин!

Жоокерлерим жана кызматкерлерим үч күн ичинде каалаганча ичип-жеп, ойноп, тамаша кылышсын! Көөндөрүнө жаккан иштерди жасоого кеңири жол коюлсун. Бирок, үч күндөн кийин мурдагы тартип-түзүм калыбына келтирилип, кошуундагылардын барк-баасы сакталсын!

Хандын жардыгы аткарылды. Үч күнгө созулган ызы-чуу, кыйкырык-өкүрүк басылбады. Анжиан калаасы кыяматка айланып, адам көргүс кордукка, эстен кеткис соккуга дуушар болду. /ч`күндөн соң, хандын буйругу менен калаанын акими баш болгон, башка мансаптар дайындалды. Кошуундагыларга чоң зыяпат берилип, бөлүктөрдөгү топтор топтолуп, иретке келтирилип, олжолор эсептелип, баатырдык көрсөткөндөргө сыйлыктар ыйгарылды. Жортуулчулар жеңиштин шаңы менен кайра кайтышты.

Ортодон көп дале убакыт өтпөсө да хандын Анжиандагы жеңиши көңүлүн көтөргөндөй болуп, бир эле ордодогуларда гана эмес, жалпы эле хандыктын карамагындагы аймактарда оозго алынып жатты. Баатырларга берилген сыйлыктар, өзгөчө кызмат көрсөткөндөр колдоого алынып жаңы дайындоолорго болгон ыраазычылык удаама-удаа ханга жетип, анын көңүлү мурдагыга караганда бир кыйла шайдоот эле. Жеңил кийинип, гүл бактын ичинде сейилдеп жүргөн. Алыстан эшик аганын карааны көрүнүп, ал айбыккан түрдө, кылчая берген таксырына таазим этти.

-Эмне? Жаңылык айтканы турасыңбы?-деди, хан зоңк эте.

-Урматтуу хан улугум, өткөндө Анжианга баш кылган акимиңиз, сизге жолугууну зынарлап суранып турат-деди эшик ага жер караган боюнча.

- Анжиандын акимиби?

Ойго келбеген сөз айтылганга хан, бир чети таң калгандай, экинчиси чочугандай сурай кетти.

- Ооба,таксыр. Анжиандын акими көрүшсөм дейт.

Хан кадамын тездете ордосуна келди. Ары жүдөө, алыскы жолду басып, чаалыгып-чарчагандан өз кийими, өзүнө жарашпай, оң- алеттен кеткен бирөө маңдайында турду. Ал кирери менен босогодон өтпөй жатып, хан тактынын алдына төрт бүктөлө жүгүнүп, чекесин жерге тийгизе:

- Алдаяр улугум! Дат-байрат. Сиз кайтып, аттанаарыңыз менен эле анжиандыктар өздөрүнчө күбүр-шыбырга түшө башташкан. Узун кулактардын айтуусунда сиздин барып, элди чаап, өз адамыңыз деп, мени койгонго, көбү нааразы имиш.

-Хан өзү мусулмандарды башкарып, исламдын эрежесинде иш алып барганы менен, кайырдиндегилерден өткөн талап-тоноого, зордук-зомбулукка жол берди-деген сөздөр чоңунан-кичинесине чейин айтылып жатыптыр.

- Ким хандын саясатына каршылык кылып, жаман сөздөрдү айткандар абака алынсын деген буйрук бердим. Заматта түрмө ичи күнөөлүүлөргө толуп кетти. Күндө ордонун айланасы чуру-чуу. Бир күнү эрте менен жарак көтөргөндөр көчөгө батпай ордону тегеректеп алышыптыр. Эшик ага, менин жардамчыларым чуркап, жетип келишти.

-Тополоңчуларга билинбей, эптеп келдик дешти

-Жаркен ханынан мансап алгандар, элге бийликтерин тапшырып беришсин!»-деп эл чуу көтөрүп жатышат. Болбосо, алардын бийлигин күч менен тартып алабыз-деп жатышыптыр.

-Мен жер алдындагы жол менен ордого кирип, ошол күнү ордодо түнөп калган мансаптагылар менен кеңеш өткөрдүм. Бардыгы бир ооздон:

- Улук хандын буйругусуз, эч нерсе кыла албайбыз. Тополоңчулардан коркуп, улук ханыбыздын буйругуна баш буруугa болбойт. Козголоңчулар көпкө терс таасирин тийгизбесин. Аларга сес кылып, атышса атышалы. Чабышса чабышалы деп, ордо коргоочулары бир бүтүмгө келдик. Бирок, тополоңчулар улам көбөйүп, ордону толук тегеректеп алышты.

-Анжиандыктардын өкүлү болот!- деп сиз дайындаган киши, эсиңизде бардыр. Ал мага келип:

- Түп көтөрүлө келгендердин түрү жаман. Сиз менен биздерди өлтүрүүдөн кайра тарткыдай эмес. Мен эптеп сизден калгандар менен ордону кармап турайын. Капыстан сиз кырсыкка учурасаңыз, улуу урматтуу Жаркен ханына кантип жооп бере алабыз? Бул тополоңчулар ачууга берилишип аны билбей турушат. Улуу хан кайрылып келсе, Анжиандыктардын чоңунан кичинесине чейин жаза

тартып калышаарын эстерине алышпагандай. Мен сиздин ордуңузда элге жооп таап, алаксытып турайын. Сиз өзүңүзгө ишеничтүү бакыбат үч коргоочуну алып, тезирээк жолго чыгып, ханга барыныз?-дегенинен анын акылын макул көрдүм.

Ордодогу калгандар да сиз дайындаган өкүлүңүздүн сөзүн кубатташып, менин тез жолго чыгууму талап кылышты. Мен ордо алдындагы жашыруун жол менен качып чыгып, күндөп-түндөп жол жүрүп, дабан ашып, суу кечип, эчен кыйынчылыктарды көрүп. Кашкарга эптеп жеттим. Ал жердеги обозгерлериңиз мени сизге алып келишти. Сиздин алдыңызда мойнумдагы күнөөм оор экенин билем. Тагдырым сиздин колуңузда. Кандай жаза берсеңиз, мен ыраазымын, таксыр улук ханым-деп кайра-кайра ийилип өтүнүп турду.

Хан маалыматты баштан-аяк, бир чекитти теше тиктеген бойдон унчукпай укту. Бирок, ичинде ачуусу шакардай кайнап, өңү улам кумсара, жаак булчуңдары кыймылдап, бети-башы диртилдеп чыкты.

-Алдырап-шалдырабай туруп сүйлө! Наразылык кандайча чыга калды? Мага себебин айт!

-Алдаяр улугум, себеби эле сиз кеткенден кийин анжиандыктар, ал тургай башка калаадагылар наразылыктарын ачык эле элге угуза айтып жатышты.

-Ток этер жери, эмне дешти?

-Согушта жеңиш-жеңилиш болуп келген. Бирок, мынчалыкка барышпаган. Зордоп-зомбулук, талап-тоноочулукта мусулман баласы мынчалыкка барбайт. Жаркендиктер бизди кайыр-дин-дегилерден ашып кордоду. Алардын кордугун, маскарлаганын көрүп-билип туруп, кантип аларга баш ийип, букарасы боло алабыз. Алардын каракчылыгы, мыкаачылыгы, өчпөс өчтү, кетпес кекти пайда кылды. Биз аларга атадан балага душман болобуз. Атасын, энесин кордогон душманды балдарыбыз аябайт. Кегибизди балдарга мураска калтырабыз-дешип ачык айтышып, кыйкырып жүрүшкөнүнөн аларды түрмөгө алдыргам.

-Мен дайындаган мансаптуулардын көздөрү барбы?

-Алдаяр ханым, баардыгынын амандыгын биле бербейм. Бирок, ордо кызматкерлери мен барымда аман-эсен турушуп, мени сизге жөнөтүштү.

-Тополоңчулардын башында кимдер бар? Аны билүүгө кызыктыңбы?

-Урматтуу улугум. Алардын башында мурдагы калаа башчылары бар деп айтышты.

Мындан мурун Ошту таламайга алган ханга болгон өчүбүздөн кайтпайбыз -дешиптир Оштогу кыргыздар.

-Анжиандын мурдагы бегинин башын алдыргам. Азыркы тополоңго баш болгон кимдер деген?

-Көбүн эсе кыргыз, өзбек, тажиктердеги атка минерлер, бийлер, бектер деп уккам.

-Кыргыздардан кимдер экен?

-Көбүн эсе кыргыздын оң-сол, ичкилик уруу башчылары деп айтышкан.

- Мм…Кимдин кимдигин эми сынайт экенбиз-деп хан каршы-терши басып, салааларындагы кымбат баалуу таш чегилген шакектерин жалтылдата манжаларын айкалыштыра, боюн жазганча:

-Бара бер! Анан, зарык болгондо өзүм чакырам деп, ээгин сырты көздөй серпти.

-Аягыңыз баш үстүндө болсун, улук ханым-деп Анжиан беги кетенчиктеп чыгып жөнөдү.

Хан ордо кеңешин шашылыш чакырды. Он күндөн ашык ат моюндап жүрүп, араң жеткен калаа башчылары, обозгер, амирлер, чабаганчы барганда:

-Эмне балакет болду?-деп элтеңдешсе, жакынкы аралыктагылар- Адаттагыдай эле, баягы чакыруулардын бири катары кабыл алышып, белгиленген күнгө жетип келишти.

-Менин баскан изим эскире электе, тополоңдошуп, көтөрүлүш чыгаргандарга, баш ийбегендер кандай болоорун билдирип коеюн. Менин бут алдымда турганда «макул» деп жүгүнүшүп, артымдан кол кайруу кылгандарды бет келип, бир көрөйүнчү. Тикесинен тик тургузуп, жүрөгүнө кол салып, өпкөлөрүнөн сары суу чыгарсам кантишээр экен?

-Кетти. Эми келбейт деп ойлошсо керек! Колумду сунсам, каалаган жерге жетерине маани беришпегенби? Же менин ким экенимди тааныбай жатышабы? Атасы гана эмес, баласынын баласы атымды укканда «селт» эте турган кылбасам, буларды.

-Өчүбүз өчпөйт, кегибиз кетпейт. Ал мураска калат. Жаркен хандыгын болгон өчүбүздү балдарыбыз алат дешиптир. Ошол төрөлө турган балдарды, энелеринин курсагынан жарып алсам, мени ким кой дейт? Баш көтөргүс кылам! Кырам, жоем. Ооз ачкыс болсун. Тилдерин кесип, сүйлөгүс кылам. Кана, обозгер,

амирлерим, кол башчылар эмне дейсиңер? Жортуулга аттанганы турам. Анжиан деген атты өчүрүп, ал жерди өрттөп, жашоо болбой турган чөлгө айландырам!

Хандын чекчейген көздөрү чанагынан чыгып кетчүүдөй болуп, каары бетинен тамчылап турду. Ордо сарайда отургандардын биреөнөн да сөз чыкпады. Баары жер карап, шылкыйып турушту. Биреө эле баш көтөрүп, тике караса;

-Ал ушуну-деп хан сөөмөйүн кезеп, баш кесерине буйрук берчүүдөй туюлуп, отургандардын денелери титиреп, кан тамырлары дүүлүгүп, төбөлөрүнө чыкты.

Ортолук тым. Быш эткен үн, кыймыл да жок. Каары кайнап, заары бетине чыккан хан, бул ишке отургандар күнөөлүүдөй, адатынча ар бирин кыдырата көзүнүн төбөсү менен сүзө карап, тиктеп турду. Карышкырды көргөндө жүрөгү түшүп, корккондунан куйругун чатына кыпчып, кыймылдоого кубаты жетпеген күчүктөй, обозгер, амирлер, кол башчы, калаа акимдери титиреп турушту.

Абалды толук түшүнүп, оор кырдаалдан отургандарды чыгарып кетүүнү өз мойнуна алууга тобокелдик кылган баягы акыйкатчыл Субанкулубек, калыс сөзүн ортого таштады.

-Кадырман ханыбыз урматтуу улук таксыр! Сабыр. Сиздин жана жан- жолдошуңуз сабыр –дегенде, дымыккан көпчүлүк, оор жүктөн арылгансып үшкүрүнө кыймылдоого алы келбей, баягы эңкейген калыптарын бузбай, кирпиктерин серпе, хандын жүзүн аяр тиктешти.

-Сабыр деген сөзгө ынандыбы, же ачуусун жутуп, өзүн токтоттубу хан ээрдин тиштеп,Субанкулубектин үнү чыккан тарапка кулак түрө, бурула карады.

-Сабыр кылыңыз? Бул ишке бизди чакырып, туура кылып жатасыз. Сизди жаамы хандардын арасындагы эң акылман хан катары баарыбыз жакшы билебиз. Биздин туура эмес айтып, ашыкча сүйлөгөнүбүздү терең акылыңызга калчап, сабырдуулук менен тескеп келесиз.

Сиз, биз баш болуп, алабармандыкка барбайлы, алдаяр ханым? Жакында, кечээ күнү эле келдик. Быйылча кое туралы? Адамдарыбыз гана эмес, ат-улоолорубуз да арып чарчашты. Кандуу жүрүштүн ардыгы да чыга элек. Анын үстүнө элде айтылгандай: «дарактын кабыгы, бир жылда эки сыйрылбайт». Бир жылда эки ирет жортуул жасасак, хандык казынага тескери таасир берип, бөксөрөт. «Кашыктап жыйганыбызды, чөмүчтөп чачпайлы». Элди наразы кылып албайлы? Быйылча абдан камынып, колду, ат-

улоолорду абдан тыныктырып, келээрки жылы жортуул жасасак кечикпейбиз. Сиз менен биз каалаган ишти жасасак, ким тоскоол болмок да, кимдер тыя алмак? Улугум ушуну акылыңызга дагы бир калчап көрүңүзчү?

-Болбойт! Келээрки жылга создуктургум келбейт. Баш көтөрүп, тоң моюндук кылгандардын адебин бербесем, бугум чыкпайт. Башка кеп-сөз болбосун! Бардыгыңар кайтып барып, баштагыдан да жакшы камынып, он биринчи күнү жолго чыккыдай болгула!

- Баш обозгер! Менин жардыгымды, бардык жайларга чабармандарды жиберип, тез арада жеткиргин. Бул жортуулга Ак-Суу калаасынан берки тараптагы калаа-аймактардын кол бөлүктөрү катышсын. Кучардан аркы тараптагылар катышпайт. Себеби, жер алыс. Убакыт чукул. Алар үлгүрө алышпайт. Бул жүрүштө Хотен, Жаркендеги бөлүктөр алдын жолго чыгышат. Айтканым эки болбойт. Буйрук сөзсүз аткарылуусу тийиш!

-Он күн аралыгында Жаркен, Хотендеги бөлүктөр жете келишти. Алыскы Ак-Суу, Уч тараптагылар келгенге чейин жортуулдун камылгалары иретке келтирилди. Жаркен хандыгынын уйгур, могол жана кыргыздардан куралган кошууну Парганага карай жолго чыгышты. Алдыңкы бөлүктү Жолборс хан менен Сатим бий башкарышып, аз эле күндө Сарт белин ашышып, Талдык дабанына келип токтошту. Ош, Анжиандардагы жансыздарга кабар жөнөтүлдү. Ал учурда Анжиан калаасы Паргана өрөөнүнүн борбору болуп, жака белдеги аймактарга көбүнчө көчмөндөр жашап. жаздоо, күздөө мезгилдеринде алыскы тарапта көчүп жүрүшчү. Эски калаа түптөлгөндөн баштап, түрк элдери анын айланасына отурукташып, кол өнөрчүлүк өнүгүп, соода-сатык иштеринен улам, келип-кеткендердин саны көбөйүп, гүлдөгөн калаага айланган эле. Паргана өрөөнүндө кийинки калаалар али түптөлө элек, чакан кыштакчаларда дыйканчылык, кол өнөрчүлүк колго алынып, аны кармангандар отурукташа баштаган. Кийинки моңгол, калмак жапырыктары улам кайталанганынан көчмөндөрдүн көпчүлүгү Анжиан калаасындагы сепилге калкаланышкан. Отурукташкан адамдардын саны көбөйгөн сайын, сепилдер кеңейтилип, эски сепилдердин дубалдары бузулбастан, сепилдин ичинде сепил болуп, душмандардан коргонууга шарты бар, бир нече убакытка чейин бекинип жашоого ыңгайлуу эле. Калаадагылар баскынчылардан биротоло эле жашынып албастан, кол курап, күрөшкө аттанышып, аларды ыраакка чегинүүгө мажбур да кылышкан.

Калаа жайгашкан аймак суга мол, дыйканчылыкка ыңгайлуу болгондуктан, азык-түлүк камдоого шарты келишип, түшүмдү мол ала алышкан. Жакынкы адырлар жайыт катары пайдаланылып, малга тоют камдоого кең аймактар пайдаланылгандыктан дыйканчылык да, мал чарбачылык да өнүмдүү болгон. Баскынчылардын талоончулук согушу ар кыл улуттагыларды бириктирип, ынтымакташкан каршылыктардын натыйжасында сырттан келген жоо катыла алган эмес. Көбүн эсе Паргана өрөөнүндөгү жергиликтүүлөрдүн арасындагылардын бийлик талашуусунан улам эл жабырланып чачылып, бүлүнгөн.

Кийинки калмактардын бир нече жолку жапырыгынан, айрыкча Жаркен хандыгынын улам-улам кайталанган басып алуу талоончулугунан коркунучка кабылгандар Анжианга калкаланышып, калааны бекем кармоого алышкан эле. Сырткы жоого каршы биримдик түзүүдө бийлик башына хан көтөрүшүп, мурдагы дибан беги, Анжиандын атактуу адамдарынын бири мырза Мамытбектин айланасына биригишкен. Анжиан, Оштун баш бийи кыргыз Бөкөй бий хандын аталыгы болуп эл тарабынан көрсөтүлгөн. Ал эми ордо найыптылыгына жана кол башчылык кызматтарга өзбек, тажиктерден, кыргыз уруу башчыларынан дайындалган болчу. Хандыкка биригүүнүн максаты, эң бир коркунучтуу болуп эсептелген, көптөн бери айлана-тегерегиндеги коңушу элдерге уламдан-улам тынчтык бербей талоонго алган Жаркен хандыгынын баскынчылыгына каршы элдин күчүн шашылыш түрдө бириктирүү эле. Ал кабарды угушкан Абдылда хан менен уулу Жолборс хан кыргыздардын арасына бүлгүнчүлүк салууну колго алышты.

Абдылда хан өзү кол башчылыкка дайындап, ишенимдүү деген Жолболду, Койсары, Жанькан, Учкуртка, Сатимбийлерди чакырып алып:

-Силерге бир тууган туруп, өткөндө Анжианда кан кечкениңерди көрүп-билип жүрүп, Бөкөй бий деген тууганыңар менин душманым болгон өзбектер менен тажиктерге биримдик түзгөнү, болушканы эмнеси? Же силерди тууган катары көрбөйбү? Олжо мансапка кызыгып, силерди тоготпогонубу? Тууган болуп туруп, силерди көңүлүнө албагандыгы, мынан келди адам катары көрбөгөндүгү эмеспи? Же өзбек, тажиктер силерден ысык көрүнүп, алар ага тууган болуп береби?

Ушул жортуулдан пайдаланып, ал тууганыңарды эсине келтирип, ким экениңерди билдирип койгула! Маалыматка караганда Бөкөй бийдин туугандары Алай тоолорун жайлашат

имиш. Алардын адебин аябай берсеңер, силерге экинчи аркасын салбас болот. Эгер андайга баралбайбыз десеңер, даректеринен кабар берип билмексен болуп, жүрө бергиле. Жабылуу аяк, жабылуу бойдон калат. Калганын аткаруучулар аткарып коет.

Хан менен кашыкташ, кызматы менен ынтымакташ болгондон кийин, таксырдын айтканын аткарбаска чара барбы. Аз эле убакыт аралыгында тоо ичинде чуу түшүргөн булаң-талоон башталды. Үлгүргөнү качып кутулуп, жайыттагы мал карактадды.

Бөкөй бий баш болгон уруу башчыларына кабар жеткенде ханга каршы алдын жетишинче алышууга сөз бекиди. Букта даярдык көрүлүп, парганалыктар Анжианды коргоого тикелеринен тик турушту.

Хан баштагыдай багытынан аярлап, Ош, Өзгөн калааларына байырлабады. Түп-түз Анжианга жете келип, алды менен «Күл дөбөнү» алып, эски ордуна чатырларды тиктирди. Калаанын баягы тааныш дарбазаларынын маңдайларына ар бир бөлүктөрдү бекем жайгаштырды.

Арка тараптагы азык-түлүк, кашек-жем, буюм-тайым тарткан кербен түгөл келип бүткөн соң, эртеси таң заардан жалпы чабуул баштоого буйрук берди. Карт Анжиан калаасын курчаган сепилдин алты дарбазасы тең окко тутулду. Душманга мурда маалым болгон «Болун», «Хакан» дарбазаларына карай чабуул борборлоштурулуп, кошуундун негизги бөлүктөрү дал ушул эки дарбазаны алууга катуу киришишти.

Анжиандыктардын атайлап, букта даярдыктары баскынчылардын уламдан-улам сүрүлгөн чабуулдарынын мизин кайтарып турду. Сепил ичинен атылган замбиректердин, мылтыктардын жадакалса, жаа окторунун бирдей атылып, таамай тийиши жаркендиктерди эч бир жакындатпады. Жоо канчалык кайраттанып, кайра-кайра сүрүлө келишсе да, сепилдин дарбазаларына жете алышпады. Үч күнгө созулган кармашта, эч бир ийгиликке жете албаган кошуунуна хан аябай ачуусу келди. Кол башчыларын топтоп алып, тезирээк сепилди алууну талап кылып жатты. Аңгыча болбой анжиандыктар сүйлөшүүнү сунуштаган кабар келди. Канчалык зордугунан тыянак чыкпаганына кыжырданган хан, сунушка дароо макулдугун билгизди.

Эки тараптан элчилер чыгышып, жолугушуу убагын, сүйлөшүүнүн тартип, эрежесин макулдашышты. Эртеси белгиленген убакта Бөкөй бий аталык баш болгон, Мамыт хан, Сүйүнчүк найыб, Жантек бий өңдүү бийлик башындагылар сепилден чыгып келишти.

Хандык тараптан Абдылда хан өзү баш болуп, баш обозгер шаа Мансурбек, хандын уулдары Жолборс хан, Нурдин хан, Абдылда хандын бир тууган иниси Ысмайыл хан, баш болгон бектер бирге отурушуп, сүйлөшүүгө катышышты.

Абдылда хан ичинен табалап.

-Абалыңар ушул экен го. Акылыңарга эми келдиңерби? Чама-чаркыңарга карап, паана издебейсиңерби?- деген ой менен кечирим сурайт, өтүнүч кылат деп ойлоду.

Саламдашып, сурашуудан соң, Мамыт хан жолугушуунун максатына токтоло кетти.

-Урматтуу Абдылда хан жана Жаркен хандыгынын обозгер, амирлери, кол башчылары жана найыбтары! Сиздер жергебизге кайсыл максат менен келбеңиздер, биз үчүн меймансыздар. Алдын мен жалпы Паргана эли, айрыкча Анжиан элинин атынан сиздерди конок катары тосуп ала тургандыгымды билдирем. Расмий кепке өткөндө, сиздер келип бизге чабуул жасаганыңарга үч күн болду. Аесуз кан төгүү эки тараптан тең болууда. Эл согуш азабына кириптер болушту. Бүтүндөй Паргана өрөөнүндөгү карапайым калк тынч тиричилигин өткөрө албай, ар күнү кыжаалат тартып, жан кайгысында, коркунуч менен жашап жатышат. Биздин максат тынчтык бүтүмүнө келүү. Сиздерге алтын-күмүш, дүр-дүнүйө, мал-кел керек болсо, канчалык берип-алууну чечели. Алаарыңарды алып, жылуу-жумшак кайра тарткыла. Биздин, силердин элиңер, ар жыл сайын согуш коогасын тартпай тынч жашашсын. Бул сунушка, азирети хан кандай карайсыз?

Абдылда хан өзүнө тең ата көрүнүп, каадалуу хан баштанып, чакан гана калаада хан аталып отурган Мамыт хандын сүйлөгөн сөзүнө, берген суроосуна тыржыйып, ачуулана кетти.

- Эмне, силер бизди мал-мүлктү карактоочу каракчы санайсыңарбы? Бизди дүр-дүнүйө, мал-кал, жер деп келди деп отурасыңарбы? Билесиңерби? Бул Паргана менин ата-жотомдун эзелтен берки ээлеген ээлиги. Бир мезгилдеги калайманчылыкта бул жерлер өзбек шайбанилер тарабынан басылып алынды. Бирде аларга, бирде башкаларга таандык болуп келди. Мен ата-бабаларымдын мураскору катары Парганань кайтарып алганы келдим. Өткөндө кайтарып алгам. Силер мага кыянаттык кылып, тополоң чыгарып, менин ээлигимди, бийлигимди тоготпой ээлеп алдыңар. Ал кылганыңар тоготпогондук эмей эмне? Ийилбеген башыңарды ийип коеюн, берилбеген адебиңерди берейин, чала берилген жазаны, толук берейин деп келип отурам.

Бул жерде кайдагы дүр-дүнүйө, алтын-күмүш эмес, жер ээлиги маселеси турат. Сөзду көбөйтпөй, калааны ыктыярыңар менен тапшыргыла. Мага ушул эле керек. Ачык айткыла! Калааны жакшылыкча тапшырасыңарбы, баш ийесиңерби? Ушуга жооп бергиле!

-Эй, Абдылда хан-деп кайрыла кетти Бөкөй бий аталык, кекерлүү үн катып.

-Хан-хан деп койсо, эмнеге эле оңурандайсың? Сен бизге өктөм сүйлөп, талап кылгыдай, кимсиң? Сен опузаңы Жаркенге барганда кыл. Биз сени менен тең сүйлөшкөнү келдик. Бир өзүбүздү эмес, эл деп келдик. Сен «Менин Ата-жотомун жерин кайтарып алганы келдим» -дейсиң. Ошол ата-жотоң бул жерге ээлик кылган заман кайда калды? Тээ чоң бубаң Жунус хандан бери эсептегенде жүз элүү жылдан ашык убакыт өттү. Бул жерлер Жунус хандан мурун башкалардын ээлигинде болгонун билбейсиңби? Кайсы мурасты айтасың? Ошол сөөгү сөпөт, дени топуракка айланып, тозуп жок болгон ата-жотоңун мурасын кайтарып алам деп ойлодуңбу? Айтканыңа карап, баам салсам, акылсыз хан көрүнөсүң. Ал мезгилдер кайда калды? Азыр кайсы мезгил?

Сен баятан бери күпүлдөп, «ийилбеген башты ийип, адебин ашыра берейин деп келдим» -дейсиң. Өткөндө күнөөсүз элди чапканың аз келгенсип, үч күнгө удаа карактап, кылбаган кылыгың, көрсөтпөгөн азабың калбады эле, эми, эмне кылмаксың? Дагы, да кылаар кандай касаптыгың, кан күсөгөн желдеттигиң бар? Угуп кой, Айтаар сөзүм ушул. Чапкынчылык кылып, тынч жаткан эл-жерди бастырып келгениңе сен уялбасаң, биз уялып, кеп сурайлы. Сунуш, пикирин билели дедик. Жакшылыкча баркыңды кетирбей, берген дүр-дүнүйөнү алып кайт. Болбосо зордугуңа салып, баш ийдирем дегениң, уктагандагы түшүң болсун. Алышып көрөлү, өлүшмөйүн калышпайбыз.

Абдылда хандын бетинен түгү чыгып, денесин титирек басып, калчылдап, ойдолой баштады.

Бөкөй бий аталык сөзүн токтотоор замат, шаа Мансурбек шашып сүйлөп кирди.

-Ай, ай Бөкөй бий. Этияттана сүйлөңүз. Адепти кармаңыз. Алдыңыздагы азирети, чоң элдин хандарынын ханы. Хан ачуусу келип, катуу сүйлөсө да, сиз катуу кетпешиңиз керек.

Сүйгүнчүк бий оозуна, -обдулуп!

-Урматтуу баш обозгер, сиздин айтканыңыз адилеттик эмес. Абдылда ханыңыз бизди өз кулундай көрүп, бакырып-өкүрсө боло

береби? Бөкөй бий ага жооп жандырса болбойбу? Бөкөй бийге адептүүлүк болушу керек экен. Абдылда ханга адептин кереги жокпу? Ханды биз калыс деп билебиз. Ханыңыз, эмнеге калыстык кыла албайт? Бөкөй бийдин айткандарынын баары жөндүү жана чындык. Мурдагы эле калаада кылган мыкаачылыгыңар менен каракчылыгыңарды кое турганда да, кечээки эле Бөкөй бийдин журтунун ойронун чыгарып, урук-туугандарын кырып-жоюп, жайытын карактадыңар, ушул да мусулмандын кылаар ишиби? Өчүңөр болсо, мына Бөкөй бий мында турат, өзүнөн алгыла. Эмнеге күнөөсүз элине, урук-туугандарына желдеттик кыласыңар? Дагы да адептен ашпаган, өзүн ачууга алдырбаган Бөкөй бий экен. Эгер ушул иш сиздин башыңызга келсе, эмне болоор элеңиз? Биз бүтүмгө келели, сүйлөшүүдөн тыянак чыксын деп жатабыз. Эки тараптын сүйлөшүүсүнө эрк беришибиз керек.

-Талашты токтотолу да, сөзгө өтөлү-деп Мамыт хан арага түштү.

-Сөздүн ток этээр жагына өтөлү. Абдылда хан улугум, ойлонуп көрдүңүзбү?

Мыназалашып кайтасызбы, же чапкынчылыгыңызды улантасызбы? Кесип айтыңыз? Биз «эл жапа чекпесин, бекерден бекер кыргын болбосун» деген ой менен келдик. А сиз, айла таппай, багынууга аргасыз болуп, коркушканынан келди деп отургандырсыз. Бир ооз сөзүңүзгө карайлы.

Хан өзүн бийиктен көрүп, төмөн түшкүсү келбеди. Кайдагы не улук даражасы тең келбегендер, аны күнөөлү санап, талап коюп, ортого алышканына теригип, жон түгү тескериленди. Баягы эле өкүмдүгүнөн жазбай:

-Силер бизге багынууга эмес, сынаганы келдиңерби? Жанатан бери кайдагы сөздөрдү айтып, былжырап, убактыны эмне созосуңар? Ток этээр сөздү айтканда, бул жерге сейилдегени келген жокмун. Же алтын, күмүш, дүр-дүнүйө самап, силерден алганы келген жокмун. Мен эл-жер ээлегени, Паргана өрөөнүн өзүмө каратканы, силерди баш ийдирип, түбөлүк бийлигимде болууңарды каалап келдим. Мага жомок айткансыбай, тизеңерди бүгүп, башыңарды ийип, калааны тапшырарыңарды айткыла! Болбосо, зордук-зомбулук менен алам. Каяша кылганыңарды тукум-курут кылам. Бир эле Анжианды гана эмес, Паргана өрөөнүндөгү кайсыл гана аймактар болбосун мага бүгүлбөсө, чөгүлбөсө таш-талканын чыгара ойрондоймун! Уктуңарбы, эмне дейсиңер?-деп буркан-шаркан түшө күпүлдөдү.

Мамыт хан ордунан шарт тура калып:

-Макул. Силер менен жакшылыкча сүйлөшө алгыдай эмеспиз. Өткөндөгүдөй багынып берет деп ойлобогула! Калайык калктын тагдыры силерге оюнчук экен. Элдин убалы мойнуңарда. Баскынчылыгыңардан, чапкынчылыгыңардан кайткыдай эмессиңер. Алыңар жетсе, асманды таштап жибербейсиңерби. Талаш тагдырды кан майдан гана чечкидей. Айкаш, кармашта көрүшөлү.

Анжиандыктар ат тизгиндерин кайра тартышып, калааны көздөй чүү коюшту.

Элдешүү эстен көтөрүлдү.Тагдыр таразага салынып, айкашуу гана калды. Кармашты кандай ыкмалар менен жүргүзүү ортого коюлду. Эртеден кечке чейинки талаш-тартыштын бүтүмүндө:

Коргонуу согушуна биринчи сепил, дарбазаларды бекемдеп, бышыктоого калаанын бардык букараларын чоң-кичинесине карабай катыштыруу. Ар бирине так тапшырмаларды берүү. Алты дарбазага алты бөлүктү кол башчылары менен бекитүү. Күн-түнү коргоонууну күчөтүү. Калаада катуу тартиптин болушун камсыздоо. Коргонуп, согушуп жаткандарды тамак-аш, суусундук, курал-жарак, ок-дары менен улам толуктоо. Ысырапчылыкка жол бербей, тамак-аш, отун-суу, жем-чөп, буюм-тайымдарды сарамжалдуу пайдалануу. Жарадарларды, кары-картаң, бала-чакаларды, майыптарды коопсуз жайга жайгаштыруу өңдүү талап-тапшырмалар белгиленип, тиешелүү адамдар тарабынан калайык калкка жеткирилди.

Каардуу кармаш башталды. Согушуунун ар кандай ыкмалары колдонулуп,
эки тарап тең аянган жок. Калаадагылардын каршылыгына арданган Абдылда хан каарынан жазбады. Ар күнү алдыңкы саптарга өзү барып, чапкынчыларын айдактап, кармашка шыкады. Замбиректерди күндүр-түндүр аттырып, сепилдин ыраак жеринен ороо каздырып, жер алды менен келтирип дарыларды жардырып ар кандай айла-амалдарды кылды. Душмандын ар кандай каршылыгына арга таап, калаадагылар ынтымагын бузбай тикесинен тик турушту. Жебе менен аттырган күйүндүлөрдү, кайра өздөрүн карай ыргытышты. Узун шатылар менен чыгып келе жаткандарды, күйүндү, таш-кесектер менен уруп, жакындатышпады.

Баскынчылар кандай арга кылса, калаалыктар ошондой чара колдонушуп, тыным алышпады. Бүтүндөй калк бир максатта, бирдей аракет кылышы, Анжиандыктардын кимисин болсун жоокеринби, карапайым адамдардыбы, ынтымакчылык шыктан-

дырып, жан- алдарын аяшпады. Жаш-карысыбы, аял-эркегиби алы жетип, колунан иш келгендердин баары согуштун алдынкы сабында болууга умтулушту. Жарадарларга камкордук көргөзүштү. Чаалыгып-чарчагандарды тамак-аш, суусундуктар менен камсыз кылышты. Себеби, Жаркендиктердин алдыңкы зордук-зомбулугу, талап-тоноосу, мыкаачылыгы көргөндүн да, билгендин да көңүлдөрүнө көк таштай тийип, иренжиткен эле.

Жаркен ханы канчалык какшап каарданып, кол башчы, мансапкерлерин тилдеп, сөгүшүп, жазаласа да, ийгиликке жетише албады. Убакыт узагып эки айдын жүзү көрүндү. Колдун азыгы азайып, жем-чөп, отун-суу, ок-дары, зарыл буюм-тайымдар жетпей баратты. Жакынкы калаанын сыртындагы аймактагылар, алардан алыстап, көчө качышты. Артынан баргандардан жашынышып, эч бир буюмдарын колдоруна карматышпады. Душман ачкалыкка кабылды. Ачуу тийген аптапта колуна тийген тамакты ичкендердин ичтери ооруп, жугуштуу оору каптады. Өзөргөндөр өз аттарын союп жешкени менен ал да аз эле күндө түгөндү. Көбүнүн согушууга көңүлдөрү келбеди. Бири-бирине кол көтөрүүдөн, жаңжал чыга баштады. Кол башчылардын буйруктары өтпөй, колдун ынтымагы ыдырап, ач калгандар ар кайсы тарапка азык издеп кете башташты. Баарын көрүп- билип турган хан аргасыз чегинүүгө мажбур болду.

Кыргыз баатырлары Анжиандан кайткан Абдылда хандын кошуунунун бардык аракеттеринен кабардар болчу. Ар күнү мерчемдүү жайларда алакалашып, айлана-тегеректи акмалап турушту. Жергиликтүүлөрдүн оюу Жаркен ханынын колун жөн кетирбей, көптөн берки камалап- азапка салган кыйноосунун кысасын чыгаруу, экинчи Паргана аймагын көздөй кол баштап, аттанбас кылып, көңүлдөрүнө «көк таштай» тийип, эси-көөндөрүнө кеткис кылуу болчу.

-Анжиандан кол үзүп, баш-аягын жыйып, чыгып - кетип жатышат деген кабар келди.

-Кантели? Куушуруп барып, басып калалыбы?

- Жок. Кое туралы.

- Кое туруп, эмне кылабыз? Оордунан жылдырбай, башын жанчалы.

- Алдын, максатын билели.Чындап эле, кайтып кетип жатышабы же Ош менен Өзгөнгө кол салышабы? Аңдоого алып, аракетине жараша иш туталы.

- Оштон көңүлү калган. Бир болсо Өзгөндү чоттоп, келатса керек.

- Байкап көрөлү. Кайсыл тарапты кездей багыт алышаар экен?

- Кайсы тарапка салышса да, жолдогуларды талап-тоноп, колго түшкөндөрдү туткун кылып, айдап кетишет.

- Анжианда акылына киргендер? Аман- эсен ордобузга жеткей элек? деген сар-санаада келаткандыр?

-Кандай болгондо да, душмандан жакшылык күтүүгө болбойт.

-Анда жөн кетирбейли? Өткөндөгү, Оштогу өчүбүздү жандырып калалы.

- Анжианды ала албасак да, тирүү кетип жатабыз. Ашуу ашып өз жерибизге, аман жетип алсак деп, тынч кетишсе, жөн коебузбу.

-Койгула. Абдылда хан эле болсо, кантип эле жөн калат? Ата-жотолорунан бери эл чаап, талап-тономой алардын табигый жоругу эмеспи? Хандын элдешкис душманы, кетпеген кеги бар жоосу– биз кыргыздарбыз. Ал өткөн күндөрдөгү, Ош коогасындагы тарткан зыяндарын унутпаганы үчүн келип отурбайбы? Бул келишинде да, ошондогу өчүн алганы, Анжиан калаасын талап – тоноп, мал-мүлккө марыганы келбедиби. Тумшугуна эч нерсе илештире албаган ач түлкүдөй болуп, канчалык аракет кылса да, олжо оозуна илешпей, түңүлө албай кетип жатат. Ашуу ашканча, кандай жорук баштайт? – деп, карап тура бербейли?

- Капкан тузак коюп, тумшуктан, же колу-буттарын чаптыралы дейсиңерби?

- Капкан-тузак деп, кай тарапка кетет? деп, жолун аңдып жүрөбүзбү. Как эле башка чабабыз.

Жигит башчылары бир чети кеңешип, экинчиси тамашага айландырышып, илелеп жол тарткан хандын кошуунунун багытын аныкташ үчүн адырлуу аймакта, жол тосуп жатышты.

Хандын кошууну чыгышты көздөй, шалкы бош, илелеп, жылып келаты. Алардын алдында кашкарлыктардан түзүлгөн бырынкордун башчысы (алдыңкы) кол хандын баласы Кашкар хан найыбы Жолборс хан, ага жаңыдан аталык болуп бекитилген амир Шахбазбектер башчылыгындагы бөлүк эле. Анжиандан бир топ узаган чакта аларды утурлай, кыргыздар капыстан чыга келишти. Андайды күтпөгөн Жолборс хандын колу чакчелекейге түштү. Буйдалышкан кыймыл-аракеттеринен корккондуктары билинип турду. Канткенде да, согуштарын билген Шахбазбек.

- Коркпогула! Менин артыман-деп атын теминди.

Каарданган эки тарап кагылыша кетишти.

- Чап! Сай! Ур! деп, бири-бирине дем бере кыйкырган, үндөр обого көтөрүлдү.

Эки тарап аралаша түшүштү. Шилтенген кылыч чак эте тийип, шукшуурулган найза денеге сайылып, кан диркиреп акты. Аз эле убакыт аралыгында кыргыздар душман колун шылып жиберишти. Ачка, ныксырап, көңүлсүз келе жаткан Жаркен колу, улам кетенчиктеп чегинип баратышты. Аттары тың, өздөрү күч-кубаттуу кыргыздар өктөмдүгүн кое бербеген бойдон.

- Сай! Чап! Ур! Ур-а, ур-а деген үндөрү, бири-бирине дем болуп, шаңдуу угулду.

Жаркен кошууну туруштук бере албай, аз-аздан кетенчиктей чабуул күчөгөн сайып кача башташты.

- Качпагыла! Кайда? Токто! дешип, Жолборс хан менен Шахбазбектер күчөнө кыйкырышып, эки тараптан колдун алдын тосуп жүрүштү. Кыргыздардын сүрүнөн, шамдагай кыймылынан үрөйлөрү учкан сарбаздар, каршылык кылууга кайраттары жетпей, башчыларынын опузалап кыйкыргандыгына карабай, туш келди, ар тарапка качышып, баштарын калкалоого жай таппай жүрүштү. Кыргыздар улам күч ала, колдон бөлүнө бириндеп качкандардын артынан түшүштү. Тың аттары менен заматта жетишип, мөңкөн-дөп, ат жалына өбөктөп бараткандарга найза мылгытып, башын каткандарга кылыч шилтешип, эч бир аянышпады. Алдынкы бөлүктө мырза Болорбек, мырза Шайытбек, мырза Маматемин-Орозбек, мырза Түлкүбек, мырза Ажибек, Бабакбек, Абдрахман бий, мырза Калбек Ханкулубек, Мухаммед Абдылда, Асан кожо сыяктуу аттуу баштуу мансаптагылар шериктеринин качып тозгон-доруна, найза, кылыч тийип, өлгөнүнө, баштары томолоно ыргы-ганга күбө болушту. Бөлүктөгүлөр коркунучтан жандарын аман алып калыш үчүн туш тарапка чачырады.

- Чап-чап! деп, бир тарабы кыйкырса, экинчи тарабы

- Кач-кач! деп качкан- куугандар аралашып кетишти.

Жаркендик колдун көпчүлүгү баштарына селде оронгондуктан, курал тийгенден, көп тыгындагы бири-бирине кагылышуусунанбы, селделери чачылып, же баштарынан түшүп калып, соксоюп жыланбаш жүрүштү. Алдыңкы топтогулардын көпчүлүгү кожо болгондуктан, кыргыз жигиттеринин көбү, кылыч шилтешсе да, аттарын оморлото найза сунушса да селделүүлөрдү көбүрөөк ортого алып:

- А кожо? Жоо болуп келген, кандай болот экен?

- Басып кирип,  Анжиандап  эмне таптың?

- Кыргыздарды ким деп  ойлодуңар эле?

- Ханыңар, калка боло алат бекен? дешип, ар бирин  кууп жүрүшүп, шылдыңга алышып, шака балашты.

Алдыңкы кол деп, эсептелген кашкарлыктардан көп колу кырылды  Атактуу  баатыр саналган  Мукаммет  Абдылда, Мукаммед эмин,  Асан кожо  сыяктуу ордо бектери алышпай, качып жүрүшүп  ажал табышты. Аттан түшүп  камчыларын мойнуна салышып,  жандарын  тилешкени  аман калышты.

- Ишибиз болбоду-деди Шахбазбек, алдыңкы бөлүктөн  ажырап калган  Жолборс ханга- Бөлүгүбүздөгүлөрдүн  кара жанын эптеп аман алып калгандарына, жол берели да, сак  калгандар менен ханыбыздын алдына баралы?

- Арга калбады Шахзаада? Чачылгандарды  жыйнаганча, кыргыздардын куралынын жеми  болобуз. Бириндеп  чачылгандар, бири-бирин таап, топтошуп  келип,  кийинки бөлүктөргө  кошулушар. Биз  намыстанганыбыз  менен кыргын тапкыдайбыз.  Абалыбызды ханыбызга түшүндүрөлү - деди Мансурбек  шеригин  кубаттап.

Башын шылкыйткан  Жолборс хан  баштаган чакан топ, Абдылда хандын  кошуунун көздөй  жөнөштүү.

Чакан тобу менен  келген  Жолборс хан уулун көргөндө, Абдылда хан түтөп кетти. Айтырбай баарын  түшүндү. Бармагын тиштегилеп, көз алды менен кыйыта карап, эмне  деп  тилдээрин билбей, тумчугуп турду. Каары бетине чыгып, шахзаадасын ороп турган  тобуна,  кыжырлуу  тиктеп, үн катпастап атып теминди. Жолката учураган каныбайран, кармаштын кандай болгонун  далилдеп турду.

Кашкар ханы  Жолборс хан шахзаада, ага  аталык болуп дайындалган  Шахбазбек башчылык кылган алдыңкы бөлүк, он миңдей жоокери менен жолго эрте чыккан.  Алар алдыда  жолукчу коркунучтун  алдын  алып,  Абдылда хандын  тандаган  багытын «тазалап» илгерилеп жүрүп, тыныкчу жерлердеги коопсуздукту камсыз  кылмак.  Капылеттен  утурлай чыккан кыргыз колуна туш келишип, талкаланып, туткунга  түшкөндөрдөн  тышкары  эки миңдей  адамы  аман  калды. Мындагы  айып иш шахзаада Жолборс  хан  менен анын  аталыгы  Шахбазбекте болду.  Алар жолдо капылеттен чыгы  калган  кыргыз  колун  көрүп,  коркуп кетиштиби,  же  аз колду  тоготушбадыбы,  арткы  сапта  келе жаткандарга  кабар  жиберишип,  жардам  сурашпады. Коркунучтун бардыгын арттагыларга эскертишбеди.  Аны  шахзаада  мойнуна

алса-албаса да, кеч болуп калды. Чын-чынына келгенде, ойлобогон жерден кыргыздардын пайда боло калышы, бир эле шахзааданы гана эмес, бөлүктөгүлөрдүн баарын алдастатып кайган эле. Аңгыча кармаш башталып кетип, чаң- тополоңго кабылткан алаамат, «кабар беришти, жардам сурашты» эстеринен көтөрүп, эптеп аман калуунун аракетинде болушуп, уттуруп коюшту.

Кыргыз колунун утурлап чыгышынын жөнү бар эле. Баягында кош-коштоп кошуунун баштап келген Абдылда хан Кашкардан узабай жатып, Бөкөй бийдин турагын, жайлаган жайлоосун билүүгө кызыккан болчу. Ал тургай кошуундагы бирге аттанган кыргыздарга «Бөкөй бийдин жайлаган жерин» тактоону талап кылган. Кыргыз бийлери хан алдында калп айтууга болбостугун билишип, (Баары бир ал билинип калган учурда, ордодогу кыргыздарга күн көрсөтпөөрүн билишип) канчалык ичтери ийрилсе да, алдыртадан Бөкөй бийдин жайлаган журтун билдирип, айтууга аргасыз болушкан. Бирок, Парганадагы Ош-Анжиан аймактарындагы өзбек, кыргыз, тажиктер биригишип, Анжиан сеплин оңдоп, коркунуч болоор алдын үлгүрүшкөн болчу. Тоолуктар да, жайлоодогу малдарын таштап бекинип калаар деп ойлошкон. Ал болжол да туура болуп, кыргыздардын көбү адам барбас алыскы аска-зоолорго малдарын айдап чыгып кетишкен болчу.

- Эл башына түшкөн күндү бир көрөлү. Эл менен бирге бололу деген Ош аймагындагы аба-аксакал, эл бийлери бала-чакаларын алып, башкалар менен бирге Анжиандын сепилине келишип, азык-оокат катканга жер төлөөлөрдү даярдащкан. Сырттагылар менен үзбөй байланышта түзүп туруууга, жер алдындагы топурактарды үңүп, каздырышып, эски жолдордуу оңдотушуп, ээн талаа, эч ким барбас жайларга, агын сууларга жете турган үңкүрлөргө жолдорду салдырышкан болчу.

Коргонуунун камын катуу көрүшүп, Ош-Анжиан калаа-ларынын аймактарындагы аттуу-баштуу аксакалдар, бийлер маслатка биригишип, өз алдынча хандык түптөп, хан шайлап, ага аталыкка Бөкөй бийди дайындашкан. Ар бир уруу башчы-ларына, бийлерине кызматтык даражалар ыйгарылып, ынтымак менен биримдик түзүлгөн. Шаар калкындагы алдуу-күчтүү жаштар жер алдын үңүп, жол салууга тартылып, от-жем, суу менен камсыз кылуу колго алынган эле. Ал эми жолу татаал, эч ким баралбас тоолордун чокуларына малчылар менен малдар

жеткирилип, жаштардан кол куралган. Бул иштердин баары купуя жүргүзүлүп, бөтөндөр билген эмес.

Чын-чынына келгенде, илгертен эле кыргыздарды тоолор сактап келген. Ошондон улам кыргыз эли тоону ыйык көрүп, касиетине сыйынып турак кылган. Тоонун шарты кыргыздарга белгилүү. Тоо турганда кыргыз баласы ач-жыланач калбайт. Качан болсо карды ток. Кышында жылуу, жайы салкын. Тоо кыргыз баласына энедей камкор. Мээримин чачып, койнуна катып алат. Эч нерседен мукуратпайт. Баары белен. Тоонун сырын билген, тоо ичинде өнүп-өскөн аталар да, балдарына тоону мурасташкан.

- Тоого акаарат келтирбей, тоону булгабай, тоону сыйлап-кадырлап, баала. Ат-Тоо сенин байлык-бактың, эртеңин. Келечегиңди да, тоо аныктап турат деп керээз- насыят кылган.

Абдылда хандын Сарт ашуусун ашып, канчалык Алайдын дабандары, бийик ашуулары, жолдору татаалдыгына карабай, жайлоолорун кыдыра түшүп, Бөкөй бийдин туугандарын талоонго алышын, кыргыздар түшүнсө да, башкалар түшүнүшпөдү.

- Хандын кыла жүргөн кылыгы, боло жүргөн мүнөзү деп ойлошту. Бул баскынчылыгы менен хан кыргыздардан, айрыкча Бөкөй бийдин туугандарынан өчпөс өчүн, кетпес кегин алууну көздөгөн. Себеби, хандын шорун шорподой кайнатып, ордосундагы ишенимдүү обозгер-амирлерин, жада калса кошуунундагы көп колун, азапка салып, ажалга кабылткан Алайлык кыргыздар. Анын ичиндеги Бөкөй бийден таркаган ата балдары, Бакал баатыры баш болуп, жоону ажалга кабылтып, кыргын салды. Ал тургай хандын өзүн да, бир нече жолу коркунучка кабылтып, шаштысын алды. Алакандай Алайлыктардын мынчалык кордук көргөзүшү, жети шаар элдин эгеси, ата-бабаларынан бери мурасталган улуу даражаны колдон чыгарбай ээлеп келген, хан тукумунун урпагынын көңүлүнөн кетпей койгон эле.

- Мына ушул чакта, башкаларды коюп болсун, Бөкөй бийди баш кылып, анын урпактарынын тагдырын найза учунда, кылыч мизинде чечемин. Өлгөндөн калганын туткунга алып, ордого алып келип, азаптын ачуу даамын татытамын, деп ойлогон болчу.

Тагдырдын ташы мээлегенге тийбей, кайра өзүнө урунганын ойлогон өкүмдардын ичинен кан өтүп, мээсин ийне менен сайып, дене-тулкусун кыйноого салды. Ачуусу ташып, дене бою титиреген азирети хан, азыр эле уулунун колун майкандап, өзүн

күтүп турган кыргыздарды көп колу менен бир-бирден карматып, тирүүлөй терилерин тескери сыйрытып, эрдемсинген жүрөктөрүн суурутуп, чаңга булатмак болуп, жүрүштү тездетүүнү буйруду.

Хан улугунун ичи уйгу-туйгу болуп, ачуусу ашып – ташып турган абалын көрүп –билген, Шады кожо ага кайрыла кетти.

- Урматы улук өкүмдарим, тар жол, татаал шартта баратып, акыл калчайлы. Шашылып жол улай берсек, кандай жайга туш келебиз? Бизге ыңгайлуу болобу да, болбойбу. Караңгы киргенде кандай шартка капталабыз? Кеч киргенге чейин, ушул ортолуктагы, ыңгайлуу жайды тандап, кош тигели. Катуу чыңдоого көңүл буруп, көзөмөлдүктү күчөтүп, кошуунду жылчыксыз кылып тикелейли. Ат улоолорду тыныктырып, колду азыктанды- ралы.

Болбосо, утурлап чыккан кыргыздар биз билбеген жердин шартында кол салышса, кайда бекинээрди, кайда качаарды, кандай чабыш кылаарды пайдалана албай, кошуунубуз бушайман тартып, бөөдө чыгым болот. Кыргыздар оңой жоо эместигин, өзүңүз жакшы билесиз. Бир дем ичинде кашкарлыктарды чачып ийип, бириңдетип, куугуна алыптыр. Сактанганды сактайын дейт, алла таала. Сактаналы, кийинки жүрүшүбүздү кеңешели.

- Таксыр кожобуздун айтканы калетсиз. Шахзаада менен Шахбазбектен кыргыздардын ал-абалын, санын, курал-жарактарын, көргөн- билгендерин сурап, ага жараша иш туталы. Аларды да пикир-кеңешин угалы. Сапарыбызды тездетели. Же кыргыздар менен согушалы десек, биз жеңген ченде да, бул жердин шарты бизге белгисиз. Дагы бири кол салабы? Кыргыздар жерчил, кай жерде, кандай кармаш кылаарын ойлоп, өлчөп коюшкан. Канчалык иш кылсак да, алар үстөмдүктү бизге бербестиктин пайында болот. Ордо кеңешин чакырып, аман-эсен бул жерден чыгып кетүүнү, бирге ойлонушалы – деди баш обозгер, шах Мансурбек.

Айтылгандарды хан туура көрдү. Кол жолдон бир топ четтеги, дөңгө келип токтоду. Кечинде хандын чоң чатырында могол башчыларынын кеңешинде пикирлер айтылды.

Бүгүн хан башыбызда, балбан-баатырлар жаныбызда. Согушабыз деп келгенден кийин согушабыз. Кийинки кошуунубуз бүтүн. Арабызда Шады кожо азирети өзү турат. Ага кол бергендер да көп. Эртеңки согушка азирети өзү дем берсин. Кудай буйруса, кыргыздардын аз колун талоонго алып, жеңип алдык деген шаан- шөкөт менен кайталы деген тыйнакка келишти.

- Ордобуздуун шейх ул исламы, азирети азизан Шады кожобуздун жол-жобосу менен иш тутсак жеңишке жетишебиз. Бардык обозгер-амирлер, кол башкылар ар бир бөлүктөгүлөргө эртеңки согушка кожо азирет катышарын, анын жол-жобосу менен кошуундагыларыбызга рухий күч пайда болоорун айткыла Кеңеш тамам. Эс алгыла деди, хан жыйнтыгында.

Хан кошуунунун ар бир кыймылына дыкат көз салып, кайсы жерге барып токтоорунун эсеп-өлчөмүн көзөмөлгө алган кыргыздар кеңешип жатышып.

- Душман колу токтоп, ушул жерде түнөмөк болушту. Буйруса, түн бакырдыкы. Каршы-терши кол салып, тым-тыракайын чыгаралы. Качып эч жакка кете алышпайт. Жердин шарты биз тарапта.

- Туура түнгө бастыралы. Жердин шартын билбегендер, туш келген жерде темселешип, жадаганда камчыларын моюнга илип, өздөрү келишет-дешип ар топтун башчылары пикирлерин айтышты.

- Андай кылбайлы туугандар. Биздин кол салаарыбызды билишет. Даярдыкты мыктап көрүшөт. Ал тургай азыр эле, токтогон дөбөнүн айланасын, оро кылып каздырып жатышат. Биз алардын тынчын албайлы.

-Аз кол кыргыздар, кармаша албай кетиптир деп ойлошсун. Таң азандан жолго чыгышса, Шоро-Булактын жайыгына жете барышат. Күн көтөрүлгөндө казголушса, өлөңдүү саздын талаасында болушат. Ал жерлердин атарабы, коктуу-колоттуу дөңсөлөр. Биздин бекинишибизге да, чабуул койгонубузга да ыңгайлуу. Ортолотуп барып, туш-тарабынан кол салсак, кача алышпайт.

-Кошуун чогуу жүрүшсө бизге ыңгайлуу. Эгер бөлүндү болуп, ээрчише жүрүшсө, бизге ыңгайсыз болуп калат. Себеби, алар көптүгүнө салып, бизди ороп кетиши да мүмкүн. Биз канткенде да күчүбүздү бөлүндү кылбай, чогуу болуп, кармашабыз. Хан кайерде болсо, ошол тарапка катуу чабуулга өтүп, аны тирүү колго түшүрүүгө аракет кылалы. Аны кармасак, же мерт кылсак согуш бүтөт- деди Бакал баатыр.

- Эң туура Жыландын башын жанчыш кыйын. Куйругу коркунучсуз. Баатыр туура айтты. Абдылда өзү баш болуп, чапкынчылык кылган соң, жазасын алсын. Ал тирүү колго түшсө, же жок кылынса согуш бүтөт. Жаркендик, Кашкарлык экинчи биз тарапка баспас болот – деп тыянак чыгарышып, бүгүнкү

түндү тынч өткөрүүнү, эртең таң эртеден, мерчемдүү жайларды ээлөөнү макулдашышты.

Эрте менен жолго чыккан кошуун көп илгерилей электе, кыргыз колу утурлай чыкты. Эки тарап тең, бири-бирин көргөндө эле, кылычтарын кындап суурушуп, найзаларын сунган калыбында ат коюшту. Түнү менен эс алып, тыныккан аттардын туяктары жерге тийип – тийбей, жел менен кошо учушат. Эрдин эрдиги, баатырдын баатырдыгы эми сыналды. Кең талаа уу-чууга толду. Бириси да жалтанбай, кармашып жатышты Улам аттан ооп жыгылгандардын саны көбөйө берди. Каттуу согулган куралдан улам, башы жарылып, денеси жанчылып, найза сүңгүгөн оор жаратынан онтоп, эмне кыларын билбей, жан – алакеткен түшкөндөр айласыз кармаштып күбөсүнө айланышты. Ичер суусу, көрөр күнү бүткөндөр ажалга кабылып, ар жерде жатты. Таң эртеден башталган согуш, түш болсо да токтободу. Өчүккөн эки тарап туш келгенин сайып, кылычтап жатышты. Бир кезде Абдылда хандын чоң туусу бир булгаланышы менен душман экиге бөлүнүп, кыргыздарды эки тараптан кыса башташты.

- Курчоого алдырбагыла! Тобуңарды бузбай, силер да, экиге бөлүнгүлө деди Бакал баатыр шериктерине.

- Эки тараптан кысып, бөлүнүүгө мүмкүнчүлүк бербегиле деди монгол баатырлары.

Ханды коргоочу, өзгөчө машыгып, тасыккан жан сакчылар улам, өктөмдүктөрүн көргөзүшүп, көптүгүнө салышты. Алардын максатын билген тоолуктар катарларын бузбай, аларды да курчоого мүмкүнчүлүк бербей, бири-бир чабышып жатышты. Дал ошол чакта, жоонун колу, алардын ортосун жарып атүүгө умтулган кезде Абдылда хандын чоң туусу тарап ачыла түшүп, алардын жоокерлери бириндей калганда.

- Ханга умтулгула. Тез жетип, тирүүлөй кармагыла!

- Чоң чапкынчыга жеттик – дешип, кыргыздар бири-бирине белги берише, айбат менен сүрүлүштү. Душман алардын алдын тосуп, жакындатпай жатышты. Курал тийип, жыгылгандардын саны көбөйө берди. Алардын кимиси кыргыз, кимиси моңгол экенин белгисиз. Ага эч кими көңүл да бөлүшпөдү. Жарадар болуп, жанталаша жардам сураганы да бар. Сунулган найзадан, чабылган кылычтан жазгана, кетенчиктей качканы көбөйдү. Ат салышкандар арасында, атынан ажырап, жөө калганы да бар Катуу согуудан улам, колундагы куралын алдырып, же колунан

түшүрүп жиберип, топ ичинен чыгып кетүүнүн аракетинде, жалтана атын четке темингендер да көбөйдү.

Бакал баатыр өз тобунун алдында бирде кылычын шилтеп, бирде найзасын сүңгүтүп, кези келе калганда, кулачтай калып салмактуу найзасы менен бет маңдайындагыларды майыштыра чаап, шериктерине жол ачуунун аракетинде болду. Ал кызууланганда коркунучтуу таптакыр эсинен чыгарып коерун билген шериктери аны аярлай коргошуп, караанынан үзүлбөй, кошо жүрүштү. Аябаган кызыл – кыргын, кара сүргүн бир топко уланды. Жоо канчалык көптүк кылышса да, кыргыздардын өктөмдүгүнөн жалтанышып, улам –улам кетенчиктешип жатып, маңдайдагы коктунун оозуна келип, такалып калышканын сезишпеди.

Түш оой бергенде, моңголдор да, кыргыздар да өзүнөн өзү, эки топко ажырай түшүштү. Экөө тең бирме-бир, бетме бет согушуп жатышты. Бакал баатыр баштаган топ, Абдылда ханды эки миңге жетерлик жан жигиттери менен коктунун ичинен солоп алышты. Ханды чоң топтон бөлүп алганына шыктанган кыргыздар, улам умтулуша сүрүп, илгерилей беришти Хан жанынан такыр ажырабаган баш обозгер, шах Мансурбек өзүнө ишенимдүү монголдор менен биротоло баштарын өлүмгө байлашып, жан алы барынча тырышып- тырмышып, кыргыздардын алдын тосуп, ханга жеткирбей коргоп жатышты.

Алдыдагы өлсө, арткысы анын ордуна келе калып, куралга көкүрөктөрүн тосушту. Алардын канчалык карышылыгына карабай, куралдарын шилтеп умтулган кыргыздар, ханды коргоого алып, шыкала куралдарын таптап турган жан сакчыларга жакындай беришти. Коргоочулардын катары суюлуп, саны азаяберди. Баш обозгер шах Мансур-бектин башына кылыч тийип, оор жарадар болуп, атынан ооп барып, тебе-лендиде калды. Анын катарында жүргөн мырза Шайбектен оң көкүрөгүнө найза сайылып, анын эпкини менен ат үстүнөн учуп түшкөн. Ханды калкалаган амирлери, баатырлары четтен кырылган сайын, ага өлүм коркунучу келип, алапайын таппай, жака-белин карана, жардам-дын келип калышын зарыга күттү. Кандуу кылычтарын булгалап, жакын келгин кыргыздарды көрүп, жанынан үмүт үзүп.

- Мени куткаргыла! Кыргыздар жакындап калды? Кайда жүрөт Шады кожо устаз? Алла, Сактай көр? Сактай көр, алла? Куткаргыла мени?-деп хан какшана кыйкыра берди.

Куткаруучулар канга боелуп, улам биринин артынан бири

шилтенген кылычтан, сүңгүгөн найзадан өлүм таап жатканын көрүп, кыргыздардын колунан өзү да, өлүм табарын ойлой кетти. Ысык кандын буусу мурдуна келип, көзү караңгылап, окшуй баштады. Жамандыкты көзүм көрбөй өлөйүн дегенсип, көзүн бекем жуумп, ичинен келме келтирип, Кудайга жалынып жатты.

- Э, парбадигар, жанымды аман калтыра көр? Оо Кудай, кетирген күнөөлөрүмдү мойнума алайын? Өзүңдүн насип эткен жол-жоболоруңа мындан кийин кыянаттык кылбайын Оо Кудай, бир сактоочу өзүңсүн! – деп капылеттен өзүнүн Кудайдан эле кийинки деп ишенген, Шады кожосун эстей калды. Ал азизан Шады кожо хан уулун куткармак тургай, өзү бир топ муриддери менен кыргыздардын курчоосунан чыга албай, ал дагы Кудайга миң жалынып жаткан эле.

Хандын Шады кожого ишенгенинин себеби бар эле.

Жаркен хандыгынын ханы Мукаммет хан он сегиз жыл ордону ээлеп, 78 жашында (1610-ж) дүйнөдөн кайтты. Жаркен хандыгынын шахзаадалары өз ара бийлик талашуу калбасы менен алектеништи. Хандык такты алууга кээлери зордук-зомбулук салууну ойлосо, кээлери айла-амал кылышып, жөлөк издешип, кырды-бычак болуп жатышты. Ордодогулардын оюу боюнча үч талапкер хан болууга ылайык дешти. Алардын бири Мухаммед хандын иниси Абдырашид хандын он экинчи баласы Турпан, Комул,Чалыштардын өкүмдари Абдырайым хан. Экинчиси Абдыкерим хандын чоң уулу Хотен найыбы шаа Айдар Мукаммед султан. Үчүнчүсү Мукаммед хандын өз уулу Кашкар найыбы Шужайидин Акмат султан.

Турпан найыбы Абдырайым хандын жактоочулары

-Ал чоң хан Абдырашид хандын бирден-бир тирүү турган баласы. Жашы баарынан чоң. Монголдордун байыртан келе жаткан хандык жөрөлгөсү боюнча, хан такты Абдырайым ханга тийиштүү дешсе,

-Жол Абдырайым хандыкы болсо да, ал биринчиден жашанып калды. Экичиден Жаркенден өтө алыс жерде турат. Анын келишин күткөнгө көп убакыт кетет. Ал кишиден калганда, жакын арадагы ханзаадалар ичинен биринчиден Абдыкерим хандын баласы, экинчиден жаш жагынан улуусу шаа Айдар Мукаммед султан болгондуктан, хандык такка ушул отурууга тийиш дешти Хотен найыбы шаа Айдар Мукаммед султанды жактоочулар.

Ал эми Кашкар найыбы Шужайидин Акматты жактоочулар:

-Шужайын Акмат султан Мукаммед хандын тун уулу Моңолдордун султаны хандык такка отурушун четке какпайт. Анын үстүнө бул жаш жана хандык ишке кичигинен бышкан. Ошондон атасынын ордун элөөгө жол берилет деп айтышты.
Мукаммед хандын баласы Шужайиндин Акмат хандын хан болуусу жөндүү. Анткени, аны Жаркен ордосунун дин устазы Шады кожо, баш обозгер кожо Латип, кош беги мырза Кыяс, эшик агасы мырза Абдылда сыяктуу ордонун негиздүү адамдары колдойт эле.

Шады кожонун Жаркен хандыгы ордосундагы орду жогору эле. Ага хандан тартып, жөнөкөй мансаптагыларга чейинкилер ызаттап, баш урушкан. Ал Мукаммед хан (1592-1610-жылдар аралыгында хан болгон) тарабынан ардакталып, ордонун диний устазы болгондон тартып, ушул күнгө чейин Жаркен хандыгындагы бардык хандарынын диний устазы. Ордонун шей хул исламы болгондон тартып, ал өкүлдүк кылган кара такыйлуу кожолор тобу-хандыктын негизги күчүнө айланган эле. Анын кадыры айрыкча Абдылда хандын убагында эң жогору чекке жетип, анын кеңешисиз маселе чечилбей калган. Ордо жыйындарында анын сөзү сөз, оюу-ой болчу. Башкы обозгер, амирлер гана эмес, кээде хан да ага каяша кыла алган эмес.

Анткени, мындан бир топ жылдары Жаркен хандыгынын так ээси Акмат хан менен Абдылда хандын ортосунда Торгой аттуу жердеги катуу кармашта Абдылда хан тараптагылардын кайраты качып, жеңилип калган. Акмат хандын туруксуздугуна нааразы болуп жүргөн азирети Шады кожо дароо Абдылда хан тарапка өтүп кеткен. Шады кожонун колдоосу менен Абдылда хан коркунучсуз Ак-Сууга жетип алган. Шады кожонун өз ханына бет бурушун байкаган Акмат хандын обозгерлери аны ээрчип, Абдылда ханга жан тартып өтө келишти. Алардын артынан Кашкар, Жаркендик баатыр, кол башчылары да жигиттери менен Абдылда ханга кошулушту. Ар тараптан колдоого алынган Абдылда хан Ак-Суу, Учту таяныч кылып, Жаркенге чабуул жасоого даярданды.

Ал кезде Шады кожо азирети колго болсун, калайык-калккабы таасири күч болуп, кармаштардын жеңиш-жеңилбешин белгилей алат болчу. Бул ирет кеңешке катышкан амир, кол башчылар кармашты улантууну көздөшсө да, бүгүнкү чоң жеңилиш ар бирин кыжаланттып, жеңип чыгууга дар күмөн кылып койду. Көпчүлүктүн бушайман ойлорун туйган Шады кожо:

- Улук алланын амири менен түпкү атам Мухаммет Мустапа азиретимдин деми менен хандыгыбыздын эгедери Абдылда хан бул

жерге кол баштап келип отурат. Улук курани карим жана пайгамбарларыбыздын баяны болгон. «Сейюл бухары» жана мусулмандардын рухий азыгы болгон «Хадистерге» негиздегенде жортуулубуз туура. Согушту улантууда чегинүүгө жол берилбейт.

Урушка катышкан бардык мусулман жоокерлерге, улук алланын досу жана жаамы инсандарга жиберген өкүлү бабам Мухаммет Мустапа азиретинин рухунан сиздерге чоң жөлөк тилеймин. Сиздерге өтө зор рухий күч пайда болсун. Эртеңки урушка болгон жан дилиңиздер менен аттаныңыздар. Өлүмдү ойлобоңуздар. Өлсөңөр шейит, өлбөсөңөр казы болосуңар. Жараткан алла ак жолуңарды ачсын.

Уруштун башында өзүм болом. Ар бириң менен бирге согушка катышам. Мен жоокер адам болбосом да, колубузду экиге бөлүп, бир бөлүгүндө урматтуу ханыбыз кол башчылык кылса, экинчисине башкаруучу кол башы Мансурбек жетектеп, эки кол кыргыздарды эки жактан кысып барып, таш-талканын чыгаргыла! Арканарда алладан колдоо тилеп чапкыныңарга дем берип, өзүм турам. Менин айтканым урматтуу ханга туура келсе, ушул боюнча иш кылгыла! Ылайым алланын ыракматы менен ишибиз оңго тартып, жеңиш менен кайталы! Оомийн!

Отургандар аны ээрчип, алакандарын беттерине тартышты. Устазы Шады кожону хан кубаттап:

-Азирети, азизандын айткандары ак. Мусулмандардын кол башчысы, бүтүн кутбасы Жаркендиктердин диний устазы, ордобуздун шейхул исламы улук Шады кожо азиретимдин жол-жобосу боюнча иш кылсак, сөзсүз жеңишке жетишебиз. Эртеңки согуш кожомдун айткандарындай алып барылсын!-деп ордунан козголуп бараткан хан кеңештин бүткөнүн жарыялаган болчу.

XXX

Баргы бийдин небереси Кудайбердиден тарагандар Оштун кыр арыгындагы Увам боюнда жашашып, ал жерди кырк арык жылкыга алмашып, Эрдикке көчүп келишет. Алардан кийин Карабагыштар келишип.

-Эрдик биздин жер. Бизге тиешелүү дешет карабагыштар.

-Эки топ тең Адигиненин балдарыбыз. Бирге отура берели дешет. таз баргылар.

-Жок. Эртең эле урпактарыбыз көбөйсө, жер талашка түшөт. Өзүбүздүн жерди бергиле дешет? Карабагыштар.

Талаштагы жерди чечиш үчүн, жети уруудан калыстарды чакырышса да, талаш күчөйө берет.

-Бул жайда, киминңердин кандай белгиңер бар? –дешет калыстар.

-Белги көмүр көмгөнбүз –дешет тазбаргылар

Калыстар белгини ачып карашса, көмүр чыгат.

-Жер силердики деп, карабагыштар көчүп кетишет.

Ошол учурда калмактар басып келип, тазбаргылардын жылкыларын сүрүп айдашат. Колго түшкөн жылкычы калмактарга:

-Мен чоор тартам. Каалasaңар тартып берейин? дейт.

Олжого ээ болгон ойроттор ага макул болушат.

Ат үстүндө бараткан жылкычы, койнунан чоорун алып:

-Эрдиктиээлеген, оо таздар,

Эрикпей, эми баш көтөр таздар.

Жоо тийип, жылкы айдады

Эми, ээриңди кучактап, жат таздар –деген чоор үнүн уккан тазбаргылар, каракчылардын артынан куугун кылышып, жылкычыны жылкылары менен ажыратып калышат.

XXX

Таз баргыдагы жигиттердин аркасынан Алике баатыр зор денелүү жана жолборстой чапсаң, алгыр жигит эле. Ал жашынан карагер аргымагын үйрөтүп, минип жүрүп жолборстой чапсандыгынан «каманчы баатыр» аталганынын жөнү бар.

Баатыр катары элдин көзүнө көрүнүп, сөзгө илинип калган мезгилде күз убагы. Жортуулдак келе жатып, жигиттери менен токойдун четинде, күндүн салкындашын күтүп, эс алып жатышкан чакта токойдон бир мегелжин он чакты торопойлорун ээрчитип, өтүп калат. Алардын артынан торпоктой болгон каман токойдон чыга калып, эс алып жаткан жигиттерди качыра берет.

Алыке чапсаңдык менен туурадан чуркай келип каманга секирип минип, эки кулактан кармап, эки бутунун тизеси менен камандын кабыргаларын күчөнө кысып, жерге жыгат Камандын эки тиши оркоюп чыгып, ар кандай жаныбарды челип өлтүргүдөй зор болуптур. Ал «каманчы баатыр» атка конот. Окуя болгон жер Каманчы Төр аталып келет.

Кудайбердинин небереси Эсеマттан Алыке, Шалтак, эки уул. Алардын балдары жаз алдын Ийри-Сууга, Жалпак-Ташка жайлоого чыгышат.

Алыке баатыр улам келип, тийишип, жылкыларын сүрүп

айдаган калмактарга каршы жортуулга барат. Жоону чаап, көп дүнүйө менен жылкыларды сүрүп айдап келет. Алар менен кошо калмак бийинин, өңдүү-түстүү он беш жашар кызын кошо олжолойт.

Калк ичиндеги каада боюнча, өзүнөн улуу агасы Шалтакка келип, жортуулдун ийгиликтүү болгонун айтат.

-Олжо кут болсун, баатыр –дейт агасы

-Болсун аке

-Жолборс жолунан кайтпайт дегендей, олжоңун башы эмне?

-Кара башыл адамдан артык кымбат олжо болмок беле

-Ошол кара башыл олжонун даанасынын арасында эмне бар?

-Калмактын чүрөктөй кызына, берки олжолор татыбайт го?

-Аны кимге ыраа көрөсүң?

-Өзүңүздөн ашса, туугандарга берейин.

-Туура кыласың. Туугандын көңүлүнөн артык эмне бар.

Баатыр чыгып кеткен соң, Шалтак ойлонуп жигитин чакырып

-Алып келген кыз таза болсо, мага берсин дейт.

Шалтак байдын аялы элүүгө барып калса да төрөгөн эмес эле.

Бай кызга нике кыйдырат. Токолу бойлуу болгондо. Байдын байбичеси:

-Менин боюмда бар-деп коңшуларына сөз таратып, ичине кийиз ороп, токолду эч кимге көрсөтбөйт да жолуктурбайт дагы.

Айы-күнү жетип токол төрөгөндө.

-Карыгандагы көргөн балам деп, элге жентек берип, атын Желдең бай атайт.

Андан үч жылдан соң, токолу дагы уул төрөп, атын Калматай коюшат. Калматай эки жашка толгондо, тууган энеси өлүп, эки баланы Шалтак байдын байбичеси багып, чоңойтот.

Калматайдан тарагандар Калматай уулу, Желдеңбайдан тарагандар Желдең уулу аталышып, Кара-Кулжа аймагынын жайлоолорун жайлашат.

Алыке Калматайдан тарагандар Алай-Куу өрөөнүнүн жайлоолорун жайлап, кеч күздө кышкы жайыттарына кайтышчу.

Эл жайлоодо, Жайкы аптаптын табы кайтканы менен күздүн күнү ачуу тийип, көк тескейдин чөбү да куурай баштаган. Кышка чейин жалбырактары жап жашыл болуп, турчу долоно, четин, ыргайлардын өңдөрү өзгөрүп, түшө баштаганына эч бир жан маани бербеди. «Күздүн кымызын күйөөңө да бербе, жаздын кымызын кызыңдан аяба» демекчи, чөп ката баштагандагы коюуланган кымызга суусунун кандырган эркектер айылдын четиндеги дөбөдө, Бийик-Төрдүн соккон мээлүн желинин желпиген эпкининен улам

ныксырап жатышкан. Борколдой жылкычы алардын этегинде, кудум эле жаш баладай болуп, жумшак топуракты чеңгелдеп, бир алаканынан, экинчи алаканына салып, сапырып отурган. Бир маалда эле, башын көтөрө калып:

-Эй кымыздын күчүнө  ныксырап жаткандар, тургула. Атың баарың атты току. Аты жогуң, талаадагы жылкыларды кармап келип, каңтара байлап сууткула!

-Не болуп кетти? деп сергеги  баш көтөрө  коңурук тартканы анын сөзүн  капарына албай жата беришти.

-Болбой калды, күн бузулганы турат. Ары жаткандарды ойготуп кам көрөлү. Таң заардан көчүп кетпесек, өөнгө жетпей, ара жолдо калабыз.

-Аны билгендер, баштарын көтөрүшүп, көпкөк богон асманды чакчая тийген күндүү карашты. Томуктай да булут көрүнбөйт.

Эй, жаман. Кайдагыны айтып, чочутуп барып жылкыңы карачы дешип, уйку ныксыраганда анын тынчын алганына ачууланып, оодарыла кайра жатышты

-Бул дөөдүрдүн айткандары, төп келип калчу эле. Каяктан, кандай аян болуп калды экен?  Сурагылачы?  дешип, дөңдүн төбөсүндө жаткандар бири-бирин карашты

-Эй жаман. Каяктан аян болду? Же айтчууң,  кабар бердиби? -деп  биреөсү шылдыңдай суроо берди.

-Түндө жылдыздар белги бергендей болду эле. Ага көп дале маани берген эмесмин. Мына бүгүн, шамалдын жүрүшү ,аны тактап койду.

-Көзүңө көрүнчү көрүндүбү? деди дагы бери мурдагыны коштой.

-Ооба жылдыздардын белгиси төп келип турат. Шашпасаңар болбой калгыдай.

Эмне деп дөдүрөп  жатат? деди бириси уйкусунан ойгоно.

-Күндүн түрү жаман. Таң заардан калбай көчкүлө дейт. Мына бул, жаман жылкычы-деп,  мыскылдай биреөсү күлдү.

-Күлбөгүлө,  бир нерсени билип, айтып жүрбөсүн деди карыялардын бири

-Ооба, төп айтчу жайы бар Билгени үчүн айтып жатса керек-деп Борколдой  жайчыны  колдогон биреөсү.

Борколдойду эл жайчы деп атап коюшчу. Ал асманга  жылдыз толгондо кошо отургандарды сыртка чыгарып,

-Тээ береги Үркөр. Тиги болсо Жетиген, аркы чычкылуу жылдыз, андан  аркы  Толтойдун огу деп, ар бирине көрсөтүп,

кайра алардан сурачу.

Аба ырайын да жылдыздарга карап айтканынан, көпчүлүгү туура келээр эле. Жыл мезгили кандай болоорун, төрт мезгилдин кандай келээрин, өсүмдүктөрдүн тамыр байлашына, сабагынын жоон –ичкелиги, узун-кыскалыгы, жалбырактарынын жазы-ичкелиги, гүлдөрдүн ачылышына карай болжоп айтып берчү.

-Быйыл чөп эрте гүлдөдү. Денесин жайып, жарпы жазылып турат. Түшүм мол болчудай. Тиги дарактарга караганда, күз узак болчуудай. Быйыл өөнгө шашпай көчкүлө. Жайлоонун чөбү жашаң. Кыш кеч келгидей. Кочкорлордун белдигин паланча күндө алгыла, жаз андай болот. Быйыл мезгил бир ай эрте келет. Жай жаанчыл, кыш жеңил болот деген кеңеши туура келип чарбадарлар да ага ишенип калышкан

-Анча-мынча ооруп, тумоологондорго чөптүн бүрүн, жапайы дарактардын гүлүн тамырын, жалбырактарын кайнаттырып берип, колу-буту чыгып, же сынгандарда шак-шактап таңып табыптык кылган жайы да бар эле.

Борколдой жылдыз санагычтын сөзүн эп көргөн аксакалдар, балдарын талаадагы жылкыларга жөнөтүп, күн отургуча айдатып келишти. Миңгичи барлар миңгичин, миңгичи жоктор жайы боюу жайытка айдаган жылкыларын тутушуп, түнү бою мамыларга аса байлап, суутушту. Таң атпай жатып, Борколдой айылдагыларды ойготуп.

-Тургула, балдар. Батырак кыймылдап, тамак-ашыңарды иче койгула. Эртерээк жол алып, эңкүүлөп кетели-деп баарын шаштырып жүрдү.

Тамак ичкени ичип, ичпегени жылкаларын сүрө айдашып, желелерин чечишти, козу-улактарды жамыратышып, уйлардын эрте мененки сүтүнөн кечишип, торпоктордун агытышты. Шашыла жүк коюшуп көчүп жөнөштү. Улам эңкүүлөшкөн сайын ысыктын күнүндө мал соолуктап. Муз-Төрдүн салкынына көнүккөндөн улам, биринин чатына бири башын салып, көлөкө издеше араң басышат. Жылкылар терлеп куйруктарын чапкылаша шыпшынышат. Күн болсо чайыттай ачык.

-Жакага эрте түшүп баратабыз. Ысыктын күнүндө мал кантип чыдаар экен?

-Аксакалдар дөөдүрдүн сөзүнө биротоло ишенип алышкан тура.

-Кокустан күн жаабай калса, жылдыз санагычың шылдыңга калат.

-Шылдыңга калмактан калсын. Экинчи эл ишенгис болуп, керден чыгат.

-Ошону айткыла чөп катып, күздүн кымызы эми күчүнө кирди эле. Өөнгө барганда, анын кумары тутуп, тамагыбыз такылдабай эле.

-Эми, малды суу бойлото кое берип, дөң-дөңгө үйлөрдү тигип турбасак кыштоого эмитен барып, эмне кылабыз? деп ар кими, ар кепти айтып жатышты.

Мал айдап көчкөндөрдүн жолу арбыбай, күүгүм киргенде жеткен жерлерине жүк түшүрүп, түнөп калышты. Кечки ай бозоруп чыгып, анын жарыгы менен айылдагылар аттарга артылып келген сабадагы кымыздары менен суусундарын кандырышты. Ысыктын күнүндө кечке жол жүрүп, чарчап келгендердин алды таңылган туурдуктарын жая сала, жатарга камынган чакта, бозоргон айдын бетин чаң жапкандай түнөрө баштады. Заматта эле шамал тескери тараптан согуп, анан эле уйгу-туйгу боло, кара булут асманды каптады. Бир эки жолу жамгыр тып-тып этип, анан эле карлап кирди. Күндүн түрү өзгөргөн сайын аксакалдар кабартырланышып.

-Жүк арткыла. Күндүн түрү жаман. Эч болбосо, түзөңгө жете баралы-дешип, көчтү козгошту.

Алай-дүлөй карга аралаш түнкү караңгылыкта жуушаган малды козгошуп кайтадан улоолорго жүк артышты. Кеч токтогон жерден жылып-жылгычакты болбой, калпактай-калпактай болуп жааган кар тушарга жетип, айлананы аппак кар чүмкөп салды. Жолдун тому билинбейт. Камбар ата тукуму жылкы жаныбар сергектик кылып, көч алдын баштап келет. Тушарга жеткен кар, тизеге чыгып, жандыктар аяктарын шилтеп, баса албай, анча-мынча жолдон чыга калганы көкүрөккө келген улуу кардан улам, секире-секире көп малдын изи менен тапталган жолго түшүштү. Жаңы кар улам сүрүлө, тайгак болгондуктан, артылган жүктөр ооп, колдогу өңөргөн, же учкашкан балдар үшүп ыңлаап, суу болгон козу-улактар маарап, ызы-чууга түшүштү.

-Э ымтырабай калалы. Эртерээк эле кыймылдасак жолубуз арбып, түз жерге жетип алмакбыз.

-Жылдыз саноочуга ишенбей калбадыкбы

-Калың кийимдерибизди да, жүккө кошуп койдук эле

-Чоңдор эптеп чыдаарбыз, балдарды айтсаң.

-Ушунга эңкүүлөп, келгенибиз да чоң каниет. Баягы көгүбүзгө таянып, көчпөй койгонубузда кар алдында калмак экенбиз.

-Ошону айт. Биздин пешенибизге жылдыз саноочунун өз

айылыбыздан болгонун айтсаң.

-Сообубуздун баары ушул кишиге тийсин-дешип катын-калач да үшүп-тоңгондоруна карабай, адаттарынча кептешкенге шылтоо таап жатышты.

Өлдүк-талдык дешкенде, айдап келе жаткан малдарына карабай, - таң дык сала бергенде эңкүүлөп келип, этектеги жайыкка токтошту.

-Тос! -айда -деген киши жок. Маарап-мөөрөп үшүгөн мал да, көчтүн артынан ээрчий келишип, жаңы журтка жетишти. Малма-телме суу болгон топтогулар жолду ката кыйналашып, ач калышып, калчылдап үшүшүп, чарчашканынан бут сарпей, туурдук кийиздерди жамынышa, уйкуга киришти.

***Уландысы бар***